ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

ЖАРЧЫСЫ
ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

Выпуск 3
ISBN 9967-21533X

БАШКЫ РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

И.Ч. Исамидинов
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ректору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
(башкы редактор)
Т.Т.Каракеев
илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор, физика – математика илимдеринин доктору (башкы редактордун орун басары)
М.Т. Артыкбаев,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия жана саясий илимдердин доктору, профессор
У.А. Асанов,
КР УИАнын академиги, химия илимдеринин доктору, профессор
А.А.Борубаев,
КР УИАнын академиги, физика – математика илимдеринин доктору, профессор
Ч.Т.Джолдошева,
КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор
А.Ч.Какеев,
КР УИА нын академиги,философия илимдеринин доктору, профессор
С.О.Карабаев,
химия илимдеринин доктору, профессор
Э.Мамбетакунов,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор
К.М. Сманалиев,
юридика илимдеринин доктору, профессор
В.А.Печенов,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, биология илимдеринин доктору, профессор
А.С. Сарыбаев,
экономика илимдеринин доктору, профессор
С.Ж.Токтомышев,
КР УИАнын академиги, физика – математика илимдеринин доктору, профессор

РЕДАКЦИАЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

СОЦИАЛДЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРИ.

филол. илим. д-ру, доц. Т. С. Маразыков, филос. илим. д-ру, проф. А. А. Айтбаев, тарых илим. д-ру, доц. А. А. Арзыматова, саясий илим. д-ру, проф. Ж. Ж. Жоробеков, соц. илим. д-ру, проф. К. Б. Бектурганов, тарых илим. д-ру, проф. Т. Д. Джуманалиев, юрид. илим.д-ру Э.Ж.Бейшембиев тарых илим. д-ру, доц. Б. М. Жумабаев, филол. илим. канд., доц. Н.Сардарбек кызы, филол. илим. канд., проф. П. К. Кадырбекова.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА.

пед. илим. д-ру, доц. Ж. А. Чыманов, пед. илим. д-ру, доц. А. С. Раимкулова, пед. илим. канд., доц. А. Н. Гудимова, пед. илим. канд., доц. Б. А. Байсабаев, пед. илим. канд., доц. Г. Т. Мунапысова , пед. илим. канд., доц. Б. К. Оторбаев.

СОЦИАЛДЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

Абдырасулова Ж.С. ЭЛДИК ДАСТАНДАРДА КЫЗДАР ТЕМАСЫНЫН БЕРИЛИШИ.....6
Абдырасулова Ж.С. ТАРЫХЫЙ-ТУРМУШТУК КЫРДААЛ ЖАНА КӨРКӨМ ОБРАЗ.....12
Абдувалиева Г. КООМДУК-САЯСИЙ ЛЕКСИКА ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.....18
Абдрахманова Р.Дж. ФУНКЦИОНИРОВАНИЕ НЕМЕЦКОГО КОНЪЮНКТИВА, КОНДИЦИОНАЛИСА, НАРЕЧИЙ И ЧАСТИЦЫ *NICHT* В ИНФОРМАЦИОННОЙ СТРУКТУРЕ ПРЕДЛОЖЕНИЯ.....22
Абдрахманова Р.Дж. ПЕРЦЕПТИВНАЯ ФАЗА ПЕРЕВОДА: ЛОГИКО-ГРАММАТИЧЕСКАЯ ЭКВИВАЛЕНТНОСТЬ ИНФОРМАЦИОННОЙ СТРУКТУРЫ ПРЕДЛОЖЕНИЯ S - P.....28
Абылкасымова Т. ТАШ ЖАЗУУЛАРДЫ ТАПКАН АЙРЫМ ОКУМУШТУУЛАР ЖӨНҮНДӨ ТАКТООЛОР.....33
Акчекеева М.С.ПРИРОДА КЫРГЫЗСКОГО АКЦЕНТА ВО ФРАНЦУЗСКОМ ЯЗЫКЕ И ПУТИ ЕГО ПРЕОДОЛЕНИЯ.....39
Алымова А.Т. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ.....44
Апышева М. Т., Осмонова Н. Ы. СИНХРОНДУК КОТОРУУНУ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ.....47
Баялиева А. М. ПРЕДПИСАНИЯ И СУЩНОСТЬ ЗАПРЕТОВ (ТАБУ) ИСЛАМА.....51
Баялиева А. М. «*ТАБУ* ЖАНА ЭВФЕМИЗМДИН», «*ТАБУ* ЖАНА ТОТЕМДИН» КЫРГЫЗ ЛИНГВО МАДАНИЯТЫНДАГЫ МААНИСИ, ОРДУ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ.....57
Бокешова М. А.С.ПУШКИНДИН «ПОП ЖАНА АНЫН МАЛАЙЫ БАЛДА» ЖОМОГУ У.АБДУКАИМОВДУН КОТОРМОСУНДА.....63
Дербишева З.К. КУЛЬТУРА. МЕНТАЛИТЕТ. ЯЗЫК.....66
Досалиева Р. ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛДЕГИ ТЕКСТ ЖАНА АНЫН ТАБИЯТЫ.....72
Думанаева М.Г. ЭНЕ ТИЛДИН ЭРТЕҢИ ЭМНЕ ҮЧҮН БИЗДИ ОЙЛОНТПОЙТ?.....76
Дурду ЙҮЖЕЛ. САПАТТЫК СЫН АТООЧТУН АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.....79
Зарипова М.Э., Шаршенбаев А.К. АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЛЕКСИКА.....85
Ибрагимов С.ТИЛДИ ИЗИЛДӨӨНҮН ҮЧ АСПЕКТИСИ ЖӨНҮНДӨ.....91
Ибрагимова С. С. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОРТО ЖАНА АТАЙЫН ОРТО ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ОКУТУУНУН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА.....95
Исмаилова Д.Н. АНТОНИМДЕРДИН ИЗИЛДЕНИШ АБАЛЫ.....99
Кадырбекова П.К. ЭТНОЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ КОМПОНЕНТ В ЯЗЫКЕ.....103
Касиева А., Шамшыдин кызы А. С. РАЕВДИН “БАРСБЕК” ДРАМАСЫ ЖАНА АНЫН З.КАРАЕВА ТАРАБЫНАН КОТОРУЛГАН АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ВАРИАНТЫНА САЛЫШТЫРМА РЕГИСТРДИК АНАЛИЗ.....107
Мамытов К.М. МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА РАСМИЙ ТИЛДЕРДЕ СТУДЕНТТЕРГЕ БИРДЕЙ САПАТТА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИННОВАЦИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ.....113
Мамытбекова Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЭЛЕКТРОНДУК КОТОРМО СӨЗДҮКТҮ DELPHI ПРОГРАММАЛОО ТИЛИНДЕ ТҮЗҮҮ.....119
Садыков А. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИ.....124
Тагаев М.Дж. БИЛИНГВИЗМ В АСПЕКТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ.....127
Тажибаева У. К.МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРӨЛҮ.....132
Эргешбаева Н.А. ДҮЙНӨЛҮК КОТОРМОНУН ТАРЫХЫНАН.....134
Nazaralieva A. THE SIGNIFICATION OF SYMBOLISM AND ITS ROLE IN THE WORKS OF CHYNGYZ AITMATOV.....136
Tynalieva V.K. TWO APPROACHES TO THE MORPHOLOGICAL STRUCTURE OF A WORD.....138
Sharshenova R.M. TRICKSTER TALES FROM CENTRAL ASIA.....143
Sadykova N.A. LANGUAGE, CULTURE AND COGNITION.....147

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА

Азыгалиева Б.К., Турганбаев Н.А. СПОСОБЫ ПЕРЕДАЧИ КЫРГЫЗСКИХ, НАЦИНАЛЬНО – СПЕЦИФИЧЕСКИХ РЕАЛИЙ НА ФРАНЦУЗСКИЙ ЯЗЫК (НА МАТЕРИАЛЕ ПЕРЕВОДА ЭЛЛЫ МАЙЯР “DES MONTS CÉLESTES AUX SABLES ROUGES”) 150
Алгожоева Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИН ЛИНГВО ӨЛКӨ ТААНУУ АСПЕКТИНДЕ ОКУТУУ ПРОБЛЕМАСЫ 153
Асанакунов Т.А. ОКУП-ҮЙРӨНҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ 157
Асанбекова Н. А. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУУ РУХИЙ ДӨӨЛӨТТӨРҮ – ЭТНОПЕДАГОКИКАНЫН НЕГИЗИ 161
Атабаева М.М., Ажыгулова Д.Б. ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ РЕЧЕВОМУ ЭТИКЕТУ НЕРУССКИХ СТУДЕНТОВ В АСПЕКТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ 165
Ашрахманова С.К., Курамаева Н.Т., Калыкова Г.С. ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНФОРМАТИВНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНОГО МАТЕРИАЛА ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ МОНОЛОГИЧЕСКОМУ ВЫСКАЗЫВАНИЮ ОБЩЕНАУЧНОГО СТИЛЯ 169
Байгутуева М. ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨДӨ ИНТЕРАКТИВДҮҮЛҮКТҮ КОЛДОНУУНУН ЫКМАЛАРЫ 173
Бектурова К.А., Айталиева Ж. А. КРИТИЧЕСКОЕ МЫШЛЕНИЕ И ЕГО ФОРМИРОВАНИЕ В ВЫСШЕМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ 176
Бектурова К.А., Айталиева Ж.А. ВИДЫ РАБОТЫ С ТЕКСТАМИ С ПРИМЕНЕНИЕМ КРИТИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ 180
Буряченко Т. И., Буряченко Е. С. ТЕХНОЛОГИИ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ ЯЗЫКУ. РАБОТА В ПАРАХ 184
Дөөлөтбакова Р.Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ 187
Джаманкулова А. БӨТӨН ТИЛДҮҮ СТУДЕНТТЕРДИН КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮ ОКУТУУНУН МААНИСИ 191
Дуйшенбекова Г. СЛОВАРНАЯ РАБОТА НА ЗАНЯТИЯХ РУССКОГО ЯЗЫКА ОДИН ИЗ СПОСОБОВ ПОВЫШЕНИЯ ЯЗЫКОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ 195
Дуйшенов Э. РУХ МАДАНИЯТЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ! 197
Дуйшенов Э. Д., Жакыпов К. К. ЖАШ МУУНДАРДЫН БАЗАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН АБАЛЫН АНЫКТОО 199
Думанаева М.Г. ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН КАМТЫЛЫШЫ 204
Жапаралиева Н. Ж. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА КЭЭ БИР ЫКМАЛАР 208
Жапаралиева Н. Ж. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫ 212
Иманалиева Т. И. О СТАТУСЕ СПП И СИСТЕМЕ ГРАММАТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ СВЯЗИ МЕЖДУ ПРЕДИКАТИВНЫМИ ЧАСТЯМИ ЭТИХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В РУССКОМ И КИРГИЗСКОМ ЯЗЫКАХ 217
Исакова А. Т. ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЕ РУССКИМ ФРАЗЕОЛОГИЗМАМ СТУДЕНТОВ НАЦИОНАЛЬНЫХ ГРУПП 222
Исакова А. Т. ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РУССКОЙ ФРАЗЕОЛОГИИ СТУДЕНТОВ НА ЗАНЯТИЯХ ПО ПРАКТИЧЕСКОМУ КУРСУ РУССКОГО ЯЗЫКА 226
Искакова Э.С. Ч.АЙТМАТОВДУН «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНЫН ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ИННОВАЦИЯЛЫК ОКУТУУ 230
Кемелова А. ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ 234
Кожоева С. Т. ФИЗИКА ИЛИМИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР 238

Койбагарова К.Т. ИЗУЧЕНИЕ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ
В УСЛОВИЯХ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ 241
Курамаева Т.А. МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫ
КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ 245
Мамырбаев Т.С. КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫН КӨРМӨ ТАСМАЛАР АРКЫЛУУ ӨТҮҮНҮН
ЖАҢЫЧА ЫКМАСЫ 249
Матикеева А.К. О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ СОПОСТАВИТЕЛЬНОЙ ТИПОЛОГИИ ПРИ
ИЗУЧЕНИИ ОБРАЗНЫХ И ЗВУКОПОДРАЖАТЕЛЬНЫХ СЛОВ 256
Молдобаева Н. Б. КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ 260
Мусаева В.И. ЧЕЧЕНДИК КЕПТИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА АНЫН ОКУТУП-
ТАРБИЯЛООЧУЛУК МААНИ-МАҢЫЗЫ 264
Мусаева В.И. КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ ЧЕЧЕНДИК КЕПТЕРДИН БАШКЫ
ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ 269
Мухарова М. Л. ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ
КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ НА УРОКЕ ИНОСТРАННОГО
ЯЗЫКА В ВУЗЕ 274
Мырзанаева М. ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК СТИЛИНДЕГИ ТЕКСТТЕРДИН МАМЛЕКЕТТИК
ТИЛДИ ОКУТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫНДА КОЛДОНУЛУШУ 276
Нуралиева С.С. ОРУС ТИЛДҮҮ ОКУУЧУЛАРДЫН РЕЧИН КЫРГЫЗЧА
КАЛЫПТАНДЫРУУ 280
Рысбаев С. КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮНҮН ДЕҢГЭЭЛДИК
МОДЕЛИ ТУУРАЛУУ 283
Саягалиева А. А. ТИЛДИ ОКУТУУДА МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ 288
Саякбаева А.Б. КЫРГЫЗ ТИЛИН БӨТӨН ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ
КОЛДОНУЛУУЧУ МЕТОДДОР 291
Султанкулова Ж. КЕП МАДАНИЯТЫНЫН ЖАЛПЫ ФИЛОСОФИЯЛЫК
ТҮШҮНҮКТӨРҮ 293
Султанкулова Ж. КЕП МАДАНИЯТЫН ОКУТУУНУН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ... 297
Төлөбеков Н.Т. ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИНТЕРАКТИВДҮҮ
МЕТОДДОР МЕНЕН ОКУТУУ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ
РЕЧИН ӨСТҮРҮҮ 303
Төлөбеков Н.Т. ОРУС МЕКТЕПТИ БҮТҮРГӨН СТУДЕНТТЕРДИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ
СҮЙЛӨӨ РЕЧИН ӨСТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ 306
Чыманова Т. КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУ
ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МААНИСИ ЖАНА ЖОЛДОРУ 310
Элтузерова Г. Ж. УЛАНТУУЧУ ТОПТОРДО (МАТЕМАТИКА АДИСТИГИНДЕГИ
СТУДЕНТТЕРГЕ) КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЕН БИРДИКТЕРИН ОКУТУУ 314

Абдырасулова Ж.С.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

УДК. 8(09).(575.2)

ЭЛДИК ДАСТАНДАРДА КЫЗДАР ТЕМАСЫНЫН БЕРИЛИШИ

Байыртадан кыргыз эли өзгөчө поэзияны баалап, аларды жаратып, айтылуу улуу «Манас» эпосунан баштап элдик дастандарга чейин өзүлөрү жашаган доордогу элдердин турмушундагы болуп өткөн окуялардын бардыгын чийинден чыгарбай, улам жаңы тарыхый окуялар, идеялар, образдар менен толуктап кыргыздын узак тарыхында элдик зор мурастарды жаратышкан. Элибиз улуу маданий процессинде рухий кенчтерди жаратуу менен бирге ошол замандарда эле кыздарды жогору баалап, кыздар темасын көтөрүп келишкендигин байкоого болот. Элдик чыгармалар калктын жан азыгы катары кызмат кылып келген. Эл башынан кечирген ар кандай кыйын күндөрүн, келечек жөнүндөгү сонун тилектерин, аракеттерин, күрөштөрүн кыскасы бардык рухий байлыктарын талыкпастан ырга кошуп, көркөм сөздүн күчү менен биздин күнгө жеткиришкен.

"Казак, өзбек, уйгур адабиятында поэзия түрүндөгү эпикалык чыгармаларды дастан деп аташат. Кыргыз адабиятына бул термин сиңген эмес, "Карагул", "Ак Саткын" сыяктуу поэмаларды кээде дастан деп коюшат, бирок кандай болсо да "дастан" өзүнүн жеке жанрдык чектери менен аныкталып, бекемделип өз алдынча аныктама, дефиниция катарында кыргыз адабият таануу илиминде өнүккөн жок"[1], деп окумуштуулар Р.З.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдер абдан туура белгилешен. Чындыгында эле бүгүнкү күндө кыргыз адабиятында дастан деген термин өнүккөн эмес. Кыргыз адабият таануу илиминде "поэма" деген термин көбүрөөк колдонулуп келет. Поэма – гректин ыр түрүндөгү повесть[2] деген сөзүнөн алынган. Дастан дагы поэма сыяктуу эле элдин турмушун, дүйнөгө болгон көз карашын, саясый-тарыхый алдыга болгон умтулуштарын көркөм образдар менен кенен масштабда көркөм чагылдырган эпикалык жанр десек жаңылышпайбыз. Мына ушундай бүгүнкү күндөгү адамзат турмушундагы айтып бүткүс көйгөйлөрдү кыргыздар тээ алмустактан бери эле айтып, ырга кошуп баяндап келишкендигин азыркы муундарга жеткирүү биздин милдет, анткени алардын тарбиялык мааниси өтө зор. Элдик дастандарда элибиздин башынан өткөргөн ар кыл темадагы окуялары баяндалып, андагы каармандардын мүнөздөрү да ар башка.

Элдик дастандардагы кыздар темасы – элдик оозеки чыгармачылыктагы негизги темалардын бири, анткени бул теманын изилдениши, элдик поэзиянын тарыхый өнүгүшүн, анын бөтөнчөлүктөрүн байкоого мүмкүнчүлүк берет. Элдик дастандар эпостор сыяктуу эле кыйла заманды басып өткөн. Окумуштуу Б.Кебекова белгилегендей[3] алардын алдына койгон идеясы, түзгөн образдары жагынан болгон окшоштуктар бар. Бирок алар ыр түзүлүшү жагынан бири-биринен анчалык айырмаланбайт, себеби, ар бир поэмадагы ыр саптары негизинен 7-8 муундан[4] түзүлөт. Бирок ошондой болсо да алар пайда болуу доору, сюжети көлөмү, образдары жагынан

[1] Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. -Бишкек, 2002, 60-бет.
[2] Лёхина И.В, Петрова Ф.Н. Словарь иностранных слов. –Москва, 1949, 516-бет.
[3] Кебекова Б. «Эр Табылды» эпосунун идеялык багыты, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. -Фрунзе, 1963, 3 – бет.
[4] Керимжанова Б. Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселери. -Фрунзе, 1964, 17 – бет.

бири – биринен айырмаланып турат. Элдик чыгармалардагы бири-бирине окшош, типтеш жана нормалдуу түрдөгү формалар, коомчулуктун турмушунда өзгөчө мүнөздүү экендигин орус оукмуштуусу В.М.Жирмунский дагы баса белгилеген.[1]

"Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" дастандары турмуштук ар кандай кырдаалдарга жараша жоокерчилик жана жай турмуш менен шайкеш сүрөттөлөт. Дастандарда жай турмуштун өзгөрүшү менен каармандардын мүнөзүнөн баштап кийим-кечегине чейин өзгөрүп турат. Дастандардагы оң каарман проблемасы ошол чагылдырылган замандын зарылчылыгына байланыштуу келип чыкса керек. Мисалы, Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырза өз замандарынын баатыры десе баатыр, чырайлуу десе чырайлуу кыздарнан болгон. Алар эли-жерин коргош үчүн чоң эмгектерди кылды, душмандары менен жан аябастан күрөштү. Демек, элдик дастандардагы көркөм образдар оң каарман проблемасы баатырдык аспектиде чечмеленет. Кыздардын эң сонун сапаты ички дүйнөсүнүн тазалыгы, ак ниеттүүлүгү, баатырдыгы окурмандар чөйрөсүнө идеал катары кабыл алынып даңазаланат. Мисалы, алардын элине кылган ак кызматы, карапайым калкына мамилесинен эле анын кандай адам экендигин билүүгө болот.

Дастандарда душмандар канчалык күчөгөн сайын, каармандардын образындагы чечкиндүүлүк, тайманбастык белгилер ошончолук тереңдетилип сүрөттөлөт. Кыздардын душмандарга болгон элдешкис күрөшү, душмандардын элге кылган карасанатайлык иштери дастандарда абдан кызыктуу берилген. Душмандардын зордук-зомбулуктарынын негизинде кыздар акты ак, караны кара деп ажырата таануусуна түрткү берет. Сюжет өнүккөн сайын кыздар мурункудан да зор күрөштөргө милдеттендирилет да душмандарды жеңиш үчүн болгон күчүн жумшашат. Чыгармаларда баатыр кыздар менен душмандар бири-биринен сүрдүү жана каардуу болуп сүрөттөлүшөт. Бул чыгармачылык процессте көрүнөт. Мындай сүрөттөөлөр менен башкы каармандардын образындагы кемтик жерлери болсо толукталаарында шек жок.

Көркөм образ өзүнүн улуттук мүнөзү жана ал мүнөздөгү белгилердин ачык-айкын сүрөттөлүшү менен баалуу. Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырза кыргыз улутунун баалуулугун өзүнө сиңирген каармандар. Анын өтө шамдагайлыгы, адамда жок укмуштуудай мергенчилиги сыяктуу сапаттары чыгармада аларга жана аларды жандап жүргөн жигиттерине гана таандык. В.Г. Белинский: "Адамдардын ар бири белгилүү бир улутка жана белгилүү бир доорго таандык, анткени улуттан сырткары турган адам чыныгы жан эмес атсыз-жансыз түшүнүк болуп калат"[2], деген. Демек, улуттук конкретүү белгилерге ээ болгон жана улуттук мыкты сапаттарды алып жүргөн каармандын көркөм образы бардык улуттун окурмандарына жакын болот.

"Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" дастандары элибиздин ар башка доордогу жоокердик жана жай турмушун сүрөттөгөн. Ички жана тышкы душмандар менен болгон күрөш карапайым элди ого бетер бири-бирине жакындаштырып, алардын ынтымагын, эли-жерине болгон мекенчилдик көз караштарын калыптандырган. Кыздардын күрөшү – эли-жери үчүн болгон күрөш. Айтылуу кыздар өз элин чексиз сүйгөн, элинин эркиндикке умтулуусуна чын ниети менен тилектеш болгон, өзүлөрүнүн жеке тагдырынан элинин тагдырын жогору койгон, алардын кызыкчылыгы үчүн жанын да аябаган улуу каармандар.

Элдик дастандардагы башкы каармандардын образдары элдин башынан өткөргөн тарыхый окуялардын, турмуш-тиричиликтин фонунда мастабдуу сүрөттөлгөн. В.В.Радлов: "Бул баяндардагы бардык кейипкерлер көз алдыбыздан элестеп өтүшөт да,

[1] Жирмунский В. М., Зарифов Х. Т. Узбекский народный героический эпос. -М., 1947, 428 – бет.
[2] Белинский В.Г. Полн. собр. соч. т.5. Москва, 1954. стр.317.

чындыгында эле кудум тирүү кишилердей таасир беришет. Алардын кыймыл-аракетин, эмне ойлогонун көрүп, туюп турабыз”[1], деп таамай белгилеген.

Кыздар бардык жерде өзүлөрүнүн чыйрактуулугун, чечкиндүүлүгүн көрсөтөт. Алар учурдагы турмуштун агымына туура түшүнүп, душмандарын талкалоо боюнча уюштуруу ишинин башында туруп, ишти билгичтик менен чечишет. Буга Сайкал менен Жаңыл Мырзанын көркөм образы мисал боло алат.

“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” дастандарындагы кыздардын образдарына кайталангыс мүнөз берилип, алардын ички ой-сезимдери толук ачылсын үчүн көз караштарынын социалдык маңызын ачып берген тарыхый жагдайлар кошо сүрөттөлөт. Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырзалардын ар кимисине өзүнчө тагдыр, өзүнчө орун берилип, өз доорлорунун социалдык атмосферсы менен дем алышкандыгын көрөбүз. Чыгармалардын сюжети, композициясы, сүрөттөлгөн окуялары, доору ар башка бирок, кыздардын мүнөздөрүндө, идеяларында жалпылыктар сөзсүз окшоштуктар бар. Анткени экөө тең кыргыз элинин баатыр кыздары, алардын көздөгөн максаттары бир. Окумуштуу Ш.Үмөталиев белгилегендей: “Элдин узак кылымдардагы акылмандуулугу, дүйнөгө, айлана-чөйрөгө карата болгон көз караштары, анын үрп-адаттары, акыл-насааттаттары, этикасы, этнографиялык бөтөнчөлүктөрү, жашоо-турмуштарынын бөтөнчөлүктөрү, коом менен табият жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү, өткөн-кеткендерге байланыштуу философиялык жыйынтыктары мына ушул элдик поэтиклык чыгармачылыкта көп жактарынан сакталып калган. Мына ушулар аркылуу эл улам кийинки муундарды ар кандай бардык жакшы жүрүм-турумдарга, өздөрү туура деп билген акылмандуулукка, ар кандай жакшылыктарга, чыныгы элдик патриотизмге, эл-жерди сүйүүгө жана ал үчүн керек дегенде жанын да аябоого, эрдик менен каармандыкка, адилеттүүлүккө, адам деген наамды кир жугузбай ыйык тутууга, намыстуулукка, адамгерчиликке, улууларды урматтап, кичүүлөрдү сыйлоого, табиятты терең сүйүүгө жана дагы ар кандай оң сапаттрга үйрөтүп келген”[2], деген. Демек, элдик чыгармалар жашоодогу бардык жакшы нерселердин башталмасы десек дагы жаңылышпайбыз. Элибиз кыздарды байыртан баалап, сыйлап, урматтап, бардык ыйык нерселерди ыроолоп келгендигин улуу “Манас” эпосундагы Каныйкей эненин акылмандуулугунан эле көрүүгө болот.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы кыздар темасы – бул элдин маданий турмушундагы идеялык-эстетикалык жактан тарбиялоонун өзгөчө бир жагы болуп саналат. Бул дагы элдин өзүнүн ички керектөөлөрүнөн, коомдук чөйрөдөн, муктаждыктан улам келип чыкса керек. Кыздар темасындагы салттуу нерселердин фольклордо сакталып келиши кокустук эмес, турмуш ошол нерсенин өзүн талап кылып жатат. Байыркы замандарда кыздарды басынтып келсе, турмуштан запкы жеген Жаңылга окшогон кыздардын тагдыры элди кайдыгер калтырган эмес. Анткени турмуштун агымы ошондой болгон. Фольклор ар дайым элдин турмушу менен тыгыз байланыштуу. Элдик чыгармалардын дээрлик көпчүлүгүндө кыздар темасын көтөргөндүгүнө күбө болобуз. Маселен, кыздардын акылдуулугун, эрдигин, сулуулугун чагылдырган дастандар бар. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” дастандарынын сюжеттик борборунда баатыр кыздар Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырза турат, ошентсе да алардын айланасында бир катар персонаждардын иш-аракеттери менен эпикалык сюжеттер түзөт. Окуялар борбордук каармандардын биографиялык мүнөзүнө ылайык композициялык жактан өзүнчө ырааттуу берилген. Демек, эпикалык окуялардын ырааттуу айтылышы – бул салттуу ыкмалардан. Маселен, кыздардын ата-энесинин бала күтүшү, түш көрүүсү, анын төрөлүшү, бой жетиши, эрдик иштери, жекеме – жеке сайыштары, ар кандай күрөштөрү, эли-жерин бириктириши жана

[1] Китепте: Манас. 1-том, - Фрунзе: “Кыргызстан”, 1978, 8-бет.
[2] Үмөталиев Ш. Тааныш бейтааныш. – Фрунзе “Мектеп”, 1981, - 68 –бет.

акырында кайып болуп кетиши ырааттуу баяндалат да борбордук каармандын ким экендигин, эли үчүн кандай иштерди кылгандыгын ачык байкайбыз. Аталган окуялар ар түрдүү мотивировкаланса да алардын ырааттуу айтылышы турмуш чындыгынын системалуу берилгендигин байкоого болот. Бул эпикалык окуялардын негизи баатырдык баяндардын салттуу көрүнүшү.

“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” дастандарындагы эпикалык окуялар элибиздин өткөндөгү баатырдык күрөштөрүн, кыздардын эрдик иштерин, баатырдык идеяларын чагылдырып берет. Тарыхка көз жүгүртсөк элдин баатырдык идеалы да элдин дүйнөгө болгон, айлана-чөйрөгө болгон көз караштарынын негизинде улам өзгөрүлүп, эволюциялык баскычтардан өтүп турушу мыйзамдуу көрүнүш. Ошондуктан элибиз кыздар темасын өз айтымдарында чагылдыруу менен бирге бүгүнкү күндөгү гендердик маселерге да кайрылып келишкендигин байкоого болот.

“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” дастандары баатыр кыздардын образдары менен чагылдырган эпикалык окуялардын бир борбордук идеяга биригүүсүн чагылдыргандыктан, элдин өткөндөгү турмушунун ар түрдүү учурларын баяндайт. Сюжеттик окуяларда элдин көп кылымдык тарыхынын бардык кырдаалы эпикалык жалпылоо формасында берилген. Аталган элдик дастандардын, эпикалык окуяларынын системасы элибиздин баатырдык идеяларын, эркиндик үчүн болгон иш аракеттерин туюндусу болуп келгендигин көрүүгө болот. Ошондуктан Кыз Сайкал болобу, Жаңыл Мырза болобу алардын ар бири эли, жери үчүн душмандар менен элдешкис күрөшкө чыгышат да акыры алар жеңишке жетишет. Анткени элдин көксөгөн тилеги дагы ошол болгон.

Дастандардын сюжетиндеги окуялар негизги каармандардын образдары менен тыгыз байланыштуу. Алар бири-бирин бардык жактан толуктап турат. Демек, каармандын көркөм образын түшүнүү үчүн аны пайда кылган, тарбиялаган, калыптандырган турмуштук кырдаалды түшүнүү зарыл. Анткени дастандарда чагылдырылган турмуштук кырдаал, жоокердик турмуш менен кыздардын көркөм образы эриш-аркак болуп, диалектикалык бирдикте жашайт. Каармандар өзүлөрүнүн көркөм образдары аркылуу окуянын андан-ары өнүгүшүн шарттайт. Ошондой эле кыздардын образын кыймылга келтирип жаткан кырдаал, аларда мурда көрүнбөгөн сапаттарын ачып, аларды кыймылда көрсөтөт. Ошентип дастандардагы окуялардын өнүгүшү каармандардын мүнөзүнө байланыштуу болуп, турмуштук кырдаал тереңдетилип, турмуштук чындык чагылдырылат. Демек, ар бир коомдук өнүгүштүн шартына ылайык каармандардын образы, мүнөзү ага ылайык пайда болот. Каармандардын мүнөзүндөгү кандайдыр бир белгилер аркылуу ошол коомдук түзүлүштү аныктоого болот.

Көркөм образ түзүү чеберчилиги боюнча айтуучулар бири-биринен сюжеттик окуялары менен гана айырмаланат. Мисалы, “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” булар баатырдык дастандар экөөндө тең баатыр кыздар жөнүндө кеп болот, аларда жоокердик заман сүрөттөлөт, бирок эки дасандагы сүрөттөлгөн заман, тарыхый турмуш ар башка. Аталган чыгармалардагы кыздардын образы башкалардан айырмаларып турган көркөм образдар. Алар колуна курал алып, эл багып, душмандардан элин коргогон баатырлар.

“Жаңыл Мырза” дастанынын идеялык негизин, элдин мүдөөсүн ойлобогон, консервативдик уруу башчыларына каршы күрөш түзөт. Эки күчтүн бири-бирине карама-каршы күрөшүндө акыры адилеттүү күч кара ниеттүү күчтөрдү жеңет. Ошентип Жаңыл Мырзанын жеңиши, элдин биригиши бийик идеяда аяктайт.

“Кыз Сайкал” дастанында тышкы душмандар менен болгон кагылышуусун конфликтти баяндоо менен бирге эл колдогон баатыр кыздын образында баатырдык жакшы сапаттар топтоштурулган. Ал эми карамиеттик, баскынчылык өңдүү терс

мүнөздөрдү кытай калмактардын Алаке, Сагда, Зарун кандарынын образы менен сүрөттөлгөн да алардын ушунчалык бир каардуу, ачкөздүгү, зөөркүрдүгү ашкереленген.

Элдик дастандарда адилеттүүлүктүн адилетсиздик менен карама-каршы коюлушу элдик оозеки чыгармаларга мүнөздүү болуп эсептелет. Тышкы душмандар Сагда, Зарундардын ашкере баатырдыгы сүрөттөлгөндүгү менен алар чыныгы баатыр катарында кубатталбайт. Алардын адилетсиз баскынчылыгы Кыз Сайкалдын алардын үстүнөн болгон жеңиши менен ашкереленет.

Турмушту күзгүдөй таза сүрөттөгөн, жашоо-турмушка байланыштуу түбөлүктүү маселелер жана оң терс мүнөздөгү каармандар гана элдин терең катмарына сиңе алат. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында нукура турмуш сүрөттөлүп, андагы чагылдырылган каармандар жүрөккө жакын. Аларда өз доорунун баатырларын чагылдырган эпизоддор аз эмес. Демек, “Мындай бардык оң жана пргрессивдүү нерселер элдин оозеки чыгармаларындагы реалисттик тенденцияларды байытып отурду жана ошонун өзөгүн түздү”[1]. Фольклордун мыкты үлгүлөрүндө коомдук турмуштун өнүгүүсү менен түздөн-түз байланышта болуп, көз каранды эместик үчүн, эркиндик үчүн күрөштөрү эли-жерин сүйүүсү, келечекке умтулуусу, элдердин ортосундагы тилектештикти чагылдырган идеялардын орун алышы ар дайым элди алдыга шыктандырып келген.

Кыргыз эли байыртан тынчтыкты эңсеп келген, ошондуктан алар элдик дастандарда биринчилерден болуп думандарга кол салбайт. Бирок душмандары ардын мал-мүлкүн, жерин тартып алса аларга аёосуз каршы чыгышат. Мындай сюжет эпикалык чыгармаладын дээрлик бардыгына мүнөздүү салттуу көрүнүш.

Кандай гана элдин басып өткөн жолуна көз салбайлы, эркиндик, көз каранды эместик үчүн күрөш, алардын жакшы турмушка умтулуусу, алардын кылымдык тарыхый өнүгүшүнүн зор күчү болгон. Окумуштуу Б.Кебекова белгилегендей: “Фольклор элдин арман-муңун көрсөтүү менен гана чектелбейт. Кайта алардын саясий сезимин ойготуп жандандырат, активдүүлүгүн көтөрөт. Өздөрүнүн жыргалчылыгына бөгөт болуучу ар кандай карааниеттерди жок кылууга үндөп, күрөшкө чакырып, коомдун алмашуусунун ар кандай жолдорун самашат, тилешет”[2], деген. Демек, кайсы гана элди албайлы, алардын тарыхына көз жүгүртсөк бул жагдайда оор жолду басып өткөндүгүнө ынанабыз. Ошондой болсо да эпикалык чыгармалардын таасирдүү күчү – баардык элдердин тилектерин, көксөгөн максаттарынын бирдейлигинде. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” элдик дастандарындагы Ата мекен, эл-жер, эркиндик, ынтымактуулук сыяктуу түбөлүктүү асыл темалар менен сугарылган. Чыгармалардын мазмуну башкы каармандар Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалардын турган турпаты, эр жүрөктүүлүгү, мекенчилдик, достук, сүйүү сыяктуу сезимдери менен тыгыз байланышкан.

Кыргыз элинин эпикалык чыгармаларындагы баатыр кыздар реалдуу мүнөздүк сапаттарга ээ. Бирок элдик дастандардагы баяндалган окуяларды тарыхтын көчүрмөсү катары кароого болбойт. Себеби, дастандардагы чагылдырылган түркүн окуялар кыргыз элинин көркөм жан дүйнөсүнө сиңип, кайрадан мекенчилдик идеяларын көтөрүп, элдик идеяларга айлангандыгы менен баа жеткис. Элдик дастандар өзүлөрүнүн эволюциялык өсүп-өнүгүүсүндө улам реалдуу турмуш чындыгына тыгыз жакындашып, жомоктук, мифтик түшүнүктөргө караганда, тарыхый-турмуштук типтүү көүнүштөрдү сүрөттөшү менен өзгөчөлөнүп турат. Бирок мен муну менен мифтик түшүнүктөр такыр жок дегенден алысмын. Элдик дастандардагы кыздар темасын чагылдырган окуялардын композициялык түзүлүшү байыртан эле оозеки сакталып келе

[1] Үмөталиев Ш. Реализм дүйнөсүндө. –Фрунзе, 1976, -208-бет.
[2] Кебекова Б. “Кедейкан” эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү. Фрунзе, 1964, 5-бет.

жаткан эпикалык чыгармалардын традициялык структурасына негизделип курулуп, чыгармаладын идеялык-көркөмдүк бирдигин түзгөн поэтикалык сүрөттөө каражаттары менен көркөм ыкмалары да илгертен келе жаткан салттык мурас катары чыгармаларда кеңири чагылдырылган. Алардын сюжеттик системасындагы эпикалык окуялар жалпы чыгармалардын идеялык –көркөмдүк мазмунун ырааттуу ачуу максатына ылайыктуу берилген. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” дастандарында кыздар темасынын идеялык-көркөмдүк биримдигин системалуу түрдө өнүктүрүүдө айтуучулар байыртан белгилүү болгон традициялык структураны сактоо менен бирге ар бир окуянын ички тутумун, ошону менен бирге ал окуялардын өз ара идеялык-көркөмдүк байланыштарын бир калыпта өркүндөтүүгө аракет кылышкандыгын байкоого болот. Тактап айтканда салт боюнча сакталып келе жаткан композициялык ыкманы ырааттуу колдонууга умтулушкан. Ошондой болсо дагы ар бир айтуучу өзүнүн көркөм ойлоо жөндөмдүүлүгүнө, тажрыйбасына жараша чыгармачылык менен кыздар темасын чагылдырууга, кыздар жөнүндөгү дастандарды айтып калтырууга өз салымдарын кошушкан.

Жыйынтыктап айтканда, Элдик поэзиянын өзгөчөлүгү алар жашаган доорлорго жараша элдин жашоо-тиричилигин, баатырдыгын, ой-мүдөөсүн, үмүтүн чагылдырган. Демек, элдик дастандар өткөн доордун үрп-адатын, салт-санаа, маданиятын, этнография, тарыхын бир эл менен экинчи элдин, уруулардын ортосундагы түрдүү формадагы карым-катнаштарын, жоокерчилик жана жай турмуштарын жана башка учурларын доордон-доорго, ооздон-оозго өткөрүү жолу менен тынымсыз баяндап жүрүп отурган. Элдик оозеки чыгармалар элибиздин өткөн доорун бизге даңазалаган жарчы. Ошонун ичинен элибиздеги кыздар жөнүндөгү дастандар дагы жөн жеринен жаралбаса керек. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” элдик дастандары көркөмдүгү жана көтөргөн идеясынын тереңдиги менен биздин доорго жеткен баалуу мурастардын катарына кирет. Кыргыз эли баатыр кыздардын типтүү образдарын жараткан, алардын бүгүнкү муун үчүн тарбиялык мааниси зор. Элдик дастандардын сюжеттик негизи окуялары композициялык системага ыңгайлаштырылып, алардын негизинде кыздар темасы ачылып сүрөттөлгөн. Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалардын биографиясы жөнүндө толук маалымат берүүдө, алардын жеке тагдырына тиешелүү окуялар да өнүктүрүлүп баяндалган. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” элдик дастандары баатыр кыздадардын кыргыз элин бириктирүүгө, кыргыз жерин сактоого болгон аракеттеринин абдан зор экендигин даңазаланган чыгармалардан болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. Белинский В.Г. Полн. собр. соч. т.5. Москва, 1954.
2. Жирмунский В. М., Зарифов Х. Т. Узбекский народный героический эпос. - М., 1947.
3. Кебекова Б. «Эр Табылды» эпосунун идеялык багыты, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. - Фрунзе, 1963.
4. Кебекова Б. “Кедейкан” эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү. Фрунзе, 1964.
5. Керимжанова Б. Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселери. - Фрунзе, 1964.
6. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. -Бишкек, 2002.
7. Манас. 1-том, -Фрунзе: “Кыргызстан”, 1978.
8. Лёхина И.В, Петрова Ф.Н. Словарь инастранных слов. –Москва, 1949.
9. Үмөталиев Ш. Тааныш бейтааныш. – Фрунзе “Мектеп”, 1981.

Абдырасулова Ж.С.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

УДК.8(09).(575.2)

ТАРЫХЫЙ-ТУРМУШТУК КЫРДААЛ ЖАНА КӨРКӨМ ОБРАЗ

Кыргыз элинин эпикалык чыгармалары – бул мухиттей чалкыган тунук баа жеткис улуу поэзия. Алар мааниси, маңызы, мазмуну жагынан көркөм сүрөттөр менен өтө кылдат сүрөттөлүп айтылып келген. Элдик дастандарда элибиздин башынан өткөргөн тарыхый урунттуу бир окуялары гана чагылдырылып берилген. Мында айтылган окуялар “Манас” эпостогудай болуп кеңири сүрөттөлбөстөн, каармандардын турмуштагы орчундуу бир учурлары гана чагылдырылган.

“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза”, дастандарындагы сүрөттөлүп жаткан окуялардын, турмуштук кубулуштардын өз ара тыгыз байланышы жана ырааттуулук менен уламдан-улам биринен экинчисине өтүп, өсүп-өнүгүп отурушу, болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларга катышкан каармандардын мүнөзүнө байланыштуу. Ошондуктан фольклористика илиминдеги мүнөз, көркөм образ проблемаларына көз жүгүртсөк, алар жөнүндө сөз кылганда адамдын кулк мүнөзүн түшүнөбүз. Элдик дастандардагы берилген көркөм образдар элдин арасына кеңири сиңип белгилүү болгон образдар. Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалардын образдары турмуштук ар кандай кырдаалдарга жараша жоокерчилик жана жай турмуш менен шайкеш сүрөттөлөт. Дастандарда жай турмуштун өзгөрүшү менен каармандардын мүнөзүнөн баштап кийим-кечегине чейин өзгөрүп турат. Дастандардагы оң каарман проблемасы ошол чагылдырылган замандын зарылчылыгына байланыштуу келип чыкса керек. Мисалы, Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырза өз замандарынын баатыры десе баатыр, чырайлуу десе чырайлуу кыздарынан болгон. Алар эли-жерин коргош үчүн чоң эмгектерди кылды, душмандары менен жан аябастан күрөштү. Демек, элдик дастандардагы көркөм образдар оң каарман проблемасы баатырдык аспектиде чечмеленет. Кыздардын эң сонун сапаты ички дүйнөсүнүн тазалыгы, ак ниеттүүлүгү, баатырдыгы окурмандар чөйрөсүнө идеал катары кабыл алынып даңазаланат.

Элдик дастандардагы каармандардын көркөм образы элдик оозеки чыгармалардагы бирден-бир негизги тема болуп эсептелет. Дастандарда чагылдырылган көркөм образдар өзүнүн ой-сезими, кылган иштери, баатырдык мүнөздөрү менен биригип келип биз кайрылган теманын негизи болуп эсептелет. Каармандардын көркөм образын изилдөөдө биз биринчи иретте алардын мүнөзүн ачып берүүбүз абзел. Анткени образ – мүнөз деген түшүнүктөн кеңири болсо дагы, мүнөздү ачып бербей туруп, образды ача албайбыз. Ошондой эле сюжет чоң мааниге ээ. Анткени сюжеттин негизинде баатыр кыздардын тагдыры, тигил же бул душмандары менен болгон күрөшү, карама-каршылыктар менен окуяларда алардын образы ачык көрүнөт. Бул боюнча адабиятчы М.Шкерин көркөм образды, мүнөздү ачууда сюжетке чоң мааниь берген: “Сюжет сюжет үчүн эмес, мүнөздү ачуу үчүн керек”,[1] деген. Эгерде сюжет көркөм образды ачып, андан-ары тереңдетип отурса, өз кезегинде образ да сюжетте берилген окуяларды өркүндөтүп, ага көмөк көрсөтөт. Ошондуктан эпикалык чыгармаларда сюжет менен көркөм образ өз ара байланышта болуп, бири-бирин өнүктүрүп, бири-бирин шарттап отурат. Демек, көркөм образ сюжет курууда абдан чоң маселе болуп эсептелет да айтуучудан чоң чеберчиликти талап кылат.

Дастандардагы чыныгы конфликттер – чыгарманын кыймылдаткыч күчү. Айтуучу тарабынан туура ойлонуп табылган күрөштөр, карама-каршылыктар,

[1] Шкерин М. О мастерстве писателей. М., 1965, 94-бет.

конфликттер чыгармадагы каармандардын мүнөзүн жана аны менен бирге сюжетти да өркүндөтүп, таасирин күчөтүп отурат. Дастандарда айтылган күрөштөр, конфликттер чыгармалардын композициялык тактыгын, сюжеттик өнүгүшүн аныктоого көмөкчү болот. Чыгарманын идеялык көркөмдүгү конфликттерде абдан таасын ачылат. Көркөм образдардын ачылышы болсо эпизоддордун конфликттүүлүгүнө жараша ачылат. Бул боюнча адабиятчы Б.Костелянцтын: "Конфликттерге катышуу менен каарман алга жылат, өсөт"[1] деген пикирин кубаттайбыз. Дагы ушундай пикирди профессор М. Борбугулов айткан: "Конфликт мүнөздөрдүн кагылышуусу аркылуу болуп көрүнсө, мүнөздөр конфликт аркылуу гана ачылууга мүмкүн"[2] бул ой дагы чындыкка шайкеш келет. Жогорудагы пикирлердин тууралыгын дастандардын сюжеттик линиясынан улам көрүүгө болот. Башкы каармандар Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалар болгон күч аракетин мекенин коргоого жүргүзгөн асыл аракеттеринин аркасындагы душмандар менен болгон айыгышкан күрөштө, кагылыштарда алардын көркөм образдары ачылат. Дастандардагы күрөш - ички жана тышкы душмандарды талкалоо, эли, жери үчүн болгон күрөш. Душмандарды жеңбей туруп, ашыкча салыктардан, азап-тозоктордон арылбастыгын эл дагы, баатыр кыздар дагы жакшы түшүнүшөт. Бул кыйынчылыктардан кутулуу үчүн канчалаган салгылашуулар, кыйынчылыктар, курмандыктар болот. Ошонун аркасында гана баатыр кыздар жеңишке жетишет. Дастандардын реалдуулукка жакындыгы да мына ушунда. Маселен, "Кыз Сайкал" дастанында эли, жери үчүн Кыз Сайкал, "Жаңыл Мырза" дастанында Жаңыл Мырза жанын аябастан салгылашат. Алардын негизги максаты – элди бириктирүү жана эл-жерин думандардан коргоо болуп саналат. Дастандардагы кыздардын көркөм образынын өнүгүш этаптары дастандардагы окуялардын өнүгүшү менен тыгыз байланышта сүрөттөлөт. Элдин душманы кыздардын дагы элдешкис душманы. Ошондуктан алар душмандар менен тынымсыз салгылашка чыгышыт. Ошентсе да алар душмандарына сабырдуулук менен каршы турушат. Кыздардын көркөм образындагы мындай белгилер сюжетте берилген курч кагылыштарда, ошондой эле тынымсыз жүргүзүлгөн ички күрөштөрдө улам барган сайын курчуп жүрүп отурат. Анткени көркөм образдын касиеттерин ачып, ага типтүүлүктү, тарыхый социалдык конкреттүүлүктү сиңирүүдө айтуучулар кандай гана көркөм сөз каражаттарын колдонбосун, каармандар жашаган турмуштук байланыштарды, кагылыштарды, ситуацияларды ачпай коё албайт.

"Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза", "Гүлгаакы" дастандарындагы сүрөттөлүп жаткан окуялардын, турмуштук кубулуштардын өз ара тыгыз байланышы жана ырааттуулук менен уламдан-улам биринен экинчисине өтүп, өсүп-өнүгүп отурушу, болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларга катышкан каармандардын мүнөзүнө байланыштуу. Ошондуктан фольклористика илиминдеги мүнөз, көркөм образ проблемаларына көз жүгүртсөк, алар жөнүндө сөз кылганда адамдын кулк мүнөзүн түшүнөбүз. Элдик дастандардагы берилген көркөм образдар элдин арасына кеңири сиңип белгилүү болгон образдар. Биз кеп кыла турган Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакылардын образдары турмуштук ар кандай кырдаалдарга жараша жоокерчилик жана жай турмуш менен шайкеш сүрөттөлөт. Дастандарда жай турмуштун өзгөрүшү менен каармандардын мүнөзүнөн баштап кийим-кечегине чейин өзгөрүп турат. Дастандардагы оң каарман проблемасы ошол чагылдырылган замандын зарылчылыгына байланыштуу келип чыкса керек. Мисалы, Кыз Сайкал менен Жаңыл Мырза өз замандарынын баатыры десе баатыр, чырайлуу десе чырайлуу кыздарнан болгон. Алар эли-жерин коргош үчүн чоң эмгектерди кылды, душмандары менен жан аябастан күрөштү. Демек, элдик

[1] Костелянц Б. Творческая индивидуальность писателя. Л., 1960 стр. 103.

[2] Борбугулов М. Драмадагы конфликттер жана образ. Советтик кыргыз адабияты. Фрунзе, 1968, -317-бет.

дастандардагы көркөм образдар оң каарман проблемасы баатырдык аспектиде чечмеленет. Кыздардын эң сонун сапаты ички дүйнөсүнүн тазалыгы, ак ниеттүүлүгү, баатырдыгы окурмандар чөйрөсүнө идеал катары кабыл алынып даңазаланат. Мисалы, "Гүлгаакы" дастанында:

Жарк этип күлүп Гүлгаакы,
Көзүнөн оту жайнады,
Жактырып турат айтканы,
Жалпы журту калмагы.[1]

Демек, Гүлгаакынын элине кылган ак кызматы, карапайым калкына мамилесинен эле анын кандай адам экендигин билүүгө болот.

Мүнөз проблемасын изилдеген окумуштуу Н. Левитов: "Мүнөз эмгек практикасында, коомдук мамилелерде, баарынан көбүрөөк турмуштук конфликтерде, күрөштө калыптанып жана тарбияланып белгилүү болот"[2], деген. Чындыгында ошондой, анткени "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" дастандарында баатыр кыздар душмандары менен болгон эли-жери үчүн согушта чыңалып, турмушка болгон көз караштары өзгөрөт. Маселен, Жаңыл Мырза Чынасылдын айтканына ишенип, ички душмандарынын колуна өзү түшүп берди. Алардан көрбөгөн кордукту көрүп чыңалып, шарты келгенде алардан качты дагы алардын дээрлик бардыгынан өчүн алды. Демек, душмандарды жеңиш үчүн андан күчтүү, алардан акылдуу болуу керек деген жыйынтык берип жатат. Жаңыл Мырза турмуштун ушунчалык татаалдыгын көрдү, мында белгилүү бир аялдык мүнөз калыптанды, бирок ошондой болсо да баласына дагы карабай душмандарына каршы келишпес, чечкиндүү түрдө күрөшкө чыкты. Анын мүнөзүндөгү белгилер өзгөрдү. Жоо-жарагын колго алгандан кийин душмандарынан качты дагы жаанын жебеси менен артынан куугун болуп келе жаткандардын бардыгын бирден терип атып өлтүрдү. Думандарына тайманбастан каршы чыгып өз өмүрүн эли-жерине арнады. Жаңыл Мырзанын көркөм образындагы мындай асыл сапаттар, элин баатырдыкка шыктандырды. Ошонун натыйжасында "Жаңыл Мырза" дастанындагы кагыла элек кыз, качан гана душмандардан запкы жегенден кийин гана такшалган Жаңыл Мырза болуп чыга келди.

Ал эми Кыз Сайкалдын көркөм образы мифологиянын күчү менен жалпылаштырылган деп айтсак болот. Анткени, анын күчү Манас баатырдын күчүнөн да ашып түшөт. Бул кокустук эмес. Элдик оозеки чыгармаларда мифологиялык образдар сөзсүз кездешет. Биз муну өз мезгилиндеги окуяларды айтуучулар жеткилең кылып түшүндүрүп берген деген менен барабар.

Элдик дастандардагы каармандардын көркөм образында жоокерчилик замандан улам чечкиндүү аракеттер пайда болгондугу сүрөттөлгөн. "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза", "Гүлгаакы" дастандарындагы каармандардын көркөм образынын берилишинде алардын мүнөзү алардын сөзүнөн, сезимдеринен, чоролоруна, элине, досторуна, ата-энесине кылган мамилелеринен көрүнөт. Көбүнчө кыздардын кылган иш-аракеттери, кылык-жоругу, аларды курчап турган айлана-чөйрө менен болгон карым-катыштары, душмандары менен болгон кагылыштарынан алардын образдары кенен жана ишенимдүү ачылат. Ошондуктан Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакылардын адамдык сапаттары, кырык-жоруктары дастандардын сюжетиндеги эпизоддордо, сандаган картиналарда ачылат. Каармандардын кылган кыймыл-аракеттери менен аткарган иштери, жүргүзгөн баатырдык күрөштөрү аладын өзүнүн мүнөздөрүн өзү ачып көрсөтүүгө мажбур кылат. Ошонун негизинде кыздардын адамгерчиликтүү асыл сапаттары, дүйнөгө болгон көз караштары түрдүү эпизоддор менен ачылып берилген. Дастандардагы сюжеттик окуялардын өнүгүшү менен бирге

[1] Урманбетов О.Гүлгаакы, Эл адабияты сериясы, 25 – том, Бишкек, 2003, 98-бет.
[2] Левитов Н. Психология характера. Москва, 1969, стр.23.

кыздардын образындагы гумандуулуктун белгилери абдан тереңдетилип көрсөтүлгөн. Мисалы: “Кыз Сайкал” дастанныда:

Отуз жылдан бер жака,
Жакшы эле жаттык үңүлүп.
Күчөгөн экен бурут деп,
Таң калышсын капырлар.
Жер, суу менен мал-жанды,
Кайра колго тийгизип.
Кыз Сайкал сени туу кылып,
Ааламдын жүзүн чуу кылып.[1]

Демек, жогоруда эли-жери үчүн күрөшкөн каармандын образы даңкталып, эли баатыр Сайкалды эш тутуп душмандардын колундагы жерлерин, малын өзүлөрүнө кайтарууну эңсеп турушканы сүрөттөлгөн. “Жаңыл Мырза” дастанында:

Жаңылдын жайын сурасаң,
Атышкан жоого уз деди.
Качканда думан кутулбайт,
Минген аты куш деди.
Атышам деп далай дөө
Айлына нечен барганы.
Сендей сексен баартырды
Бирин койбой жайлады.[2]

Жогорудагы берилген мисалдардан көрүнүп тургадай Жаңылдын кайраттуулугу, күчтүүлүгү, көзгө атар мергендиги элине туу таяныч болуп душмандын мизин кайтаргандыгы даңазаланган. Дастандардын сюжетинин өнүгүшү айтуучуларга баш ийбей өнүгө берет. Жаңыл Мырза өтө сейрек кездешкен баатырдык сапатты өзүнө сиңирген каарман. Анын баатырдыгы дээрлик бардык эпизоддордо сүрөттөлөт. Чыгармаларда ар бир каармандын өзүнө гана таандык образы болот жана ал образ дастандагы каармандардын бардыгын башкарып, аларга жол көрсөтүүчү катары көрүнөт. “Каармандын ички дүйнөсүн ачуу турмуштук ар кандай кырдаалдардагы ал-абалын, ой-толгоолорун сүрөттөө, кыскасы мүнөздү психологиялык жактан анализдөө принциби кыргыз элинин оозеки адабиятында эчак эле орун алып, салт болуп калган. Элибиздин ар кайсы мезгилдерде түзүлгөн жана ооздон-оозго көчүп отуруп, биздин күнгө жеткен “Манас”, “Эр Табылды”, “Эр Төштүк”, “Курманбек” сыяктуу улуу жана кенже эпосторунда каармандардын турмуштук жагдайларга байланышкан ички сезимдери зор чеберчиликтин күчү менен элестүү сүрөттөлүп, психологиялык драматизмге өтөт”[3] деген адабиятчы С. Жумадылов. Демек, биз кеп кылып жаткан элдик дастандардагы Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакылардын ички санаркоолору, ой-сезимдери каармандардын образын психологиялык планда ачуунун эң сонун үлгүсү боло алат. Дастандарды окуп отурганда көркөм образдардын ачылышында алардын ички дүйнөсү, ой-толгоо, сүйлөгөн сөздөрү, иш аракеттери, кылык-жоруктары чоң роль ойнойт. Мына ушунун негизинде элдик оозеки чыгармаларда каармандарды психологиялык жактан анализдөө мурда эле болгондугун аныктоого болот. Мисалы, “Жаңыл Мырза” поэмасында Жаңыл Мырзаны душмандары жалгыздап алдап колго түшүрүп, ага көрбөгөн кордукту көсөтүшүп, кабыргаларнан бери сындырып, анысы аз келгенсип, баатыр кызды кордоп карыган чалга аялдыкка берген эпизоддордо абдан күчтүү драматизм жатат. Бул окуяларда кайгы-муңдун жогорку чеги көрүнөт.

[1] Урмамбетов О. Кыз Сайкал, Эл адабияты сериясы, 25-том, Бишкек, 2003, 384-бет.
[2] Урмамбетов О. Кыз Сайкал, Эл адабияты сериясы, 25-том, Бишкек, 2003, 389-390-беттер.
[3] Жумадылов С. Кыргыз прозасындагы мүнөз проблемасы. Фрунзе, 1974, 59-бет.

“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза”, “Гүлгаакы” дастандарындагы кыздардын көркөм образдары алар аракет кылган турмуштук шартка ылайык, кандай гана мезгил болбосун окурманга ишенимдүү келип, чыгармалардын көркөмдүк сапатын жогорулатат. Албетте айтуучулар каармандарды сүрөттөөдө аларды ар кандай кыймыл-аракетте сүрөттөп, турмуштун ар кандай жагдайларындагы кагылыштарна катыштырат. Кайсы гана эпосту же дастанды албайлы анда айтуучулардын чыгармаларга карата жекече мамилесин байкабай коё албайбыз. Айтуучулар дастандарда айтылып келген окуялардын эң негиздүүлөрүн иргеп алып, чыгармачылык фантазиянын күчү менен аларга эстетикалык боёк киргизип, реалдуу чындыкка жакын жалпылаштырып көрсөтүшкөндүгүн көрөбүз. Эң негизгиси айтуучулар өз ойлорун эч убакта таңуулашпайт. Аларды эл мурда кандай жаратса, ошондой идея менен элге төгүп кайрадан ырдап беришкен. Ошондуктан дастандарда негизги каармандар айтуучулар каалагандай эмес, алар сюжеттин негизинде окуялардын жүрүшү менен мүнөздүн логикасына карай өзүнөн-өзү табыгый түрдө өнүгүп-өсүп, таасирдүүлүгү артып, ошонун негизинде алардын көркөмдүк сапаты артып турат. Айтуучу дастандарды канчалык деңгээлде мифтен турмушка жакындатып айтса, ошончолук элге таасир берет. Элдик оозеки чыгармалар турмуш менен байланыштуу жаралган десек жаңылышпайбыз.

Көркөм образ түзүү чеберчилиги боюнча айтуучулар бири-биринен сюжеттик окуялары менен гана айырмаланат. Мисалы, “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” булар баатырдык дастандар экөөндө тең баатыр кыздар жөнүндө кеп болот, аларда жоокердик заман сүрөттөлөт, бирок эки дасандагы сүрөттөлгөн заман, тарыхый турмуш ар башка. Аталган чыгармалардагы кыздардын образы башкалардан айырмаларып турган көркөм образдар. Алар колуна курал алып, эл багып, сырт душмандардан элин коргогон баатырлар.

Көркөм образды ачып берүүдө сюжет чоң маниге ээ. Анткени сюжеттин негизинде баатыр кыздардын тагдыры, тигил же бул душмандары менен болгон күрөшү, карама-каршылыктар менен окуяларда алардын образы ачык көрүнөт. Бул боюнча адабиятчы М.Шкерин көркөм образды, мүнөздү ачууда сюжетке чоң маани берген: “Сюжет сюжет үчүн эмес, мүнөздү ачуу үчүн керек”,[1] деген. Эгерде сюжет көркөм образды ачып, андан-ары тереңдетип отурса, өз кезегинде образ да сюжетте берилген окуяларды өркүндөтүп, ага көмөк көрсөтөт. Ошондуктан эпикалык чыгармаларда сюжет менен көркөм образ өз ара байланышта болуп, бири-бирин өнүктүруп, бири-бирин шарттап отурат. Демек, көркөм образ сюжет курууда абдан чоң маселе болуп эсептелет да айтуучудан чоң чеберчиликти талап кылат. Дастандардагы чыныгы конфликттер – чыгарманын кыймылдаткыч күчү. Айтуучу тарабынан туура ойлонуп табылган күрөштөр, карама-каршылыктар, конфликттер чыгармадагы каармандардын мүнөзүн жана аны менен бирге сюжетти да өркүндөтүп, таасирин күчөтүп отурат. Дастандарда айтылган күрөштөр, конфликттер чыгармалардын композициялык тактыгын, сюжеттик өнүгүшүн аныктоого көмөкчү болот. Чыгарманын идеялык көркөмдүгү конфликттерде абдан таасын ачылат. Көркөм образдардын ачылышы болсо эпизоддордун конфликттүүлүгүнө жараша ачылат. Бул боюнча адабиятчы Б. Костелянцтын: “Конфликттерге катышуу менен каарман алга жылат, өсөт”[2] деген пикирин кубаттайбыз. Дагы ушундай пикирди профессор М. Борбугулов айткан: “Конфликт мүнөздөрдүн кагылышуусу аркылуу болуп көрүнсө, мүнөздөр конфликт аркылуу гана ачылууга мүмкүн”[3] бул ой дагы чындыкка шайкеш

[1] Шкерин М. О мастерстве писателей. М., 1965, 14-бет.
[2] Костелянц Б. Творческая индивидуальность писателя. Л., 1960 стр. 103.
[3] Борбугулов М. Драмадагы конфликттер жана образ. Советтик кыргыз адабияты. Фрунзе, 1968, 317-бет.

келет. Жогорудагы пикирлердин тууралыгын дастандардын сюжеттик линиясынан улам көрүүгө болот. Башкы каармандар Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакылар болгон күч аракетин мекенин коргоого жүргүзгөн асыл аракеттеринин аркасындагы душмандар менен болгон айыгышкан күрөштө, кагылышта тактап айтканда чыгармадагы улуу окуялардын алардын көркөм образдары ачылат. Душмандарды жеңбей туруп, ашыкча салыктардан, азап-тозоктордон арылбастыгын эл дагы, баатыр кыздар дагы жакшы түшүнүшөт. Бул кыйынчылыктардан кутулуу үчүн канчалаган салгылашуулар, кыйынчылыктар, курмандыктар болот. Ошонун аркасында гана баатыр кыздар жеңишке жетишет. Дастандардын реалдуулукка жакындыгы да мына ушунда. Маселен, “Кыз Сайкал” дастанында эли, жери үчүн Сайкал, “Жаңыл Мырза” дастанында Жаңыл баатыр жанын аябастан салгылашат. Алардын негизги максаты – элди бириктирүү жана элди думандардан коргоодогу ишмердүүлүгү көрсөтүлөт. Дастандардагы кыздардын көркөм образынын өнүгүш этаптары дастандардагы окуялардын өнүгүшү менен тыгыз байланышта сүрөттөлөт. Адабиятчы С.Жумадылов айткандай: “Каармандын мүнөзүндөгү бардык касиеттерди, мүнөздүн ички мазмунун толук жана кеңири ачуу үчүн, мүнөз сөздүн толук манисинде көркөм мүнөз болсун үчүн жазуучу каарманды ар кандай кырдаалдардагы башка көптөгөн мүнөздөр менен өз ара байланышта, күрөштө, кыскасы дайыма кыймыл-аракетте сүрөттөө керек”[1], деген. Демек, Сайкал, Жаңыл, Гүлгаакылардын көркөм образдары да так ушундай планда өнүгүп жүрүп отурат. Чыгармалардагы элдин душманы кыздардын дагы элдескис душманы. Ошондуктан алар душмандар менен тынымсыз салгылашка чыгышыт. Ошентсе да алар душмандарына сабырдуулук менен каршы турушат. Кыздардын көркөм образындагы мындай белгилер сюжетте берилген курч кагылыштарда, ошондой эле тынымсыз жүргүзулгөн ички күрөштөрдө улам барган сайын курчуп жүруп отурат. Анткени көркөм образдын касиеттерин ачып, ага типтүүлүктү, тарыхый социалдык конкреттүүлүктү сиңирүүдө айтуучулар кандай гана көркөм сөз каражаттарын колдонбосун, каармандар жашаган турмуштук байланыштарды, кагылыштарды, ситуацияларды ачпай коё албайт.

Кыздар бардык жерде өзүлөрүнүн чыйрактуулугун, чечкиндүүлүгүн көрсөтөт. Алар учурдун агымына туура түшүнүп, душмандарын талкалоо боюнча уюштуруу ишинин башында туруп, ишти билгичтик менен чечишет. Буга Сайкал менен Жаңыл Мырзанын көркөм образы мисал боло алат. Алардан айырмаланып Гүлгаакы чарбалык жумуштарды уюштуруп, жергиликтүү элге там салганды, эгин, жер айдоо ыкмаларын үйрөтөт. Кытайдан 600 уста алдырып келип, там курдурат. Ал дагы элинин жакшы жашоосун самаган күжүрмөн көркөм образ.

Жыйынтыктап айтканда, Кыз Сайкал, Гүлгаакы, Жаңыл Мырзалардын көркөм образдары ар кандай турмуштук, жоокерчилик шарттарда жаралган көркөм образдар деп айтсак болот. Ошондуктан, алар чагылдырган доор да башка. Ар кандай доордун каармандары болсо дагы алардан эл жакшылыкты күткөн жана аларга болгон жакшы мүнөздөрдү тартуулашкан. Аталган дастандарындагы жалпы кыздардын көркөм образдар системасы элдик оозеки чыгармачылыктагы абдан бир мактоого татыктуу, тарбиялык мааниси абдан чоң. Эзелтеден элибиз кыздары менен сыймыктанып, кыздардын улуу образдарын жаратып келишкендигин фольклордук чыгармалар аркылуу көрүүгө болот. Элдик поэзиянын өзгөчөлүгү алар жашаган доорлорго жараша элдин жашоо-тиричилигин, баатырдыгын, ой-мүдөөсүн, үмүтүн чагылдырган. Демек, элдик дастандар өткөн доордун үрп-адатын, салт-санаа, маданиятын, этнография, тарыхын бир эл менен экинчи элдин, уруулардын ортосундагы түрдүү формадагы карым-катнаштарын, жоокерчилик жана жай турмуштарын жана башка учурларын

[1] Жумадылов С. Кыргыз прозасындагы мүнөз проблемасы. Фрунзе, 1974, 51-бет.

доордон-доорго, ооздон-оозго өткөрүү жолу менен тынымсыз баяндап жүрүп отурган. Элдик оозеки чыгармалар элибиздин өткөн доорун бизге даңазалаган жарчы.

Адабияттар:

1. Борбугулов М. Драмадагы конфликттер жана образ. Советтик кыргыз адабияты. Фрунзе, 1968.
Модальные глаголы в функциональном стиле научной и технической литературы (ФСНИТЛ) проявляют тенденцию в изменении значения и употребления, которые связаны с отвлеченно-обобщенным характером научного стиля. В научном стиле речи активизируются на всех уровнях те языковые единицы, которые имеют или приобретают в контексте научной речи наиболее обобщенное значение, наблюдается тенденция к «нивелировке» оттенков значения, характеризующих каждый модальный глагол в отдельности. Под влиянием тенденции к обобщенности лексического значения возникает возможность синонимии и взаимозаменяемости модальных глаголов, объединяемых общим значением необходимости или возможности, но различающихся определенными оттенками значения. Отвлеченно-обобщенный характер отражается в научных текстах в системе модальных значений; лексические и грамматические языковые единицы в ряде случаев имеют несколько ослабленное и тем самым более отвлеченное значение. Модальные глаголы употребляются в несколько смягченном значении в соответствии с коммуникативным заданием - сделать высказывание менее категоричным. Употребление инфинитива в отличие от акцентировки модальных слов и использования их в прямых значениях в деловой речи, в речи научной распространено ослабленное семантическое значение модальных слов (Кожина, 1972:151).

Отражения модальными глаголами объективной и субъективной модальности например, модальные глаголы können, dürfen, sollen, относящиеся к языковым показателям объективной модальности, получают свое выражение на уровне синтаксического членения предложения. Эти модальные глаголы и их эквиваленты в русском языке, передающиеся словами «действительно», «возможно», «надо», «необходимо» в большинстве случаев относятся к категории состояния. На логико-грамматическом уровне членения предложения модальные глаголы выступают в качестве модальных конкретизаторов глагола-сказуемого, входящего в логико-грамматический предикат, но по своей функции относятся к элементам вспомогательной информации. Например: 1) Die mittlere Kettenlänge (VII п) kann (XIII) im Bereich der Unterkühlung (VIII) weiter anwachsen (I). (F, 205). - Средняя длина цепей (VII п) в области переохлаждения (VIII) должна (XIII) возрастать (I) (Ф, 264).

Модальные глаголы в НЛГФ I при переводе в РЛГФ I часто опускаются, поскольку лексическое значение модальных глаголов в таких случаях несущественно, а важна передача связанного с его употреблением стилистического оттенка, то есть сделать высказывание менее категоричным. Например: 1) Durch Recken mit Rißversatz (VIII) kann (XIII) somit (IX) eine Superposition der örtlichen Streckparadigma (VII п) weitgehend (XIII) vermieden werden (I) (SE, 8, 55). - Таким образом (IX), при вытяжке со смещением бойков (VIII) наложение максимумов локальных степеней вытяжки (VII п) в основном (XIII) предотвращается (I) (ЧМ, 8, 10).

Таким образом, правильное восприятие языковых закономерностей в перцептивной фазе перевода в виде логико-грамматических эквивалентов в информационной структуре предложения S – P носит регулятивное воздействие, что приводит к адекватности перевода. Все элементы вспомогательной информации немецкого предложения НЛГФ I , находящиеся в препозиции, постпозиции, интерпозиции к сильному глагольному сказуемому, при переводе на русский язык, располагаются в препозиции к сильному сказуемому в РЛГФ I.

Литература:

1. Абдрахманова Р. Дж. Логико-грамматический уровень членения предложения в немецком и русском языках (функционирование билингвистической схемы порядка слов). – Бишкек: КРСУ, 2013. – 120 с.
2. Абдрахманова Р. Дж. Преемственность исследований, трактовок состава и компонентов логико-грамматического уровня членения предложения // Вестник КНУ, 2009. - С. 17-24.
3. Абдрахманова Р. Дж. Теория перевода (немецкий язык). - Б.: КРСУ, 2008.- 67с.
4. Кожина М. Н. Стилистика русского языка. - М.: Просвещ., 1983. - 223 с.
5. Латышев Л. К. Технология перевода. - М.: Изд. центр «Академия», 2008. - 317 с.
6. Некрасова И. М. Семантика и функции немецкого пассива: В сопоставлении с русским и английскими языками. - Дисс. … канд. филол. наук. - Перьмь, 2000. - 161 с.
7. Панфилов В. З. Взаимоотношение языка и мышления. - М.: Наука, 1971. - 232 с.
8. Панфилов В. З. Гносеологические аспекты философских проблем языкознания. - М.: Наука, 1982. - 357 с.
9. Пумпянский А. Л. Информационная роль порядка слов в научной и технической литературе. - М.: Наука, 1974. - 247 с.
10. Пумпянский А. Л., Абдрахманова Р. Дж. Логико-грамматическое членение предложения в немецкой научной и технической литературе (сильный порядок слов) //Язык и стиль научной литературы. - Калинин, 1987. - С.54-63.
11. Weil H. De 1'ordre des motsdans les langues anciennes compareés aux langues moderns. Ed. 3. - Paris, 1879. - 101 p.
12. Условные сокращения источников примеров: F - Felz F. Amorfe und glasfähige unorganische harte Körper. – Berlin, 1998. – 420 S.; OF – Otto F. Automatische Registrierung und Analysierung der motorischen Aktivität kleiner Versuchstiere. –Berlin, 1987.

Абылкасымова Т.
Кыргыз билим берүү академиясы

УДК.8(09)943.41

ТАШ ЖАЗУУЛАРДЫ ТАПКАН АЙРЫМ ОКУМУШТУУЛАР ЖӨНҮНДӨ ТАКТООЛОР

Кылымдар бою тектеш тилдер бири-биринен өнүгүп-өсүп чыгып тарап, кайрадан бөлүнүп-жарылууларды бир нече жолу башынан өткөрүп, өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрү менен сан кылымдардын катаал жолунан өтсө да, жалпы түрк тилдеринин табиятын сактап келе жаткан, азыркы түрк тилдеринин калыптануусуна, алардын өз ара тектештик деңгээлин аныктоого арка болуп келе жаткан абдан баалуу тилдик маалымат – бул 7-9-кылымдардан бизге жеткен байыркы түрк жазма эстеликтеринин тили.

Орхон, Енисей, Талас эстеликтеринин тили байыркы түрк жазма тилинин бизге жеткен эң көөнө нускасы болгондуктан, азыркы бардык түрк тилдерине тең орток фонетикалык жана грамматикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн багыттарын, өткөн замандагы абалын, орток лексикалык системасынын өнүгүшүн айкындоого мүмкүндүк берет. Бул эстеликтердин тилинин лексикалык курамы, тыбыштык системасы,

морфологиялык жана синтаксистик курулушу, стилдик өзгөчөлүктөрү азыркы түрк тилдери менен байыркы түрк тилдеринин ортосундагы генеологиялык окшоштукту гана көрсөтүп турбастан, жалпы түрк элдеринин руханий дүйнөсүнүн, тилдик бүтүндүгүнүн да далили боло алат. Түрк элдеринин улуттук маданиятын, тарыхын таанууга кызмат кылган байыркы түрк жазма эстеликтери түрк элдеринин дүйнө таануусун чагылдырып, алардын ортосундагы руханий гармонияны жана тарыхый биримдикти сактоого жол ачып келет. Бул байыркы түрк жазма мурастарын изилдөө түркология илиминде гана эмес, түрк дүйнөсүндөгү жалпы өзөктүү маселелердин бири экендигинде шек жок.

Орхон-Енисей, Талас жазма эстеликтерин иликтөө алгач рунологиялык, текстологиялык максаттарга, текстерди окуп, транскрипциялоо, которуу, жазуулардын генезиси маселелерине арналса, XX кылымдын башынан баштап чыныгы лингвистикалык изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган. Бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулар лингвистикалык багытта, салыштырма типология жаатында бир топ эң мыкты эмгектерди жарата алышты.

Бирок акыркы жылдары илим дүйнөсүндөгү когнитивдик багыттын кеңири тарашы менен, лингвистикада да тил бирдиктерин таанып-билүүчүлүк көз караштан иликтөө маселеси жанданып, мазмун сапатына өзгөчө маани берилип, тилдик бирдиктердин сырткы түзүлүшү, анын тарыхый өзгөрүштөрү назардан тыш калып калгандай сезилет.

Ошентсе да азыркы мезгилде кыргыз окумуштууларынын арасында байыркы түрк рунн жазмаларынын тарыхта аты аталган мезгилдин улам нарылатып изилдениши абдан жакшы тенденцияны жаратып келүүдө. Бул багытта С.Сыдыков, К.Конкобаевдер башында турган бир топ окумуштуулар кызыктуу маалыматтарды таап, кызуу эмгектенишүүдө.

Биз бул макалабызда байыркы түрк жазма эстеликтеринин табылыш тарыхында ысмы кездешкен айрым окумуштуулар жана алардын эмгектери жөнүндө сөз кылабыз.

Байыркы түрк жазма эстеликтери боюнча атактуу окумуштуу В. В. Радловдун 1888-жылы чыккан «Сибирские древности» деген эмгегинде [5] жана Н. Веселовскийдин «Орхонские открытие» аттуу макаласында [3] 1692-жылы Амстердам шаарынын башкаруучусу (бургомистр) **Николай Видзен (Николаас Витсен)** тарабынан алгачкы маалыматтар берилгендиги айтылат.

1664-1665-жылдары Н. Витсен Бириккен Нидерландиянын Башкы штатынын улуу урматтуу өкүмдардын элчилигинин курамында Россияга саякатка барат. Ал өзүнүн «Путешествие в Московию» (Moscovische Reyse: 1664-1665) аттуу күндөлүгүндө ар бир күнү эмне кылгандыгы тууралуу жазып калтырат. Н.Витсендин күндөлүгү «Менин Московиядагы саякатымдагы күнүмдүк окуялар. 1664-жылы 17-сентябрда башталды» деген жазуу менен башталат. Кийин анын «Түндүк жана Чыгыш Тартария» аттуу эмгеги 1692-жылы жарыкка чыгат. 1974-жылдын башында Лондон Королдук коомунун «Отчётунда» Жаңы Жер жана Обдун деңиз жолдору, ал аркылуу чыгышты көздөй чыккан Голландиялык саякат жөнүндө кыскача жазуулар берилет. Бул каттар менен кошо бир карта тиркелүү болот. Бүгүнкү күндө окумуштуулар аны изилдеп карап чыгышып, бул жазууларды Н.Витсенге таандык деп табышат.

Чындыгында эле, Н. Витсендин Россияга болгон бир жылдык саякатында эле ушунчалык көп маалыматка ээ болуусу күмөн эле. Ага россиялык сүрөтчү Penelapoetzki жардам бергендиги маалым. Өзүнүн күндөлүгүндө ал патриарх Никондун жардамы менен Москва мамлекетинин түндүк жана чыгыш областтарынын ар түрдүү элдери менен таанышып, көптөгөн жерлердин карталарын чийүүгө аракеттерди көрөт. Н.Витсен бир жылдын ичинде чогултуп алып келгендерин 1692-жылга чейин кайрадан иштеп, топтоштуруп, тактап чыгып жарыялаган.

Н.Витсендин Россияга андан кийинки саякаттары жөнүндө башка маалыматтар жок. Атүгүл өзүнүн күндөлүгүндө да булар жөнүндө эскерүүлөрү кездешпейт. Бирок анын жазып калтырган күндөлүгү Каспий деңизинен баштап, Сибирге чейинки аралыктардагы абдан кызыктуу маалыматтарды камтып турат. Патриарх Никон менен болгон анын тыгыз байланышы, Москвага келгенде жергиликтүү татар сыяктуу элдерден алардын жери, салты, чыгыш элдеринин географиясы жана этнографиясы жөнүндөгү ар кандай аңгемелерди дыкаттык менен жазып алгандыгы анын илимге чоң салым кошушуна жардам берет.

Н.Витсендин кабарчылары да ар түрдүү адамдардан болгон. Алардын бири Лопуцкий аттуу сүрөтчү адам болгон. Витсенге Лопуцкий Москвадан ага карта салып жибергендиги да күндөлүктө жазылган. Лопуцкий 1669-жылы өлгөн. Ал Витсен менен Москвага келгенде жакшы тааныш болуп калат. Живописчи Лопуцкий ошол кезде королдун сарайында сүрөтчү болуп иштеп турган. Көп нерсеге уруксаты болгондуктан, ал анча-мынча айрым карталарды да Витсенге көргөзгөнгө жетишиши мүмкүн эле. Анткени Витсенге келип жеткен картанын бетинде «Король Алексей Михайловичтин жеке буйругу менен даярдалган «Сибирь жергесинин чиймеси» аттуу жазуулар болгон. Балким, Витсендин колуна ошол кезде Тобольскиде жашаган Семён Ремезов чийген Сибирь карталарынын айрым үлгүлөрүнүн бирөө тийиши толук мүмкүн болчу. Бирок Витсен бул карталарга бир топ өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду киргизип туруп жарыялаган. Кийин, чынында эле, 1914-жылы окумуштуу Л.С.Багров С.Ремезовдун карталарынын 4 вариантын таап чыгат [2].

Эми бизди кызыктырган жазма таштарга келсек, Н. Витсен өзүнүн эскермелеринде **«Писаный камень»** (Жазма-Таш) деген термин менен төмөнкүдөй кызыктуу маалыматтарды жазып кетет: «*Сибирь жергесинде Жогорку Тура шаарынан анча алыс эмес жердеги сайдын жээгинен бир нече сүрөттөр табылды. Андагы чиймеленген нерселер бирдемелерди билдиргендей, бизге белгисиз бир жазуу же эн тамгалар катары кабыл алынды. Алардын качан жазылгандыгы жөнүндө ошол жерде жашаган эң кары адамдар бул сүрөттөр орустар ушул чөлкөмгө келгенге чейин эле бар болчу, б.а. жүз жыл мурда чегилген болуу керек деген божомолун айтышат. Бул жазууларды ким, качан жана эмнеге жазгандыгы эч кимге белгисиз. Алардын өңү кочкул сары келип, жазуулардын бийиктиги 7 сөөм (см), туурасы 6 сөөм келип, 1,5 саржан бийиктикте тоонун бетиндеги жылмакай таштын бетине чегилген. Бул жакта мурун жашаган вогул элдери жана аларга коңшу элдер бул таштарга келип, кудайга сыйынып, курмандык чалып турушат экен. Бүт асканын туурасы 7 саржан жана бийиктиги 18 саржан. Жанынан аккан дарыя –Irejet, жакынкы айыл – Писанец деп аталгандыктан бул аска таш дагы* ***Жазма таш (Писанец)*** *деп атка ээ болгон... ».*

Бул сай азыр Ирбит суусу, ал эми анын жээгиндеги **Жазма-Таш** жөнүндө ар кандай уламыштар, элдик ырлар бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда айтылып келет. Жазма таш азыр Россия Федерациясынын расмий түрдө мамлекеттик коругуна алынып, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн изилдөөчүлөрүн күтүп келет.

Бургомистр Н. Витсен Петр Інин финдер менен алакасында ортомчу болгон. Өзү да орус тилин жакшы билген. Чынында эле, орус падышасы Петр Інин корабль курууну үйрөнүш үчүн Прибалтика өлкөлөрүнө жөнөкөй жумушчу болуп баргандыгы маалым. Демек, алар жакшы тааныш болгондуктан, падышачылык Н.Витсендин Россияга саякат кылуусуна уруксат берип, жакшы шарттарды түзүп берген болуу керек.

Н. Витсен Урал тоолорун ашып, Россиянын «жаңы жерлерин» элдин арасындагы сөздөрдөн улам мына ушундай таш жазуулар бар экендигин билген. Тура суусунун жээгинде жайгашкан бул шаар 1598-жылы негизделген. 1601-жылы Жогорку Тура (Верхотурья) бажы шаарына айланат. Бул жерге бардык тараптан келген салыктар, товарлар, акчалар келип түшүп турган. XVII кылымда Тура шаары аркылуу Сибирдин

шаарларына жана Кытайга кемелер жөнөтүлүп турган. Кийинчерээк 1853-жылдан баштап бул шаардын кызматын Екатеринбург аткарып калат.

Демек, Н. Витсен дагы бул шаарда болуу менен бирге Сибирдин бардык этнографиясына да кызыккан болсо керек. Николаас Витсен «Тартария картасы» аттуу картасын болжол менен 1705-жылдары баштап чийип, Амстердамдагы Шателен басмасынан 1714-жылы басып чыгарат. Картага Каспийден баштап Сибирь жана Монголия толугу менен киргизилген. Картада **«Kirgisses»** деген ат Енисейдин жогорку куймаларынан көрсөтүлгөн. Ушул аймактан картада «Пайдалуу ыйык жерлер», Аскалуу жерлер», «Кооз жерлер», «Четки жерлер» сыяктуу дагы башка көрсөтмөлөр берилет.

Сүрөт 1. Николаас Витсендин Тартария картасы, 1705-ж. Шателен басмасы, Амстердам, 1714.

Жогоруда берилген 1-сүрөт Николаас Витсендин Тартария картасы деп аталып, анда өзгөчө маанилүү жерлер ачык, так жазылып берилген. Демек, картанын бетинде мындай жерлердин белгиленип өтүшү илимий кызыгууларды жаратпай койгон эмес.

Ошол кылымда Петр Інин Императордук Илимдер Академиясын куруу, анын астында Императордук Кунсткамераны түзүү жөнүндөгү идеясы Чыгыш жана Орто

Азия элдерин таанып билүүгө кеңири жол ачат (Кийин бул Кунсткамера өрттөнүп кетет, ичиндеги ар түрдүү материалдардын айрымдары гана сакталып калган. Бул жөнүндө сөз башка).

Н. Витсенден кийин, 5 жыл өткөн соң бул табышмактуу жазуулар жөнүндө экинчи билдирүү жарыкка чыгат. Бирок бул билдирүүдө деле Н. Витсен сыяктуу эле таш жазуулардын жайгашкан жери так көрсөтүлгөн эмес. Булар да карталар болгон.

Анын ээси жогоруда сөз болгон Тобольск шаарынын тургуну, картограф, боярин **Семён Ульянович Ремезов** (1642-1720) болот. 1692-жылы Н.Витсендин «Түндүк жана Чыгыш Тартария» аттуу эмгегинен кийин 1696-жылы С. Ремезовдун эки картасы басылып чыгат: 1) Чертеж всех сибирских градов и земель; 2) чертеж земли всей безводной и малопроходной каменной степи» [1] (Сүрөт 2.).

С.Ремезовдун жазган летопистери көпчүлүктү абдан кызыктырат. Анын үстүнө ал Сибирдин картасын чийип чыгуу үчүн өмүрүнүн көбүн арнаган жана ага балдарын да аралаштырган. «Сибирдин чийме китеби» 23 барактан турат. Бул атлас Археологиялык комиссия тарабынан 1882-жылы Санкт-Петербургда басылып чыгат. Китептин биринчи бетинде Тобольск шаарынын планы, андан кийин Сибирге караштуу 18 жердин картасы түшүрүлгөн. Дайралар жоон сызыктар менен чийилген. Бир жер менен экинчи жердин аралыгы канча күндүк жол экендиги, же канча убакыт кетери так көрсөтүлгөн. Бул чиймелер өз кезегинде Сибирь жергесин административдик жактан башкарууга жакшы жардам берген. С. Ремезовдун карталарына чейин эле Сибирдин жана Орто Азиянын карталары болгон, бирок анын карталары тарыхый географиянын эң мыкты эстелиги болуп эсептелет.

Жогорку Тура.

«Таинственными каменными городами»

Сүрөт 2. Семён Ульянович Ремезовдун Чийме китебинен (1699-1700) 23-барак.

С. Ремезовдун картасында Талас суусунун боюнда топографиялык пункт катары **«Орхон таш»** жана андан жогору **«Жайкы кар»** деп атаган тоолор түшүрүлгөн. Кийинчерээк ушул райондон 1896-1897-жылдары В.Каллаур жана Г.Гейкель тарабынан Дмитриевкадан рунн жазуулары табылат. Ал эми мындай жазуусу бар таштар С. Ремезовго белгилүү болгондуктан, Орхон суусунун айланасын **«Орхон таштар»** деп атап, бул жерлерди өзгөчө белгилей турган жерлер деп жазып коёт. С. Ремезовдун

картасында Орхон суусу жана «Орхон таштар» өз-өзүнчө белгиленет. Бул «Чийме китепте» **«Орхон»** жана **«Орхон таштар»** картанын 22-23-номери менен белгиленген. Демек, Ак падыша Петр Алексеевичтин көрсөтмөсү менен жазган С. Ремезовдун «Сибирь жана анын шаарлары, жерлери» атласы 1696-1697-жылдары жазылган эң алгачкы эмгек болуп саналат.

С. Ремезов көптөгөн адамдар менен кат алышып турган. Анын кол жазмаларында көпчүлүктү кызыктырган, жогоруда айтып кеткен, Уралдагы **Жазма-Таш** да болот. Семён жана Леонтий (уулу) Ремезовдор 1703-жылы Писанец айылына барып, Ирбит суусунун жээгинен бул ташты өз көзү менен көрүшөт. «Кызматтык Чийме китепке» фигуралардын 4 топко бөлүнгөн сүрөттөлүштөрүн киргизишет. Ремезовдордун бул жазуулары, анча так эмес болсо да, кийин бул петроглифтер атактуу окумуштуу Ф.И.Страленбергдин көңүлүн бурат.

Сүрөт 3. Уралдагы Жазуу-Таштагы (Писаново камня) сүрөттү Иоганн Люрсениус тартып алган [4].

Уралдагы жардын бетиндеги бул жазуу боюнча бир топ окумуштуулар иштеген: Г.Ф.Миллер, сүрөтчү И.Люрсениус (1741) (Сүрөт 3.), 100 жылдан кийин Н.П.Булычев, андан кийин В.Н.Чернецов (1960), Д.К.Дубровский, А.С.Крупп, А.П.Басов жана фотограф Ильсур Хамзин (2010), бирок бул жазууну «аска сүрөтү» деп гана аташат. Анын үстүнө ал кезде бул жазма ташты байыркы түрк рунн жазууларына байланыштырып изилдеген окумуштуулар болгон эмес.

Өз мезгилинде Н. Витсендин китептери кеңири жайылган эмес, ага, бир эсе, өзү да себепкер болгон дешсе, ал эми С. Ремезовдун бул чиймелери да жүздөгөн жылдар бою «өз алдынча үйрөнүп алган бир сүрөтчүнүн так эмес иши» деп каралбай келген. Ошого карабай, бул эки адамдын эмгектери 19-кылымдын аягында гана ачыкка чыга баштап, андан кийин гана өз баасын алган.

Адабияттар:

1. Андреев А. Труды Семёна Ремезова по географии и этнографии Сибири XVII-XVIII вв. // Проблемы источниковедения. – М.–Л., 1940. − Т.3. – С. 117-126.
2. Багров Л.С. Карты Азиатской России: Исторические заметки. − Пг., 1914. − С. 10-12.
3. Веселовский Н. Орхонские открытия // ЖМНП. – 1894. – Вып. 4. − С. 61.
4. Миллер Г. Ф. Описание Сибирского царства и всех происшедших в нем дел от начала, а особливо от покорения его Российской державой по сии времена. − СПб., 1750. − Кн. 1. − С. 39-62
5. Радлов В.В. Сибирские древности. МАР. – № 3.– СПб., 1888. – Приложение. – С. 5.

Акчекеева М.С.

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК. 42/49-40

ПРИРОДА КЫРГЫЗСКОГО АКЦЕНТА ВО ФРАНЦУЗСКОМ ЯЗЫКЕ И ПУТИ ЕГО ПРЕОДОЛЕНИЯ

В кыргызском языке не всякая последовательность гласных возможна в пределах одного слова. Возможность сочетания тех или иных гласных определятся правилами сингармонизма. Достаточно строгие ограничения сочетаемости гласных отмечаются по дифференциальному признаку ряда, то есть гласные переднего ряда, как правило, не встречаются в том же слове, где произносятся гласные заднего ряда.

Данную проблему важно также рассматривать и с точки зрения противопоставления гласных по дифференциальному признаку огубленности - неогубленности. В таблицах 1 и 2 представлены результаты сопоставительного анализа возможных сочетаний гласных французского и кыргызкого языков в пределах слова в зависимости от дифференциальных признаков ряда и огубленности.

Сочетаемость огубленных гласных по признаку ряда в пределах слова в кыргызском и французском языках.

Таблица 1

Язык	Ряд огубленных гласных	Позиция			
		Перед неогубленными гласными переднего ряда	Перед огубленными гласными переднего ряда	Перед неогубленным и гласными заднего ряда	Перед огубленным и гласными заднего ряда
Французский язык	Передний ряд	+ uni,ceux-ci, furie	+ lugubre, heureux	+ Dumas, muraille	+ bureau, ferons
	Задний ряд	+ outil,folie, motif,pourri	+ fautu, counsu,couru	+ soutane, fourrage	+ bourreau, taureau
Кыргызский язык	Передний ряд	-	+ күмүш, өмүр, күрөк, бөлө	-	-
	Задний ряд	-	-	+ улан, курак	+ кулун, бурул, бугу

Условные обозначения: + возможная последовательность гласных в слове
- невозможная последовательность гласных в слове

Как следует из таблицы 1, во французском языке нет ограничений сочетаемости гласных в пределах слова по рассматриваемым дифференциальным признакам. Что касается кыргызского языка, то в нем возможны некоторые сочетания гласных в соседних слогах слова, встречающиеся во французском языке. Например, огубленные гласные переднего ряда в обоих языках могут произноситься перед слогом с огубленными гласными переднего ряда, о чем свидетельствуют следующие примеры:

Французский язык	Кыргызский язык
lugubre / lygybr/ heureux / ØrØ / levure / lœvy:r/ bulbeux / bylbØ/	күмүш /kymyš/ бөлө / bØlØ/ өмүр / Ømyr/ күрөк / kyrØk/

Кроме того, в обоих языках возможны сочетания огубленных гласных заднего ряда в позиции перед неогубленными гласными заднего ряда, например:

Французский язык	Кыргызский язык
soutane / sutan/ courage / kuraž/ moustache / mustaš/ fougasse / fugas/	улан / ulan/ курак / kurak/ туташ / tutaš/ мурас / muras/

И, наконец, последний тип сочетаний, встречающийся в исследуемых языках, представлен в виде следующих примеров: это сочетание огубленных гласных заднего ряда с заднерядными огубленными гласными:

Французский язык	Кыргызский язык
bourreau, / buro/ choucroute / šukrut/ taureau / toro/ beaucoup / boku/	буро / buro/ булут / bulut/ короо / koro:/ оку / oky/

Вместе с перечисленными случаями совпадения сочетаемости гласных внутри слова в сопоставляемых языках, следует отметить, что в целом ряде случаев определенные последовательности гласных не совпадают в двух языках. Это касается, прежде всего, кыргызского языка, где существуют позиции, в которых невозможны те или иные сочетания гласных. Так, огубленные гласные переднего ряда не встречаются в позициях перед неогубленными гласными переднего, а также перед неогубленными гласными заднего ряда:

Французский язык	Кыргызский язык
uni / yni/ ceux-ci / sØsi/ furie / fyri/	- - -

Кроме того, дистрибутивные ограничения есть и у гласных заднего ряда: огубленные заднерядные гласные невозможны в позиции перед огубленными и неогубленными гласными переднего ряда:

outil / uti/ folie / foli/ motif / motif/ pourri / puri/	- - - -

Таким образом, как свидетельствуют приведенные примеры, в кыргызском языке не существует слов, внутри которых встретились бы такие последовательности

гласных. Проведенный анализ позволяет прогнозировать возможные ошибки носителей кыргызского языка при обучении их произношению французских слов, в которых встречается такая последовательность гласных. Подобные случаи требуют разработки специальных упражнений, направленных на преодоление интерферирующего влияния фонетических законов родного языка, в данном случае кыргызского. Здесь речь идет, прежде всего, о влиянии такого фонетического явления, как сингармонизм, который присутствует в той или иной степени во всех тюркских языках. Следует отметить, что в кыргызском языке законы сингармонизма соблюдаются достаточно строго, что обуславливает необходимость, специальной тренировки таких последовательностей гласных, как «огубленный- неогубленный» в словах типа *uni, ceux-ci, furie, outil, folie, motif, pourri, fautu, cousu, couru, Dumas, muraille, bureau, ferons* (см. табл. 1). Это в равной мере касается постановки как гласных переднего ряда, так и гласных заднего ряда.

Интерферирующим влиянием законов сингармонизма обусловлены и трудности, связанные с сочетаемостью гласных в пределах слова по признаку ряда. Результаты сопоставительного анализа возможных последовательностей неогубленных гласных в зависимости от их ряда нашли отражение в таблице 2. В ней представлены все возможные сочетания кыргызских и французских неогубленных гласных по признаку ряда в пределах слова.

Сочетаемость неогубленных гласных по признаку ряда в пределах слова в кыргызском и французском языках.

Таблица 2

Язык	Ряд неогубленных гласных	Позиция			
		Перед неогубленными гласными переднего ряда	Перед огубленными гласными переднего ряда	Перед неогубленными гласными заднего ряда	Перед огубленными гласными заднего ряда
Французский язык	Передний ряд	+ été, ici, élite, épais, fini	+ tissu, élu, aigu, ému	+ état, bétail, sénat, typage	+ filou, égaux, Tibault
	Задний ряд	+ assis, Paris, année, ballet	+ abus, allure	+ attaque, allarme, travail	+ tabou, atout, bateau
Кыргызский язык	Передний ряд	+ килем, билим, эки, келин	+ элүү, тигүү, бирөө, экөө	+ митаам	+ бирок
	Задний ряд	+ али, маки, балким, балекет	-	+ таза, балык. сылык	+ табуу, алуу, катуу, баруу

Сопоставительный анализ сочетаемости неогубленных гласных французского и кыргызского языков в зависимости от их ряда показал, что ограничения для употребления их в последовательности слогов внутри слова практически отсутствуют в обоих языках. В кыргызском языке огубленный гласный переднего ряда может следовать за неогубленным, но не может ему предшествовать: кирүү, берүү, киргизүү,

поэтому такие французские слова, как fichu, aigu, têtu, diminue не представляют особых трудностей с точки зрения сочетаемости гласных по признаку огубленности-неогубленности (см.табл. 2).

Что касается гласных заднего ряда, то в кыргызском языке картина несколько иная: огубленный гласный может произноситься как в позиции перед слогом с неогубленным гласным, так и после него: улар, тумар, алуу, жазуу, поэтому произношение слов с заднерядными гласными не представляет трудностей для носителей кыргызского языка в плане их сочетаемости по признаку огубленности-неогубленности. Таким образом, наибольшую трудность для кыргызов представляет смешение в слове передних и задних, огубленных и неогубленных открытых и закрытых гласных в многосложных словах. Такие сочетания очень часто встречаются в многосложных словах. Обратное, т.е. последовательность «огубленный-неогубленный», невозможно, что может влиять на произношение французских слов с подобной последовательностью гласных: jury, rugit, furie, или sauta, soupa и.т.д.

Помимо этих трудностей, возможны проблемы с гласными, различающимся по дифференциальному признаку подъема языка, т.е. сочетания гласных верхнею, среднего и нижнего подъема. Особо следует остановиться на французских гласных среднего подъема, которые различаются как полуоткрытые / ε, oe, o/ и полузакрытые / e, Ø, o/. Поскольку в кыргызском языке каждой паре соответствует только один гласный / e, Ø, o/, не совпадающий по своим характеристикам ни с одним из них, но все же более близкий к закрытым гласным, то именно эти гласные могут служить опорой для постановки французских полузакрытых гласных. Что касается полуоткрытых / ε, oe, o/ то их необходимо ставить как совершенно новые звуки.

Единственное исключение составляют кыргызские гласные заднего ряда, которые не могут произноситься в позиции перед огубленными гласными переднего ряда (см. таблицу 2). Этот случай будет представлять серьезную трудность при обучении французскому произношению носителей кыргызского языка. Так, французские слова abus, allure, amuse могут быть произнесены носителями кыргызского языка как /a´bu/, /a´lu:r/, /a´mu:z/, т.е. фактически происходит замена переднерядного / y / на заднерядный / u / в соответствии с законами сочетаемости гласных в словах родного языка. Для тренировки такой последовательности гласных удобно начинать с последнего слога, который является ударным, затем тренировать вместе с предшествующим слогом, то есть слогом с «инородным» гласным для фонемного состава конкретного кыргызского слова. Под «инородностью» мы подразумеваем невозможность последовательности гласных соседних слогов внутри одного слова.

Ошибки кыргызских учащихся, связанные с интерферирующим влиянием гласных соседних слогов, особенно ярко проявляются в многосложных словах. Как отмечалось ранее, во французском языке нет ограничений по сочетаемости в слове гласных ни по признаку ряда, ни по признаку подъема. В кыргызском языке в силу законов сингармонизма по всем названным признакам имеются достаточно строгие ограничения, которые не могут не влиять на оформление звукового облика французских слов. Например, слова inutile, étudie, Tunisie могут быть произнесены носителями кыргызского языка двумя способами: / ini´til /, / eti´di / , / tini´zi /, в которых все гласные произносятся как неогубленные, либо как / iny´tyl / , / ety´dy / , / tyny´zy / , где все гласные огубленные под влиянием фонетических правил родного языка. Ещё сложнее обстоит дело, если среди гласных переднего ряда встречается заднерядный гласный: écouter, épouser, éprouver. В таких случаях серединный гласный заднего ряда может быть редуцирован до нуля, это позволяет носителям кыргызского языка избежать смешения переднерядных и заднерядных, гласных внутри одного слова что вполне естественно для кыргызского языка: гласные верхнего подъема /i/, /y/, /u/, и /ы/

в позиции между двумя согласными, окруженными двумя гласными, редуцируются. В случае редукции «инородных» гласных, эти слова будут произноситься как / ini´til /, / eti´di / , / tini´zi / и.т.д. Для исправления подобных ошибок необходимо построить такие упражнения, в которых будут противопоставляться слова с разным значением.

По дифференциальному признаку подъема гласных, т.е. по степени открытости-закрытости иногда говорят о «гармонии гласных» во французском языке [2]. Так, М. Граммон считает, что ударный конечный гласный может оказывать влияние на открытое или закрытое качество безударного гласного. Так, в словах élite, émir, bêtise, aimer безударный гласный, подвергаясь влиянию закрытых гласных ударного слога /i / и /e/, также становится закрытым /e/: /e´lit/, /e´mir/, /be´tiz/, /e'me/ а в словах état, bêta, hélas, aima он может быть открытым под влиянием открытого ударного гласного /a/: /ε´ta/, /bεta/, /ε´las/, /ε'ma/. Однако экспериментально-фонетические исследования показали, что в современном французском языке скорее следует говорить о тенденции произносить в безударном слоге закрытый / e / независимо от качества ударного гласного [1].

Таким образом, анализ переноса правил сочетаемости кыргызских гласных в слове по дифференциальным признакам ряда, огубленности и подъема показал, что произношение некоторых последовательностей французских гласных представляют серьезную трудность для носителей кыргызского языка. Выявленные случаи требуют разработки специальных фонетических упражнений для предупреждения или исправления возможных ошибок, обусловленных интерферирующим влиянием артикулярных привычек родного языка.

Литература:

1. Акчекеева М.С. Объективные характеристики и восприятие безударных гласных Л., 1980
2. Grammont M. Traité pratique de prononciation française. P., 1954

Алымова А.Т.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.406.1.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ

Мамлекеттик тил - кыргыз элинин улуттук аң-сезимин, маданиятын, башка элдерден айырмаланган кайталангыс мурастарын, өзгөчөлүктөрүн чагылдырган улуттук көрөңгө. Демек, улуттук көрөңгөнү бүгүнкү күндө аздектеп пайдаланып, анын барк-баасын наркын чыгарып, келечек муундарыбызды окутуу, окутуунун сапатын жогорулатуу, аны билим берүүнүн эл аралык стандарт – программаларына ылайык келтирүү бүгүнкү күндөгү мамлекеттик тил боюнча билим берүүнүн негизги өзөгүн түзөт.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик тилди окутууну өркүндөтүү концепциясында окутуунун методологиялык негизин аныктоонун үч негизги маселесин чечүүгө артыкчылык маани берүү талабы белгиленген. Булар: мамлекеттик тилди окутууну социалдаштыруу, гумандаштыруу, ааламдаштыруу маселелери.[1] Кыскача айтканда, бул биринчеден, коомдогу социалдык муктаждык талаптар эске алынып, окутуу, үйрөтүү жумуштарынын ага шайкеш болуусу, студенттин келечектеги ээ боло турган адистигине жараша билим берүү маселесинин канаттандырылуусу, экинчиден, окутууну гумандаштыруу жана инсанга багыттап окутуу, үчүнчүдөн мамлекеттик тилди ааламдаштыруунун алкагында ички, тышкы керектөөлөрдү канаттандырууга багытталууга тийиш. Концепцияда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык бүгүнкү күндө мамлекеттик тилди окутуу белгиленген методологиялык, дидактикалык принциптерге жараша, дүйнөлүк билим берүү системасында кеңири тараган Баллон системасы боюнча билим берүү алкагында окутуу процесси ишке киргизилди. Мамлекеттик тилди окутуу боюнча 1-курстар үчүн жумушчу программалар иштелип чыгып, студенттер окутуу процессинде ээ боло турган көндүмдөр, компетенциялар аныкталып, инсанга багыттап окутуу боюнча окуу-методикалык иштелмелер, адистигине жараша билим берүү боюнча окуу куралдары даярдалып, текшерүүнүн ар кандай формаларына ылайык, суроолор, тесттердин түрлөрүн иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бирок бүгүнкү күндө мамлекеттик тилди окутуу маселесинин көтөргөн жүгү менен ага бөлүнгөн окуу стандартындагы сааттын көлөмү шайкеш келбей калды. Мамлекеттик тилге бөлүнгөн саат жылдан жылга азаюу менен, мамлекеттик тилди окутуунун маани-маңызы төмөндөөдө. 1989-жылыкыргыз тили мамлекеттик тил болуп кабыл алынганда аны окутууга билим берүү стандартында 340 саат бөлүнүп, анын 216 сааты аудиторияда өтүлүүчү, 20 сааты жекече иштөө, 104 сааты өз алдынча иштөө үчүн берилген.

Мындан тышкары КУУнун окуу-методикалык комиссиясынын чечими менен юридикалык, экономикалык, мамлекеттик кызмат боюнча адистиктерге, ошондой эле чет тилинен котормочуларды даярдоо адистигине мамлекеттик тилди окутууга кошумча сааттар берилип, ага бөлүнгөн аудиториядагы сааттын көлөмү 288 саатка чейин көбөйгөн. Бирок бул көпкө созулган жок. Кошумча киргизилген сааттар алынып салынды. Азыркы учурда чет тилдер институтунда мамлекеттик тилге которуу боюнча

[1] У.Култаева, Ж.Чыманов.
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде мамлекеттик тилди окутууну өркүндөтүү концепциясы.
Кут Билим, 16-октябрь,2009-жыл

адистер даярдалган жок. Бүгүнкү күндө республикабызда мамлекеттик тилден чет тилдерине же чет тилдеринен мамлекеттик тилге которгон котормучулар жокко эсе. Мамлекеттик тилге болгон кайдыгерликтен ага бөлүнгөн сааттар азайып, чет тилдери тургай, орус тилинен кыргыз тилине, кыргыз тилинен орус тилине которуу ар бир иш мекемесинде кыйынчылыктарды туудурууда. Мамлекеттик тилге болгон салкын мамиле шаарда өсүп-чоңойгон кыргыз улутундагы студенттерден байкалат. Кыргыз элинин нукура улуттук психологиясынан , элдик педагогикадан алыс тарбияланган, орус мектебин бүтүргөн жаштардын улуттук аң-сезимин жандандыруу, эне тилинин бай казынасынын таанытуу, убакытты, тынымсыз тарбияны талап кыла тургандыгы белгилүү. «Өкмөттүк токтом да жана мыйзам да эң биринчи кезекте кыргыздардын өздөрүн кыргыз кылуу максатын көздөйт. Болгондо да азыркы дүйнөлүк деңгээлдеги маданияты бар кыргыз деңгээлине жеткирүү, кыргыз тилин укумдан тукумга бузбай, байытып өткөрүп берүү максатын көздөйт».[2] Демек, мамлекеттик тилге бөлүнгөн сааттын жылдан жылга азайышы, мамлекеттик тилдин мамлекеттик деңгээлде ишке ашып, мамлекеттик тил мыйзамынын же кабыл алынган башка токтомдордун, чечимдердин иштеп кетишине кедергисин тийгизип жатат. Өкмөттө жана башка тармактарда иштеп жаткан мындай адистердин өз эне тилине жерүү менен кылган мамилеси, аракетсиздиги, мекенчилдик ички туюмунун жетишсиздиги тилибиздин өнүгүшүнө зыянын тийгизүүдө.

2001-2002-окуу жылынан тартып, аудиторияда өтүлүүчү 216 саат 152 саатка түшүрүлүп, жекече иштөө үчүн саат алынып ташталган. Бул 1-2-курсттарда мамлекеттик тил жумасына 1 жолу окутулат дегенди түшүндүрөт. Мамлекеттик тилдин мыйзамында, өкмөттүн токтомдорунда, мамлекеттик тилди өнүктүрүү концепцияларында белгиленгендигине карабастан, чейрек кылымга жакын убакыт өтсө да, бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттик тил боюнча Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайлар үчүн арналган атайын окуу китеби сунуш кылынган жок. Бирдиктүү типтүү программа иштелип чыккан жок. Ар бир жогорку окуу жайы мамлекеттик тилди өз программасы, өздөрү түзүп алган окуу куралы менен окутуп келе жатат. Бул маселе боюнча көп эле жолу сунуштар киргизилип, каттар жазылып, кайрылуулар көп болду, бирок өкмөт, тиешелүү министрлик, Мамлекеттик тил комиссиясы тарабынан жыйынтык чыгарылган жок. Кагаз бетинде калуу менен, майнап чыкпай мамлекеттик тилге астейдил, кайдыгер мамиле болуп калды. Бүгүнкү күнгө чейин жогорку окуу жайларында мамлекеттик сынак киргизилген жок. Жогорку окуу жайына кабыл алуу сынагы берилбейт. 2001-2002-жылы мамлекеттик тилди окутуунун сааты азайтылганда анын эсебинен чет тилдерди окутуунун сааттары көбөйтүлүп, чет тилине артыкчылык берилди. Муну билим берүү жана илим министрлигинин жогорку окуу жайлар боюнча адиси чет тилдерин үйрөнө турган чөйрө жок, ал эми кыргыз тили ушул элдин мамлекеттин тили деп түшүндүрдү. Сааттардын көлөмүн аныктоо боюнча түзүлгөн топтун бир, эки мүчөсүнөн башкасы буга макулдугун берди. Бүгүнкү күн ал чечимдин туура эмес кабыл алынгандыгын далилдеп отурат. Жаштарыбыз ал тургай интелегенциянын жогорку катмарына чейин эне тилинин нормаларын бузуп, орус тилине тебеленип сүйлөп, сүйлөө маданияты кыйла артка кеткендигинин күбөсү болуп олтурабыз. Кыргыз тили кыргыз элинин улуттук жана мамлекеттик тили катары кыргыздын руханий дөөлөттөрүнүн, маданиятынын туу чокусу болуп саналат. Эне тилин сүйүүгө, ыйык тутууга, урматтоого үйрөнүү, ата мекенин, элин, каада-салтын, нарк-насилин аздектеп сүйүүгө алып келет. Бүгүнкү күндө руханий маданиятты түптөө, калыбына келтирүү, адеп-ахлахтын оңолушуна, экономикалык өнүгүүгө негиз болбой койбойт. Демек, эне

[1] К.Артыкбаев. Өзөктөн чыккан өрт жаман. – Мамлекеттик тилдин маселелери Бишкек., 2010, 41-бет

тилинде сүйлөө маданияты калыптанган жоопкерчиликтүү, мекенчил, эне тилин ыйык туткан инсанды тарбиялоо бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн негизги өзөгүн түзөт.

Мамлекеттик тил орус мектебин бүтүргөн кыргыз улутундагыларга жана башка улуттагыларга окутулгандыктан, өзгөчө кыргыздын уул-кыздарына көркөм сөз өнөрү, элдик педагогика, тарыхыбызга, элдик каада-салтка байланышкан мекен таануу материалдарынын негизинде алардын рухий дүйнө таанымынын бөксөсүн толтуруу, официалдуу иш, көркөм публицистикалык, илимий стилдерде жазуу боюнча билгичтиктерин, көндүмдөрүн калыптандыруу өзүнүн тутунган кесиби боюнча билим берүү максаты турат. Демек, өзүнөн өзү мындай суроо туулат. Бүгүнкү күндө мамлекеттик тилди окутуу боюнча жылдан жылга азайып бара жаткан сааттын көлөмү бул максаттарды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк береби?

Билим берүүнүн Баллон системасына өтүү боюнча түзүлгөн окуу стандартында мамлекеттик тилге 240 саат берилип, анын аудиторияда өтүлүүчү активдүү саатына 128, өз алдынча иштөөгө 112 саат бөлүнгөн. Демек, 128 сааттын ичинде студенттерге кыргыз тилинде мыкты сүйлөөгө, сабаттуу жаза билүүгө, кесиптик багытта адистигине жараша сүйлөп жана жаза билүүгө даярдоо талабы коюлуп жатат. Демек, мамлекеттик тилди окутуунун программасы, жогоруда белгиленген талаптардын бардыгын камтууга тийиш. Сааттын жетишсиздиги окутуу процессинде даана байкалууда. Ошону менен катар бүгүнкү күндө мамлекеттик тилди окутуунун базасы да начар. Окутууга керектелүүчү окуу-методикалык иштерге байланыштуу каражаттар жетишсиз. Мамлекеттик тилди мектептерде окутуунун негизи да жолго коюлбай, бүтүрүү сынагы жат жазуу менен чектелгендиктен, окуу жайларына кыргыз тили боюнча сабатсыз, тилди өздөштүрүү деңгээли бир кылка эмес студенттердин кабыл алынышы да тилди үйрөнүүгө кедергисин тийгизип жатат. Ошондуктан университетке кабыл алынып жаткан студент мамлекеттик тил боюнча текшерүүдөн өтсө, студенттердин билим деңгээли боюнча ажырымы азыраак болор эле деген ойдобуз.

Бүгүнкү күндө учурдун талабы мамлекеттик тилди предмет катарында окутуу менен чектелбей, мамлекеттик тилде кесиптик билим берүү, ар бир илимдин тармагы боюнча мамлекеттик тилде окутуу, илимдин негизин, жетишкендиктерин кыргыз тилинде берүү, аны менен бирге учурдун талабына жооп берген ар түрдүү илим тармактары боюнча окуу китептерин, программаларды, методикалык көрсөтмөлөрдү түзүү болуп саналат. Мамлекеттик тилди кесипке багыттап окутууда илим тармактары боюнча адис окумуштуулардын сөздүктөрдү иштеп чыгуусу иштөөсү жакшы жыйынтыктарга алып келер эле. Азыр көп илимий жана башка адабияттар орус тилинен которулуп, түшүнүүгө оор. Бул студенттердин билим алуусун татаалдандырат, кызыгуусун жоготот. Ошондуктан адистик боюнча эмгек жазгандар менен мамлекеттик тилди окуткан адистердин ортосунда тыгыз байланыш, окуу процессинде бир кыйла жылыштарга алып келер эле. Бирок, тилекке каршы, мындай тажрыйба кеңири тажрыйбаланбай келе жатат.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик тилдин мамлекеттик деңгээлде иштеп кетиши үчүн «Жогорку окуу жайларына өткөн студенттер кыргыз тили жана адабиятын андан ары үйрөнүшүп, өз кесиптеринин өзгөчөлүктөрүнө ылайык жазуу иштерин мамлекеттик тилде көбүрөөк аткарып, кесибине байланыштуу иш кагаздарын жүргүзүүгө көбүрөөк машыкмайын, андан мамлекеттик тилдеги сабаттуу, билимдүү адис чыкпай тургандыгы талашсыз.

Кыргыз тилин, адабиятын үйрөнүү сөзсүз мамлекттик экзамен берүү менен аяктолууга тийиш[3] деген проф.К.Артыкбаевдин пикири бүгүнкү күндө андан бери он алты жыл өткөндөн кийин да актуалдуу бойдон калып отурат. Жыйынтыгында мамлекеттик тилди окутууга зарылдык түзүлгөндө гана, мамлекеттик тилде окутууну, үйрөнүүнү системалуу түрдө ишке ашырганда гана мамлекеттик тил мыйзамы,

өкмөттүн токтомдору ишке аша тургандыгын белгилемекчибиз. Мамлекеттик тилди предмет катары гана окутпастан, кесиптик дисциплиналарды кыргыз тилинде окутуу бүгүнкү күндөгү эң негизги талаптардын бири болуп олтурат. Мектептерде айрым сабактар, ал эми жогорку окуу жайында толук бойдон окуу мамлекеттик тилде жүргүзүлгөндө гана тилибиз өнүгүп башка тилдер сыяктуу өнүгүү жолуна түшмөк.

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. - Мамлекеттик тилдин маселелери. Бишкек-2010.
2. Култаева У, Чыманов Ж. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде мамлекеттик тилди окутууну өркүндөтүү концепциясы. - Кут Билим, 2009-жыл, 16-октябрь.
3. Кыргыз Республикасында көп маданиятуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы. Бишкек-2009.
4. Мамбетакунов Э. Мамлекеттик тил жана табигый математикалык билим беруу маселелери, - Кут Билим, 2009-ж, 16-сентбрь.

Апышева М. Т., Осмонова Н. Ы.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК. 401

СИНХРОНДУК КОТОРУУНУ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Котормо жашоонун бардык учурунда, бардык жерде керектелип, элдин маданий, руханий деңгээлин көтөрүүдө негизги ролду ойноп келет. Азыркы күндө “котормо” деген түшүнүк абдан көп нерселерди камтыйт. Бир тилден экинчи тилге ырлар, көркөм проза, публицистика, ар түрдүү тармактарга тиешелүү илимий жана илимий-популярдык адабияттар, дипломатиялык документтер, иш кагаздары, саясий ишмерлердин сөздөрү менен макалалары, ораторлордун сөздөрү, гезит кабарлары, ар түрдүү тилдердеги маектешүүлөр, кинофильмдер которулат.

Ушундан улам котормого кызыгуу күчөп, топтолгон практикалык тажрыйбаны бир системага келтирип, жалпылоо зарылдыгы келип чыкты. Ошентип, азыркы филология илиминде котормо илими же котормонун теориясы, же кенен алганда, котормотаануу илими пайда болду.[2] Ошондой болгонуна карабастан, бүгүнкү күнгө чейин котормонун тегерегинде ар кандай талаш-тартыштар, кызуу талкуулар жаралып турат.

Айрым окумуштуулар котормону лингвистиканын рамкасынан бөлүп, социология, семасиология, психология илимдери менен тыгыз байланышы бар илим катары карашат. Эгерде ар бир илимдин изилдөө объектиси, предмети жана ага тиешелүү терминологиясы бар болсо, анда ал илим өз алдынча болууга толук укугу бар. Кээ бир окумуштуулардын “котормо өз алдынча илим катары жашап келатат”[3] деген көз карашына карабастан, ал лингвистиканын карамагында жашап келет. Анткени, которуу проблемасын, изилдөө объектисин карап жатканда эки тилдеги тексттин тилдик бирдиктерин, лексикасын, грамматикасын салыштырып үйрөнүүдөн алыстабайт. Котормо тууралу мыкты адабияттар да лингвисттер тарабынан жазылган. Алардын ичинен Л.Бархударовдун эмгегин баса белгилеп кетүүгө болот: “Котормо

[3]Артыкбаев К. өкмөттүк токтомдор неге аткарылбайт? – Мамлекеттик тилдин маселелери. Бишкек., 2010, 90-бет
[2] Т.Абдиев. Котормо таануу илимине киришүү. –Б., 2008, 7-б.
[3] С.В.Виноградов. Перевод (Общие и лексические вопросы). –М., 2004, с.8.

теориясы оригинал тексттин тили менен которулган тексттин тилинин ортосундагы түрдүү проблеманы изилдебестен, эки тилдин законченемдүүлүгүн, форма жана мазмун жагынан бири-бирине дал келишин, типтүүлүгүн, мазмундун туура, так кайталанышына баа бериши керек.”[1]

Биздин оюбузча, котормо – тигил же бул тилден экинчи бир тилге которулган көркөм, оозеки, жазуу түрүндөгү ар кандай стилдеги эмгектер. Бир тилдеги эмгекти, чыгарманы, айтылган кепти экинчи бир тилде сүйлөтүү, жаратуу, жандандыруу, түп нусканын өзүндөй, же болбосо ага максималдуу жакындатып берүү.

Котормо бийик, чебер искусствону пайдаланып, тилдин бардык лексикалык каражаттарынын мүмкүнчүлүгүн өздөштүрүп, бөтөн тилдеги кепти экинчи бир тилге оригиналдагы маани-маңызын сактап, которууну талап кылат. Котормо эстетикалык табитти эле канааттандырбастан, коммуникациялык (эки тараптын бири-бири менен карым-катнашта болуу, тыгыз байланыш түзүү) милдети да аткарат.

Которуунун максаты – башка тилдеги оозеки, жазуу түрүндөгү текстти окурманды же угуучуну түп нусканын өзүндөй болбосо да жакындан тааныштыруу. Коомдо адам баласынын пикир алышуусунда тилдин орду кандай болсо, которууда да ошондой маниге ээ. Тил түрдүү котормодо (мейли оозеки, мейли жазуу, же илимий-техникалык ж.б.) жардамчы каражат катары гана колдонулбастан, анын негизги маселелерин чечүүчү негизги курал катары кызмат аткарат.

Которууда бүтүндөй текстти оригиналдай кылып иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Котормочу текстти майдалап, ар бир кептик агымды, бөлүктү өзүнчө которууга, фраза, абзацтарга токтолууга туура келет. Бул ыкма которуунун теориясы жана практикасы жаатында иштегендердин баарына белгилүү. Котормону изилдөөдө түрдүү көз караштардын кездешкенине карабастан баарысы анын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылат, теорияны тактап, жакшыртып, илимий бирдиктүү жыйынтыкка келүүсүнө көмөк көрсөтөт.

Жалпысынан алганда, лингвистика илиминде котормонун түп нусканы кабыл алуу жана котормонун текстин жаратуу ыкмасы боюнча психолингвистикалык классификациясы сунушталган. Мында котормо **жазма котормо** жана **оозеки котормо** болуп экиге бөлүнөт. Ал эми **оозеки котормо** өз ичинен *синхрондук котормо* жана *ыраатуу (удаалаш) котормо* болуп экиге ажыратылат.

Котормону өздөштүрүүдө которула турган тексттин жанрына карата “Эмнени которуу керек?” жана ошол эле текстти “Кандайча которуу керек?” деген суроолор пайда болот. Ар бир ктотормонун бири биринен айырмаланган өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, көркөм котормону синхрондуу түрдө которууга болбойт, тескерисинче, илимий котормону көркөм которо албайсың.

Оозеки котормонун негизги түрү болгон синхрондук жана ырааттуу котормонун үстүндө иштөөдө котормочу алдына иштин темпоралдык мүнөзүн (мезгилдик) эске алып, оратордун кебинин маани-мазмунун максималдуу толук сактап сапаттуу которууну өзүнө максат кылып коёт.

Котормо ишин (тилмечтикти) аркалаган адистер практика жүзүндө оозеки котормонун сырларын, көп кырдуулугун өздөштүрүү үчүн атайын машыктыруучу көнүгүүлөрдү пайдаланса болот. Адатта оозеки котормого үйрөтүү даярдоо жана негизги этаптардан турат. Даярдоо этабы – бул студенттин которо турган чет тилин мыкты үйрөнүүсү. Келечектеги котормочу сөздөрдү, айтымдарды, фразаларды туура айтууга басым жасап, ошол тилде интервьюларды алып жана бере билүүсү зарыл. Эне тилинде эркин сүйлөп, анын ар кандай кырларын өздөштүрүүсү керек.

[1] Л.Бархударов. Язык и перевод. М., 1959, с.15.

Оозеки которуунун активдүү комплекстик тренингдерди өздөштүрүүсү негизги этапта ишке ашат. Котормо мектептеринин дээрлик баарында эле негизинен төмөнкү көнүгүүлөр сунушталат: эс-тутумду калыптандыруу; бир тилден экинчи тилге өтүү тренинги; которуунун темпин арттыруу (темпоралдык) тренингдер; лексикалык бирдиктер менен иштөө тренинги; трансформация тренинги ж.б.

Окутуу процессинде ар бир практикалык сабакта котормочулук навыкты жана жөндөмдү калыптандыруу талаптары:

- аудио (угуп түшүнүү) жөндөмдү калыптандырууга машыгуу;
- мнемотехникага (мнемоникага) б.а. эске тутуу жөндөмдүүлүгүн машыктыруу;
- трансформацияга б.а. текстти кайрадан иштеп чыгууга машыктыруу;
- бир тилден экинчи тилге өтүүнү машыктыруу;
- кеп механизмдерин башкара билүүгө машыгуу;
- оозеки сүйлөшүү техникасынын ыктары;
- котормонун (тилмечтиктин) темпи.[1]

Оозеки котормонун практикасында студенттердин ык-жөндөмдөрүн калыптандырууда керектелүүчү көнүгүүлөрдүн айрым бир үлгүлөрүн токтоло кетсек.

1. Аудио (угуп түшүнүү) жөндөмдү өстүрүү, машыгуу. Которуу маалында угуп жаткан текстти түшүнүп гана тим болбостон, ал текстте камтылган негизги маалыматты да ала билүү жана тактыкты талап кылган сөздөрдү, ошондой эле которуп жаткан тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн жакшы билүү зарыл. Бул үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөр сунуш кылынат:

а) *“Котормо-жат жазуу” (“перевод-диктовка”) көнүгүүсү*. Студенттер орус тилинде (англис тилинде) даярдалган текстти же фразаларды кыргыз тилине жазуу жүзүндө которушат. Текст бир гана жолу окулат. Текст толугу менен которулуп бүткөндөн кийин студенттердин ар биринин котормосу группада талкууланат.

б) *Угуу аркылуу кабыл алынган коомдук-саясий лексиканы түшүнүү көнүгүүсү*. Окутуучу тарабынан дайыма колдонулуп жүргөн, штамп болуп калган коомдук-саясий терминдер камтылган текст же тексттен үзүндү окулат.

в) *Үн жазгычка жазылган текстти жазуу түрүндө которуу*. Бул көнүгүү универсалдуу келет да, бүтүндөй окуу процессинде пайдаланууга болот. Улам текст татаалданып жүрүп олтурат. Мындай жазуу үй тапшырмасы катары да берилет, студент текстти бир нече жолу угуп которсо да болот. Бирок текстти алгач сөзмө-сөз жазып алып, андан кийин жазылган текстти көрүп которууга болбойт, анткени мындай учурда көнүгүүнүн эффективдүүлүгү төмөндөйт.

2. Мнемоникалык жөндөмдүүлүктү арттырууга багытталган көнүгүүлөр. Мнемотехника сапаттуу жана позициялык эске тутууну жакшыртат, өөрчүтөт, б.а., студенттердин чоң көлөмдөгү маалыматты ирети менен эске сактап калуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга арналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөр сунушталат:

а) *Сөз менен иштөө көнүгүүсү*. Алгач бир нече (мисалы: *кой үй, тоок, аркар*) сөз окулат. Студенттер аны ирети менен кайталашат. Мындай учурда котормочу тексттин тематикасына эч бир коошпогон маалыматтын күтүүсүз кошулушуна, берилүүсүнө даяр болушу керек. Ошондуктан тематикалык сөздөрдүн тизмеги башка маанидеги сөздүн кошулушу менен бузулушу керек, мисалы: *таранчы, телевизор,аба, бака, чычкан, карышкыр, жылан*. Мындай учурда дагы бир зарыл болгон тажрыйба иштелип чыгат, текст арасында күтүлбөгөн жерден кошулган маалыматты сөз иретин бузбастан берүүгө машыгат. Мындай көнүгүү тез-тез жүргүзүлүп, улам сөздөрдүн саны көбөйүп

[1] Т.Д.Аверина. Упражнения п опереводу на начальном этапе обучения немецкому языку. –М., 2001.

жүрүп отурат. Андан кийин ушул эле сөздөрдү кыргызчадан орусчага (англисче) которуу иштери жүргүзүлөт.

б) *Сандарды, даталарды эстеп калуу жөндөмдү калыптандыруучу көнүгүүлөр.* Алгач кыргыз тилинде жөнөкөй жана татаал сандар, белгилүү даталар берилет, аларды ирети менен алмаштырбастан айтуу машыктырылат, андан кийин ошол эле эне тилинде айтылган сандарды дароо чет тилге которуу иштери жүргүзүлөт. Кийинчерээк сандарды, даталарды башка сөздөр менен, айталы зат атоочтор менен айкаштырып которуу иштери жүргүзүлөт.

в) *Жер-суу аттарын эстеп калууга багытталган көнүгүүлөр.* Студенттерге эне тилинде же чет тилде жер-суу аттарына байланыштуу сөздөр, атоолор окулат да, аларды кайра туура айтуу, кайталоо сунушталат. Мисалы: Кытай, Япония, Иран, Франция, Лондон, Киншаса, Аддис-Абеба, Омдурман, Швеция. Топонимдерди которууда татаалдыктар тааныш эмес жер-суу аттарына байланыштуу болот. Бул көнүгүүнүн эң оор деңгээли болуп экзотикалык (япондук, индиялык, африкалык) топонимдер саналат.

г) *Акча бирдиктерин жана чен-өлчөмдөрүн эстеп калуу жөндөмдүүлүгүн арттырууга багытталган көнүгүүлөр.* Мындай материал эске тутууну машыктырууда ыңгайлуу көнүгүү болуп саналат, анткени котормочу мамлекеттердин акча бирдиктерин, чен-өлчөмдөрдүн катышын, курсун билүүсү зарыл. Мисалы: 1) 1 англ. миль (кургактагы) = 1760 ярд = 5280 фут = 1 British mile (Statute) 1,609км; 2) англ. 1 миль, (деңиздеги) = 6080 фут = British mile (Nautical) 1853,2м; 3) 1 ярд = 3 фут = 36 дюйм 91,44 см; 4) 1 фут =12 дюйм = 304,8 мм; 5) 1 дюйм = 0,0833 фут = 25,4 мм барабар. Ал эми чет элдик валюталардын бирдиги, мисалы: 1. Австралия: 1 австр. фунт = 20 шиллинг; 2. Австрия: 1 шиллинг = 100 грош ж.б.[1]

3. Трансформациялоого машыктыруучу көнүгүүлөр. Котормо - тил аралык эле эмес, бир тилдин ичиндеги көп кырдуулукту, варианттуулукту ачып берүүчү көрүнүш. Тилмеч которууда оптималдуу вариантты издөө менен сөздөрдүн синонимдерин, маанисине туура келе турган сөз тизмектерин тандайт, кайра-кайра кайталанган маалыматтарды алып салуу өндүү иштерди жүргүзөт. Айтылып жаткан кепти кабыл алуу үчүн ал биринчи кезекте маалыматтын өзөгүн түзгөн сөздөрдү эске тутуп калат. Узун сүйлөмдөрдү маанисин сактоо менен кыскача кылып берүүгө аракет жасайт, эске тутуунун таянычы боло ала турган лексикалык бирдиктерди издейт. Мындай жөндөмдү калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөр сунушталат: а) *сөздөрдү алмаштыруу көнүгүүсү*: сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сөз тизмектеринин тизмеси эне тилинде берилет да, аларды чет тилге которууда тизмедеги сөздөрдүн синонимдери же жалпылаштырылган маанидеги бирдиктери менен алмаштыруу сунушталат. б) *Трансформациялык окуу*. Бул көнүгүү тил аралык котормого жатпайт. Студенттер текстти (чет тилдеги) которбостон эле анын мазмунун кыргызча айтып бериш керек. Ошондой эле бул жөндөмдү арттыруу үчүн сүйлөмдөгү негизги ойду камтыган бөлүктү гана эч кошумчалоосуз которуу, же болбосо компрессиялоо (кыскартуу), сүйлөмдөрдү жөнөкөйлөштүрүү, алмаштыруу жана микрореферат оо өндүү көнүгүүлөрдү иштетүү өз натыйжасын берет.

4. Бир тилден экинчи тилге өтүүгө машыгуу. Бир тилден экинчи тилге өтүү, дароо чет тилдеги эквивалентин табуу, эки тилдин лексика-семантикалык каражаттарын айкалыштыра билүү оозеки которууда өтө зарыл. Мындай шык-жөндөмдү калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй көнүгүүлөр сунушталат: а) *сан атоочтор менен болгон көнүгүү*. Мындай көнүгүүлөр кош тилдүүлүктө ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүнө калыптандырат. Көнүгүүнү аткаруунун бир нече

[1] И.С.Алексеева. Профессиональное обучение переводчика. (учебное пособие). –Санкт-Петербург, 2000, с.27.

варианты бар: сан атоочторду шар, тез окуу; орус тилинде же кыргыз тилинде окулуп жаткан сан атоочторду жазуу; үн жазгычта окулуп жаткан сан атоочторду удаалаш дароо оозеки которуу.

б) *Кайталоо көнүгүүсү*. Тексти бир нече ирет кайталап которуунун натыйжасында орус тилине (башка чет тилге) которууда клишеге айланган айтымдарды (кеп этикетинин формалары, афоризмдер, фразеологизмдер, учкул сөздөр, кээ бир чакырыктар, цитаталар) эске сактап калууга өбөлгө түзөт.

Ошондой эле коомдук-саясий, экономикалык терминдерди, калыптанып калган штамптарды экинчи тилге которууда автоматтык түрдө таба билүү ж.б

Жыйынтыктап айтканда, оозеки котормочулук кесип б.а., тилмечтик бир убакта эске тутуп, угуп оратордон калбай удаалаш которулгандыктан, башка котормонун түрлөрүнө караганда оор жана татаал котормо болуп саналат. Котормочу эки тилдин өзгөчөлүктөрүн мыкты билген, алардын өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары менен терең таанышкан, тилди гана эмес эки элдин саясий жагдайларын, экономикалык абалын, жашоо-шартын, жаратылышын, элдин руханий казынасын ж.б. белгилерин эң мыкты өздөштүргөн, терең таанышкан билимдүү болууга тийиш. Көп жылдык навык, тажрыйбасы бар, өз жумушун ийине жеткире өздөштүргөн синхронисттер да олуттуу эмес, азыраак гана ката кетирип, жаңылып буйдалуусу менен айтылган кептин, докладдын маанисин төмөндөтүп, сапатын түшүрүп коюусу мүмкүн. Сабаттуулугу жогорку деңгээлдеги, такшалган, тажрыйбасы мыкты синхронисттердин саны дайыма чектелүү гана. Мындай мүмкүнчүлүккө ээ болуу ар бир эле котормочунун колунан келе бербейт. Ошондуктан жогоруда сунушталган машыктыруучу көнүгүүлөр тилмечтикти аркалаган кесип ээлерине жардам берет деген ойдобуз.

Адабияттар:

1. Абдиев Т. Котормо таануу илимине киришүү. –Б., 2008.
2. Аверина Т.Д. Упражнения по переводу на начальном этапе обучения немецкому языку. –М., 2001.
3. Алексеева И.С. Профессиональное обучение переводчика (учебное пособие). – Санкт-Петербург, 2000.
4. Бархударов Л. Язык и перевод. -М., 1959.
5. С.В.Виноградов. Перевод (Общие и лексические вопросы). –М., 2004.
6. Мажитова Р. Тилмечтик кесипке даярдоо (усулдук колдонмо). –Б., 2012.
7. Ширяев А.Ф. Синхронный перевод: Деятельность синхронного переводчика и методика синхронного перевода. –М., 1979.

Баялиева А. М.
Кыргызский Национальный университет им.Ж.Баласагына

УДК.410.+21.

ПРЕДПИСАНИЯ И СУЩНОСТЬ ЗАПРЕТОВ (ТАБУ) ИСЛАМА

В данной статье описывается отношение Ислама к таким негативным явлениям общества, как наркомания, алкоголизм, курение, прелюбодеяние и азартные игры. В исламе главным регулятором нравственной жизни являются законы шариата, которые предписывают конкретные формы наказания и поощрения за конкретные действия.

Исла́м (араб. الإسلام [al-ɪs□læ□m]) — монотеистическая мировая религия. Слово «ислам» переводится как «предание себя Богу», «покорность», «подчинение» (законам Аллаха). В арабском языке слово «ислам» — отглагольное существительное,

образованное от глагола مرلس, который означает «быть благополучным», «спасаться», «сохраняться», «быть свободным». В шариатской терминологии ислам — это полное, абсолютное единобожие, подчинение Аллаху, Его приказам и *запретам*, отстранение от многобожия. Приверженцев ислама называют мусульманами. Главная священная книга ислама — Коран. Язык богослужения — классический арабский. В окончательном виде ислам был сформулирован в проповедях Мухаммеда в VII веке, который является пророком для мусульман. Ислам - это последняя Божественная религия, ниспосланная человечеству. Это завершающее Слово Великого Господа, представленное в виде Священного Писания Коран, которое было доведено до нас посредством последнего пророка Мухаммада (мир ему). *(1.Энциклопедия Ислама.)*

Коран (араб. кур"ан, буквально — чтение), главная священная книга мусульман, собрание проповедей, обрядовых и юридических установлений, заклинаний и молитв, назидательных рассказов и притч, произнесённых Мухаммедом в форме «пророческих откровений» в Мекке и Медине между 610—632 и положивших начало религиозному учению ислама. *(2. Большая Советская Энциклопедия)*

Один из основных аспектов Корана - это *запреты*. Запрет на арабском языке означает – «*харам*». **Харам** - [арабск. - "*запретное"*] - в исламе: грех; поступки, являющиеся греховными и *запретными*. В зависимости от местных условий *запреты* могут распространяться на семейно-брачные отношения (*запрет* брака с родственником), пищу и питье, определенные игры и развлечения и т. п. Вопрос о х. входит в раздел фикха[1]. Харам - в исламском праве так называются все *запрещенные* деяния и вещи. Все эти *запреты* основаны на ясных и бесспорных доказательствах из исламских первоисточников. *(3."Словарь иностранных слов")*

Запреты на протяжении всей истории ислама позволяет выдвинуть тезис, что охранительная функция *запретов* зависит от конкретной культурно-исторической среды и объясняется соотнесенностью содержания *запретов* с нравственными общечеловеческими ценностями.

Запрет это – *табу.* Загадочное слово «*табу*», которое сохранилось не только в нашем научном языке, но и в нашем обиходе, полинезийского происхождения. Оно означает религиозно-магический запрет, нарушение которого влечет за собой смерть или болезнь, посылаемые богами, сверхъестественными силами, духами. Табуированию подвергались материальные предметы, *табу* налагалось на употребление какой либо вещи, на произнесение слова, на действия, на животных и людей. Слово *"табу"* происходит от полинезийского слова, имеющего значение «запрещенный» или «опасный». По Фрейду значение *табу* разветвляется в двух противоположных направлениях. С одной стороны, оно означает – святой, священный. С другой стороны – жуткий, опасный, *запрещенный.* Таким образом, с *табу* связано представление чего-то, требующего осторожности.

«*Табу*» называется, однако, все – лица, так и местности, предметы и временные состояния, являющиеся носителями, источниками этого таинственного свойства. «*Табу*» также называется *запрещение*, вытекающее из этого свойства, и «*табу*» в полном смысле – называется нечто такое, что одновременно свято, и стоит превыше обычного, также как и опасное, и нечистое, и жуткое. *(5.с.8,40)*

В философской энциклопедии отмечается, что **«ТАБУ»** – *категорический запрет на религиозной основе*. Термин взят из полинезийских языков. В *Табу* соединены два понятия – священного и *запретного*, неприкасаемого. *Табу* могут относиться как к отдельным лицам, так и к общественным группам в целом. Сфера применения термина в связи с отсутствием разработанной теории *табу* неясна: во всяком случае, следует

[1] Фикх – исламский комплекс социальных норм; мусульманское право в широком смысле слово.

отличать от *Табу* религиозно моральные *запреты* в развитых религиях как более сложные образования. *(4.Философская энциклопедия.1970)*

Преступление в исламском шариате – совершение того, что *запретил* Аллах либо категорически, либо установленными пределами, либо осуждением. Эти запрещенные поступки совершаются либо совершением *запретного*, либо пренебрежением к тому, что установлено шариатом. Причина *запрещения* этих поступков в том, что они подрывают принципы, установленные в исламе, а именно, следующие пять принципов:

1. *защита души,*
2. *защита религии,*
3. *защита ума,*
4. *защита имущества,*
5. *защита чести.*

Убийство, например, - преступление против души; отступничество (ар-ради) от ислама – подрыв религии; употребление опьяняющих напитков – разрушение ума, воровство – покушение на имущество, прелюбодеяние – покушение на честь.

Аллах определил меру наказания за них в Коране, кроме наказания за прелюбодеяние, совершенные женатыми людьми, - побивание камнями, наказания за пьянство – восемьдесят ударов и наказания за отступничество от ислама – убить отступника. Эти три последних наказания были определены Сунной[1] (поступки и высказывания Мухаммеда – один из источников мусульманского вероучения и права).

Государственные законы устанавливают за прелюбодеяния легкое наказание, как заключение в тюрьму, и поэтому так распространились среди людей разврат, распутство и прелюбодеяния, которые ведут к покушению на честь, многочисленным болезням и смешению родства. *(6.с.435-437)*

Коран является совершенным и вечным Небесным написанием, отвечающий потребностям людей. Знание Сунны является обязательным, незнание важнейшей составной части одной из мировых религий, мягко говоря, не украшает. Хотелось бы обратить внимание на нижеследующие важные вероучения.

В книге «Сады праведных» пишут, о *запрещении* хулы и велении следить за своим языком.

Запрещено о том, что передавать разговоры и речи людей представителям власти, если только это не обусловлено необходимостью, вызываемой, например, страхом перед (распространением) порока тому подобными вещами. *(7.с.650)*

Запрещается лгать. Ложь ведет к греховному, а греховное ведет к Огню, и поистине, человек будет постоянно лгать, пока не запишут его перед Аллахом как отъявленного лжеца*(7.с.653)*

З*апрещается* очень строго лжесвидетельствовать. Всевышний сказал: «отстраняйся от ложных речей, не следуй за тем, о чем у тебя нет знания». *(7.с.659)*

Среди людей есть такие, которые пытаются обмануть. На самом деле они обманывают они обманывают только себя и вредят только себе. Лжесвидетелей ждет в будущей жизни мучительное наказание за то, что они лгут и отрицают истину. *(6.с.5)*

В священном Коране говорится о том, что *запрещено* захватывать чужого имущества путем подкупа и взяток. Не подкупайте судей и тех, кто у власти, и не прибегайте к лжесвидетельству или ложным доказательствам, чтобы несправедливо завладеть имуществом других людей, заведомо зная в душе, что вы совершаете злое дело. За это вы будете наказаны. *(6.с.33)*

По закону юстиции, если супруги разводятся, то нажитое имущества делится на два, несмотря сколько у них детей. Но «священный Коран» *запрещает* мужу забирать

[1] Сунна – пример; обычай.

половину имущества, наоборот делят и на детей. Если же у него есть дети – то мужу завещается четвертая часть того, что имеет. Коран устанавливает справедливость и мудрость. Коран *запрещает* жениться на тех женщинах, на которых были женаты ваши отцы, также на жены ваших сыновей и *запрещается* иметь женами двух сестер одновременно. *Запрещены* вам также ваши матери, ваши дочери, ваши сестры, ваши тетки по отцу и матери, дочери брата и дочери сестры, ваши матери , которые вскормили вас грудью(кормилицы), ваши сестры по кормлению, ваши приемные дочери. Это мерзко и отвратительно. *(6.с.81-86)*

В сборнике хадисов[1] «Сады праведных» сказаны следующие *запреты*:

- З*апрещается* призывать проклятия на человека или на его верховое животное. Поистине, когда раб (Аллаха) проклинает что-либо, это проклятие поднимается к небу, но небесные врата закрываются перед ним. Затем оно опускается на землю, но и врата (земли) закрываются перед ним, после чего (это проклятие) направо и налево, возвращаясь к проклинаемому в том случае, когда не находит (никакого иного пути), и (настигая его),если он заслуживает этого, противном же случае оно возвращается к тому, кто его произнес. *(7.с.660-662).*

-З*апрещается* завидовать. Остерегайтесь зависти, ибо, поистине, зависть пожирает добрые дела подобно тому, как огонь пожирает дрова. *(7.с.667)*

-З*апрещается* заниматься мошенничеством и обмана. Не взвинчивайте цену. Из версии Муслима, что однажды посланник Аллаха проходит мимо (вставленной на продажу) кучи зерна, погрузил руку внутрь (ее), и пальцы его ощутили влажность. Он спросил: «Что это, о хозяин?» тот сказал: «Его попортило небо», «Так почему же ты не положил (подмеченное) сверху, чтобы людям все было видно?! Обманувший нас не имеет к нам отношения!» *(7.с.673).*

-З*апрещается* шептаться двоим в присутствии третьего без его разрешения, то есть, разговаривать друг с другом. «Тайная беседа - только от шайтана» *(7.с.679).*

-З*апрещается* забирать назад, то, что он подарил. Человек, забирающий назад свою милостыню подобен псу, который блюёт, а потом возвращается к своей блевотине и пожирает её.(7.с.685).

-З*апрещается* оставаться наедине с посторонней женщиной. Даже близкий родственник не может оставаться, в Коране написано, что «Близкий родственник – это гибель!». Имеется в виду, что поскольку мужчина, состоящий с мужем в близкой родстве, имеет свободный доступ в дом, он может послужить причиной опасного искушения. (*7.с.693).*

-З*апрещается* мужчинам надевать женскую одежду, и женщинам надевать мужскую одежду. По сообщению Ибн Аббас (посланник Аллаха), проклинал женоподобных мужчин и мужеподобных женщин. (7.с.694).

-З*апрещается* есть левой рукой, ибо, поистине, шайтан пользуется своей левой рукой, когда ест и пьет. (7.с.696).

-З*апрещается* оставлять горящий огонь в доме во время сна и в других подобных обстоятельствах независимо от того, где он будет гореть. «Поистине, этот огонь-враг вам». *(7.с.701).*

-З*апрещается* громко причитать по покойному, бить на себя по щекам, разрывать на себе одежду, рвать на себе волосы и сбривать их, а также призывать на себя горе и погибель. Покойный подвергается мучениям в своей могиле из-за того, что по нему причитают.*(7.с.703).*

-З*апрещается* ношение траура по покойному свыше трех дней, если только это не траур по ее мужу (который соблюдается) четыре месяца и десять дней. *(7.с.743).*

[1] «Хадис» передаваемое со слов очевидца сообщение о том, сто сказал, сделал и одобрил Пророк, да благословит его Аллах и да приветствует.

-З*апрещается* посещать прорицателей (куххан[1]), звездочетов, предсказателей, а так же гадателей по песку, мелким камешкам, ячменю и прочим вещам. *(7.с.706).*

-З*апрещается* использовать золотых и серебряных сосудов для еды, питья, омовения и прочих целей. «В животе (такого человека) который пьет из серебряного сосуда, будет шуметь пламя ада!». Поистине, Пророк, *запретил* нам носить (одежду их) шелка и дибаджа[2] и пить из золотых ми серебряных сосудов и он сказал: «(Все это) предназначено для них в мире этом, а для нас – в мире вечном».*(7.с.754).*

В Коране есть явный *запрет* на мясо животных, которые умерли своей смертью, кровь, свинину, мясо животных, которые были забиты не с именем Бога. *Запрещается* есть мертвых животных, кровь, свиное мясо *(8.с.26).* Животные задушенные, убитые ударом, убитые падением, ударом рога, умертвленные диким зверем, потому что это - нечестие. Им будет горестное наказание. . (8.с.107)

Некоторые животные и способы убоя животных могут являться *запрещёнными* к употреблению. Такое мясо будет являться «нечистым».

Здоровое питание считается важным в исламе, хотя это не обязательно может быть основано на западных стандартах. Некоторые мусульманские ученые считают избыточное питание грехом, ссылаясь на следующий аят Корана:

Не вкушайте много, а будьте умеренны, чтобы не повредить себе и не обделить бедных. Аллах не любит расточительных и недоволен их неумеренными деяниями! *(8.с.141)*

Исключительно важное место занимают *запреты* шариата, *запреты* в торговле и финансах, в изучении торгово-финансовых сделок ислама важны *запреты*, порицаемые и неодобряемые шариатом установки. Изучение торговых *запретов* ислама дает возможность понять характер торговых сделок и связанных с ними юридических норм шариата на мусульманском Востоке. Незнание этих законов может принести, в частности, ущерб при заключении торговых договоров со странами мусульманского Востока, ибо некоторые *запреты* шариата касаются также торговли между мусульманами и не мусульманами.

В шести случаях шариат *запрещает* торговые сделки. Это купля и продажа "нечистот" (к числу "нечистот" шариат относит свинину, алкогольные напитки и т. п.); купля и продажа узурпированных товаров; купля и продажа предметов, не являющихся собственностью продающего (например, не пойманного хищного животного); торговое дело, связанное с запретной, азартной игрой (кумар); сделка, в которой имеется момент ростовщичества (риба); продажа "смешанных" товаров, отделить которые друг от друга невозможно (например, масла, смешанного другим жиром). *(9.с.354-356)*

Мусульманскими учеными было запрещено изображать живые существа (человека, животных, птиц, насекомых и т.д.), об этом говориться в Сунне и хадисах.Изображать растения, вещи и геометрические фигуры Ислам разрешает.

Мусульманское искусство – (через татарск. musulman, турецк. musliman от арабск. muslim – покорный Богу) – условное обобщающее название различных историко - регионалъных типов искусства, развивавшихся на основе разных этнических традиций, но объединенных единой идеологией и религией – исламом. мусульманское искусство, охватывая более значительные территории, достигает апогея в XIV-XVI вв. Главной особенностью мусульманского искусства считается *запрет*, налагаемый исламом на изображение живых существ. *Запрещение* шариата изображать живые существа выдвинуто исламом, прежде всего во избежание идолопоклонства и из опасения многобожия. Другая причина *запрещения* изображений живых существ по шариату - не

[1] «куххан» в доисламской Аравии так называли людей, впадавших в транс и получавших от джинов какие то сведения о сокрытом.

[2]Дибадж – название дорогой материи на шелковой основе. Данный *запрет* касается только мужчин.

допустить человека своим творчеством конкурировать с Богом. Ислам считает, что создание живого существа - дело Бога, который является Творцом. Человек же, если и изображает живое существо (скульптура или портрет), то он никогда не может одушевить его и привести в движение. Бог –вот «кто придает вам форму в утробах, как пожелает».

В IX-X вв. в комментариях к Корану *запрет* был ужесточен из политических соображений: идеологически «нейтральные» орнаментальные формы позволяли успешнее объединять художественные и эстетические традиции разных народов, принимавших ислам.

(10. Больший энциклопедический словарь изобразительного искусства).

С точки зрения науки и медицины, мусульманский пост дает не только поклонения Аллаху, но и очищение тела и организма. Мусульманский пост является самым строгим из исламских обрядов. Мусульманский Пророк сравнивал пост с налогом закят[1]. Он говорил: "Ас-суум - закят аль-джасат" ("пост является закя-том тела"). От постящихся требуют отказа от всего, что могло бы нарушить пост. Чтобы верующие не нарушили предписаний поста, шариат установил ряд *запретов* и порицаний. В период поста *запрещается* капать лекарство в глаза и сурьмить брови, потому что запах лекарства или сурьмы может дойти до ноздрей и горла и принести удовольствие постящемуся. Все, что ослабляет тело - донорство, посещение бани, нюханье табака, цветов, нахождение в воде, применение душистых веществ, удаление зубов, - и все другое, что может привести к появлению крови ("нечистоты") во рту, порицается. Шариат строго *запрещает* интимные отношения между мужем и женой по время поста.

Курение нарушает пост, и действие это не подобает мусульманину. Если раньше можно было говорить о том, что курение не может быть расценено как харам, то сейчас, когда на пачках сигарет написано, что курение убивает или является причиной рака, можно с уверенностью сказать, что курение – харам, так как наносит урон здоровью, вплоть до летального исхода. *(9. с.359-361)*

Семейно – брачное отношение занимает важную и ответственную роль в Исламе. Ислам *запрещает* мужчинам вступать в брачный союз с определенными категориями женщин. Жениться на матери, родной сестре, теще - запрещено. *Также запрещено* жениться на женщинах, которые являются для мужчины махрама[2]. Кто является для мужчин махрама? Если он заключил брачный договор, то еще до того, как супруги стали близки, предки жены женского пола (мать, бабушки по отцу и матери и дальше) уже считаются родственницами мужа; после того, как брак стал уже реальным, все потомки жены женского пола (дочь, внучки, правнучки и дальше, в том числе и те, которые родятся после) становятся для мужа - махрама (родственницами), на которых ему *запрещено* жениться. Заключать брачный договор с замужней женщиной *запрещается. Запреты* шариата в семейно-брачных вопросах отличаются особой строгостью. Эти *запреты* преследуют цель защиты устоев ислама и укрепления стабильности в семье. *(11.с.84-85.)*

В заключении хотелось бы сказать, что иноязычное слово «Табу» очень близко к исламскому слову «Харам». Понятие табу возник и сформировался на социальной, магической и религиозной основе в период первобытного общества. Табу представляет собой очень древние запреты и сохранились от поколения к поколению.

[1] Закят – особый налог в пользу нуждающихся мусульман, который должен выплачивать каждый взрослый и дееспособный мусульманин с посевов.

[2] Махрам – близкий родственник, заключение брака с которым по Шариату запрещено.

Если сравнить Исламский «Харам» и Фрейдовский «Табу», то наблюдается много сходств. Например: все, что запрещается всевышним, является святым, священным, опасным и к ним необходимо отнестись очень осторожно.

Мусульманские богословы детально разработали концепцию харама. В мои руки попались «Священные Кораны», книги, где были составители авторитетнейшие ученые, всю свою жизнь посвятившие служению Исламу. Хотелось бы отметить важность этих книг, равно как и важность знакомства с сунной Пророка Мухаммеда, да благословит его Аллах и да приветствует. Не обладая хотя бы минимальным знанием Сунны, которую составляют собой Хадисы, совершенно невозможно понять, что собой представляет Ислам, как невозможно понять и людей, исповедующих эту религию. Таким образом, ясно, что для мусульман знание Сунны является просто обязательным, что касается других людей, то незнание важнейшей составной части одной из мировых религий их, мягко говоря, не украшает.

Настоящий мусульманин верит во все, что установлено в Коране относительно сотворения небес, земли и человека. Мусульманин принимает Коран в качестве свода правил и почитает законы для себя самого, позволяя то, что в нем разрешено, и запрещая то, что в нем запрещено, делая то, что он требует, и, воздерживаясь от того, что он запрещает. Потому что Коран во все времена со дня его возникновения является настольной книгой каждого верующего мусульманина и источником религиозной и научной литературы.

Литература:

1. «Ислам. Энциклопедический словарь». М., «Наука», 1991.
2. Большая Советская Энциклопедия. Издания Коран в СССР: Коран, Таш., 1960. -Коран.
3. "Словарь иностранных слов". - Комлев Н.Г.. - 2006
4. Философская энциклопедия. - Т-5. М., 1970. С.177.)
5. Зигмунд Фрейд. «Тотем и Табу». М., 1997. - С.8 -45.
6. Священный коран» Аль-мунтахаб.Б.2006., Изд:»мусульман», стр.5-90.
7. «Сады праведных» ИМАМ МУХЙИ-Д-ДИН АБУ ЗАКАРИЙА БИН ШАРИФ АН-НАВАВИ, общество «Акыл-эс, Рух, Ыйман». - Стамбул,2001.,стр. 637-759.
8. КОРАН, Стамбул, изд. «Шабан Курт». - 2001.
9. Г.М.Керимов. Шариат. Закон жизни мусульман. - М.;СПб.,2007.с.353-369.
10. Власов В.Г.Больший энциклопедический словарь изобразительного искусства. В 8т.Т.1.- СПб.:ЛИТА, 2000.-864с.:ил.
11. Усама ибн Мункыз. Книга назидания. - М., 1958, 84-85.

Баялиева А. М.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.41(575.2)

«*ТАБУ* ЖАНА ЭВФЕМИЗМДИН», «*ТАБУ* ЖАНА ТОТЕМДИН» КЫРГЫЗ ЛИНГВО МАДАНИЯТЫНДАГЫ МААНИСИ, ОРДУ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Статьянын негизги максаты, *табу* жана эвфемизмдин *табу* жана тотемдин, кыргызлингво маданиятындагы маанисин, ордун, түрлөрүн изилдеп жана аныктап чыгуу. *Табу* закон ченемдуу феномен экенин, башка маданияттардагы көз караштар

менен салыштырып, кыргыз элинде дагы табунун кучу бар жана терен экендигин мисалдар менен далилдеп кетүү.

Табуланган көрүнүштөрдү биринчи жолу англис деңиз сүзүүчүсү Джемс Кук XVIII кылымдын аягында Полинезиядан тапкан. *Табу* деген түшүнүк полинезиянын *та-ри* деген түшүнүгүнөн чыккан, ал *тыюу салуу* деп берилет.

Табу деген түшүнүктү эн биринчилерден болуп барак бетине жазып, дүйнөгө алып чыккандар: Джемс Кук, Зигмунд Фрейд, Джеимс Джордж Фрезер, Вильгельм Вунд.

Табу биздин кыргыз элинин жашоосунда дагы жашайт. *Табу* психологиялык жаратылыш боюнча өкүм императиви. (категорический императив)

В.Дальдын сөздүгүнө кайрылсак ал: «*ТАБУ*»- бул Океаниянын жапайы адамдарына тийиштүү, бир нерсеге тыйуу салуу, *табу*- 3чө жак, жөндөлбөйт, деп белгилейт. [*1.Б.385]*

Философиялык энциклопедияда *табу* жөнүндө мындай айтылат: «ТАБУ»-бул, диндин негизинде алынган чечкиндүү *тыюу салуу*. Бул түшүнүк полинезиялык тилдерден алынган. *Табуга* эки тушунук кошулган: ыйык жана тыйуу, кол тийгис. Т*абу* бул жекелик жана көптүк топтордо колдонулат. *[2.Б.177]*

З.Фрейддин *табу* жонундогу аныктамасын карап корсок: ал, *Табу* -полинезиядан келип чыккан табышмактуу сөз, ал бир гана биздин илим тилинде эмес, жашоо шартында дагы сакталган. Ал диний сыйкырдуу тыюу салуу. Аны бузса кудайлардын, өзунчө бир күчтөрдүн же бейиттердин жиберген дартын же өлүмүн алып келет. *Табу* бир гана адамдарга эмес жаныбарларга, оокат-буюмдарга жана сөзгө тийиштүү. *«Табу»*-бул тыюу, бир карасан ыйык болуп бардык нерседен өйдө турат, бир карасаң коркунучтуу жана таза эмес. *[3.Б. 8-45].*

Алгачкы жапайы адамдар *табуга* өлүм жана кан (бала төрөлушун,этек кирди) менен байланышкан баардык нерселерди киргизген. Согуштан кайтып келе жаткан аскерлер, киши өлтүргөн адамдар (кан менен аралашкан адамдар) деп эсептелген, алар өзү жашаган айылына бир нече күн тазаланып туруп кана кайтышкан. *Табу* үйлөнүү үлпөтүнүн нормаларын сактоону *камсыздандырган*, кээде кошо ээрчип келген чоочун кишилер дагы сөзсүз түрдө тазаланып б.а. керектүү ырым-жырымдарды жасап туруп киргизилген.

Аттарга, тамакка, тамак-аштын калдыгына, суусундукка, ичкиликке, жүзгө, тулку боюңду ачып жүрүүгө, аза тарткандарга, этек-кир келген маалында, төрөт убагында, аскерлерге, киши өлтүргөндөргө, мал өлтүргөндөргө, учтуу куралдарга, канга, башка, чачка, түйүнгө, шакекке, жеке аттарга, бир туугандардын аттарына, маркумдардын аттарына, кудайларга, башкаруучуларга, ыйык адамдарга –тийиштүү *табулар* бар.

Тамакка, тамак-аштын калдыгына *табу.* Жапайы адамдардын ою бонча тамак ичүү убагында же тамактын калдыгын калтырып коюу айрыкча коркунуч туудурат. Анткени ушул учурда жин же сыйкырчылар жасаган сыйкырлары ооздон кирип кетиши мүмкүн. Мындай тыюу Неволничийдин Жеегинде эве тилинде суйлөгөндөрдун арасында дагы таркаган. Ошондуктан адамдар оозун ачканда тентиген жиндер колдонуп кирип кетпеш учун абайлап жүрүш керек. Мындай максат менен Лаонганын башчысы атайы курулган уйдо тамактанат. [4.Б. 226,227.]

Табу жандуу. Биздин өзүбүздүн жашоо шартыбыз *табуга* жүктөлгөн. Тамак-аштын, сыйдын дагы *табусу* бар. Буга бир мисал. Нан баардык тамактан ыйык турат, нанды тебелебеш керек, кор кылбаш керек, кесир болот. Тамакка *табу* ислам дининде дагы сакталат. Айрыкча Рамазан айында, анткени Рамазан айы ыйык ай деп саналат. Бир эле Рамазан айында эмес, башка учурда дагы чочконун этин жегенге *тыюу* салынган. Ичимдиктерди ичүү да арам. Эгерде кечки тамакты ичкенден кийин

дасторкондо тамак калса (жыйналбай калса), анда тамакты сөзсүз түрдө майлык менен же чарчы чүпорок менен жаап койуш керек, атпесе жин шайтандар аралап кетет.

Рэдклифф – Браун каада-салтты «ритуалдуу качуу»(аман калуу) же «ритуалдуу тыюу салуу» деп эсептейт. Ритуалдуу тыюу салуу - бул диний ишенимге байланыштуу жүрүм-турумдун эрежеси. Эгерде анын эрежелерин сактабаса, ал коркунучтарды алып келет, өлүмгө мажбур кылат, же ооруга чалдыктырат, бул эреже бузгандарга тийиштүү. Ритуалдык статусту ар кандай жыйындарда ар башкача түшүндүрүлөт, бирок бардыгында тең ритуалдык тыйуу салууну бузгандарга чоң же кичине жамандыктарды алып келет.

Мындай *табуланган* түшүнүктөргө башка жыйындардан алынган мисалдарды келтирсе болот. Андаман аралдарында бала эненин жатынында жатканда эле ат коюлат, бирок баланын атын эч качан сөзгө аралаштырып сүйлөшпөйт жана эч кимге айтпайт. Түйүлдүк болгон күндөн баштап, бала төрөлүп бир нече жума өткөнчө ата-энесинин атын атоого эч кимге уруксат жок. Алар менен текниниманы[1] колдонуп гана б.а. жакын адамдар, ата-эненин бала менен болгон байланышын баяндап гана сүйлөшүүлөрү керек. Өзүлөрү (ата-энеси) кээ бир күндө жеп жүргөн тамактардан ооздорун тартыш керек. Эгерде андамандардан, бузса эмне болот деп сурасаңар, экөөнүн бирөө ооруп калат же балага доо кетет,-деп жооп беришет.Ушул мезгилде Ата-эненин убактылуу тамакты тергеши жана жакын адамдар ата-энесинин аттарын тергеши, бул ситуацияда *табунун* күчү бар экени көрүнүп турат. Ата-эненин *табуну* колдонгондугу, жатындагы баланын аман-эсен жарык көрүшү үчүн кылган парзы. Андай *табуну* бала төрөлгөндөн кийин дагы кармашат, бул ата-эненин камкордугу. *[5.Б.157-18]* Андамандардыкы сыяктуу эле башка элдерде дагы өзүлөрүнүн *табусу* бар. Мисалы немец тилинде сүйлөгөн мамлекеттерде мас турүндө көрүнүүгө, суйлөшуп жатканда көзгө тике кароо, тамак ичип жатканда оозду балчандатуу, көчөдө жүргөндө түкүрүүү – *табу*.

Немецтерде болгон чындыктан алынган дагы бир мисалды карап көрөлү, кээ бир адамдар тузду төгүү болбойт деп эсептейт. Төккөн адамды жамандык кутуп турат, бирок ал жамандыктан качыш үчүн, тузду чымчып алып ийининен өткөрүп ыргытып жибериш керек

Кыргыз маданиятында башка маданияттарга салыштырмалуу *табунун* орду чон. Бизде дагы улуу, сыйлуу адамдардын бетине тике карап сүйлөө *табу*. Бала төрөлгөнгө чейин балага ат койбойт, балага кийим алынбайт, жада калса көп болочок энелер чачтарын кыркышпайт. Бала төрөлгөндөн кийин баланын кыркы чыкканча, баланын чачын албайт. Бул дагы баланын аман-эсен төрөлүшү үчүн кылган ата-эненин камкордугу.

Тууган-туушкандардын аттарына *табу.* Голландиянын жаны гвинеясындагы нумфорлордо кызыктуу *табулар* бар. Жаштар үйлонгөндө, жолдошу(куйөөсу), аялынын туугандарынын атынан атабастан тергейт, айрыкча кайнене-кайнатасынын жана алардын туугандарынын аттарын. Жада калса аттарына окшош буюмдарды, мал-жандыктарды дагы тергешет. *[4.с.282-284.]*

Бул нумфорлордо эркеги тергесе, бизде кыргыз элинде аялы тергейт. Кыргыз элинин эң маанилүү, сыймыктанчуу, сулуу, маңыздуу *табулары* бар. Кыргыз маданиятында *табунун* бир түрү - бул «*тергөө».* Айрыкча тергөө кыргыз аялдарына жана келиндерине таандык. Адамдардын атын тергөө *табунун* бир көрунушу болуп саналат. Кыргыз кызы келин болуп келгенде, жолдошунун туугандарына тике карап, атын атап сүйлөбөстөн, келин алардын атын которуп, айрыкча кайнене-кайнатасынын

[1] Текнонимия – бул оз атын атоодон, тууган-туушкандардын түз аттарына кайрылудан же башка тыйуу салынган сөздөрдөөн жана сөз түрмөктөрүнөн качуу, айрыкча ар кандай ситуацияларда адамга кайрылганда, ал жөнүндө үчүнчү жак менен эскеришет

жана алардын улуу бир туугандарынын аттарын тергеш керек. Бул мыйзам ченемдүү б.а. – аттарын атоо *табу.*

Мисалы: Чынгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинде, жоош, чечкиндүү эмес кишини Момун Элпек аке деп атаган. Келиндердин, момун чал, момун дегенчелик адам, бул аймакта аны билбеген киши жок, же ал билбеген жан жок. Эл аны Элпек Момун деп атап алган.Улуу дебей кичүү дебей, өз дебей, жат дебей көрүнгөнгө жапырылып салам берип, жумшаган иштен моюн толгобой көздү карап турат, өмүрүндө оозунан «жок» деген сөз чыкпай, качан болсун, кимге болсун, «куп» деп, жүгүрүп кызмат кылып келе жатат. Бугу уурусунан болот, аш-той болгондо көп жумушту ушу киши жасоочу. *Ошон учун келин-кезек кээде: -ох жаным, өлуп кетебизби, Элпек аке бар эмеспи , ошо бүтүрөр, байыс (эс алалычы) алалычы, деп жумшап коюшчу. [6.Б.12-13].*

Далилдөө катары, Ч.Айтматовдун «Жамиля» повестинен үзүндү (келиндин кайнисине кылган мамилеси)

-Жамийла жеңемди мен чын ниетим менен жакшы көрчүмүн:

бир жагы жеңем, бир жагы , -ал менден азыраак эле улуу, тең курбу сыяктуу эле.

Ал дагы мени «кичине бала» - деп, инисиндей эркелетет. [5.Б. 194.]

Кыргыз элинде бугунку кундө дагы эл арасында *табунун* ролу бар экенин дагы бир мисал менен далилдеп кетким келет. ***Эгерде бой жеткен кызды ала качып, уурдап кетсе, ал кыз сөзсүз турдө чыгып же качып кетүүгө аракет кылат, бирок анын аң сезимине синип калган коркунуч болбой койбойт. Ар бир кыз кичине чагынан эле билет, эгер барган жерине отурбай кетсе бактысыз болуп калат, каргышка калат, айрыкча жоолук салгандан кийин. Мындай көрүнүштөр бизде көп кездешет. Мисалы кыргыз режиссеру*** Эрнст Абдыжапаровдун «Боз салкын» аттуу лирикалык комедиясынан бир көрүнүш.

- «*Токтогула жеңелер, мен Анара эмесмин, барбайм, барбайм –деп,*
  жатпаймбы! А-п-а-а, А-п-а-а.
- *Ай, кире кой, кир, ыйлаба, кыз барган жерине ыйлап барат.*
  Сагын жакшы бала, мындай баланы таппайсын.
- *Салба жоолукту!*
- *Жөнчү айланайын, кийинки бактыңды ойло, бактылуу болом десең жоолукту чечпе,*
  бактыңа баш ий.
- *Олтурбайм! –деп, жатпаймбы, тийбе мени.*
- *Башына салынган ак жоолукту алсаң бактысыз болуп каласың, жаман болот,*
  ботом баарыбыз эле ушинтип келбедикпи». [11. Ж. 2007].

Табу жөнундө кыргыз филология илиминин доктору Буйшенбай Усубалиев төмөнкүчө белгилейт.

Табу – кыргызча «өзгөчө белгилөө» деген маанини берет. Алгачкы коом адамдарынын жаратылыштан сырткары жашоочу кандайдыр бир кереметтүү кучтөргө болгон ишениминин натыйжасында кыймыл-аракетке,сөзгө же буюмга тыюу салуу адаты ***табу*** деп аталат. *Табу* сөздөру кыргыз тилинде да мунөздүү көрүнүш. Чындыгында эле, кыргыз тилинде *табу* сөздөр азыр өзүнүн алгачкы маңызын өзгөртүп жиберген да, *табубу* же *эвфемизмби* (сылык суйлоо) ажыратууга кыйын болуп калган. Ошондуктан кыргыз тилиндеги *табу* сөздөрдун жаралышын, анын социалдык маңызын ачуу учурдагы актуалдуу маселе болуп саналат.

«Кыргыздардын бирөө – уйга, экинчиси – бакшыга, үчүнчүсү– канаттууларга, дагы башкалары мазар-даракка сыйынышкан». Кыргыздын *тотемизми* «Кожожаш» эпосунда чагылдырылган. Эпостун негизги сюжетин

адамдардын жаратылыштын кудуреттүү күчтөрүнө жасаган чабуулу түзөт. «Ыйык» жандыктын – сур эчкинин каргышынын натыйжасында Кожожаш аскада калып өлөт. «Ыйыктыктарды» өлтүрүү *табу*, аны тотем катары колдонгон. Эгер өлтүрсөн кырсыкка учуруп каласың. *[8.Б.96]*

Мындай көз караш *табунун* жаралышына негиз болгон. Ыйык жаныбарларды же болбосо жырткычтарды өздөрүнөн бийик сезип, алардан сактаныш үчүн аларды алдоо айла-амалын талап кылат. Ошентип аларды атоого тыюу салуу келип чыккан. Мисалы, арстанды-*шер, кабылан;* карышкырды- *ташкапкыр, аты жаман, ит куш, көк жал;* каманды-*кара кийик, кылкыйма же кыйма*; аюуну-*өтөгөн* деп тергешет. [*8.Б.97].*

Эвфемизм –бул грек тилинен алынган сөз, бизче «сылык айтамын" деген маанини билдирет. Б.Усубалиев эвфемизмге берген аныктамасында эки белгини, биринчиден, орой сүйлөбөөгө аракеттенүү, экинчиден, жаратылыштан тышкары жашаган, каардуу күчтөрдүн аттарын, диндик мазмундагы жана жамандыкка жорулган сөздөрдү эске түшүрүүдөн жалтайлоо далалатын негиз кылып алган. *[8.Б.98]*

Кыргыздар «**чечек**» деген сөздү айтууга тыюу салышкан (*табу* болгон), анын ордуна «Коросон ата»,«улуу тумоо»,«чон жарыктык»,«баягы жарыктык», «конок», «мейман», «олуя», «апакай», «барсылдак» деген *тергөө* сөздөрүн колдонушкан. Бул оору бир гана чечек чыккан үй бүлөгөө эмес, бүтүндөй айыл үчүн коркунуч туудурган. Эч ким «чечек» деген сөзду тикеден-тике айта алган эмес. Эгер атынан атап койсок, аны ээси угуп калып, оору бүткүл айылга жайылып кетет деген ишеним жашаган. *[10.Б.104].*

«Визир жакшы ,хан жакшы, ***катын*** *жакшы,эр жакшы», «Баккан ээси жарашса, күйпүл кучук сак болот, алган эри жарашса, кара* ***катын*** *ак болот».* Азыр «катын» деп айтуу ушунчалык орой угулат, аны кыжырданган, ачууланган адамдын сөзүндө жана карылардын кебинде учуратууга болот. Мисалы: «*Сени да көрөмүн. Далай катын мактанат, ташка тартып аттанат*». Көркөм чыгармада жазуучу же акын көбүнчө эвфемизмдерди колдонот, ал эми орой сөздө бир гана каармандын речинде анын индивидуалдуу өзгөчөлүгүн ачып берүүдө, т.а. каармандын кебин жекелештирүүдө колдонот. *«Мейли, кетсе кете берсин. Бир жерде тентип өлөт да. Алтын баштуу* ***катындан*** *бака баштуу эр артык». [8.Б.100].*

Кыргыз маданиятында *табуланган* ырым-жырымдар дагы бар. Мусулманчылыкта 7 жашка чейин эркек баланы отургузуш керек экенин билебиз. Баланы 2-4-6-8 жашында отургузуу болбойт. Бул дагы *табу* катары каралат. Жуп жашында отургузган бала сезгенип калат, тукумдуу болбой калышы мүмкүн.

Кыргыз элинин макалдарында дагы *табуланган* түшүнүктөр берилет, *«Эрдик кылып кой сойду, иттик кылып төш тартты»,*- демек бул макалда болбойт, тыйуу салынган дегенди билдирет. Кой союп аш-той бергенде, этти тартаардаа, ар устукандын атына жараша, улуктугуна жараша этти таратат. Мисалы: жамбаш, куймулчактарды жаштарга тартпайт.

Мал жандыктарга байланыштуу *табулар.* Киндиги катсын деп, мал төлдөп баштаган мезгилде, мал сойбойт, сут-азыктарын эч кимге бербейт жана кеч киргенден тартып эшикке чыгарбайт.

Турмушта кой-эчки сыяктуу майда жандыктын эгиз туушу көнүмүш, ал эми бодо малдын-жылкы, уйдун эгиз туушу жамандыктын, кырсыктын белгиси катары эсептелет. Бээси же уйу эгиз тууса, анын ээси экөөнү тен бакпайт. Мындай учурда болочокто кырсыкка учурабас үчүн төлдүн бирин башка адамга, көбүнчө туугандарына берип коюшат.

Ал эми жылкыдан туулган эгиз төлгө уйга салыштырмалуу катаал *табуланган ырымдар* колдонулат. Эгиздин сынарын туулары менен жамандыктын белгиси катары

кабыл алып, кежигесинен мууздап, жерге көөмп салышат. Ал эми адатта мал тамак алдынан мууздалары белгилуу.

Кыргыздарда мал сойгондо, союлган малдын этинен үй ээлери ооз тиймейинче, канын итке берүүгө тыйуу салынган. *[9.Б.354-380].*

Кыргыздын тыйуу *(табу)* ырымдары:

-Курандын үстүнө олтурба!
-Суу ичкен кудугуна түкүүрбө!
-Босогону баштанып жатпа!
-Босогого сүйөнбө!
-Бут кийимди төнкөрүп койбо!
-Бош бешикти терметпе!
-Бешикти ачык калтырба!
-Төрөлө элек балага ат койбо!
-Тузду тебелебе!
-Өрттөнгөн жерден өзүнө эч нерсе алба!
-Ата энендин төшөгүн тебелебе!
-Ай менен күндүү карап заара кылба!
-Бейиттин топурагын жаныртпа!
-Акты жерге төкпө!
-Аккууну атпа!
-Кийиминди желбегей жамынба!
-Жер таянып олтуруп тамак жебе!
-Кесик кесе менен оокат ичпе!
-Нанды бир колун менен сындырба!
-Таяк таянба, атандан ажырайсын!
-Түн ичинде түш жооруба!
-Мойнуна жипти салып ойнобо!

Жыйынтыктап айтканда, *табу* деген түшүнүк, ар кандай талаш-тартышты туудуруп келген мааниси салмактуу, коркунучтун, тазалыктын, ыймандын, улуу рухтун символу катары колдонуп келеерин далилдеп кетүү болду. Бул чакан макалада кыргыз маданиятында дагы *табунун* кучу бар жана *табунун* тамыры терең экенин, *табу* менен бирге *тотем жана эвфемизмдин* жашоодо орду, өзгөчөлүгү жана мааниси бар экендигин көрсөтүп мисалдар менен далилдеп кетүү болду .

Адабияттар:

1. Владимир Даль.Толковый словарь. Т.4.М:1982.Б.385
2. Философская энциклопедия, Т-5. М.1970. Б.177.
3. З.Зигмунд Фрейд. «Тотем и Табу». М., 1997. Б.8 -45.
4. Дж. Дж. Фрэзер. Золотая ветвь. Г: 19. М.,1980.Б.222-295.
5. Рэдклифф-Браун.«Структура и функция в примитивном обществе.М.:1999.Г.7.Табу.Б.157-180.
6. Ч. Айтматов «Ак кеме», «Кыргызстан», Ф.,1982. Б.12-13.
7. Ч. Айтматов «Жамиля», Бийиктик. Т.1, Б.194 .
8. Бейшебай Усубалиев. «Кыргыз филологиясы жана филологдору. «Табу жөнүндө сөз»». Б.:2007.Б.96-100.
9. Мирзохалим Каримов. «Ата – бабалар табериги». Б.:2011. «Бийиктик».Б.354-380.
10. Баялиева Д. «До исламские верования и их пережитки у кыргызов». Ф.:1972.Б.104
11. Кырг.реж: Эрнст Абдыжапаров. «Боз салкын» Кыргызстан 2007.
12. Юдахин К.К., «Русско-кыргызский словарь» Бишкек, Изд.«Шам» , 2000,
13. Орузбаева Б.О. и.др., «Русско-кыргызский разговорник»,Ф.1988.
14. Программа «Маани», «Электронный кыргызско-руский словарь».

Бокешова М.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК – 882:8 (с) р

А. С.ПУШКИНДИН «ПОП ЖАНА АНЫН МАЛАЙЫ БАЛДА» ЖОМОГУ У.АБДУКАИМОВДУН КОТОРМОСУНДА

А.С. Пушкиндин дуэлде курман болушунун жүз жыл толушуна карата 1937-жылы которулган көп чыгармалардын катарында А.Осмонов таржымалаган В.Вересаевдин «Пушкиндин турмушу» аттуу китеби жана «Поп жана анын кызматчысы Балда жөнүндө» жомок поэмасы бар. Ал заманда акындын чеберчилиги анча жетише элек кези. Алыкул Осмонов балдар үйүндө орус тарбиячы аялдын көзөмөлүндө жүрүп, орусчаны башкаларга караганда бир топ үйрөнүп алган. Ал эми кыргыз тили жаатына келсек, бул жагынан ийгилиги анчалык кубанарлык эмес эле, анткени, шаар чөйрөсүндө жүрүп, жандуу элдик тилден алыс болуп калышы ага өз таасирин тийгизген. «1935-1936-жылдар чыгармачылыгымдын артка кеткен жылдары болду, - дейт ал.- Анткени, турмуштан аябай четтеп, шаардын тар рамкасында болуп, жалаң окуган китептер боюнча жазып калдым. Ошол жылдары чыккан «Жылдыздуу жаштык» деген экинчи китебим эң начар, колго алгыс китеп болду» [1.9].

Чынында эле В.Вересаевдин «Пушкиндин турмушу» деген китебинин Алыкулдук котормосун карап көрсөк, анда бир катар стилдик мүчүлүштөр бар экендиги байкалат. Ушул эле позициядан алып караганда А.Осмоновдун «Поп жана анын кызматкери жомогунун» таржымасы ошол эле 30-жылдардын деңгээлинде ишке ашырылган. Биринчи эле мүчүлүштүк поэманын аты сөзмө-сөз («работник» чыгармада берилиши боюнча «малай» маанисинде) которулуп калгандай. «Орус тилинин сөздүгүндө» «работник» - биринчи мааниси боюнча «тот, кто работает, трудиться». Экинчи мааниси – «наемный рабочий». К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» да ошол сыяктуу эле талкууланат. Ал эми талдай келгенибизде «кызматчысы» дегенге караганда кыргыз кулагына жана түшүнүгүнө «малай» деген сөз жакыныраак. Ошол себептүү А.Осмонов 1947-жылы жазылган өмүр баянында өзү которгон чыгармаларын санап келип, «Поп жана анын малайы Балда» деп берет. Демек, көзүнүн тирүүсүндө мурдагы котормосуна редакциялык түзөтүү киргизген. Мунусу туура эле болгон, себеби, «үч чеке» алам деп поптун үйүндө иштеп жүргөн Балда малай эле да. Ал үйдөгү жана сырттагы кыбыр эткен жумуштардын бардыгын жасайт.

Ал эми чыгарманын таржымасына келсек, анда «жомоктун» мазмуну туура эле берилген. Ошону менен бирге сөздөрдү өз ордуна кое билүү жана алардын кыргызча түшүнүктүү болушу үчүн кам көрүү жагынан бир катар оош-кыйыштар байкалат. Алсак, поэманын алгачкы саптары «жил-был поп, толоконный лоб» деп башталат. Аны Алыкул «**топ чеке**» деп коюптур. Бул эмне деген түшүнүк экендигин баамдай албадык. Ал эми «Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» Пушкиндин дал ошол саптары мисалга алынып, «**дурак**» деп которулган, б.а. кыргызча «**маңгибаш**» - эмне кыларын билбей жүргөн бир келесоо чалыш неме.

Ошентип, поп базарда кеңгиреп жүргөн жеринде Балдага жолугуп калып, аны менен соодалаша кетет:

Поп: А где мне найти такого
Служителя не **слишком дорогого**? [2.600.]
Котормосу: Табамын кайдан мындайды,
Акысыз эмгек кылганды. [1.20].

Көрүнүп тургандай, поп «анчалык кымбат эмес» малай сурап жатса, аны «акысыз эмгек кылганды» деп таржымалаган. А чынында Балда акысыз кызмат кылыш үчүн эмес, «үч чеке» бересиң деп келишим түзөт. Демек, ал акысыз эмес экен.

Балда попко «мен кызматчы болом, акым үч чеке» дегенде, ал «**чекесин тырманып**» ойлонуп туруп, макулдугун берет. Мында оригиналдагы «**почесывать лоб**» кыргызча «**чекесин кашып**» деп таржымаланыш керек эле. Ал эми «тырмануу» башка мааниде. Эгер ал эки сөздү талдай келсек, кашуу- сөөмөйүн чекесине тийгизип бир аз кыймыл жасоо. Тырмануу – бүтүн беш манжасын денесине тийгизип кыбыратуу. Демек, поп «тырманган» жок, ал кашынды.

Балда попко малайлыкка өтүп: «Буду служить тебе **славно**

Усердно и очень **исправно**»[2.600.]

дейт. Котормодо ал жөнөкөйлөштүрүлүп берилип калган. Мисалы, тексттеги үч сын атоочту (славно, усердно, исправно) А.Осмонов «келгенинче бар кубат **жакшы** иштейм» деп бир эле сөз менен берет. Ал оригиналдагы эпитеттердин маанисин толук камтый албайт. Эч болбогондо «жакшыга» «абдан» деген сөздү ыргакка келтирип, кошуп койсо болмок.

Ошентип, поп менен Балда макулдашып, малайын «поживика на моем **подворье**»[2.600.] деди. Аны «менин **короо алдымда** жашайсың» деп таржымалаптыр. «**Подворье –** дом со всеми относящимся к нему пристройками и двором, усадьба» деп түшүндүрүлөт «Сөздүктө». А.Осмоновдун котормосу так эмес. «Короо алдымда» деп эмнени түшүнөбүз? Текстте Балда «спит себе на соломе» [2.600.] деген ыр сабы бар. Ал анын короодогу үйүлгөн самандын түбүндө уктап, жашап жүргөнүн туюнтуп жатат.

Поп Балданы арзан акыга жумшап, балким, пайда табармын деп ойлогон:

«Понадеялся на русский авось-
в надежде на случайную удачу». [2.600.]

Бирок, бул маанилүү саптар эмнегедир которулбай калыптыр.

Балда поптун бардык жумушун жасайт. Поп жадегенде бышкан жумуртканы да өзү аарчып жебейт: Балда «яичко испечет да сам и облупит».

Базарга барып жумуртка сатып келет,
Мешке салып бышырып,
Аны да өзү аарчып берет.[1.20.]

Мында «**мешке салып**» деген сүйлөм түшүнүксүз болуп калды.

Ошентип, Балда өтө берилүү менен бардык жумушту өз убагында жайлаштырып, анын балдарына да жагып, алар аны «**тятя**» (байке) дешет. Балда бир гана попко жакпайт, анткени, убакыт өтүп жатат. Балданын «чеке» бере турган мөөнөтү жакындап калды. Ошондо поптун аялы «сен аны колунан келбей турган ишке жумшасаң, балким, акысын доолабай калар» деп акыл айтат. Поп ал кеңешти макул таап, бир күнү Балданы чакырып алып: «менин шайтандардан өндүрө албай жүргөн доом бар эле, ошону тезинен өндүрүп кел» дейт. Кожоюн жумшап жаткан соң, малай макул деп, узун аркан алып, аны деңизге салып, шайтандарды чакырып отурса, бир маалда алардын чоңу чыгып келип, «эмнеге биздин тынчыбызды аласың, сага эмне керек» деп ачууланат. Анда Балда: «сенде поптун доосу бар экен. Ошону өндүргөнү келдим» дейт:

Вот уже будет нам потеха,
Вам, собакам, великая помеха. [2.601.]

Балданын чоң шайтанга айткан жообу ушундай:

Мына эми тамаша болот биздерге,
Каран түн түшөт силерге окшош иттерге- [1.]

дейт.

Ошондон кийин кары шайтан «ачууланбай кое тур, мен азыр сага, Балдаке, (орусчасы «Балдушка») неберемди жиберем. Ал сага салымды төлөп берет» дейт. Анысы келип, Балдага мындай шарт коет: «Экөөбүз жарышалы, сен калып калсаң, анда алым төлөнбөйт» дейт. Балда макул болуп, токойго барып, эки коен кармап, мешокко салып алып келет да, аны бутунан өйдө көтөрүп, «мына эми менин баламды кууп жет» деп, коенду кое бергенде, ал токойду көздөй чуркап, көздөн кайым болот. Шайтан болсо деңиз бойлой жүгүрүп, бир убакта эси ооп араң келип, жеңилгенин мойнуна алып, атасына арызданып барса, анысы эми «таяк ыргытмай» деген шартты коет. Анда поп: «мен таякты булутка карай ыргытам да, баарыңарды кыйратам» деп, тигилерди коркутат. Бул жолу да шайтандар жеңилип, үчүнчү шартты эми Балда мындайча коет: «Тээ-тетигил турган бээни көтөрөсүң да, жарым километр басасың» дейт. Ошондо шайтан бээге жетип барып, аны көтөрүп, эки-үч эле кадам таштагандан кийин эси ооп, чалкасынан кеткен соң, Балда чуркап барып, ага секирип минип, чаап жөнөйт. Ошондон кийин шайтан жеңилгенин толук мойнуна алып, бир мешок алымды алдына коет. Аны көтөрүп алып, үйгө келген Балда поптон акысын доолайт. Эмне кылат? Ал айласы жок чекесин тосуп берет. Балда күчтүү манжасынын ортону менен попту үч жолу чертип, аны тигил дүйнөгө узатат.

Жомоктун тарбиялык маанидеги мораль-сентенциясы мындайча чыгарылат:

… А с третьего шелка
Вышибло ум старика.
А Балда приговаривал с укоризней:
«Не гонялся бы ты, поп, за дешевизной» [2.604.]

Котормосу: Ал эми үчүнчү чертти,
Поптун мээси ыргыды.
Макал бар деди Балда ырас:
«**Арзандын ашы арзыбас**» [1.24].

Тексттеги макалды «арзандын ашы арзыбас» дегендин ордуна «**арзандын пулу татыбас»** деп которсо, дурус угулмак, мазмуну да ошого жакын.

Дагы бир айта турган ой. 30-жылдарда котормочулар кыргыздаштырууга көбүрөөк ыкташкан. Мисалы, У.Абдукаимов орус катындардын «**посиделкасын**» кыргыз аялдарынын «**жүн сабап**» отурганына окшоштурат. Булар эки башка түшүнүктөр. Ошол сыңары А.Осмоновдун шайтанды адамга «**ассалоому алейким**» деп учураштырганы ыксыз болуп калган. Аны кадыресе эле «амансыңбы» деген сөз менен берсе болмок.

Жалпысынан алганда, «Поп жана анын малайы Балда» жомогу котормодо өз мезгилинде жетишилген деңгээлдин талабына ылайык ишке ашырылган. Анда мазмун жана стиль, образ жакшы берилген жерлери менен бирге айрым мүчүлүштүктөр да кеткен. Алар көбүнчө редакциялык мүнөздө.

Адабияттар:

1.Осмонов А. Чыгармалар (үч томдук).- Ф.:Кыргызстан, 1965, 2-т.
2.Пушкин А.С. Сочинения. В 3-х т. Т.1.-М.:Худож, лит.,1985.

Дербишева З.К.
Кыргыз Түрк университети «Манас»

УДК. 4089:42/49

КУЛЬТУРА. МЕНТАЛИТЕТ. ЯЗЫК.

Осваивая окружающий мир, каждый человек решает для себя, какие элементы этого мира важны для его жизни, а какие не имеют значения, что для него является важным, а что несущественно, без чего он может обойтись, а без чего нет. В результате этого у него формируется ценностное отношение к миру, в соответствии с которым все предметы и явления рассматриваются им по критерию важности и значимости для его жизни. Каждый предмет, явление или идея получают свою оценку и представляют собой определенную ценность, на основании которой складывается соответствующее к ним отношение. В результате формируется общее ценностное отношение человека к миру, при котором те или иные явления окружающего мира имеют смысл и значимость.

В процессе межкультурной коммуникации довольно часто обнаруживаются значительные различия в восприятии одних и тех же ценностей представителями разных культур. Среди огромного числа разнообразных ценностей можно выделить небольшую группу таких ценностей, которые у всех народов совпадают как по характеру оценок, так и по содержанию. Такого рода ценности получили название *универсальных*, или *общечеловеческих*. Их универсальный характер обусловлен тем, что основные черты таких ценностей базируются на биологической природе человека и на всеобщих свойствах социального взаимодействия людей независимо от культурного своеобразия. Например, нет ни одной культуры в мире, которая оценивала бы положительно ложь, воровство, убийство. В каждой культуре существуют лишь свои границы терпимости этих явлений, но общая негативная их оценка однозначна.

Культурные ценности, как уже было отмечено, в жизни каждого человека имеют разное значение. Поэтому одни люди являются приверженцами ценностей коллектива, а другие - ценностей индивидуализма. Так, человек в США в первую очередь считает себя индивидом, а уж потом членом социума, в то время как во многих других странах, таких, как Япония, люди в первую очередь считают себя членом социума и только потом индивидом. Когда люди с такими разными ориентациями вступают в общение, особенно деловое, всегда возникают ситуации непонимания. Например, проводя деловые переговоры с японцами, американцы назначают сотрудника, ответственного за их подготовку и ведение, и, если переговоры пройдут успешно, этот сотрудник будет вознагражден. В японской фирме такое невозможно, там царит коллективная ответственность за результаты любого дела. Поэтому в Японии никогда не выделяют кого-либо из общей массы.

Какие ценности имеют для людей важное значение, и обладают большим влиянием, а какие не принимаются во внимание - зависит от культуры. Их структура и значимость определяют своеобразие и особенности культуры.

Среди основных ценностей английской культуры исследователи чаще всего выделяют индивидуализм, рационализм, независимость, прагматизм, соревновательность, равенство, традиционализм, толерантность. Все они сказываются на образе жизни, межличностных отношениях и поведении [Ларина].

Англичане - представители одной из самых старых наций мира, жители островного государства Великобритания, которое долгое время владело множеством завоеванных по всему миру колоний. Они трудолюбивые, уравновешенные, приветливые, предупредительные и порядочные люди. Их идеалом являются независимость, образованность, внутреннее самоуважение, честность и бескорыстие,

такт, изящество манер, изысканная вежливость, способность пожертвовать временем и деньгами ради хорошего дела, умение руководить и подчиняться, настойчивость в достижении поставленной цели, отсутствие чванства и хвастовства [Крысько].

Как считают исследователи, одна из главных жизненных ценностей для англичан - материальное благополучие. Ни у кого богатство не пользуется таким почетом. Каково бы ни было общественное положение человека в Великобритании, будь то ученый, адвокат, политический деятель или священнослужитель, он, прежде всего - коммерсант. На любом поприще его первая забота - нажить как можно больше. Но при этой необузданной страсти к наживе англичанин вовсе не скуп: любит жить с большим комфортом и на широкую ногу [Крысько].

На особое место в менталитете англичан следует поставить глубочайшее уважение к традициям. В жизни англичан традиции играют особую роль. Они имеют привычку решать любые дела только «согласно обычаю». Если американец - раб стандарта, то англичанин - раб своих традиций. Традиции в Англии превращены в фетиш, в культ, ими наслаждаются. Как у каждой нации, у англичан есть много традиций. Среди них - спортивное воспитание, ставшее традицией в семье, школе, университете, на фабрике, заводе. Традиционны пристрастия англичан к простой, удобной повседневной одежде; они считают даже неприличным выделяться своим костюмом. Свято соблюдают англичане установленные правила в еде. Утром первый завтрак, в час дня - второй завтрак, в 17 часов - чай, в 19 - 20 - обед. Ужинать англичане не любят. Эта пунктуальность во времени приема пищи строго соблюдается, создавая размеренный режим жизни и работы [Крысько].

О.К. Крокинская составила таблицу, отражающую сегодняшнюю структуру культурных ценностей россиян. К ценностям первостепенной важности россияне относят ЧЕЛОВЕЧЕСКОЕ ДОСТОИНСТВО, МИР, ЭФФЕКТИВНОСТЬ, КАЧЕСТВО РАБОТЫ, ГОСТЕПРИИМСТВО, АКТИВНОСТЬ, СКРОМНОСТЬ и др., к второстепенным ценностям относят БОГАТСТВО и ПЕРВЕНСТВО, а к третьестепенным – КОЛЛЕКТИВИЗМ, который понимается как ≪приоритет общего над личным, коллективная ответственность.

Современные ценности кыргызов прежде всего связаны с семьей, детьми, социальным статусом, проявляющимся в образовании, в карьере, материальном достатке, в родственных связях, в успешности детей и т.д. Культурные приоритеты кыргызов глубоко и прочно связаны с почитанием своей истории и традиций, что находит свое отражение в устойчивом интересе к эпосу «Манас».

Менталитет представляет собой квинтэссенцию культуры, он предопределяет конкретные поступки людей, их отношение к различным сторонам жизни общества. В нем воплощаются глубинные основания мировосприятия, мировоззрения и поведения человека.

Своеобразие комплекса особенностей менталитета во многом обуславливается некой совокупностью факторов, имеющих географический, экономический, социально-политический, религиозный и иной характер. Логика истории, особое политическое устройство, исключительная роль православия, близость к земле предопределили тот набор черт русского характера, которые проявляются и на современном этапе развития российского общества [Нурмухаметова].

Философы и историки русской философии, анализируя и описывая менталитет русского человека, отмечают такие его качества как духовность (душевность), коллективизм, религиозность, приоритет нравственного, духовного над материальным, стремление к Абсолюту, идеалу и возвышенному, острое чувство правды и справедливости и т.д. Кроме того эти и другие характерные особенности менталитета русского человека нашли свое отражение в отечественной художественной литературе,

классическими образцами которой стали произведения И.А. Бунина, Н.В. Гоголя, Л.И. Толстого, Ф.М. Достоевского, А.П. Чехова, А. Платонова и др.

Одной из парадоксальных черт российского менталитета является его противоречивость, единство противоположных начал. Такую особенность подметил Н.А. Бердяев, писавший об особой, противоречивой природе русского человека: «…два противоположных начала легли в основу формации русской души: природная, языческая, дионисическая стихия и аскетическое монашеское православие. Можно открыть противоположные свойства в русском народе: деспотизм, гипертрофия государства и анархизм, вольность; жестокость, склонность к насилию и доброта, человечность, мягкость; обрядоверие и искание правды; индивидуализм, обостренное сознание личности и безликий коллективизм; национализм, самохвальство и универсализм, всечеловечность; эсхатологически мессианская религиозность и внешнее благочестие; искание Бога и воинствующее безбожие; смирение и наглость; рабство и бунт» [Бердяев]. Лев Платонович Карсавин также считал, что «…если русский сомневается в абсолютном идеале, он может впасть в полное безразличие ко всему или даже проявить грубость; он «способен перейти от невероятного законопослушания к самому необузданному бунту» [Лосский].

Самодержавие и крепостничество, затем однопартийная система, командно-административная экономика и тоталитаризм наиболее явно демонстрируют реализацию этого принципа. В этих феноменах проявились уничижение индивидуальности в рамках коллективизма как одно из проявлений единства русского народа. Также с ними во многом связаны трудности становления в России гражданского общества, а также построения справедливого и правового, социально ориентированного государства.

В современных условиях русскому человеку потребовалось взрастить и проявить новые качества, ранее совсем чуждые. Активная социальная позиция, инициативность, рациональность, индивидуализм, креативность, уважение времени и труда, чувство ответственности не только за себя, но и за других людей, общество, природу – все эти качества с большим трудом приживаются в социальном и нравственном портрете современного русского человека. Они находят свое проявление в крайнем эгоизме, расчетливости, надежде и возложении ответственности на других, т.е. тех свойствах, которые часто наблюдаемы в характере и поведении российского человека современного типа.

Кыргызский менталитет также является предметом изучения отечественных философов. По результатам философских исследований, основными непреходящими качествами менталитета кыргызов являются: созерцательность, умозрительность, интуитивность, нерелигиозность, символичность, природовосприимчивость, приверженность к локальным ценностям, внутренняя обусловленность родоплеменными отношениями, преемственность, то есть духовное родство с предками, изначальная восприимчивость к переменам, обусловленная вековыми традициями кочевничества.

Диалектика развития феномена показывает, что в менталитете кыргызов, сформированном в условиях родоплеменных отношений общности, преобладает родоплеменное сознание, основными компонентами которого выступают стереотипы, обычаи, ритуалы. Это видно на примере мифологического мировоззрения древних кыргызов, которое проявляется в анемизме (вера в духов умерших), в тенгрианстве (поклонение Тенгри — Голубому Небу).

Кыргызский философ Абдимталип Айтбаев считает, что позитивными сторонами кыргызского менталитета являются такие непреходящие качества этноса или народа, как коммунитарность, толерантность, храбрость, патриотизм, стремление к знаниям,

образованность и интеллектуальность, любовь и уважение к культуре, традициям и обычаям своего народа, современная адаптация к тем или иным социоприродным условиям. К негативным сторонам кыргызского менталитета проф. Айтбаев относит такие качества как трайбализм, беспечность, зависть, лень. В отношении трайбализма автор придерживается двух точек зрения. Суть первой точки зрения состоит в том, что те народы, которые при отсутствии государственности, наиболее последовательно придерживаясь принципов трайбализма, сумели сохранить свою этническую самостоятельность и целостность. Трайбализм воспитывал у людей чувство коллективизма, совместной уживаемости и непритязательности, взаимной помощи, которые проявлялись в совместной обработке земли, создании ирригационных сооружений, в строительстве жилищ, в проведении похорон и праздников и т.д.[Айтбаев]

Вторая точка зрения автора исходит из того, что родоплеменное деление и связанные с ним представления и обычаи способствовали сохранению косности, отсталости общественной жизни и семейно-бытового уклада кыргызского населения. Косность и отсталость родовых отношений кыргызов проявлялась в том, что жизнь измерялась только по мерке своего рода, успех своего рода вызывал эйфорию, а чужого – только скрытое огорчение и зависть. Хотя кыргызский трайбализм отличала внутриплеменная или внутриродовая объединительная способность, но в масштабе народа в целом эта способность была уже с противоположным знаком. И это естественно, ибо узкородоплеменные интересы и потребности, которые обслуживают трайбализм во многих своих моментах, противоречат общенациональным и общенародным интересам.

Вместе с тем менталитет кыргызов нельзя рассматривать вне контекста исторического развития, поскольку менталитет кыргызского этноса развертываясь в новом цивилизационном пространстве, приобретает в социокультурном разрезе новый евразийский тип мышления.

Язык каждого этноса представляет собой живой организм, неразрывно связанный с его историей, культурой и социальной жизнью. Язык, по существу, является летописью жизни и многогранной деятельности людей в определенных исторических условиях. Именно знание этих двух условий и специфических особенностей культуры народа.

Национальный менталитет проявляется в отражении особенностей быта, обычаев, истории и культуры, главным образом в строевых его единицах, лексике, фразеологии, паремиологии. В лексике и в грамматике выражается свойственный народу склад ума, способ суждения, особенность воззрения; в них проявляются быт и философия, дух и характер, нравы и обычаи, верования и суеверия.

Язык и культура находятся в непрерывном взаимодействии. Основной единицей языка, в которой находит свое отражение культура, является слово, в котором отражены реалии быта, явления национальной культуры, истории, специфика национального мышления. В любом национальном языке находят свое отражение природные условия проживания нации, ее история и культура, тенденции общественной мысли, науки, искусства, ход мирового исторического развития, социальное устройство.

А сейчас я хочу остановиться на одном аспекте, раскрывающем вопрос о том, как менталитет этноса отражается в языке. Поговорим об универсальной категории о ПРОСТРАНСТВЕ. Как эта универсальная категория воспринимается этносом? Это мы можем выяснить с помощью языка. Языковое "квантование" объектов природы у каждого народа происходит по-своему. Кыргызский традиционный опыт освоения пространства содержит обширные сведения по классификации гор и отдельных его

фрагментов. Лексика кыргызского языка дает подробную градацию наименований особенностей горного ландшафта. Подтверждением тому является то, что в кыргызском языке насчитывается около 100 слов, обозначающих горный ландшафт. Тогда как равнинный ландшафт репрезентирован 24 лексемами, и совсем скудно представлена лексическая номинация лесного ландшафта – всего 3 единицы. По когнитивным признакам, лежащим в основе лексической номинации горного ландшафта можно сказать, что кыргызы осмысляют горную действительность в соответствии со своим жизненным опытом. И в иерархии этого опыта кыргызское языковое сознание выделяет такие когнитивные признаки, как: ***пространственное соположение, степень наклона, характер поверхности, форма, размер, высота, пригодность к использованию, пригодность к прохождению, степень крутизны, отсутствие простора, удобство использования, мера доступности.*** Используя эти данные, кочевники определяли пригодные к поселению места. В целом, горные местности можно характеризовать, как области в большей степени осмысленные человеком. Об этом свидетельствует активное использование кыргызским сознанием антропоморфного кода, с помощью которого описывается Вселенная, в классификации частей этих компонентов ландшафта. Элементы горы выступают аналогом частей человеческого тела: Подножье горы называется *төш* (грудь*),* горный перевал ассоциируется с поясницей (*бел*) или спиной *(арка).* Место соединения горы и долины, откуда вытекает горная река, называют *алкым* (горло). Впадина на склоне горы уподобляется почкам *(бөйрөк).* Склоны гор отождествляют с лицом (*бет) и* печенью *(боор),* холм уподобляют маленькому сердцу (*жүрөкчө)*. Кыргызы воспринимали и ощущали горы как собственный организм, как живую субстанцию.

Обратимся к другой универсальной категории или концепту, как «Движение» в пространстве. Сравнительный анализ этого концепта в трех языках (английском, русском, кыргызском) показал, что языковое сознание разных народов по-разному расчленяет и воспринимает одну и ту же категорию. Это обусловлено разными факторами: образом жизни народа, географическими условиями обитания и т.д..

В тюркских языках концепт «движение» чрезвычайно значим. Ибо движение в пространстве – это способ жизни древнего кочевника. Если земледельцы проживают время в ожидании урожая, то кочевники проживают пространство в поисках хлеба насущного. Кочевники знают пространство вдоль и поперек, и умеют хорошо ориентироваться в нем. Семантическая градация разных аспектов движения, находящая отражение в лексике, говорит о трехмерном восприятии пространства. Кыргызские глаголы детализируют движение в объемном пространстве: по горизонтали в разные стороны, по вертикали вверх и вниз. Лексическая плотность выражения концепта движение в кыргызском языке самая высокая (более 20 корневых глаголов), что демонстрирует когнитивную значимость этого концепта для кыргызского сознания. Специфика языковой концептуализации движения проявляется в отражении в глаголах особенностей пространства, особенностей жизни в горах, различных видов передвижения по склонам гор, по хребтам, по воде, верхом на лошади. Языковая презентация способов передвижения верхом в зависимости от характера ходьбы лошади (аллюр, карьер, иноходь, рысца и т.д.) находит выражение в многочисленных глаголах, не имеющих эквивалентов в других языках. Особый интерес вызывает отражение в кыргызской лексике характера движения диких и домашних животных, насекомых, птиц. Многовековой опыт жизни в постоянном движении, перекочевки с одного места на другое наложил свой отпечаток на процесс языковой концептуализации

Необозримость равнин и бескрайние просторы, по которым русский человек большей частью передвигался вширь по горизонтали, говорит о плоскостном

восприятии пространства. Русское языковое сознание не дифференцирует направление движения по вертикали. Номинативная плотность лексической реализации данного концепта гораздо ниже, чем в кыргызском языке - в русском языке ядерные обозначения этого концепта представлены 6 парами глаголов: *идти- ходить, ехать – ездить, бежать- бегать, лететь-летать, плыть-плавать, ползти-ползать.* "Необъятность русской земли, отсутствие границ и пределов выразились в строении русской души, – писал Н.А. Бердяев. – Пейзаж русской души соответствует пейзажу русской земли, та же безграничность, бесформенность, устремление в бесконечность, широта» [Бердяев]. Когнитивный признак «разнонаправленность» подтверждает мысль о том, что опыт освоения необъятного русского пространства «вдоль и поперек», то есть в разных плоскостных направлениях позволяет актуализировать в русском языковом сознании этот достаточно существенный когнитивный признак на уровне базовой лексической номинации

В английском языке базовых исконных глаголов, со значением движения всего два. Сюда можно отнести глаголы *to go* – идти, *to come* - приходить. По меткому замечанию Н.А.Бердяева, «на Западе тесно, все ограниченно, все оформлено и распределено по категориям, все благоприятствует образованию и развитию цивилизации – и строение земли и строение души" [Бердяев]. И действительно, родина англичан – это островное государство, жизненное пространство физически ограничено географическим пространством и поэтому языковой менталитет формировался в условиях отсутствия простора для безграничного перемещения; физическая скованность в передвижениях отразилась и на языковом осмыслении пространства и перемещения в нем. Для англичан окружающий мир был больше статичным, чем динамичным. Можно предположить, что языковое сознание англичан в значительной степени субстантно. Языковым подтверждением этим доводам может служить не только номинативная «скудность» в виде 2 глаголов движения в английском языке, но и случаи так называемой языковой «компенсации», когда для выражения глагольного движения используют другие части речи.

В формировании каждой этнической культуры важную роль играет язык этноса. Язык – это мощная сила, объединяющая и сплачивающая людей одного этноса, так как в нем хранится вся его миропонимание, характер и культура.

Литература:

1. Ларина Т.В. Категория вежливости и стиль коммуникации. Сопоставление английских и русских лингвокультурных традиций. - М.: Рукописные памятники Древней Руси, 2009. - 507 с.
2. Крысько В.Г. Этническая психология: Учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений. - М.: Издательский центр «Академия», 2002. - 320 с.
3. Крокинская О.К. О различии ценностных систем разных культур// Петербуржцы (этнонациональные аспекты массового сознания). Социологические очерки. – СПб., 1995.
4. Нурмухаметова В.В. Своеобразие менталитета русского человека.Материалы Всероссийской научно-практической конференции, г. Елабуга, 21-22 октября 2010 Айтбаев А. Менталитет кыргызского народа как объект философского исследования. Автореферат на соискание ученой степени доктора философских наук. Бишкек, 2007
5. Бердяев Н.А. Русская идея // URL: http://philologos.narod.ru/berdyaev/berd-rusidea.htm/ Цит. по Лосский Н.О. История русской философии // URL: http://www.koob.ru/losskiy/istoriya_russ_filosofii.
6. Бердяев Н.А. Вехи. Из глубины. – М.: Правда, 1991. – 288 с.

Досалиева Р.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.408/409

ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛДЕГИ ТЕКСТ ЖАНА АНЫН ТАБИЯТЫ

Публицистикалык стилдеги текст элди кызыктырган маселелер тууралуу эл менен информация алмашуу, ой бөлүшүү максатын көздөйт. Мындай информация алмашуу массалык маалымат каражаттары катары эсептелинген радио, телеберүүлөрдө оозеки түрдө жана газета-журналдарда жазуу түрүндө ишке ашат. Публицистикалык стилдеги тексттин мазмундук жалпы багытын, информативдик стратегиясын коомчулукту кызыктырган урунттуу маселелер түзөт [1:64]. Мындай маселелер мамлекеттик түзүлүш жана коом жашап турганда түбөлүктүү маселелер болсо да, мамлекеттик ар бир башкаруучу тарабынан булар ар башкача түшүнүктө кабыл алынып, алардын чечилиши ар түрдүү мүнөзгө ээ болот. Ошондуктан коомчулукту кызыктырган урунттуу маселелер дайыма көпчүлүктүн кароолунда болуп турат. Ар бир жаңы тарыхый-экономикалык шарт-кырдаалда ар бир жаңы башкаруу тобу бул маселелерди кандай чечүүгө аракет кылат жана аларды кантип иш жүзүнө ашыра алат деген маселе өлкөдөгү массалык маалымат каражатттарынын мазмундук өзөгүн түзүп турат. Аталган маселелерди бурмалабай, туура, калыс, объективдүү чагылдыра алганына байланыштуу өлкөдөгү массалык маалымат каражаттарынын кадыр-баркы, интеллектуалдык деңгээли, атуулдук жоопкерчилиги жана ар-намысы аныкталат. Демек, публицистикалык стилдеги текст коомдун жана ар бир адамдын жашоо-турмушу, ишмердигине, келечек абалына түздөн-түз тиешелүү тагдыр чечүүчү информацияларды туюндуруп, ошо аркылуу коомдун саясий аң-сезимин, атуулдук жоопкерчилигин калыптандырууга салым кошот жана коом мүчөлөрүнүн гумандуулук позициясын бекемдөөгө көмөк көрсөтөт. Мына ушундай олуттуу, жоопкерчиликтүү максат публицистикалык стилдеги тексттин көп кырдуу, көп жанрлуу табиятын, анын жөнөкөй, түшүнүктүү, ачык-айкын коммуникативдик сапаттарын жана логико-прагматикалык интеграциясын аныктап турат.

Мына ушундай көп жактуу табияты эске алынып, публицистикалык стилдеги тексттер окумуштуулар тарабынан төмөндөгүдөй негиздерде жанрларга квалификацияланып жүрөт:

Публицистикалык стилдеги тексттер информацияны туюндуруу ыкмасы, өзгөчөлүгү боюнча: 1. Мезгилдик маалымат жанры [2:181-182] же расмий публицистикалык стиль [2:65-69]. Мезгилдик маалымат (хроника), отчёт, баш макала, билдирүү, корреспонденция, макала, интервью, проблемалуу сын макала, комментария.

2. Көркөм публицистикалык жанры [2:35] же бейрасмий публицистикалык стиль [2:65-69]: фельетон, памфлет, очерк, глосса.

Публицистикалык стилдеги текст реализацияланыш мүнөзү боюнча: 1. оозеки түрдөгү публицистикалык стилдеги текст: чечен сүйлөө; курултай, жолугушууларда саясий, экономикалык ар кандай мазмундагы докладдар, жарыш сөздөр, билдирүүлөр; саясий кайрылуулар; элчилердин билдирүүсү; саясий комментария; аскер кызматкерлеринин сүйлөөсү; митингде сүйлөө; мааракеде сүйлөө; үгүт-насаат айтуу; аза күтүүдө сүйлөө; полемика; аңгемелешүү; дискуссия; диспут ж.б. [2: 201-203].

2. Жазуу түрүндөгү публицистикалык стилдеги текст (буларга газета-журналдардагы материалдар кирет) [2:221].

Бул классификацияга [2:65-69] кирген тексттер бири-бирине окшош жана бири-биринен кескин айырмаланган мүнөзгө ээ. Анткени коомдо жашаган адамдардын керектөөлөрү, кызыкчылыктары, умтулуулары көп багыттуу, көп түрдүү болот.

Аталган маселелерди тулкусунда чагылдырган публицистикалык стилдеги тексттердин мазмундук, тематикалык, прагматикалык, структуралык-композициялык, жанрдык табияты да дал ошондой көп багыттуу, көп жактуу. Публицистикалык стилдеги тексттердин жогорудагыдай жанрдык (подстилдик) түрлөргө классификацияланышынын түпкү себеби жана мотиви да ушул жагдайга кайсы бир деңгээлде түз да, кыйыр да байланыштуу. Ошондой эле публицистикалык стилдеги тексттерде информацияны туюндуруунун көп түрдүү, өзгөчөлүү, бири-биринен айырмалуу ыкмаларынын, жолдорунун колдонулуш себептерин да ушул жактан издөө керек [3:86]. Ошондон улам, публицистикалык стилдеги тексттер, бирде ырааттуу, логикалуу баян курса, бирде, көркөм, эстетикалуу, юморлуу маанайда информация туюндурат. Бирде, олуттуу, расмий маалыматтарды чагылдырат. Демек, публицистикалык стилдеги текст коомдун ар түрдүү кызыкчылык, талаптарына ылайык көп жактуу, көп түрдүү негизде информация туюндурат. Натыйжада, публицистикалык стилдеги тексттер коомду саясий-идеологиялык, нрава-этикалык, көркөм-эстетикалык, турмуштук-философиялык, этномаданий, этнопсихологиялык жана башка жактан багыттап, калыптандырып, өнүктүрүп туруучу күчкө ээ болот.

Бирок кандай болгондо да, публицистикалык стилдеги тексттерде информация ачык туюндурулат. Эгерде мындай тексттерде көркөм сөз каражаттары, көркөм-эстетикалык элементтер колдонулса, анда алар максатка ылайык колдонулат да, туюндурулуп жаткан информацияга ачык баа берилет жана информацияга карата автордук мамиле айкын билдирилет. Публицистикалык стилдеги тексттердин мындай коммуникативдик сапаты аны көркөм стилдеги тексттерден обочолойт.

Бул жерде көркөмдүктүн эки башка түрү, эки бөлөк функциясы айкын байкалат. Маселен, көркөм стилдеги тексттерде информациянын көркөмдүүлүгү образдуулук, поэтикалуулук жана эстетикалуулук категориялары менен татаалданып, адамдын эмоционалдык дүйнөсүнө да, акыл-сезимине да катуу таасир этүү максаты көздөлөт. Ошол аркылуу адамдарга эстетикалык ырахат тартууланат. Ошондуктан көркөм стилдеги тексттерде информация ачык, түз эмес, кыйытылып, каймана түрдө, (подтекстте) символдоштурулуп туюндурулат. Ал эми публицистикалык стилдеги тексттерде колдонулган көркөм элементтер, көркөм образдар инфрормацияны туюндурууну ар түрдүүлөп, негизинен, тиешелүү маалыматты кабарлайт да, ага карата позитивдүү же негативдүү мамилени жана бааны кошо билдирет [3:86]. Төмөндө публицистикалык маанайдагы макалага көңүл буралы: **Эмен эмне дейт?**

Көзүмдө жаш, көкүрөгүмдө муң, көңүлүмдө оор кайгы. Сүйөнүп турган карт эмендин сөңгөгүнүн тагы жаагыман өтүп кеткенин да сезбепмин. Бир тарабы оймо-чиймеленип, кабыгын курт жесе, бир бутагынан жашарып жаңы бутактар өсүп келе жаткан эмен, чейрек сааттан берки жолдошум, сырдашым.

- Эменим, нечендерди көргөндүрсүң? *- дилимде үн каттым.*

- Ооба, макулугум, көрдүм, - карт эмен дилинде күңгүрөндү.

- Эмне үчүн макулук дедиң, мен адаммын го*?*

- Ха-ха-ха. Туура, сен адамсың, бирок айбандан айырмаң аз экенин билбейсиңби. Эсиңе салчы, ата-бабаң кандай адамдар эле?

- Ооба, бирок сен ал адамдар менен бизди салыштырба да. Айланаңа саресеп салып көрчү. Эмне деген өсүш. Ана, заңгыраган үйлөр, зуулдаган ар түрдүү машиналар, куурчактай кооз кийинген адамдар. Булар сенин көзүңө көрүнбөйбү?

- Эй, макулугум, сен адам баласы ушул дүнүйөлөрдүн кулу болуп жашап жүргөнүн сезбейсиңби. Билесиңби, адамдын өмүрүнүн эң күлгүн кези бул ата-апа деп, аяк шилтеп кас-кас турган кези. Калганы бели катып, боконосу толгон кезден баштап куру дүнүйөнүн кулу. Өмүр бою тапкан пайдасы дүнүйө чогултмай, биринен-бири жулуп ала

качмай. Неге адамдар ач көзсүңөр? Ал эми бул дүйнөдөн өткөндө ала кетериңер баарыңа бирдей...

- Эменим, бирок анын баарын адам баласы өзүнөн кийинки урпактар үчүн жасап жатпайбы.

- Макулугум, күлдүрөсүң да, урпактар үчүнбү, кайсы? А балким, тээтиги кара жыгач түбүндөгү таштандыдан ырыскысын издеп жүргөн наристе үчүн болуп жүрбөсүн. Караңгы көчөдө калган иттен айырмасы жок. Экөөнүн тең жүргөн жери бирдей. Же арырааста колтукташып бара жаткан экөө үчүнбү? Экөөнүн оозундагы тамекини карачы. Же аркы бурчтагы олтургучта куурап калган бутакка окшоп бүрүшүп жаткан масты карачы. Анан урпактарга дейсиң! Эгерде урпактар үчүн болсо, ошолор үчүн жасасаңар, эмне үчүн бардыгына бирдей карабайсыңар?!

- Сен мени ойго салдың, бирок адамдардын бардыгы андай эмес да. Алардын арасында жакшылары да бар эмеспи.

- Туура, мен адамдардын баарын күнөөлөгүм келбейт. Албетте, алардын арасында жакшылары да бар. Бирок алар аз санда, ары чарпылып, өзүнүн актыгынан жабырланып, тегерегиндегилер үчүн күйүп жүрүп көз алдыңарда жок болгонун өзүңөр да сезбей каласыңар. Же жерден боор көтөрүп эл дегени ач көздүктүн, көрө албастыктын курманы.

- Эменим эмне кыл дейсиң?

- Эй, адам уулу! Эсиңе кел! Ниетиңди оңдо! Берешен бол! А-дам-заат! Эсиңе ке-ел адам-заат!!!

Бул үн кулагыма жаңырыктап мээмди көзөп жатты… (4:6)

Мисалга алынган публицистикалык стилдеги бул текстте көркөм сөз каражаттары, көркөм образ, көркөм символдор жана көркөм абстракция максатка ылайык колдонулуп, адамдагы ички сезимдерди, ой-санааларды жана адамдын жан дүйнөсүн, азыркы опуртал мезгилдин фонун символ аркылуу туюндурду. Информация көркөм публицистика жанрында туюндурулгандыктан, ал жанрдын табиятына ылайык текстте семантика-структуралык интеграция ишке ашты. Ал, эң оболу, тексттин мазмундук негиздеринен айкын көрүнөт. Маселен, эмен менен сүйлөшүү - бул көркөм символ, көркөм абстракция. Ошол аркылуу автор өзүндөгү ич күптү ой-санаасын, адамдарга болгон мамилесин, сезимдерин, кайрылуусун, турмушка болгон кредосун поэтикалуу, көркөм жана символикалуу туюндуруу максатын көздөгөн. Натыйжада, тексттеги баян аянычтуу, көркөм, өзгөчө, кайталангыс мүнөзгө ээ болуп, адамдарга патриоттук сезимдерди тартуулай алды.

Бул текстте колдонулган көркөм абстракция, көркөм шарттуулук баяндоонун ээн-эркин мүнөздө болушун камсыз кылды. Ошондой эле бул жагдай текстте көркөм сөз каражаттарынын, салыштыруулардын ээн-эркин мүнөзүн да аныктады. Ошондуктан текстте «айбандан айырмаң аз экенин билбейсиңби?», «таштандыдан ырыскысын издеп жүргөн наристе», «көчөдө калган ит», «куурап калган бутакка окшоп», «жерден боор көтөрүп эл дегени ач көздүктүн, көрө албастыктын курманы», «боор этин жарып жарыкка жаңы көз жарган наристени өз энеси көчөгө таштап кеткен заман» деген сыяктуу ачуу, оригиналдуу, өтө шарттуу, бирок өзүнүн тутумуна көп маанини сыйдырган, образдуу тилдик каражаттар, салыштыруулар колдонулду. Бул каражаттар текстте информацияны туюндуруунун көркөм жана шарттуу ыкмасына дал келет. Ошонусу менен алар текстте мазмундук интеграцияны жаратат. Натыйжада, колдонулган бул тилдик каражаттар тексттеги негизги, концептуалдуу информацияны ар тараптан туюндурууга, ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, бул текстте салыштыруулар, деталдар ар түрдүү, ар башка болгон менен, баары биригип, оомал-төкмөл бул жашоонун оош-кыйышын, өзгөрүшүн адамдын жан дүйнөсү менен кабыл алуусун, толгонуусун, сезимдерин, ой-санаасын туюндурат. **Эмен** - бул эч качан

жеңилбеген кайраттуу адамдын жан дүйнөсүнүн символу. Табигаттын ар түрдүү шартына чыдаган, жеңилбестиктин белгиси. Ушул сыяктуу эле жан дүйнөсү бекем, кайраттуу, ачуу чындыкты айта билген, аны сезе билген гана адам өнүгөт-өсөт. Ошондуктан «эгер дүйнө өзгөрсүң десең, ошол өзгөрүү өзүң бол» деген сыяктуу кайрылуу бул тексттеги негизги максат жана мотив болуп саналат. Ошентип, көркөм каражаттар аркылуу текстте ички семантикалык интеграция жаралды. Чындыгында эле, колдонулган элементтер, салыштыруулар маанилик жактан абдан жөнөкөй, кээ бирде супсак, бирок оригиналдуу. Алар текстте семантикалык интеграцияны түзүүчү функцияны да аткарды. Мисалы: ***«Ана, заңгыраган үйлөр, зуулдаган ар түрдүү машиналар, куурчактай кооз кийинген адамдар. Булар сенин көзүңө көрүнбөйбү?»*** бул туюнтмада - убакыттын өтүшү, өзгөрүү туюндурулат. ***«Адамдын өмүрүнүн эң күлгүн кези бул ата-апа деп, аяк шилтеп кас-кас турган кези»*** - мында адам эң бир аруу убагын, баалуу мезгилин баалап, чындыкка моюн сунуп айтуусун билдирет. Аталган туюнтмалар жан дүйнөнүн дагы бир өңүтүн, көрүнүшүн поэтикалуу чагылдыра алат. Кызыгы, ал сезимдер адресаттын ой-сезимдерине да жугуп, аны терең ойго батырат. Көз алдыңа ошол кездин бүтүндөй картинасы элестейт. Мында «баланын тунуктугу», «аруулугу», «наристе жытынын кайталангыстыгы» дүнүйөнүн түйшүгүнөн арылтып, «рахат тартуулашы» - чындык. Мындайда көңүл сергип, куунак, жаркын маанай түзүлөт. Турмушка, табиятка суктанып, азыркыга жана эртеңкиге үмүт толгон көз караш менен карагың келет. Бул көркөм каражаттар биздин ой-санаабызга ушинтип таасир этет. Бирок ага карама-каршы келген жашоонун ыплас иштерине лирикалык каарман толгонуп, суроо артынан суроону берет. Адамдарга болгон кыжырдануу, нааразы болуу, эскертүүлөрдү берет. Ушундай көр тирликтен өйдө көтөрүлө албаган, бир жактуу, кунарсыз жашоонун фонун диалог формасында уюшулган текстте табият менен бирге болуп, анын керемет сырын ача албаган, бардыгын жеңил ой менен караган адам менен табигаттын ортосунда ачып берет. Мында адамдагы ички сезим, жан дүйнө адамга тартуу кылынган табияттын чоң байлыгы, чоң таберик, табияттын чоң аманаты экени кыйытылып туюндурулду.

«Артка кылчайып өткөндү эстебөө», «ата-тегин унутуу» - бул маңкуртчулук. Адамдагы эң төмөнкү деңгээлдин көрүнүшү, адамдын үрп-адат, каадасын жоготушу. Ошондуктан адам дайыма жан дүйнөсүн тазартып, аруулап, адамдык бийик адамгерчиликтин сапатын жоготпоого тийиш. Башкача айтканда, адам өзүнүн сезимдерин, ички дүйнөсүн, адамдык менталитетин дайыма куруп, өнүктүрүп турууга муктаж. Ошентип, текстте күнөөнү моюнга алып, ойго батышы, демек, пендечиликтин доминанттык абалга ээ болушу адамды деградацияга алып барары жөнүндө ой камтылды.

Тексттин соңунда: «Эсиңе салчы, ата-бабаң кандай адамдар эле? Алар жетимден нанын аяп, сүтүн катчу беле? Бар беле боор этин жарып жарыкка жаңы көз жарган наристени өз энеси көчөгө таштап кеткен заман?» - деп, аны «Эсиңе ке-ел а-дам-заат!!!» деген жан дүйнөнүн чаңырыгы аркылуу берип жатат. Замандын көз жашы аркылуу адамдарга кайрылуу ÷ жөн эле кайрылуу эмес, адамдыкты, адамдын улуулугун, ички дүйнөнүн аруулугун, тунуктугун, бийиктигин сактап калуу үчүн жан далбастоо. Ал жан дүйнөсүн курт сыяктуу жеген суроонун жообу сөзсүз түрдө кайтарыларына ишенип, бир бутагынан жашарып жаңы бутактары өскөн эмен сыяктуу өчпөгөн үмүткө кайрылуу. Аны ал: «макулугум» деген гана бир сөз менен шылдыңга алып, эсине келтирип жатат. Жөн жеринен: «Эсиңе салчы, ата-бабаң кандай адамдар эле?» - деп эскертип жаткан жери жок, бул туюнтма аркылуу ата-бабадан келе жаткан улуу насаат, ыйман, таалим-тарбия, салт-жөрөлгө, кааданы эске салып жатат.

Жогоруда көрүнүп тургандай, колдонулган көркөм деталдар, образдар жана көркөм шарттуулук тексттеги жалпы мазмунга, коммуникативдик интенцияга, негизги

мотивге жана стилдик талапка шайма-шай келет. Бул көрүнүштүн түпкүрүндө семантика-структуралык, логика-коммуникативдик бекем интеграция бар.

Жыйынтыктап айтканда, публицистикалык стилдеги текстер тиги же бул маселе тууралуу коомдук аң-сезимди, коомдук мамиле-түшүнүктү, көз карашты, дүйнө таанымды өзгөртүү же аны ар тараптан бекемдөө үчүн түзүлөт. Ошондуктан анда көркөм элементтер, каражаттар колдонулса да, информация каймана түрдө (подтекстте) эмес, ачык-айкын туюндурулат.

Адабияттар:

1. Ашырбаев Т.Кыргыз тилинин стилистикасы. Функционалдык стилдер. Б. 2004.
2. Китепте: Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Функционалдык стилдер. Б. - 2004.
3. Маразыков Т. С. Экстралингвистикалык факторлордун текстеги интеграциясы. 2-к. Б. - 2005.
4. Кожоев М. Эмен эмне дейт? // Ысык-Көл кабарлары, 22-декабрь, 2000-ж.

Думанаева М.Г.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.-91.07.

ЭНЕ ТИЛДИН ЭРТЕҢИ ЭМНЕ ҮЧҮН БИЗДИ ОЙЛОНТПОЙТ?..

Бул макаланы баштоодо жаш акын Алтынбек Исмаиловдун калемине таандык төмөнкү ыр саптарына токтолуп кетүүнү туура көрдүм.

Эх, кыргызым, ойлончу, эсти жебе,
Эне-атаңдын айтканын эски дебе.
Тарыхты сен тарс атып салган менен,
Таңдайыңа сайылат эски жебе!

Тилсиз элдин тукуму курут болгон,
Тилин сактап келген эл улут болгон.
Ата салтын, мурасын унуткандар,
Акыр түбү тирүүлөй дудук болгон!

Ташты сыгып, тарыхты төккүм келет,
Тилимди мен туу тутуп өткүм келет.
Эне тилин эсирип чангандарды,
Эне тилде ашатып сөккүм келет!!! [7. 39-40].

Жогоруда келтирилген ыр саптары “мен кыргызмын” дегендерди түпөйүлгө салбай койбойт.

“Элдин эң улуу, эң ыйык байлыгы – анын эне тили. Эне тилдин артында эл, элдин көп кылымдык тарыхы, маданияты, рух-касиети жана менталитети, келечек тагдыры турат” - демекчи, тилдин келечекке жасаган арым-кадамына, нарк-парасатына, улуулугуна, өлбөстүгүнө, түбөлүктүүлүгүнө айрымдарды ынандыра албай келебиз.

Тил – бул ар бир улуттун көркү, анын ар намысы, урматы. Тилиң болсо элсиң – тилсиз сен кимсиң? - дегеним, тээ кылымдардын тереңинен бери өз тилибиздин наркын жоготпой, сактап келген кыргыз эли “Манас” эпосу менен дүйнө жүзүнө таанымал болуп келген. Байыртадан сактап, аздектеп багып, жоготпой келе жаткан эне

тилибиздин маселеси бүгүнкү күндө оор үшкүрүк менен айтуучу, бүдөмүк бойдон калуучу чала өлүк каражатка айланып бара жатат десек болот. Өткөн жылдын башында айрым министрликтердин чет өлкөлүктөр менен болгон жолугушуулардын кыргыз тилинде өткөрүлгөнүн угуп, ошондой эле, эне тилибизге болгон камкордук аскерде колдонулуучу 150дөн ашуун терминдерди кыргыз тилине которуп жана ушул тапта алар аскер чөйрөсүндө колдонулуп жатканын көрүп "кудайым буюрса, муз ордунан жылып баратат" - деп аябай кубандым эле. Бир күнү Манас проспектисинен бара жатып, аялдаманын жанындагы самсы сатылуучу жайга токтоп калдым. Ал жердеги илинип турган көрнөктү көрүп, ага аң-таң болуп, ойлонуп бир топко турдум. Баягы, ордунан бир аз жылган муз алдыга умтулбай эле, менин кыялымда, тоңуп калгандай болду. Көрнөктө "Самсы с говядиной" деп чоң тамга менен, ал эми "Эт менен" деп анын астында кичинекей тамга менен жазылып турат. Көрнөктү көрүп ушунча намыстандым. Анткени орус тили кыргыз тилинин жогору жагынан орун алып, басып алгандай болду. Күндөн-күнгө көз алдыма орус тилинде жазылган көрнөктөр гана көрүнүп туруп алды. К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социолог адистеринин иликтөөсүнө таянсак, шаар калкынын 89 пайызы тышкы жарнактарды кызыгып окуйт жана 61 пайызы аны пайдаланат экен. Демек, көчөдө илинген жарнактар аркылуу да мамлекеттик тилдин абалын мындан да жакшыртууга болот экен да. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын чечими менен жалаң гана орус тилинде жазылган көрнөктөрдүн пайдаланылышына тыюу салынгандан бери, эне тилибизде бажырайып илинген көрнөктөрдү көрүп, жүрөк жылый баштады. Бирок, тилекке каршы көпчүлүк сөздөрдүн таптакыр туура эмес которулуп жатканы бизди өкүндүрөт.

Сентябрь айында студенттер менен кыргыз тил күнүнө карата чакан аудиторияда талаш-тартышты туудурган эң бир кызыктуу сабак өтүлдү. Сабакта ар улуттун балдары отурган. Сабак башталары менен эле ортого төмөндөгүдөй суроо салдым: Эмне себептен эне тилибиз өнүкпөй жатат? Студенттер ар кимиси өз ойлорун айтып, талашып-тартышып жатышты. Ошондо таң калганым, 4 улуттун өкүлүнүн бири дагы кыргыз тилин үйрөнүүнүн эч бир зарылдыгы жок, үйрөнүүгө эч бир далалат кылбагандыгын, андан көрө башка чет тилдерин өздөштүрүш керек деген ойлорун билдиришти. Арасында бирин-экин "киргиз" балдар да жок эмес. Буга кыргыз балдар намыстанып, урушканга чейин барышты. Ар кимиси ар түрдүү мисалдарды келтирип, өз ойлорун, далилдерин айтышты. Мага өзгөчө эки студенттин төмөндөгү мисалдары абдан жакты:

- "Сөздөн-сөз чыгып, өзбек улутундагы эки-үч жаран менен тил жөнүндө тартыша кеттик. Өзбек атуулдары: "Кыргыз бийлиги өзбек тилине расмий тил статусун бербей койду, өзбек тилине көп маани берилбей жатат" - дегенде, мен ага каршы төмөндөгүлөрдү айттым: "Мен сиздин айткандарыңызга таптакыр кошула албаймын. Өзбекстандагы кыргыздардын абалына салыштырмалуу, Кыргызстандагы өзбектердин жашоо-шарты абдан жогору, ал эми Өзбекстандагы кыргыз улутундагылар кыргыз тилинде эмес, өзбек тилинде баш көтөрүп да сүйлөй алышпайт. Дегеле, менин сөзүмдү эч кимисинин уккусу жок.

- "Мен Кыргызстанда туулуп-өскөнмүн, улутум түрк. Бирок кыргыздын жеринде туулуп, өзбектердин арасында жашап, өзбек эле болуп калганмын. Биздин айылдын жашоочуларынын 40-50%ы түрктөр. Айланабыздагы калган айылдарда жалаң өзбектер басымдуулук кылат. Айылдагы мектептер жалаң өзбек тилдүү. Мектепте түрк тили турмак, мамлекеттик тилде сабак өтүлгөн эмес. Кыргыз мектептери бирин-экин гана, бизге өтө алыс. Барып-келип окуганга көпчүлүгүнүн шарты туура келбейт. Айласыздан өзбек мектептеринде билим алып жатышат. Көчөдөгү көрнөк-жарнактар дээрлик өзбек тилинде, ал эми кыргыздар басымдуулук кылган аймактарда көрнөк-жарнактын

бардыгы тең орус тилинде кашкайып илинип турат. Базарларда, дүкөндөрдө жалаң өзбекче лексикондор, жада калса, жаңырган музыка да өзбек тилинде. Массалык маалымат каражаттары: телекөрсөтүү, радиоберүү, гезит-журналдардын көпчүлүгү өзбек тилинде” – деп, оюн жыйынтыктады.

Намыстанып отуруп, качан куру намысыбыз түгөнөт болду экен деген ой келет... Бул жашоодо чечилбеген маселе болбойт го. Ар бир иштин башында кыйынчылык болот. “Корксоң баштаба, баштадыңбы коркпо” - деген Чынгызхандын жакшы сөзү бар эмеспи.

Кыргыз мамлекети жалаң гана мамлекеттик тилде иш алып барса, айыл жериндеги жаштарга да даңгыр жол ачылып, жакшы жумуш табыш үчүн, “орусча билиш керек” деген тоскоолдуктар жоюлмак. Кыргыздарда “Адамдардагы бардык жакшы касиеттер күн нурунан жана эне сүтүнөн” деген жакшы сөз бар. Адам баласына эне сүтү менен кошо эне тили да сиңет. Эне тили аркылуу гана ошол элдин баркын, маданиятын, үрп-адатын кошо сиңирип, ошол элге болгон урмат-сыйы, мээрими артат.

Акыркы жылдары “кыргыз тилин кантип көтөрүү” деген идеянын тегерегинде толгон-токой ар тараптуу макалалар жарыяланып, ар түрдүү ой-пикирлер айтылып, колдон келген аракеттер жасалууда. Бирок, эмнегедир натыйжа чыкпагандай туюлат. Эгер кыргыз тили кыргыз мамлекетинде сүйлөнбөсө, башка өлкөдө сүйлөнмөк беле. “Мен кыргызмын, мен ошого мактанам...”! –дегендер дээрлик калбай бараткандай. Кыргызымдын эне тили эң жөнөкөй, эң жатык тилдердин катарына кирет эмеспи. Бардыгын орус тилинде даярдап туруп, ооздоруна салып берип отурсак, атыбыз кыргыз, а затыбызчы?.. Эмнегедир өз мамлекетибизде жүрсөк да, өзгөнүн мамлекетинде жүргөндөй элес калтырат. Аз-аз жерден өзбектер “өзбек тилине да расмий тил статусун бергиле”,- деп араң турган кыргыз элинин намысына тийди го. Кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүш керек эле дейбиз, кыргыз тилин кыргыздардын өзүнө үйрөткөндү унутуп, ошонун кесепетинен ушундай абалга туш болуп жатабызбы?.. Анан Кыргызстандагы кайсы улут кыргыз тилине кызыктар болмок эле. Мамлекеттик иш кагаздарынын дээрлик көпчүлүгү орус тилинде жүргүзүлүп жатса, каяктагы муктаждык менен зарылдыкты айтабыз.

Тил - улуттук маданияттын эң негизги бөлүгү жана аны өркүндөтүүчү башкы каражат. Кайсы гана элдин тили болбосун, ал ошол элдин акыл-сезиминен, туюмунан жаралган кайталангыс нерсе. Тил аркылуу адам баласы сүйлөйт, жашайт, өз оюн айта алат. Жалпы жолунан айтканда, элди түбөлүк эл кылып турган анын тили да. [5].

Кыргыз тили – канча кылым жол басып, көчмөн эл оозеки сактап келген санжыралуу уламыштар менен жөө жомокторго бай, дастандарды айткан Улуу, өлбөс-өчпөс тил.

Өткөндөрдүн наркы, салты демекчи, турмуш тажрыйбасынан алынган “тилсиз эл болбойт”, “тил-мамлекеттин күзгүсү”, “баба сөзү-ал соолбос булак, ал түбөлүк кыймылда, ал кыргыздын түгөнбөгөн кенчи, асыл мурасы”, “жаттаган сөз менен жашоо кыйын”, “тилек арыбайт-тил карыбайт”, “сөз учугу тил менен, тил байлыгы дил менен”, “акыл атасы-сөз”, “тилиңди билсең-дилиңди билесиң” [4. 10-29] сыяктуу накыл кептер, куюлушкан чечендик сөздөр менен кийинки муундар тарбияланып келишкен. Тил тагдыры баарыбызды бушайман кылып келет. “Сөз учугу тил менен, тил байлыгы дил менен” деген учкул сөздө айтылгандай, улуттук тилдин түбөлүгү жалпы коомчулугубуздун, кадырман калкыбыздын жапа тырмак жасалган иш аракетине байланыштуу.

Бабалар көңүлдүн кереметин сөзгө бурушуп, жугумдуу, угумдуу, туура сөздөрдү сүйлөшүп, мамлекеттин күзгүсү, элдин маданияты, тарыхы, салт-санаасы, үрп-адаты анын эне тилинде, ал эми чечендиктин башаты – тил үйрөнүүдө деп, бекеринен айтышпагандыр. Көсөм көч баштаса, чечен сөз баштап, элди, мамлекетти башкаруу

иштеринде да башкача айтканда, чечендер хандардын, бектердин, ажолордун акыл кошчусу болуп, сөздүн улуу да жылуу да, жагымдуу да, таасирдүү да жагын туу тутуп келгени чындык го.

"Мен кыргызмын" деген киши бөлөнгөн бешигин, төрөлгөн үйүн, киндик кан тамган жерин өтө ыйык көрөт жана ал үчүн кара жанын да кыят. Ата-Мекенин, Ата-Журтун "Ата конушу" деп атасынын ысымын бапестеп, кошуп айтканы жөн жерден эместир. [3]. Дүйнөдө кыргыз жериндей кооз, ажайып жер бар болду бекен? Байыркы замандан бери Ала-Тоодон Алтай, Саянга чейинки аймактарда көчүп-жүрүп жердин баркын билген бабаларыбыз мал-жанга жагымдуу, табияты кооз өрөөн-түздөн, шар аккан суунун боюнан, көгөргөн көлдүн жээгинен конуш тандаган, өзүнүн эне тилин, дилин, маданиятын, табиятын сүйгөн жана баладай бапестеген. Тоо койнундагы улуулукту, сулуулукту, тазалыкты көрө да, баалай да билишкен. Кыргыз эли тили менен, салты менен өзгөчөлөнгөн. Ушундай бай тарыхы бар, кылымдарды карыткан кыргыздын эне тилине кантип ичиң ачышпайт.

Кыргыз эли сөз барктаган, баалаган, сөзгө жыгып, чукугандай сөз таап, куюлушкан куйкум сөздөрү менен дүйнө жүзүнө белгилүү.

Абал башта сөз деген,
Абалтан асыл сөз келген.
Аталар арнап калтырган,
Аны аздектеп улоо, биз, сизден

- деп, сөз, тил чебери жогорудагы ыр саптарында келтирилгендей, улуттук тилдин түбөлүгү жалпы коомчулугубуздун, кадырман калкыбыздын жалпы аракетине байланыштуу.

Кыргыздын канынан, жанынан, алтын топурак, тунук суу, кереметтүү, жыттуу абасынан жаралып, өзүбүз өз тилибизди, өз улутубузду өгөй кылып жатканыбызды түшүнүп жаттык бекен? Ойлон кыргыз! Ойгон кыргыз! Эне тилдин эртеңин!..

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. Мамлекеттик тилдин маселелери. Окуу куралы. Б., 1999.
2. Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү. Жыйнаган: Ибраимов М. Кара-Балта, 2005.
3. Акматалиев А.С. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. Б., Шам. 2000.
4. Чыманов Ж. Тил жана кеп жөнүндө сөз. Б., 2005.
5. Орокчиев Т. Эне тилибиз канткенде мамлекеттик тил болот? Кыргыз туусу, 2009, 13-январь.
6. Конгайтиева. Тил – улуттун жан дүйнөсү. КУУнун Жарчысы. Б., 2009.
7. А.Исмаилов. Таш күзгү. Ырлар. Б., 2008.

Дурду Йүжел.

Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

УДК. 412.13

САПАТТЫК СЫН АТООЧТУН АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Түркологияда сын атоочтордун табиятын иликтөө иши эбактан бери эле колго алынып келгенине карабастан бул багытта тактоону талап кылган маселелер али да арбын экени талашсыз. Алсак, сын атоочтор негизинен семантика-грамматикалык жактан сапаттык жана катыштык сын атоочтор деп эки чоң топко бөлүнсө да, алардын табияты боюнча түркологияда бир түрдүү пикирлер жарала элек. Ошондуктан бул

макалада биз сапаттык сын атоочтордун семантикалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө азыноолак сөз кылмакчыбыз.

Сапаттык сын атоочторго кыргыз тил илиминде негизинен төмөнкүдөй аныктамалар берилип келет:

1. «Заттардын сын-сыпаты, өңү-түсү, даамы, формасы, сапаты сыяктуу белгилерди түздөн-түз көрсөткөн сын атоочтор сапаттык сын атоочтор деп аталат. Мисалы: *ичке, сулуу, ак, жашыл, тунук, ачуу, таттуу, тегерек, тоголок, шайыр түнт, жакшы, жаман*» [Исаев, Кудайбергенов, Үсөналиев 1986: 87-97; сал.: Исираилова 2007: 40-44; Үсөналиев 1975: 121-130].

2. «Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигый белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн–түз билдирет. Алардын мындай мүмкүнчүлүгү башка сөздөрдүн катыштыгы жок эле ишке ашат. Алардын дээрлик бардыгы тубаса сын атоочтор болот.

Сапаттык сын атоочтор төмөнкүдөй белгилери боюнча катыштык сын атоочтордон айырмаланат:

а. Сапаттык сын атоочтордун көпчөлүгү уңгу сөздөр, ал эми катыштык сын атоочтор туунду сөздөр болуп саналат.

б. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү өз ара антонимдик катышта келет: *чоң-кичине, ак-кара, жоон-ичке, тар-кең, узун-кыска* ж.б.

в. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы заттардагы касиеттин, белгинин деңгээлин көрсөтүп, даража көрсөткүчтөрүнө ээ болот. Мындай көрсөткүчтөргө катыштык сын атоочтордун айрымдары гана ээ болот» [Абдувалиев, Садыков 1997: 99; сал.: Абдувалиев 2008: 98-99; Карымшакова 2009: 104-111].

3. «Кыргыз-түрк салыштырма грамматикасынын негиздери» аттуу эмгекте «Сапаттык сын атоочтор заттардын жеке керт башына мүнөздүү болгон түрдүү белгилерин билгизери, туунду жана тубаса түрүндө болору, даража боюнча өзгөрүлөрү белгиленет да, төмөнкүдөй беш маанилик топторго бөлүнүп көрсөтүлөт:

1. Заттын өңү-түсүн билдирүүчү сөздөр: *кызыл, ак, кара, жашыл, сары, боз, көк, көгүлтүр, кофе өңдүү, кызгылт сары, кызыл көк* ж.б.

2. Адамдын, заттын сапаттык белгисин билдирүүчү сөздөр: *жакшы, жаман, сулуу* ж.б.

3. Заттын жаамын-татымын билдирүүчү сөздөр: *ачуу, таттуу, даамдуу* ж.б.

4. Заттын ченемин, көлөмүн, жашын билдирүүчү сөздөр: *узун, тар, кыска, кенен, чоң, кичине, жаш* ж.б.

5.Заттын мейкиндик, мезгилдик жактан болгон аралыгын билдирүүчү сөздөр: *жакын, узак, терең, тайыз* ж.б. [Садыков, Сагынбаева 2010: 164-165].

С.Давлетов, С.Кудайбергеновдун грамматикасында «Мындай сын атоочтор заттардын табияты менен ажырагыс түрдө байланышкан, алардын керт башына тиешелүү болгон белгилерди билгизет» деген аныктама берилет [Давлетов, Кудайбергенов 1980: 92]. Андан соң «сапаттык сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерди билгизет деп белгиленет:

«1. Өң-түс жагынан өзгөчөлүктөрдү: *ак, кара, кызыл, көк, жашыл, мала, кызыл, кара көк, сары чийкил, жээрде, куба, кочкул ж.б.*

Ак *жибек көйнөк, кызыл дукаба бешмант,* ***кызыл*** *жибек жоолук, бутундагы* ***кара*** *туфлий,* ***саргылт*** *жибек байпак... сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат* (КЖ). *...көчөнүн ортосуна барып,* ***кара көк*** *тарткан асманды, ай нуруна бөлөнүп заңкайган* ***ак*** *чач кербез тоолорду карап, табийгаттын эбегейсиз сырдуу күчүнө, сулуулугуна таңыркагандай болду* (АТ).

2. Көлөм, өлчөм, салмак жагынан болгон белгилерди: *чоң, кичине, оор, жеңил, узун, кыска, бийик, жапыз, кең, тар, кууш, жука, калың, терең, тайыз* ж.б.

Бийик *тоо чыкса, көзүң ачылат. Билимдүү менен сүйлөшсөң, көңүлүң ачылат* (М.). *Кадыр сыйлап калк тапшырган иш* ***улуу****, Эл ишинде жаштык өссүн жалындуу* (АО).

3. Даам-татык, жыт жагынан белгилерди: *ачуу, кермек, сасык,жыттуу* ж.б.

Мээнетиң катуу болсо, татканың ***таттуу*** *болор* (М). *Алманын* ***кычкыл*** *даамы баланы ачуургантып жиберди* (ЛЖ).

4. Темперамент, мүнөз, моралдык сапат жагынан белгилерди: *коркок, өткүр, момун, чатак, курч, тентек, шок, жалкоо* ж.б.

Билимдүүнүн сөзү ***өткүр,*** *мергенчинин көзү* ***өткүр*** (М). *Жамандын бир аты –* ***жоош*** (М.). *Элдер* ***асыл,*** *жерлер* ***жакшы*** *сен кеткен.* ***Эстүү, сонун, жаңы*** *өспүрүм келсе экен!* (АО).

5. Температура жагынан белгилерди: *ысык, суук, мелүүн, муздак, жылуу, ыкчам ж.б. Мезгил* ***түш.*** *Аба* ***ысык*** (КЖ).

6.Түзүлүшүндөгү өзгөчө белгилерди: *бүкүр, жантык, ийри, кыйшык, кыңыр, чалыр, кылыр, кырдач, жалпак, тоголок, сүйрү ж.б.*

Жамыйла күлгөндө, чымкый кара ***сүйрүрөөк*** *көзүндө ден соолуктун… күчү ойт берип…* (ЧА). ***Тоголок*** *кызыл даны бар, Токчулук буудай жана бар* (ТМ) [Давлетов, Кудайбергенов 1980: 92-94].

2009-жылкы кыргыз тилинин академиялык грамматикасында сапаттык сын атоочтор кыйла такталып, кенири маалымат берилген: «Мындай сын атоочтор заттын сын-сыпаттык, сапаттык белгисин өзүнүн лексикалык мааниси боюнча эле тике, түздөн-түз атап көрсөтөт: *Жылуу үй, бийик тоо, таттуу алма, жаш бала, күрөн уй.*

Сапаттык сын атоочтор үчүн төмөнкүдөй грамматикалык белгилери мүнөздүү:

1) сапаттык белгини кадыресе жайынча экендигин, же аз-көптүгүн билдирүүчү салыштырма, күчөтмө даража боюнча өзгөрөт: *жакшы – жакшыраак - эң жакшы, чон - чоңураак, катуу – катууракак – капкатуу*;

2) сапаттык сын атоочтун күчөтмө даражасын жасоочу анын өзүнө гана мүнөздүү болгон атайын формасы бар: *кыпкызыл, капкара, жапжаш, капкатуу* ж.б.;

3) сапаттык сын атоочтордун басымдуу көпчүлүгү өз ара антонимдик катышты түзө алат: *ак-кара, бийик-жапыз, чоң-кичине, ысык-суук, арык-семиз, жоон-ичке, узун-кыска* ж.б.;

4) сапаттык сын атоочтордун ичинен заттын өңү-түсүн билдирүүчүлөр сапаттын жетишсиздигин билдирүүчү *–ыш, -гылт, -гылтым, -гыч* ж.б. мүчөлөр менен өзгөрөт: *агыш, кызгылт, саргыч*. Ал эми заттын жалпы белгисин же мүнөзүн билдирүүчү *жакшы, жаман, сулуу, орой, салык, назик, жоон* деген сыяктуу сын атоочторго сын-сыпаттык жетишсиздигин билдирүүчү аталган мүчөлөр жалганбайт;

5) бир катар сапаттык сын атоочтордон *-лык* мүчөсүнүн жардамы менен абстракттуу маанидеги зат атоочтор жасалат: *жаңылык, жакшылык, жамандык, узундук, курчтук, сулуулук, өткүрлүк* ж.б. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле заттардын ар түрдүү белгилерин өзүнүн лексикалык мааниси боюнча түздөн-түз атап көрсөтөт: *чоң, кичине, таза, кең, сонун, тар, ичке, назик* ж.б.

Сапаттык сын атоочтор негизинен төмөнкүдөй маанилерди билгизет:

1) жалпы белгини,сапатты билдирет: *жакшы, жаман, начар, сулуу, көркөм, коюу, жапайы, мыкты, морт, кымбат, кыраакы, бай, кедей:*

2) мүнөздү билгизет: *сылык, орой, тентек, жоош, ойрон, долу, элпек, карапайым, шайыр, түнт, шамдагай, момун, жеңил, суз* ж.б.

3) өндү, түстү көрсөтөт: *көк, ак, кызыл, жашыл, сары, боз, сур, күрөң, жээрде, кулгун, чаар, буурул, тору, ала, кула, мала* ж.б.

4) даамды,жытты билдирет: *ачуу, таттуу, кычкыл, кыйгыл, ачык, супсак, ширин, сасык;*

5) форманы, сырткы кебетини көрсөтөт:тоголок, *жумуру, сүйрү, тегерек, жалпак, түз, ийри, кыйшык, кайкы, кырдач, чарчы, жапалдаш, бүкүр, болук, толук, семиз, көсөө* ж.б.

6) көлөмдү, өлчөм, салмак, жаш өзгөчөлүктү билгизет: *чоң, кичине, кең, тар, кенен, кууш, терең, тайыз, узун, кыска, бийик, жапыз, жазы, жука, калың, оор, жеңил, жаш, картаң, улуу, кенже, кичүү.*

7) температуралык белгилерди туюндурат: *суук, салкын, мелүүн, муздак, жылуу*" [АКАТ 2009: 324].

И.Абдувалиевдин пикиринче, сапаттык сын атоочтор төмөнкүдөй маанилик топторго бөлүнөт:

"1. Өңдү-түстү көрсөтүүчү сын атоочтор: *ак, жашыл, сары, мала, кара, күрөң, жээрде, тору, куба, кочкул* ж.б.

2. Заттын ички, сырткы белгилерин билдирген сөздөр: *түз, ийри, тоголок,сүйрү, бийик, узун, чоң,тар, кууш, бүкүр, жантык, кыйшык, кыңыр, чалыр, терең, калын, кең, кырдач, жапыз, жука, тайыз, жумуру, жалпак, аксак* ж.б.

3. Кулк-мүнөздөгү өзгөчөлүк белгилерди билдирген сын атоочтор: *акылдуу, акмак, жоош, тентек, сылык, сылаңкороз, көйрөң, коркок, өткүр, момун, чатак, курч, шок, эпкиндүү, асыл, жакшы, жаман, сыпайы, кырс* ж.б.

4. Даам, жыт, өзгөчөлүктү билдирген сөздөр: *таттуу, даамдуу,ачуу, ширин, жыттуу, кыйгыл, кермек, кычкыл, коңурсук, сасык* ж.б.

5. Жылуулук өзгөчөлүктү билдирген сөздөр: *суук,жылуу, ысык, муздак, мелүүн, жылымык, салкын, кайнак* ж.б.

6. Заттардагы катуу, жумшак, салмак, көлөм сапаттарды билдирген сөздөр: *катуу, борпоң, жумшак,орто, майин, семиз, арык, толук, бош, оор, жеңил* ж.б.

7. Затта кандайдыр бир белгинин бар же жок экенин билгизген сын атоочтор. Булар көбүнчө *-луу, -сыз* мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат: *токойлуу, балалуу,оттуу, малдуу, бактылуу, суусуз, акылсыз, бактысыз, таштак, баткак, ылайка, айылдык, шаардык, класташ, жердеш, сырдаш, акылдаш, санаалаш, уялаш* ж.б.

8. Мезгилдик, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белгиси катары көрсөткөн сөздөр: *кышкы, түнкү, жазгы, сырткы,жазындагы, ошондогу, эртеңки, быйылкы, былтыркы, кечки, үйдөгү, мындагы, тигиндеги, шаардагы ж.б.»* [Абдувалиев 2008: 96-97]**.**

Башка түрк тилдеринде да, орус тилинде да ушу сыяктуу маалыматтар берилет [Кононов 1960: 144; Бабушкин 1970: 85; Виноградов 1972: 169; ГСРЛЯ 1965: 30].

Түркологияда сапаттык сын атоочтордун семантикасын иликтөөдө өзгөчө салым кошкон аалымдардын катарына Ф.Оразбаева, Г.Сыздыкова, Б.Омар сыяктуу казак изилдөөчүлөрүн кошууга болот [Оразбаева 1988; Сыздыкова 2000; Омар 2001]. Бул изилдөөлөрдө сын атоочтордун семантикалык өңүттөрү ар тараптан териштирилгени маалым.

Сөз маанисинин курамы – лексикалык семантиканын өзөк маселеси. Жалпысынан алганда сөз же "лексема *атоо, маани, зат* деген үчилтиктен куралат" **[**Аккөзов 2004: 6**]**. Лингвистикалык адабияттарда аталган биримдик семиотикалык үч бурчтук аркылуу түшүндүрүлөт. Мында А бурчу сөздүн тыбыштык жагы, В бурчу мааниси (сигнификат), Д бурчу зат (референт, денотат) деп аталат. Үч бурчтуктун АВ жагы сөздүн тыбыштык турпаты менен маанисин, ВД жагы сөздүн мааниси менен чындыктагы затты байланыштырат. Бирок бул байланыштарды түшүндүрүүдө аалымдар ар түрдүү пикирлерди сунуш кылат. Мисалы, С.Огден менен И.Ричардс А менен Д бурчтарынын арасында түздөн түз байланыштын жоктугун айтып, алардын

арасын үзүк сызык менен берсе, Г.Стерн аны башкача түшүндүрүп, үч бурчтуктун АД жагын бүтүн сызык менен кошот. Ал эми тилчи аалымдардын бир тобу сөз маанисин үч бурчтук эмес, башка геометриялык фигура аркылуу берет. Мисалы, М.Оразов семиотикалык белгини төрт бурчтук аркылуу түшүндүрсө, Л.А.Новиков мааниси менен маанинин тең түшпөгөндүгүн көрсөтүү үчүн кошумча бурчту кошот [Новиков 1982]. Буга байланыштуу М.Оразов иделдуу денотат терминин киргизет: «Идеалдуу денотатты семантиканын курамына киргизүүнү талап кылган нерсе –заттын өзөгү, түшүнүгү сөздүн маанисине тикеден-тике өтө албайт, экинчи жагынан сөздүн мааниси менен обьективдүү дүйнөдөгү заттардын адам аң-сезиминде түйшүк жарата турган белгилери да идеалдуу денотаттын курамына кирет. Демек, сөздүн маанисинин курамына кирген денотат - идеалдуу денотат» [Аккөзов 2004: 19]. Тактап айтканда, денотат сөздүн - тикеден тике түшүнүгү, берилген нерсе – зат менен байланыштуу болсо, идеалдуу денотат зат менен тикеден-тике байланышпастан, ойдо гана кыйыр түрдө, анын түрдүү белгисин гана билдирүү аркылуу байланышат.

Казак тил илиминде Г.О. Сыздыкова көрсөткөндөй [Сыздыкова 2000], сапаттык сын атоочторго семалык талдоо жүргүзгөндө катыштык сын атоочко караганда бир семалык элементтин кем болгонун айтат. Мисалы, *жакшы* сөзүнүн семасы:

1) ички касиетти билдирет;

2) жагымдуу эмоцияны билдирет;

3) тек сапатты гана көрсөтөт.

Мисалы: *Обал жоқ осы байларға, Мал қызығын көрмеген.* ***Жақсы*** *төсек, тәтті ас жоқ, Жан қадірін білмеген* (Абай). *Бұл жасқа келгенше* ***жақсы*** *өткіздік пе, жаман өткіздік пе, әйтеуір, бірталай өмірімізді өткіздік* (Абай).

Мындагы ***жақсы*** сөзүнүн эки жол менен колдонулушу берилген. Экөөндө да бирдей сема – жагымдуу эмоция, заттын, иш-аракеттин сапатын билдирүү. Биринчиде зат атооч менен, экинчисинде этиш менен тиркешкен. Анда келүү сыпатына карай айтуучу сема пайда болот, *жакшы* сөзү биринчисинде заттын сапатын, кийинкисинде иш-аракеттин сапатын билдирет.

Эми катыштык сын атоочторго сереп салып көрөлү: *Қаратау кейде қарлы, кейде қарсыз, Ер жігіт кейде* ***малды****, кейде малсыз* (Эл адабияты). Мында малы көп маанисиндеги *малды* катыштык сын атоочунун семалары: 1) төрт-түлүк мал; 2) малдын бар экендиги; 3) көп экендиги; 4) дөөлөттүү экендиги» [Аккөзов, 2004: 18-28].

Биздин оюбузча, ушул жерден сапаттык сын атоочтор менен катыштык сын атоочтордун семантикалык негизги ажырымы байкалып тургандай. Сапаттык сын атоочтордо *сөз-маани-идеалдуу денотат* триадасы жашаса, катыштык сын атоочтордо *сөз-маани-денотат-идеалдуу денотат* баскычы ишке ашырылат. Мисалы: *кызыл, ак, сары, жакшы* деген сөздөрдү алсак, алардын семантикалык сыпаты үч бурчтук формасында ишке ашат. Ал эми *тузсуз, балалуу, таштак, жазгы* деген сөздөр заттын белгиси катары келгенде алардын мааниси төрт бурчтук формасында кабылданат. Мындай идеалдуу денотат мааниси тил илиминде сигникаттык маани деп берилет [Аккөзов 2004: 18].

Ошентип, сапаттык сын атоочтор менен катыштык сын атоочтордун семантикалык жактан кабылданышында да, морфологиялык табиятында да жалпылыктар менен бирге өзгөчөлүктөрдүн болушу табигый көрүнүш. Алардын жалпылыктарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. Сапаттык сын атоочтор да, катыштык сын атоочтор сигникаттык маанини туюндурат.

2. Сапаттык сын атоочтор да, катыштык сын атоочтор да заттын түрдүү белгисин билгизет.

3. Түзүлүшүнө карай сапаттык сын атоочтор да, катыштык сын атоочтор да жөнөкөй жана татаал формаларда жашай алат.

4. Маанилик жактан ич ара окшош топторго ээ болушу мүмкүн. Тактап айтканда, сапаттык сын атоочтор да, катыштык сын атоочтор да заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, формасын, көлөмүн, ченемин, келбетин ж.б. белгилерин билдире алат.

Сапаттык сын атоочтор менен катыштык сын атоочтор төмөнкүдөй белгилери боюнча айырмаланат:

1. Семантикалык жактан сапаттык сын атоочтор *сөз-маани-идеалдуу денотат* курамынан турса, катыштык сын атоочтор *сөз-маани-зат (денотат) - идеалдуу денотат* курамынан турат.

2. Сын атоочтордордун даража категориясы боюнча сапаттык сын атоочтордун баары өзгөрө алат, ал эми катыштык сын атоочтордун айрымдары гана даража категориясы боюнча өзгөрөт.

3. Сапаттык сын атоочтун күчөтмө даражасын жасоочу өзүнө гана тиешелүү формасы болот: *кыпкызыл, капкара, супсулуу* ж.б. Ал эми катыштык сын атоочтор мындай формада келбейт.

4. Сапаттык сын атоочтор өз ара лексикалык антонимдик катышты түзө алат: *ак-кара, улуу-кичүү, чоң-кичине* ж.б. Ал эми катыштык сын атоочтор мындай лексикалык антонимдик катышта колдонулбайт.

5. Бир катар сапаттык сын атоочтордон *-лык* мүчөсүнүн жардамы менен абстракттуу маанидеги зат атоочтор жасалат: *жаңылык, жакшылык, жамандык, узундук* ж.б.

6. Сапаттык сын атоочтор эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле заттардын түрдүү белгилерин лексикалык мааниси боюнча атап көрсөтөт: *чоң, таза, бийик* ж.б. Ал эми катыштык сын атоочтордун баштапкы уңгусу белгини билгизбейт: *таш-так, суу-луу, эс-түү* ж.б.

7. Сапаттык сын атоочтор тубаса жана туунду формаларда болот, ал эми катыштык сын атоочтор дайыма туунду формада болот.

8. Сапаттык сын атоочтор сын атоочтордун кошулушу аркылуу синтаксистик жол менен жасалса, катыштык сын атоочтор башка түркүмдөгү сөздөрдөн көбүнчө морфологиялык жол менен жасалат. Мисалы: *күлгүн кызыл, ток жашыл, кызгылт сары, сары ала, кара ала, алабула, ач жашыл* (сапаттык сын атоочтор); *тоолуу, суулуу, таштак, шаардык, жазгы, санаалаш* (катыштык сын атоочтор).

9. Сапаттык жана катыштык сын атоочтордун грамматикалык түзүлүшү эки башка болгондуктан, грамматикалык жактан аларды эки түрдүүчө классификациялоого болот.

Жыйынтыктап айтканда, *сапаттык сын атоочтор* деп эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле өзүнүн ички лексикалык мааниси боюнча заттын ар түрдүү даражадагы белгисин түздөн-түз билдирүүчү сөздөрдү айтууга болот. Алар өз алдынча грамматикалык жана маанилик өзгөчөлүктөргө ээ.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И., Кыргыз тилинин морфологиясы.-Б: 2008.
2. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. Б: Сорос-Кыргызстан, 1997. – 296 б.
3. АКАТ - Азыркы кыргыз адабий тили. Б: Avrasyapress, 2009.
4. Ақкөзов Ә.Ә. Сапалық сын есімдердің семантикасы және жүйесі. Канд. дис. Алматы: 2004.
5. Бабушкин Г.Ф., Грамматика хакасского языка. - М: Наука,1970.
6. Виноградов В.В., Русский язык (Грамматическое учение о слове). Москва: Высшая школа, 1972. – 614 б.

7. ГСРЛЯ, Грамматика современного русского литературного языка. - М: Наука, 1965.
8. Давлетов С.- Кудайбергенов С., Азыркы кыргыз тили.- Ф: Мектеп, 1980.
9. Исаев Д., Кудайбергенов С., Үсөналиев С., Кыргыз тили.- Ф: Мектеп, 1986.
10. Исираилова А.М., Кыргыз тили. -Б: 2007.
11. Карымшакова А., Кыргыз тилинин морфологиясынын жана лексикологиясынын маселелери. - Б: 2009.
12. Кононов А.Н., Грамматика современного узбекского литературного языка. М-Л: 1960.
13. Новиков Л.А., Семантика русского языка. Москва: 1982. – 380 б.
14. Омар Б., Етістік негізді туынды сын есім семантикасы. Фил. ғыл. канд. диссер. авторефераты. Алматы: 2001. - 25 б.
15. Оразбаева Ф., Қазіргі қазақ тіліндегі сын синонимдер. Алматы: 1988. – 258 б.
16. Садыков Т., Сагынбаева Б. Кыргыз-түрк салыштырма грамматикасынын негиздери. Б: Avrasyapress, 2010. – 479 б.
17. Сыздықова Г.О., Қазіргі қазақ тіліндегі қатыстық сын есімдердің семантикасы және стильдік анықтамасы. Фил. ғыл. канд. диссер. автореферaты. Астана: 2000. - 26 б.
18. Үсөналиев С., Кыргыз тилин окутуунун методикасы.- Ф: Мектеп, 1975.

Зарипова М.Э., Шаршенбаев А.К.
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги
К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы

УДК.408.3:413

АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЛЕКСИКА

Дипломатия тили абдан бай жана көп кырдуу. Анын өзүнө гана тиешелүү терминдер системасы бар жана аны төл сөздөн турган терминдер менен кабыл алынган терминдердин жыйындысы түзөт. Дипломатия тилинин дагы бир өзгөчөлүгү – этикет сөздөрдүн колдонулуусу. Алар көбүнчө башка мамлекеттердин өкүлдөрүнө кайрылууда, алардын титулдарын белгилөөдө пайдаланылат: улуу урматтуу, улуу мартабалуу падыша, канзада, канцлер ж.б. Кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасы туурасында сөз баштоодон мурун макаланын негизги түшүнүктөрү болгон “лексика” жана “термин” сөздөрүнүн маанисине токтолуп кетсек.

Лексика(грек. lexikos -сөзгө тиешелүү) тилдеги сөздөрдүн жыйындысы, анын сөздүк курамы. “Лексика” термини сөздүк курамдын айрым катмарларына карата да (тиричилик Л., поэтикалык Л., иштиктүү Л.,ж.б.), тигил же бул акын-жазуучу колдонгон бардык сөздөрдү белгилөө үчүн да (Айтматовдун Л., Толстойдун Л.,ж.б.) же белгилүү бир көркөм чыгармада колдонулган бардык сөздөрдү көрсөтүү үчүн да (“Сынган кылычтын” Л., ж.б.) колдонулат (Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. -Бишкек.: 2004. 235-б.).

Терминологиялык лексика, терминдерди гана өзүнө камтыйт. Терминди бейтарап лексикадагы тиги же бу сөздөн айырмалоочу жана анын өзүнө гана коюлуучу талаптар терминология теоретиктери тарабынан иштелип чыккан. Берилген аныктамаларда терминдин белгилүү бир гана түшүнүктү билдирүү жөндөмдүүлүгү; кандай гана түшүнүк болбосун, аны билдирүүчү, атоочу терминдин кыска (бир сөздөн туруусу) артыкчылыгы негизги шарт болуп келет. Термин үчүн синонимдин болушу туура эмес. Ошентип, термин деген сөздүн аныктамаларын карап өтсөк. “Белгилүү бир түшүнүктөрдү так атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулган сөздөр же сөз айкалышы **термин** деп аталат. Терминдик сөздөр башка сөздөрдөн айырмаланып, көп маанилүүлүккө, өтмө маанилүүлүккө, экспрессивдүүлүккө ээ эмес. Көбүнчө бир манилүү келип, түшүнүктөрдүн мазмунун, негизги өзгөчөлүктөрүн так чагылдырат” (

Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. - Бишкек.:1996. 1-бөлүк 178-б.). “**Термин (**латынча terminus)- чек. Илимдеги түшүнүктөрдүн паспорту**...** Ошентип, термин дегенибиз өзүнчө бир башка, өзгөчөлөнгөн сөз эмес, жалпы лексикадагы эле, бирок белгилүү илимий түшүнүктү так, кыска атоо максатында атайын колдонулган сөз” (Орузбаева Б.Ө. Кыргыз терминологиясы. - Фрунзе: Мектеп,1983. -3-4 б.). Дагы бир көңүл бурулуучу маселе кесиптик лексика менен терминдерди айырмалай билүү. Терминология илиминде ушул маселеге байланыштуу ар түрдүү пикирлерди термин менен кесиптик лексиканы так айырмалоо максатында келтирип кетүүгө болот. Алсак окумуштуу С.Д.Шелов “Терминология и характерная лексика” деген макаласында бул маселеге төмөнкүчө карайт: “Возвращаясь к поставленному вопросу, мы можем отметить яркую черту всех приведенных примеров: характерность употребления соответствующих слов для данных тематических и профессиональных областей. Именно это качество и может, с нашей точки зрения, лечь в основу номинации соответствующего явления.....Таким образом, на семантических основаниях можно выделить в общей совокупности слов, имеющих пометку “спец”., два класса лексики: терминологическую и характерную лексику” (Термины и их функционирование. Межвузовский сборник. – Горький.: 1987. 25-26-б.). Ал эми окумуштуу лингвист А.Жалилов кесиптик лексиканы: “ Кандайдыр бир өндүрүштүн, чарбанын тармагында же ар кыл өнөр-кесип тарабында колдонулуп, ошол чөйрөдө иштеген адамдарга гана түшүнүктүү болгон сөздөр кесиптик лексиканы түзөт. Кесиптик лексика белгилүү бир кесип менен шугулданган адамдардын тобун тейлейт. Социалдык жактан терминдер сыяктуу чектелүү болот, бирок алар тийиштүү түшүнүктөрдү атайын туюндуруу үчүн терминдердей официалдуу түрдө кабыл алынбайт, тилдин ички стихиясында түзүлүп, өнүгүп, өзүнө таандык кесиптеги адамдардын оозеки кебинде иштетиле берет”, деп белгилейт (Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. - Бишкек.:1996, 1-бөлүк, 178-б.).

Демек, кесиптик лексиканын терминдерден айырмасы, анын расмий эместигинде жана оозеки кепте көп колдонулгандыгында.

Учурдагы кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасына назар салсак кесиптик лексикасы да, терминологиясы да жаңыдан калыптанууда. Кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасы башка кесиптердин лексикасындай эле көптөгөн неологизмдердин, кабыл алынган сөздөрдүн пайда болушу менен өзүнүн курамын кеңейтип жана байытып келет. Азыркы дипломатиялык тилде терминдердин дээрлик көбү латын жана француз тилинен кирген терминдер. Мунун себеби, орто кылымдарда Батыш Европада жалпы дипломатиянын тили катары латын тили, андан кийин француз тили (XVIII-XIX к.) колдонулуп келгендикте. Мисалы:

<u>Грек тилинен кирген терминдер:</u>

Автаркия (гр.autokrateia) - башкаруу системасы(башка мамл. экон. жактан обочолонгон).

Автономия (гр. autos-өзүм, + monos-закон) - өзүн өзү башкаруу.

Апартрид (а+гр.partis) - жарандыгы жок жактар.

Демография (гр.demos эл+графия) - элдин курамын изилдөөчү илим.

Диаспора (гр.diaspora) - элдин бир бөлүгү.

Стратегия (гр.strategia) – 1. түпкү максат 2. жетектөөнү пландаштыруу чеберчилиги.

<u>Француз тилинен кирген терминдер:</u>

Атташе (фр.attoche) - дипломатиялык даража.

Анклав (фр.enclave) - мамл аймагы башка мамл. курчоосунда калуу.

Агреман (фр. agreement)- жактыруу, макул болуу.

Вализа (фр. valise) - дипломатиялык каттар үчүн конверт, чемодан.

Демарш (фр.demarche) - өкмөт же дип. өкүлчүлүк тараптан дипломатиялык акция.

Денонсация (фр. denunciation) - эл аралык келишимди жокко чыгаруу.

Дипломатия (фр.diplomatie) - мамлекеттин тышкы мамилелерин ишке ашыруучу каражат.

Карт-бланш (фр.carte blanche) – чексиз ыйгарым укуктар, толук эркиндик берилди дегенди билдирет.

Коммюнике (фр. communiqué) - расмий мамлекеттик билдирүү, эл аралык келишим.

Парламентер (фр.parlementaire) – согушуп жаткан тараптардын биринин расмий өкүлү ж.б.

<u>Латын тилинен кирген терминдер:</u>

Акт (лат. aktus) - аракет, документ.

Аудиенция (лат. audientia) - угуу, кабыл алуу.

Аннексия(лат. annexio) - зомбулук менен башка жерди басып алуу.

Виза (лат.visa) – каралган.

Вотум (лат.votum) – бүтүм.

Декларация (лат. declaration) - мамлекеттин атынан билдирүү, эл аралык келишим.

Диссидент (лат. dissidens(tis) - каршы, макул эмес.

Иммигрант (лат.immigrans) - башка мамлекетте узак убакытка чейин жайгашуучу.

Иммунитет (лат.immunitas) - мыйзамга баш ийбөө укугу.

Капитуляция (лат. capitulatio) - согушту токтотуу.

Конвенция (лат. conventio) - эл аралык келишим.

Конкордат (лат.concordare) - Ватикан менен мамлекеттин ортосундагы келишим.

Консенсус (лат.consensus) - талаш маселе боюнча жалпы макулдашуу.

Консул (лат.consul) – мамлекеттин өкүлү.

Майорат (лат.major) - мураска өтүлүүчү имарат.

Меморандум (лат. memorandum) – дипломатиялык документ.

Мораторий (лат.moratorius) - белгисиз мөөнөткө артка жылдыруу.

Дипломатиялык нота (лат. nota) - дипломатиялык кат алышуу документтеринин бир түрү.

Пакт (лат.pactum) - эл аралык келишим.

Паритет (лат. paritas- теңдик, тең мамиле) – эл аралык мамилелерде сүйлөшүүлөрдү тең санда жана тең даражадагы өкүлдөрдүн катышуусу жана эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей эске алуу.

Персона –нон-грата (лат.persona non grata) - каалабаган жак.

Петиция (лат.petitio) – мамлекеттин жогорку бийлигине жазуу түрүндө жамаатык кайрылуу.

Ратификация (лат.ratificatio) - бийликтин жогорку орган.бекитүүсү .

Резолюция (лат.resolutio) - чечим, соттук чечим.

Ренегат (лат. renegare) - чыккынчы.

Репатриация (лат. patria) - согуш туткундарын мекенине кайтаруу .

Референдум (лат.referendum) - элдик добуш берүү.

Ротация (лат.rotatio) - кезек менен орун алмашуу .

Террор (лат.terror) - коркутуу менен саясий каршылаштарын басуу.

Ультиматум (лат.ultimus) - эл аралык укукта мамлекеттин өтө курч койгон талабы.**Эмиссар (лат. emissarius) -** мамлекеттин же саясий органдын жашырын тапшырмасы менен жөнөтүлгөн жак.

Экстремизм (лат.extremus) - чектен чыккан көз караштарга жана чараларга артыкчылык берүү. (Байымбетова Г., Эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагындагы аталыштардын жана айтылыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. –Бишкек.: 2010, 5-77-б.)

Төл сөздөрдүн маанилеринин кеңишинен, тектеш тилдердин тажрыйбасын пайдалануу аркылуу көп сөздөр жаралууда, терминдерди жасоо моделдерине ылайык, кабыл алынган сөздөр кыргыз тилинин морфологиясынын мыйзамдарына баш ийдирилип, көптөгөн термин сөз айкаштар, терминдер пайда болууда. Кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасынын түзүлүшүн алсак кабыл алынган сөздөр морфологиялык өзгөрүүлөргө учурап, сын атоочтун **–лык** мүчөсү жалганып, бир катар жаңы сөздөр жаралганын белгилөөгө болот, мисалы:

виза+лык колдоо; **толеранттуу + лук-(**лат.tolerantia) кимдир-бирөөгө же бир нерсеге чыдамкайлык менен мамиле жасоо; **дипломатия + лык** кепилдиктер; **экономика + лык** келишим; **авторитар + дык** башкаруу; **парламент + тик** жыйын; **фискал + дык** органдар;

этиш жасоочу **– ла+** жана кыймыл атоочтун **-оо** мүчөлөрү катышкан, жаңы этиш сөздөр:

чек араны делимитация + лоо (лат.delimitation- белгилөө, аныктоо, далилдөө) - чек ара өтүүчү жолдун багытын аныктоо; **чек араны демаркация + лоо** (лат.demarcatio- чектеп бөлүү) – чек араны атайын белгилер менен көрсөтүү; **экспатриация + лоо** (лат.patria) мекенден чыгаруу; **экстрадиция + лоо** (фр.extradition) жаранды кылмышы үчүн мамлекеттен мамлекетке өткөрүп берүү;

Этиш жасоочу **–ла** + кош мамиленин **–ыш**+ аркылуу мамиленин **-дыр** + кыймыл атоочтун **–уу** мүчөлөрү жалганган сөздөр:

план + даштыруу (лат.planus түз, жалпак) кандайдыр бир мөөнөткө белгиленген, аткарунун тартиби, максаты, мазмуну, көлөмү так көрсөтүлгөн ишти аткарууну ниеттенүү; **гуман + даштыруу**(лат. humanus адамкерчиликтүү)**; демократия + лаштыруу** (гр. demokratia - эл, бийлик) - демократиялык принциптерди бекитүү процесси; **натурал + даштыруу** (фр. naturalization) – мамлекеттин чет өлкөлүк атуулга же жарандыгы жок адамга өз жарандыгын берүү.

Кабыл алынган сөздөрдүн өзгөртүүсүз колдонулушу жыш кездешкен факт: **акт, курьер, эмбарго, резолюция, ультиматум** ж.б.

Бүгүнкү күндө, кыргыз тилинин кеңири колдонулган лексикасынын бир нече төл жана өздөштүрүлгөн сөздөрүнө жогоруда келтирилип кеткен мүчөлөрдүн жалгашуусу аркылуу да жаңы дипломатиялык терминдер пайда болууда: **мамлекет - мамлекеттүүлүк, жамаат - жамааттык- жамаатташуу, шериктеш - шериктештик, өкүл - өкүлчүлүк, элчи - элчилик, улут - улуттук – улутчул** ж.б.

Мындан тышкары, кээ бир кеңири колдонулган сөздөрдүн семантикасы мезгилдин талабына ылайык кеңейген жана калькалоо жолу менен жасалган термин сөз айкаштары көп кездешет:

баш калкалоо, саясий баш калкалоо, салыгы аз аймак (оффшор), өткөөл мезгил, ортомчулук, расмий каада, эл аралык кепилдиктер, убактылуу тынчтык, көчүрүлгөн адамдар, эстеткич кат, кол тийбестик, кош жарандык, атайын элчилик, тышкы иштер мекемеси, убактылуу ишенимдүү өкүл, мырзалык макулдашуу, тынчтык аймактар, атайын аймактар, эл аралык укуктук таануу ж.б.

Кабыл алынган сөз менен кыргызча сөздүн айкашынан келип чыккан терминдер да колдонулууда: **эл аралык арбитраж, дипломатиялык даража, консулдук артыкчылыктар жана кол тийбестиктер, консулдук мамилелер, дипломатиялык байланыштар, ишеним грамоталары, сепараттык тынчтык, чек араны демаркирлөө, курьер баракчасы** ж.б.

Сөз айкашындагы бардык сөздөр кабыл алынган сөздөрдөн турган терминдер да колдонулуп келет: **дипломатиялык класс, дипломаттиялык персонал, факультативдик протокол, дипломатиялык миссия** ж.б.

Бир эле сөздун бир нече сөздөр менен айкашуусу аркылуу пайда болгон жаңы терминдер дипломатиялык лексиканын бир чоң бөлүгүн түзөт, мисалы:

Албетте, азыркы кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасын жалаң гана термин менен кесиптик лексикадан куралган деп айтуу туура эмес, себеби кандай гана кесиптик тармак болбосун анын негизги сөздүк корун кеңири колдонулуучу лексика түзөт , ал эми терминдер менен кесиптик лексика кеңири колдонулуучу лексика менен байланышып, жуурулушуп жаңы терминдердин жаралышына жана дипломатиялык лексиканын кеңейишине өбөлгө түзөт. Дипломатиялык лексикада көбүнчө коомдук-саясий, аскердик, юридикалык, экономикалык, илимий терминдер семантикасы өзгөртүлбөй колдонулуп келет (мындай көрүнүш табигый көрүнүш, мунун өзү кесиптин ишмердүүлүгүнүн ар тараптуулугун чагылдырып турат), мисалы:

стратегия (гр.strategia) 1.түпкү максат,(дипломатиялык термин) 2. жетектөөнү пландаштыруу чеберчилиги (аскердик термин); **акт (лат. aktus) 1**. аракет (дипломатиялык, саясий-коомдук термин), 2. документ (кеңири колдонулган лексика); **резолюция (лат.resolutio)** 1.чечим (дипломатиялык, саясий -коомдук термин), 2. соттук чечим (юридикалык термин); **эмбарго (исп.embargo) 1.** мамлекеттен мамлекеттерге товарды же акча бирдигин чыгаруу же киргизүүгө тыюу салуу (экономикалык, дипломатиялык термин) ж.б.

Публицистикалык чыгармалардын тексттеринде айрым терминдердин омонимдеринин колдонулушун төмөнкү мисалдардан көрөбүз:

Жарандык –
- топ
- коом
- согуш
- уюм
- укук

жарандыгы жок адам, **жарандык** берүү процедурасы, **жарандык** алуу ж.б.

Мындай учурларды элчилик кызматынын тилин байытуунун дагы бир жолу катары карасак болот.

Эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн тартып кесиптик лексиканын чоң бөлүгүн түзгөн кесип, кызмат аталыштарынын айрымдары кыргыз тилине которулуп, которулбаган аталыштар кабыл алынган сөздөрдүн тобун кеңейтти, мисалы: а**тташе** (фр.attache) -кызмат орун же дипломатиялык кызматкердин даражасы. **Дипломат** (фр.diplomate)- мамлекеттин чет мамлекеттер менен тышкы расмий байланыштарын иш жүзүнө ашыруучу мамлекеттик жогорку кызматтык жак. **Консул** (лат.consul) – башка мамлекетке атайын жүктөлгөн кызматты аткаруу үчүн жөнөтүлгөн мамлекеттин кызмат адамы. **Дипломатиялык агент** (лат.agens) - дипломатиялык өкүл. **Дипломаттиялык персонал** (лат.persona) - ж.б. (Байымбетова Г., Эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагындагы аталыштардын жана айтылыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. –Бишкек.: 2010, 5-77-б.**)**

Ал эми кыргыз тилинде эквиваленти бар кызматтык аталыштар азыркы учурда элчилик иш кагаздарында жана эл аралык мамилелерди тейлеген документтерде кеңири колдонууда: **Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчи, туруктуу өкүл, өкүлчүлүктүн жетекчиси, убактылуу ишенимдүү өкүл, өлкө башчысы, ишке ишенимдүү адам** ж.б.

Дипломатия тармагындагы документтердин жана иш кагаздардын аталыштары көбүнчө кабыл алынган терминдер менен берилген: д**екларация, меморандум, коммюнике, конвенция, протокол, нота** ж.б., ошол эле учурда иш жүргүзүү процессинин өзүн чагылдырган аталыштардын төл сөздөр менен берилиши да

кездешет, мисалы: **жогорку кызматтагы жактардын маегин жазуу, ишеним грамотасы, кызмат каттары** (служебные письма)**, эскерткич кат**(памятная записка), **кепилдеме** (рекомендация) ж.б.

Жогоруда азыркы кыргыз тилинин эл аралык мамилелерди жана элчилик кызматын тейлеген дипломатиялык лексикасынын бир бөлүгү болгон терминдерди карап, аларга кыскача мүнөздөмө берүүгө аракет жасалды. Корутундулап айтканда, кыргыз тилинин дипломатиялык лексикасынын курамындагы терминдердин дээрлик көбү кабыл алынган сөздөрдөн турары байкалды. Бул көрүнүштүн себеби союздун курамында 70 жыл бою иш кагаздардын баары орус тилинде жүргүзүлүп, андан соң 90-жылдардан бери кош тилдүүлүк саясаты кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары жай өнүгүшүнө өзүнүн терс таасирин тийгизгендигинде деп ойлойбуз. Кийинки мезгилде жогоруда мисалдарда келтирилгендей семантикалык жактан мааниси кеңиген, кабыл алынган сөздөргө кыргыз тилинин сөз жасоочу мүчөлөрү жалганып морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалган жаңы сөздөр пайда болууда. Бул көрүнүштү дипломатия тармагын тейлеген тилдин кеңейип, байып жана бара–бара өнүгүп келе жаткандыгынын белгиси катары кароого болот. Келечекте кыргыз тили дипломатиялык терминдерди, лексиканы толуктоодо дагы да өз салымын кошо алат, буга биздин жеке ишеничибиз бекем.

Адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. -Бишкек.: Кыргызстан,1998.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тили. - Бишкек.: 2003.
3. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү.- Бишкек.: 2001.
4. Байымбетова Г. Эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагындагы аталыштардын жана айтылыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. -Бишкек.: 2010.
5. Громыко А.А. Дипломатический словарь. -Москва.: Наука, 1984-1986.
6. Ершова Е.В. Терминология уголовного права. Диссертация. -Ленинград.: 1990.
7. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. -Бишкек.: 1996. 1-бөлүк .
8. Кыргыз тили, энциклопедиялык окуу куралы. -Б.: 2004.
9. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз терминологиясы. -Фрунзе: Мектеп, 1983.
10. Словарь дипломатических терминов.Дипломатиялык терминдердин сөздүгү. -Бишкек.: 2010.
11.Словарь иностранных терминов. -Москва.: Русский язык. Медиа, 2005.
12. Термины и их функционирование. Межвузовский сборник. -Горький.: 1987.

Ибрагимов С.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.408.7:943.41

ТИЛДИ ИЗИЛДӨӨНҮН ҮЧ АСПЕКТИСИ ЖӨНҮНДӨ

Фердинанд де Соссюр (1857-1913) Швейцариялык белгилүү окумуштуу, тил илиминин бир нече теориялык жана практикалык жоболорун иштеп чыгып, аларды чечүүнүн жана өнүктүрүүнүн жолдорун аныктап кеткен. XX кылымдын аяк ченинде анын идеялары дүйнөлүк лингвистикалык коомчулуктун көңүлүнүн борборунда болуп келген. Айрыкча анын тилдин жаратылышын жана коомдогу кызматын аныктоодогу антиномия (карама-каршы коюу) принциби жана булардан келип чыккан өз ара

катыштар жөнүндөгү окуусу бүгүн өз маанисин жогото элек жана тил изилдөө, анын кызматын аныктоо маселесинде бүгүн деле маанилүү фактор болуп келет.

Кыргыз тили илиминде Ф.Соссюрдан алынган жана орус тилинде берилип жүргөн **«язык – речь – речевая деятельность»** деген терминдик түшүнүктөрдөгү камтылган маанилери туура эмес которулуп, мунун натыйжасы катары кыргыз тилиндеги илимий адабияттарда, атайын изилдөөлөрдө, ал эмес окуу китептеринде, мектеп жана жогорку окуу жайларынынпрограммаларында ылайыксыз, терминдик маанинин маңызын түшүндүрө албаган же бурмалаган котормолор колдонулуп келет. Оюбуздун багытын ачык түшүндүрүү үчүн Ф. де Соссюрдун окуусун эскертип өтөлү.

Соссюр тилди, анын кызматын жана жашоо кыймылын үчкө бөлүп караган: франк тилиндеги **langue** – **parole**–**langage** орус тилинде **язык** – **речь** - **речевая деятельность**деген түрдүү термин менен берилип келет. Соссюр боюнча langue (язык, тил) – грамматикалык система жана сөздүк, башкача айтканда буларды **аң-сезимде** жана **практикада** толук өздөштүрбөй туруп башка бирөө менен сүйлөшүү, пикир алышуу мүмкүн эмес; parole (речь, сүйлөө) – башка бирөө менен баарлашуу үчүн ошол тилдик каражаттарды (грамматикалык эрежелер менен сөздүктү) пайдалануу жана колдонуу – бул болсо өз ара сүйлөшүүдөгү **айтуу** менен **угуунун** жеке актыларынан турат.

Бул экөө тең – тил жана сүйлөө, “өз ара тыгыз байланышкан жана бири-бирин аныктап, толуктап турат; **тил** – сүйлөө түшүнүктүү болууга, башкага туура жетип турушу үчүн керек; өз учурунда **сүйлөө** – тилдин иш жүзүндө аракетте болуп турушунун далили болушу керек”[7].

Ошентип тил дегенибиз тыбыштардын, сөздөрдүн, грамматикалык формалардын тарыхый жактан формага салынышы жана аларды колдонуунун адамдын аң-сезиминде сакталып турган бирдиктүү эрежеси жана үлгүсү; ал эми сүйлөө – ал эрежелер менен үлгүлөрдүн карым-катнаштагы өз ара кыймылга келүүсү, колдонуусу. Мындайча түшүнгөн жагдайда тил – сүйлөөгө зарыл болгон кыймылсыз материалдардын жыйынтыгы болсо, сүйлөө – ал материалдын ишке киргизилиши, адамдардын өз ара мамилесинин айлампасына тартылышы. Ошентип сүйлөө аркылуу гана тилдин катнаштын куралы болуу милдети ишке ашат. Бирок сүйлөө аркылуу адам белгилүү бир максатка жетүү, жыйынтык алуу аракеттерин көздөйт. Ошондо сүйлөө – бул аракет экендигин бүгүн психологдор да тастыктап жатат. Тил менен сүйлөөнүнортосундагы байланыш же ал экөөнүн өз ара мамилеси, социалдык чөйрөсү дайыма **сүйлөө аракеттери** менен тыгыз байланышкан. Эне тилинин тыбыштарын тынымсыз айтуу аркылуу баланын тилинин чыгуусу, ошону менен бирге чөйрөнү таанып-билүүсү, башкаларды угуу жана аларга кайрылуу, мамиле жасоо, дагы башка толуп жаткан социалдык, күндөлүк өз ара байланыштар сүйлөө аракеттери менен гана ишке ашары белгилүү. Сүйлөө аракеттери демек сүйлөө, угуу, керек болсо булардын жазма формасын бирге ала жүрүү сыяктуу кошумча түшүнүктөрдөн туруп, бул процесстин мазмунун дагы тереңдетип турат.Сүйлөө аракеттери демек адамдын сүйлөөгө (тилди) үйрөнүү, сүйлөм түзүү, социумдун башка өкүлдөрү менен алака жасоо, туура сүйлөөнү өздөштүрүү, сөз сүйлөөгө жатыгуу деген сыяктуу түбөлүктүү сөз (сүйлөө) аракеттерин ичине камтыйт. «Сүйлө-сүйлөй чечен болуу, көрө-көрө көсөм болуунун» маңызы ушунда турбайбы.

Сүйлөө аракеттеринин жүрүшүнө ошентип фонетика, физиология, психология, логика, этика, маданият сыяктуу илимдердин маани-мазмуну дагы катышып, бул түшүнүктүн тил илими үчүн канчалык маанилүү экендигин эскертип турган сыяктуу.

Тил менен сүйлөөнү айырмалоо аркылуу Соссюр тил жөнүндөгү илимди эки тармакка - тилдин лингвистикасы жана сүйлөөнүн лингвистикасына ажыратат. Булардын негизгиси тилдин лингвистикасы - ал тилди тарыхый-маданий процесс

катары эрежелердин системасы же коомдун энчиси деп изилдесе, сүйлөөнүн лингвистикасы – анын экинчи жагы, сүйлөө аракеттеринин формалары, иштеши, кыймылы жана натыйжасы, ал таза психофизикалык көрүнүш жана бул эки көрүнүш өз ара тыгыз чырмалышкан. Сүйлөө - кубулма, өзгөргүч жана ушул себептен динамикалуу. Тил болсо туруктуу, статикалык көрүнүш, ал сүйлөө процессинин туруктуулукту бузуусуна каршы турат.

Сүйлөө колдонулган жагдайга ылайыкташат, тил чукул өзгөрүүдөн качат. Сүйлөө өз доорунун этикалык-социалдык заңына, коомдун башка факторлоруна ийкемдүү келсе, тил мындай таасирлерден өзүнүн нормасы аркылуу коргоно алат.

Соссюрдун окуусу ошентип тилди коомго, анын бардык өкүлдөрүнө таңууланган «кодекс» катары түшүндүрөт. Социалдык жыйынтык катары ар бир индивид аны даяр түрүндө өзүнө сиңирет. Сүйлөө болсо жекелик көрүнүш жана анын өзүнүн жөндөмүнө жараша жараткан автору бар. Ошондо тил – пассивдүү, сүйлөө - активдүү болуп чыга келет. Ал эми сүйлөө аракетинин мазмуну жана ички маңызы татаал жана көп кырдуу, аны толук ачып берүү мүмкүн эмес. Мына ушул жагдайдын өзүн «тил – социалдык көрүнүш, сүйлөө – индивидуалдык көрүнүш» деген Соссюрдун тезисин далилдеп турушу деп түшүнүшүбүз зарыл.

Ф.де Соссюрдун тил жөнүндөгү жогорку окууларын схематикалык формада көз алдыбызга төмөнкүчө сунуш эткен учурлар дагы кездешет.



Көрүнүп тургандай, Соссюрдун жогорудагы теоретикалык жоболорун азыр колдонулуп жүргөн көрсөтмөлүүлүк принцибине дагы ылайыктап түшүндүрүү ашыктык кылбас эле. Мында тил түшүнүгү өзүн сүйлөө жана сүйлөө аракеттери деген түшүнүктөр менен толуктап, тактап турганын байкоого болот. Сүйлөө жана сүйлөө аракеттеринин маанисин дагы өз учурунда калган эки терминдик түшүнүктөрдүн жардамы менен аныктоого жана тактоого болот.

Кыргыз тили илиминде тилекке каршы Соссюрдун окуулары, айрыкча анын жогорку терминдик атоолорутүрдүүчө которулуп, түрдүүчө түшүндүрүлүп, анын натыйжасы катары кыргыз тили илиминде жалпы тилдик билимдин өксүгү байкалып турат. Муну Соссюрдун parole (речь), langage (речевая деятельность) деген терминдеринин кыргыз тилинде *кеп,кеп ишмердүүлүгү* деп берилип жүргөндүгү мисалынан айрыкча байкоого болот. Өз учурунда тил коомчулугуна бул факты жөнүндө оюбузду айткан элек [10,11]. Бирок «талаштан тактык жаралат» деген осуяттын изин көздөп, тил коомчулугу балким бул жолу өз мамилесин билдирер деген ойдобуз.

Речь деген термин кыргыз тилинде мурун которулбай эле ошол бойдон колдонулуп келгендиги белгилүү [12]. Бирок кийинчерээк *речь* которулуп, ага байланышкан башка терминдер аздыр-көптүр колдонулуп келген. Маселен Б.Орузбаева, В.Закирова речь-речь (сөз, тил) [5,6] деп эле беришкен. Андан ары речь түшүнүгүнө байланышкан *речевая культура – тил маданияты*, *речевая цепь – речь тизмеги, речевое дыхание – рechтеги дем алуу, речевой аппарат – сүйлөө аппараты, речевой контекст – речь контексти, речевые такты – сүйлөө тактысы, речение – айтуу, сүйлөө деп которулган* [6].

Речь терминин кыргызчалатуу ишинде адистердин биздин улуу устатыбыз К.К.Юдахиндин айтылуу сөздүгүнө бир баш багып жана ал котормону эске

албагандыгы бизди өкүндүрөт [9]. Анда *речь сүйлөө, сөз сүйлөө, тил, сөз*деп эле которулган. Ушул варианттарды же даанышман тилчибиздин тилдик баамын сыйлап, ошолорду колдонуу эң эле ыңгайлуу болмок (төмөндөгү тиркемелерди караңыз).

Речь терминин *кеп* сөзү менен,*речевая деятельность* дегенди *кеп аракети*, *кеп ишмердүүлүгү* деген сөз айкалыштары менен которуп алуу кандайдыр ыңгайсыз сезилет [3]. Аныктама, түшүндүрмөлөрү да так эмес угулуп, башкача психологияны пайда кылат. Орус тилинде *речь* деген лингвистикалык терминдик түшүнүккө байланышкан айрым сөз айкаштарынын кыргызча төмөнкүлөрдөй колдонулушун максатка ылайык деп түшүнөр элек. Ошондо *тил, сөз, сүйлөө* деген синонимдик окшоштуктар өз ара бири-бирин мааниси боюнча кайталап тургандыгы жалганбы.

Внешняя речь – сыртка сүйлөө

Внутренняя речь – ички сүйлөө
Интеллектуальная речь – интеллектуалдуу сүйлөө
Связная речь – байланыштуу сүйлөө
Деловая речь – иштиктүү сүйлөө ж.б.

Ал эми

Акт речи – сүйлөө актысы
Единица речи- сүйлөө бирдиги
Култура речи – сүйлөө маданияты
Лингвистика речи – сүйлөө лингвистикасы
Линейность речи – сөз удаалыгы (сызыктуулугу)
Обстановка речи – сүйлөө жагдайы
Косвенная речь – кыйыр сөз
Части речи – сөз түркүмдөрү
Чужая речь – бөтөн сөз

Же болбосо

Литературная речь – адабий тил
Образная речь – образдуу тил
Письменная речь – жазма тил
Разговорная речь – оозеки тил
Поэтическая речь – поэтикалык тил ж.б.

Бирок *речь* терминин *кеп*деп которуу иш жүзүндө өзүн тастыктабай келгендиги байкалып келет. *«Кептин»* табигый мааниси, ал жөнүндө окумуштуулардын аныктамасын эске салып келебиз [2,8]. Айрыкча *кеп* деген термин *речь Президента, обвинительная речь, заключительная речь* сыяктуу сөз айкалыштарына жарашпай тургандыгын, бул учурларда сөз деген терминдин колдонулушун, ылайыктыгын сунуштаганэлек [11]. Салыштырып көрсөк болот.

Речь Президента – Президенттин кеби – Президеттин сөзү
Обвинительная речь – айыптоо кеби – айыптоо сөзү
Заключительная речь – корутунду кеби – корутунду сөзү
Поздравительная речь – куттуктоо кеби – куттуктоо сөзү

Кийинки мезгилдерде орто жана жогорку мектептердин, кээ бир окуу-методикалык адабияттардын беттеринде *кеп маданияты* деген терминдик атоону колдонупжүрүшөт. Аны *сүйлөө маданияты* менен алмаштырып колдонуу канчалык жагымдуу жана мазмундуу угуларын байкоо кыйын эмес.

Адабияттар:

1. Ахманова А.С. Словарь лингвистических терминов. –М., 1965.
2. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. –Фрунзе, 1986.
3. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы. –Б., 2004.

4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Фрунзе, 1969.
5. Орузбаева Б.О., Закирова В. Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү. –Фрунзе, 1984.
6. Орузбаева Б.О. Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргывзча сөздүгү. –Фрунзе, 1986.
7. Соссюр Ф. Курс общей лингвистики. –М., 1933, 1965.
8. Юдахин К.К. Кыргызско-русский словарь. –М., 1965.
9. Юдахин К.К. Русско-киргизский словарь. –М., 1957.
10. Ибрагимов С. Бир терминдин «азабы» жөнүндө. Вестник ИГУ, №15,2005.
11. Ибрагимов С. Терминдик тактык жөнүндө. КУУнун жарчысы. –Б., 2009, № 4.
12. Давлетов А. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. Каракол, 2010.

Ибрагимова С. С.
Бишкек медициналык колледжи

УДК.42/49:371.30

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОРТО ЖАНА АТАЙЫН ОРТО ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ОКУТУУНУН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА

Кыргыз тили мамлекеттик тил катары өзүнчө мыйзам деңгээлинде колдонула баштагандан бери аны окутуунун окуу-методикалык деңгээлине жаңы талаптар коюлду.Бул жөнүндө Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам (1989) жана анын өркүндөтүлгөн,толукталган жаңы редакциясы айтып турат.(2004) Бул мыйзамдарда кыргыз тилинин мурунку чектелген улуттук тил түшүнүгүнөн жаңы мазмунга-мамлекеттик тилдин статусун алгандыгы кеңири баяндалган.Эми кыргыз тили Кыргыз Республикасында жашаган көп улуттардын өз ара катнашынын тили жана ал

Мамлекеттүүлүктүн бирден-бир негизги көрсөткүчү катары Өкмөттүн, Президенттик башкаруунун, Жогорку кеңештин жана башка авторитеттүү уюмдардын колдонгон тили катары жүрүшү керек.

Бул максатты утурлап КРнын Билим берүү министрлиги жана Академиясы тарабынан мектептерде,атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутуунун программалык талабы сунуш кылынды.(2006)Бул программа боюнча жалпы билим берүүчү окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун жаңы программасы чыккан.Программада 10-класстагы кыргыз тилин окутууга 70 саат(жумасына 2саат) 11-класста 70 саат көлөмүндө пландаштырылган.Демек окуу планынын талабына ылайык атайын орто окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуунун өзүнчө программасы түзүлүүсү тийиш.Окуу-предметтик комиссиянын жактыруусу жана чечими менен программадагы кыргыз тилинин тематикалык жана сааттык жайгаштырылышы кыйла өзгөрүшү мүмкүн.Мисалы орус группаларынын өзгөчөлүгүн эске алып тилди окутууда жана үйрөтүүдө азыркы кеңири жайылган ыкма-интерактивдүү методикага айрыкча маани берилди.Тилди үйрөтүүдө коммуникативдик методдун артыкчылыгы практикада байкалып жатат.(суроо-жооп,диалог,монолог,тестирлөө,тийиштүү темада сүйлөп берүү ж.б.). Бирок,бул коммуникативдик аракеттерди кадимки тилдик жана адабий нормага салууда тилдин грамматикасын өздөштүрүү чоң мааниге ээ болот.Ошондуктан коммуникативдик мамиленин мазмунуна карата тилдик эрежелер,материалдар,темалар туура келтирилиши керек.Маселен,сүйлөө практикасын өнүктүрүүдөн мурун сөз маанилери (лексикалык бирдиктер)өтүлүп,алардын башка сөздөр менен айкашуусу боюнча көнүгүүлөр жүргүзүлөт.Ошентип сөз маанилери жана сөз айкаштары

жөнүндөгү теориялык жана практикалык иш аракеттери өз ара айкалышып турат.Кийин сүйлөмдөр жөнүндөгү окуу улантылат.Жай,суроолуу,буйрук,илептүү сүйлөмдөрдү түзүү жана ажыратуу кесиптик темадагы тексттер менен иштөө аркылуу жүргүзүлөт.Айталык медик студенттерге «Кандай адис болгум келет ? Мед айым эмне билиш керек? Кыргызстандагы саламаттыкты сактоо уюмдары» деген сыяктуу мазмундагы жана багытта аңгеме,суроо-жооп иштери жүргүзүлөт. Грамматикалык билим болочок мед айымдардын иш практикасында колдонуусуна багытталышы керек.Бул түшүнүктөн алганда сүйлөмдүн түрлөрүн өткөндө ага туура келген оозеки,баяндама,суроо-жооп,айтып берүү иштерин жүргүзүү сабактын натыйжалуу жана кызыктуу өтүшүнө көмөк берүүсү мүмкүн.Бул лингвистикалык талапты дагы эле студенттердин суйлөмдүн түрлөрүн түзүү, аларды өз ара ажыратууга үйрөтүү жана медициналык темадагы текстти тандап алып, ага байкоо жүргүзүү аркылуу өтүлүшү зарыл. Бир сөз менен айтканда бардык грамматикалык, лексикалык, практикалык материал медициналык темадагы жана мазмундагы текст менен байланышта өтүлүшү керек. Кезеги менен жазуу иштери жүргүзүлүп турат. (болжол менен үч, төрт темадан кийин) Бул болсо алган теориялык жана практикалык билимди кагаз бетине түшүрүү, ошондой эле сабаттуулукту өркүндөтүп, кыргыз адабий тилинин нормасын сактоого үйрөтүү максатын көздөйт. Ушул эле багытта иш кагаздарын үйрөтүү иштери жүргүзүлөт. Медициналык иш кагаздарынын түрлөрүн, жазылышын жана алардын медициналык жактан маанисин ажырата билүүсү маанилүү. Стилдик айырмаларды ажыратууда сөздөрдүн колдонулушун, лексикалык маанилерин ажырата билүү жөндөмдөрү үйрөтүлөт. Медициналык практикада сөз маанилерин туура колдоно билүү, алардын тике, өтмө, каршы мазмунда айтылышына көнүгүү адистикке болгон кызыкчылыкты дагы ойготууга жана бекемдөөгө жардам бере алат. Сөздөрдүн омонимдик,синонимдик, антонимдик маанилерин ажыратууга багытталган көнүгүүлөрдү үйрөтүүнүн дагы мааниси чоң.

Сөз маанисин жана аны ар түрдүү жагдайда колдоно билүү практикасына келгенде медиктердин элдик учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды, афоризмдерди, цитаталарды колдоно билүүгө үйрөтүү дагы керектүү артыкчылык деп эсептейбиз.Ушул өңүттөн караганда кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди, макалдарды жана этиштин өзгөчө формаларын окутууга маанани берүү керек деген ойдобуз. Кыргыз элинин макал-лакаптары тематикалык жактан турмуштун бардык жагдайларын өзүнө батырган эбегейсиз кенч. Кесипке, тийиштүү маниге аларды ылайыктап, колдоно билүүгө үйрөтүү иштери дагы өзүнчө көнүгүүлөрдү талап кылат.Патриоттук, элдин камын көрүү идеясын көздөгөн төмөнкү сыяктуу макалдарды айттырып, жаздырып, мазмунун чечмелөөгө үйрөтүүнүн тарбиялык мааниси өзүнөн-өзү белгилүү:

Бир жакшы бар журттун камын жейт,
Бир жаман бар журттун малын жейт.

Байлык мурат эмес,
Жоктук уят эмес.

Бөрк алмак бар, баш алмак жок.
Жакшы киши үлгү, жаман киши күлкү.

Эстүүгө эки ооз сөз жетет.

Уруш- ырысты качырат,

Ынтымак- ырысты ашырат.

Дары-чөптөн,акыл-көптон.

Дени сактын-руху бийик.

Дени тазанын-деми таза.

Дүлөй болбош үчүн кулагыңды сакта.

Жан-ооруган жерде.

Жүрөк менен кан бирге,жүлүн менен жан бирге.

Ичи ооруган күлкү сүйбөйт.

Күлкү-ден соолуктун мүлкү.

Кулакка кирген сасык сөз,жүрөккө барып бир тиет.

Бул сыяктуу практикалык аракеттер, айрыкча текстер менен иштөө, сүйлөп берүү жана баяндама жазуу сыяктуу иштерди методикалык жактан өз ара айкалыштырып окутулушуна маани беребиз.Окутуудагы бир түрдүүлүк (жалаң грамматика же жалаң оозеки жумуштар) студенттердин сабакка кызыгуусун басаңдатат. Ошондуктан ар кандай билим берүүчүлүк, тарбия жана адистикке багыттоо аракеттери өз ара байланышып турушуна тийиштүү даражада маани берилиши керек. Сабакты отүүнүн жана уюштуруунун интерактивдүү жана коммуникативдик мамилесинин маңызы ушунда.Биз аны колледждин студенттерине мамлекеттик тилди окутууда кеңири колдонууга жол ачуу менен ушул предметке болгон студенттердин кызыгуу сезимин колдоого жана өнүктүрүүгө аракет кылабыз. Окуу материалынын мындай жайгаштырылышы негизинен төмөнкү проблемаларды чечүүгө жардам берет.

1. Окулган текстти угуп түшүнүү жана аны айтып бере алуу.Студенттердин негизги кемчилиги угулган же окулган текстти кайрадан баяндап берүүдө кыйынчылыкка учурашы байкалды.Адатта студенттин сүйлөо тили мазмуну жактан өтө чектелген, лексикалык бирдиктер көп кайталанат жана колдонулган сөздөрдүн саны аз же өз оюн түшүндүрүп берүүдө кыйынчылыкка учурайт. Ошондуктан, өз оюн баяндап берүү ишинде окутуучу тарабынан тынымсыз жана толуп жаткан оңдоолор, түзөтүүлөр талап кылынат. Бирок, бул иштин натыйжасы өтө маанилүү жыйынтыкка алып келет. Студент туура сүйлөөгө, сөздөрдү туура колдонууга жана ички оюн баяндап берүүгө үйрөнөт.
2. Жазуу иштери аркылуу кыргыз тилинин орфографиясы такталат.Тигил же бул сөздү туура жазуу боюнча көнүгүүлөр студентти сабаттуулукка үйрөтөт.
3. Грамматикалык эрежелер жогорудагы сүйлөө менен жазуу процессинде алган билимди бекемдөөгө же эсте сактап калууга жардам берет.

Тилди окутуунун түпкү максаты иш жүзүндө медициналык билимдин мазмунунда жаза жана сүйлөй билүүгө үйрөтүүдө турат. Медиктердин келечек практикасында ар түрдүү иш кагаздары жана документтер менен иштөө чоң маниге ээ экендиги түшүнүктүү. Ар бир студент эң жөнөкөй иш кагазы-арыз, тил кат, түшүнүк кат, өмүр баян, акт сыяктуу юридикалык маниге ээ болгон иш кагазын жазууну билиш керек.Бул кагаздардын жазылыш тартиби, орфографиясы жана стилистикасы өзүнчө талаптарды

коёт.Мисалы адабий норманын сакталышы, сүйлөмдүн түзүлүшү, ойдун кыска жана так берилиши маанилүү факторлордон болуп эсептелет. Бул сыяктуу талаптарды сактоо жана жазма ишинде колдонууну ар бир студент бир нече көнүгүүлөрдөн кийин гана туура өздөштүрүшү мүмкүн. Кеңири планда бул жана башка темаларга көбүрөөк токтолууга программанын чектелген көлөмү мүмкүнчүлүк бербейт.Тил боюнча алган билимдин мазмунуна шек келтирбөө максатында программалык курсту жыл аягында дагы бир жолу кайталап коюунун мааниси зор. Мындай мааниде түшүнгөндө жалпылоочу жана жыйынтыктоочу практикалык иштерге төмөнкү талаптарды сунуш кылууга болот.1. Угуп түшүнүү (аудирование)багытында медициналык темадасүлөй алуу,монолог,диалог түзүүгө үйрөнүү,оорунун аталыштарын санап бере алууга жетишүү керек. 2. Сүйлөөгө көнүктүрүү багытында эки түрдүү талап эске алынат.**а)** медициналык темада аңгемени уланта билүү, ден-соолук жөнүндө айтып же суроо бере алууга жетишүү зарыл. **б)**башка бирөө менен сүйлөшө алуу (диалог) чоң мааниге ээ.Түрдүү кырдаалда же окуган көргөн, уккан, окуя жөнүндө башка бирөөлөр менен ой болүшө алууга үйрөтүү милдети эстен чыкпаш керек.в) сүйлонгөн сөздү же ойду кагаз бетине түшүрүү тийиштүү мааниге ээ.Бул үчүн конспект түзүү, доклад жана реферат жазуу студенттерге сунуш кылынат. Деги эле жазуу иштерине көнүктүрүү маанилүү болсо керек. Кайталоо ишинде кыргыз тилинин фонетикалык системасы, тыбыштардын үндөшүүсү, лексикалык катмардын курамы жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) маалыматтардын негизгилерин мугалим терип сурап коюшу керек. Бул иштер кандайдыр бир даражада тесттик текшерүү иштери аркылуу да жүргүзүлөт.Ошондой эле кыргыз тили жазылган медициналык окуу китептердин, илимий эмгектердин айрым лингвистикалык,ден-соолук боюнча кеңири тарлган сөздүктөрдүн түрлөрүн атап кетүү дагы маанилүү деп эсептейбиз.Кыргыз тилинин байлыгы, маданияты камтылган “Манас” эпосу баш болгон көркөм чыгармалар,макал-лакаптар ж.б.жөнүндө азыноолак сөз кылып кетиштин зыяны тийбейт болуш керек. Жогоруда козголгон маселелердин мазмунунда атайын орто окуу жайлары үчүн кыргыз тилин окутуунун өзүнчө программасы түзүлүшү абзел.Мындай программа түзүлгөндөн кийин анын мазмунун камтыган атайын окуу китебин жана туура делинген окуу методикалык куралдарын жазуу жана басмадан чыгаруу иштери бизди күтүп турат.

Адабияттар:

1. Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө закон – Фрунзе, 1989ж.
2. КРнын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам – Бишкек, 2004ж.
3. КРда билим берүүнүн мамлекеттик стандарты – Бишкек, 1999ж.
4. Ибрагимов С. Мамлекеттик тилди ЖОЖдордо окутуунун типтүү программасы. – Бишкек, 2004ж.
5. Кыргыз макал-лакаптары. Фрунзе, 1982ж.
6. Кыргыз тилинин программасы. Бишкек, 2006, орто мектептер үчүн.

Исмаилова Д.Н.
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

УДК.413.143.

АНТОНИМДЕРДИН ИЗИЛДЕНИШ АБАЛЫ

(окуу китептеринде териштирилиши боюнча)

Антонимдер– көп кырдуу кубулуштардын бири, аларды ар тараптан изилдөө зарыл, бул зарылдык улам мезгил өткөн сайын айрыкча айкын болуп баратат. Өздөрүнүн табиятына ылайык, антонимдер буга чейин төмөнкүдөй белгилерине карай бөлүштүрүлүп келди; 1) антонимдик түгөйлөрдүн компоненттеринин тилдик кандай бирдиктерден турарына карай (сөз түрүндөгүлөр жана фразеологизм тибиндегилер; 2) сөз түркүмдөрүнө карай (зат атоочтук, этиштик, тактоочтук ж.б.); 3) морфологиялык өзгөчөлүгүнө карай (бир уңгулуу, түрдүү уңгулуу); 4) лексика-семантикалык бөтөнчөлүгүнө карай; 5) антонимдештик деңгээлине карай (толук, толук эмес, контексттик); 6) антонимдештиктин сөз маанилеринин системасында алган ордуна карай (сандык мүнөздөмө). (9,60) Бирок антонимдерди бөлүштүрүү жогорку белгилер менен гана чектелбейт, булардан бөлөк белгилерине карай да бөлүштүрүүгө туура келет, бул тууралуу өзүнчө сөз кылмакчыбыз.

Антонимдердин табиятын ачып берүүгө арналган изилдөөлөр жалпы тил илиминде, түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде да кыйла эле учурайт, бирок биз бул чакан макалабызда антонимдердин кыргыз тил илиминде гана изилдениш абалына токтолмокчубуз. Теориялык жактан алганда, антонимдерди иликтөө төмөнкүдөй төрт этапты басып өткөндүгү белгиленип жүрөт; 1) антонимдерди карама-каршы маанидеги сөздөр катары кароо; 2) антонимдердин табият-маңызын логикалык чен-өлчөмдөрдүн негизинде чечмелөө; 3) антонимдерди аң-сезимдин мүнөздүү бир белгиси, касиети катары кароо; 4) антонимдерди карама-каршы экендиги сөздөрдүн өздөрүнүн лексикалык маанилеринде чагылдырылган сөздөр катары кароо.[9,60] Арийне, бул төрт көз караштын ар бири өз алдынча талдоого муктаж экендиги өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп турат,биз да буга өзүнчө кайрылмакпыз. Азырынча бизди мына ушул төрт көз караш жана да жогоруда көрсөтүлгөн антонимдердин белгилери кыргыз илимпоздору тарабынан кандай деңгээлде териштирилген, антонимдер мындан ары кандай багытта изилдениши керек деген суроо кызыктырат. Бул суроолорго жооп берүүчүн антонимдерге арналган изилдөөлөргөкылдаттык менен талдоо жүргүзүп чыгуу керек,мындай изилдөөлөрдүөзгөчөлүгүнө карай төмөнкүдөй эки топко бөлүштүрүп алуу абзел:1) антонимдердин окуу китептеринде териштирилиши; 2) антонимдердин атайын изилдөөлөрдө иликтениши. Биз бүгүн булардын биринчисине гана токтолмокчубуз.

Кыргыз элинин белгилүү илимпоз-тилчиси Ж.Мукамбаев төмөнкүдөй маселелердин тегерегинде кыскача токтолот; антонимдер деген эмне; андагы карама-каршылык эмнеге негизделет; антонимдерди жасоодо кайсы мүчөлөр катышат; антонимдерди кандай семантикалык топторго бөлүштүрүүгө болот; антонимдик түгөйлөрдүн башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгү бирдейби; антонимдер эмненин негизинде л е к с и к а л ы к (түп, туунду) жана к о н т е к с т т и к деп экиге бөлүнөт; кандай кырдаалда антонимдер оксюморонду уюштурат, антитеза деген эмне? [5,30-32].

Ушул эле окумуштуу бир окуу китебинде «мааниси боюнча бири-бирине карама-каршы түшүнүктө колдонулган» [5,30] сөздөрдү антонимдер катары караса, экинчи бир окуу китебинде «мааниси карама-каршы келген сөздөрдү антонимдер деп эсептейт»[2,112], бирок экөөндө тең антонимдер түшүнүктөрдүн карама-каршылыгына негизделерин белгилеп көрсөтөт. Ушул эле окуу китебинде [2,113] окумуштуу татаал

сөздөр да антоним боло аларын (*ат жарыш – жөөжарыш);* бардык эле сөздөрдүн антонимдери боло бербестигин, мындай сөздөргө кайсылар кирерин (тактоочтордо, өсүмдүктүн аттарында, элес, тууранды сөздөрдө ж.б. антонимдер көп жолукпайт); антонимдер мезгил, мейкиндикке, сын-сыпатка, ал-абалга байланышкан сөздөрдө жолугарын айтат да, буга байланыштуу аларды семантикалык 5 топко бөлүп карайт; « антонимдер сөз айкалыштары менен келгенде же мааниси жагынан семантикалык жылыштарга ээ болгондо, алар карама-каршылык түшүнүктөрүнөн да ажырап калат: …**ысык-суук**; ысык аптап, бирок «суук аптап» жок» - деп жазат да, антонимдердил е к с и к а л ы к *(жоон-ичке, алыш-бериш,аке-үкө,тышкары-ичкери ж.б.)* к о н т е к с т у а л д ы к же у б а к т ы л у у (*Адам жолу түгөнбөйт, адам жолу уланат* (**түгөн-улан**) деп экиге бөлүп карайт, ушуга эле улай айрым антонимдер риторикалык түрдө да учурарын, мындай кырдаалда бир түгөйү көмүскөдө каларын көрсөтөт. (*аягы жок суу болбойт* (аягы болот); *өчпөс от болбойт* (от өчөт); *өлбөс жан болбойт;* (жан өлөт) ж.б. Мындан сырткары, автор дидактикалык чыгармалардан алынган мисалдардын негизинде антонимдердин контрасттык эффект түзүү үчүн кеңири пайдаланыларын да териштирет, ойду курч, таамай же көкөлөтө бөлүп айтуу үчүн карама-каршы маанидеги айрым сөздөр айкалыша келип, оксюморонду түзөрүн төмөндөгүдөй мисалдар аркылуу далилдейт: **эң жаман***жакшы экен го*, **жаман кыйын***бала экен***, иттей***иш тура*ж.б. [2,112-115].

Белгилүү илимпоз-тилчи С.Давлетов антонимдердин табиятын конкреттүү жана ар тараптуу ачып берүүгө өзгөчө назар бурган, буга байланыштуу ал маани жактан карама-каршы сөздөр антонимдер катары караларын белгилеп келип, бирок мындан «антонимдер бардык касиети бири-бирине карама-каршы коюлат, бири-бирин танат деп корутунду чыгарууга болбой» (3,74) тургандыгын, анткени сөздөр антонимдеш болушу же карама-каршы коюлушу үчүн алар жалпылыкка да ээ болушу (бир текке таандык түшүнүктөрдү туюндурушу) керек экендигин көрсөтөт. Муну менен катар бирдей сөз түркүмүнө киришин, башка сөздөргө айкашуу жагынан көбүнчө бирдей жөндөмдүүлүккө ээ экендигин да антонимдердин белгилери деп атайт. Андан ары автор антонимдердин айрымдары ар башка уңгудан турса, айрымдары бир эле уңгуга мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалары, антонимдештик касиетине карай эки топко (1. т и л д и к а н т о- н и м д е р; 2. к о н т е к с т т и к (же речтик) а н т о н и м д е р) бөлүнөрү, контексттик антонимдер жалпы элдик мүнөзгө ээ болбогондуктан, а в т о р-д у к – и н д и в и д у а л д ы к а н т о н и м д е р деп аталары тууралуу токтолот. Бул автордогу бир өзгөчөлүк – бир эле сөздүн түрдүү маанилери өз ара антонимдик катышта болуп калышы мүмкүн экендигин, мындай көрүнүш тектеш тилдердин ортосунда да, бир тилдин ичинде да жолугарын (автор орус тилинен *вонять* сөзүн мисалга тартат-Д.И.) атайы белгилеп көрсөткөндүгү.[3,74-76]

Окумуштуу, профессор С.Өмүралиева антонимдерге бөлөкчөрөк мамиле кылат, т.а., ал антонимдерди лексикалык башка кубулуштар (синонимдер, полисемия) менен салыштыра карайт да, антонимдерди жалаң гана лингвистикалык жаатта кароо жетишсиз экендигин, а турмуштагы карама-каршылык менен тыгыз байланышта кароо зарылдыгын белгилейт да, антонимдердин реалдуу турмуштагы негизи жөнүндөгү маселени окуу китептеринде биринчилерден болуп коет. Муну менен катар реалдуу чындыктагы карама-каршылык таанып-билүү процессинде айкын болорун, ошол таанылып-билинген карама-каршылык тилде антонимдер аркылуу чагылдырыларын да көрсөтөт. Антонимдерди төмөнкүдөй белгилерине карай бир канча топко бөлөт: жасалышына жана табиятына карай: л е к с и к а – с е м а н т и к а л ы к , г р а м м а т и к а л ы к а н т о н и м д е р; маанисине карай: т о л у к, т о л у к э м е с жана к о н т е к с т т и к антонимдер [4,175]. Мындан сырткары, антонимдерди карама-каршылыктын типтерине карай да экиге (1. а б с о л ю т т у у к а р а м а – к а р ш ы л ы к т ы б е л г и

леген антонимдер; 2) салыштырмалуу карама–каршылыкты белгилеген антонимдер) карайт да, экөөнүн өз ара айырмачылыгын мисалдардын негизинде далилдеп келип, бирок мындай айырмачылыктарына карабай, бул экөөнүн тең негизин реалдуу карама-каршылык түзөрүн айтат. Буга байланыштуу антонимдердин дагы бир тобун (м.: *бир-миң, бал-уу, ак-кара* ж.б.) өзүнчө бөлүп кароо зарылдыгын белгилеп, аларды кыйыр (прагматикалык) карама–каршылыкты билдирген антонимдер деп атайт, мындай антонимдердин бөтөнчөлүгүн ачып берет.

Антонимдерди семантикалык маанисине карай бөлүштүрүүдө автор алардын маанилери бири-бирин толук тангандыгында же толук тана албагандыгына таянат: эгер антонимдик түгөйлөрдүн маанилери бири-бирине толук карама-каршы келип, бири экинчисин толук танса, анда алар толук антонимдер болот: *өйдө-төмөн, ысык-суук, баш-аяк* ж.б. Эгерде антонимдик түгөйлөр бири экинчисин толук тана албаса (м.:*ыйлап-ырдап*), алар толук эмес антонимдер болот жана мындай антонимдер көбүнчө оозеки речте, көркөм чыгармаларда «атайын стилдик максатта колдонулган өтмө маанилүү сөздөрдө кезигет»[4,178]. Акырында автор антонимдердин бул түрлөрүн кантип айырмалоого болот деген суроону коет да, буга «алардын түгөйлөрүн өздөрүнө синонимдеш сөздөр менен алмаштыруу аркылуу аныктоого болот»,- деп жооп берет. Ал эми окумуштуунун контексттик; ар уңгулуу, бир уңгулуу антонимдер боюнча пикири жогорудагы окумуштуулардын ойлорунан анча айырмаланбайт, бир гана айырмачылыгы – буга чейин *бакыт-шор, бактылуу-шорлуу* лексикалык антонимдер катары каралып келсе, автор булардын жалпылыгын көрсөтүү менен, *бакыт-шор,* антонимдерин лекси- калык, ал эми *бактылуу-шорлуу антонимдерин* ар уңгулуу (морфологиялык) антонимдер деп атап, терминдик тактоолорду киргизет.

Жогоруда биз окумуштуу С.Давлетов бир сөз деле карама-каршы мааниде колдонулуп калышы мүмкүн экендигин белгилегендигин айтканбыз, бирок ал бул кубулуштун эмне деп аталарын айтпаган, ошондой эле кыргыз тилинен мисал да келтирбеген. Профессор С.Өмүралиева мындай кубулушту энантиосемия деген ат менен биринчи жолу окуу китебине киргизип, анын табиятын кыргыз тилинен алынган мисалдардын негизинде кыскача болсо да ачып берген. Тактап айтканда, ал конкреттүү мисалдарга талдоо жүргүзүү аркылуу төмөнкүдөй маселелер боюнча маалымат берет:1) энантиосемия – бир эле сөздүн карама-каршы мааниде колдонулушу; 2) энантиосемияда антонимиянын да, полисемиянын да белгилери бардыгы; 3) энантиосемиянын кандай мааниде колдонулгандыгы контекст аркылуу аныкталары, анын маанилерин ажыратып чектөөдө лексикалык жана грамматикалык каражаттар катышары. Андан автор антонимдердин стилдик максатта колдонулушуна да бир кыйла кеъири токтолуп, анын негизинде пайда болгон антитеза, оксюморон өңдүү стилдик фигуралардын ойду таамай жана элестүү берүүдөгү маанисин ынанымдуу көрсөткөндүгүн атайы белгилей кетишибиз керек. [4,174-186]

Арийне, окуу китебинин өзүнчө талабы бар: ал такталган, талаш туудурбаган маселелерди гана ырааттуу жана так бериши керек, андыктан тигил же бул маселе терең териштирилбей калган деп аларга доомат кое берүү логикага сыя бербейт. Бул-бир. Экинчиден, кыргыз тили боюнча окуу китептеринин улам кийинкилеринде антонимдер маселелери кененирээк жана тереңирээк чагылдырылганы байкалат. Үчүнчүдөн, жогорудагы окуу китептеринде тактоону талап кылган жерлери да учурайт. Бул, баарыдан мурда, логикалык ырааттуулукка тиешелүү: антонимдерге байланыштуу маселелер бирдей логикалык ырааттуулукта жайгаштырылып, чечмелениши керек; антонимдер маселесине байланыштуу терминдерди бирдей тартипте берүү зарыл; антонимдердин логикалык жана лингвистикалык табияты так ажыратылып берилүүгө

тийиш, жогорудагы айрым окуу китептеринде логикалык негизге өзгөчө маани берилгендиктен, айрым нагыз антонимдер (*көк-жер, бир-миң, уу-бал* ж.б.) контексттик антонимдер катары каралып калган, деги эле логика менен психологиянын позициясы боюнча антоним болууга укугу бар сөздөр тилде антонимдик катышты түзбөй калышы да ыктымал, мисалы, логикалык жактан алганда, *толтура* сөзүнө– *бош* сөзү антоним болушу керек эле,бирок тилде (элде) булар эмес, *толтура-бөксө* сөздөрү антоним катары кабыл алынат, ошондой эле Н.Л.Соколова адилеттүү белгилегендей, антонимдерге логика менен психологиянын позициясынан берген аныктама тилдеги антонимдерди толук камтый албайт (9,60), айталы, *ак-кара, уу-бал, ит-мышык* антонимдерин жогорудагы позиция боюнча антоним катары кароого болбойт. Антонимдерди т о л у к жана т о л у к э м е с деп бөлүштүрүүгө негиз кылып алынган «бири-бирин толук танат же бири-бирин толук тана албайт» деген эреженин өзү толук тануу деген эмне, толук эмес тануу деген эмне, булардын логика-лингвистикалык чен-өлчөмдөрү кайсылар деген суроону жаратат. Айтор, окуу китептерине сереп салганыбызда, антонимдерге байланыштуу тактоону талап кылган теориялык маселелер да бар экендигине күбөболобуз. Бул жагдайларды эске алуу менен, кыргыз тилиндеги антонимдерди келечекте төмөнкүдөй нук-багытта изилдөө зарыл деген ойдобуз:

- антонимдердин логикалык жана лингвистикалык негиздерин так ажыратып, алардын (антонимдердин) белгилерин конкреттүү ачып берүү; лингвистикалык табиятына өзгөчө көңүл бөлүү;
- антонимдердин лексикалык башка кубулуштарга карата карым-катышын терең териштирип, алардын лексикалык системада алган ордун аныктоо;
- антонимдерди антонимдештик деңгээлине карата бөлүштүрүп, мындай бөлүштүрүүнүн лингвистикалык жана логикалык негиздерин ачып берүү;
- антонимдерди сөз түркүмдөрүнө карай бөлүштүрүп, алардын семантикалык өзгөчөлүгүн аныктоо; сөз түркүмдөр аралык антонимдерди өз алдынча териштирүү;
- антонимдердин синтаксистик моделин аныктап, бул боюнча алардын семантикасын ачып берүү;
- бир уңгулуу антонимдерге өзүнчө атайын иликтөөжүргүзүү алардын өзгөчөлүгүн ачып берүү, алардын айрымдарын нагыз тилдик антонимдер катары кароонун же карабоонун чен -өлчөмдөрүн көрсөтүү;
- макал-лакаптарда, табышмактарда, туруктуу сөз айкаштарында колдонулган антонимдерди өз алдынча териштирип, алардын логика-лингвистикалык жана поэтикалык табиятын ачып берүү; ошондой эле белгилүү сүрөткерлердин чыгармаларындагы антонимдерди да ушундай нукта талдоого алуу;
- терминдик мүнөздөгү антонимдерди өзүнчө териштирүү;
- фразеологиялык антонимдерди иликке алуу, ошондой эле жеке сөз менен фразеологизмдердин ортосундагы антонимдик катышты караштыруу.

Жыйынтыктап айтканда, антонимдер боюнча тереңдетип изилдөөнү талап кылган маселелер кыргыз тил илиминде арбын эле учурайт, биз жогоруда алардын айрымдарын гана санактап көрсөттүк. Келечекте антонимдерди териштирүүнүн улам жаңы кыры ачыла берерине эч бир шек кылууга болбойт.

Адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. Фонетика. Орфография. Графика жана орфография. Лексикология жана фразеология. – Б.,1998.

2. Ахматов., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили . Фонетика, лексика. – Фрунзе,1978

3. Ахматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С. Тил илимине киришүү – Фрунзе,1980

4. Ахматов Т., Өмүралиева С. Кыргыз тили. Фонетика, лексика- Фрунзе,1990

5. Давлетов С., Мукамбаев Ж.,Турусбеков С.. Кыргыз тилинин грамматикасы, 1-бөлүм, педагогикалык окуу жайлары үчүн, ондолуп, экинчи басылышы. - Фрунзе,1982.

6. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Тил илиминен маалымат, фонетика, графика, орфография, лексикология. – Б.,1996.

7. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика жана лексикология.- Б.,1999.

8. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы.- Б.,1997

9. Соколова Н.Л. К проблеме определения и классификации антонимов и их стилистического использования.- Филологические науки, 1977, 60-69-беттер.

Кадырбекова П.К.

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК. 41:415.4

ЭТНОЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ КОМПОНЕНТ В ЯЗЫКЕ

Лингвистика XX века, сменяя и расширяя парадигмы исследований своего предмета язык/речь, все более переключается к изучению культуры как важнейшей составляющей части языка. Переориентация лингвистических исследований сегодня связана с глобализацией, когда мир становится все «теснее», и как следствие этого, расширением межкультурных и межъязыковых контактов. Это требует более пристального внимания вопросам онтогенеза, когнитивным и социокультурным явлениям этноса.

Говоря о новой парадигме когнитивно-дискурсивной, Е.С. Кубрякова справедливо отмечает, «согласно теоретическим представлениям об этой новой парадигме языкового явления, по сути, своей парадигме функциональной, при описании каждого языкового явления равно учитываются 2 функции, которые они неизбежно выполняют – когнитивная (по их участию в процессе познания и коммуникативная, по их участию в актах речевого общения). Соответственно, каждое языковое явление может считаться адекватно описанным и разъясненным только в тех случаях, если оно рассмотрено на перекрестке когниции и коммуникации (1. С. 33).

В настоящее время мы приходим к признанию, равноправного существования разных культур, т.н. cultural diversity. В обучении иностранным языкам также должен быть заложен не просто вербальный подход, а когнитивный, по возможности объясняющий разницу между языковыми картинами мира (2. С. 30), так как «усваивая язык, мы усваиваем не только отдельные знаки – мы усваиваем системы категоризации мира, системы опыта и знаний, и наконец, системы ценностей» (1. С. 33). Иностранный язык сегодня трактуется как средство межнационального и межкультурного общения, а обучение ему – как обучение самому межнациональному, межкультурному общению. Успех общения зависит не только и не столько от языковых знаний или речевых умений и навыков, сколько от владения приемами воздействия или взаимодействия между партнерами, что в свою очередь, зависит в большой мере от знания соответствующих национально-культурологических особенностей. Влияние таких знаний на успешность международного общения подчеркивают, в частности социологи, заявляя при этом, что значение этих знаний будет неуклонно возрастать в связи с процессом интернационализации и научно-технического процесса (3).

Понятие «этнолингвистический компонент» связано, как правило, с его родовым наименованием «этнолингвистика», которая имеет место в современном языкознании «как комплексная дисциплина, изучающая с помощью лингвистических методов «план содержания» культуры и мифологии независимо от способов их формального представления (слова, предмет, обряд и т. п.) (4. С. 59 7).

Термин этнолингвистический компонент имеет много параллельных обозначений: лингвокультурологический компонент, национально-культурная значимость, этнокультурологическая составляющая и др.; но все же доминантой в этом синонимическом ряду является понятие «этнолингвистический компонент», под которым мы вслед за некоторыми языковедами будем понимать в самом общем виде все те черты, признаки и свойства, присущие конкретно тому или иному народу – носителю живого, естественного языка (5. С.131-136).

Понятие этнолингвистического компонента как лингвокультурологического явления плодотворно изучалось в теории перевода, поскольку переводчики, в особенности те, которые делали письменные переводы, часто сталкивались с такими реалиями в том или ином языке, сразу не поддающимися переводу ввиду отсутствия понятия в другом, переводимом языке. Существующие в реальности одного языка так называемые «национально-окрашенные слова» передавались на другом языке зачастую искаженно, без сохранения «духа народа» и потому теоретики перевода создавали теоретико-практическую базу для передачи таких реалий, отраженных в «этнолингвистическом компоненте» (6. С. 54-56).

Впервые обратили на это явление сторонники американской дескриптивной лингвистики, во главе которого стоит Э. Сепир (7), который подчеркивал значение языка для обозначения культурных явлений. Изучая язык американских индейцев, он открыл для себя, как в языке индейцев оформляются понятия, обозначающие разные стороны объективной действительности. Так, например, категория множественного числа в языке хопи значительно отличается от категории множественного числа в английском, французском и немецком; например, понятия, выраженные в этих языках множественным числом, в языке хопи обозначаются единственным числом. Грамматика хопи отражала в какой-то степени культуру хопи, так же как грамматика европейских языков отражает западную или европейскую культуру. Также существительные, обозначающие материальные количество, временные формы глагола, и периодизация времени, длительность, интенсивность и направленность в языке хопи, как подчеркивает Б.Уорф, сильно отличаются от индоевропейских языков. Хотя хопи в отношении существительных кажется предельно конкретным языком, в формах интенсификаторов он достигает такой степени абстрактности, что она почти превышает наше понимание. Иными словами, в конкретные синтаксические и морфологические особенности конкретного языка несут в себе информацию о специфике национальной ментальности и национального характера, которые являются важнейшими составляющими всей национальной культуры. Самовыражение национальной черты может происходить с помощью определенной грамматической категории. Следует отметить, что нормы мышления и нормы поведения, которые отражены в языке хопи, также имеют ярко выраженный этнолингвистический компонент. Мы присоединяемся к точке зрения Братчиковой Н.С., которая считает, что и синтаксис, морфология и даже фонетика несут информацию о национальном складе мышления и национальном характере (8.С.18). Таким образом, сторонники этнолингвистики придали определенное направление разрешению вопроса о связях языка и культуры, подчеркивая, тем самым его характерный признак, т.е. этнолингвистический компонент в языке. Этнолингвистика как дисциплина переживает свое второе рождение и еще или определяет снова свои границы, задачи, свой предмет

и материал. Этнолингвистика может пониматься как раздел лингвистики, объектом которого является язык в его отношении к культуре народа. Она изучает отражения в языке культурных, народно-психологических и мифологических представлений и «переживаний». Различия этнолингвистического характера в анализируемом нами материале кыргызского языка в отношении немецкого языка, обусловлены социально-историческими условиями жизни немцев и кыргызов. Такие условия внелингвистического порядка через человеческое мышление, сознание диктуют и навязывают определенные стереотипы национального своеобразия.

У каждого народа существуют свои особые специфические национальные обряды, традиции и привычки, которые отличаются от других народов и составляют культурную специфику. В соответствии со своими национально - культурными особенностями, кыргызский и немецкий языки в установившейся и заданной форме соотносятся с внеязыковыми реалиями. Характер, присущий народу, формы его логического мышления, знакообразующая экспликация присущего ему языка в своей основе детерминированные внеязыковой действительностью, все они тесно переплетаются при выражении национально-культурного этнолингвистического компонента (5). Поэтому исследование национально окрашенных, национально культурных, этносемантических факторов и фактов это совершенно новая и почти не затронутая лингвистами область контрастивно-сравнительного языкознания и лингвокультурологии.

Рассмотрим пословицы, содержащие этнолингвистический компонент в кыргызском языке. В кыргызской пословице *Атаңды өлтургөнгө энеңди алып бер*. (Убившему твоего отца выдай замуж свою мать) выражается в высшей степени толерантность кыргызского народа. В этой кыргызской пословице сохранились также отголоски культуры далекого кочевого образа жизни. Если семья, оставалась без кормильца, то за убийцу кормильца семьи выдавали замуж вдову, чтобы тот заботился об этой семье. В следующей пословице *Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч.* (Если к тебе пришли с повинной, то прости выкуп (кун) за отца). Прощание выкупа «кун» за убитого члена племени, преследовала цель сохранения племени кыргызского народа, с тем, чтобы не истребился весь род. И сегодня, в современной жизни кыргызского народа, когда понятие рода отходит на задний план, данные пословицы употребляются в тех случаях, когда, например, кого-то надо прощать. Ийилген башты кылыч кеспейт (то есть, кто пришел с повинной, того не казнят). В этой пословице отражаются также племенные распри, которые имели место в кочевой жизни кыргызского народа.

Особую национально-культурную специфику этноса составляют также приветствия и обращения. Приветствие в кыргызском языке *Мал -жаныңар аманбы?* (Живы-здоровы, жив ли скот?) встречается также и у городских жителей, хотя у них, как правило, нет скота. Но культура в языке или язык в культуре остается, выполняя большую коммуникативную нагрузку и влияя определенным образом на речевое поведение говорящих.

Национально-культурную специфику составляют также обращения. Так, например, в речевом этикете женщин в кыргызской культуре преобладают табу на имена родственников мужа. Поэтому при обращении к ним употребляются зачастую перифразы, Ср. Обращение Жамили - жены старшего брата - к младшему брату мужа кичине бала, букв. маленький мальчик в повести Ч. Айтматова «Жамиля»: Мага берчи муну, кичине бала! - деди ал акырын гана (9. С.492). Дай мне это, кичине бала, сказала она тихо. Обращение к мужу по имени в кыргызской культуре раньше также не имело место, т.е. Кыргызской женщине запрещалось произносить имя своего мужа. В повести Айтматова Ч. «Лицом к лицу», Сейде не может назвать своего мужа по

имени «Ысмайыл», а перифразует его, обращаясь «Энемдин баласы!"- Сын моей свекрови!:

Энемдин баласы! Энемдин баласы!- деди ал кысталып шыбыраган ун менен, анан чыдай албай кетип, «Ысмайыл» деп оз атынан айтып, кубанганынан балактап ыйлап жиберди (10. С. 409).

Sohn meiner Schwiegermutter! Sohn meiner Schwiegermutter! Flüsterte sie nach altem Brauch, doch sie fand nicht länger die Kraft, sich zu beherrschen, und nannte ihn beim Namen "Ismail!" Sie begann zu weinen (10.C.12.)

Сын моей свекрови! Сын моей свекрови! – щептала она, задыхаясь, а потом не вытерпела и назвала его своим именем – «Исмаил», затем заплакала.

В настоящее время перифраза имени у мужа наблюдается у старшего поколения женщин в южной кыргызской культуре, в то время как молодые женщины и женщины среднего поколения обращаются к своим мужьям по имени.

Следующая пословица отражает также этнолингвистический компонент: *Койчусу көп болсо, кой арам өлөт.* (Если у стада много пастухов, то овцы гибнут). Эквивалентом данной пословицы в русском языке выступает: У семи нянек дитя без глазу. Данное понятие выражается в немецком языке так: Viele Köche verderben den Brei. букв. Много поваров испортят кашу. Данные пословицы выражают понятие: «Когда многие делают одну работу, они делают это плохо».

Возьмем компаративные фразеологизмы, имеющие этнолингвистический компонент: Ср.: *Чийдей арык* (худой как чий). Чий - это загородка вокруг решетки юрты, из циновки, сделанной из чия. Русск. экв. Тощий, как жердь (жердь - шест из длинного тонкого ствола дерева. В немецком языке это значение передается так: *mager wie eine Spinne.* букв. Худой как паук. gesund wie ein Fisch im Wasser. Русск. Здоров как бык. Кырг. *куландан соо.* Кулан - животное из рода лошадей. Дикое животное, родственное ослу (11).

Таким образом, несмотря на схожесть с существующими эквивалентами в другом языке, пословицы могут оказаться сложными и многозначными по своему значению и иметь неуловимые для иной культуры импликации.

Как видим, в пословицах и поговорках отражаются ментальные процессы, происходящие в сознании людей, которые затем выражаются в языке. Это и составляет основу культурной картины мира того или иного народа. Пословицы и поговорки в кыргызском языке содержат большей частью названия животных или частей их тел, что обусловлено кочевым образом жизни народа.

Этнолингвистический компонент, присутствующий в словах, высказываниях в пословицах и поговорках имеет ярко выраженную национально-культурную специфику, отражает менталитет и «дух» народа (Гумбольдт), поэтому данные языковые единицы трудно поддаются переводу, являясь зачастую причиной возникновения коммуникативных неудач, а также семантических лакун в том или другом языке.

Литература:

1. Кубрякова Е.С. Размышления о судьбах когнитивной лингвистики на рубеже веков. Вопросы филологии. №1. (7) Институт языкознания. М.- 2001.

2. Вяткина И. В. Жирова Л.Т. Культурологический подход при обучении идиоматическим выражениям, пословицам и поговоркам// Язык и межкультурная коммуникация. Проблемы лингвистики и методики преподавания. - Материалы научной конференции.-Курган, 2002. – 64 с.

3. Ядов, В. А. Баранов П.В., Гаськов В.М., Хаиров Р.И. Социально-организационные проблемы международного научного сотрудничества/ Ученый и

научный коллектив: Социальные аспекты деятельности/Отв. ред. В. Н. Иванов, Н. Яхиел.- М.: Прогресс, -1986.- 264 с.

4. Лингвистический энциклопедический словарь. М. : Советская энциклопедия. 1990 –682 с.

5. Серебренников Б.А. Роль человеческого фактора в языке: Язык и мышление.- М.: Наука, 1988 -244 с.

6. Комиссаров В. Н. Теория перевода: Лингвистические аспекты - М.: Высшая школа, 1990. -253 с.

7. Братчикова Н. С. Цветовая картина мира в русском и финнском языковом сознаний. Дисс. на соискание ученой степени д-ра филол. наук. М.- 2006.

8. 9.Из собрания академика К. К. Юдахина. «Пословицы и поговорки кыргызского народа». Бишкек. - 1997.

9. Айтматов Ч. Жамийла. Изд. Кыргызстан. Фрунзе. -1978.

10. Айтматов Ч. Лицом к лицу. Изд. Кыргызстан. Фрунзе. -1978.

11. Толковый словарь иностранных слов Л. П. Крысина.- М: Русский язык, 1998.

Касиева А., Шамшыдин кызы А.
Кыргыз-Түрк Манас университети

УДК.494.3:943.41

С. РАЕВДИН “БАРСБЕК” ДРАМАСЫ ЖАНА АНЫН З.КАРАЕВА ТАРАБЫНАН КОТОРУЛГАН АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ВАРИАНТЫНА САЛЫШТЫРМА РЕГИСТРДИК АНАЛИЗ

Кыргыз этносу фольклордук жана адабий дискурстук чыгармалардын кеңири топтомуна ээ. Алардын ичинен “Барсбек” драмасы олуттуу орунду ээлеп, кыргыз этносунун маданиятынын негизин түзгөн чыгармалардын катарында каралып келет. “Манас” эпосу баш болгон бир катар ири маданий баалуулуктардын катарында “Барсбек” драмасы да терең маанини камтып, улуттун этномаданий жана лингвистикалык концепттерин толуктайт. Бул чыгарма Кыргыз драматургиясына олуттуу салым кошуу менен бирге Кыргыз маданияты, тили, баалуулуктары жөнүндө кеңири маалыматка ээ.

Берилген изилдөө иши “Барсбек” драмасынын негизинде кеңири дискурстук анализ жүргүзүүгө багытталган. Өзгөчө көңүл бурула турган тармак *регистр* түшүнүгү жана анын түрлөрүнүн текстте берилиши. Тил жана маданиятты терең кароо үчүн *этнолингвистикалык* жана *этномаданий* анализдери жүргүзүлүп, **салыштырма** жана **тектештирме усулдары** колдонулат.

Макаланын актуалдуулугу тил менен маданияттын үстүндө тил илиминдеги изилдөөлөрдү жүргүзүүдө алардын убакыттык өзгөрүүлөрүн жана эволюциясын аныктоого салым кошуу менен шартталган. Бул маселени чечүүдө берилген текст тил менен маданиятты байланыштырган негизги тармактын милдетин алат. Күнүбүздөгү ааламдашуу шарттарында этномаданий баалуулуктарды сактап калуу азыркы таптын эң башкы максаты болгондугуна байланыштуу берилген иштин актуалдуулугу өз ордун табууга акылуу деген ойдобуз. Бул иш дискурс концептин жана регистр түшүнүгүн изилдөөдө Жогорку окуу жайларынын студенттерине түшүндүрмө катары колдонууга жеткиликтүү.

Дискурс - бул коомдук-маданий аракеттердин тармагына багытталган белгилүү бир мамилелердин кабыл алынуусунда белгилүү бир катышуучуларды камтыган сүйлөө жана жазуу усулдары. Ошондой эле “дискурс” сүйлөөнүн жана айтуунун б.а.

кептик жана коммуникативдик аракеттин процесси жана бул процесс ал системаны түзгөн формалдык элементтердин арасындагы синтагматикалык жана парадигмалык мамилелерди камтыйт жана сүйлөө бүтпөстүгүн чектеген прагматикалык идеялык шарттарын аныктайт. Заманбап илиминде дискурс термини колдонула баштагандан бери бир канча, өтө кеңири маниге ээ болуп келет. Дискурс көбүнчө кептин үлгүлөрүн, тилдин колдонулушун, диалекттерди жана белгилүү бир коом ичиндеги кабыл алынган тилдин өзгөчөлүгүн аныктайт. Ошондой эле бул термин белгилүү бир обочолонгон аймакта жашап, бирдей кептик айтымдарды колдонгон жергиликтүү калктардын тилдик усулдарын изилдөөдө да колдонулат. Бул термин адам жашоосунда өтө көп тармактарда колдонулгандыктан, биз бул каралып жаткан ишибизде дискурстун лингвистика илиминде колдонулушуна, өзгөчө прикладдык лингвистикада колдонулушуна көбүрөөк көңүл бурабыз. Негизинен “дискурс” термини Латын тилинин “discursus” деген сөзүнөн келип, “баарлашуу” же “кеп” дегенди түшүндүрөт.

Дискурс анализи - жалпысынан жазуу жана оозеки түрүндөгү, жана символдук тилди колдонуу б.а. маанилүү семиотикалык окуяларды анализдөөдө бир канча ыкмалардын колдонулушун түшүндүрөт. Дискурс анализинин чегинде белгилүү бир аймактагы жергиликтүү калктын өз эне тилин колдонууда анын функциясына жана формасына лингвистикалык иликтөө жүргүзүү болуп саналат.

Белгилүү лингвисттердин бири Иан Кетфорт “бир бүтүн тил” концепти өтө кеңири жана көп түрдүү болгондуктан, бир бүтүн тилди “суб-тилдерге” классификациялоону же тилди ар түрдүүлүктөргө бөлүүнү сунуштаган. Мындан улам Майкл Халлидей, МакИнтош жана Стревенс биргеликте тилдин ар түрдүүлүгүн сүрөттөөдө эки багытты бөлүп көрсөтүшкөн:

1) **Колдонуучуга байланыштуу тилдин өзгөрмөлүүлүгү *диалект*** деп аталып, адамга карата тилдин өзгөрүүсүн көрсөтөт.

2) **Тилди колдонууга байланыштуу тилдин өзгөрүүсү *регистр*** деп аталып, кырдаалга жараша тилдин формасынын айырмаланышын көрсөтөт.

Колдонуучуга карата өзгөрмөлүүлүктөр б.а. диалекттер:

- географиялык
- мезгилдик
- коомдук
- стандарттык жана стандарттык эмес
- идиолект

болуп бөлүнөт.

Тилди колдонууга байланыштуу тилдин өзгөрүүсү б.а. *регистр* төмөнкү түрдө классификацияланат:

- *Дискурстун тармагы* бул колдонуучунун тилди максаттуу колдонуусунун натыйжасын, анын колдонгон тилинин маанисин, анын кандай тажрыйбаны сөз аркылуу берип жаткандыгын жана тил аркылуу кандай окуя болуп жаткандыгын түшүндүрөт. *Тармак* деп тилдин кесиптик жана коомдук кырдаалдарга жараша өзгөрүлүп колдонулуусу аталат (м: илимий дискурс, адабий дискурс). О.э. тармак Грегори жана Керолл белгилегендей […] тексттин “максаттуу ролун”, коомдук функциясын чагылдырган тилди колдонуунун бир түрү (өз ара пикир алмашуу, көрсөтмө берүү) катары каралат. Бул аныктама Кристал менен Дэви тарабынан берилген “аймак” (провинс) терминине окшош […]. Бул түшүнүк тармактардын кесиптик, профессионалдык жана адистик мүнөздөрүн (м: диний дабат) кошумча белгилеген Кристал менен Девинин “провинс” түшүнүгүнө шайкеш келет.

➢ *Дискурстун усулу* тилдин жазылуусунун жана оозеки түрдө колдонулушунун деңгээлин билдирет. Ал тилди колдонуудагы жазуу жана сүйлөө ыкмалары. Анын эң негизги ыкмалары катары баяндоо (окуялардын түрмөгүн баяндоо), сүрөттөө, түшүндүрүү жана белгилүү бир доордун окурманын ынандыруу. *Усул* өзгөчө жазуу жана сүйлөөнүн ортосундагы тандалган тилдик аракеттин чөйрөсүнө таандык болуп, монолог, диалог сыяктуу аныктамаларды да өзүнө камтыйт. Ал колдонулуп жаткан тилдин кодунун, табиятынын ачыкталуусу б.с. Бул жердеги негизги өзгөчөлүк болуп сүйлөөдө жана жазуудагы баяндоочунун өзгөчө бир стилди колдонуусу жана бул өзгөчөлүк деңгээлиндеги жазуу менен сүйлөөнүн орун алмашуулары эсептелет (м: оозеки айтуу үчүн жазылган нерсе ж.б.)

➢ *Тенор* (багыт) тил аркылуу адрессант менен адресаттын ортосундагы мамилени көрсөтөт. Мисалы, мугалим-окуучу, эне-бала ортосундагы тилдин кодонулуусунун ар түрдүүлүгү же алардын мамилеси тенор аркылуу аныкталат. Ал формалдуу жана жалпак тилдин (формалдуу эмес) ортосундагы айырмачылыктарды аныктайт. Бул жагдайды “сылык, орто жана өтө жакын” сыяктуу негизги айырмачылыктардын шартында жана расмий, бейрасмий тилдерде орун алган категориялардын масштабында анализдөө мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, адамдын тилди жарнама, көндүрүү, ишендирүү, көзөмөлдөө же басынтуу үчүн колдонуп жатканын тенор аркылуу аныктоого болот. [1-50-64 б.]

*Дискурс тармагында изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар.*1960 жана 1970-жылдары Чыгыш Англия Университетиндеги бир канча лингвисттер жана адабий теоретиктер тарабынан Критикалык Лингвистика (Critical Linguistics) ыкмасы өнүктүрүлгөн. Алардын бул ыкмасы Халидэйдин Системалык Функционалдык Лингвистикасына (Systemic Functional Linguistics) негизделген. Негизинен Системалык Функционалдык Лингвистикасы алгач 30-40-жылдары Британиялык лингвист Фирс (Jr. Firth) тарабынан изилдене башталып, 60-70-жылдары анын окуучусу Халидэй тарабынан кененирээк изилденген. Халидэйдин тилди текст катары кабыл алуу ыкмасы *системалык-функционалдык үлгүсү (model)* деп аталып, котормо чөйрөсүнө жаңы альтернативдүү ыкманы киргизген. Халидэйдин илимий иликтөө чөйрөсү Колдонмо Лингвистика (Applied Linguistics), Дискурс жана дискурстун типтерге (регистр, диалект) бөлүнүүсүнө багытталган.

Түп нуска жана котормо тексттерин анализдөө жана салыштыруу схемасы (Хаус 1997 :108):

Хаустун моделинин ишке ашуу жолу төмөндөгүчө :

✓ Профиль түп нуска тексттин регистринде жаралат;

✓ Буга регистр аркылуу ишке ашкан түп нуска тексттин жанрынын сүрөттөлүүсү да кошулат ;

✓ Бул экөө биргеликте функциянын ой жүгүртүү жана адамдар аралык деген эки түрүн өзүнө камтып, анын түп нуска тил үчүн колдонулушуна мүмкүндүк берет (башкача айтканда, кандай маалымат берилип жаткандыгы жана жөнөтүүчү менен кабыл алуучунун ортосундагы мамиле);

✓ Сүрөттөө процесси котормо тексти үчүн да аткарылат;

✓ Котормо жана түп нуска тексттеринин профильдери салыштырылып, ал жердеги “ дал келбөөлөр “ же болбосо каталар аныкталып, алар жанрга жана регистр менен жанрдын абалга жараша өзгөрүүсүнө карата бөлүштүрүлөт ;

✓ Мындан кийин котормонун сапаты аныкталат ;

✓ Аягында котормо эки котормо түрүнө жараша бөлүштүрүлөт : ачык котормо же жабык котормо .

Макаланын объектиси катары С. Раевдин калемине таандык “Барсбек” аттуу драмасы, **предмети** катары тексттин эски заманда Кыргыздардын колдонгон тили жана маданияты алынган.



Этнолингвистика илими бул илимий иштин талдоо борборунда турган “Барсбек” драмасынын этноско байланыштуу тамырларын аныктоого, маданияттан, тарыхтан, тилден кеңири маалымат алууга булак катары колдонулган.

1) Анализдин салыштырма, тектештирме, сүрөттөө ыкмалары.

Текст анализдөөдө көп учурда төмөндөгү ыкмалар колдонулат:

Салыштырма ыкмасы—текстти анализдөөдө абдан чоң ролго ээ. Бул ыкманы эки текстти алып, бири-бири менен салыштырууда (демейде түп нуска текст менен котормо тексти салыштырылат) эки тексттин ортосундагы синтаксистик, семантикалык, маданий, стилистикалык айырмачылыктар аныкталат.

Тектештирме ыкмасы боюнча берилген тексттердин окшоштуктары аныкталып, эки тексттин өзгөчөлүтөрүнүн бири-бирине төп келүүсүнө маани берилет.

Сүрөттөө ыкмасы—алгачкы анализдин, мазмундун жана алардын сыпаттамаларынан турган иш-аракеттердин системасы. Анализдин бул ыкмасы коомдук-гуманитардык жана так илимдердин чөйрөсүндөгү бардык дисциплиналарда кеңири колдонулат.

Жыйынтыктай келсек, дискурс жана регистр анализдери бардык гуманитардык илимдерде терең изилденип, көңүл чордонунда болуу менен бирге түпнуска менен

котормону талдоодо этномаданият, этнолингвистика илимдерине да өз салымын кошууда.

Түп нуска менен котормону салыштыруу боюнча практикалык талдоо:

1) ***Түп нуска***: Ошол ай толгон күнү ак кийизге чайпатып, ак батага жайкатып, Төрө Барс Бек хан болду, ааламга бүт даң болду.

Котормо: On that full moony day Barsbek became a Khan following all the ceremonies: he was put on the white carpet as a Khan and all the people blessed him, the whole world knew about it.

Тенор: Азиз адамдын шамандарга Барсбек жөнүндө маалымат берүү максатында айткан сөзү. Эки тараптын мамилеси орточо деңгээлде берилет.

Усул: Оозеки түрүндө айтылган сөз

***Тармак*:** Сүйлөмдө уйкаштык сакталып, тарыхый, адабий дискурс

2) ***Түп нуска***: Бул жылан менен шилекей алышкан, сөзү уу инимдин кебин эрөөн-төрөөн алба.

Котормо: He traded spit with the snake; his words are as sharp as a knife.

Усул: Түшүндүрүү, ынандыруу максатында айтылган сөз

Тармак: Адамдын сапатын жаныбарлардын терс касиетине салыштырган адабий сөз.

Тенор: Барсбек Кагандын Нура бийкенин жинин басаңдатуу үчүн айткан сөзү.

3) ***Түп нуска***: Ар сөздүн ажары бар, ар баштын ажалы бар, өзүң жапалак,сөзүң шапалак экен.

Котормо: Every word has its time to be said, every person has his time to die. Almighty decides everything. You look a poor one, but your words are sharp.

Усул: Уйкаштык сакталып, адабий ирээтте айтылган сөз

Тармак: Макал

Тенор: Нура бийкенин Кана жиндинин оозун басуу максатында айткан сөзү.

4) ***Түп нуска***: Атпай өлтүргөн да сөз, чакпай өлтүргөн да сөз. Култегин баатырдын карындашы кай дарактын көлөкөсүндө өстү экен. Маңдай териси жука окшойт.

Котормо: The words kill people without saying anything and without guns. I wonder where Kultegin's sister was brought up. She is so tender and she has no patience, you see...

Усул: Оозеки түрдө айтылган сөз

Тармак: Макал, салыштыруу, сыпаттоо менен сүрөттөп айтылган адабий айтым.

Тенор: Кана жиндинин Нурабийкенин мүнөзүн терс жактан сыпаттап шылдың аралаш айткан сөзү.

5) ***Түп нуска***: Бабыр чеченден сабыр чечен. Тилдин сөөгү жок, айтышканда не пайда.

Котормо: It is better to be a patient speaker than to talk so much in vain. The tongue has no bone.

Усул: Оозеки айтылган сөз

Тармак: Макал, салыштырма адабий сөзү

Тенор: Барсбек Кагандын кырдаалды курчутпоо үчүн Кана жинди менен Нура бийкени элдештирүү максатында айткан сөзү.

Султан Раевдин калемине таандык "Барсбек" драмасынын Зина Караеванын котормосунда берилген үлгүсүнө дискурстук жана регистрдик салыштырма анализин жүргүзүүдө бир катар этномаданий жана тилдик өзгөчөлүктөрдү аныктоого

аракеттендик. Мындан улам англис жана кыргыз тилдеринин өздөрүнө гана таандык спецификалык мүнөздөрүнө байланыштуу котормодогу кыргыздын тарыхый тилинин жөнөкөйлөштүрүлүп, көркөмдүүлүгү басаңдатылып калганын байкоого болот. Негизги көңүл регистрдин үч түрүнө бурулуп, тексттеги тенор, усул жана тармакты аныктоо мүмкүнчүлүгүн ишке ашырдык.

Адабияттар:

1) Hatim, B. and I. Mason (1990) Discourse and the translator, London and New York: Longman.

2) Аида Смаилова-Кыргыз элинин этномаданиятынын совет доорундагы абалы Чыңгыз Айиматовдун көркөм иликтөөсүндө (маг. дис. Бишкек 2011).

3) Wikipedia-жалпы маалыматтар

4) С. Раев-«Барсбек» (Бишкек 2012). Которгон-З. Караева .

5) Halliday, M.A.K., McIntosh, A. and Strevens, P. (1964) The Linguistic Sciences and Language Teaching. London: Longman.

6) Halliday , M.A.K. (1971) 'Linguistic function and literary style: an inquiry into the language of William Golding's *The Inheritors'*, in S. Chatman (ed.), *Literary Style: a Symposium*. New York: Oxford University Press.

7) Catford, J.C. (1965) *A Linguistic Theory of Translation*. Oxford: Oxford University Press.

8) Corder, S.P. (1973) *Introducing Applied Linguistics*. Harmondsworth: Penguin.

9) Gregory, M. and S. Carroll (1978) *Language and Situation: Language Varieties and their Social Contexts*. London: Routledge & Kegan Paul.

10) House J. (1976) *A model for Translation Quality Assessment.* Tüblingen: Gunter Narr Verlag.

11) House J. (1997) *Translation Quality Assessment: A Model Revisited,* Tüblingen: Njemeyer.

12) Eggins, S. (2004) *An Introduction to Systemic Functional Linguistics*, London: Continuum, 2nd edition.

13) Munday, J. (2008) *Introducing Translation Studies. Theories and applications,* New York: Routledge, 2nd edition.

Мамытов К.М.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА РАСМИЙ ТИЛДЕРДЕ СТУДЕНТТЕРГЕ БИРДЕЙ САПАТТА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИННОВАЦИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

Кыргызстанда кыргыз тили «Мамлекеттик тил» деген даражага ээ болгонуна чейрек кылым убакыт өттү. Бирок ушул убакытка чейин коомдук, экономикалык, маданий жана илимий турмуштун бардык тармактарында мамлекеттик тил талапка ылайык колдонулбай келе жаткандыгы жөнүндө айтылып дагы, массалык маалымат каражаттарында жазылып дагы келе жатат.

"Улуттук университетте мамлекеттик тил аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу биринчи стратегиялык багыт болууга тийиш" деген жобо мамлекеттик тилдин 20 жылдык юбилейине карата өткөн "Элдин өмүрү ө анын тилинде" аттуу республикалык илимий практикалык конференциянын чечиминде расмий бекитилген. Бул маселенин көтөрүлүшү туура деп эсептейм, бирок улуттук университетте Кыргыз филологиясы факультетинде жана педагогдорду даярдаган факультеттердин айрым топторунда гана мамлекеттик тилде билим берилет. Калган институттардын жана факультеттердин дээрлик көпчүлүгүндө лекция семинар сабактары расмий тилде жүргүзүлөт. Мисалы улуттук университеттин "Башкаруу жана бизнес", "Экономика жана финансы" институттарында 1-курстан баштап студенттер орус жана кыргыз топторуна бөлүнгөндүгүнө карабастан дисциплиналар боюнча лекциялар расмий тилде жүргүзүлөт. Ал эми практикалык сабактарды мамлекеттик тилде жүргүзүү жокко эсе.

Ушундай түзүлгөн жагдайдын оң жана терс жактарын белгилеп кетишибиз керек. Оң жагы – мурунку СССРдин курамындагы, азыркы көз карандысыз республикалар, айрыкча Россия федерациясы менен экономикалык мамилелерди натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк болгону. Ал эми терс жагы – республиканын ичинде адистер экономиканы, өндүрүштү жана бизнес процесстерин башкарууну, финансы жана банк иштери боюнча өздөрүнүн функцияларын мамлекеттик тилде аткара албай жаткандыгы.

Эгерде республиканын жогорку окуу жайларында эл чарбасына керектүү адистерди азыркы түзүлгөн ыкмалар менен расмий тилде гана даярдоону уланта берсек коомдо мамлекеттик тилге болгон муктаждык жоюлат. Бул бара-бара кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнө жана бекемдешине коркунуч туудурат. Адаттагыдай "эмне кылуу керек?" деген суроо пайда болот. Бул көйгөйлүү маселени чечүүнүн компромистик мүнөздөгү бир варианты сиздердин назарыңыздарга сунушталат. Буга ылайык студенттер адистиктин профилин түзгөн предметтерди мамлекеттик жана расмий тилдеринде бир эле убакта, бирдей көлөмдө жана бирдей сапатта өздөштүрүсү талап кылынат. Бул үчүн предметти окуткан окутуучу эки тилде эркин сүйлөгөн жана түшүндүргөнгө жөндөмдүү болуш керек. Эгерде окутуучу лекцияны расмий тилде жүргүзсө, үйгө берилген тапшырманын аткарылышын семинар сабагында мамлекеттик жана расмий тилдеринде талап кылышы керек. Эгерде леекцияны мамлекеттик тилде жүргүзсө, үйгө берилген тапшырмалардын аткарылышын дагы эки тилде студенттерден талап кылышы абзел.

Азыркы учурдагы түзүлгөн реалдуу абалга жана шарттарга ылайык "Башкаруу жана бизнес", "Экономика жана финансы" институттарында белгилүү убакытка чейин лекциялардын дээрлик көп бөлүгү расмий тилде жүргүзүлө берет, себеби окуу китептери, окуу куралдары, усулдук(методикалык) көрсөтмөлөр мамлекеттик тилде толугу менен даяр эмес. Бирок лекцияны расмий тилде жүргүзүү үчүн окуу

методикасына айрым өзгөрүүлөрдү киргизүү зарыл. Мисалы лекциянын темасын жана анын суроолорун расмий жана мамлекеттик тилдерде жарыялаш керек. Лекциянын жүрүшүндө окутуучу негизги аныктамаларды, түшүнүктөрдү(бардыгын эмес) мамлекеттик тилде дагы айтып бериши керек. Албетте, лекция жана семинар сабактарын эки тилде жүргүзүп, темага коюлган максаттарга жетишүүгө мурдакы ыкмаларга караганда көбүрөөк убакыт талап кылынат. Демек, көбүрөөк ресурс (финансылык, материалдык) жумшалышы керек экендиги көрүнүп турат. Сунуш кылган бул концепциянын инновациялык мүнөзү жогоруда айтылган факторлор менен түшүндүрүлөт.

Мисал катары менежмент предмети боюнча “менежменттин жалпы негиздери “ деген теманы өтүү методикасынын бир вариантына токтололу. Темада болжол менен эки суроо каралат: 1) “Менежменттин маңызы жана мааниси”, 2) менежменттин методикалык негиздери”. Биринчи суроо боюнча менежмент качан, кандайча пайда болгонун, эмнени түшүндүрөрүн расмий тилде айткандан кийин окутуучу мамлекеттик тилде: “менежмент” деген сөз дүйнө элдеринин тилинин, анын ичинде кыргыз тилинин лексикасына терең сиңди жана ар бир элдин “төл” сөзү катарында практикада колдонулат деп айтып берүү туура болот. Андан ары окутуучу “менежмент” деген түшүнүккө дүйнөлүк адабият булактарында көп кырдуу жана кенен түшүндүрмө (трактовка) берилерин расмий тилде айтып бериши керек, мисалы: в Оксфордском русско-английском словаре понятие “менеджмент” раскрывается широко и многосторонне: “как способ и манера обращения с людм, руководство, власть и искусство управления; особого рода умения и административные навыки, люди контролирующие и направляющие работу организаций, а также управленческий персонал”. Бул түшүнүктөргө кыргызча ой жүгүрткүлө жана кыскача жооп бергиле деп окутуучу студенттерге кайрылышы керек(лекция окуп жатканда кай бир маанилүү түшүнүктөр боюнча суроо-жооп иретинде студенттер менен кыскача пикир алмашуу дагы пайдалуу болот. Бул ыкма рыноктук өнүккөн өлкөлөрдө кенен колдонулат. Эгерде канааттандыраарлык жооп болбосо практикалык сабакта сурай тургандыгы жөнүндө студенттерге эскертүү абзел.

Студенттердин предметтерди мамлекеттик жана расмий тилдеринде ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө жетишүү үчүн практикалык сабактарды өтүүнүн методикасын дагы өзгөртүп, жаңы талаптарды коюунун өзгөчө мааниси бар.

Биз сунуш кылган инновациялык концепциягаылайык менжмент предмети боюнча практикалык сабактарды жүргүзүүнүн бир вариантына токтололу. Окутуучу теманы эки тилде жарыялайт. Мисалы, орус тилинде: “Мы рассматриваем тему: “Методы управления”. Вопросы темы: 1. Сущность и классификация методов управления. 2. Экономические методы и их реализация. 3. Организационно-распорядительные методы управления. 4. Социально-психологические методы управления. Мамлекеттик тилде: Биз “Башкаруу методдору” деген теманы карайбыз. Теманын суроолору: 1. Башкаруу методдорунун маңызы жана классификациясы. 2. Экономикалык методдор жана аларды ишке ашыруу. 3. Башкаруунун уюштуруу-тескөө методдору. 4. Башкаруунун социалдык-психологиялык методдору. Андан кийин окутуучу теманын биринчи суроосуна кыскача жооп берүүнү эки тилде талап кылат. Убакытты үнөмдөө максатында окутуучу расмий жана мамлекеттик тилдеринде даярдалган контролдук тапшырмалардын тексттин студенттерге таратып берсе дагы максатка ылайыктуу болот. Бул учурда контролдук тапшырмалардын суроолоруна жоопту мамлекеттик жана расмий тилдеринде даярдоо талап кылынат.

Мисалы: 1. Что означает “методы управления?” Башкаруу методдору эмнени билдирет?

Жообу: Методы управления – это приемы объект для достмжения поставленных целей;

Башкаруу методдору – бул коюлган максаттарга жетиш үчүн башкаруу субъектин башкарылуучу объектке таасир кылуучу ыктары (приемы) жана ыкмалары (способы)

2. Изложите классификацию методов управления.

Башкаруу методдорунун классификациясын баяндап жазгыла.

Ответ: Для упорядочения и систематизации методы управления классифицируют по следующим признакам:

- Характер воздействия на объект управления – экономические (материальные), организационно-распорядительные (административно-правовые); социально-психологические (похвала, благодарность, уважение);
- Способ мотивации объекта управления – материальный, властный и социально-психологический;
- Форма воздействия – прямая (непосредственная) и косвенная (опосредованная);
- Масштаб использования – общие (основные) и частные (конкретные) методы
- Источники управляющего воздействия – централизованные и децентрализованные;
- Продолжительность воздействия – долгосрочная, среднесрочная и краткосрочная;
- Способы выработки управляющего воздействия – единоличные, коллегиальные, коллективные.

Жообу: Иретке салуу жана системага келтирүү үчүн башкаруу методдору төмөндөгү белгилери боюнча классификациялашат:

- Башкаруу объектке таасир кылуунун мүнөзү – экономикалык (материалдык), уюштуруу – башкаруу(административдик-укуктук), социалдык-психологиялык (мактоо, алкыш, урматтоо);
- Башкаруу объектти мотивдештирүү ыкмасы – материалдык, бийликтик жана социалдык-психологиялык;
- Таасир этүү формасы – тикелен тике жана кыйыр;
- Пайдалануунун масштабы – жалпы (негизги) жана жеке (конкреттүү) методдор;
- Башкаруучу таасирдин булактары – борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган;
- Таасир этүүнүн узактыгы – узак мөөнөттүү, орточо мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү;
- Башкруучу таасирди иштеп чыгуу ыкмалары – жеке өзү, коллегиялык, коллективдүү.

2. Различают следующие методы управления (Төмөнкү башкаруу методдорун айырмалашат):

а) интеллектуальные, авторитарные, командные (интелектуалдык, авторитардык, командалык);

б) экономические, организационно-распорядительные, социально-психологические (экономикалык, уюштуруу-башкаруу, социалдык-психологиялык);

в) авторитарные, правовые, экономические (авторитардык, укуктук, экономикалык);

г) добровольные и принудительные (өз ыктыяры менен жана эрксиз);

3. Экономические методы управления включают (Башкаруунун экономикалык методдору төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт):

а) регламентирование (регламенттештирүү);

б) коммерческий расчет (коммерциялык эсептөө);

в) налогообложение (салык салуу);

г) премирование (сыйлык берүү).

Адистиктин профилин түзгөн предметтерди студенттердин мамлекеттик жана расмий тилдеринде бирдей өздөштүрүп, бирдей ой жүгүртүүлөрүнө жетишүү үчүн практикалык сабакта тестирлөө методдорун колдонуунун дагы чоң маанис бар. Окутуучу өтүлгөн тема боюнча тестирлөө тапшырмалардын текстин мамлекеттик же расмий тилде күн мурун даярдап, студенттерге таратат. Эгерде текст расмий тилде даярдалса, кыргызча вариантын студент ар бир пункт боюнча орусча текстке улай кашаанын ичине жазат. Туура жообуна тегеректөө белгисин коёт. Мунун экинчи варианты окутуучу расмий тилде жана мамлекеттик тилде даярдап студенттерге таратат Мисалы: “Башкаруу методдору” темасы боюнча төмөнкү тестирлөө маселелерин кароого болот.

1. Для организационно-распорядительных методов управления характерно (башкаруунун уюштуруучу-башкаруу методдору үчүн төмөнкүлөр мүнөздүү):

а) косвенное воздействие через материальное поощрение, планирование и нормирование (материалдык түрдө сыйлоо, пландоо жана нормалаштыруу аркылуу кыйыр таасир этүү);

б) прямое воздействие через материальное и моральное стимулирование, убеждение и участие (материалдык жана моралдык стимулдаштыруу, ынандыруу жана каралашуу аркылуу түздөн-түз таасир этүү);

в) прямое воздействие через указание, приказы, регламентирование и нормирование (көрсөтмө, буйруктар, регламенттештирүү жана нормалдаштыруу аркылуу түздөн-түз таасир этүү;

г) косвенное воздействие через материальное и моральное стимулирование, убеждение и участие (материалдык жана моралдык стимулдаштыруу, ынандыруу жана каралашуу аркылуу кыйыр таасир этүү).

Адистиктин профилин түзгөн предметтерди: ийгиликтүү өздөштүрүүнүн дагы бир ыкмасы болуп негизги темалар боюнча жазуу түрүндө контролдук ишти студенттердин аткарышы эсептелет. Ар бир теманы терең өздөштүрүүгө убакыттын чектелгендигин эске алып, коюлган суроолор жана аларга берилген жооптор так жана кыска болуш керек.

Каралып жаткан “Башкаруунун методдору” темасы боюнча жазуу түрүндөгү контролдук жумушту аткаруунун бир вариантына токтололу. Тапшырмалар үч вариантта түзүлүп, ар бир эки же үч суроодон турат.

Вариант 1

1. Охарактеризуйте сущность экономических методов управления. (Башкаруунун экономикалык методдорунун маңызын мүнөздөгүлө)

2. Приведите примеры оказания менеджером распорядительного воздействия. (Менежердин тескөөчүлүк таасири көрсөтүүсүнө мисал келтиргиле).

3. Каковы на ваш взгляд наиболее распространенные в практике современного менеджмента методы управления? Ответ аргументируйте. (Сиздин көз карашыңызда азыркы убакыттын менежментинин практикасында кандай башкаруу методдору көбүрөк таралган? Жообуна аргумент келтиргиле)

Ответ на первый вопрос: Экономические методы представляют собой совокупность средств воздействия на материальные интересы и создания экономической мотивации объекта управления. Они реализуются в форме оплаты труда, вознаграждения, доходов, прибыли, цен, кредитов, налогов либо вычетов, пени,

штрафов и др. (1-суроого жооп: Экономикалык методдор башкаруу объектин материалдык кызыкчылыгына жана экономикалык мотивдештирүүсүн түзүүгө таасир этүүчү каражаттарынын жыйындысы катары өзүн көрсөтөт. Алар эмгек акыны төлөө, сыйлык берүү, кирешелер, пайдалар, кредиттер, салыктар же чегерүүлөр, пениялар, штрафтар ж.б. формада ишке ашырылат).

Ответ на второй вопрос:1. В целях оеспечения планового объема реализации продукции и ритмичного вывоза готовой продукции на рынок установить время работы траспортного цеха с 7. 30 до 16.30 в период с 01.06. 2013 г. по 30.07.2013 г.

2. Назначить ответственным лицом за соблюдением чистоту и санитарную норму в цехе выпускмолочной продукции с 05.06.2013 г. до 20.08. 2013г. заместителя начальника цеха Акматова Болотбека Нуралиевича.

Технический директор фирмы Абдылдаев К. Б,

Экинчи суроонун жообу: 1. Продукцияны сатуунун пландык көлөмүн камсыз кылуу жана рынокко даяр продукцияны ритмикалык чыгаруу максатында транспорттук цехтин иштөө убакыты 01.06.2013-жылдын 30.07.2013-жылга чейин саат 7.30дан 16.30га чейин белгиленсин.

Техникалык директор Абдылдаев К.Б.

2. Сүт продукциясын чыгаруучу цехте тазалыкты жана санитардык норманы сактоо үчүн 05.06.2013-жылдан 20.08.2013-жылга чейин жоопкерчиликтүү болуп цехтин начальнигинин орун басары Абдылдаев К.Б. дайындалсын.

Техникалык директор Абдылдаев К.Б.

Ответ на третий вопрос: В практике современного менеджмента наиболее распространенными методами управления являются: 1. “экономические методы”, так как в условиях рыночной модели хозяйствования экономические методы занимают ведущее место в системе методов управления современной организацией; 2. “Организационно-распорядительные методы упраления”, так как все важнейшие функции менеджмента пронизаны организационно-распорядительной деятельностью, обеспечиваущей достижения желаемых результатов “чужими руками”, говоря другими слова воздействия организационно-распорядительных методов основан на использовании рычагов принуждения, поэтому их относят к способам ***властной мотиваци,*** которые базируются на возможности заставить людей работать в любом случае, независимо от их интересов, воли и желания; 3. “социально-психологические методы управления, так как эти методы основаны на создании моральных стимулов к труду, воздействуют на личность с помощью ***психологических*** приемов в целях превращения экономических и административных норм в осознанный долг, внутреннюю потребность работника.

Үчүнчү суроого жооп: Азыркы убактын менежментинин практикасында абдан таралган башкаруу методдору болуп булар эсептелет: 1) “экономикалык методдор”, себеби чарбачылык рынок моделинин шарттарында азыркы кездин уюмун башкаруу методдорунунсистемасында негизги орунду экономикалык методдор ээлейт; 2)”уюштуруу-тескөө башкаруу методдору”, себеби “башка бирөөнүн колу менен” каалаган максаттарга жетишүүнү камсыз кылуучу уюштуруу-тескөө ишмердиги менежметтин бардык маанилүү функциялары аркылуу өтөт, башка сөз менен айтканда уюштуруу-тескөө методдорунун башкаруучулук таасир этүү механизми мажбурлоо рычагдарын пайдаланууга негизделген, ошондуктан алар ***бийликтик мотивдештирүү*** ыкмасына таандык, алар адамдардын кызыкчылыгына, эркине жана каалоолоруна карабастан кандай гана учур болбосун аларды мажбурлап иштетүү мүмкүнчүлүгүнө таянышат; 3)”социалдык-психологиялык башкаруу методдору”, себеби бул методдор эмгекке моралдык стимулдарды түзүүгө негизделген, экономикалык жана административдик нормаларды түшүнүп аткарылган милдетти, кызматкердин ички керектөөсүнө айлантуу

максатында психологиялык ыкмалардын жардамы менен инсанга(жеке адамга) таасир этет.

Биз жогоруда “Уюмдун менежменти” адистигинин профилин түзгөн предметтердин бири “менежмент” предметин студенттердин мамлекеттик жана расмий тилдеринде өздөштүрүүнүн бир вариантына токтолдук. Мындан тышкары студент өз алдынча аткаруучу иштин (самостоятельная работа студента) мамлекеттик жана расмий тилдеринде өздөштүрүүнүн өзгөчө маниси бар. Азыркы убакта окутуучунун иш программасында ар бир студент аткаруучу иштин темасы так аныкталган. Студент өзүнүн темасын алат жана 15-25 бет көлөмүндө аткарып, группада студенттердин катышуусунда расмий тилде коргойт. Бул багыт боюнча студенттердин эки тилде бирдей өздөштүрүүсү көйгөйлүү маселелердин бири болуп эсептелет. Ошондуктан бул багыт боюнча кафедралардын, окутуучулардын аткаруучу жумуштары алдыда.

Ошентип, башкаруу жана экономика илимдери боюнча адистерди бүтүрүүчү кафедралардын профилдик предметтерин мамлекеттик жана расмий тилдерде студенттердин бирдей өздөштүрүп, бирдей ой жүгүртүү сапатына ээ болушу окуу процессинин жаңы ***инновациялык концепциясы*** деп айтсак болот. Бул концепцияны иш жүзүнө ашыруу процесстери чыгармачылыкты, патриоттуулукту жана кошумча финансылык каражатты талап кылат. Ошондуктан бул жумуш мамлекеттин колдоосу астында жүргүзүлүшү керек, эгерде бул коюлган максаттар ийгиликтүү иш жүзүнө ашырылсын финансылык чыгымдардын кайтарымы жогору болоору шексиз. Биринчиден, бүтүп чыккан адистер республикадагы кыргыз жана орус тилдүү чөйрөлөрүндө ийгиликтүү иштеп кетүү сапатына ээ болушат. Экинчиден, ал адистер Россия Федерациясында жана мурдагы Советтер Союзунун республикаларында дагы иштеп кете алышат. Үчүнчүдөн, Мамлекеттик тил боюнча закондун так аткарылышына өбөлгө түзүлөт. Төртүнчүдөн, “мамлекеттик тил аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу” деген улуттук университеттин стратегиялык багытын жүзөгө ашыруунун орчундуу элементи болуп эсептелет.

Студенттерди эки тилде бирдей сапатта билим алуунун инновациялык концепциясы мамлекеттик жана расмий тилдердин өз ара байланышып, өз ара аракеттенүүлөрүнүн натыйжасында ишке ашырылат. Мындай өз ара биргелешкен аракеттенүүнү илимде ***синергиялык эффект*** деп аташат. Түшүнүктүү болуу үчүн бул терминдин маанисин эки тилде берели: синергический (от греч. Synergos – вместе действующий) – возрастание эффективности деятельности в результате соединения, интеграции, слияния отдельных частей в единую систему за счет так называемого ***системного эффекта, эмерджжентности;*** синергия эффект (грек сөзүнөн Synergos – биргелешип аракеттенүү) – ***системдик эффект, эмерджентүүлүк*** деп аталыштын эсебинен бирдиктүү системага өзүнчө бөлүктөрдү кошуунун, интеграциялоонун натыйжасында ишмердиктин эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

Адабияттар:

1. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү – Б.: Мамл. Тил жана энциклопедия борбору, 2009
2. Менджмент: учебник/ под ред. Проф. Б.И. Королева – М.: Экономисть, 2005
3. Райзберг Б.А., Лозовский Л.Ш., Стародубцева Е.Б. Современный экономический словарь. – 5-е изд., пераб. И доп. – М.: ИНФРА – М, 2007
4. Хохлова Т.Т. Основы менеджмента: учебник и учебное пособие в схемах / Т. П. Хохлова. – М.: Экономисть, 2008.

Мамытбекова Ж.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК: 413:681.142.1.

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЭЛЕКТРОНДУК КОТОРМО СӨЗДҮКТҮ DELPHI ПРОГРАММАЛОО ТИЛИНДЕ ТҮЗҮҮ

Бүгүнкү күндө текстик маалыматтарды так жана сапаттуу компьютерге киргизүүдө сканер кеңири колдонулууда. Сканер фотоаппараттын принципинин негизинде иштейт, тексти көрүп сүрөткө тартып компьютерге жөнөтөт.

Текстин маанисин түшүнүдө, башкача айтканда символдордун графикалык (пикселдик) сүрөттөлүшүн текстик формага (редакциялоодоодо, которууда ж.б.) өткөрүүдө зарыл түрдө тексти автоматтык окуу системасы же символдорду оптикалык таануу системасы (OCR-система — Optical Character Recognition) керек.

Автоматикалык түрдө тексти окуу системасы классикалык түшүнүгү -бул компьютердик программа, тексти кагазга чыгаруудагы же мүмкүн тексти иштетүү каражаты менен окулган электрондук текстик файл. Негизги текст башында компьютерге сканердин жардамы менен киргизилген же факс-модемден алынган болуш керек.

Азыркы текстерди таануу программасынын келип чыгуу тарыхы XX кылымдын 40-жылдарына таандык, көптөгөн өлкөнүн окумуштуулары ар түрдүү интеллектуалдык маселелерди компьютердин жардамы менен чечүү идеясынын үстүндө иштегендигинин негизинде пайда болгон.

Котормо адам ишмердүүлүгүнүн эн байыркы түрлөрүнүн бири экендиги шексиз. Анткени, адамзат тарыхында тилдери айырмаланган адамдардын жамааты пайда болоор замат эле, алардын өз ара карым-катыш жасап, мамиле түзүшүнө жардам бере турган кош тилдүү адамдар-тилмечтер пайда болгон. Тилмечтер дегенибиздин себеби, ал кезде жазуу али пайда боло элек болгондуктан, бул кош тилдүү кишилер оозеки которгондугу талашсыз. Ушул жерде тактай кете турган бир жагдай, кыргыз тилинде "тилмеч"; жана "котормочу"; деген эки сөз бар. "Тилимди билбес эл болбос, тилмечи менен келсин де"; деп "Маناста"; айтылгандай, булардын биринчиси тилибизде илгертен эле колдонуп келген. Ал эми экинчиси болсо, революциядан кийин орус тилиндеги "переводчик"; деген сөздөн калкаланып которулган ("перевод=котормо";, "-чик=-чу";). Азыркы учурда бул эки сөз көп учурларда синоним катары колдонулуп, ал турсун, "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "; да (Фрунзе, 1969) бул эки сөздүн маанилик ажырымы көрсөтүлгөн эмес "Тилмеч-котормочу, бир тилден экинчи тилге которуп берүүчү адам"; "Котормочу- бир тилден экинчи бир тилге которуу жагында иштеген адам"; Маркум Түгөлбай Сыдыкбеков: "адам"; деген өздөштүрүлгөн сөз өзүбүздүн "киши"; деген төл сөзүбүздү сүрүп, четтетип баратат деп какшагандай, азыркы тапта кийин жаралган "котормочу"; деген сөз "тилмечке"; ыдык көрсөтүп, оолактата баштагандай түрү бар.[1] Заманында бул төл сөзүбүз славян тилдерине өтүп, "толмач"; болуп, "оозеки которгон киши"; маанисинде активдүү колдонулуу менен, жазуу түрүндө которуучу кишиге - "толковникке"; каршы коюлган. Азыркы күндө да Россияда "Толмач"; деген котормо агенттиктеринин бар экенине күбө болуп жүрөбүз. Биздин оюбузча, "тилмеч"; жана "котормочу"; деген сөздөрдүн маанисин так ажыратып, бери болгондо котормо таануу илиминде өз алдынча термин катары колдонуу зарыл. Тагыраак айтканда, оозеки которгон кишини тилмеч жазуу түрүндө

[1] Акунова А.Р., Раимбекова. Азыркы кыргыз тили.-Бишкек, 2005

которгон кишини котормочу, ал эми алардын иши менен кесибин тилмечтик жана котормочулук деп алсак, күндөлүк турмушта эле эмес, котормо таануу илиминде да абдан жакшы болор эле. Анткени, котормо таануу илиминде которуу ишинин бул эки түрүнүн чон айырмасы бар жана аны аткарган кишилер да өз-өзүнчө аталат. Мисалы, англис тилинде translator-"котормочу";, interpreter-"тилмеч";; орус тилинде переводчик-котормочу, переводчик-синхронист-тилмеч.

Эми сөз учугун уласак, жазуу пайда болгон сон, оозеки которуучу тилмечтерге расмий, диний ж.б. ар түрдүү текстгерди жазуу түрүндө которо турган кишилер-котормочулар келип кошулган. Жазма котормонун жайылышы башка элдердин маданий жетишкендиктерине жол ачуу менен адабияттардын жана маданияттардын өз ара аракетке келип, байышын камсыз кылды. Албетте, чет тилдерди билүү ал тилдердеги китептерди түп нускасынан окууга мүмкүнчүлүк берет, бирок, тил үйрөнүү-талыбаган аракет менен узак убакытты талап кылган түйшүктүү жумуш болгондуктан, чет тилдердин бирөөнү билүү да ар кимдин эле колунан келе бербейт.

Котормонун алгачкы теоретиктери өзүнүн, кээде кесиптештеринин тажрыйбаларын жалпылап, жыйынтык чыгарууга аракет кылышкан. Өзүнүн "котормочулук кредосун"; чыгаан котормочулар гана жарыялай ала турганы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Алардын пикирлери азыркы илимий талапка жооп бербей, ырааттуу бир илимий концепцияны түзө албаганы менен, айрым ойлору кызыгууну туудурат. Алсак, байыркы дүйнөнүн котормочулары түп нуска менен котормонун жакындык денгээлин кенири талкуулашкан. Ыйык жана үлгү катары эсептелген Библия сыяктуу чыгармалардын алгачкы котормолорунда түп нусканы туурооого умтулуу басымдуулук кылган, бул болсо котормонун түшүнүксүз болушуна алып келген. Ошондуктан, кийинчерээк айрым котормочулар котормочунун өз ишинде эркинирээк болушун, сөзмө-сөз эмес, мазмунду берүү зарыл экенин теориялык жактан негиздөөгө аракет кылышкан. Француз гуманисти, акын жана котормочу Этьен Доле (1509-1546-жж.) котормочу төмөнкү беш принципти сактоого тийиш деп эсептеген:

- которула турган текстти жана автордун айтайын деген оюн жакшы түшүнүү;
- түпнуска тили менен котормо тилин мыкты билүү;
- түпнусканын мазмуну менен формасын бурмалоогоалып келе турган сөзмө-сөз которуудан оолак болуу;
- котормодо кенири колдонулган сөздөрдү пайдалануу;
- сөздөрдү туура тандоо жана жайгаштыруу менен түпнусканын таасирине жетишүү.

А. Тайтлердин "Котормонун принциптери"; аттуу китебинде (1790-ж.) котормого коюлуучу төмөнкү талаптар көрсөтүлгөн

1. котормо түпнусканын идеяларын толугу менен берүүгө тийиш;
2. котормонун стили менен баяндоо манерасы түпнусканыкындай болууга тийиш;
3. котормо түпнускадай эле женил окулууга тийиш.

Котормонун илимий теориясынын негиздери XX кылымдын орто ченинде, тилчилер котормонун проблемасына көңүл бура баштаганда гана иштеле баштады. Буга чейин тил илими изилдеген маселелерге котормо кирише албайт деп эсептелген. Ал эми котормочулар болсо котормонун лингвистикалык аспектилери "которуу искусствосунда"; бир аз гана техникалык роль ойнойт деген пикирде болушкан. Албетте, котормочу түпнусканын тилин да, котормонун тилин да билүүгө тийиш, бирок, тил билүү котормочулук менен тилмечтиктин алгачкы гана шарты болуп эсептелет. Котормочунун түпнуска тили менен котормо тилин билүүсүн көп учурда композитордун нотаны билиши менен салыштырышат. Бир жагынан тилчилер өздөрү да тил илимине тике тиешеси болбогондуктан, которуу ишин изилдөөнүн зарылдыгы жок деп эсептешкен. Анткени, тил илиминде белгилүү бир тилдин

өзгөчөлүктөрү, анын уникалдуу структурасы, грамматикалык түзүлүшү жана сөздүк курамы изилденген. Мунун баары ар бир тилдин өзгөчөлүгүн түзүп, мындан ар башка тилдерде жазылган же айтылган тексттер эч качан бирдей болбойт деген жыйынтык чыгарылган. Котормо түпнусканын мазмунун толугу менен берүүгө тийиш болгондуктан, жогоруда көрсөтүлгөн тилдик себептерден улам котормо иши жүзөгө ашпас иш катары эсептелген. Ал эми атактуу жазуучу-акындардын чыгармаларын которуу боюнча сөз да болушу мүмкүн эмес деген пикирлер айтылган. Тилчилердин котормого болгон мындай мамилеси В. Гумбольдттун белгилүү немец жазуучусу Август Шлегелге жазган катында таамай белгиленген "Менин оюмча, ар кандай котормо ишке ашкыс нерсени жүзөөгө ашыруу үчүн жасалган аракет болуп эсептелет. Анткени, ар кандай котормочу сөзсүз түрдө эки нерсеге дуушар болот ал же түпнусканы ээрчүү менен, өз элинин табити менен тилине доо кетирет, же өз элинин табити менен тилине таянуу менен, түпнускага доо кетирет". Кийинчерээк "которулбастык теориясы"; деген ат менен белгилүү болгон бул көз карашты көптөгөн тилчилер колдошкон, алардын арасында котормочу катары белгилүү болгондор да бар эле. Бул теория, албетте, котормо практикасына таасир тийгизе алган жок, анткени, котормочулар "ишке ашкыс"; милдетти аткарууну уланта беришти. Бирок, ал котормонун тилин талдоо ишине бир топ жолтоо болду.

XX кылымдын орто ченинде тилчилер котормо ишине болгон көз караштарын өзгөртүү менен, аны системалуу түрдө иликтөөгө киришишти.

Бул мезгилде саясий, коммерциялык, илимий-техникалык жана башкалар.

Материалдардын которулушу биринчи планга чыкканы бизге маалым. Мында автордунжеке стилдик өзгөчөлүктөрү анчалык маанилүү эмес. Ушуга байланыштуу котормонун негизги кыйынчылыктары жана котормо процессинин мүнөзүбул процесске катышкан тилдердин структуралык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү менен шартталары белгилүү болду. Мисалы, түрк тилдеринин ич ара котормосу менен англисче-кыргызча котормолорду салыштырып көрсөк, булардын биринчиси экинчисине караганда алда канча женилирээк экендигин көрөбүз. Ушундан улам Түркия түркчөсүндө башка тилдерден которулган тексттер ceviri, ал эми түрк тилдеринен которулган тексттер aktarma деген атайын терминдер менен аталат. Мындан тышкары, котормонун так болушуна коюлган талаптардын өсүшү да тилдик бирдиктердин маанилүү экенин туюндура баштады. Мындай материалдарды которууда тексттин "жалпы жонунан"; тууралыгына, түпнуска менен котормо таасиринин бирдейлигине канааттануу менен чектелүүгө болбойт. Анткени, котормодо тупнусканын майда-чүйдөсүнө чейин которулушу керек жана ал тупнускага толугу менен дал келүүгө тийиш.

Математикалык лингвистиканын методдору менен тилдин ар түрдүү тексттеринин санын, көлөмүн, структурасын болжолдоого болот.Ошентип, маалыматты (информацияны) таратуу, жыйноо жана сактоо үчүн кадимки табияттык тил гана эмес, ар кандай жасалма тилдерди да колдонсо болот. Алардын ичинен негизги орунду математика тили ээлейт. Ал өзүнчө бир белгилердин (символдордун) системасын түзөт. Мисалы, тексттерди компьютерге түшүрүү же окуу процессинде колдонуу үчүн математикалык тил (белгилер) колдонулат.

Азыр лингвистикалык маселелерди компьютердик, информациялык технологиялар менен математикалык лингвистиканын ыкмалары менен изилдөө иштери өнүгө баштады. Мисалы, математикалык лингвистиканын чегинде тилдин биринчи формалдуу моделдери пайда болгондо, аларды түзүү системасынын абалдарынын көптүгү кайсы бир белгилүү ыкма менен берилген, ал эми абалдын көптүгүн берүүдө башка ыкмалар да колдонулуп алардын эквиваленттүүлүгү негиздүү

божомолдоодон башталган. Эрежелердин көптүгү абалдардын көптүгү менен теңделип, белгилүү моделдин шартталышы прогноздолот.[1]

Англис-кыргыз түшүндүрмө сөздүгүн төмөндөгүдөй Delphi программалоо тили төмөнкүдөй түзүлдү.





Берилиштер базасына сөздөрдү киргизүү

[1] З.М.Шаляпина "АВТОМАТИЧЕСКИЙ ПЕРЕВОД: ЭВОЛЮЦИЯ И СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ" (Вопросы языкознания, 1996, №2, с.105-117);



Англо-кыргыз сөздүктөрүнүн электрондук базасы



Сөздүктөн сөздү издөө

Мына ушундай электрондук сөздүктөр базасында төмөнкүдөй максаты камтыйт:

- Сөздөрдү киргизүү;
- Алфавиттик тартипте жайгаштыруу;
- Сөз көрсөткүчтөр боюнча сөздү издөө;
- Сөз көрсөткүчтөрүнүн жалпы санын табуу.

Биз бул электрондук сөздүктөр базанын моделин ар түрдүү илимдердин тармактарында электрондук которгуч катары колдонсо болот. Ошондой эле, сөздүктү издөө процессин автоматташтырууга жана эмгек ресурстарын үнөмдөөгө мүмкүндүк берээри шексиз. Электрондук сөздүктөр транскрипцияны гана кармабай, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө да ээ. МультиЛекс программасында үндүн синтезатору коюулган жана ал бардык сөздү окуйт. Бирок, толугу менен бул ыкмага, транскрипциясын толугу менен текшермейин ишенүүгө болбойт. Синтезатор басымды туура эмес коюушу же туура эмес сөздү айтуусу мүмкүн. [1]

[1] Т. Абдиев, Л.Сыдыкова. Англисче-кыргызча, кыргызча-англисче сөздүк (20 000). -Б.:2006.376 б.

Электрондук сөздүктөр чоң көлөмү жана колдонууга болгон жеңилдиги менен шайкеш келет. Биринчи кезекте машиналык издөө механизиминин негизинде ушундай жетишкендиктерге жетти десек болот. Электрондук сөздүктө сөздү издөө сөздүктүн командалык жолчосуна изделүүчү сөздү жазабыз да, издөө кнопкасын базабыз, андан кийин изелүүчү сөз өзүнчө терезеде көрүнөт.

Бүгүнкү күндө мына ушундай машиналык которуу багытында белгилүү фирмалар ОсОО «Раритет-Инфо» (словарная база данных), ОсОО «Токтом» (предоставление кыргызских шрифтов) иштерди жүргүзүлүүдө. Буга мисал «Маани» электрондук кыргыз-орус (орус-кыргыз, аглис-орус-кыргыз) сөздүгү. Бул сөздүк 31000 сөздү камтыйт. [1]

Электрондук сөздүктөр традициондук сөздүктөргө караганда олутту артыкчылыкка ээ. Азыркы электрондук сөздүктөр китеп сөздүктөрүнөн көлөмү менен гана айырмаланбастан анын сөздөрдү жана сөз айкаштарын издөө мүмкүнчүлүгү боюнча да алдаганча айырмаланат.

Адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орпоэпия. Графика жана орфография. Лексикология жана фразелогия.-Бишкек:Кыргызстан,1998.-256 б.
2. З.М.Шаляпина "АВТОМАТИЧЕСКИЙ ПЕРЕВОД: ЭВОЛЮЦИЯ И СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ" (Вопросы языкознания, 1996, №2, с.105-117);
3. Т. Абдиев, Л.Сыдыкова. Англисче-кыргызча, кыргызча-англисче сөздүк (20 000). -Б.:2006.376 б.
4. Акунова А.Р., Раимбекова. Азыркы кыргыз тили.-Бишкек, 2005.

Садыков А.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК – 4 (с) к

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИ

Азыркы мезгилде мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү жана өнүгүп-өсүшү үчүн чечүүчү кадам ташталгандыгы кубанарлык иш. Жакында президенттин бир маанилүү жардыгы жарыя болду. Анда мамлекеттик кызматкерлердин улутуна карабай кыргыз тилинде сүйлөй жана жаза билүү маселеси күн тартибине катуу коюлду.

Мамлекеттик тил тууралуу 1989-жылдан бери көп иш чаралар белгиленип, көп сөздөр сүйлөндү, бирок, тилибиз өркүндөп кеткен деле жок, анткени, башка улуттун өкүлдөрү үчүн кыргыз тилин үйрөнүүнүн зарылдыгы жок. Официалдуу тил өз бийлигин жүргүзүп келе жатат. Жарлыкта иш кагаздарын толук бойдон мамлекеттик тилге өткөрүү белгиленди. Бул талап канча жылдан бери айтылып келе жатат, бирок, андан майнап чыга элек. Жогорку окуу жайларынын флагманы болгон Улуттук университетте бүгүнкү күнгө чейин жөнөкөй эле кызмат маанисиндеги кагаздар орус тилинде келип жатат. Муну аткаруу ошончолук эле кыйынбы? Ал үчүн отурган чиновник кыргыз тилин жакшы билиш керек, себеби, орусча текстти түшүнүп турган менен ага ылайыктуу сөз, термин, түшүнүк табыш оңой-олтоң жумуш эмес. Ошон үчүн иш-кагаздары менен алектенген кызматкер эки тилде тең жаза билиш талап кылынат.

Физика-техникалык, биологиялык ж.б. гуманитардык эмес факультеттерде окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жерлер да бар, орусча окуткан учурлар да арбын. Мындан

[1] Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орпоэпия.

20-25 жыл илгери кыргыз тилинде математиканы түшүндүрүүгө болбойт деген теорияны Усубакунов деген профессор «Математикалык анализ» деген окуу китебин жазуу менен аталган теорияны жокко чыгарган. Андан бери тилибиз көп эле өркүндөдү, өстү, илимдин көп тармактары боюнча терминологиялык сөздүктөр чыкты. Демек, азыр жогорку аталган билим тармактарын толук эле боюнча кыргыз тилине өткөрүүгө болот.

Эмне кылуу керек деген маселе азыр күн тартибинде турат. Мен мамлекеттик тил боюнча бир катар практикалык маселелерди козгоп кетким келет. Сөздү мектептен баштоо зарыл, анткени, эне тилибизди үйрөнүү ошол жактан башталат жана фундамент ошол жерде түптөлөт. Ал эми мектептерде кыргыз тилин окутуу азыркы мезгилде канагаттандырарлык эмес десек жаңылышпайбыз. Аны турмуштан көрүп-билип эле жүрбөйбүзбү. Бизге факультетке келген 1-курстун студенттери менен алгачкы жолугушууда эле алардын сүйлөшүү тилинде көп келегейлик бар экендиги байкалат. Ошондуктан, орто мектептерде баягыдай эле ээ, баяндооч, зат атооч, ат атоочтордун эрежелерин жаттата бербей, окуучулардын оозеки жана жазуу речин өстүрүүгө кам көрүү зарыл.

Орто мектептерде кыргыз тилдин баркын көтөрүш үчүн мугалимдерин демилгелүүлүгүн арттырып, алардын маянасына анча-мынча тыйын кошуп шыктандырсак иш бир аз алдыга жылабы деп ойлойбуз. Ошондо гана аларга жан кирип, кыргыз тили боюнча райондук, областтык, республикалык олимпиадаларга окуучуларды даярдоого активдүү киришишет.

Мектептерде тест менен экзамен алуу фактылары абдан өкүнүчтүү. Баягы жылдарда тесттин суроолорунда «Манас канча катын алган?» деген суроону кездештирип күлдүк эле. Эми ушунун эмне мааниси бар. Ушундай суроолор бир топ эле бар экендиги байкалат. Анын ордуна дилбаяндарды көп жаздырып, окуучулардын сөз байлыгын арттырууга кам көрбөйбүзбү, ар бир сөздү өз ордуна туура коюп жазганды, сүйлөгөндү үйрөтпөйбүзбү. Мына ушундай начар ахбалдын натыйжасында азыр интеллигенциянын кээ бир өкүлдөрү кыргызча байланыштуу, логикалуу сүйлөй билбеген фактыларын кездештирип жүрөбүз.

Азыр шаарда эне-аталардын көбү балдарын орус мектебине берип, кыргыз класстарынын саны барган сайын кыскарып баратат. Бул жакшы көрүнүш эмес. Мурда совет мезгилинде кыргыз мектептери аз деп ыйлап жүрсөк, азыр эми алар көбөйгөндөн кийин кайрадан артка кетип жатканыбыз өкүнүчтүү. Эне-аталар бул маселе боюнча эки аргумент коюшат. Биринчиден, кыргыз мугалимдер балдарды начар окутат имиш. Экинчиден, 11-классты орусча бүтсө, алар Россияга кетип калууга ыңгайлуу шарт түзүлөт. Биз аларды балдарыңарды кыргызча окуткула деп кыйнай албайбыз да. Кайсы тилде окутса алардын өздөрүнүн укугу, демек, ушул көрүнүштөн улам кыргыз тилинин баркы төмөн түшүп баратканын байкайбыз.

Жогорку окуу жайларына келсек, анда да толгон-токой проблемалар бар. Эмне кылуу керек? Биринчи иретте филология факультеттерине өзгөчө статус берип, аларды моралдык жана материалдык жактан колдоо ишин колго алсак.

Экинчиден, окуу процессин жакшыртып, билимдин сапатын көтөрсөк. Ал үчүн кыргыз тил, адабиятын дүйнөлүк стандартка зордоп киргизүүнүн зарылдыгы жок, анткени, кыргыз тили кыргыз мамлекетинде гана керек. Европага анын эч тиешеси жок. Дүйнөлүк стандарт деген физика-техникалык, химия ж.б. илимдерге таандык нерсе, себеби, ошол багытта билим алган балдар башка жакка барганда иш таап, иштеп кете тургандыгына мүмкүнчүлүк ачылат.

Үчүнчүдөн, эки баскычтуу окууга өтүү менен биз кыргыз тил, адабияты боюнча адистик билим берүүнү жоюп таштадык, анткени, бакалаврды бүткөн студент магистратураны каалаган билим тармагы боюнча улантып кете алышат. Экинчи

жагынан бакалавр толук жогорку билимди бербейт. Ал эми магистратурага аны бүткөндөрдүн баары эле кирүүнү каалабайт. Ошон үчүн төрт жылдык менен катар адистик бере турган беш жылдыкты да сактап калышыбыз зарыл болчу. Бирок, анте албадык. Дүйнөлүк стандартка Кытай өтүп жатса, биз эмне болуптурбуз деген маселени коюшат. Кытай өтсө, кытай тили дүйнөлүк тилдердин катарында турат. Ал эми биз минтип отурсак, эне тилибизден ажырап калышыбыз мүмкүн.

Төртүнчүдөн, модулдарды жазуу жүзүндө окутуучу менен кантакт жасабай алуу деген жобо деле жакшы натыйжа бербейт, анткени, фамилиясын жашырып, кагаздын бурчун бүктөп койгон менен студент берилген суроону китептен же жакшы билген балдардан көчүрөт. Кыскасы, ал шпаргалкасы жок болбойт.

Бешинчиден, анткени, эки баскычтуу окуу системасында биз студенттин оозеки жана жазуу речин өстүрүүгө жакшы кам көрө албайбыз, себеби, окутуучу студент менен бетме-бет сүйлөшпөйт, анын сүйлөө речин, жалпы кругозорун, маданий деңгээлин байкоого шарт жок. Филфактын студенттери үчүн туура жазуу, туура сүйлөө деген маселе биринчи планда турушу керек да.

ЖОЖдордо сырттан окуу системасы өз мөөнөтүн иштеп бүткөн деп айтсак болот. Көрүп-билип жүрөбүз. Алардын ичинде он кишиден бир киши гана билим алууга умтулат. Калганы эптеп-септеп дипломго ээ болсо, ошого ыраазы. Ал эми эптеп-септеп бүткөн мугалимден сабак алган окуучу кайра айланып, ЖОЖдорго келип жатпайбы. Азыр эми дистанциялык окуу деген чыкты. Кыргыз Республикасынын шартында бул оңой менен ишке ашпай турган нерсе. Бул системада студент жалаң техниканын күчү менен интернет ж.б. каражаттар аркылуу билим алышы керек. Мындай шарт бардык жерде эле жок да. Компьютер сатып алып, иштей турган айылда сырттан окуучу студент бар бекен? Элдин турмушу болсо белгилүү. Эне-ата ага компьютер сатып берип, окута турган кудурети чанда бирөөндө эле болбосо, көбүндө жок да.

Контракттык окуунун негизинде ЖОЖдор өзүн-өзү финансылоого өтүп жатат. Мындай системада кедей-кембагалдардын балдары кантип окуйт? Дегеле конракттык окуу дегендин өзү сырттан окууга окшош эле көрүнүш, анткени, алардын көпчүлүгү иштейт, же үйдө бала багып отурат, сессияга келбейт, көбүнүн «сынак китепчесине» арачылар аркылуу баалар коюлуп, толтурулат. Эми контракттык окууну жойгонго алыбыз келбейт. Аны үчүн республиканын экономикасы күчтүү болушу керек. Жыл сайын бюджеттик окууга кире тургандардын саны азайып баратат. А чынында улуттук тил, адабият мамлекеттик дотацияда турушу керек. Биз, окутуучулар, кыргыз тил, адабияты аркылуу инвестиция таап келүүгө кудуретибиз келбейт. Кыргыз тилин үйрөнөм деп ким шымаланып туруптур. Ким акча төлөп кыргыз тилин үйрөнөм деп камынып жатыптыр?!

Окуу процесси жөнүндө сөз жүргөндө биздин улуттук сыймыгыбыз болгон «Манас» эпосу менен Ч.Айтматовду айтпай кое албайбыз. Бирок, «Улуу сөзүбүздү» калайык-калктын же улуттук интеллигенциябыздын баары эле жакшы билет деп айта албайбыз. Мисалы, тил, адабият институту чыгарган «Манастын» олчойгон академиялык басылышы илим үчүн керектир, бирок, ал элге жетпейт да. Элге жеткириш үчүн эпостун кеңири таралган эпизоддорун кичинекей китепче түрүндө (мындай практика 1937-1938-жылдарда болгон эле) чыгарып, аны өтө арзан баа менен элге таратыш керек. Же болбосо көп томдуу эпосту улуттук техникалык интеллигенциябыз көжөлүп окуп отурганга чактысы келбейт да. Ошон үчүн атактуу манас таануучу С.Мусаев даярдаган «Манастын» кара сөз түрүндөгү текстин кайра чыгарып, дагы эле болсо арзанырaак баа менен таратуу зарылдыгы бар.

Айтматов дейбиз, бирок, анын чыгармалары эл арасында эмес, ЖОЖдордун окуу залдарында, китепканаларда өтө сейрек да. Бул проблема дагы ойлонууну талап кылат. Анын чыгармалары 2000 тираж менен 8 том түрүндө жарык көргөн. Айылдарды жөн

койгондо да, райондордо канчалаган китепканалар бар. Ошонун бардыгына бирден экземпляр китеп түшкөндө да, канча даана талап кылынат.

Текст менен бирге адабият таануу боюнча да китептерди чыгарып турушубуз зарыл. 2008-жылы мен «Кыргыз залкарлары» деген изилдөөлөрүмдүн беш томдугун Ат-Башы райондук китепканасына жиберсем, анын директору аябай сүйүнүп, телефон чалды. Көрсө, орто мектептин жогорку класстарына ал абдан керек экен. Азыр эми ошол эмгектин кеңейтилген тогуз томдугун 100 даана чыгарып, кабинетимде камап отурам. Ала коеюн деген китепканалар жок. Ушундай абалда кыргыз тили жана адабиятынын сапатын кантип көтөрөбүз?

Патриотизм жөнүндө көкүрөк кагып көп сүйлөйбүз, бирок, иш жүзүндө аны көрсөтө албай жатпайбызбы. Жаштардын патриоттук сезимин козгой турган иш чаралар жүргүзүлбөйт да. Алардын көбү качып, жан багып жашап жүрбөйбү. Билим алабыз дегендери көбүнчө Европага ориентация жасап жатпайбы. Ал эми кыргыз тилин кантип өнүктүрөбүз? Демек, суроо артынан суроо, проблема артынан проблема чубалып чыга берет.

Кыргыз тил, адабияты боюнча илим жакшы эле өнүгүп келди. Көптөгөн теориялык-практикалык эмгектер жарык көрдү. Эми эки баскычтуу окууга өткөндөн кийин классикалык аспирантура жоюлат. Баягыдай диссертациялар корголуп, аны ЖАК текшерип, диплом берүү практикасы дагы жокко чыгат. Магистратураны бүткөндөр магистр деген адистик наам алат. Ал эми доктор, профессор деген түшүнүктөр маанисин өзгөртөт. Азыркы шартта доктор болуу, профессор наамын алуу аябагандай кыйын маселе. Ал эми Европада бир-эки макала жазып, анан ошону менен өмүр бою профессор аталып жүрө берет экен. Кытайлар да ошого өтүп алыптыр. Ал жерде докторлук диссертация корголбойт, кандидаттарды эле докторлор деп коюшат. Демек, эки баскычтуу окууда баягы мезгилдегидей кыргыз тил, адабият проблемасын казып изилдөө маселеси арткы планга кетет. Болсо, бирин-экин адамдар өзүнүн демилгеси менен илимий эмгек жаратышы мүмкүн. Бирок, мамлекет алар үчүн кам көрбөйт. Алар өздөрүнө керек болсо жасайт. Капитализмдин табияты ушундай. Көркөм чыгарма жараткандар деле басмаканага ээсине барып, сатышат. Ал керек болсо алат, керек болбосо четке кагат. Демек, басма иши да жеке менчикке өткөн. Окумуштуу өзү жазган эмгекти, жазуучу өзү жараткан чыгарманы өзү бастырат, өзү сатат. Мыйзам ошондой. Бул капитализмдин жол жобосу.

Тагаев М.Дж.
Кыргызско-Российский Славянский университет имени Б.Н. Ельцина

УДК. 400 (4/9)

БИЛИНГВИЗМ В АСПЕКТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ

Очевидно, что ни одно современное культурно-языковое сообщество в эпоху глобализации не способно функционировать в отрыве от культурных достижений других народов. Не составляет исключения и Кыргызстан, который для своего динамичного развития вынужден обращаться или к своему прошлому, или к опыту других культур. Обращение к своему историческому прошлому мало что дает для развития современной науки, образования или создания новых технологий, поскольку кыргызский язык из-за отсутствия письменности не аккумулировал в письменных формах сколько-нибудь значимых достижений в этой области. В то же время сохранившиеся в устной форме эпические произведения фиксируют только результаты естественной категоризации мира. Для того, чтобы не остаться в стороне от цивилизационного процесса, остается второй путь, т.е. изучение и переработка опыта

других народов и культур, особенно тех из них, кто имеет прорывные результаты в соответствующей области знания. Именно поэтому для кыргызского народа важен процесс проникновения в другие культуры, или межкультурные коммуникационные отношения. Причем, векторы этого процесса не будут взаимно направленными до тех пор, пока кыргызский язык не обретет силу логоса, вмещающего в себе не только результаты естественного познания мира и традиционной культуры, но и собственный научно-образовательный потенциал, представляющий интерес для других народов.

Ведущим способом осуществления межкультурной коммуникации является овладение теми языками, которые открывают доступ к научно-образовательным, культурно-гуманитарным, технико-технологическим и информационным ресурсам. Следовательно, взаимодействие культур, или межкультурная коммуникация, как непременное условие развития Кыргызстана предполагает развитие активного билингвизма. Между тем следует констатировать, что в языковой политике Кыргызстана вопросам билингвизма уделяется незначительное внимание. Представители каждого из языков заняты больше продвижением собственного языка, упуская из виду, что национальная и языковая ограниченность – тупиковый путь. Билингвизм открывает широкие перспективы для экономического и гуманитарного взаимодействия народов.

Российский и советский лингвист Л.В.Щерба был одним из первых, кто в лингвистике обосновал феномен двуязычия и выделил различные его типы. Под двуязычием он понимал способность человека владеть двумя языками и регулярно переключаться с одного на другой в зависимости от ситуации общения[1]. При этом ученый выделял «два вида сосуществования двух языков в индивиде» и соответственно два типа двуязычия: чистое и смешанное. При чистом двуязычии «они совершенно независимы один от другого», а при смешанном – «каждый элемент одного из языков оказывается связанным с соответственным по смыслу элементом другого»[2]. Его идея о типах двуязычия была принята и американскими психологами Ч.Осгудом и С.Эрвином, которые «двуязычие, при котором переключение с одного языка на другой, они назвали «смешанным» (compound), а двуязычие, при котором каждый из двух языков существует в двуязычном индивиде отдельно, - «координированным» (coordinate)»[3] . Говоря о билингвизме как способности человека владеть двумя языками, лингвисты того времени имели в виду его возможности передавать сообщение, используя разные языковые коды. Причем, рассматривались в основном формальные механизмы вербализации сообщения в отрыве от интерпретирующей его культуры.

Антропоцентрическая парадигма в языкознании расширила горизонты лингвистики, благодаря чему появилась возможность рассматривать язык в совокупности с той культурой, которая проецируется с помощью языковых знаков. При таком подходе феномен двуязычия получает новый ракурс освещения, при котором владение двумя языками не просто способность владеть двумя языковыми кодами, но погруженность индивида в две контактирующие культуры. При чистом двуязычии языки, которыми пользуется билингв, существуют в известной степени самостоятельно, используются в разных культурно-языковых пространствах, которые контактируют, но не накладываются друг на друга. Такой тип двуязычия сформировался у некоторых киргизов в результате обучения в школах с русским языком обучения и получения его средствами профессионального образования. В

[1] Щерба Л.В. Языковая система и речевая деятельность. – М.: Наука, Ленинградское отделение, 1974. – С.313.

[2] Щерба Л.В. Преподавание иностранных языков в средней школе / Общие вопросы методики. – М: Высшая школа, 1974. – С.60.

[3] Розенцвейг В.Ю. Языковые контакты. Л.: Наука, ЛО, 1972.- С.80.

процессе обучения и в общении со своими сверстниками в школе они пользуются русским языком, а дома, как правило, общаются на родном языке. «Обученные этим способом люди хоть и говорят довольно бегло на обоих языках, - писал Л.В.Щерба, - но им всегда очень трудно найти эквивалентные термины двух языков: нужные слова приходят им на память только с трудом. Они могут объяснить, что значит та или иная фраза, то или иное слово, но всегда затрудняются его перевести» [1].

Часто у такой группы пространства деловой и производственной сфер представлены средствами русского языка, а их киргизский язык застывает на уровне бытового общения, в результате чего в киргизской части языкового сознания образуется вакуум. Поэтому при разговоре на профессиональные темы на киргизском языке случаются кодовые переключения, когда вставляются понятия, термины, иногда – и целые предложения, представленные средствами русского языка. Например, *«**Коммерческий потерялар»** (об электричестве) **«где-то»** жыйырма проценттен жогору. Биз **«системный изменениянга»** барышыбыз керек.* Что же касается письменных форм общения на киргизском языке (написание статей, обзоров, описаний и др.), представители данной группы оказываются беспомощными, хотя и обладают достаточным багажом знаний для осуществления профессиональной деятельности. Такие знания и навыки они могут получить в процессе специального обучения.

Во втором случае (смешанном типе) культурно-языковые пространства пересекаются, накладываются друг на друга, образуя общие сегменты, в пределах которых «каждое слово одного языка имеет уже готовый эквивалент на другом»[2]. Таким образом, типы двуязычия Щерба выделяет по способности индивида к переводу и наличия актуализованных связей между смысловыми эквивалентами. Эта мысль Л.В.Щербы подвергается сомнению, так как утверждается, что способность к переводу есть не столько результат того или иного типа двуязычия, а зависит «сколько от наличия или отсутствия тренировки в переводах»[3]. Как показывает опыт изучения деятельности билингвов, большие способности к переводческой деятельности обнаруживают индивиды с ярко выраженным смешанным двуязычием, которые специально занимаются переводами.

В литературе параллельно употребляются термины двуязычие, билингвизм и диглоссия, которые часто смешиваются и употребляются синонимично. Для целей дальнейшего изложения отметим, что двуязычие и билингвизм синонимичны. Что же касается термина диглоссия, то относительно его содержания существуют различные точки зрения. Ч.Фергюсон, одним из первых употребивших термин диглоссия, вкладывал в его содержание процесс попеременного использования стандартного, или литературного языка, и его регионального варианта в различных ситуациях общения

В нашем понимании диглоссия представляет собой особый вариант билингвизма, при котором в языковом сообществе сосуществуют два языка, находящиеся в отношениях несбалансированного двуязычия. Часто один из них является мировым языком и обладает большими функциональными возможностями, а другой имеет меньший функциональный потенциал и используется на ограниченной территории. Таким образом, понятия двуязычия и билингвизма шире, чем диглоссии. Отличительным признаком диглоссии является сознательный выбор того языка, который наилучшим образом способен обеспечить успех коммуникации в данной

[1] Щерба Л.В. Языковая система и речевая деятельность. – М.: Наука, Ленинградское отделение, 1974. – С., 67, 314.

[2] Щерба Л.В. Преподавание иностранных языков в средней школе / Общие вопросы методики. – М: Высшая школа, 1974. – С.60.

[3] Супрун А.Е. Содержание обучения русскому языку в белорусской школе. – Минск: Вышэйшая школа, 1987. – С. 22.

сфере общения»[1]. Процессы диглоссии в языковом сообществе Кыргызстана происходят в основном у носителей киргизского языка, в сознании которых корреспондируют киргизский и русский языки.

4. Бүгүнкү күндө көрүнүктүү чыгармалардын авторлоруна Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлык ыйгарылат, ушундайбы?

Баарыбызга белгилүү экинчи тилди үйрөтүү ошол тилдеги сөздөрдү үйрөтүүдөн башталат. Адам экинчи тилдеги сөздөрдү гана эмес, өзүнүн эне тилиндеги лексикалык казынаны толук үйрөнүп бүтө албайт десек жаңылышпайбыз, анткени, тил социалдык кубулуш, практикалык ан-сезим катары тынымсыз кыймылда, коом өзгөргөн сайын айрым сөздөр колдонуудан чыгып, пассивдүү лексиканын карамагында, ал эми айрым сөздөр жаңыдан пайда болуп турат.

[1]Шамбаева Б.С. Кыргызча окуп, сүйлөшөлү. Б., 2006.

Жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу студенттердин кебин жатыктырып, калыптандырып, кыргыз тилинде сүйлөшүүгө үйрөтүү максатына жетүү үчүн биз, лексиканы окутуунун беш принцибине (семантикалык, лексика-грамматикалык, окуучунун эне тилинин өзгөчөлүгүн эске алуу, экстра-лингвистикалык, этномаданият таануу) таянып, байланыштуу кепти өстүрүүнүн чынжырча түрүндөгү моделине көңүл бурабыз.

Сөз, сөз айкашы, сүйлөм, монолог, диалог түрүндөгү текст (ак кар: Бак дарак ак карга бөлөндү). Көрсөтүлгөн моделдин максатка жетүү функциясы, биз көрүп тургандай жөнөкөй сүйлөмдөрдөн башталбастан, алардын базасы болгон сөз жана сөз айкашынан башталды. Ушул багытты эске алганда, жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу студенттердин кебин өстүрүп, тилге максаттуу үйрөтүүдө тематикалык лексиканын мааниси зор.Сөз билбей, анын маанисин түшүнбөй туруп, бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү чындык тууралуу түшүнүк алууга, алар жөнүндө маалымат алмашууга, б.а. сүйлөшүүгөэч мүмкүн эмес.

Тескерисинче, сөз билүү, сөздүн маанисин аңдап түшүнүү, анын билдирген маанисине карата өз орду менен оозеки жана жазма кепте туура колдонуу сүйлөшүүнүн толук жеткиликтүү болушуна шарт түзөт. Ошондуктан, сөз–пикир алышуу үчүн кепте эркин колдонулуучу тилдин эң кичине маанилик бирдиги катары кызмат аткарат. Сєз тилдин бардык каражаттарынын жана кептин, сүйлөшүүнүн түзүлүшүнүн уңгусун түзүү менен сөздөр өз алдынча турганда атоо, билдирүү милдетин гана аткарган лексикалык бирдик түрүндө жашаса, ал эми сөздүн пикир алышуунун куралы катарындагы функциясы жеке турганда эмес, кепте, сүйлөө тутумунда гана ишке ашырылып, лексика-грамматикалык жактан байланышта келип, маалымат алышуунун негизги каражаттарынын бири катары милдетин өтөйт.Демек, тематикалык лексика–сүйлөшүүнүн жагдай-шартына, чөйрөсүнө жана кырдаалына жараша маалымат алышуучу тараптар, лексикалык бирдиктер менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана ал сөздүктө тигил же бул тематикалык кепте тейлөөчү каражат катары каралат. Алар тексттин маанисин тез өздөштүрүүгө ыңгайлуу шарт түзөт. Сүйлөшүүнүн объектиси катары «Үй-бүлө» темасын алсак, анда:

1.Үй-бүлө мүчөлөрүнүн, урук-туугандарынын: ата, апа, чоң апа, чоң ата, таене, тай ата, эже, ини, карындаш, ага, жеңе, сиңди, байке, небере, күйөө бала ж.б.

1. Кесиби: мугалим, геолог, сүрөтчү, китепканачы, соодагер, куруучу, чач тарач, тарбиячы ж.б.

2. «Жаш-курагы», «Кулк-мүнөзү», «Эмоциясы» деген темадагы сөз, сөз айкаштарынын базасында чакан диалог же монолог түрүндөгү тексттер каралат.

Буга мисал катары, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн моделинин негизинде студенттер тарабынан иштелип чыккан сүйлөшүү кырдаалдарындагы диалог түрүндөгү жана монолог тексттеринин үзүндүлөрүнө көңүл бурабыз.

– Ассалоомалейкум, байке!
– Саламатсызбыжеңе!
– Алейкумассалам!
– Качанкелдиңиздер?
– Бирсааттайболупкалды.
– Көп күткөн турбайсыздарбы?
– Ооба, силержумуштан кеч келесиңерби?
– Саат 18.00 жумуштанчыгып, үйгөкелгенчеушулубакытболупкалат.
– Үйдөкызың бар экен, бизге чай кайнатыпберди.

Тааныштыруу

Наташа, сага тааныштыра кетейин: уулум Тилек – банкир, келиним Асел – адвокат, кызым Айнура – мугалим, күйөө балам Нурлан-юрист. Неберелерим Санжар мектепте, Айша менен Акбар бакчага барышат.

Апа, үй-бүлөңүз ынтымактуу экен.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүнүн модели аркылуу «Муз болуп калган айкел» тексти аркылуу кеп өстүрүү.[1]

Жөнөкөйсүйлөмдүн модели

	Түрлөрү	**Модели**
1	Атама, Жаксызсүйлөмдөр Жактуу	(_____) (~~~~~~~~~~~~~_____ (– – – – – – ═══)
2	Жалаң сүйлөмдөр жайылма	(_____ ═══) (_____~~~~~~~~ – – – ═══)
3	Толук сүйлөмдөр Кемтик	(_____~~~~~~~~—— ═══) (═══)

Түрлөрү	**Мисалдар**
атама Биртутумдуужаксыз жактуу	1941-жылдын кышы. Кычырагансуук түн. Мага жакшы. Бул сөздү түшүнсө болот. Баралыбы? Барса баралы. Коркконго кош көрүнөт. Алы кете баштады.
жалаң Экитутумдуу жайылма	Энекетипбаратты. Энегекойнундагыбаласы тоңупкалгандайсезилипкетти.
Толук жанакемтик	– Ал тирүүэкенби, тоңбоптурбу? – Тирүү.

Кеп өстүрүүдөгү тапшырмалар системасы: сөз, сөз айкашы, сүйлөм жана текст түзүүаркылуу ишке ашырылат.

1. Мисалы, тематикалык лексиканыөздөштүрүү (кычыраган суук, жалгыз караан, замбирек, алактайт, шашма, эрксизден, тыным, мээрим ж.б.).
2. Берилген сөздөр менен мааниси жагынан туура келген сөз айкашын түзүү.

жалгыз	а) караан	б) талаа	в) айлана
айласы	а) башталды	б) жазды	в) түгөндү
бети	а) кычырады	б) тызылдады	в) үшүдү
өч	а) берүү	в) сезүү	б) алууж.б.

3. Түзүлгөн сөз айкаштарыменен жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүү.
4. Текстинмазмунунжөнөкөйсүйлөмдөраркылуу аңгемелепберүү.

[1]Жусаев Ж., Карабекова А. Кыргыз тили. - Б.: Мектеп, 2000

5. Макалдардынмаанисинчечмелөө: эненин көөнүбалада, баланынкөөнүталаада, эненинакыбетинкайтарууж.б.

Ошентип, тематикалыклексиканынкепөстүрүүдөгүдагыбирартыкчылыгы сөздөрдүн маанисинсемантикалыкөзгөчөлүктөрүбоюнча так түшүнүүгө болот же ажыратуугаөбөлгө түзөт.

Адабияттар:

1. Жусаев Ж., Карабекова А. Кыргыз тили. – Б.: Мектеп, 2000.

2.Чыманов Ж., Сарылбекова З. Кыргызтилин (Мамлекеттик тил) окутуунун методикасы –Б., 2009.

3.Шамбаева Б.С. Кыргызча окуп, сүйлөшөлү. – Б.,2006.

Дуйшенбекова Г.

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК. 413.О.

СЛОВАРНАЯ РАБОТА НА ЗАНЯТИЯХ РУССКОГО ЯЗЫКА ОДИН ИЗ СПОСОБОВ ПОВЫШЕНИЯ ЯЗЫКОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ

Одной из глобальных проблем современного общества является неумение четко и грамотно выражать свои мысли. Практика показывает, что выпускники киргизской школы, поступившие в вуз, нуждаются в совершенствовании русской речи в различных сферах коммуникации (разговорно–бытовой, общественно–политической, учебно–профессиональной, научной). Это требует продолжения серьезной работы по дальнейшему совершенствованию преподавания русского языка как неродного.

Каждый преподаватель на занятиях русского языка должен организовать работу так, чтобы студент в процессе обучения учился размышлять, анализировать, сравнивать, самостоятельно делать выводы. А для этого ему нужен богатый словарный запас, хорошо развитая связная речь. Поэтому главной задачей преподавателя русского языка является научить правильно и свободно использовать все богатства русского языка.

Этот вопрос всегда привлекал внимание методистов и учителей русского языка. Так, Ф.И. Буслаев (1844) рекомендовал учителям родного языка «развивать в дитяти врожденный дар слова». И.И. Срезневский (1860) советовал преподавателям обогащать детей «словами и выражениями, для этого годными», добиваться того, чтобы «не осталось неизвестным их памяти и непонятным их умам» слов, научить пользоваться словами и выражениями, обращать разумное внимание на значение слов и выражений. К.Д. Ушинский писал, что нужно «через слово ввести дитя в область духовной жизни народа».

Словарная работа на уроках русского языка является одним из основных звеньев разнообразной работы по развитию речи студентов.

Чем богаче активный словарь человека, тем содержательнее, доходчивее, грамотнее и красивее его устная и письменная речь. Словарной работе на занятиях русского языка уделяют мало времени, нередко она носит случайный, эпизодический характер, отчего и речь студентов формируется и выправляется медленнее, чем того хотелось бы. Словарная работа как важная часть занятия способствует развитию речи студентов, обогащению их словарного запаса.

Словарная работа, проводимая почти на каждом занятии русского языка, способствует обогащению словарного запаса студентов, вырабатывает орфографическую зоркость, развивает речь, а в целом, способствует формированию навыков грамотной письменной речи.

«Словарная работа – это не эпизод в работе учителя, а систематическая, хорошо организованная, педагогически целесообразно построенная работа, связанная со всеми разделами курса русского языка».[1]

Эффективность словарной работы зависит от того, проводится ли она планомерно и систематически на протяжении всех лет обучения или носит случайный характер. Работа со словом должна являться обязательным компонентом в структуре урока по любому предмету, а не только по русскому языку.

Словарная работа на уроках русского языка преследует различные цели и имеет разное содержание.

1. Она может быть направлена на ознакомление студентов с лексическим значением новых слов (словосочетаний), значение которых понимают неправильно или неточно.

2. Она может преследовать цели грамматические: усвоение некоторых грамматических форм, образование которых вызывает у студентов затруднения (например, родительный падеж существительных множественного числа: носков, но чулок; волос, апельсинов, килограммов).

3. Словарные упражнения могут проводиться с целью обучения детей орфоэпическому произношению слов и, прежде всего, соблюдению нормативного ударения (щавель, позвонит, красивее, километр и др.).

4. Для усвоения правописания слов с непроверяемыми орфограммами необходимо проводить словарно-орфографическую работу.

Чем богаче активный словарь человека. Тем содержательнее, доходчивее. Грамотнее и красивее его устная и письменная речь.

Развитие активного словаря студентов предполагает выяснение лексического значения слова. Непонимание смысла слов и неумение употреблять их в речи сказывается на их речевом развитии. Великому педагогу К.Д. Ушинскому принадлежат слова: «Дитя, которое не привыкло вникать в смысл слова, темно понимает или вовсе не понимает его настоящего значения и не получило навыка распоряжаться им свободно в устной и письменной речи, всегда будет страдать от этого коренного недостатка при изучении всякого другого предмета».[2]

Методикой разработано немало приемов объяснения значения непонятных слов. При работе на занятиях с текстом иногда лексическое значение слов подсказывается контекстом, и в этих случаях студенты могут понять смысл слова самостоятельно, без специальных разъяснений. С новыми словами студенты знакомятся и во время вступительной беседы, иногда в процессе чтения текстов. Сопоставление неизвестного слова с известным уже словом возможно, если у него есть синонимы, антонимы. Выяснив семантику слова, непременно отметим его однозначность или многозначность, подберём близкие по значению слова и только после знакомства с произношением и семантикой переходим к усвоению орфографии данного слова.

В нашей практике многие слова на занятиях объясняются подбором синонимов, антонимов. Такая работа с новыми словами очень полезна, так как обогащает словарь студентов, воспитывает внимательное отношение к слову и учит точному употреблению его в устной и письменной речи. Например, на практических занятиях русского языка в 1 и 2 курсах словарная работа проводится почти на каждом занятии. При прохождении текста выписываются новые и непонятные слова для студентов, которые встречаются в тексте. Работа с этими словами дает возможность, расширит активный словарный запас студентов, уточнить их знания о значении слова, научить употреблять слово в новом контексте, повысить грамотность.

При работе с новыми словами основным методом является толкование слов. Например, новое слово можно объяснить и путем разбора слов по составу*: подоконник,*

подстаканник, наушники, многоэтажный и т.д. Такой разбор по составу помогает учащимся уяснить структуру слова, т. е. писать правильно и понять его лексическое значение. Словообразовательный анализ позволяет проникнуть в суть смысловых отношений между словами, как в языке, так и в речи.

Работая над новыми словами, нужно стараться, чтобы новые слова вошли в активный словарный запас студентов. В этих целях можно провести закрепление как ответы на вопросы, где при ответах студенты использовали новые слова, или можно дать задание составить предложения или текст, используя новые слова. Такая работа, если сопровождается и письменно, т.е. записывать в тетрадях составленные предложения или текст, тут идет не только развитие устной речи, но и письменной. Тренировочные упражнения, повышающие общую грамотность учащихся; работа над ошибками, орфографический диктант - это тоже работа со словом. Словарная работа на занятиях русского языка не может ограничиваться исключительно упражнениями. Нет сомнений в том, что систематическая деятельность находится в тесной связи с аналитической.

Таким образом, словарная работа, проводимая почти на каждом занятии, способствует обогащению словарного запаса студентов, вырабатывает орфографическую зоркость, развивает речь, а в целом, способствует формированию навыков грамотной письменной речи.

На занятии важно помнить, что тщательно планируемая и хорошо организованная словарная работа помогает обогащать словарный запас студентов. Вырабатывает у них орфографическую грамотность, развивает речь, но и в целом способствует повышению языковой культуры, формированию у студентов внимания к изучаемой теме.

Следовательно, только при систематической работе над новыми и малознакомыми словами будет решена задача воспитания мыслящего студента и вдумчивого читателя.

Литература:

1. Текучев А.В. Методика русского языка в средней школе // Учебник. М., 1980.
2. Харламов И.П. Педагогика. Краткий курс. Учебное пособие. Минск. Высшая школа. 2004.
3. Панов Б.Г. Внеклассная работа по русскому языку. М., 1990.
4. Фолицина В.П., Мокиенко В.В. Русские фразеологизмы // М., 1990
5. Пахнова Т.М. Обогащение словарного запаса учащихся при изучении синтаксиса.// Русский язык в школе. 1995.
6. Развивающее обучение русскому языку. М., 1993.

Дуйшенов Э.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК 530+371.3

РУХ МАДАНИЯТЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ!

Жарык нуру призма аркылуу өткөндө эң кооз бир-биринен ажырагыс жети түстө болот. Ал толкундук жана кванттык касиетке ээ. Физика илиминде булл касиет дуализм деп аталат. Ал тууралуу өзүнчө өзгөчө сөз болот. Жарыктын керемет касиетиндей, Ислам окуусу да акыл-эстин призмасынан акыл жүгүртүп изилдесең, жан дүйнөгө рахат берген керемет жашоону тартуулайт [1]. Адам баласына мына ушул гана керек. Ислам да жети принципке таянат. Жалпылап айтканда ошол жети принцип – Ыймандуулук деп аталат. Жети принципке таянбаган коомдун мүчөлөрүнүн рухий

байлыктарын жоготуп, системалуу эмес кишичилик цивилизацияга жетелейт, натыйжада булл коомдун келечеги болбойт. Коом тынчтыкта, барчылыкта, жашоо үчүн, коомдун мүчөлөрү өздөрү сыйлаган жана коомдун мүчөлөрүнө гарантияны камсыз кылган мыйзам менен жашоо керек. Эркиндик деген бул – мыйзамга баш-паана кылуу. Анын чегинен чыгуу өз жазасын алуу. Коомдун мүчөлөрүн канткенде мыйзам менен жашайт деген суроо коёлу? Адамзат кому канча кылым жашаса да ушул түйүндүү маселени чечүү умтулууда бирок натыйжа берекелүү эмес. Анда ушул сыр-түйүндүү маселени чечүүгө акыл жүгүртүп көрөлү.

21-кылымда «тарбия» деген түшүнүк өтө кеңири колдонулуп, бирок биз каалагандай жемишин бере албады. Анын негизги себеби болуп тарбия турган пайдувалдын жоктугу, калпыстыгы эсептелет. «Тарбия» түшүнүгү өтө көлөмдүү түшүнүк, анын: жакшы-жаман, адал-арам, жоомарттык-ачкөздүк ж.б. категориялары бар болгондуктан аларды ажыратууда коомдун мүчөлөүнүн кээ бирлеринин кайдыгерлигинен кудурети жетпей бактысыздыктын мейкиндигине кириптер болот [4]. Буга дагы бир мисал келтирип кетели. Карылар үйүндө жашаган апанын тагдырына токтололу. Мугалим болуп иштедим, бир кыздуу болдум, тарбияладым, окуттум – аягында мени Карылар үйүнө зордоп таштап кетти. Апа бул тагдырга ким күнөөлүү дедим? Оо, балам бул тасманы мен бир күндө бир нече жолу айландырдым-жооп издеп, акырында төмөнкүдөй тыянакка келдим; күнөөлүү мен өзүм дейт! Кантип??. Сиз тарбиялап-өстүрбөдүңүзбү? Ооба, 70 жаштан ашып калганда түшүндүм. Биз берген тарбия пайдувалы жок, кумдун же саздын үстүнө салынган имарат сыяктуу талкаланып же жер жутуп жок болот турбайбы. Дагы бир болгон окуяга токтолойун. Жогорку билими бар бир интеллигент бир отурушта азыркы мектептерде тарбия жок. Менин балам мектептен качып Мечитке барып жүрөт, ушундай кантип болсун дейт. Анысы аз келгенсип, мени жана апасын да алдайт. Азыркы учурда ушул көрүнүш көп кездешчү жана ага жооп издөөчү мезгил талабы. Урматтуу окумуштуу педагогдор, илимпоздор эмне деп жооп издейбиз? Буга жооп коомубуз да болгон жана болуп өткөн тажрыйбага таянып аны изилдеп белгилүү бир жыйынтыкка келсек болот. Ал жыйынтык көз алдыбызда күндөлүк турмушубузда биздин келечегибиз болгон жаш-муундарыбыздын адеп ахлактыгы, тарбия-маданияты, дүйнө-таанымы ж.б. баалуулуктар менен ченелет. Ошондой баалуулуктарды коомубуздун мүчөлөрүнө бере алдыкпы? Тарбия-маданияттын мөмөсүнүн даамсыздыгы, татыксыздыгы, келечексиздиги жана кедейлиги коомубуздун азыркы абалына алып келди [3]. Натыйжасы көз алдыбызда өтүп жатат. Алар паракордук, аракордук, сойкулук (30 миң кыз-келин), бачабаздык ж.б. “ыплас-маданияттын” мөмөлөрүнүн тобу пайда болуп коомдун түзүлүшүнө түздөн-түз коркунуч пайда болду. Бул бүт адамзат-коомуна көз-көрүнө кагылып жаткан Коңгуроо. Бул коңгуроого кулак-төшөп, акыл-жүгүртпөсөк, ата-бабадан келе жаткан нарк-насил таянып Ыйманды туу тутуп, аны терең түшүнүп, Кудай алдында, мекен алдында, улут алдында эң бийик кол жеткис ыйыктын-ыйыгы болгон милдет бар экендигин акыл-жүгүртүп билбесек аягы адашуу менен бүтөт, ал талкалануу менен аяктайт.

Ар бир түшүнүктүү иликтөөдө биз сөзсүз анын уңгусуна, колдонуу себептерине, мазмунуна таянып анан гана жыйынтыкка келебиз, башкача сөз менен айтканда ар бир илимдин өзүнчө алиппесин үйрөнүү керек. Ал деген мисалы математиктер үчүн кошуу, алуу, көбөйтүү, болуу ж.б. амалдарды өздөштүрмөйүнчө иликтей албайсың. Анын сыңарындай азыркы учурдагы Жаратылыш илимдеринин көз карашы боюнча ЖАҢЫ баалуулукту алабыз.

Ал эми Жаратылыш деген түшүнүктү изилдеп көрөлүчү. Анын уңгусу Жараткан же Жаратуучу болот. Демек, мындан Жаратылышты б.а. бүт ааламды жараткан автор (ээси) бар деген жыйынтык чыгарууга акыл-эсти жетелейт. Андан ары ой учугун улантсак, физика илими бул жаратылыш жөнүндөгү илим Жаратылыштагы бардык

реалдуу чындыктар философияда Материя деп белгиленет. Материалисттер изилдөөнү Материядан баштайт. Ал эми алар Авторду атайын айткысы келбегени ачыктан-ачык көрүнүп турат. Материя эки формада жашоосу белгилүү; заттык жана талаа. Эми заттык деген түшүнүккө иликтөө жүргүзсөк, ал биздин сезүү органдарыбыз аркылуу туяла турган реалдуу чындыктардын категориясы. Анда ошол реалдуу чындыктардын, адам акылына сыйбаган касиеттерин, кубулуштардын процесстердин көп түрдүүлүгү, бир-бири менен гармониялуулугу, закон ченемдүүлүгүнүн себептери акыл жүгүртүүчү болгондорду бул чындыктын Кудиреттүү Автору бар дегенге акыл-эсин жетелейт [3].

Материянын экинчи формасы талаа түшүнүгүнө иликтөө жүргүзүлүүчү, бул түшүнүк заттык түшүнүктөн айырмаланып, биздин сезүү органдарыбызга түздөн-түз таасир тийгизе албайт, аны биз кыйыр (тажрыйба) аркылуу туябыз (мисалы, электр, магнит ж.б.). Талаа түшүнүгүнүн мазмунун иликтөөдө акыл жүгүртүүчү болгула анан гана анын Керемет сырларын окуп үйрөнүп турмушка пайдаланып ийгиликке жетишесиңер (мисалы теле-радио, телефон байланыштары ж.б.) Талаа түшүнүгү да жогоркудай эле чындык экендигине акыл жүгүртүүчүлөрдү ынантып Кудиреттүү Автордун аты менен аталгандыгына - Алла Таала экендигине ынанасың. Бул эки түшүнүктү иликтөөдөн Кыргыз эли эң байыркы этнос экендиги, анын ушул күнгө чейинки жашоосунун улантуусу, Манастай болгон океанды муундан-муунга, оозмо-ооз айтылышы бул кашкайган чындык. Адамзаттын асыл нарк-насилин, үрп-адатын, дүйнө таанымынын анын башатында пайдувалында Ыймандуулук тургандыктан баалуулугу экендигин келечек муундарыбызга жеткизүү ыйыктан-ыйык парзыбыз экендигин түшүнүү учуру келди. Мына ушул ойго бир мисалды кыстарып кетели. Шаардык кичи бөбөктөрдөн нан кайдан чыгат деп сурасак алардын жообу-нан заводдон чыгат деп жооп берип андан мурунка иш амалдарын чагылта алышпайт, турмуштук тажрыйбасы жок дүйнө-таанымы калыптана элек муундарга балким кечиримдүүдүр. Ал эми биздин эле замандаштарыбыздан Сен кайдан пайда болгонсуң деп сурасаң мен ата-энемден жараганмын деп кебелбей жооп берет. Жооптун окшоштугун карасаң нан заводдон пайда болот деген жооптун так өзү. Мындай жооп эч кимди канааттандырбайт, акыл жүгүртүүчү болбойлубу? Биздин ата-энебизге ошондой керемет мүмкүнчүлүктү берген, убакыт келгенде төрөлүп, мейкиндикке чыгып бул дүйнөдө өмүр сүрүп, акыл-эс жашоо мүмкүнчүлүгүнүн мыйзамдарын түзүп, элчилерин жиберип, Ыйык Китептердин түшүргөн Авторду тануу Ыймансыздыктын баалуулугунун жүрөккө орното албагандыктан алсыздыгы, билимсиздиги, текеберчилиги, дүйнө таанымынын бул дүйнө менен гана чектелиши адамзат коомунун этикалык-моралдык баалуулуктардан четтеп, кишичилик мамилелерге өтүшү [5].

Адабияттар:

1. Э.Дуйшенов. Реалдуулуктун, объективдүүлүктүн призмасы аркылуу Исламды кабыл алуу/ И.Арабаев атындагы КМУнин Жарчысы. Эл аралык илимий-практикалык конференция. - Б.: 2012, - 14 б.

2. Э.Мамбетакунов. Методология и качество педагогических исследований. - Б.: 2006.

3. Г.Жумабаева. Аң-сезимди өнүктүрүүдө диндин ролу/ Билим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү. Ыйык Ата Журт жаштар фонду. V илимий симпозиум. - Б.: 2013, - 160 б.

4. А.Исаев. Тарбия, дин, инсан / Ыйык Ата Журт жаштар фондусу. V илимий симпозиум. - Б.: 2013, - 179 б.

5. С.Жорубеков. Кыргыз ким? - Б.: 2003.

Дуйшенов Э. Д., Жакыпов К. К.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

УДК 530+371.3

ЖАШ МУУНДАРДЫН БАЗАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН АБАЛЫН АНЫКТОО

Жаш муундардын базалык түшүнүктөрүн оптималдаштыруу үчүн алардын айлана-чөйрөдөн, үй-бүлө мүчөлөрү менен өз ара мамилелеринен, күндөлүк турмушка колдонуучу каражаттар ж.б. алынган түшүнүктөрү, таяныч чекити кылып алынат.[1] Алардын таяныч чекиттерин аныктоодон мурда, бирдик, ондук, жүздүк системаларын толук өздөштүрүп, (Эл агартуу журналы №3,2011ж.) базалык сөздөрдүн көптүгүнүн сөздүгүн өздөштүрүү максатка ылайыктуу болот.[2]

Ошондуктан бирдик системаны толук өздөштүргөн жаш муундар гана аны “негизги база” б. а. таяныч чекити кылып алып, ондук системага өтөт.

Алгач ондук системаны түзгөн (түшүнүктөргө) мисал келтирели. Алар эки тамгадан турган: ак, ат, ай, ал, аз, аш, үй, уй, ок, эт, уй, уз,ит,өт ж.б.көптүк сөздөр.

Ошондой эле жүздүк системадагы сөздөрдүн көптүгү, үч тамгадан түзүлгөн: чач, баш, мээ, көз, каш, тил, тиш, кол, бут,ата, апа, гүл, таш, тоо ж.б. сөздөрдүн көптүгү “жүздүк базасынын” системасын түзөт.

“Бирдик”, “ондук”, “жүздүк” системаларындагы түшүнүктөрдүн базасын түзүүнү мектеп жашына чейинки бөбөктөргө сунуштайбыз жана натыйжасы ийгиликтүү болоруна терең ишенебиз. Анткени бул система жаш муундарды чыгармачылыкка, тапкычтыкка, өз алдынча ой жүгүртүүгө, дүйнө таанымын байытууга жана бекемдөөгө, ыраатуулукка, үзгүлтүксүздүккө, логикалык талдоого, акырындык менен акыл-ой туюмун толуктоого жетелейт жана багыт берет. Дидактикалык-психологиялык багытта өзгөчө орунга ээ болот.

Таяныч чекиттердин же системанын толуктугун жана тереңдигин текшерүү процессинде убакытты үнөмдөө үчүн системанын ар бир элементин өздөштүрүүгө коюлган талаптар эске тутулуусун калыптандыруу үчүн атайын көргөзмө каражаттар пайдаланылат.

1. Адамдардын дене түзүлүшү жана анын органдары: чач, баш, мээ, каш, көз,бет, ооз, тиш, тил ж.б. Ушу сыяктуу эле мисалдарды жан-жаныбарлар, канаттуулар дүйнөсү багытында колдонсок, бөбөктөр алардын окшоштуктары боюнча түшүнүк алып, дүйнө таанымын кеңейтүүгө жол ачылат.

Таяныч түшүнүктөрүн текшерүүдө жана баалоодо системанын негизги структуралык элементтерин өздөштүрүүнү баалоонун атайын критерийлерин иштеп чыгабыз. Бул критерийдин негизинде жаш муундардын түшүнүктөрдү кабылдоосу төмөнкүдөй бааланат.

Түшүнүктөрдү баалоонун 5 баллдык системасында 5 баллды балдардан талап кылынган суроолордун санына бөлөбүз да анын тийиндиси жооп туура болгон санга көбөйтүлөт.

Мисал үчүн: адамдын дене-мүчүлөрүнө байланыштуу сурамжылоодо 7 суроо болуп, жеткинчек 4суроосуна туура жооп бере алган болсо, анда ал 3 балл алат б.а.: 5балл : 7сур. х 4т.ж. = 2,856 ~3

Мына ушундай эсептөөнүн негизинде түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй бааланат:

“5” – туура жооп берилген 7 түшүнүк үчүн;
“4” – туура жооп 6-5 түшүнүк үчүн;
“3” - туура жооп 4 түшүнүк үчүн;
“2” - туура жооп 2 түшүнүк үчүн;

“1” - туура жооп 1 түшүнүк үчүн;

“0” - туура жооп 0.

Мындай текшерүү системасы, жаш жеткинчектердин түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө объективдүү баа берүүгө жардам берет.

Андыктан абсцисса огуна түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн балл менен алынган көрсөткүчү, ал эми ордината огуна бирдей балл алган балдардын санынын жалпы катышкан жеткинчектердин санына n болгон катышы жайгаштырылат.

Эксперимент жүргүзүлгөн учурда түшүнүктөрдүн бөлүштүрүлүш функциясы келип чыгат.

Бөлүштүрүш функциясын жана ыктымалдуулуктун бөлүштүрүлүшүнүн тыгыздыгын билип, түшүнүктөрдүн мүмкүн болгон маанилерин кандай жайланышарын жана алардын ыктымалдуулугун билип алууга болот.

Нормалдык бөлүштүрүү теңдемеси жөнөкөйлөнткөндө төмөнкүдөй туюнтулат:

$$Y = \frac{1}{2\pi} e^{-\frac{t^2}{2}} \quad (1)$$

(1). Теңдеме боюнча tнын ар кандай мааниси үчүн Y сан маанисин эсептеп алабыз.

Азыркы мезгилде эксперименттин иштешинин ыктымалдуулугу практикада колдонуунун тактыгынын проценттик катышы:

α = 68,3%; α = 95%, α = 99% эсептелет.

Биз жаш жеткинчектердин түшүнүктөрдү өздөштүрүү системасынын математикалык ыкмасын өздөштүрүүдөбүз.

Ар бир тарыхый этаптарда окутуунун өндүрүшүндө эки процесс эриш-аркак аракеттенет.

Биринчиси: Бизди курчап турган чөйрөнү таанып-билүү;

Экинчиси: Аны окуп үйрөнүү.

Бул эки процесстин бири-бири менен байланышы барбы? Эгерде бар болсо биз аны эмнеден байкайбыз? Бул маселе дидактиканын негизги маселеси катары олуттуу көңүл бурууга муктаж.

Эмнеден баштообуз керек?

Педагогдор арасында дидактика маселесинде көп талаш-тартыштар бар. Анткени окутуу, таанып-билүү окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсү аркылуу ишке ашат. Ой жүгүртүүнүн мыйзам ченемдүүлүгү физиологиялык, психологиялык жөндөмдүүлүккө байланыштуу.

Ар бир илим тигил же бул кубулушту түшүндүрүү үчүн кубулуштун пайда болуу мүмкүнчүлүгүн изилдейт.

Анда окутуп-үйрөтүүдө мыйзам же мыйзам ченемдүүлүк барбы?

Окутуу – бул аң-сезимдүү максатка умтулуучу педагог менен окуучунун биргелешкен чыгармачылык аракети. Ал кандайдыр бир объективдүү мыйзамга баш ийеби? Баш ийсе анда окутуу предметин, илимий изилдөө процессин жөнгө салуу керек.

Окутуп-үйрөтүүнү ишке ашырууда дидактиктер гана катышпастан жекече предметти окутуу методу да катышат. Алардын изилдөө объектилери да бир.

Анда эмнеси менен айрымаланат? Методика менен дидактиканын айрымасы эмнеде? Аталган проблеманы чечүүдө көп муундагы дидактиктер эмгектенди. Эмесе аларга дагы бир ирээт кайрылалык.

Коомдун өнүгүшүндө таанып-билүү жана окутуу

Демек айлана-чөйрөнү таанып-билүү - бир жагы. Экинчиси: жаш муундарды окутуу. Эки процесстин ортосунда кандай карым-катнаш болуусу мүмкүн? Бир караганда бул байланыш эч кандай деле мааниге ээ болбогондой көрүнөт. Таанып-

билүү – бул жаңы фактылар б.а. объективдүү дүйнөнүн мыйзамдары. Ал эми окутуу – бул адамдарды ага чейин алынып-топтолгон билим жана тажрыйба менен камсыздандыруу. Ошондуктан таанып билүү менен окутуунун ортосунда ички терең байланыш бар. Таанып-билүү – окутууга карата алгачкы баскыч. Окутууда өзүнүн мазмуну бар. Ал таанып-билүүнүн продуктусу. Билим берүү таанып-билүүнүн жыйынтыгы болуусу үчүн окутуунун мазмуну болуш керек. [3]

Схемада көрүнүп тургандай таанып-билүү менен окутуунун өз ара байланышы татаал.

Метод
Каражат
Формасы
Шарт
Текшерүү баасы
Окутуунун жыйынтыгы
Көнүмүш
Билим
Билгичтик
Тарбия
Даанышмандык
Билим сапатын баалоочу элементтер
Толуктугу, тереңдиги
Айкындуулугу жана тереңдиги
Сезимдүүлүгү жана бекемдиги
Ыкчамдуулугу жана ийкемдүүлүгү
Чогултуу жана жайылтуу
Мугалимдин технологиялык аракетинин түзүлүшү
Окутуунун милдетин, максатын аныктоо
Окутуунун көлөмүн аныктоо
Билим берүүнүн ырааттуулугу
Окутуунун принциптерин ишке ашыруу
Окутуу усулун тандоо жана колдонуу
Каражаттарды тандоо жана колдонуу
Окутууга шарт түзүү
Окуучунун окуу иштерин уюштуруу
Окуучулардын билимин текшерүү
Өздөштүрүүнүн жыйынтыгын баалоо

Адабияттар:

1. Э. Мамбетакунов “Методология и качество педагогических исследований” Бишкек 2006
2. Дуйшенов Э., Жакыпов К. “Мектеп жашына чейинки жаш муундарга кыргыз тилин үйрөтүүнүн усулдук ыкмасы ” “Эл агартуу” журналы 2011ж №3 26бет.
3. Дуйшенов Э. “Реалдуулуктан объективдүүлүктүн призмасынан Ислам окуусуна өтүү” “Билим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү. Абалы жана келечеги”. V илимий симпозиум Бишкек 2013ж. 174-бет.

Думанаева М.Г.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341-342

ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН КАМТЫЛЫШЫ

Элибиздин басып өткөн жолун, тарыхын, үрп-адатын, салт-санаасын, этнографиясын, социологиялык өзгөчөлүктөрүн, философиясын, тили-дилин жалпы эле тагдырын изилдөөдө кыргыз элинин кыргыздыгын далилдеп, башка элдерден, улуттардан айырмалап турган, ага өзүнчөлүк касиет алып келген, анын түгөнбөс мурасы – элдик оозеки чыгармачылык.

Кыргыздар элдик оозеки чыгармачылыкка зор маани берип келишет, бул анын “Улуу сөз” деп аталышынан да көрүнүп турат. Бүткүл журттун болсун, ар бир жеке адамдын болсун кубанычы менен кайгысында, ийгилиги менен өкүнүчүндө, эмгеги менен жай турмушунда, бала менен чоңго, жаш менен карыга тиешеси бар бүткүл кыймыл, аракет, түшүнүк, мамиле өзүнө ылайык көркөм сөз үлгүлөрү менен коштолот.

Оозеки көркөм чыгармалар калкыбыздын рухий байлыгы, ата-бабаларыбыздын мыкты мурасы катары өз баркын дайым жоготпойт. Эгемендүүлүккө жетишип, өз мамлекетин түзүп, элибиз, коомубуз жаңыланып жаткан бүгүнкү шартта калкыбыздын кечээги басып өткөн ары улуу, ары татаал жолун элестүү чагылдырган, дүйнө, жаратылыш, коом жөнүндөгү философиялык көз караш түшүнүктөрүнөн кабар берген “Улуу сөздүн” материалдарынын жалпы калкка үлгү болорлук, жаштарга таалим-тарбия бererлик мааниси чоң. [3. 34-37].

Кыргыз фольклорунун өзүнчө маанилүү жана чоң түрүн дидактикалык чыгармалар түзөт. Дидактикалык чыгармалар негизинен таалим-тарбия берүү, насаат айтуу маанисинде болуп, алар макал-лакаптарды, табышмактарды, жаңылмачтарды, калптарды, накыл кептерди жана санат-насыят ырларын камтыйт.

Дидактикалык чыгармалардын өзөгүн түзгөн уюткусу – макал-лакаптар. Макал-лакаптар элдин тарыхын, турмушун, кыялын, салт-санаасын, үрп-адатын, күлкүсүн, кайгысын, башкача айтканда бүткүл өмүр-таржымалын, дүйнөгө болгон көз карашын туюндурат. [1. 11-12].

Макал-лакаптар жалпы элдин турмуш тажрыйбаларынын корутундусунан чыккан, мааниси терең, курч сөздүү кыска, ары нуска келип, тарбиясы дилге жетип, элдин элегинен, сыноосунан өтүп чыңалган, маани-маңызы көңүлгө уялап, жүрөктөн түнөк тапкан. Элибиз макалдарды кадырлап-кастарлап келген, сөздү барктай билишкен, күчкө жыгылбагандар кепке жыгылган, жалкоону жанга, сараңды санга кошпой, коркокту кор, баатырды зор кылып даңазалап көрсөткөн.[2. 40-42].

Кыргыз эл макалдары туюндурган маанилерине жараша илимдин дээрлик бардык тармактарына (философия, физика, химия, астрономия, биология, анатомия, психология, этнопедагогика ж.б.) тиешелүү жаралгандыгы байкалат. Демек, биз, бул

макалада дидактикалык чыгармалардын философия илими менен болгон байланышы жана ал чыгармалардагы философиялык ойлордун камтылышы жөнүндө азыноолак сөз кылмакчыбыз.

Кыргыз элинде: “Өнөр алды – кызыл тил”, “Адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт”, “Адам сөзүнөн сынат, уй мүйүзүнөн сынат”, “Акылдуунун өзү өлсө да, сөзү өлбөйт”, “Жерсиз элдин тили жок, тилсиз элдин дили жок”, “Жорто албаган жол бузат, айта албаган сөз бузат”, “Карынын көркү – сакалда, сөздүн көркү - макалда” [7. 10-15] деген сыяктуу накыл сөздөр жаралып, сөздүн кудурет-күчүн сыпаттоого зор маани берилген.

Адамдардын дүйнөгө, жаратылыш кубулуштарына, адамдын жеке турмушуна, болуп жаткан окуяларга, динге, саясатка, ж.б.нерселерге болгон көз караштары көлөмү жагынан эң кичинекей фольклордук жанр болгон макалдарда да чагылдырылбай койгон эмес. Мисалы, дүйнөнү диалектикалык көз карашта чагылдырган б.а., анын өнүгүүсүн, өзгөрүүсүн далилдеген “Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жержаңы”, “Эл эмгегин жер жебейт”, “Эмнени эксең, ошону оросуң”, “Туулганына сүйүнбө, тураарына сүйүн”, материалисттик көз карашты чагылдырган б.а., ой менен материянын карым-катышын билдирүүчү “Ойду турмуш жетелейт”, “Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет”, “Ойчул ойлогончо, тобокел тоо ашыптыр” деп материянын ойдон көз карандысыз жашай тургандыгын, анын биринчилигин, алгачкылыгын көрө билишкен. Ф.Энгельс: “Диалектика эмне экенин таанып билүүдөн алда качан мурда эле адамдар диалектикалуу ой жүгүртүшкөн” – деп жазат. [4. 134]. Ушуга байланыштуу марксизм-ленинизм классиктери чындык жөнүндөгү ар түрдүү түшүнүктөр, ошонун ичинде татаал, абстракциялуу түшүнүктөр коомдук өнүгүүнүн белгилүү этаптарына чейин адамзат тарабынан көбүнесе стихиялуу, аңдалбаган формада колдонулуп келе тургандыгын, ал эми алардын чыныгы, түпкү маанилерин, жаратылышын адамдар кийинчирээк гана даана аныктап биле алышарын эскертип кетишкен. Бул закон ченемдүүлүк кыргыз фольклорунун анын ичинде макалдарда да кездешет. Убакыттын өтүшү, коомдук, саясий өзгөрүүлөрдүн пайда болушу менен эл макалдары да жаңы мааниге ээ болуп, өнүгүп, өзгөрүп, толукталып отурган. Адамдар ар кандай кыймыл-аркеттин өз себеби болорун түшүнүшкөн. М: “Шамал болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт”, “Кырк жылы кыргын болсо да бейажал чымын өлбөйт” ж.б. макалдар буга күбө. Ошондой эле динди ашкерелеген “Молдонун кылганын кылбай, айтканын кыл”, “Чала молдо дин бузат”, “Адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы табылыптыр”, “Өлөңдүү жерде жорго семирет, өлүмдүү жерде молдо семирет” деген сыяктуу макал-лакаптарды мисал келтирсек болот.

Кыргыз элинде илгертеден бери эле айтылып келген “Жети күндүк жаандан, желип өткөн суу жакшы” деген макал бар. Эгерде муну жаан менен табигый агын сууну салыштырып берүү үчүн, белгилүү бир ыргак-маанайда жаралган, көркөмдөлүп айтылган макал катары эле кабыл алсак, анда макал маңызын толук түшүнбөй, баалабай, аткарган функциясына маани бербеген болор элек. Чынында, макалдын мазмундук функциясы суу түрлөрүнүн, т.а., жаан суусу менен агын суунун сугат иштерине пайдаланышына, өсүмдүктөргө тийгизген таасирине байланышып, жети күнкү жаандан бир жайпап өткөн табигый суунун артыкчылыгы көрсөтүлүп турат. Чындыгында, көрсөткүчтөн улам, жаан суусунун сапатына караганда табигый агын суунун сапаттык көрсөткүчү сугат иштеринде мыкты экендигин айгинелеп турат.[8. 200].

Жан-жаныбарлардагы, табияттагы, түрдүү буюм-тайым, тамак-аш, жаратылыш кубулуштарындагы мүнөздүү белгилерди экинчи бир нерселерге окшоштуруп, салыштырып айтып, эмне жөнүндө сөз болуп жатканын табууну талап кылган, адамдардын аң сезиминин ойгонушуна, көз карашынын калыптанышына, дүйнө

таанусуна жол ачкан бул – кыргыз табышмактары болуп саналат. Дүйнөгө, жаратылышка, түрдүү көрүнүштөргө, турмушта учураган ар бир нерсеге байкоо жүргүзүү, өзгөчө белгилерин көңүлдө сактоо аркылуу пайда болгон табышмактардын ойлоо, ой жүгүртүү, акылдын курчтугуна жетишүү багытындагы тарбиялык жанафилософиялык мааниси чоң.Мисалы: “Эки тоонун арасы, эбей-себей күн жаайт”,“Ойсоң оюлат, чойсоң чоюлат”, “Тоодон топ түштү, буту-колу жок түштү”, “Жарымы кара, жарымы ак”, “Үлпүлдөккө кан куйдум, үйлөп талга байладым”, ж.б.

Жогоруда биз, “Ойсоң оюлат, чойсоң чоюлат” деген төрт гана сөздөн турган табышмакты санап өттүк. Бул табышмактын жообу – темир. Демек, кыргыздардын макалы, табышмагы илимдин бардык тармактарын өзүнө камтыган, ар бир өзүнүн турмуш тажрыйбасынын жыйынтыгын узун сабак сөз кылбай эле, кыска түзүлгөн нуска кепте бере алган.Төрт сөздөн турган табышмакта темирдин сапаттык касиетин, физиканын законунун башатын эчак эле ачып салышкан. Кандай гана зат болбосун, эгерде адам баласы аны турмушунда пайдаланып көрбөсө, маани-маңызы тууралуу маалыматы жок болсо, анда ал жөнүндө чыгарма эмес, сөз да кыла албайт. Ошол сыңары, кыргыздар темирди иштеткенди билишпесе, ал жөнүндө түшүнүктөрү жок болсо табышмак да жаралмак эмес. [8. 200].

Кийинки сөз дидактикалык чыгарманын дагы бир түркүм-бутагы болгон санат-насыят ырларындагы философиялык ойлордун камтылышы жөнүндө болмокчу.

Негизинен, кыргыз элинен чыккан акындар турмушка, жашоо-тиричиликке, анын маани-маңызына, дүйнөгө, айлана кубулуштарына терең карап, алардын наркына, касиет-сапатына карата өз акылман-даанышман ой-толгоолорун айтышкан. Ырлардагы терең философиялык мазмун өзгөчө Токтогул, Жеңижок, Барпы сыяктуу акындарга мүнөздүү болгон.

Жогоруда аталып өткөн даанышман акындардын ичинен Жеңижоктун философиялык маанайда жазылган “Аккан суу” чыгармасынан мисал келтирип көрөлү.

Табият көрүнүштөрүнө болгон акындык жеке мамилени билдирип, философиялык ой-чабытын чагылдырган акындар кыргызда оголе көп болгон. Аккан суу жөнүндө алты күн айтып түгөтө албаган даанышман акындар жашаганын бардыгыбыз билебиз. Жеңижок да акындык поэзиядагы бул салтты өз алдынча уланткан. [9. 60-61]

“Аккан сууну” философ Чоюн Өмүралы уулу минтип чечмелейт:

“...Жер үстүндө ийкемдүү сенден жумшак эмне бар? Учуң учсуз, түбүң түпсүз, кылаан жатат кыйырсыз. Дымый берип шар берет, жыйрылат да зыр берет. Жети каттан желип өтөт. Буу болот да көккө айланат, суу болот да кайра агат. Түмөн өмүр жайнап чыгат, түркүн иштер кайнап чыгат. Жандуу менен жансыздын баарына тең аккан суу! Жер менен көк арасы ойноп турган аккан суу. Оңу дагы солу жок туйлап турган аккан суу.

...Тараза жылдыз бөлүнүп, ой-тоонун баары көрүнүп, сүрүлүп жылдыз качканын, таңкы Чолпон батканын, өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап, суудан кара буу чыгып буркурап, асмандан жылдызы качып дыркырап турган саатын туйлатып, типтирүү кармап, шыргалаң-оту менен жүрөгүңө бүркүп, бүркүп турбайбы кайран Өтө!

...Ушул саптар арасында не деген дүйнө жатат.

Аста күлүп шыңк этип, алтындан иймек сөйкөсү кулагында жылт этип, кыз кылкылдайт бул сууда. Ай тамагын кылайтып, аркардай таңын булайтып, “секетим” деп ырдап, аккан сууга сыр айтып, өңүн суудан каранып, тоту куштай таранып, келин калкыйт бул сууда. Ак сакалын жайкалтып, аста сүйлөп нарк айтып чал калкылдайт бул сууда. Секин басып чайпалып, отурганда “белим” деп, чочуганда “эрим” деп кемпир агат бул сууда. Баары агат... агат... Байыртадан бери агат...

“Тиктеп турат байкасам
Калыбынан жазбаган

Канаты бар аккан суу...” [11. 4-5].

“Аккан суу” – Жеңижоктун аалам кубулушу, табият көрүнүшү менен жаратылыш сырлары жөнүндөгү философиясынын жогорку жеткен чеги.

Акын аалам жөнүндөгү терең философиясын айтуу менен табиятына түбүнөн мүнөздүү болгон санат-насыятын да кошо табыштайт. Аккан суу бир гана өсүмдүктөр менен жаныбар-макулуктарга өмүр берип чектелбейт, ал – адам өмүрүн гүлдөтө турган өзгөчө улуу керемет. Адам ага астейдил, таза мамиле жасаганы талап кылынат, аны сарамжал пайдалануу керек. Жеңижоктун философиясынын экинчи бир багыты ушунда.

“Адамзат пендеси
Аккан сууну булгаба!
Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор!”. [11. 9-10].

Суу жөнүндөгү бул көлөмдүү чыгармасында Жеңижок анын пайдалуу жагын гана айтып отуруп албайт. “Ирик менен чирикти, таза кылган аккан суунун” кыйраткыч зыяндарын да баяндап берет.

Бул Жеңижоктун окуяларга реалисттик көз караштагы мамиле жасаганын дагы бир жолу далилдейт. [9. 12].

Биз, макалада терең философиялык ойлорду камтыган дидактикалык чыгармалардагы бир эки гана мисалдын негизинде сөз козгодук. Билгичтик менен кынап, тажрыйбадан жаралган ушундай маанидеги таалим-тарбиялык, адеп-ахлактык терең философиялык чыгармалар дагы канча дейсиң?..

Демек, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы бул бүтүндөй бир чалкып жаткан океан, бүтүндөй бир философия. Биз аны жоготпой, мурас катары ыйык тутуп, ага аяр мамиле жасап, урпактарга тартуулоо – бардыгыбыздын ыйык парзыбыз.

Адабияттар:

1. Ү.Асаналиев. Чыгыш элдеринин макал-лакаптары. Ф:.1980.
2. Кыргыз макал-лакаптары. Түзгөн: Усупбеков Ш. Ф:. 1982.
3. С.Закиров. Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. Ф:. Мектеп, 1980.
4. Ф.Энгельс. Анти Дюринг. 1951. 134-б.
5. Кант И. Соч.6т. М:. 1966.
6. Т.Аскаров. Эстетикалык жаңы сапаттарга. Ф:. 1980.
7. Ж.Чыманов. Тил жана кеп жөнүндө сөз. Б:. 2005.
8. Дунканаев А.Т. Макал текстинин илимий мүнөзү. Б:. 2009. 200-бет.
9. Ж.Жаныбеков. “Даанышман ойчул”. Б. 1991-жыл.
10. Акындар сериясы. Залкар акын – Жеңижок. Бишкек, шам басмасы, 1999. 5-13-б.
11. Жеңижок. Ырлар. 1982, 4-5-б.

Жапаралиева Н. Ж.
М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин

УДК.410.+371.3

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА КЭЭ БИР ЫКМАЛАР

Бүгүнкү күндө мамлекеттик тил мыйзамын кабыл алганыбызга 24 жылдын жүзү болсо дагы көптөгөн маселелер көмүскөдө калып келет. Ошол маселелерди чечүү үчүн жазылган концепциянын бир топ ролу бар, бирок азыркы күндө канчалык деңгээлде ал концепциянын үстүндө иш жүрүп жатат белгисиз.

Тил - пикир алышуунун куралы катары адамзат коомуна гана мүнөздүү көп кырдуу кубулуш. Ошону менен бирге, тил түрдүү улуттардын өкүлдөрүн бири-бири менен байланыштырып, жакындаштырып, өз ара мамилелерин чыңдоочу жана рухий көпүрө болуучу эмоционалдык-психологиялык да каражат экендиги белгилүү. Бекеринен, "Жети элдин тилин бил, жети түрлүү билим ал", "Тил билсең, дил билесиң", "Канча тил билсең, ошончо дил билесиң" деген накыл кептер нечен кылымдарды карытып жашап келген турмуштук бай тажрыйбага эгедер акылман, нарктуу ата-бабаларыбыздан калбагандыр. Демек, тил коомду жана дүйнөнү таанып-билүүнүн бирден-бир каражаты катары, элдик руханий дөөлөттөрдүн казынасы, ошондой эле адамдын адеп-ахлактык күзгүсү, ыйман маданиятынын бир белгиси, акылман, ойчул акын Ж.Баласагын жазгандай "Тил - илим-билимдин көпүрөсү".[1]

Республикабыздагы түрдүү улуттардын өкүлдөрү кылымдар бою жанаша жашап, эриш-аркак мамиледе келатышат. Дал ушул шартта кыргыз тилин үйрөтүү зарылдыгы, айрыкча, мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынгандан кийин даана байкалды жана социалдык-маданий турмуш алакабыз ал тилди талаптагыдай окуп-үйрөнүү сыяктуу келечектүү маселени чечүүнүн зарылдыгын ырастап отурат. Ал үчүн аталган тилди жаш муундарга бала бакчадан баштап, мектеп партасынан тартып атайын окуу предмети катары үйрөтүү, ал аркылуу бир тууган улуттардын өкүлдөрүн мындан ары да жакындашуусунун, байланышынын, биргелешип билим алышынын, түпкү элдин тарыхын, маданиятын, улуттук дөөлөттөрүн үйрөнүүнүн каражатына айландырууну бүгүнкү күндө тил үйрөтүү ишиндеги бирден-бир приоритеттүү маселелер катары кароо кажет. Ошондо гана биздин Мамлектеттик тил мыйзамына функционалдык мамиле жасагандыгыбыздын далили болмокчу, тактап айтканда, мыйзамдын талаптарынын аткарылышына туура шарт түзүлмөкчү. Тил үйрөнүү табигый шартта канчалык интенсивдүү болсо да, мектепте окуу шартында жазууга, окууга үйрөтүү ошончолук маанилүү, анткени, ал сабаттуулуктун деңгээлинде ишке ашары белгилүү.

2010-жылы эле иш кагаздарынын баары мамлекеттик тилде жаркырап чыга келет дегенибиз кышында бакта гүлдөр ачылып, булбул сайрайт дегенге окшош сандырактык да. Балтика бою менен Украинаны айтып күйүнбөйлү, жаныбыздагы өзбек, тажик, казак туугандарыбыздын мекенинде мамлекеттик тилдин мыйзамдары кыска убакыттын ичинде толук ишке ашып олтурат. Ал эми биздин өлкөдө өз улутунун тилине, маданиятына, тарыхына кош көңүл караган оёндор мамлекеттик бийликтин тээ жогорку тепкичтеринен баштап, аягы карапайым адамдардын катмарына чейин каймагы бузулбай, ал тургай сары чырмооктой оожалып өсүп, улуттук рухубузду муунтуп бараткандыгын кимден жашырабыз. Сырттан, чет өлкөдөн келген башка улуттун өкүлдөрү кыргыз тилин бат эле үйрөнүп, кыргызча түш жоруп жатышпайбы.

[1] . Ж.Баласагын Кутадгу билиг.- 1995. Бишкек.

Тил-адамдардын ортосундагы, коомдун мүчөлөрүнүн арасындагы пикир алышуучу, байланыш-катыш муктаждыгын канааттандыруучу зарылдык. Анын зарылдыгына коомдун бардык мүчөлөрү ар дайым муктаж болгондо гана тил өзүнүн чыныгы кадыр-баркына ээ боло алат. Совет мезгилинде Республикабыздын көпчүлүк тармактарында, көпчүлүк жерлерде ошол зарылдыкты орус тили аткарып, кыргыз тили ала шалбырттагы ак кардай улам тоолорду карай сүрүлүп калбады беле. Биз жогорку окуу жайынын кыргыз филологиясы бөлүмүндө окусак да, биз үчүн орус тилин үйрөнүү турмуштук зарылдык болгон: көпчүлүк сабактар орусча өтүлгөн, кыргызча окуу китептери, кошумча адабияттар табылган эмес. Кайсы тейлөөчү мекемеге барсак да, орус тилине муктаж болгонбуз. Зарылдыгына жараша үйрөндүк. Башка жакка көчүп кетип калабыз дебей, эч кимге нааразы болуп догубузду артпай, алдыбызга сөздүктөрдү коюп алып, орусча тексттерди окуп, алынча болсо да үйрөнгөнбүз. Бирок, эркин өлкөбүздүн Мамлекеттик тили тууралуу мыйзам кабыл алууда да, аны ишке ашырууда да жетимиш жыл бою көнүп бүтүп, канга сиңип кеткен байкуштук, жер карама адатыбыздан арыла албай, кимдир бирөөлөрдү таарынтып алабызбы деп, чечкиндүү кадамдарга бара албай жатабыз. Эне тилибизди эгемендүү өлкөбүздө жашаган ар бир адам зарылдыгына муктаж боло турган деңгээлге көтөрө албай жатабыз. 2004-жылдын 2-апрелинде кайра кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тил тууралуу” Мыйзамдын 5-беренесинде: “Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана башка уюм, мекемелерге мамлекеттик, же расмий тилде кайрылышат” деп белгиленет. Турмушта “же” деген байламта байламта эмей эле буйрук этишке айланып, өзүнөн мурунку турган “мамлекеттик” деген сөздү жеп коюп жатпайбы. XIX кылымдын 50-жылдарында биринчи эле жолуккан манасчыга жакасын кармап, Ч.Валиханов: ”феномен” (укмуш) десе, В.В.Радлов кыргыздардын жөн эле сүйлөгөн сөздөрү да, ырга окшоп ыргакка түшүп турганына там берет.

Акыркы жылдарда жаштар гана эмес, улгайгандары да колуна китеп кармабай калды. Кыргызстаныбыздын эгемендүүлүгүн айыл калкы китептерге болгон ачкачылык менен тосуп алып, ошол ачкарын бойдон кала берди. Ошондуктан тай мингенден тартып, таяк таянганына чейин акыйып тиктегени эле - сыналгы. Эгер кыргыз теле берүүсү калктын рухий талаптарын толук канааттандырып, жан дүйнөнү байытып, билимин арттыра турган программаларды даярдап, улуттук тилибиздин өнүгүшүнө өбөлгө түзсө кана! Андай болсо, кыргыз тили мамлекеттик деңгээлде өз ордун таап, расмий иш кагаздарынын баары ушул тилде жазылмак. Мамлекеттик бардык мекемелерде иш кыргыз тилинде жүргүзүлмөк, мекемелер арасындагы маалымат алмашуу кыргызча жүрмөк. Кыргызстандын мамлекет жана өкмөт башчылары менен ар кандай расмий делегациялардын ортосунда жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдө тилибиз эки расмий тилдин бири болмок. Мамлекеттин президентинин алдында, кыргыз өкмөтүндө, жогорку кеңеште, мамлекеттик ар кандай мекемелерде өткөрүлүүчү иш чаралар, чогулуштар, жыйындар, жыйналыштар нукура кыргыз тилинде өткөрүлмөк. Балдар бакчасында, башталгыч, орто жана жогорку мектепте окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлмөк. Окуу жана усулдук китептер, окуучулар жана мугалимдер үчүн ар кандай колдонмолор, кошумча окуу үчүн адабияттар, ар кандай курактагы (эмгектеген баладан эңкейген карыга чейинки) окурмандар үчүн адабияттар жетиштүү санда, сапаттуу кагазга, кооздолуп, түркүн түс берилип, басылып чыкмак. Кыргыз тилинде терминдерди түзүү, калыптандыруу жана ырааттуу байытып туруу иши дайыма көңүлдүн чордонунда болмок. Кыргызча көрнөктөрдү (вывеска) туура жазып илүүгө, жарнама (реклама) ишин туура жүргүзүүгө мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулмак. Улуттук телерадиодо, башка телеканалдарда кыргыз тилинин туура, так жана

мазмундуу сүйлөнүшү, алып баруучулардын сөз байлыгынын деңгээли дайыма көңүлдүн борборунда болмок.

Кыргыз тили жана адабияты боюнча адистерди, анын ичинде мугалимдерди, даярдоо иши көңүлдүн чордонунда турмак. Кылымдарды карыткан, мамлекет куруп жашап келе жатканына бир нече миң жыл болгон байыркы кыргыз элинин тили дүйнөдөгү бай тилдердин бири экендиги талашсыз. Демек, кыргыз тили азыркыдай 5 миллиончо адамдын үйүндө өз ара пикир алмашуунун гана тили болбостон, илгери көөнө кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгына кызмат кылып келген, эл аралык деңгээлдеги тил болгондугуна ой чабыты кеңири ар бир адам түшүнөт. Андан сырткары расмий жазылыштар жана айтылыштар - албетте биринчи кезекте мектеп, ата-эне дагы, - адамдын кеп маданиятын калыптандырат, анын сөз корун түзүп берет. Мына, көчөлөрдүн аты жазылган көрнөктөрдү алалычы. Акчаны үнөмдөшкөнү го, бир эле тактага орусчасын дагы, кыргызчасын дагы жазышат. Жөн жазбай, бири-бирине улап, учкаштырып жазышат. Мисалы, «Улица Лермонтова көчөсү», «Улица Баха көчөсү», «улица Московская көчөсү». Ушундан улам азыркы кыргыздар «Лермонтова көчөсү», «Баха көчөсү», «Московская көчөсү» деп тантырап калды. Лермонтов көчөсү, Москва көчөсү же Бах көчөсү деп туура сүйлөгөн бир да кыргызды жолуктура элекмин. Азыр абал жарнама маселесинде мурдагыдан болор-болбос оңолгонсуп калды. Ошентсе да, кемчиликтер дагы эле толтура. Бир кичинекей мисал. Азыр сыналгыдагы жарнамалардан «саркеч» деген терминдин туура эмес колдонулушун жолуктуруп жүрөбүз. Муну Токтогулдун «Алымкан» деген ырынан алышкан окшойт. Ырда «Саркечтеп сайган жоолугуң,…Көккечтеп сайган жоолугуң» деген саптар бар. Бул терминди чечмелеп көрөлү. Жоолукту кештелеп саймалайт.. Сайманын сары кеште, көк кеште ж.б. деген түрлөрү бар. Демек так айтсак: «Сары кештелеп сайган жоолугуң» - болот. Бирок, бул сап ырдалганда жогоркудай кыскартылып калат. Сөздүн маанисин унутпайлы жана туура колдонолу.[1]

Жер-суу аталыштарынын бурмаланышы тууралуу да эки ооз кеп айта кетели. Биринчиден, бизде жер-суунун атын орусчалап коюп алуу көрүнүшү орун алган. Биз бул жерде Лебединовка, Гавриловка, Покровка, Теплоключенко сыяктуу орустар курган орус кыштактарынын аталышын азыр эле өзгөртүү керек деп жаткан жокпуз. Ал өзүнчө маселе. Эгемендик алгандан кийин эле Тёплые Ключи деп өзгөрүп калган Ала-Арча капчыгайындагы Жылуу-Булакты айтып жатабыз. Экинчи бир орун алган көрүнүш: жер-суу аттарын бурмалап туура эмес колдонуу. Мисалы, Боом капчыгайынан бери чыга бериштеги кыштактын туура аты Жел-Арык эмес, Жел-Аргы. Себеби, бул кыштактын жанындагы чоң колоттун аты Жел-Аргы. Колоттон дайыма шамал согуп, б.а. жел аргып турат. Эл кыштагына Жел-Аргы деп ошол жердин атын коюп алган. Мындай көрүнүштөр биздин маңкурт болуп калганыбыздын дагы бир далили. Айтсаң – айыптуу күн, айтпасаң – кокуй күн. Жогоруда көйгөйлүү маселелерди айта берсек түгөнбөчүдөй, чакан баяндамабызда окутуунун кээ бир ыкмаларын сунуштайбыз.

Жогорку окуу жайларга ар түрдүү улуттун өкүлдөрү: орус, өзбек, тажик, түрк, корей, уйгур, дуңган, немец ж.б. студенттер окушат. Аларда байланыш-катыштын күндөлүк тили болуу деңгээлинен жогору көтөрүлүп, бара-бара студенттер маданий-социалдык өз ара алака-мамиленин жана билим алуунун тили катары кыргыз тилин үйрөнүүгө багыт алышы, албетте, келечектин иши. Ошондуктан, бүгүндөн баштап, курстан-курска көчүрүү жана бүтүрүү экзамендерин талаптын деңгээлинде өткөрүү, сабактагы окуу-баарлашуу мүнөзүндөгү сүйлөшүүлөрдү турмуштук түрдүү

[1] Бакытбек Токубек уулу “Кыргыз тилин үйрөнүңүз – Эл жана маданият менен байланышта болуңуз”. Бишкек.: 2011.

кырдаалдарда баарлашууга үйрөтүү талаптары менен айкалыштыра уюштуруу, монологдук багытта гана окутуу эмес, сабакта интерактивдүү аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү, т.а. окутуунун практикалык методдорун үзүрлүү пайдалануу зарыл. Ошондуктан, окутуучуларга окутуунун бир нече багыттарын сунуштоону туура таптык.

1. Окутуучулар же мугалимдер төмөндөгү жалпы методикалык багыттарды эске алуулары керек. Мисалы:

- методикалык принциптерди, тактап айтканда, сүйлөшүүгө багыт берүү, студенттин эне тилинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу, түрдүү тематикада кырдаал түзүп окутуу, концентрдик айырмачылыктарды көңүлгө алуу, ж.б.

- төмөндөгү методдорду колдонуу: тилди түздөн-түз үйрөтүү, салыштырып үйрөтүү, тездетип үйрөтүү, коммуникативдик жана интерактивдик багытта сабакты уюштуруу, ж.б.

- "кайсы тилди үйрөтсөң, сабакты ошол тилде уюштур" ыкмасын колдонуу;

Мында төмөндөгүлөр эске алынат:

- сабакты уюштуруунун тили катары бир гана кыргыз тили болот;

- сабактагы окуучу менен мугалимдин же студент менен окутуучунун жекече байланышы бүтүндөй кыргыз тилинде жүргүзүлөт;

- окуу материалы кыргыз тилинде гана берилет.

2.Учурдагы окуу жылында да мурдагы окуу жылында колдонулган окуу-нормативдик материалдар пайдаланылат.

Кыргыз тили азыр мурда болуп көрбөгөндөй коргоого муктаж. Батыш серепчилери болжолдогондой, жер бетинен жок болуп кеткибиз келбесе ар кимибиз өз деңгээлибизде козголушубуз зарыл. Момун, мокок кыргыз эли бар, чакан болсо да өз алдынча территориясы, мамлекеттик символдору бар. Ошол эле учурда, кыргыз тилине камкордук көрүү, аны бардык тараптан өз алына ылайык коргоо - ар бир кыргыздын ыйык милдети. Орус мамлекети 130 миллиондой адамдын эне тили болгон орус тилин коргоо маселесин колго алып олтурат, Франция парламенти француз тилин коргоо маселесин көтөрүп жатканын билебиз. А биздин башчыларыбыздын, депутаттарыбыздын кыргыз тилинин абалына баш оорутушканын эч кимибиз көрө элекпиз. Мамлекеттик тил тууралуу кабыл алынган шалтурук мыйзамды бул жерде оозго алуунун деле кажаты жок.. Ошондуктан, ар бир «мен кыргызмын» деген адамды өз тилинде таза, так жана мазмундуу сүйлөй билүүгө жана бул ишти өзүнөн жана өз үй-бүлөсүнөн баштоого чакырар элек.

Адабияттар:

1. Ж.Баласагын “Кутадгу билиг”. Бишкек.: 1995.

2. Бакытбек Токубек уулу “Кыргыз тилин үйрөнүңүз – Эл жана маданият менен байланышта болуңуз”. Бишкек.: 2011.

3. К. Бообекова “Тил элдин байлыгы жана баалуулугу “ Бишкек.: 2010. КТМУ.

Жапаралиева Н. Ж.
Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети

УДК.894.341.+371.3

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫ
(Т.Сыдыкбековдун чыгармаларынын мисалында)

Мезгилдин талабына ылайык мектептерде болобу жогорку окуу жайларда болобу инновациялык технологиянын жолдору түптөнүп, тамыр жайып калды. Антсе да, мектеп окуучуларына чыгарманын негизинде жаңычыл көз караш менен талдоо жүргүзүү аксап келет. Андыктан кыргыз адабиятында салмактуу орду бар, кара сөздүн залкары Т.Сыдыкбековдун "Көк серек" чыгармасынын негизинде инновациялык жолдор аркылуу талдоонун бир нече үлгүлөрүн сунуштайбыз.

Т.Сыдыкбековдун "Көк серек" деген чыгармасын мектепте талдоого алуунун алдында мугалим киришүү сабагында төмөндөгү учурду өзгөчө эске алат:

Адабиятта карышкырлар темасы кандай каралып келген?

"Көк серекке" чейин эле карышкырлар жөнүндө кыргыз адабиятында толгон-токой чыгармалар жазылып, элдик жомоктордон тартып дээрлик бул жаныбар адамдын душманы, кесепеттердин символу, жамандыктардын алып жүрүүчүсү, зулумдуктун, канкорлуктун, ачкөздүктүн, наадандыктын аллегорияланышы катары көрүнүп келген. Айрым чыгармаларда ал адамдын өмүрүн кыйган, трагедиянын эң ооруна алып барган, кишиге баш ийбес мөрөө күч болсо (К.Баялинов "Ажар"), айрым учурларда бүт айыл-апа менен адамдар түп көтөрө алардын үйүрүн кууп, карышкырлардын артынан түңгүп, коомдук мал үчүн бул жаныбарларды кырып-жоюп, аны өлтүргөндөр оң каармандар катары көрсөтүлөт (К.Жантөшев "Беш бөлтүрүк") ж.б., ал эми Т.Сыдыкбеков бул аңгемесинде ал ушул жаныбарга башкача көз менен караган, кыргыз адабиятынын традициясындагы калыпка түшкөн, көндүм каармандын трафаретин бузуп чыгып, дүйнөлүк классикадагы (Дж.Лондон, М.Ауэзов ж.б.) бөрүлөр жөнүндөгү чыгармаларды өздөштүрүп, анан карышкырларды табияттын бир макулугу экендигин, алардын да тиричилиги, кайгы-азабы, дос-душманы жашаарын көрсөтөт. Ал бул жаныбарларды үстүртөн, сырттан байкап карабайт, алардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирет, окурмандарды бөрүлөр тиричилигине баштап барат, мына ушул турмуштук материалды бөрүдө шарттуулук ыкмасынан (карышкырлардын ой жүгүртүүсү, кыялы, эстөөсү, элестөөсү, түш көрүүсү, ички монологдору, автордук речте психологиясын берүү ж.б.) кеңири пайдаланылат, бул болсо жазуучунун сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн алда канча тереңдетет жана кеңейтет", - деп жазат А.Муратов[1].

Демек, киришүү сабагы карышкырлар жана алардын адабиятта чагылдырылышы тууралуу болот да, мына ошол темага жаңыча үңүлүүнүн тажрыйбасын Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгы аркылуу кандайча ишке ашкандыгы көрсөтүлөт.

Текст окуу китебинде өтө кыска берилгендиктен аны оригиналынан окуп үйрөнүү да оң натыйжа берет. Ал үчүн "Кайнар булак" жыйнагын табуу зарыл.

Аңгеме мындай сүйлөмдөр менен башталат: "Ау-у, атаңар Көк серек барында, тетигил Ак-Чокунун туурасындагы Көк-Жондо аябай баш тоголотчубуз... Эми минтип баш тоголотуу азайып баратыр, балдарым..."-деп Көк канчык кыңылдап, чекир сымак кызгылт көздөрү канталап, өзү абдан эле аянычтуу кейипте жонун үрпөйтүп, куйругун чатына кыпчып алды"[2].

Мына ушундан суроолор чыгат:

1. А.Муратов. Жазуучулук мээнеттин акыбети. //Эл агартуу. - 1987. - №6. - 23-6.

Суроо: Азыр Көк серек кайда?

1-окуучу: Азыр ал өлгөн болуу керек.

Суроо: Мындай дешиңе эмне себеп болду?

1-окуучу: "атаңар Көк серек барында..." деп айтылып атпайбы, а мындай айтуу көзү өткөндөргө гана айтылат?

2-окуучу: Мен буга кошулбаймын. Себеби чыгарманын аты "Көк серек", демек ал алдыда катышат болуш керек.

3-окуучу: Көк серек адамдарга колго түшкөн болуп жүрбөсүн?

4-окуучу: Жо-ок, Көк серек азык издеп алыс жакта жүрсө керек. Мына ушундай талаштардан кийин мугалим ушул талаштардын аягына чыгуу үчүн текст менен андан ары таанышабыз дейт да, текстти талдоого киришет.

"Алар алтоо эне бөрү - Көк канчык, бөлтүрүктөрү - Балпагай, Мантагай, Мулугуй, Сербегей, Кынжыгый. Булардын алдында бир гана көйгөйү бар - эптеп жан багыш, кара курсактын камын кылыш, бул түйшүктө душманы кишиден сак болуш, мына ошол жалгыз көйгөйү үчүн куулукту, зулумдукту үйрөнөн, табиятынан кекчил, аяр, кара күчтүн, өжөрлүктүн ээси катары калыптанган. Ошентип, топ бөрү - дөбөтү Көк сереги адам колдуу болуп өлүп, анын өтөлгө-вазийфасы өзүнө түшкөн эне бөрү жана али эт даамын татып, ууга каныга элек бөлтүрүктөр жолго чыгышты. Алардын бу сапары бирөөлөр үчүн кан сапар - өлүм болсо, өздөрү үчүн "бөрү азыгы - жолдон", демек, өмүр - жашоо. Контраст! Гармония! Алды туюк, алды табышмак, алды күрөш - өлүм менен өмүрдүн күрөшү, күн көрүш үчүн күрөш, улуу тиричиликтин, табияттын бүтпөс кармашы. Бирөө жеңип, бирөөнүн жеңилиши менен бүтүм чыгарылуучу, эч кимди эч ким аябоочу күрөш, акыр түбү бары үчүн өлүм менен жок болуучу улуу айкаш. Курч, коркпос, канталаган көздүү Көк канчыктын оюнда: "Мергенчинин огу тийбесе, капканы чаппаса, буларым көк жон бөрү болушат.

Ыгы келсе бир короо койду удургутуп тиш салып, жондуусун тамактап, куйругу менен камчылап жетелеп кеткидей этем. Ыгы келсе, тайлак басып жегидей тартынбас өстүрөм. Ал тургай кыржондон жалгыз-жарым киши жолукса, андан качпастан ошо кишиге тиш салгыдай болушса э, бу бөлтүрүктөрүм..." Бөлтүрүктөр мына ошондой табият мыйзамы менен, инстинктивдүү түрдө бөрүлүктүн заң-законун өздөрүнө сиңире берүүгө, үйрөнүүгө тийиш. Алардын бир гана корккону - киши, киши - акылдуу, киши - амалдуу, бирок карышкырдын да амалы көп, Көк канчык айткандай "амалга - амал!" Эки душман - карышкыр жана киши, бири-бирине душмандык кылып келет, бири-биринен коркот, бири экинчисине амал ойлойт, ошентип Кынжыгый кынжыйып, Балпагай мантаңдап, Мантагай борсолоңдоп, Сербегей сереңдеп, Мулугуй мулуңдап "күндө жортсо, күн тийбес - Көк серектин тукуму", "түндө жортсо, түн тынбас" - Көк канчыктын бөлтүрүктөрү бир Караганда каш-кабактын ортосунда келе калчу өмүр түгөнүш арапасында, бир Караганда кадыресе эле көнүмүш, демейки күндөрдү бөрүлүк тиричилигин улантып жатышат. Балпагайлардын - башкаларга Караганда тыңыраак бөлтүрүктүн кандайдыр бир уча албай калган "канаттууну тытмалап киргенин" көргөндө эне бөрү кадимкидей "кызыл тилин капкара ууртуна жалап, "Аззамат... Бу Балпагайым өзүнчө азык тапканга жарайын деп калган тура" деп корстон болсо, калган бөлтүрүктөр "Биз качан ушу эр жүрөк агабызча өз алдыбызча канаттуу басар экенбиз" деп суктанышат, ошентип алардын жырткычтык табияты башталат. Бул алардын сөзсүз жетүүчү жаратылыш берген закону (А.Муратов)[3].

Чыгармадагы башкы нерсе - карышкырлардын жандандырылышы. "Эгерде мурдагы бир топ аңгемелерде адам турмушун сүрөттөп, ошону толуктоо үчүн карышкырды кошумча нерсе катары киргизип, чыгармалардын идеялык-көркөмдүк системасында башкы планга адам чыкса, Т.Сыдыкбековдун ацгемесинде тескерисинче карышкырлардын жашоо-кечирмелери башкы планга чыгып, алардын тиричилиги

майда-баратына дейре терип-тепчилип, а адамдар болсо айрым бир деталдарда гана тигил негизги объектиге кошумча киргизүү үчүн, толуктоо максатында сырттан көз салынат.

Окуучулар менен иштөөдө эң, эле оор нерсе - карышкырларга адамдар дай "жан киргизүү", аларды адамдаштыруу.

Чыгарманын ичинен карышкырдын башка сезим-туйгуларын билдирген мисалдарды тексттен иргеп алып, таблица толтуруп, мындай ыкманын колдонулуш максатын түшүндүрүү керек.

Аңгемедеги өзөчө карала турган маселе - адам жана карышкыр мамилеси, өздөрү ушунча амалдуу, зулум болуп баратканын сезбестен, кишиң "Азуулуу жырткыч" деп бизди жектейт. Эмине? Бизге ал азууну жаратылыш өзү берди. Ошо азуусу менен жанын баксын, күнүн көрсүн деп берди.

Тигил киши аны билип туруп эле, бизди тукум курут жоюп салмак болду го. Башта атына минип кубалашса, эми тигил асманда учкан шаркырагына туңгуп алышып үстү жагыбыздан жерге жапшыра атышчу болду.

Уае-ий... оңбогон кишилер эч аяшпайт э. Аяшпайт", - деген сүйлөмдөр табият мамилесинин татаал айкашын алдыга алып чыгат. "Дал ушунун өзүнөн "Көк серектин" публицистикалык камертон - үнү келип чыгат: "Адамдар, карышкырларды түшүнгүлө!" "Жырткычтарды аягыла, кишилер!" деген аңгеменин пафос-чакырыгы угулат.

Аңгемеде билинип-билинбеген бир топ бөлүктөр бар, алардын ичинен эки чоң бөлүк тургандай: биринчиси - карышкырлардын жашоо-турмушун, жан багуу үчүн күрөшүн баяндаган бөлүк; экинчиси - күрөштүн экинчи этабы, карышкырлардын кылган кылмыштарынын кишилердин жанын ачытышы, "Ушундан кийин Көк канчыктын тукумун жоюш учун тыяк-быяктан мергенчилер жыйналышты. Эчен бир көзгө атарлар, уу уулап адис болгон мыкты капканчылар из кубалашты".

"Албетте, бул жолу адам айлакерлик кылды, Көк канчык оң колун капканга чаптыртты, бирок ал бөрүлүккө барды, кишиге оңой түшүп бербеди, "өз билегин өзү бат эле кемирип, өз сөөгүн өзү "карс-карс" эттире чайнап салып, билегин капкандан бошотуп алды да... Сөөгүнүн какшаганына чыдай албай мурдун жыйырды. Бир жолу "кың" этти. Билегинен төмөн балпайган таманы капканда калды. Анан ал чолок колун чолтоң эттире сыңар аяктап, өз тобун коркунучтуу жолдон аман алып кетти".

Мына ошентип сабакта талкуулануучу башка кырдаал, башка жагдай мугалим менен окуучунун биргелишкен ишмердүүлүгүнүн алдына туурасынан коюлат: "Жазуучу карышкырлардын турмушун сүрөттөөдө ар дайым майда нерсени көрө билип, деталь менен иштейт, айталык алардын жүргөн жерин, алар жойлогон мезгилди кара боёктор менен боёп, алдыңкы планга үрөй учурган коркунучтуулукту, коога кутулуучу жымжырттыкты, же табияттын даты бир башка каарын (бороон, тун, кар) алып чыгат, деги эле ошол жандыктардын тиричилигин ашыкпай сүрөттөөгө, көргөнүн жана укканын, билгенин колдонууга аракет кылат. Ошентип, сыңар аяктаган Көк канчык анык жырткыч карышкырлардын мыйзамына барат, Кынжыгыйды, өз жемин таап жей албаган, бир жолу чаарчыкты бөлтүрүктөр талап жатканда боору ачып, "тигилердин кичинекей эликтин баласын аяшпай тиштеп жаткан" кылыктарына ачынып, түпкүлүгү бөрүгө окшобогон мүнөз күткөн, сөздүн анык маанисиндеги карышкыр болбой калган Кынжыгыйды -жатынын жарып чыккан өз баласын эми аяп, жем таап жей албаганына, тигилерден чабал болуп калганына ичи чыкпай, аны талап жеп салууга ым берет. Кынжыгыйы мен карыган соң кор болбосун дейт. А тиги "чочоюп олтурган килең дөбөт бөрүлөр тигил кынжыйган алсыз тукумун талап киришти. Бир паста аны тытып жеп коюшту жаланышып".

Дал ушул жерде жатат жырткычтык, карышкырлык, адамга кескин карама-каршы келген жашоо маңызы. Аңгемедеги сюжеттик сызыктын бул бурулушу жалпы эле чыгармага өзгөрүш берет, канчык - эне балдарына насаат-керээзин айтат: "өз-өз күнүңөрдү көргүлө! Кеткиле, тарап. Азыркы кишилер бизди эч аябас ташбоор болушту. Сактангыла!" Тигилер багып өстүргөн энесин карап да койбой, иймийген бир тууганын жеп алып, туш келди тарап кетишти, Көк канчык калды, журтта калган иттей болуп алсыз бир нерселерди мүлжүп калды, анан өмүр күнүнүн күзү келип, эптеп өлөр күнүн самап соолур кезде кокусунан мергенчиге туш келди. Эки душман беттешти. Карышкырда баягыдай ал-күч жок, жөн гана мылтыктын "тарс" этишин күтүп атты. Мылтык атылмак да, Көк канчык жалп этип, "Көк серек" аңгемеси соңуна чыкмак... жок, биз күткөндөй финалга автор барбады, ал башкача чечимге келди: "Мылтык тарс эткен жок, Мергенчи мылтыгын кайра ээрдин кашына койду: - А-ай кургур... сыңар аяк болуп өзү да куруп зыянсыз болуптур. Күнүн көрө берсин, - деп атына камчы басты". Өмүр бою коркуп, душман болуп, улуу айкашта тирешип келген адам ушуга барды. Автордук позиция мурдатан бери жырткыч жаныбардын тиричилигин сүрөттөп келгенин абдан көрөсөндүк менен бекемдеди, "карышкырды адамдын колунан өлтүртпөдү, адамдын гумандуулугун алдыга сууруп чыкты, адам адамдык кылды, ошондон кийин гана "кишинин бул боорукердигине акылы жете бербей Көк канчык үлдүрөп, көздөрүн тунартып киши кеткен жакты тиктеп туруп... анан уктап бараткансып боорун жерге төшөп козголбой жатып калды..." Улуу кармаш аяктады: карышкыр уттурган тарапта калды, аны адамдын адамгерчилиги, боорукердиги утуп чыкты, а жазуучу табиятты кастарлоо, ага этияттык менен мамиле кылуу керектигин, экологиялык проблеманын көп кырдуулугун, анын көп жагын жетимиш ченеп, бир кесүү талап этилерин каңкуулайт. Албетте, бул теманын ачылып, идеянын берилишинде автор моралист эмес, кандайдыр летописец да эмес, өзүнүн эш кылган бекем позициясы бар, бул позициясы анын ийгилиги, жазуучулук мээнетинин акыбети, андан экологиялык проблеманын этикалык аспекттери келип чыгат"

Бул чыгарманы мектеп программасына киргизүүнүн да башкы максаты ошол экологиялык проблеманын этикалык аспектисин көрсөтүүдө турат. Эгерде ушул аңгеме окулуп үйрөнүлгөндөн кийин окуучулар андагы карышкырларга боор ачып, аларды табияттын бир макулугу экенин көрө албаса, анда сабак көздөгөн дидактикалык-өнүктүрүүчүлүк милдетин аткара алган жок деп эсептешке болот.

Тексттин эстетикалык кунарын тереңирээк түшүнүү үчүн чыгарманынын негизинде төмөнкүдөй жумуштарды аткарууга мүмкүн:

а) Тексттен мисалдарды табуу боюнча:

1. Тексттен ар бир бөлтүрүктүн өзгөчөлүгүн көрсөткөн сүйлөмдөрдү табуу.

2. Карышкырлардын душмандарынын айлакерлигин көрсөткөн учурларды белгилөө.

3. Карышкырлардын жем табуу үчүн колдонгон айла-амалдарын көрсөткөн эпизоддорду тексттен иргеп алуу.

4. Эне бөрүнүн бөлтүрүктөрүн тарбиялап көнүктүрүү учурларын тексттен өзүнчө бөлүп окуп берүү.

б) Аңгеменин негизинде ой жүгүртүү үчун суроолор:

1. Чыгармада элик, чаарчык, кой, төө, карышкырлардан запкы тартат, а эмне үчүн ошол башкаларга азап көрсөткөн жырткычты биз аяшыбыз керек?

2. Бөрүлөрдү эмне кылуу керек, кыруу зарылбы же аларды түшүнүп, көбөйтүү керекпи?

3. Бөрү баласы ит болбойт" деген макалдын маанисин кандайча түшүнөсүңөр?

4. Элдик этнограф Тайтөрү Батыркулов кыргыздар бөрүнү жаман көрбөгөндүгүн, "малын жедирип, жаны ачыган убакта гана "карышкыр" деп каргап

коёрун айтып келип, минтип жазат: "Кыргыздын уул-кыздарына бөрүнүн атын коюштун дагы бир себеби бар. Эгер балдары наристе маалында көп каза болсо ошондо кийинки баласы төрөлөр замат өлбөсүн деп ырымдап наристени бөрүнүн оозунан өткөрөт. Ошондой ырым иштер үчүн бөрүнүн оозу кун мурунтан даярдалат. Мисалы, өлтүрүлгөн бөрүнүн терисин сыйрыганда оозунун жээгин тегерете туюк кылып кесип алат да бир нерсе өткөрүп керип катырып коёт. Андай ооздон наристе бала эмес, беш-алты жашар баланы да өткөрүп журушөт"[4]. Силер мунун маанисин кандай түшүнөсүңөр?

5. Эмне үчүн кээ бир адамдарды карышкырга салыштырат?

6. Карышкырды да табият өзүнчө жараткан, ал эт таап жеши керек, а эт табуу үчүн жан-жаныбарларга кол салат, эмне ал этсиз өлүшү керек беле?

а) Чыгарманынын негизинде сөз өстүрүү жумуштарын жүргүзүү үчүн:

1. Көк канчыктын кебете-кешпирин сүрөттөп жазуу.
2. Тексттин негизинде бир нече диалогдорду жазып чыгуу.
3. Чакан пьесага ылыйыктап, текстти иштөө.
4. Бир нече темада эссе жазуу: "Карышкырлардын жашоосу", "Көк канчыктын балдарын үйрөткөнү", "Бөлтүрүктөр", "Адамдын адамгерчилиги" ж.б.

5.Төмөнкүдөй фразеологиялык айкаштардын маанисин чечмелөө жана кайсыл убакта колдонулганын табуу: "баш тоголотуу", "жойлоп чыгуу", "от көздөр", "жыт алуу", "азууларын арсайта кыжыңдоо", "шилиден тиштөө", "канына тоюу", "кардын жаруу", "көк жал", "чычкан басып жеш", "кор болуу" ж.б.

Жыйынтыгында, "Көк серекти" окутууда өзгөчө эске алына турган жагдайлар:

1. Чыгарманын темасынын өзгөчөлүгү - адамдарды эмес, алардын эзелтеден душманы болуп келген карышкырларды сүрөттөп көрсөткөндүгүндө.
2. Жаныбарлардын жашоо-тиричилигин терең ачып бергендигинде.
3. Карышкырлар менен адамдарды салыштыргандыгында.
4. Чыгарманын экологиялык табиятында.
5. Жазуучунун тил байлыгынын өзгөчө молдугунда.
6. Сүрөткердин табиятты - эстетикалык табитти тарбиялоонун бир каражаты катары көргөндүгүндө. Демек, сабакта ушул өзгөчөлүктөр ачылып берилүүгө тийиш.

Кийинки учурларда европалык ыкмага көбүрөөк көңүл бурулуп келе жатат. Азыр мектеп тепкичинде "Веннодиаграмма", "Кластер", "Диаграмма" сыяктуу ыкмалар колдонулуп келе жатат. Бирок, "Синквейн", "Даймонд", "Ротация" ыкмалары боюнча маалыматтары жокко эсе. Андыктан алар жөнүндө бирин-экин сөз кылсак. "Синквейн" ыкмасы бул француз тилинен алынган, "Беш саптан турган ыр түрмөктөрү" дегенди түшүндүрөт. Анын атайын кабыл алынган формасы бар. Үлгүсү төмөндөгүдөй:

1. Тема	1. Карышкыр
2. Эки сын атооч	2. Каардуу, сүрдүү
3. Үч этиш	3. Чуркайт, алат, улуйт
4. Төрт сөздөн турган сүйлөм	4. Карышкыр каардуулук менен кол салат.
5. Синоним (темага карата)	5. Жырткыч

Эми ушул кабыл алынган форманы чыгарманын негизинде жогорудагыдай мисал менен тастыктаса болот. Ушул сыяктуу мисалдарды иштөөдө адабият менен тил абдан тыгыз байланышта болот. Демек, окуучу адабият сабагын кыргыз тили сабагынан улантып, бышыктай алат.

Ал эми "Ротация" ыкмасы бул "Орун алмаштыруу" ыкмасы болуп саналат. Буга бир аз кененирээк токтолсок, орусча "Вызов-осмысление содержания-размышление" ВОСР "Чакыруу-мазмунун түшүнүү-ой жүгүртүү"деген модель аркылуу стратегиялык ыкма "Обзор мнений методом ротаций", кыргызча айтканда "Ротация ыкмасы аркылуу маалыматтык ой жүгүртүү" же кыскача "Ротация" ыкмасы десек болот. Эң оболу

мурунтан мугалим аркылуу "Таш кумбөздөр" чыгармасынан үзүндү даярдалат. Топ 3 же 4 топко бөлүнүп алып, иш жүргүзүшөт. Тексттин мазмунуна жараша 3 топ болсо 3 суроо, 4 топ болсо 4 суроо берилип, үч же төрт ватманда иштешет. Ар бир топ ар түрдүү сыя менен жазышат. Ал суроолор текстин мазмунун бүт бойдон чагылдырышы керек. Ошол суроолордун үстүндө ар бир топ иштей баштайт. Ага беш мүнөт убакыт берилсе жетиштүү. Белгиленген убакыт өткөндөн кийин топтор суроолору менен алмашат. Алмашкандан кийин алган топ мурунку топтун жоопторуна толуктоолорду киргизишет. Ар бир топ өздөрүнүн суроолорун алганча орун алмашуу ыкмасы жүргүзүлөт.

Кийинки кадамда тема боюнча чыгарма жөнүндө окутуучу айтып берип, мурдатан даярдалган текст таратылат. Окуучулар колуна тийген текст менен таанышышып, жооптору менен салыштырып жыйынтык чыгарууга кам көрүшөт.

Бардык этаптар белгиленген убакыттан ашпоо керек. Убакыт буткөн соң ар бир топ суроолор боюнча коргоо иштерин жүргүзүшөт. Демек, бир эле теманын үстүндө төрт тепкичтен өтүшөт.

Суроого жооп беришет.

Алмашуу процесси жүрөт.

Толуктоо иштери жүргүзүлөт.

Жакташат. Жогорудагы ыкма окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүү, маалыматтар менен бөлүшө билүү, суйлөө речин жана туура жазууга, аны жактай билүүгө үйрөнүү аспектисин өнүктүрүүдө оң таасирин тийгизээри шексиз.

Адабияттар:

1. А.Муратов. Жазуучулук мээнеттин акыбети. //Эл агартуу. - 1987. - №6. - 23-6.
2. Т.Сыдыкбеков. Кайнар булак. - Ф.: Мектеп, 1980. - 56-61-6.
3. Т.Батыркулов. Кары беру кантип жансактады?//Кутбилим. - 1999. 24-апр.
4. Д. Клустер Что такое критическое мышление?// Перемена, 2001, №4.-с 36-40
5. Д.Халперн Психология критического мышления.- СПб, 2000. -с.-211-263.

Иманалиева Т. И.
Кыргызский Национальный университет имени Ж. Баласагына

УДК 41:415

О СТАТУСЕ СПП И СИСТЕМЕ ГРАММАТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ СВЯЗИ МЕЖДУ ПРЕДИКАТИВНЫМИ ЧАСТЯМИ ЭТИХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В РУССКОМ И КИРГИЗСКОМ ЯЗЫКАХ

Национально - языковая политика, утверждение русского языка как официального обеспечивают правовые гарантии свободного функционирования и изучения русского языка по всей территории Кыргызстана, развитие и формирование у студентов и школьников фундаментальных основ русско-киргизского и киргизско-русского двуязычия. В решении этих задач немаловажная роль принадлежит сопоставительному исследованию лингвистических основ и изучение русского языка в национальной школе. Крупнейшие синтаксисты, такие как А.А.Шахматов, В.А.Богородицский, В.В.Виноградов, Н.С.Поспелов, В.А.Белошапкова, Н.К.Дмитриев, А.Н.Кононов, Н.АБаскаков, М.З.Закиев, М.И.Черемисина и другие определяют сложные предложения как коммуникативную, полипредикативную, синтаксическую единицу высшего порядка. Компоненты сложного предложения построены из простых предложений и обладают основным признаком- предикативностью.

Как и простое предложение, сложное характеризуется интонационно-смысловой законченностью, имеет более сложное содержание и сложное строение. Смысловое единство частей сложного предложения в русских и тюркских языках состоит в том, что эти отдельные части не имеют законченного смысла отдельного высказывания, ибо только все сложное предложение в целом как единица общения может выражать законченную мысль.

По своему содержанию и строению сложное предложение является единицей полипредикативной, так как оно состоит из двух или нескольких предикативных частей, каждая из которых сама по себе теряет такие признаки предложения, как смысловая, структурная и интонационная завершенность, а также перестает быть самостоятельной.

В.А.Богородицкий (известный русист и тюрколог) писал: «Во всяком сложном предложении его части составляют одно связное целое. Так что, будучи взяты отдельно, они не могут иметь прежнего смысла или совсем невозможны. Например, морфемы (корень, суффикс, префикс) существуют только в самом слове, но не отдельно от него, так и части сложного предложения (главная часть и придаточные части) не являются самостоятельными, они совместно образуют одно целое»[1].

Проанализировав синтаксические труды ранее указанных ученых-русистов А.А.Шахматова, В.В.Виноградова, Н.С.Поспелова, В.А.Белошапковой, Н.Ю.Шведовой, тюркологов Н.А.Дмитриева, А.Н. Кононова, Н.А. Баскакова, Н.Т.Сауранбаева, М.З. Закиева и других, можно сделать вывод, что сложное предложение- это целостная синтаксическая структура. Она выступает в качестве одной коммуникативной единицы, поэтому, рассматривая его, мы не можем обращаться к простым предложениям. Каждая из частей сложного предложения строится по модели простого предложения, и в совокупности образуют разновидности сложных предложений (сложносочиненное, сложноподчиненное или бессоюзное предложения).

Важнейшее значение при построении сложного предложения в исследуемых языках придается установлению связи и способов выражения синтаксических отношений между предикативными частями, поскольку такое объединение частей сложного предложения в единое смысловое и структурное целое и установление разных связей и отношений между этими частями осуществляется при помощи разных грамматических средств, разных способов соединения.

Синтаксический анализ показывает, что сложные предложения русского и киргизского языков по способам соединения компонентов и по семантико-структурным типам имеют много общего, но, тем не менее, в средствах связи предикативных частей, в их структуре имеют место весьма существенные различия, обусловленные принадлежностью сопоставляемых языков к разным морфологическим типам.

Как известно, в современном русском языке для соединения предикативных частей сложного предложения могут использоваться следующие грамматические средства:

Сочинительные союзы (в зависимости от выражаемых в сложном предложении синтаксических отношений) делятся:

А) Соединительные – *и, да, ни-ни, тоже, также;*

Б) Противительные – *а, но, да, однако, зато, но зато, же;*

В) Разделительные – *или, либо, или-или, либо-либо, то-то, не то - не то;*

Г) Пояснительные союзы – *то есть, а именно;*

Д) Присоединительные союзы –*да и, и это;*

[1] Богородицкий В.А. Общий курс русской грамматики. – М. – Л., 1935. – С. 229.

Н:*Акбара была еще жива, а рядом с ней лежал бездыханный, с простреленной грудью малыш.Зато в том разговоре с Утюгом я узнал, чтоотъезд наш в «халхин - гол» может состояться не раньше, чем на другой день*.

Подчинительные союзы, которые находятся в составе придаточных частей, не являются членами предложения, а служат только для связи придаточных частей с главной частью. В зависимости от выражаемых синтаксических отношений подчинительные союзы русского языка делятся на: а) Изъяснительные – *что, чтобы, как*.Н: *И в то же время он не хотел, чтобы тот отрекся от себя и стал бы искать спасения, просить пощады*.

б) Временные союзы – *когда, в то время когда, в то время как, после того как, с тех пор как, прежде чем пока, с тех пор пока не, как только, едва только, лишь только, перед тем, как* и др.*Когда же он представлял себе,что скажет семье Эрназара, ему становилось невыносимо…*

в) Причинные союзы - *потому что, так как, ибо, из-за того что, от того что, поскольку, в связи с тем что, в силу того что, вследствие того что, благодаря тому что*.Н:*Пока же ничто не мешало им безраздельно править в Моюнкумских степях, поскольку вторжение человека в эти пределы носило еще характер случайный, и они еще ни разу не сталкивались с человеком лицом к лицу*.

г) Целевые союзы - *чтобы, для того чтобы, затем чтобы*.Н: *Боже, зачем же ты взвалил на себя такое бремя, чтобыисправить неисправимый мир?*

д) Сравнительные союзы - *как, словно, точно, как будто, будто, подобно тому как*. Н: *А вы хотите, чтобы чабан, словно хозяин, решал с кем ему работать, с кем нет и кому сколько платить.*

е) Условные союзы - *если, ежели, раз.* Н: *И если хочешь, я тебе такое устрою, что позабудешь, откуда солнце всходит и куда заходит.*

ж) Уступительные союзы - *хотя, несмотря на то что, пусть, пускай, даром что.* Н: *Держались мурманчане поначалу сдержанно, хотя и знали, что Авдий начинает в гонцах по рекомендации надежных людей.*

з) Союзы следствия - *так что, в результате чего;*Н:*Это произошлотак быстро, что все, включая и Гришана, на некоторое время онемели от неожиданности.*

к) Сопоставительные союзы – *чем - тем, по мере того как, между тем.*

Н: *Чем скорее догорал огонь, темвиднее становилась лунная ночь.*

л) Союзные (или относительные) слова.

Союзные слова – это относительные местоимения и местоименные наречия, они не только связывают придаточные части с главным, но и в отличие от союзов, являются членами предложения. Как и любой другой член предложения, союзные слова произносятся с ударением, чтобы их не смешивали с похожими на них подчинительными союзами. Союзные слова в современном русском языке делятся на следующие лексико-морфологические разряды:

1. Местоимения – существительные – *кто, что*.Н: *Авдию почудилось, что бутылка кислого овечьего молока и лепешка, испечённая на очаге, запах свежего хлеба, пахучего и белого, посланы ему свыше за муки той ночи.*

2. Местоимения – прилагательные – *который, какой, чей;* Н: *Вот если бы действительно она явилась сейчас, та, которую я готов полюбить, то я первым делом сказал бы ей: пойдём, послушаем храмовое песнопение и в том обретём себя. Наутро предстояло найти оставшихся, побросать их за борт для отправки и перегрузки на прицепной транспорт, который увозил добычу из зоны Моюнкумов.*

3. Местоимения – наречия –*где, куда, откуда, когда, как зачем, почему, отчего*.

Н: *Как – то осенью приехал он к Бостону в Бешкунгей, где стояло тогда отара перед зимой. И почему с тех пор, как он взошел на крест, так долго не успокоятся умы?*

4. Местоимения - числительные - сколько, насколько. Н: *И всякое поколение – а, сколько их с тех пор народилось, и не счесть – заново спохватывается и заявляет, что, будь они в тот день, в тот час на Лысой горе, они ни в коем случае не допустили бы расправы над тем галилеянином.*

Следует помнить, что сами по себе союзные слова ещё не определяют характер отношений, выраженных в сложноподчиненных конструкциях.

Эти отношения зачастую определяются целым рядом элементов структуры сложноподчинённого предложения, прежде всего в его главной части.

Одним из таких важнейших элементов являются указательные слова, представляющие собой указательные местоимения и наречия – *тот, такой, там, туда, откуда, тогда, потому, оттого, столько* и др.

Как отмечает С.Е.Крючков и Л. Ю. Максимов, данные указательные местоимения и наречия, находясь в главном предложении, формально завершают главную часть, занимают необходимое место, но, не являясь полнознаменательными словами, не выражают самого смысла, а лишь сигнализируют о том, что этот смысл будет выражен в идущем далее придаточном предложении.

Таким образом, указательные слова – это как бы предвестники и посредники придаточного предложения в главном предложении. Перечисленные указательные местоимения и наречия в составе СПП специализируются в роли соотносительных слов, т.е. как особое средство связи главного предложения с придаточным.

Известно, что специфической особенностью киргизского языка, как и других тюркских языков, является то, что для связи частей сложноподчинённых предложений здесь широко используются неличные формы падежей, аффиксы, послелоги, служебные слова и другие грамматические средства, сходные по функциям с подчинительными союзами. При этом функциональная значимость подчинённого предложения от главного выражается при помощи форм сказуемого придаточных предложений. Так, если в предикативной форме, то связь придаточной части с главной осуществляется посредством подчинительных союзов или союзных слов(*анткени, себеби – потому что, ошондуктан – поэтому, эгерде, эгер – если, кайда – где, куда* и др.).

Н: *Сработаться им было несложно,потому чтоЭрназар, как и сам Бостон, был прирождённый хозяин, с точки зрения других – дурак, каких мало: к совхозному скоту относился как к своему, будто он ему лично принадлежал. Бат эле экөөкамыр-жумурболуп, эпкекелишип, иштешипкетишти,себебиЭрназар Бостон сыяктуу эле табиятынанишкесарамжалжигит эле, а кээбирөөнүнкөзкарашынаналганда, мындайакжүрөккелесоо аз – совхоздунмалынөзүнүнмалындай, өзүнүнкожолугундайкарайт, мээсиайланыпкалгансып.*

Я, товарищ Уркунчиев, не пойду у вас на поводу,потому что вы разводите кулацкую демагогию, но запомните – ваше время прошло, и мы никому не позволим посягать на основу социализма.

Мен, жолдошУркунчиев, сиздинжетегиңизгекетчүкишилерденэмесмин, анткени сиз айтыптурганкеп-кулактардындемагогиясы, бирок эсиңизгесалыпжүрүнүз – сиздердинмезгилнебакөткөн, бизсоциализимдиннегиздеринде кол салуугаэчкимгежолбербейбиз.

ҮчөөнүничиндегиирдүүсүТашчайнардытартып, жайыкмаңдай, жар кабак чыкты, ошондуктананыЧоңбашдепажыратат.

Так у самого крупного из волчат был широкий, как уТашчайнары, лоб, и воспринимался он потомукак Большеголовый…

Но в большинстве придаточных тюркских языков сказуемое может выступать в неличной форме, точнее в одной из именных форм глагола, при этом широко используется функциональная гибкость и морфологическая разносторонность причастия.

Проф. У.Б. Алиев утверждает, что причастие, деепричастие и отглагольные существительные в придаточных предложениях тюркских языков, если они имеют свои подлежащие, можно прямо назвать сказуемыми придаточных предложений. Независимо от того, какую форму они имеют – спрягаемую или неспрягаемую, а, следовательно, конструкции, связанные с ними, имеют все основания быть признанными настоящими придаточными предложениями[1].

Неличные формы сказуемых придаточных предложений в тюркских языках, - отмечает видный киргизский синтаксист А.Д. Джапаров – не только выполняют функцию соединения придаточных предложений с главными, но и выполняют функцию структурно – семантического показателя сложноподчинённых предложений. И, одновременно, служат для выражения (причинных, целевых, временных, условных) синтаксических отношений между частями этих сложноподчинённых предложений[2].

Научно - обоснованные положения в отношении предикативных функций, выполняемых неличными формами глаголов в составе придаточных предложений были высказаны крупными языковедами – тюркологами на основе анализа сложноподчинённых предложений других тюркских языков: узбекского (А.Н. Кононов, М.А. Абдурахманов), татарского (М.З. Закиев), азербайджанского (М.З. Гаджиева), каракалпакского (А.У. Умаров), туркменского (П.Г. Поцелуевский, А. Аннануров), алтайского и туркменского (М.Н. Черемесина), башкирского (А. Сагитбатталов), казахского (З.К. Ахметжанова) и киргизского (К.С. Чонбашев).

Учёные выделяют в современном киргизском языке разряды подчинительных союзов:

1. Причинные союзы, в которые учёные включают только четыре типа, это союзы – *анткени, себеби, неге десең, эмнеүчүндесең;*

Подобные причинные союзы имеются и в других тюркских языках: казахском, узбекском, туркменском языках, в характерном для каждого языка фонетическом оформлении.

2. Причинно – следственные союзы – *андыктан, ошиндуктан, ошолүчүн, ошонүчүн, ошолсебептүү, ошонуннатыйжасында,* в зависимости цели высказывания эти союзы употребляются и для выражения причинных и для выражения следственных отношений.

Литература:

1. Закиев М.З. Сопоставительный синтаксис русского и татарского языков.Казань. 1978.
2. Богородицкий В.А. Общий курс русской грамматики, М., 1935.
3. Алиев У.Б. Вопросы сложного предложения в русском и тюркском языках, ч. 2, Начальник 1959.
4. Скирдов В.Д. Грамматические средства связи предикативных частей сложных предложений в русском и киргизском языках. Сб. «Лингвистические основы преподавателей русского языка в национальной аудитории». Фрунзе, Мектеп, 1987.
5. Джапаров А.Д. Синтаксический строй киргизского языка, т.ч.: 2,
6. Бишкек, Мектеп, 1992.

[1] Алиев У.Б. Вопросы сложного предложения в русском и тюркских языках. – Черкиск, 1959. – С. 75.
[2] Джапаров А.Д. Синтаксический строй киргизского языка. – Бишкек. Мектеп, 1992. – С. 239.

Исакова А. Т.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК.413.19-561

ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЕ РУССКИМ ФРАЗЕОЛОГИЗМАМ СТУДЕНТОВ НАЦИОНАЛЬНЫХ ГРУПП

Фразеология русского языка, как и любого другого языка обладает определенным количеством идиом, которые придают ему особый колорит, и отражают его национальную специфику и самобытность. Во фразеологии отражены представления, связанные с трудовой деятельностью этого народа, бытом, культурой. Фразеологические обороты – важный строительный материал языка.

Изучение русских фразеологизмов в условиях внеязыковой и культурной среды очень важно, так как фразеология является источником богатой страноведческой и культуроведческой информации и может удовлетворить познавательный интерес студентов, изучающих русский язык как неродной [1, 52].

Образные, меткие фразеологизмы придают речи непринужденный, разговорный характер. Усвоение таких фразеологизмов и уместное их употребление делает речь более точной, эмоциональной и выразительной.

Чем образнее речь, тем она ярче, живее, тем сильнее воздействует на того, к кому обращена. Уместно примененные фразеологизмы оживляют и украшают как устную речь, так и литературные произведения.

Потребность вовлечения фразеологии в учебный процесс обусловлена тем, что: 1) без знания фразеологизмов обучаемый не сможет стать полноценным и равноправным коммуникационным партнером; 2) обучение русскому языку как неродному предполагает усвоение запаса фразеологических единиц, необходимого для того, чтобы обучаемый мог свободно пользоваться русским языком в разных коммуникативных ситуациях, чтобы его речь отвечала узусу данного языка; 3) обогащение русской речи студентов национальных групп является одной из важных задач методики преподавания русского языка как неродного, так как без умения пользоваться фразеологической сокровищницей их русская речь не может считаться достаточно адекватной; 4) с другой стороны, неуместное употребление фразеологизмов искажает речь [2, 28].

В современной методике обучения русскому языку как иностранному прочно утвердился тезис об изучении языка и культуры народа в их взаимосвязи и взаимодействии. Как подчеркивают Е. М. Верещагин и В. Г. Костомаров, две трети страноведческой информации содержит в себе национально-культурная семантика именно фразеологизмов.

Практика обучения русскому языку как неродному показывает, что изучающие русский язык не всегда в состоянии правильно определить фразеологические единицы в тексте, использовать в продуцировании текста.

Большая половина студентов (70%) незнакома с русскими пословицами и поговорками. Что касается крылатых выражений, то студенты не только не понимают значения многих из них, но и не могут определить происхождение самых популярных и общеизвестных крылатых слов.

Кроме того, как показывают результаты контрольных работ, наблюдения над речью студентов национальных групп, они слабо владеют фразеологией русского языка, неправильно употребляют фразеологические единицы при создании собственных текстов. Анализ программ и учебных пособий по русскому языку для национальных групп, а также специальных работ свидетельствует о том, что

содержание и методика работы над фразеологическими единицами недостаточно разработаны.

Основные трудности в практическом усвоении фразеологизмов русского языка обусловливаются межъязыковой интерференцией. Это связано, в первую очередь, с тем, что при обучении неродному языку фразеологизмы являются камнем преткновения, они непереводимы на родной язык, занимают особое место в лексике любого языка [1, 58].

Компоненты фразеологизма не имеют самостоятельного лексического значения. Компоненты фразеологизма утратили различные грамматические категории (числа, падежа и т.д.). Практическое усвоение этих специфических особенностей фразеологических единиц связано с большими трудностями.

Составной частью лингвистических основ является сопоставительный анализ, при котором необходимо учитывать специфику фразеологизмов русского и кыргызского языков.

Сопоставление фразеологизмов русского и кыргызского языков показывает, что семантика фразеологических единиц контактирующих языков совпадает лишь в единичных случаях.

Результаты сопоставительного анализа единиц фразеологического минимума позволяют определить потенциально возможные лексико-семантические ошибки студентов национальных групп в употреблении фразеологических единиц в связной речи, выделяя наиболее трудные для билингвов фразеологизмы с тем, чтобы систематически повторять их в различных сочетаниях [2, 70].

Основными причинами несформированности навыков употребления фразеологических единиц в речи следует считать отсутствие целенаправленной работы по введению в речь студентов фразеологизмов.

Приступая к фразеологической работе со студентами национальных групп, прежде всего необходимо установить, что следует отобрать как фразеологический минимум, и в какой последовательности вводить в их речь различные категории фразеологизмов.

Знакомство студентов национальных групп с русскими фразеологизмами ошибочно начинать со сложных конструкций. Этот вид работы требует от студентов большого запаса русских слов, знания сложных речевых конструкций, чувства художественного, образного слова, опыта беспереводного понимания идиоматичных выражений таких как: *Бить баклуши, у черта на куличках, с бухты-барахты, сбить с панталыку* - эти фразеологизмы понятны лишь носителям языка. Для студентов, изучающих русский язык как неродной, смысл их скрыт за безэквивалентной лексикой.

Для практического изучения русских фразеологизмов студентов национальных групп необходимо предлагать фразеологические единицы, наиболее традиционные и частотные в русской речи, а также фразеологические единицы, которые употребляются в произведениях художественной литературы, интерес к которым необычайно возрос со стороны изучающих русский язык.

Одним из основных критериев отбора фразеологического материала для начального этапа является объяснение изучаемых единиц посредством

синонимичного свободного словосочетания, построенного на знакомой

студентам лексике:

В двух шагах – "Очень близко"

В двух словах – "Кратко"

В один голос – “Все вместе”

Капля в море – “Малое количество”

Лицом к лицу – “ Совсем рядом, один против другого”

Мастер на все руки – “Все уметь делать”

Найти общий язык – “Достигать полного взаимопонимания” [7, 15-42].

В силу своей ритмичности и вытекающей из этого звучности, музыкальности легко запоминаются и усваиваются такие фразеологические единицы, как:

И так и сяк

Сказано - сделано

Ни холодно ни жарко

Ни жив ни мертв

Тише воды ниже травы

Ни рыба ни мясо [8, 12-30].

В этом случае при помощи объяснений, жестов, мимики преподавателя студенты могут понять значение данных фразеологических единиц, прямой перевод они сами могут найти из словарей.

Наиболее простым для понимания из всех средств всегда было сравнение. Фразеологизмы, основывающиеся на сравнении, не вызывают трудностей у студентов, изучающих русский язык. Поэтому именно с такой категорией фразеологизмов легко знакомить их на начальном этапе обучения:

Как на базаре (шумно как на базаре)

Как из ведра (дождь льет как из ведра)

Как воздух (нужен как воздух)

Как волк (голодный как волк)

Как глаз (беречь как глаз)

Как дважды два (четыре) (ясно как дважды два)

Как дома (чувствуйте себя как дома)

Как заяц (труслив как заяц)

В работе над фразеологизмами - сравнениями весьма полезно предлагать студентам сопоставлять русские фразеологизмы с близкими по значению выражениями родного языка. Сравнительно - сопоставительный анализ образного смыслового содержания фразеологизмов русского языка и соответствующих фразеологизмов в кыргызском языке имеет большое значение для практики преподавания русского языка как неродного.

Фразеологизмы русского языка, как известно, собраны во фразеологических словарях и справочниках и в толковых словарях русского языка. В них фразеологизмы описаны по - разному: во фразеологическом словаре дается полное лексикографическое описание фразеологизмов, во фразеологических справочниках - краткий рассказ о происхождении и употреблении фразеологизмов. В толковых словарях разъясняется лексическое значение фразеологизма и иногда приводится пример его употребления [4, 112].

Все это требует от студентов навыка нахождения нужной фразеологической единицы в выше указанных учебниках. С фразеологическими словарями и справочниками студенты знакомятся впервые, поэтому сведения о них целесообразно дать преподавателю в своем сообщении, план которого может быть следующим:

1- В каких книгах собраны фразеологизмы русского языка.

2- Отличие в описании фразеологизмов во фразеологических словарях, справочниках и толковых словарях русского языка.

3- Расположение фразеологизмов во фразеологическом словаре.

4- Прием поиска нужных словарных статей во фразеологическом словаре.

Полученные знания и навыки пользования словарями могут закрепляться при выполнении упражнений следующих типов:

1- сопоставление словарных статей фразеологического словаря,

фразеологического справочника и толкового словаря;

2- нахождение во фразеологическом словаре фразеологизмов, в лексический состав которых входят, например, слова нога, зуб, небо и др.;

3- нахождение грамматически ведущего слова во фразеологизме и отыскание во фразеологическом словаре этого фразеологизма по грамматически ведущему слову (примеры преподаватель подбирает сам);

4- подбор фразеологизмов на темы, например: а) фразеологизмы, включающие названия домашних животных; б) фразеологизмы со словами,

называющими цвет и т.д.

На практических занятиях по обучению студентов русскому языку, преподаватель обязан вести фразеологическую работу:

1) растолковывать встречающиеся в текстах фразеологические обороты, предлагать выписать, запомнить, употребить их в предложениях (обычно бытового характера), сопоставлять их с синонимичными им русскими словами, близкими по смыслу фразеологизмами в персидском языке и т.д.;

2) преподаватель может поручить студентам выписать из фразеологического словаря Молоткова фразеологические единицы, включающие в себя названия животных или такие слова, как голова, глаза, рука и др., затем дать толкование и определить ситуацию, в которой они могут использоваться;

3) преподаватель может предложить студентам темы для докладов, которые они обязуются подготовить для чтения на занятии; приведем примерную тематику докладов:

а) фразеологизмы, связанные с русским бытом;

б) фразеологизмы о труде;

в) фразеологизмы об учебе;

г) фразеологизмы о дружбе.

Таким образом, обучение студентов национальных группах русским фразеологизмам будет наиболее эффективным, при выполнении следующих условий:

1) вводимые единицы не выходили за рамки лексико- грамматического материала урока;

2) изучаемые фразеологические единицы должны быть объяснимы посредством синонимичного свободного словосочетания, построенного на знакомой студентам лексике;

3) изучаемые единицы должны быть широко распространены в русской разговорной речи;

4) изучаемые фразеологические единицы должны обладать ситуативной ценностью;

5) следует учитывать общеупотребительность изучаемых единиц.

Литература:

1. Ашурова С.Д. О трудностях усвоения русской фразеологии нерусскими учащимися. /В сб.: Русский и родной языки в школах народов РСФСР. Вып.4. Д.: Просвещение, 1974.

2. Быстрова Е.А. Теоретические основы обучения русской фразеологии в национальной школе. М.:Педагогика, 1985.

3. Жуков В.П. Русская фразеология. М.: Высшая школа, 1986. - 309с.

4. Жуков В.П. Семантика фразеологических оборотов. М.: Просвещение, 1978.- 160с.

5. Мелерович А.М., Мокиенко В.М. Фразеологизмы в русской речи: Слов -М., 1997.-863с.

6. Молотков А.И. Основы фразеологии русского языка. Л.: Наука, 1977. -282с.
7. Телия В.Н. Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультуроведческийаспекты. - М.: Языки русской культуры, 1996. -288с.
8. Яранцев Р.И. Словарь-справочник по русской фразеологии: Ок. 8000 фразеологизмов. - М.: Русский язык, 1981. 304 с.

Исакова А. Т.
Кыргызский национальный университет *им. Ж. Баласагына*

УДК.413.19-561

ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РУССКОЙ ФРАЗЕОЛОГИИ СТУДЕНТОВ НА ЗАНЯТИЯХ ПО ПРАКТИЧЕСКОМУ КУРСУ РУССКОГО ЯЗЫКА

Широкое употребление фразеологических единиц в речи, их образность и выразительность обуславливают их большое коммуникативное значение. В этом смысле безусловна их роль для усвоения русского языка как неродного. В преподавании русского языка на практических занятиях фразеологизмы используются, во-первых, в качестве языкового материала, и, во-вторых, как средство знакомства с национальной культурой и историей изучаемого языка.

Фразеологическим единицам с национально-культурной спецификой следует уделять специальное внимание на занятиях по русскому языку как неродного. Процесс их восприятия и усвоения облегчается путем их сопоставительно-лингвострановедческого анализа по отношению к фразеологическим единицам родного языка.

Изучение русской фразеологии в кыргызской аудитории требует совмещения толкования фразеологических единиц, лингвострановедческого комментария и сопоставления с родным языком.

Аутентичные (разговорные, художественные, публицистические) тексты как естественная среда существования фразеологических единиц особенно полезны в работе по усвоению устойчивых словосочетаний. Они способствуют формированию языкового чутья учащихся и навыков использования фразеологических единиц в собственной речи. Сопоставительно-лингвострановедческий комментарий фразеологизмов в рассматриваемых текстах является необходимым условием для адекватного восприятия фразеологических единиц

Лингвострановедческая компетенция учащихся формируется на базе выполнения различных упражнений, акцентирующих внимание на национально-культурную специфику русских фразеологических единиц.

Несмотря на значительные успехи и достижения в области научной разработки вопросов русской фразеологии, проблема изучения русских фразеологизмов в лингводидактическом аспекте не получила должного освещения. Данная статья посвящена актуальной проблеме рационального отбора учебного фразеологического материала и его усвоения кыргызскими студентами, изучающими русский язык как неродной. Успешный отбор фразеологического материала, способствующий практическому овладению русской фразеологией, возможен лишь при условии учёта не только лингвистических критериев (употребляемость, стилистическая нейтральность), но и дидактических оснований (доступность и прочность усвоения) отбора фразеологизмов. В процессе владения вторым языком системы родного и второго языков как бы накладываются друг на друга, сопоставляются в индивидуальном

сознании обучающегося и то, что в изучаемом (неродном) языке еще неизвестно, еще не усвоено до уровня активного владения, заполняется известным из родного языка.

Закономерности родного языка настолько укрепились в сознании учащегося, что новое явление и закономерности второго языка он неизбежно воспринимает через призму системы родного языка. Отсюда перевод фактов родного языка в речь на втором языке.

Влияние родного языка наблюдается при усвоении как фонетического и грамматического строя, так и фразеологических единиц неродного языка. Психологами установлено, что влияние родного языка в процессе усвоения неродного может быть как положительным, так и отрицательным.

Трудности усвоения русской фразеологии получили уже достаточное освещение в лингводидактике. Они связаны, прежде всего, со сложностью усвоения семантики фразеологических единиц, их лексико-семантической и синтаксической сочетаемости.

Нами были разработаны упражнения, которые были направлены на выявление различных знаний и умений. Нам необходимо было определить:

- находят ли студенты ФЕ в контексте;
- умеют ли подобрать лексический синоним;
- могут ли перевести ФЕ с русского языка на кыргызский и наоборот;
- могут ли подобрать фразеологический синоним или антоним;
- осознают ли принадлежность ФЕ к определенной части речи;
- умеют ли употреблять формы ФЕ в речи;
- умеют ли употреблять ФЕ в связной устной и письменной речи.

Приведем примеры тестовых заданий:

Найдите антоним к фразеологизму **Душу в душу**

а) Как кошка с собакой

б) Ни рыба ни мясо

в) С минуты на минуту

г) Кровь за кровь

В каком предложении отсутствует фразеологизм?

а) Не стоит на уроке витать в облаках.

б) Молодым свойственно смотреть на мир сквозь розовые очки.

в) Он оказался так себе - ни рыба ни мясо

г) Он оседлал коня и поехал в горы.

Укажите, в каком варианте дан фразеологический оборот со значением *быстро*

а) во весь дух

б) валять дурака

в) собак гонять

г) водить за нос

Какие фразеологизмы являются синонимами к слову *убежать?*

а) навострить лыжи

б) собраться духом

в) сжечь мосты

г) утереть нос

Анализ ошибок позволяет выделить трудности усвоения русской фразеологии кыргызскими учащимися по следующим параметрам:

1). Трудности семантического характера.

2). Грамматические трудности.

Трудности семантического характера.

Семантические недочеты в употреблении ФЕ связаны с незнанием учащимися фразеологического значения данных словосочетаний, нередко как фразеологизмы эти

сочетания им неизвестны. Отсюда многие учащиеся употребляют эти словосочетания как свободные в прямом значении составляющих их компонентов.

Так, например фразеологизм *держать руку на пульсе* (*в смысле держать все под контролем)* воспринимать в смысле *узнать состояние здоровья; Язык без костей* (в смысле *много разговаривает*) воспринимают в смысле *мягкий язык.*

Значительное количество ошибок связано с нарушением лексической сочетаемости фразеологических единиц. Как только фразеологическая единица начинает функционировать в речи, она вступает во взаимодействие с другими компонентами предложения и на этом уровне проявляются многие ее признаки. Поэтому при определении трудностей усвоения фразеологических единиц необходимо рассматривать ФЕ в контексте.

В «Единый фразеологический минимум русского языка для национальной школы» вошли ФЕ, имеющие эквиваленты (полные или неполные) в кыргызском языке. Наличие достаточно большого числа полных эквивалентов (т. е. единиц, соотносительных в том и другом языке по семантике и по форме), казалось должно облегчить обучение кыргызских школьников русской фразеологии. Но в употреблении таких ФЕ учащиеся допускают большое количество ошибок. Соответствия (семантические и структурные) наблюдаются внутри фразеологизма, а при введении его в речь эти соответствия могут нарушаться, потому что единицы русского и кыргызского языков вступают в разные лексические, грамматические, сочетаемостные отношения с другими единицами языка. Именно это приводит к тому, что, даже понимая семантику того или иного фразеологизма, учащиеся допускают ошибки при включении его в речь.

Так, например: *не чуя ног – буту-бутуна тийбоо*. **Я ехал не чуя ног**.

Грамматические трудности.

Понимание значения тех или иных ФЕ в контексте не может служить гарантией правильного употребления их в речи. Для того, чтобы учащиеся могли включать фразеологические единицы в свою речь, они должны знать не только значение ФЕ, но и владеть грамматическими нормами связи с другими словами.

Ошибки в письменной речи кыргызских студентов, связаны с различными ограничениями употребления в ФЕ тех или иных грамматических форм. Особенно много таких ограничений в глагольных ФЕ. В отличие от глаголов свободного употребления, глагольные ФЕ часто обладают не всеми грамматическими формами, свойственными глагольной лексеме, ограничению подвергаются в различной степени все грамматические формы глагольных ФЕ.

Так, например:1) известно, что часть ФЕ русского языка употребляется только в форме совершенного вида (*махнуть рукой, положить конец, воспрянуть пухом и др.)* или только в форме несовершенного вида (*болеть душой, ломать голову, ставить в пример и др.*). Студенты, не зная этих ограничений, допускают ошибки типа: *Учитель заболел душой за свой класс. Мой товарищ нарушал слово. Перед контрольной работой я собирался с мыслями.*

2) Ограничения в реализации наклонения. Часть ФЕ русского языка употребляется только в изъявительном наклонении (*бить ключом, ломать голову, спать и видеть и др.*) или обычно в повелительном наклонении (*держи ухо востро*). Необходимо предупреждать учащихся об этих ограничениях, чтобы предотвратить ошибки при употреблении этих ФЕ

3) Ограничения в реализации форм времени. Отмечаются у русских фразеологизмов и ограничения в реализации форм времени. Например, ФЕ *махнуть рукой* употребляется обычно в прошедшем времени совершенного вида; *переводить*

дух - не употребляется в будущем времени несовершенного вида. Такие ограничения трудно усвоить учащимся, изучающих русский язык как неродной.

4) Реализация категории числа. Ошибки, связанные с реализацией категории числа, обусловлены наличием в русском языке ряда ФЕ, характеризующихся ограничениями в употреблении числа. Часть ФЕ русского языка употребляется в речи только в форме множественного числа (*золотые руки, чужими словами*) или только единственного числа (*одно время, честное слово, легкая рука и д*р.). Учащиеся при составлении с этими ФЕ допускают ошибки типа: *У врача легкие руки*.

5) Нарушение грамматической сочетаемости. Для выявления своеобразия функционирования ФЕ в речи в фразеологической работе в связи с изучением частей речи и для выяснения причин грамматических ошибок в употреблении ФЕ в кыргызской школе целесообразен учет различий в морфологии русского и родного языков. Это необходимо принимать во внимание, потому что в употреблении фразеологизмов учащиеся кыргызской школы допускают немало грамматических ошибок. Эти ошибки обусловлены переносом умений и навыков первичной языковой системы (родного языка) на формирующиеся умения и навыки вторичной системы (русского языка). Именно влиянием системы родного языка объясняется большое количество ошибок грамматического характера.

Способы выражения грамматических значений в русском и кыргызском языках не всегда совпадают. Морфологическими различиями в системе русского и кыргызского языков вызваны следующие трудности:

1.Неправильное употребление грамматических форм рода.

Если в русском языке принадлежность существительного к мужскому, женскому или среднему роду выражается с помощью окончания, то в кыргызском языке этот тип ошибок в русской речи учащихся-кыргызов объясняется рядом причин: а) отсутствием категории рода в родном языке; б) фонетическим оформлением некоторых русских существительных, заимствованных кыргызским языком (машин, газет, минут); в) ассоциацией категорий рода с категорией, естественного пола (мой книга, мой положение - так говорят обычно мальчики; моя портфель, моя предложение - так говорят обычно девочки; г) определением родовой формы существительного только по его морфологическому показателю (моя папа, моя дядя, моя коллега).

Различия в категории рода накладывают свой отпечаток и на ФЕ. Категория рода служит осевым стержнем согласования, а резкие различия в реализации этой категории в русском и кыргызском языках при употреблении в речи фразеологических единиц порождают ошибки, вызванные влиянием родного языка.

2. Ошибки в употреблении падежных форм.

Так, например, искажение форм родительного падежа множественного числа существительных: у *наших спортсмен* не было времени. Источниками этого вида ошибок являются: а) значение родительного падежа множественного числа выражается несколькими формами: на -ов (-ев) (столов, горцев); на -ей (коней, гостей); с нулевой флексией (слово - слов, дела - дел). В связи с этим необходимо обратить внимание на образование форм множественного числа винительного падежа. Или неправильное использование предлогов и в связи с этим неправильное употребление падежа: Я весь день работала *как белка с колесом*. Вместо *белка в колесе* (предложный падеж заменен творительным падежом); *смотреть сквозь пальцев* - вместо *смотреть сквозь пальцы* (неразграничение падежных форм и форм числа).

Таким образом, ошибки, связанные с нарушением грамматической формы отдельных компонентов фразеологизма объясняются слабым знанием русского языка и отсутствием некоторых грамматических категорий, свойственных русскому языку, в

родном языке, другими словами, источниками этих ошибок является внутриязыковая или межъязыковая интерференция.

Каковы же основные критерии и принципы отбора учебного материала по фразеологии? На наш взгляд, прежде всего, фразеологический минимум должен отбираться с учётом практической цели обучения , а именно – овладение языком как средством общения или способностью к коммуникации. Другим, не менее важным, принципом отбора фразеологического материала является его доступность для кыргызских студентов. Известно, что труднодоступное изложение материала не только требует максимальной затраты времени и сил студентов, но и отрицательно сказывается на мотивации, или, проще говоря, «отбивает охоту» заниматься русским языком.

Литература:

1. Величко А.В. Синтаксическая фразеология для русских и иностранцев. М.,МГУ,1996.
2. Виноградов В.В. Русский язык. М., 1972.
3. Ожегов С.И. О структуре фразеологии // Лексикографический сборник.Вып.2.М.,1957.
4. Бакеева, Н.З. О лингвистических основах методики русского языка в национальной школе. -М.: Педагогика, 1976.
5. Быстрова Е.А. Русская фразеология в национальной школе. - М., 1976.

Искакова Э.С.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.

Ч.АЙТМАТОВДУН «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНЫН ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ИННОВАЦИЯЛЫК ОКУТУУ

Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларын окутууну инновациялоо бүгүнкү учурдагы актуалдуулук болуп эсептелет. Азыркы замандын өзгөчөлүгүнө ылайык жаңы маалыматтык технологиялар, интернет, компьютер, оюн автоматтары ж.б.у.с.адам баласынын көңүлүн бурган, азгырган көрүнүштөр көркөм адабиятка болгон мамиле, кызыгууларды солгундатып жаткандыгы белгилүү.

Улутубуздун уюткулуу көркөм кенчи болгон, окуучуларды көркөм казынанын, турмуштун сыноосунан өткөн мыкты үлгүлөрү менен терең тааныштыруучу, алардын дүйнөгө болгон гуманисттик көз караштарын, турмуштук активдүү позицияларын, адеп ахлак ишенимдерин, рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазма кебин өстүрүү, эстетикалык табиятын калыптандыруу максатын көтөргөн адабият сабактарына болгон кызыгууну арттырууда жаңыча көз караш менен адабият сабагын кызыктуу өтүү үчүн интерактивдүү методдорду колдонуу зарыл. Мындай учурда өтүлүүчү адабият сабагы замандын талабына жараша жеткиликтүү, ынанымдуу, кызыктуу болушу талап кылынат. Ошол интерактивдүү ыкмалардын ичинен кластер усулун алып карайлы.

Мектеп ишин жаңылап, жакшыртуунун бардык маселелеринин ичинен окуу предметтерин жогорку илимий-методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапатын жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүктөрүн күчөтүү, жоопкерчиликтүүлүктөрүн сездирүү, окуу, таанып билүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү учурдун эң башкы милдеттеринен болуп эсептелинет.[1.3]

Бул милдетти практикалык жактан мектептерде иш жүзүнө ашыруу – өз иштеринде мыкты ийгиликтерди камсыз кылып жатышкан мугалимдердин алдыңкы педагогикалык жана инновациялык тажрыйбаларын системалуу түрдө иликтеп үйрөнүүнү, жалпылоону жана жайылтууну өтө курч талап кылып олтурат. Ушул мааниде алганда кыргыз адабияты сабагында интерактивдүү усулдар менен теманы түшүндүрүү өтө элестүү жана кызыктуу. Маселен, кластер усулун колдонуу менен сабак өтсөк окуучунун ой жүгүртүүсүнүн өөрчүшүнө түрткү болот.[2.6] Анткени кластер ишин иштөөдө өтүлүп жаткан тема тууралуу конкреттүү жалпы маалымат алат да, кайрадан ошол маалыматтарды иреттеп, тизмектештирет. Бул учурда окуучу үчүн жаңы тема жөнөкөй да, кызыктуу да сезилет. Ушул маалыматтар окучуунун эсинде көпкө сакталып калат. Мындан тышкары өтүлгөн теманы бышыктоодо, ар бир каармандардын образдарын талдоодо кластерди кодонуу ар бир окуучуну активдүүлүгүн арттырат. Башкача айтканда:

«кластер – бул педагогикалык стратегия, ал окуучулардын кайсы бир теманын үстүндө эркин ой жүгүртүүлөрүнө мүмкүндүк берет, өзүнүн билгендерине, белгилүү бир тема тууралуу түшүнүүлөрүнө жол ачат, ошондой эле эске тутууну жана ар тараптуу ойлоону өнүктүрөт.[3.4]

кластер – бул ийкемдүү жана көп функционалдуу усул, ал жаңы теманы үйрөнүүдөгү сабактын бардык үч баскычтарында: чакырууда, ойлоп түшүнүүдө, артка кайтуудагы кайталоодо, көзөмөлдөп текшерүүдө колдонулат. Аны жекече, тайпаларда же бүткүл класс менен түзсө да болот»[4.5]

Маселен, Ч.Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романын окутууда төмөндөгүдөй кластерлердин үлгүлөрүн түзсөк болот:

1.Романдын сюжети боюнча түзүлгөн кластер;
2.Романдын башкы каармандары;
3.Арсен Саманчинди образы тууралуу;
4.Айдана менен Элести (мүнөздөө) салыштыруу.

Анда жогорудагы темаларга түзүлгөн кластерлерге көңүл буралы:

1 – кластер таанып - билүүчүлүк ролду аткарат;

Бул кластер окуучулардын тез ойлонууларын калыптандырат. Себеби мындагы негизги ачкыч сөздөр чыгарманын сюжетин билген, окуган өспүрүмдөрдүн ой – чабытына таасир берип,көз алдыларына келе түшөт.

2 – кластер: Каармандарды эске салат;

3-кластер башкы каарман жөнүндө эң негизги маалымат берет.



4-кластер: Төмөндөгү класстер салыштыруу иретинде мыкты үлгүнү чагылдырат.



Жогорудагы кластерлерди ортого салып окуучулар менен бирден талдап көрсөк, алардын билим деңгээлин жана жаңы өтүлгөн тема канчалык таасир калтыргандыгын даана биле алабыз. Анткени кластер ишин жүргүзүүдө ар бир окуучу өз алдынча аракеттенип, натыйжада алардын сабакты, өтүлгөн теманы кандай түшүнгөнү бизге маалым болот.

Көпчүлүк учурда, мектептерде бул өңдүү интерактивдүү иштер колдонулат, бирок, тилекке каршы, окуучуну тажатып жиберген учурлар көп кездешет. Ошондуктан кластерди тажатма метод катары окуучуларга таңуулабастан, ар түрдүүчө

жол менен түздүрсөк болот. Айталы дегенибиз, кластерди бир гана кайталоо учурларда эмес, жаңы теманы өтүүдө, каармандарды талдоодо, чыгарманын сюжетин түшүндүрүүдө, образдарды салыштырууда, дегеле бир чыгарманын деңгээлинде эмес, көптөгөн чыгармалар арасында, ар кандай кызыктуу суроолуу интерактивдүү шарт түзсө да болот. Булардан тышкары кластерлерди ар кандай формаларга келтирип (маселен, өтүлгөн сабакты кайталоодо кластер түзүп келүү үчүн окуучуларга үй тапшырма берилди дейли, буга катар эле кластердин формасы биз көнгөн тегерек, төрт бурч эмес кыргыз элинин байыртадан колдонуп келген буюмдарынын түзүлүшүндө болсун деп талапты койсок, окуучулар изденишип, сабакты гана үйрөнбөстөн, кыргыз эли жөнүндө кошумча маалыматтарды да үйрөнүшүнө чоң түрткү болот. Анткени ар бир окуучу өзүнө жакын буюмду тандап алса, сөзсүз анын тарыхын, жасалышын, колдонулуш ыкмасын үйрөнөт. Тактап айтканда, «боз үй, көөкөр, ээр токум, шырдак жана башкалардын мисалында» тыкан, түшүнүктүү, адамдын көңүлүн бура алган үлгүдө түзүлсө жөнөкөй кластерге салыштырмалуу бир кыйла кызыктуу болот. Мындай учурда мугалимдин тапкычтыгы, кыраакылыгы окуучулардын кластер түзүүдөгү жетишкендиктери, кемчиликтери менен чогуу билимин туура баалаганга жардам берет да, түшүнүктүү, кызыктуу сабак өтө алат. Себеби өтүлүп жаткан сабакка окуучулардын баарысынын көңүлүн буруу үчүн биз кызыктыруучу кырдаал түзсөк болот Биз түзгөн кластерлерге назар салсак, бардыгы бири – бири менен тыгыз байланышта, бири – бирин улантып, толуктап жүрүп отурат. Демек, өтүлгөн сабак текке кеткен жок деп эсептесек болот. Бардык кластерлерди бириктирип, бир модель түзүп, сунуш кылса, абдан кызыктуу болот.

Адабияттар:

1. Ч.Айтматов. Чыгармалар жыйнагынын 8 томдугу, 6-8 том.

2. Б.Байсабаев, А.Садыков. Чыңгыз Айтматов адабияттын системалуу курсунда. Б.: 2003.

3. А.Муратов, Б.Байсабаев, Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер. Б.: 2010.

4.Оторбаев Б.К., Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу., Б.: 2011.

5. Оторбаев Б.К., Адабиятты окутуунун жаңы технологиясы., Б.:2010.

6. М.А.Абдыкеримова, Э.Т.Токсомбаева, Р.Т.Кадырбекова, Жалпы педагогика. Б.: 2011

Кемелова А.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.400.-54:371.3

ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ

Азыркы күндө жаңыдан илим катары өнүгүп келе жаткан этнопедагогиканы колдонуу аркылуу кыргыз тилин кыргыз жана орус класстарда окутуу актуалду маселелерден болуп саналат. .

Элдик педагогиканын эне тилди окутуудагы актуалдуулугун элдин оозеки сөздөрүнөн гана эмес, кийиз китебинен, чий китебинен, жип китебинен, буюм китебинен, эң таң калаарлыгы , боз үйдөн дагы көрүүгө болот. Аларда катылган дөөлөт, сырлар, элдик дидактика фольклордук педагогиканын негизин түзөт.

Этнопедагогика ак менен караны айырмалап, адамга керектүү баалуу мүнөздү тандап алууга, көңүлгө сыйбаган терс мүнөздөрдү жакшы жакка пайдалана билүүгө чоң таасир берет.

Мектептерде кыргыз тилди окутууда окуучуларга жаттап келүүнү талап кылышат жана ар бир окуучу өз түшүнүгүн жаттап айтып беришет. Окуучулар жаттай берип, каалаган баасын алганы менен эркин ойлонуусу, алган билимин өз турмушунда колдоно билүүсү өтө начарлап кетет.

«Кыргыз тилин кыргыз жаштарына эне тил катары окуп-үйрөтүү иштеринин жүргүзүлө баштаганына бир кылымга жакын убакыт болду. Реалдуу турмушта, практикада кыргыз жаштарынын тили жакырланды, чоркок тартты. Баарынан өкүнүчтүүсү, оозеки сүйлөшүү мурунку сылыктыгынан, уккулуктуулугунан, байлыгынан ажырап, орой, одоно жана түшүнүксүз боло баштады» [1.2010] деген оюн педагогика илимдеринин доктору, профессор Жеңишбек Чыманов өзүнүн «Кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери» деген макаласында белгилеп кеткен. Эгерде окутуу элдик педагогикадан куру-жалак калып, этнопедагогикалык тарбиянын маанисин жана анын философиялык мазмунун терең түшүнө албаса анын келечеги жок.

Азыркы замандын агымынын талабына ылайык кыргыз тилин окутуунун ар түрдүү усулдары чыгууда. Бирок алар накта кыргыз элинин педагогикасыбы, алар элдин жан- дүйнөсүн азыктандыра алабы? Биз унутулуп бара жаткан улуттук наркты жаңы муундарга , келечек жаштарга таалим-тарбия берүүнүн негизги куралы катары кабыл алып, практикада колдонуубуз зарыл.

Бул тарбияны балага эки багытта берүү ылайык:

1. Ата-энелер үйдөн, көчөдөн, коноктон ж.б.
2. Мугалимдер окуу предметтери менен бирге ж.б.

Алгач «этнопедагогика» сөзүн талдап, маанисин түшүнүп тактап алалы…

Этнопедагогика деген эмне? «Этно»- этнос деген эле мааниде каралат. Бул уруу, урук, эл, улут деген түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Педагогика- «пейдос»- грек тилине которгондо «бала», «аго» - жетелөө, демек баланы жетелөө, ага жол көрсөтүү деген мааниде.

Эгерде чет элдин педагогикасынын тарыхына кайрылсак Афинада балдар адегенде (жети жаштан он үч, он төрт жашка чейин) грамматисттин жана кифаристтин мектебинде көбү акча төлөп окушкан. Ал эми каражаттары жетишпеген адамдардын (демостор) балдарынын көпчүлүгү ал мектептерде билим ала алышкан эмес. Аталган жерде сабактарды дидаскалар- мугалимдер беришкен. Мектепке балдарды атайы дайындалган кул узатып келчү, аны педагог деп аташчу («пайс»- бала, «агоген»- жеткирүү). [2.1970]

Ар бир жаш өспүрүмдү, наристени ата-эне баш болуп коомчулук чогуу тарбиялаган. Демек, этнопедагогика- бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык- калктын тарбиясы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим. «Элдик педагогика» элдин таалим- тарбиялык идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми «этнопедагогика» теориялык ой жүгүртүүлөрдүн, илимдин сферасы т.а. биринчисинде баяндама, экинчисинде аларды илимий талдоого алуу. [3.1979]

Мисалы, кыргыз элинин «улак тартыш» оюну. Ал кандай ойнолдот, эрежелери кандай, аягы кандайча аякталат- бул баяндама. Ал эми этнопедагогика ошол эле оюн кыргыз элине кандай таасир алып келет, анда этика барбы ж.б. түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт.

Этнопедагогиканы орто мектептерде колдонуунун максаты

Мектептерде эне тилди элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде окуп-үйрөнүү этнопедагогиканы орто мектептерде колдонуунун максаты болот.

И. Арабаевдин «Алиппе Жаки Төтө окуу» аттуу китебинде казак тилинде жазылганы менен баш сөзүндө мындай деп жазган: «…кыргыз, казак тилинде шайыр жана өлөңдөрдү, тарыхый окуяларды, аңгемелерди бөлүм-бөлүм кылып бастырууга аракет кылдык. Ошентип, жоголуп бара жаткан сөздөрүбүздү, адабияттарыбызды тирилтүүгө аракет кылмакчыбыз.» Андан ары улай кыргызча сөздөрдү кезиктиребиз. Мисалы, малдын жаш өзгөчөлүктөрү, жыл аттары, өсүмдүк, идиш-аяктардын жана айбанаттардын аттары, элдик накыл китептердин аттары, тамсилдер,ай, күн, жыгач ж.б.[4.1991]

Бул китеп бир гана кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын мектепте окуп үйрөнүүнү баштаган алгачкы эмгек гана болбостон, этнопедагогиканын дагы мектептерде окутулушуна негиз болгон.

XIX кылымда айрым инсандын жекече мектеби болгон. Мисалы, Арстанбектин мектеби, Жеңижоктун мектеби, Калыгулдун мектеби, Тоголок Молдонун мектеби ж.б. Алардын туруктуу имараты болгон эмес. Алар жер кыдырып, шакирттерин жанына алып жүрүп окуткан. Шакирттерин гана эмес бүтүндөй кыргыз журтуна өзүлөрүнүн педагогикалык, этнопедагогикалык, этикалык тажрыйбасын жайылткан.

Алар жалкоолук менен жан бактылыкка каршы болуп, боорукерлик, жоомарттыкка, сабырдуулукка үндөгөн. Жакшы менен жаманды айырмалап келип,сапаттарды экиге ажыратат. Жыйынтыгында, баарыдан мурун адамдык сапаттарды аздектеп багуу керек экендигине токтолушат. [5.2007]

Демек, элдик педагог Ч. Айтматовдун: «Элдик генийлерден жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы тунгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып, наристе нукуралык сапатын жоготпойт. Биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү катары кабыл алына баштаган.» [6.1998] деген сөзү тастыкталууда.

Ал эми элдин таалим-тарбия практикасында балдарды эмгек кылууга үйрөтүү эрте жашынан эле башталат. Төрөлгөн күнүнөн тарта жаш курагына жана аракетине карай багып келишкен. Атап айтканда, ата-энелер алты жаштагы баланы өзүн-өзү эптеп, анча-мынча ишке жарап калган бала деп мүнөздөшкөн. Ошону менен бирдикте бул кураста «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деп, алардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бөлүшкөн.

Кыргыз элинде жети-сегиз жаштагы баланы «кол-арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт. Чындыгында эле, бул кураста ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташат. Жана балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүш-туруш адебин тез кабыл алышат. Ушундан улам ата-энелер балдарды олдоксон жорук-жоосундардан окчун кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүүгө далалат кылышкан.

Тогуз, он жаштагы бала айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча кыла баштайт. Ошол эмгек иш-аракеттерине жараша улуулар аларды «орок оргонго, мал бакканга жарап калган бала» деп мүнөздөшкөн. Кыз балдар уул балдарга караганда социалдык- турмуштук тажрыйбаларды өтө тез кабылдайт. Өзүнүн келбет-боюна, жүрүш-турушуна олуттуу көңүл бура баштайт. Атап айтканда, эркек балдардан бөлөк ойнойт. Атасынан, улуу агаларынан иймене баштайт. Ошону менен бирдикте, үй-бүлөдөгү милдети да күчөйт. Ар кандай жумушту энеси менен барабар аткарууга көнүгө баштайт. Ал эми үйдөгү тазалыкты сактоо ушул жаштагы кыздардын түздөн түз милдетине айланат. Коомдук пикир да «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп, кыздардан ушуну талап кыла баштайт.

Кыргыздар он эки жаш мүчөл жылы «эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак» деп мүнөздөшөт.Өткөн замандарда он эки жаштардагы баланы дене бою, акыл тажрыйбасы жагынан жетилген курак деп эсептешкен. Мындан элдин баланын өсүп-өнүгүшүнө карата оптимисттик мамилесин ачык байкоого болот. Мындай элдик педагогикалык туюмду «Манас» эпосунан да даана көрүүгө болот. Алсак, Манас да, Семетей да он эки, он үч жаш курагында баралына толуп, кыргыздын намысын коргоп, баатырдык сапатка ээ болот. Он эки, он үч жаштагы уул баланы (өзгөчө андан улуу уул балдар же атасы жок үй бүлөлөрдө) кыргыздар кадыресе эр жеткен адам катары кабылдап арка бел тутушкан.

Дал ушундай курак өзгөчөлүгүнө карап, заманга ылайык окуу сабактарын киргизүү зарыл. Айрыкча жогоруда сөз болгондой «кыргыз элинде жети-сегиз жаштагы баланы «кол арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт» деген сөздү жана бул учурда бала бардык нерсеге дилгирленип турганын, барын тез кабыл алганын , азыркы учурдун 1-2- классынын окуучусу экенин эске алганда, өзүбүздүн милдетибиз катары эне тилди окутуу процессинде элдик педагогиканын табылгаларын , тажрыйбаларын тартынбастан киргизүүгө тура келет.

Кыргыз тилди мектептерде окутууда план-конспект туура түзүлүшүнөн, сабактын максаты жана мугалимдин даярдыгынан окуучулардын сабакка кызыгуусу байкалат. Сабактын максаты болгондо, тарбия берүүчүлүк максаты дал ушул этнопедагогиканын жардамынын негизинде ишке ашат…. Мисалы, кыргыз тили сабагын өтүп жатып, көнүүгү иштетүүгө келгенде Жаныбек хандын Акылкарачачка берген суроосун пайдалануу аркылуу алардын биринчиден , сабакка болгон кызыгуусун арттыруу, экинчиден аларды дал ошол Акылкарачачтай чечен, тапкыч, амалкөй болууга үндөө.

Анда алардын суроо-жообунан бир үзүм:

Жаныбек:

Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

Акылкарачач:

Жаныбек ханым, бузулду заңың,
Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның?
Тулпар тушунда, күлүк күчүндө,
Күчүн бербеген тулпардан,
Сүтүн берген уй жакшы.
Пайдасы жок туугандан,
Пайдасы тийген кыйыр жакшы.
Чабыл аттан,
Чарчабаган эшек жакшы.
Жаш чыгач отундан,
Жаркырап күйгөн тезек жакшы.
Канаты жок туйгундан,
Канаттуу карга жакшы.
Каным, менин тапканым- ушу,
Сиздин укканыңыз ушу. [7.2006]

Жыйынтыктап айтканда, эгерде эне тилди элдик педагогикадан , реалдуу турмуштан ажыратып, жалаң лингвистикалык-теориялык маалыматтар менен шыкап, күчкө салып жаттатып окутууну уланта берсек , кыргыз тили сабагы эң кызыксыз,

жаттама жана жадатма сабак бойдон кала берет. Бардык ыйык нерселер түгөл жоголсо да, элдүүлүк элементи түгөл сакталат. Демек, жаттоо эмес, жан дүйнөгө сиңирүү???

Адабияттар:

1. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери.// Кыргыз тили, 15.03.2010;
2. Педагогиканын тарыхы. Ф.,1971;
3. Алимбеков А. Этнопедагогика. Ф.,1979;
4. Арабаев Э. Алиппе Жаки Төтө окуу. Уфа. 1991, 2-бет;
5. Байгазиев С. Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика. Б.,2007;
6. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Ф.,1998,7-бет;
7. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. Б., «Билим куту» 2006, 207-бет.

Кожоева С. Т.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.371.302.530

ФИЗИКА ИЛИМИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

Физика өсүп өнүккөн илимдердин бири, анткени жаратылыштагы бардык кубулуштардын келип чыгуу себептерин жана бизди курчап турган бардык нерселердин түзүлүштөрүн жана касиеттерин окуп үйрөтөт.[1] Адам баласы жаратылыштагы кубулуштарды окуп үйрөнүү менен өзү ошол жаратылыштын бир бөлөгү болуп эсептелерин жакшы эле түшүнсө керек. Ошондуктан ар бир адам өз эне тилинде башкача айтканда кыргыз тилинде жаратылыштагы болуп жаткан кубулуштарды , башкача айтканда физиканын закондорун кыргыз тилинде так жана жеткиликтүү түшүнүк алууда жана башкаларга түшүндүрүүдө ар кандай кыйынчылыктарга туш келет. Ошону менен бирге мектеп окуучуларынан баштап студенттерге чейин физика курсун окутууда, орус тилинде болсун, же кыргыз тилинде болсун ар кандай түшүндүрмөлөрдүн негизинде берилген жооптор ансыз да кыйын физика илимин көптөгөн кыйынчылыктарга алып келет.

Ар бир адам жаратылышта болуп жаткан кубулуштарга өзүнүн деңгээлинде суроо жөнөтүп, жооп издейт. Анткени жашоонун көптөгөн суроолоруна жана сени курчап турган дүйнөдөгү баардык кубулуштарга байкоо жүргүүсү менен анализдеп, ар бирине жооп таап, анан түшүнүш керек. Ошол суроо - жооптордун негизин физика илиминде окутулуучу төрт негизги суроого аныктама берүүдөгү түшүндүрмөлөр түзөт.[2] Эгерде бул суроолорго жооп бере алсак, анда жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын келип чыгуу себептерин аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал суроолорго төмөнкүлөр кирет:

- Бул эмне? же бул кандай нерсе? (что это такое?)
- Мисалы: Мисал келтирүү (приведите примеры)
- Катыштыгы кандай? (как соотносятся…?)
- Канча? (сколько…?).

Бул суроолорду орус тилинен кыргыз тилине которгондо

Жогорку суроолорго кеңири токтолсок, төмөндөгөдөй бир нече эл аралык тилдердеги сөздөрдүн маанисин чечмелөөгө туура келет. Мисалы:

1.Бул эмне? Же бул кубулушту кандайча түшүнсө болот? Деген суроого жооп бере турган болсок, ал физикалык сөздөн маанисин толук түшүндүрүш үчүн кошумча информацияларга ээ болуш керек.

Мисалы:

1. Материалдык чекит деген эмне?
2. Системанын энергиясы деген эмне?

Жоопко кошумча болгон түшүнүктөр:

- сөздүн аныктамасын төшүндүрүү (кандайдыр бир принципке таянуу менен , бул сөздүн аныктамасын берүү);
- математикалык формула түрүндө жазып берүү, башкача айтканда аналитикалык берилиши;
- түзүлүшүн сүрөттөө (схема прибора);
- байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары;
- түшүндүрүлүп жаткан физикалык чоңдуктардын бири-бири менен болгон байланыштарынын формуласы(аналитикалык тырдё берилиши), таблицалык жана график түрүндө сүрөттөлүшү

2. Каралып жаткан физикалык кубулушка мисал келтирүү! Эгерде кандайдыр бир n сандагы элементтерден турган системаны карай турган болсок, анда мындай система үчүн эркин даража саны (число степеней свободы данной системы) кандайча аныкталышын билүү талап кылынат. Негизи аныктоочу чондук болуп системанын эркин даража саны эсептелинет.

Ал эми суюктуктардагы кубулуштарды түшүндүрө турган болсок, албетте молекулардык-кинетикалык теориянын негиздерин билүү талап кылынат. Ошону менен бирге молекула, атом, иондор, элементардык бөлөкчөлөр, тартылуу жана түртүшүү күчтөрү, үзгүлтүктүү жана дискреттүү абалдар деген сөздөргө аныктамалар белгилүү болуш керек.

Мисалы: Молекула бул заттарды түзгөн эң кичине бөлөкчө.Молекула эки же андан көп атомдон турган бөлүкчө. Электрлик зарядка ээ эмес. Суунун молекуласынын химиялык формуласы - H_2O. Бул мисалдан көрсөтүлгөндөй ар бир сөздүн маанисин түшүнбөйүнчө каралып жаткан кубулушту анализдөө эң кыйын болуп калат.

3. А жана В көптүктөрүнүн ортосундагы катышты аныктай турган болсок, анда математикалык амалдардын жардамы менен төмөнкүдөй жоопторду алууга мүмкүн.

1. $A \equiv B$;
2. $A \in B$;
3. $B \in A$;
4. $A \cap B$;
5. $A \neq B$; ж.б.

Эгерде фотон жана электрон бөлүкчөлөрүнүн катыштарын карай турган болсок, анда бул бөлүкчөлөр элементардык бөлүкчөлөргө киргендиктен, бирдей түзүлүштөгө бөлүнбөс бөлөкчөлөр болуп эсептелет. Фотон жана электрон бөлөнбөс бөлүкчөлөргө киргендине карабастан, массасы жана заряддарынын мааниси менен өзгөчөлүнөт.

4. Канча ? - деген суроонун мааниси бул канча закон, канча эреже же болбосо канча кыймылдын түрү бар дегенди билдирип, бул суроого так жана түшүнүктүү жооп талап кылынат. Мисалы : механиканын сакталуу закондорун чыгаруунун канча негизги ыкмалары бар? Жообу: Эки -

1. динамиканын сакталуу закондорунун жардамы менен;
2. энергиянын сакталуу жана импульстун сакталуу закондорунун жардамы менен.

Жогорку физика илимин окутууда келирилген төрт суроого жооп берүүдө көпчүлүк түшүнүктөргө маани берүү керек, анткени ал түшүнөктөргө тескери аныктама берилсе анда мааниси жоголот.

Мисал катарында төмөнкү түшүнүктөргө кеңири токтололук:

1. кыймыл закону;
2. кыймылдын теңдемеси;
3. траекториянын теңдемеси;
4. кинематиканын байланыш теңдемеси;
5. динамиканын закону.

1. Кыймыл закону – бул координаттык чекиттин убакыттан болгон көз карандылыгы. Эгер аналитикалык түрдө жаза турган болсок анда:

а) скалярдык формада - $\{x = x(t); y = y(t); z = z(t)\}$;

б) вектордук формада – $r = r(t)$.

2. Кыймылдын теьдемеси: $F = m\alpha$. F жана α чоьдуктары вектордук чоңдук болуп эсептелет. Көпчүлүк убакта көрсөтөлгөн теңдемени Ньютондун динамикадагы экинчи закону деп атап жүрүшөт.

3. Траекториянын теңдемеси – бул сызык боюнча кыймылдаган чекиттин теңдемеси. Мисалы: бир калыпты ылдамдатылган кыймылдын теңдемеси - $x = x_0 + \upsilon_0 t + \alpha_0 t^2/2$.

4. Кинематиканын башланыш теңдемеси – бул системадагы телолордун кинематикалык мүнөздөмөлөрөнүн байланыш теңдемеси. Эгерде блок аркылуу жип менен байланышкан массалары m_1 жана m_2 болгон системаны карай турган болсок, анда кинематикалык байланыш теңдемеси төмөнкүлөр болот:

$\Delta x_1 = - \Delta x_2$; $V_1 = - V_2$.

5. Динамиканын закону – бул же Ньютондун 3 законунун бири, же жекече көчтөрдүн касиеттерин көрсөтүүчү закондордун бири. Мисал:

1. Ньютондун биринчи закону же инерция закону. Четтетилген телолордон турган эсептөө системасында бир калыптагы түз сызыктуу кыймылын сактайт(Кикоиндин аныктамасы).

2. Ньютондун экинчи закону же динамиканын негизги закону:

$\alpha = F/m$ - α, F- чоңдуктары вектордук чоңдук болуп эсептелет. Булл закондун аныктамасын Ньютон өзү жазган.

3. Сүрүлүү закону:

$F_{тр} = \mu N$ F, N - вектордук чоңдуктар, N – нормалдык басым күчү.

Сүрүлүү закону төмөнкү эки шарта гана аткарылат:

1. телолордун тынч туруу абалында (покоя);
2. телолордун ар кандай беттерде жылмышуу кезинде(скольжения).

Физика илимин кыргыз тилинде окутууда ар кандай кыйынчылыктар оңой жол менен чечилиши көптөгөн котормочулук эмгекти талап кылат.

Адабияттар:

1. Матвеев А.Н. Общий курс физики – М.: Высшая школа, 1962-1985г.

2. Николаев В.И. Общие принципы решение физических задач II физич. Обр. в вузах – 2005-Т. II,-№2.

Койбагарова К.Т.
Кыргызский Национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК.42/49

ИЗУЧЕНИЕ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ В УСЛОВИЯХ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ

Язык – зеркало, показывающее не мир
вообще, а мир в восприятии человека.

Актуальность данной темы вполне обоснована. Глобализация современного мира в условиях экономической, технологической, информационной интеграции, изменения в общественно-политической и культурной жизни Кыргызстана, сложные межэтнические отношения, развитие новых информационных технологий в значительной степени оказывают влияние на преподавание и изучение иностранных языков в нашем обществе. Становится все более очевидным, что наряду с экономикой и политикой межкультурная коммуникация является важным фактором регуляции, как внутренней жизни, так и взаимоотношений между странами. Специалисты должны быть готовы к межкультурному диалогу, к взаимопониманию и взаимодействию между представителями разных культур. Именно поэтому проблема преподавания иностранных языков рассматривается в комплексе, включающем не только собственно языковые, коммуникативные, но также и этно-, социокультурные аспекты в семантическом пространстве межкультурной коммуникации. Главный ответ на вопрос о решении актуальной задачи обучения иностранным языкам как средству коммуникации между представителями разных народов и культур заключается в том, что языки должны изучаться в неразрывном единстве с миром и культурой народов, говорящих на этих языках. На первый план в современной социокультурной ситуации выходят проблемы формирования межкультурной компетентности, определяющие все аспекты межкультурного взаимодействия. "Через многообразие языков для нас открывается богатство мира и многообразие того, что мы познаем в нем; и человеческое бытие становится для нас шире, поскольку языки в отчетливых и действенных чертах дают нам различные способы мышления и восприятия" [1, С. 348-349]. Процесс глобализации, развивающийся в настоящее время, приводит к расширению взаимодействий различных стран, народов и их культур. Расширение межкультурных контактов влечёт кризисы, деструктивные явления, трансформацию мировоззрения, инновационные поиски в каждой культуре. Взаимодействие культур порождает необходимость переоценки межкультурных контактов и собственной культурной идентичности на основе идей межкультурной толерантности, адекватного восприятия культурных различий. Влияние осуществляется посредством культурных обменов и прямых контактов между государственными институтами, социальными группами, общественными движениями, путем научного сотрудничества, торговли, туризма и т. д. Общение с иностранцами становится реальностью, а столкновение с представителями иной культуры входит в нашу повседневную жизнь. Все чаще учебные заведения осуществляют обмен студентами и школьниками, преподаватели организуют совместные проекты и проходят стажировку за рубежом, участвуя, таким образом, в межкультурной коммуникации и диалоге культур. Достижению взаимопонимания в процессе межкультурной коммуникации способствует межкультурная компетенция. Межкультурной компетенцией называется успешно общаться с представителями других культур. В нее входят: общекультурологические и культурно-специфические знании, умения практического общения, межкультурная психологическая восприимчивость. Эта способность может появиться с молодых лет

или может быть развита. И в этом случае большая помощь оказывается со стороны преподавателя иностранного языка. Языки должны изучаться в неразрывном единстве с миром и культурой народов, говорящих на этих языках. Научиться общаться (устно и письменно), научиться создавать, а не только понимать иностранную речь – это трудная задача, осложненная еще и тем, что общение – не просто вербальный процесс. Его эффективность зависит от множества факторов: условий и культуры общения, правил этикета, знания невербальных форм выражения (мимики, жестов) и многого другого. Незнание некоторых особенностей культуры может затруднить процесс межкультурного общения [2]. Изучение проблем межкультурной коммуникации предполагает знакомство со следующими явлениями и понятиями: принципами коммуникации, основными функциями культуры, влиянием культуры на восприятие и коммуникацию в ее различных сферах и видах, параметрами для описания влияния культуры на человеческую деятельность и развитие общества. [3, С. 73]. Проблема межкультурной коммуникации и межкультурной компетенции является предметом многочисленных исследований многих ученых дальнего и ближнего зарубежья. Изучение вопросов организации, содержания, форм, методов и технологий межкультурного обучения находит отражение в работах Ю. Болтен, В. Миншави, С.Г. Тер-Минасовой, Н.М. Громовой, Н.Д. Гальсковой, Н.Ф. Коряковцевой, Ю. Рот и Г. Коптельцевой, Г.В. Яцковской, Г.И. Ворониной, В.П. Фурмановой, Р.Д. Льюиса, Hofstede, Geert, в исследованиях А.А. Леонтьева, И.А. Зимней, И.Л. Бим, Е.И. Пассова, Р.П. Мильруда, Е.С. Полат, и другие [4,5]. Формирование межкультурной компетенции следует рассматривать в связи с развитием способности студентов принимать участие в диалоге культур на основе принципов взаимного уважения, терпимости к культурным различиям и преодолению культурных барьеров. Межкультурное обучение направлено на формирование у студентов способности к межкультурной коммуникации и способствует как осознанию студентами своей принадлежности к определенному этносу, так и ознакомлению с традициями и культурными особенностями представителей другой культуры. Современный человек, владеющий иностранным языком, оказывается вовлеченным в процесс общения с другими людьми, являющимися представителями своих культур. В связи с этим изучающим иностранный язык требуется не только иметь богатый лексический запас и приличное произношение, хорошо знать иноязычную грамматику, но и формировать в себе межкультурную компетенцию. Данная компетенция предполагает достижение такого уровня владения языком, который позволит, во–первых, гибко реагировать на всевозможные непредвиденные повороты в ходе беседы; во–вторых, определить адекватную линию речевого поведения; в–третьих, безошибочно выбрать конкретные средства из обширного арсенала и, наконец, в–четвертых, употребить эти средства сообразно предлагаемой ситуации. Формирование межкультурной компетенции предполагает взаимодействие двух культур в нескольких направлениях: знакомство с культурой страны изучаемого языка посредством самого иностранного языка и усвоение модели поведения носителей иноязычной культуры; влияние иностранного языка и иноязычной культуры на развитие родного языка и модель поведения в рамках родной культуры; развитие личности под влиянием двух культур. Необходимо рассмотреть, как осуществляется формирование межкультурной компетенции студентов с учетом названных направлений. В процессе овладения иностранным языком студенты усваивают материал, который демонстрирует функционирование языка в естественной среде, речевое и неречевое поведение носителей языка в разных ситуациях общения и раскрывает особенности поведения, связанные с народными обычаями, традициями, социальной структурой общества, этнической принадлежностью. Прежде всего, это происходит с помощью аутентичных материалов

(оригинальных текстов, аудиозаписи, видеофильмов), которые являются нормативными с точки зрения языкового оформления и содержат лингвострановедческую информацию. [6, С. 152]. Важно знать национально–культурные особенности поведения иностранца, чтобы избежать возможных конфликтов при межнациональном общении. Таким образом, изучая иностранный язык, студент должен не только усвоить его лексические, грамматические и синтаксические особенности, но и научиться адекватно ситуации реагировать на реплики носителей языка, уместно применять мимику и жесты, использовать формулы речевого этикета и знать культурно–исторические особенности страны изучаемого языка. Любые знания без практического закрепления будут бесполезны. Упражнениями формирования межкультурной компетенции могут быть:

1. Отработка языковых единиц и грамматических структур в диалоговых ситуациях, максимально приближенных к реальным и характерных для культуры данной страны (например, коммуникация в аэропорту, офисе, ресторане, ярмарке, в гостях, и т.д.); 2. При наличии необходимых технических средств реальное общение с представителями иностранной культуры (переписка по электронной почте, в чате, в форуме; идеальный вариант - общение по Skype, и т.д.); 3. Решение лингвистических и лингвострановедческих задач (что бы ответил на данный вопрос носитель языка, как бы повел себя в данной ситуации, и т.д.); 4. Исследовательские и творческие проекты, связанные с изучаемыми темами, но, помимо поиска и представления информации, включающие в себя лингвострановедческий анализ данной информации; 5. Лингвистический и лингвострановедческий анализ аутентичных материалов, начиная от печатных изданий и заканчивая фильмами или новостями национальных каналов страны изучаемого языка. Осуществление межкультурной коммуникации предполагает готовность человека не только принимать представителя иной культуры со всеми его национальными и ментальными особенностями, но и способность меняться самому. Изучая иностранный язык во всем его многообразии, студенты сталкиваются с языковыми и культурными явлениями и сопоставляют их с таковыми в родном языке, чтобы выделить сходства и различия в языковых явлениях и сфере их употребления. Изучение иноязычной культуры также приводит студента к необходимости обратиться к культурно–историческим фактам своей страны. Таким образом, изучая иностранный язык и участвуя в межкультурной коммуникации, студент глубже постигает свой родной язык и родную культуру. Формирование межкультурной компетенции предполагает также овладение следующими умениями: видеть в представителе другой культуры не только то, что нас отличает, но и то, что объединяет; менять оценки в результате постижения другой культуры; отказываться от стереотипов; использовать знания о чужой культуре для более глубокого познания своей. Межкультурная компетенция формируется в процессе обучения иноязычному общению с учетом культурных и ментальных различий носителей языка и является необходимым условием для успешного диалога культур. Осознание возможных проблем, возникающих в межкультурной коммуникации представителей разных культур, понимание ценностей и общепринятых норм поведения являются довольно значимыми факторами в изучении иностранного языка. И когда обучающиеся подготовлены к их решению соответствующим образом, они могут избежать непонимания, неадекватного восприятия поведения и потенциальных конфликтов, которые могут возникнуть из–за неправильного использования языка, ошибочной интерпретации реакции собеседника и оценки сложившейся ситуации. А способность студента к преломлению культурных ценностей в своем поведении способствует становлению его как хорошего специалиста в сотрудничестве с представителями мирового сообщества. Отмечая возросшее значение и практическую востребованность иностранных языков как средства

межкультурного общения нельзя не отметить некоторые негативные явления в образовательной политике. Выбор иностранного языка определяется диапазоном политико-экономических, и культурных потребностей, взаимодействием в экономической сфере и установлением разного рода контактов, а также целым рядом факторов, таких как географическая близость, развитие исторических связей, приоритет и значимость культурных ценностей. Однако в последнее время прослеживается увеличение квоты английского языка, и, к сожалению, в большинстве Вузах нашей Республики также отдается предпочтение английскому языку, в этом явно прослеживается как влияние новых информационных технологий, так и тенденции этноцентризма, что является крайне нежелательным. Этноцентризм представляет собой психологическую установку воспринимать «чужие» культуры и поведение их представителей, основываясь на ценностях и нормах «своей» культуры, оценивая поведение представителей других культур, руководствуясь установками родной культуры. Следовательно, способность различения «своего» и «чужого» является основой определения собственной культурной идентичности, а через это – основой формирования межкультурной компетентности.

В процессе межкультурной коммуникации зачастую и происходит конфликт ценностей в результате, которого каждый из участников не только узнает об особенностях другой культуры, но и осознает особенности своей, тем самым культурно идентифицируя себя. Также в ситуации межкультурного контакта её участники испытывают стресс из-за неспособности предугадать, спрогнозировать дальнейший ход коммуникации, возникает состояние неопределенности, характеризующееся как стресс. Сформированная межкультурная компетенция позволяет снизить уровень неопределенности. Известный культуролог Садохин А.П. отмечает, что понятие «межкультурная компетентность» прежде всего, связано с объемом и качеством информации о ценностях и явлениях другой культуры [7, С.73]. И чем активнее использует человек эти знания, тем выше оценивается уровень его межкультурной компетентности. В то же время в процессе межкультурной коммуникации партнеры преследуют определенные цели, для достижения которых используют определенные приемы и способы, позволяющие им достигнуть поставленных целей. В совокупности эти знания и приемы и образуют основу межкультурной компетентности. Главными признаками которой являются: открытость к познанию чужой культуры и восприятию психологических, социальных и других межкультурных различий; психологический настрой на кооперацию с представителями другой культуры; умение разграничивать коллективное и индивидуальное в коммуникативном поведении представителей других культур; способность преодолевать социальные, этнические и культурные стереотипы; владение набором коммуникативных средств и правильный их выбор в зависимости от ситуации общения; соблюдение этикетных норм в процессе коммуникации. Исходя из этих признаков, определяем, что межкультурная компетентность представляет собой совокупность знаний, навыков и умений, при помощи которых индивид может успешно общаться с партнерами из других культур как на обыденном, так и на профессиональном уровне. Языковые знания («*как*») являются инструментом познания как своей, так и другой культуры, поэтому знание языка другой культуры является непременным условием межкультурной компетентности, поскольку обеспечивает адекватное понимание культурных особенностей соответствующей страны. Знание языка позволяет индивиду адаптировать свое поведение к поведению партнеров, а это означает, что у него формируется более высокая способность к межкультурной коммуникации, т.е. к адекватному взаимопониманию участников коммуникации, принадлежащих к разным культурам. Знание языка также формирует и личностные качества субъекта коммуникации - открытость, терпимость и готовность к общению с

представителями другой культуры. Здесь следует отметить, что важнейшей составной частью языковой компетентности является речевая грамотность. Дело в том, что неграмотно построенная речь, ошибки в произношении создают впечатление низкой культуры субъекта и вызывают сомнение у партнера в его компетентности. И, наоборот, яркость и доступность речи, остроумие, использование пословиц и поговорок, крылатых литературных выражений обеспечивает субъекту коммуникации более высокий уровень компетентности. Мировой опыт показывает, что наиболее успешной стратегией достижения межкультурной компетенции является интеграция - сохранение собственной культурной идентичности наряду с овладением культурой других народов.

По мнению немецкого культуролога Г. Ауэрнхаймера, обучение межкультурной компетенции должно начинаться с направленного самоанализа и критической саморефлексии. На начальной стадии должна быть воспитана готовность признавать различия между людьми, которая позднее должна развиться в способность к межкультурному пониманию и диалогу. Для этого обучающиеся должны уметь воспринимать мультикультурную совместимость как само собой разумеющееся условие жизни.

Литература:

1. Гумбольдт В. (Фон). Язык и философия культуры. М, 1985. С.348-349.

2. Тер - Минасова С. Г. «Язык и межкультурная коммуникация» - Учебное пособие. – Москва, 2000 .- 25-28 с.;

3. Свиридон Р. А. Формирование межкультурной компетенции будущего специалиста в области мировой экономики средствами делового английского языка. / Сборник научных трудов II Международной летней школы для молодых исследователей «Инновационные образовательные технологии в преподавании иностранных языков». Томск, Изд–во ТГПУ, 2005, С. 72– 84.

4. Jürgen Bolten: Interkulturelle Kompetenz. Erfurt 2007 (Landeszentrale für Politische Bildung).

5. Béatrice Hecht-El Minshawi: Interkulturelle Kompetenz - For a Better Understanding Schlüsselfaktoren für internationale Zusammenarbeit. Beltz 2003.

6. Соловова, Е. Н. Методика обучения иностранным языкам. - М.: Просвещение, 2002. 239 с.

7. Садохин А.П. Межкультурная компетентность: понятие структура и пути формирования// Журнал социологии и социальной антропологии. - М. 2007. Том X. № 1.

Курамаева Т.А.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК 371.3:378.14

МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Бүгүнкү күндө маалыматтык жаңы технологияларды колдонбостон конкуренцияга жөндөмдүү, заманбап адистерди даярдоо мүмкүн эмес экендиги жалпыга маалым. Ошондуктан студенттерди маалыматтык жаңы технологияларды өздөштүрүүгө, алган теориялык билимин сабаттуу колдонууга жана чыгармачыл ой-жүгүртүүгө үйрөтүү эң маанилүү.

Билим берүүнүн азыркы шартында жогорку билим берүүдөгү – “*окутуучу – угуучу – окуу каражаттары*” үч илтигинин ирээттүүлүк орду алмашып, ал схема азыр – “*угуучу – окуу каражаттары – окутуучу*” түрүнө келтирилүүдө. Бул схемага ылайык, угуучулар профессионалдык билимдерге өз алдынча, жекече билим өздөштүрүүсү менен жетишүүгө багыт алышы зарыл. Бул учурда окуу каражаттары негизги булак боло тургандыгы маалым. Ал эми окутуучунун орду, ролу студентти өз алдынча билим алууга көмөк берип, ага зарыл боло турган теориялык жана практикалык материалдар, ошондой эле жаңы муундагы окуу каражаттары менен камсыздап турган консультант-жетекчи болууда турат [1].

Демек, маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүк - жалпы билим берүү жаатындагы бирден бир негизги приоритеттерден болоору белгилүү болду. Мындай компетенттүүлүктү студенттердин негизги массасы үчүн системалык түрдө эффективдүү калыптандыруу, бүгүнкү күндө маалыматтык компьютердик технологияны (МКТ) колдонуу шартында гана мүмкүн экендиги талашсыз. Ошондуктан, мектепте болсун, жогорку окуу жайларында болсун күтүлүүчү ийгиликтер, өзгөрүштөр көбүнчө аларды туура эффективдүү колдонуудан көз каранды. Башкача сөз менен айтканда, билим берүүнү маалыматташтыруу – бул билим берүү системасын модернизациялоонун маанилүү багыты.

Билим берүүнү маалыматташтыруу максатынын акыркы чеги –билимдерге ээ болууга активдүү мамиле кылган, эмгектенүүдө өзүнүн функциясын ийкемдүүлүк менен өзгөртө алган, инсандык коммуникацияга жөндөмдүү, чыгармачылык ой-жүгүртүүнү жашоодогу зарылчылык деп түшүнгөн информациялык коомдун келечектеги мүчөлөрүн даярдоонун сапаттуу жаңы моделин камсыз кылуу деп эсептелинет.

Маалыматтык технологияларды окутуунун кайсыл учурунда, кантип, колдонуу максатка ылайыктуу экендиги да маанилүү маселе. Азыркы заманбап компьютерлер бир программанын негизинде, бир эле учурда тексттерди, графиканы, үндү, анимацияны, видеоклипти, жогорку сапаттагы фотосүрөттү, сапаты телевизордон калышпаган жетишээрлик чоң көлөмдөгү толук экрандуу видеону көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Компьютерди окутуу процессинде колдонуунун айрым бир үлгүлөрүн белгилей кетели:

1) жаңы материалды берүүдө – билимдерди көрүп эске тутуу (демонстрациялык-энциклопедиялык программалар; презентациялоо программалары Power Point; Excel; СУБД);

2) виртуалдык лабораториялык иштерди жүргүзүүдө “Физика менен”, “Жандуу геометрия” тибиндеги окутуучу программаларды колдонуу;

3) жаңы материалды бышыктоо (тренинг, ар түрдүү окутуучу программалар, лабораториялык иштер);

4) текшерүү системасын түзүү (тестирлөө менен баалоо, текшерүүчү программалар);

5) студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу (окутуучу программалар, энциклопедиялар, өнүктүрүүчү программалар);

6) долбоорлоо методу боюнча интегрлештирилген сабактарды уюштуруу (web-баракчаларды түзүү, телеконференцияларды өткөрүү, Интернет-технологияларды колдонуу);

7) студенттердин конкреттүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү боюнча машыгуу.

Маалыматтык технологиянын келип чыгышынын биринчи этабы XX- кылымдын 50-60- жылдарына туура келет. Бул мезгилдерде алгачкы электрондук эсептөөчү машиналар пайда болуп, аларды математикалык эсептөөлөрдү автоматташтыруу үчүн

колдонушкан. Программалап окутуунун идеясынын алкагында ЭЭМди педагогикалык эмгекти автоматташтыруу каражаты катары колдонуу сунуш кылынган.

Бул идеяны советтик окумуштуулар Н.В.Талызина, А.Н. Леонтьев, П.Я. Гальперин ж.б. колдоп чыгышып, программалап окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, акыл аракеттерин этап боюнча калыптандыруу теориясын сунуш кылышкан.

Маалыматтык технология – бул заманбап компьютердик жана башка техникалык каражаттарды колдонуунун негизинде маалыматтарды таратуу, сактоо, иштетүү, топтоо, жөнөтүү, чогултуу үчүн колдонулган методдордун, түзүлүштөрдүн жана өндүрүштүк процесстердин чогуусу.

Маалыматтык технология: программалап окутууну, интеллектуалдык окутууну, эксперттик системаларды, гипертекст жана мультимедианы, имитациялык окутууну, демонстрацияларды өзүнө камтыйт. Биз көрүп тургандай маалыматтык технологияда эң башкысы – бул тиешелүү техникалык жана программалык камсыздалышка ээ болгон компьютер экендиги талашсыз.

Компьютерлердин окутуу процессиндеги аткара турган функциялары тууралуу советтик окумуштуулар Н.Ф.Талызина, Т.А.Габай ж.б. өз ойлорун айтышкан.

Компьютерди математиканы окутууда колдонуу:

- студенттердин чыгармачыл ой-жүгүртүүсүн өстүрөт жана оптималдуу чыгарылыштарды тандоого багытталган ой-жүгүртүүнүн жаңы тибин калыптандырат;
- студенттерди практикалык ишмердүүлүккө даярдайт;
- маалыматтык технологияларды колдонуу көндүмдөрүн калыптандырат.

Белгилүү окумуштуу И.Б.Бекбоев “Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңычыл көз караштар” аттуу эмгегинде электрондук окуу китебинин маанисине токтолуп, “электрондук окуу китеби – бул жөн эле китептин ордун алмаштырбастан окутуунун традициялык курсун өнүктүрүүдөгү педагогдун мүмкүнчүлүгүн арттыруунун каражаты болуп эсептелет” деп белгилеген [2].

Окумуштуу педагог В.П. Беспалько [3] окутуунун жыйынтыгын баалоодо формалдуулуктан четтөөнүн бирден бир жолу катары тестти сунуштаган. Себеби, тестирлөөдө окутуу аяктаганда окуучу кандай билимдерге ээ боло тургандыгы эсепке алынат; окутуунун жыйынтыгын чыгаруучу инструмент компьютер бар; демек тестти белгилүү шкала менен баалоого жана өлчөөгө мүмкүн.

Тестирлөөнү тесттердин конструктору, тесттердин генератору, **on-line** тест программаларынын жардамы менен жүргүзүүгө болот. Бул программалар ар түрдүү категориядагы окуучулар менен тестирлөөнү жүргүзүү үчүн тесттерди түзүүдө колдонулат. Тесттердин конструктору жана **on-line** тест программалары мугалимдин иш аракетин жеңилдетет жана ага сабактагы ар бир окуучу үчүн, таратуучу материалдарды түзүүгө жана колдонууга мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Ошондой эле, математиканы окутууда *интерактивдүү досканы* колдонуу бир топ чоң мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат ага каалаган маалыматты жазып эле койбостон, аны андан ары каалаган ыңгайлуу убакытта колдонуу үчүн сактап коюуга да болот. *Интерактивдүү досканын* жардамы менен окуп үйрөнүү студенттерге чиймелерди көрсөтмөлүү кабылдоого, материалды мыкты өздөштүрүүгө жардам берет. *Интерактивдүү доска* менен иштөө окутуучуга да студентке да көптөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт жана сабак дайыма кызыктуу өтөт.

Студенттер мындай досканы колдонуп иштөө учурунда ар дайым кызыгып ынтызаарлык менен иштешет, себеби алар экрандагы материалды көрүп эле тим болбостон өздөрү дагы ошол болуп жаткан процесске активдүү катыша алышат. *Интерактивдүү досканы* колдонуу окутуучуга керектүү маалыматты берүүгө жардам берип, студенттердин активдүүлүк деңгээлин жогорулатат, алардын өзүн-өзү көрсөтө

алуусун, өзү-өзүнүн билимине бекем ишенүүсүн камсыздайт жана ошондой эле алардын билим сапатынын жетишкендиктерине оң таасирин тийгизет.

Математика сабагында компьютерди колдонуунун негизги максаты төмөнкүлөр деп эсептейбиз:

- математика жана информатика предметтеринин арасындагы предметтик байланышты өнүктүрүү;
- компьютердик сабаттуулукту калыптандыруу;
- сабакта студенттердин өз алдынча иштерин өнүктүрүү;
- жекече, инсанга багытталган мамилени жасоо, аткаруу.

МКТны математиканы окутуу процессинде колдонуу, билим берүүнүн сапаттуулугунун жогорулашына шарт түзөт жана төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат:

- окутуу процессин мультимедиялык мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде кызыктуу, формасы боюнча ар түрдүү, кызыгаарлык кылып уюштура алат;
- окутуунун көрсөтмөлүүлүк проблемасын эффективдүү чечип, окуу материалын визуалдаштыруу аркылуу студенттер үчүн бир топ түшүнүктүү жана жеткиликтүү болуусуна жетишүүгө, телекоммуникациянын каражаттарын колдонуу аркылуу берилиштердин базасынан керектүү окуу материалдарын эркин издеп табууга, андан ары студенттердин муктаждыктарына болгон издөө аракеттерин калыптандырат;
- ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмалардын жана ар бир студенттин окуу материалын өздөштүрүү темпинин өз алдынчалуулугун эске алуу менен окуу процессин жекечелештирет, маалыматтарды кабыл алуунун ыңгайлуу жолун колдонуунун натыйжасында, студенттердин оң эмоцияларын түзүп, оңтойлуу окуу мотивин калыптандырат;
- студенттерди суроолорго жооп берүү көз карандылыгынан куткарып, кетирилген каталарды өз алдынча анализдейт, оңдойт ал эми, тескери байланыштын негизинде студент өзүнүн ишмердүүлүгүн коррекциялайт, жыйынтыгында өзүн-өзү контролдоо көндүмү өнүгөт;
- студенттердин өз алдынча окуп-изилдөө ишмердүүлүгүнүн, чыгармачыл активдүүлүгү өнүгөт.

Маалыматтык технологиялар математика сабагынын төмөндөгүдөй ар түрдүү этаптарында колдонулушу мүмкүн:

- өз алдынча окуу учурунда;
- тренинг программаларды колдонууда;
- диагностикалык жана контролдук материалдарды колдонууда;
- өз алдынча үй тапшырмаларды жана чыгармачыл тапшырмаларды аткарууда;
- эсептөөдө, графиктерди тургузууда;
- маалыматтык-сурап билүү программаларын колдонууда.

Ошентип, маалыматташтыруу шартындагы заманбап математика сабагынын артыкчылыгы, окутуучунун ар кандай методиканы, технологияны, окуу китептерин жана программаларды эркин тандоосунда турат. Бирок педагогикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгы, окутуучу окуу маалыматы менен иштөөнү канчалык жөндөмдүүлүктө, усталыкта уюштура биле турганынан көз каранды болуп келген жана боло бермекчи. Ошентса да, компьютердин бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билген, чыгармачыл окутуучу мындай сабактардан өзү гана эмес студенттерине дагы жылуу маанай тартуулап, аларды таанып-билүүгө жана чыгармачылыкка тартып, билим берүү процессин бир кыйла жогорку деңгээлге көтөрөт.

Адабияттар:

1. Алиев Ш.А. Педагогика багытындагы гуманитардык адистиктердин студенттерине кесипке ылайык математикалык билим берүүнүн илимий- дидактикалык негиздери: п.и.д.,Дисс...-Б.,2005.-240 б.
2. Бекбоев И. Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. Б.: Кыргыз билим берүү академиясы,-2006-160 б.
3. Беспалько В.П. Программированное обучение. Дидактические основы. – М.: Высшая школа, 1970, -300с.

Мамырбаев Т.С.
Кыргыз-Түрк Манас университети

УДК.408.3.+371.30

КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫН КӨРМӨ ТАСМАЛАР АРКЫЛУУ ӨТҮҮНҮН ЖАҢЫЧА ЫКМАСЫ

Тил коомчулуктун биримдигин сактап турат. Бир тилде сүйлөгөн коомдо жашагандардын ортосунда биримдик, бири-бирине болгон тыгыз байланыш жана жакындык пайда болот. Мындай жакындык коомчулуктун турмушунда өтө чоң маниге ээ. Социология илиминде “улут” деген түшүнүк белгилүү бир жерди ээлеген, мамлекеттин ичинде жашаган, орток тилге жана маданиятка ээ болгон коомчулук эсептелет. Ошондуктан тил элдин биримдигин түзүп, маданий баалуулуктарды жараткан жана ал баалуулуктарды келечек муундарга берүүнүн жолун камсыз кылган негизги курал болуп түшүндүрүлөт.

Кыргыз элинин эркин, көз карандысыз мамлекетке ээ болушу, улуттук аң сезиминин өсүшү, өлкөдөгү демократиялык өзгөрүүлөр кыргыз тилинин тагдырын да башка нукка бурду. Натыйжада, республикадагы түпкү элдин тили катары кыргыз тили мамлекеттик тил статусун алгандан кийин, кыргыз тилине болгон зор милдеттер жүктөлдү.

Буга чейин өз тилибиз өзүбүзгө өгөй тил катары каралып келсе, эми мамлекеттик статуска ээ болгон күндөн тартып, кыргыз тилинин өлкөбүздүн кыртышына тамыр жайылып кетишине ар бир кыргыз эли, перизенттен тарта, өз тагдырын кыргыз эли менен түбөлүк байланыштырган ар бир кыргызстандык боордош улуттун уул-кыздары, мамлекеттик жетекчилер жана кызматкерлер колдоп кетүү милдети турат. **Мамлекеттик тил** элдин сүйүүсүнө, колдоосуна, улуттук жана атуулдук терең сезимдерине да муктаж. Ансыз кыргыз тилибиз доордун ага арткан ары оор, ары жооптуу жүгүн тартып кете албайт.

Азыркы мезгилде өлкөбүздө кыргыз тилге болгон муктаждык күн санап өсүүдө. Бул маселенин актуалдуулугуна байланыштуу кыргыз тилди колдонууну өлкөбүздүн бардык эл чарба тармактарында, коомдук ар кандай чөйрөлөрдө үгүттөө, иш кагаздарын мамлекеттик тилге өткөрүү жана башка иштер боюнча ченемсиз иштер аткарылууда. Алсак республика боюнча бала бакчалардан тартып, жогорку окуу жайларына чейин көптөгөн илимий методикалык колдонмолор жарыкка чыгып тил үйрөнүүчүлөр үчүн кеңири шарттар түзүлүүдө. Мындан тышкары жогорку окуу жайларындагы башка улуттун өкүлдөрүнө, ошондой эле, орус мектепти бүткөн кыргыз жаштарына кыргыз тилин үйрөтүү аз да болсо алдыга жүрүүдө.

Билим берүү технологиясынын өнүгүшү менен азыркы күндө кыргыз тилин окутуунун дистанттык ыкмасы, көрмө фильмдер аркылуу үйрөтүү дагы өзүнүн кулачын кенен жая баштады. Кыргыз тилин окутуунун программасынын негизинде электрондук версия түзүлүп, чет мамлекетте окуган студенттер үчүн да кыргыз тилин

үйрөнүүнүн ыңгайлуу шарттары түзүлүүдө. Бирок аудиовизуалдык (укма, көрмө) каражаттарды колдонуу методикасы азыркы мезгилде жаңылык деле эмес. Бул жагынан дүйнөлүк жана Ата Мекендик методисттердин көңүл борборунда көптөн бери жашап келет. Алсак бул боюнча белгилүү окумуштуулар И.А.Зимная, У.С.Полат, В.М.Поляков, К.Э. Ковалёв жана башкаларды алсак болот.

Тилди үйрөтүүдө окутуунун техникалык каражаттарын пайдаланууга арналган, жаңы технологияларды, кино маселелерин сабакка аралаштырууга арналган Н.И.Жинкина, И.А. Зимней, О.В. Кочукова, А.Н. Щукиналардын эмгектери бар* Ал эми биздин мекендештерибиз М. Көлбаев, У. Бейшеналиев тарабынан жазылган “ Адабият сабагында мультипликациялык технологияларды пайдалануу” аттуу макалаларын алып карасак болот.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Чет тилдер жогорку мектебинин кыргыз тилчилери да заманбап талабына ылайык келген методикалык ыкмалардын үстүндө жаңы окуу программаларын иштеп чыгышты. Бул программа мурунку программалардан кескин айырмаланып турганы менен өзгөчөлөнөт. Программа үч бөлүктөн турат: Башталгыч курс, Орто курс, Жогорку курс.

Программа “жөнөкөйдөн татаалга , оңойдон оорго” деген принциптин негизинде түзүлгөн.

Сабактарда студенттердин кыргызча сүйлөй алуу, окуганын, укканын, көргөнүн түшүнүү, чыгарма жазуу жөндөмдүүлүктөрүнө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Окуу процессинде аудио жана видео, магнитофон, проектор, компьютер сыяктуу окутуунун техникалык каражаттары пайдаланылат.

Университеттин ар башка факультеттеринин тармактык өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырып, жогорку курсту окутууда кесипке жараша тексттер жана көнүгүүлөр иштелип чыккан.

Кыргыз тилиндеги көрмө фильмдерди көрсөтүү менен бирге кыргыз элинин каада салттарына, үрп-адаттарына, маданиятына жана тарыхына дагы чоң көңүл бурулууда. Мындай ыкмалар тил үйрөнүүчүнүн кызыгуусун арттырат. ”Көрмө фильмдер аркылуу тил үйрөтүү, студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырып, психологиялык жактан жагымдуу жагдайды пайда кылат”,- дейт КРга белгилүү методисттердин бири Т. Үсөналиев[1] Бул ыкмада көрүүгө арналган материалдарды көрүп да, кыргыз тилиндеги сөздөрдү таамай, так угуп да эсине сактоо аркылуу жакшы натыйжаларды берет. Мындан тышкары көрмө тасмалар аркылуу тилди үйрөтүүдө студенттердин тилге болгон мамилесин, жашоого карата көз карашын арттыруу менен тил үйрөнүү учурунда чарчаганды да билишпестен, бир эле тасманы каалаганча кайталап көрүүгө да ынтызаар болушат. Көрмө тасмалар аркылуу кыргыз тилин үйрөнүп жаткандар (чет өлкөлүктөр) кыргыз элинин жашоосуна тиешелүү жест жана мимикалардын кандай жана кайсы учурда колдонуу өзгөчөлүгүн, алардын улуттук кийимдерин толугу менен өз көздөрү менен көрүп, тилди тез үйрөнүүлөрүнө чоң өбөлгө түзөт.

Көрмө тасмалар аркылуу тилди гана үйрөтпөстөн ал тасма аркылуу студенттерге тарбия берүү ыкмасын пайдалансак болот.

Азыркы учурда көркөм тасмалар тил үйрөнүп жаткан инсандардын деңгээлдерине жараша ар кандай мульт фильмдерден баштап, даректүү тасмаларга жана көркөм фильмдерге чейин иштелип студенттерге тартуулануу да.

[1] Укма жана көрмө материалдарды өтүүдө техникалык каражаттардын мааниси жана аларды колдонуу. Т. Үсөналиев 146 бет Бишкек-2012.

Көрмө каражаттар аркылуу тил үйрөтүүнүн башка ыкмалардан артыкчылыгы:

I. Тасмада оозеки кеп колдонулат, башкача айтканда тил үйрөнүүчү тасманы көрүп жатып, китептеги көнүп калган фразалар менен эмес, чыныгы пикир алышуу кырдаалында колдонулган “жандуу” тил менен таанышат.

II. Тасмага болгон кызыгуу тилди үйрөнүүгө шыктандырат. Жыйынтыгында тилди үйрөнүүнүн натыйжалуулугу артат.

III. Тилди үйрөнүп жаткан адам ошол элдин жест, мимика, тагыраак айтканда, жаңсоо, кол булгалоо, ийин куушуруу, көз кысуу сыяктуу өзгөчөлүктөрү менен тааныша алат.

IV. Жест, мимика, дегеле жалпы кыймыл-аракет жана окуялар аркылуу ал жерде кездешкен жаңы сөз жана сөз айкаштарынын маанисин ыкчам үйрөнүүгө шарт түзөт.

V. Кыргыз тилинин оозеки кебине тил үйрөнүүчүнүн кулагын жатыктырат.

VI. Үйрөнүп жаткан тилдеги сөздөргө басымды туура коюуга үйрөтөт.

VII. Мурда өтүлгөн теманы бышыктоого көмөктөшөт.

VIII. Чарчаган тил үйрөнүүчүнүн сабакка болгон кызыгуусун арттырып, бир өңчөйлүктөн арылууга өбөлгө түзөт.

Көрмө тасма аркылуу иштээрден мурда мейли баштоочу, мейли улантуучу топтун студенти болсун тасмаларга коюлуучу алгачкы талаптар бирдей деңгээлде жүргүзүлөт

1. тасмага чейинки тапшырма 2. тасманы көрүү учурундагы тапшырма 3. тасмадан кийинки тапшырма

I. Тасманы көрсөтүүдөн мурда берилүүчү тапшырмалар.

А. Тасманын башкы каармандары менен тааныштыруу.

Бул тапшырмада тасмада катышкан башкы каармандар ким экендигин жана кандай рол аткара тургандыктары жөнүндө кабар берилет.

Б. Жаңы сөздөр.

Тасмадагы мурда колдонулбаган түшүнүксүз жаңы сөздөрдү жана сөз айкаштарына түшүнүк берүү менен аларды эстеринде сактатып калуу үчүн жаңы сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түзүлөт.

В. Антонимдер жана синонимдер.

Тасма боюнча айрым сөздөр бөлүнүп берилет. Эгерде эки таякча (//) менен белгиленген сөздөр берилсе анда ал сөздөрдүн синонимин, ал эми (X) белгиси менен берилген сөздөрдүн антонимдерин табуу керек.

II. Кино тасманы көрүү учурундагы берилүүчү тапшырмалар.

А. Суроолорго жооп бергиле.

а) Берилүүчү суроолор конкреттүү, так болушу зарыл. б) Тасма боюнча тил үйрөнүүчүлөрдүн деңгээлине жараша 5-6дан 10го чейинки суроолор берилет.

Б. Берилген сүйлөмдөрдүн аягын өзүнөр уланткыла.

Бул учурда студент тасмадан көрүп жаткан окуяны эстеп калып, сүйлөмдүн аягын логикалык жактан ой жүгүртүү менен сүйлөмдү улантып бүтүрөт.

В. Туурасын “Т”, катасын “К” деген тамгалар менен белгилегиле.

Тапшырмада тил үйрөнүп жаткан адам көрүп жаткан тасманы качалык түшүнгөндүгүн текшерүү максатында берилет. Тапшырмага тасмадагы окуяга таптакыр шайкеш келбеген сүйлөмдөр да түзүлөт. Эгерде тил үйрөнүүчү тасманы жакшы түшүнгөн болсо, бул суроого туура жана так жооп берген болот.

Г. Сүйлөмдөрдөгү бош орундарга мааниси боюнча туура келген сөздөрдү койгула.

Бул тапшырмада тасма боюнча сүйлөмдөр түзүлүп берилет. Бирок кээ бир сөздөр сүйлөм ичинен алынып ташталат. Тил үйрөнүүчү тасманын негизинде эстеп калган сөздөрү менен толуктап жазыш керек.

Д. Тасмадан алынган үзүндүлөр боюнча көнүгүүлөр.

Бул тапшырма боюнча бир канча тапшырма берүүгө болот. Мисалы:

1.Тасманын айрым жерлеринен үзүндүлөр берилип, тил үйрөнүүчүлөрдү ролдорго бөлүштүрүп окутуу жана анын мазмунун айттыруу.

2.Тасмадагы каармандардын үндөрүн алып салып, аларды кайрадан студенттердин жардамы менен үндөштүрүү.

III. Тасманы көргөндөн кийинки берилүүчү тапшырмалар.

Тасма боюнча студенттерге ар кандай кырдаалдык суроолорду берүү менен алардын тасмага карата көз караштарын билүү.

Эгерде тасмада макалдар, фразиалогизимдер кездешсе аларды чечмелөө.

Тасмага жакындашкан дилбаяндардын темаларын берүү.

Мындан тышкары ар бир тапшырмага өз деңгээлине жараша баа берилет.

Көрмө тасмалар балдарга кыргыз тилин гана үйрөтпөстөн аларды турмушка, үйбүлөгө, достукка болгон карым – катышын жана жашоого карата да тарбиялык мааниси бар.

Жогоруда берилген методикалык ыкма супсак болбош үчүн бир мисал келтире кетсем.

Тасманын аталышы: «**Сүйүү сынагы**». Тасма эки бөлүктөн турат. Ар бир бөлүк 52 мүнөттөн. Тасма орто курстагы тил үйрөнүүчүлөр өтүп жаткан Ден соолук, Коом жана жаштар, Этика деген темага ылайыкташып кетет.

Тасма боюнча кыскача мазмуну: Биринчи бөлөк. Адыл деген студент жигит кокусунан ВИЧ жугузуп алат. Мына ошол күндөн тартып анын турмушу кескин өзгөрүлөт. Бул оору (СПИД) тууралуу ата-энесинин, бир туугандарынын, жоро-жолдошторунун маалыматы жок болгондуктан ага ар кандай мамиле жасай башташат. Мындан тышкары тасмадан сүйүү сынагына туш болгон Адыл менен анын сүйгөн кызы Камиланын мамилеси баяндалат.

1. **Тасманы көрсөтүүдөн мурда берилүүчү тапшырмалар**.

А. Тасмадагы башкы каармандар менен таанышты́руу.

Адыл – тасманын башкы каарманы, бир жогорку окуу жайлардын студентти.

Камила – Адылдын сүйгөн кызы, сүрөтчү.

Салима - Адылдын эжеси.

Зуура – Адылдын апасы.

Ормон – Адылдын атасы.

Азат – Адылдан кийинки иниси.

Атай – Адылдын эң кенже иниси.

Искен Азыкович – Адыл окуган жогорку окуу жайдын деканы.

Психолог – ВИЧке чалдыккандарга психикалык кеңеш – көмөк берген адам.

Егор – ВИЧ жугузуп алган Адылдын досу.

Проректор – Адыл окуган окуу жайдын проректору.

Салкын – Адылдын группалашы.

Алтынай – Адыл үйлөнмөк болгон кыз.

Мадина – Адылдын группалашы.

Женя – Адыл менен чочу окуган досу.

Бека – Адыл окуган группанын башчысы (старостасы).

Б. Жаңы сөздөр.

Мас бол - ичкилик ичүүнүн негизинде алгачкы абалынан таюу.

Эсине кел – эстен тангандан кийин кайта эсине келүү, эс – учун жыюу.
Ийне сайынуу – ийне аркылуу баңги затын колдонуу.
Өч ал – кек алуу, качандыр бир кезде көрсөткөн кордугу ж .б үчүн кек алуу.
Чара колдонуу – жаза берүү.
Азап тартуу – кыйналуу, жапа чегүү, кордук көрүү.
Дискриминация – укугун чектөө, тең укуктуулуктан ажыратуу.
Кийлигишүү – аралашуу, кошулуу, катышуу.
Хакер – компьютердин тилин, программалоону мыкты билген киши.
Куугунтуктоо – кысым көрсөтүү, тынчтык бербөө.
Кол үзүү – байланышпай, катышпай калуу, ынтымакты жоготуу.

В. Синонимдер жана антонимдер.
тилде- // уруш –
келинчек // колукту // жар // жубай // аял
убада бер - // сөз бер- // ант бер-
айык // сакай
колдоо // көмөктөш // жардамдашуу
өрөөн // аймак // регион
мейман // конок
айып // күнөө
боорукер Х ташбоор
көңүл оорут- Х көңүл көтөр-
жөндөмдүү Х жөндөмсүз, чоркок

II. Кино тасманы көрүү учурундагы тапшырмалар.
А. Суроолорго жооп бергиле.
1. Адыл ВИЧти кантип жугузуп алды?
2. Салима ооруканадан Камиланы Адыл менен эмне үчүн жолуктурбай койду?
3. Эмне себептен Азыков университетте иштебей калды?
4. Салкын гезитке кандай маалымат берди?
5. Эмне үчүн баңги затты көбүнчө жаштар колдонот?

Б. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн аягын уланткыла.
1.Алтынай Адылдын ВИЧ жугузуп алганын укканда.....
2. Адыл атасынан 500 доллар сурады, анткени…….....
3. Адыл университетке барбай койду, себеби .....

В. Туурасын “Т”, катасын “К” деген тамга менен белгиле.
1. Камила Көркөм Академияда окуйт. ( )
2. Алтынай Адылга турмушка чыкты. ( )
3. Адылдын атасы такси айдайт. ( )
4. Адыл атасынан миң сом сурады. ( )

Г. Сүйлөмдөрдөгү бош орунга мааниси туура келген сөздөрдү жазгыла.
1. Адыл ..... оорусун жугузуп алды.
а) сасык тумоо б) сарык в) ВИЧ г) кутурма
2. Адылдын атасы ..... болуп иштейт.
а) соодагер б) ашпозчу в) укук коргоочу г) айдоочу
3. Салкын Адыл тууралуу ..... интервью берди.
а) журналга б) гезитке в) үналгыга г) сыналгыга

Д. Тасмадан алынган үзүндү боюнча көнүгүүлөр:

1. Төмөндөгү тасма боюнча үзүндүлөрдү ролдорго бөлүштүрүп окугула жана мазмунун айтып бергиле.

Атасы: Ал жакта ишиң кандай?

Адыл: Жакшы эле...

Атасы: Чарчадыңбы?

Адыл: Ооба...

Атасы: Жанагы досуң – Егор кантип жатат?

Адыл: Акыбалы начар...

Атасы: Ага дары – дармек таба алдыңарбы?

Адыл: Жок, издеп жатам.

Атасы: Укчу балам, жаңы эле апаң экөөбүз кеңешип, сага баягы 500 долларды берүүнү чечтик. Ме, ала кой.

Адыл: Ырахмат ата! Жакында иштеп таап, сөзсүз кайтарып берем.

Атасы: Биз бири – бирибизге жардам беришибиз керек.

Адыл: Туура.

2. Үнү жок тасманы үндөштүргүлө.

III. Кино тасманы көргөндөн кийинки тапшырмалар.

А) Төмөнкү макалдарды чечмелегиле.

1. Дени соонун жаны соо.
2. Сактыкка кордук жок.

Б) Кырдаалдар боюнча талкуу жүргүзгүлө.

1. Эгер мен Камиланын ордунда болсом. Адылды таштап кетмекмин ...
2. Адыл алыс жакка кетип калса болмок...
3. Адылга курбулары туура мамиле кылышты...

В) Кино тасма боюнча дилбаян жазгыла.

“Сүйүү сынагы” Экинчи бөлүм. 52 мүнөт.

А. Экинчи бөлүм боюнча жаңы сөздөр:

Чарчаңкы – чарчаган, алы, күч – кубаты кеткен адам.

Нашаа – кара куурайдын данынан жасалып, тартканда баш айландыруучу, туюу сезимин начарлатуучу уулу зат.

Санаа – 1. ой // тилек // пикир. 2. капа // кайгы // убайым.

Баш кошуу – үйлөнүү // турмушка чыгуу.

Дүрбөлөң – тополоң // тынчы кетип козголуу.

Заказ – буюртма // тапшырык // тапшырма.

Б. Суроолорго жооп бергиле

1. Азыков өз кызматына кайра кандайча келди?
2. Егор менен Адыл бири – бирине кандай жардам беришти?
3. Адыл менен чогу окуган Мадина кандай кыз?
4. Силердин оюңарча, Адыл Камиланын эшигине калтырган катына эмне деп жазышы мүмкүн?
5. Эмне себептен Егор дарылангысы келбей койду?.

В. Төмөнкү берилген сөздөр кайсы каарманга таандык.

1. Стипендияны акча түшөөрү менен аласыңар. .....
2. Атам, апамдар Атайды алып, туугандарыныкына кеткен. .....
3. Мен чоңойгондо атам мен үчүн сыймыктанат ээ? .....
4. Көп сабак кетирдим деп кейибе,
   биз сага кууп жеткенге жардамдашабыз .....
5. Азаматсың Адыл! Таанышканыбыз жакшы болуптур. .....

Г. Туурасын "Т", катасын "К" деген тамга менен белгилегиле.

1. Егор чет өлкөгө көчүп кетти. ( )
2. Камиланы ата – энеси Оруссияга чакырды. ( )
3. Адылдын иниси баңги зат колдонуп кетти. ( )

Д. Сүйлөмдөрдү бош орунга мааниси боюнча туура келген сөздөрдү белгилегиле.

1. Салимага врач катары дайыма ..... менен иштөөгө туура келет.
а) өпкө б) тери в) кан г) жүрөк

2. Адыл Камиланы узатуу үчүн аба майданына ..... .
а) өз убагында барды б) кечигип барды в) барган жок

3. Азат достору менен баңгини таштап. ..... .
а) футбол менен машыга баштады б) комуз иримине жазылды в) мергенчилик кыла баштады г) сыра иче баштады

Ж. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү уланткыла.

1. Адыл төрөлгөндө .....
2. Искен Азыков менен Салима кафеден жолугушуп .....
3. Адыл Салима эжеси менен сүйлөшпөй койду, анткени .....

III. Тасманы көргөндөн кийинки берилүүчү тапшырмалар.

А. Төмөнкү макалдарды чечмелегиле.

1. Биринчи байлык – ден соолук, экинчи – байлык ак жоолук.
2. Кубаныч жашартат, кайгы картайтат.

Б. Кырдаалдар боюнча талкуу жүргүзгүлө.

1. Егордун өмүрүн сактап калууга мүмкүн беле же...
2. Силердин оюңарча Адыл оорусунан айыгабы же...
3. Ооруган адамга жакындары кандай мамиле кылуу керек?

Менимче бул ыкманы колдонгондон кийин тил үйрөнүүчүлөргө угуу жана көрүү техникаларын колдонуп, угуп түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү менен түшүнгөнү боюнча дилбаян жазууга машыктыруу. Көрмө фильмдеги тапшырмаларды аткарып, өз алдынча иштөөгө, тил үйрөнүүчүнүн үйрөнүп жаткан тилде ой жүгүртүүсүн арттыраарына чоң өбөлгө түзөт деп ишенем. Мындан тышкары кино тасмадагы окуяларга, салт – санааларга, үрп – адаттарга болгон жеке көз караштарын калыптандырат. Ошондой эле, өз улуттарынын салт – санаалары менен салыштырышып, ар кандай кырдаалдарга жооп табууну издегенге үйрөнүшөт.

Адабияттар:

1. Дворжец Ольга Соломонова. Методика работы с аутентичными видеозаписями при обучении английскому языку в рамках электорнного курса в вузе продвинутый уровень Афтореферат Екатеренбурк. 2006.- 193с. ил. Р ГБ ОД, 6107-13/838
2. Эл агартуу, 2011, № 11-12. Бишкек
3. Укма жана көрмө материалдарды өтүүдө техникалык каражаттардын мааниси жана аларды колдонуу. Т. Үсөналиев 146 бет Бишкек-2012.
4. "Көркөм фильмдер боюнча көнүгүүлөр" (Түз; Авто жамаат)- КТМУ, "Из-Басма" үйү, Б.,2009.
5. "Кыргыз тили" башталгыч, орто, жогорку, (Түз; Авто жамаат) КТМУ Бишкек-2009

Матикеева А.К.

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ СОПОСТАВИТЕЛЬНОЙ ТИПОЛОГИИ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ОБРАЗНЫХ И ЗВУКОПОДРАЖАТЕЛЬНЫХ СЛОВ

Во всех научных и философских трудах ученых, мыслителей научно обосновано, что язык является средством человеческого общения.

«Язык является важнейшим средством человеческого общения; нет, и не может быть человеческого общества и народа, которые не имели бы языка; нет и самого человека без языка, язык как средство общения и как систему знаков изучают многие науки» (1,с 6).

Выполняя разнообразные и сложные функции, язык представляет собой определенно организованную систему.

Всем известно, что в зависимости от географических расположений, каждая нация и народность имела свой язык, свою неповторимую культуру.

Соответственно языки объединялись в определенные семьи, группы.

«Важным этапом в развитии форм существования языка является образование языков и народностей, а затем наций» (2, с.62).

Начало изучения языков относится к глубокой древности.

«Языкознание - одна из древних наук, прошедшая длительный путь развития» (3,с.11).

Рассматривая отдельные языки, мы можем убедиться в том, что в ряде языков обнаруживаются схожие черты.

«Наука, изучающая сходство и различие в структурных особенностях родственных и не родственных языков в их взаимосвязи, называется типологией» (4,с.56.)

Важно отметить, что вопросами типологии изучения языков стали заниматься сравнительно недавно. Группировкой существенных основных характеристик признаков и выведением общих закономерностей, наблюдаемых, в ряде языков, занимается раздел языкознания - лингвистическая типология. Одним из самостоятельных разделов лингвистической типологии является сравнительная типология, которая определяет типологические сходства двух или более языков. Она

может выявлять общие закономерности развития языка, разрабатывать систему того или иного языка и их взаимоотношения.

Во всех современных и тюркских языках каждый раздел грамматики рассматривался подробно, учитывались лексические, морфологические, синтаксические структуры развития языков, их семантика, взаимосвязь с единицами других уровней.

Дж. Буранов рассматривая сравнительную типологию в разных аспектах, морфологическую типологию разделил на два типа:

1) морфологическая типология, занимающаяся морфологической классификацией языков;

2) морфологическая типология, занимающаяся отдельными конкретными вопросами грамматики;

Морфологическая типология, занимаясь частными вопросами сравнения, рассматривает в системе как родственных, так и неродственных языков » как в плане универсалии, так и бинарно в двух языках» (5,с.69)

Рассмотрение образных и звукоподражательных слов и определение их места в системе частей речи интересовало многих ученых. Подражательные слова в языкознании являются актуальной, но малоизученной темой. Изучение этой части речи имеет как практическое, так и теоретическое значение.

Исследованием этой группы занимались известные ученые-лингвисты, тюркологи Н.К.Дмитриев (1962), Н.И.Ашмарин (1918,1925,1935), А.Искаков (1951), А.Н.Харитонов (1951), М.Худайкулиев (1962) и другие. Звукообразноподражательные слова являются активной частью лексики живого разговорного языка, и чаще всего используется в художественной литературе. Они придают речи особую живость, образность и экспрессивность, делая нашу речь более звучной, доступной, эмоциональной.

В киргизском языкознании очень мало научных работ, которые были посвящены всестороннему изучению рассматриваемого вопроса. Этим вопросом занимался видный ученый Б.Юнусалиев, который классифицируя части речи в киргизском языке, вкратце рассмотрел вопрос о подражательных словах. Отмечая специфику происхождения мимем, их лексические, ,морфологические значения выделил подражательные слова как самостоятельную часть речи, классифицировал их по фонетическим и семантическим признакам. Далее в грамматике киргизского языка «подражательные слова рассматривались лишь попутно, в связи с глаголом или с междометием», где значение мимем были не полностью охвачены.(, 6, с.7).В грамматике И.А.Батманова подражательные слова рассматриваются не как самостоятельная часть речи, а как одна из разновидностей междометия. Известный тюрколог К.К.Юдахин в свой знаменитый «Киргизско-русский словарь» включил значительное число подражательных слов.

Подробно изучая подражательные слова в своих исследованиях, известный ученый-лингвист С.Кудайбергенов внес весомый вклад в развитие киргизского языкознания в целом. Ученый в научных трудах исследует подражательные слова со стороны их семантики, фонетической структуры, морфологических значений и синтаксических функций, а также выявил и составил список наиболее употребительных образных и звукоподражательных слов, где установил 543(из них 318 звукоподражательных и 225 образных слов) морфологических групп киргизских звукоподражательных слов. С.Кудайбергенов в своих исследованиях дал полную лексическую и фонетическую характеристику подражательных слов, описал их значение, определил формы, классифицировал их по семантическим и по формальным

признакам, распределил на дробные группировки, характеризовал признаки особого словообразования и словоизменения.

Ученый отметил, что подражательные слова образуют новые слова чаще всего путем аффиксации, реже словосложения и реализуется в определенной глагольной форме, часто как причастия, реже как имена действия.

Определяя подражательные слова, как самостоятельную часть речи он подчеркнул, что »синтаксические функции подражательных слов гораздо шире и разностороннее, чем функции междометий»(7, с.78)

Важно отметить, что подражательные слова, в отличие от других языков, входящих в систему тюркских языков, богато представлены именно в киргизском языке и в этом заключается ведущая роль ученого С.Кудайбергенова.

Актуальность этой темы заключается в том, что звукообразноподражательные слова являясь самостоятельной частью речи, требуют дальнейшего исследования. Выявления некоторых факторов использования мимем в грамматике, так как по истечении времени кое-какие формальности утрачивают свое былое значение и требуют новизны.

К сожалению, в настоящее время некоторые подражательные слова постепенно устаревают, уходят из языка, переходя в пассивный запас лексики.

Почему же некоторые подражательные слова переходят в пассивный запас? Причины.

Во-первых, в составе лексики современного киргизского языка стали использоваться слова, входящие в жизнь в связи с развитием науки, информационных технологий, как интернет ,диск, агент, электронная почта, сайт, портал и т.д. Важно отметить, что наша речь забита словами иностранного происхождения, также жаргонами.

Во-вторых, подрастающее поколение не интересуется происхождением подражательных слов, заменяя предметы и понятия другими словами с современным звучанием (в основном на русском языке); ср.: болтойгон- помпушка,бака-шака- шум-гам, булкуйган- толстяк, каткырык-хохот, одурайган-грубян, шанандаган-весельчак, болпойгон-лапочка.

Целесообразно выявить некоторые ранее не характеризованные признаки образных слов в сопоставлении с другими языками, а также определить функциональные эквиваленты образных слов русского языка в сопоставлении с киргизскими образными словами на основе лингвистического текста в двух вариантах (русск. и кирг.яз.) и определение их места в системе частей речи киргизского языка. Например: в каком смысле используются образные слова бүлбүлдөтүп, бүдөмүктөгөн? Бүдөмүктөгөн от прилагательного бүдөмүк, бүлбүлдөгөн от прилагательного бүлбүл, что означает не вполне ясно, т. е. күнүрт, ачык эмес. Бүдөмүк ой, бүдөмүк кабар, көзүнө бүлбүл тартылат. Глаголы бүдөмүктө, бүлбүлдө –это күнүрт, ачык эмес, так эмес элестетүү, элеси көрүнү, күнүрт тануу, көзгө аран илешкен көрүнүштө болуу, бүлбүл көрүнүү, что означает –смутно виднеться, неясно вырисовываться. «Каныбек түндүк- батыш жагынан Памир тоолорунун тармактарын бүлбүлдөтүп көрсө, түндүк – чыгыш тарабынан Үч-Таш жайлоосун, анын ары жагынан Алайкуу, Арпа тоолорунун бүдөмүктөгөн чокуларын байкайт.»(8,с.7) - «На юго-западе чуть виднелись кряжи Памира, на северо-востоке джайлоо, а за ним вздымались вершины Алай-Куу и Арпы» (Каныбек (9, с.21)

Как видим, в русском варианте текста перевод этих слов отсутствует, а подражательные слова в киргизском тексте придают речи красочность, выразительность мыслей, также служат лексическим средством для взаимного понимания контекста в целом.

Важно учесть, что иногда без употребления подражательных слов, невозможно выразить того значения, которое необходимо в определенной ситуации. Например: Көпчүлүк толкуп,күбур-шыбыр болуп, эшикти жүткүнүп карашып, кайра тымтырс болуп катып калышты (10,с.95). В этом предложении образные слова күбүр-шыбыр-шушукание, тымтырс-затишье, спокойствие, жүткүнүп-обдулуу, илгерилөө показывают внутреннее психологическое состояние массы, отражая когнитивные процессы. Отражая явление природы, звукоподражательные слова могут показать сопоставить совокупность человеческой мыслей с явлениями природы , соответствие , т.е.гармонию внутренней души с природой, психологическое состояние говорящего. В строках: Шуулдаба, шуулдаба теректерим,

Шуулдасан ыйлагым келет менин. (11,с)

Целесообразно глубже изучать общность подражательных слов с другими именами систему словоизменения, присоединение словоизменительных аффиксов, семантическую дифференцированность, также ограниченность в возможности выражения лица и принадлежность к тому или иному полу или возрасту, а также функциональные эквиваленты в русском или в других языках. Например: в киргизском языке имеются образные глаголы как далдай, долдой, далдакта, делдей, балтай, былтый, болтой, былкый, которые можно путем прибавления аффиксов –гай, ган (с фонетическими вариантами) образовать прилагательные далдайган, долдойгон, далдактаган, делдейген, балтайган, былтыйган, болтойгон, былкыйган имеющиеся своеобразные лексические значения.

Следует отметить, что при изучении подражательных слов было выявлено ряд звукоподражательных слов, ранее не озвученных в списке, составленных С.Кудайбергеновым. Например: бадандаган , бадактаган - шайыр, көнүлү куунак, ачык кыз- Жизнерадостная, веселая девочка приятной внешности. Тырталандаган – тырталандаган киши - человек высокого роста,худощавый, но грубоватого телосложения.Үтүрөйгөн – үтүрөйгөн көз, мүнөз-грустные, испуганные глаза, сердитый, угрюмый характер.

Таким образом, изучая подражательные слова в киргизском языке, сопоставляя их с другими языками можно еще раз подчеркнуть, что подражательные слова однозначно являются особой лексико-грамматической категорией слов, не как часть междометия, а как самостоятельная часть речи.

Главная наша задача состоит в выявлении собственного подхода к вопросам употребления подражательных слов в речи и на письме, определения их основной роли, создание фундаментальных трудов, рассмотрение с точки зрения психологии, философии, также социологии в эпоху прогрессивного развития науки и новых технологий.

Литература:

1. В.И.Кодухов. Введение в языкознание. - М.:Просвещение,1987.-с 6, с.11, с.62.

2. Ф.М.Березин.Б,Н.Головин. Общее языкознание. - М.:Просвещение,1979.с.56.

3. Дж. Буранов. Сравнительная типология английского и тюркских языков. – М.: Высшая школа, 1983. с. 69.

4. С.Кудайбергенов. Подражательные слова в киргизском языке. Кыргызучпедгиз, 1957. с.7, с.78.

5. К. Жантошев. «Каныбек» - Фрунзе. : Адабият, 1991.-с 7.

6. Т.Касымбеков. »Сынган кылыч» - Бишкек.: Кыргызстан, 1998.- с.95.

7. С.Жигитов.

Молдобаева Н. Б.
Кыргызский Национальный университет Ж.Баласагына

УДК. 371:371.8

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ

Эне тилибиз дүйнөдөгү теңдеши жок улуу “Манас” эпосун жараткан тил, Орто Азиядагы алгачкы тилдерден болуп саналат. Анын алгачкы тил экендигин коомдук ишмер Д.Сарыгулов изилдөөсүндө мындай деп далилдеген. **“Кыргыз тили эң байыркы тил, анын байыркылыгын бир муундан турган сөздөр далилдеп турат.**” Мисалы: ай, күн, жер, суу, тоо, уй, кой, ат, сүт, эт, ме, ал, кел, бар, тур, ур, жар, жат, баш, мээ, кол, бут, көз, бел ж.б.” эки же андан көп мундан турган сөздөр кийинчерээк, башкача айтканда байыркы мезгилде эмес, орто кылымдарда пайда болушу мүмкүн деген божомолдор тил илиминде айтылат.

Адам баласы сөздүн зарылдыгынан улам, бирдиктүү системалаштырылган сөз айкаштарын иштеп чыккан. Мындай сөз айкаштарын куруу канча доорду камтыганын али илимде белгисиз. Сөз ошол кездеги адамдардын турмуш тиричилигинде эң зарыл каражат болгон. Барган сайын зарыл каражат болгондуктан адамдар арасында өсүп–өнүгүп, мезгил-мезгили менен толукталып, байып турган. Ал тургай, сөздүн кудурети, касиети, сөздүн куну өтө жогорку деңгээлге өсүп чыгып, элибиз төмөндөгүдөй макалдарды жараткан: “Кылыч кеспегенди тил кесет”, “Ок өтпөгөн нерсеге сөз өтөт”, “Баш кесмек бар, тил кесмек жок”, “Тилден уу да тамат, бал да тамат”, “Чечен таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт”, “Буттан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт”, “Сөздү айтканча өзүң ээсиң, айткандан соң сөздүн кулусуң”, “Калыстыкты как жарган кара сөз болот”, “Улут болсоң тилиң менен улутсуң”-дегендей, биринчи эл эл болуп отурукташкан, анан бир тилде сүйлөй билишкен, андан соң, мамлекетти жаратууга жетишишкен, башкача айтканда, уруу түзүлгөн, уруудан улут түзүлгөн, улуттан каган түзүлгөн. Каган башка мамлекеттерден эл-жерин коргоо үчүн жоого аттанган. Тил-кылымдарды карыткан. Тилди жоготпоо үчүн эл өзүн ар кандай кыйынчылыктан коргой билген. Элди эл кылып, сактап калган кыргызыбыздын тили, боз үйү, комузу болгон. Улуттун негизги атрибуттары: боз үй, улуттук кийимдер, этнографиясы, санжырасы, тарыхы, улуттук музыкалык аспаптары ж.б.

Дүйнөдө жыл сайын ондогон тилдер өлүп жоголот. Биздин эне тилибиз канча кылым карытса да, муундан-муунга таберик болуп өсүп келе жатат. Эне тилибизди аздектеген үчүн эл ичинен манасчылар, төкмө акындар, чечендер, куудулдар, акын, жазуучуларыбыз өсүп чыгып, элибизге руханий азык тартуулап жатат.

Эне тилибизди сактоо үчүн ар бирибиз патриот болууга тийишбиз. Тил жоголсо, эл жоголот, эл жоголсо улут жоголот. Мындай жоготуулар тарыхта миңдеп саналган. Ар бир кыргыз эне тилин сактоого кызмат кылуусу зарыл. Авар элинин эл акыны Расул Гамзатов: **“Эртең тилим жок болору чын болсо, анда бүгүн жан кыюга даярмын.”**[1] - деп айткан. (“Тил жана кеп жөнүндө сөз” Бишкек-2005. Түзгөн Чыманов Жеңишбек.А 77-б.). Ар бир инсан эне тилин Расул Гамзатовдой сүйүп аздектесе, анда эне тилдин тагдыры жоголууга учурабайт эле.

Тил сырттан кирген бир нече терминдерден толукталышы мүмкүн, ошондой эле медициналык, техникалык, техналогиялык терминдер лексиконубузду байытып турат. Буларды классификациялап олтуруп, мен төмөндөгүдөй ыраттуулукка ажыратып карадым:

1. Прозалык көркөм сөз каражаттары;
2. Поэтикалык көркөм сөз каражаттары;

[1] “Тил жана кеп жөнүндө сөз” Бишкек-2005. Түзгөн Чыманов Жеңишбек.А 77-б.

3. Илимий тилдеги эмгектер;
4. Техникалык, технологиялык сөз каражаттары;
5. Күндөлүк турмушта колдонулуучу сөз каражаттары.

Төмөндө биз кайрадан чечмелеп, кененирээк анализ берсек:

1. **Прозалык көркөм сөз каражаттары**-прозалык чыгармаларда көркөм сөз каражаттарын кенен пайдаланып, баяндоо, сыпаттоо, окуянын жүрүшү, ички сезимдерди билдирүү, табиятты сыпаттоодо эне тилибиздеги бай каражаттарды кеңири пайдалануу менен сөз айкаштарын түзөбүз. Тилибиздин бай каражаттарын проза жанырында кеңири пайдаланууга жол ачылат. Канчалык көркөм жазылса, чыгарма элге ошончолук кеңири тарайт. Окурмандар арасында кеңири резонанс жарата алат.

2. Поэтикалык көркөм сөз каражаттары-поэзияда негизги каражат болуп, берейин деген ойду так, даана жана көркөм тил каражаттары менен бере билүү ыкмасы биринчи орунда турат. Эне тилдин көркөм каражатын пайдалана билүү чебер акынга гана мүнөздүү. Эгерде тилдин бай каражатын поэзияда колдоно билбесе, анда поэтикалык ыргактар супсак жаралып калышы мүмкүн. Поэтикалык сөз айкаштарды уйкаштык менен бере билүү поэзиянын негизги стили болуп эсептелет.

3. Илимий тилдеги эмгектер-мында далилдүү фактыларга анализ жүргүзөөрдө, илимий тилдин стилинде айтуу кажет. Анткени жогорудагы проза, поэзия жанырындагыдай көркөм сөз каражаттарын эмес, мында илимий так анализдерди жөнөкөй, жеткиликтүү сөз айкаштары менен ырааттуулукта берүү менен айырмаланат. Анализ жүргүзүүдө эң жөнөкөй, так сөз айкаштарын колдоно билүү керек.

4. Техникалык, технологиялык сөз каражаттары-мында көбүнчө сырттан кирген терминдер которуусуз пайдаланышы мүмкүн. Себеби, ал терминдердин так түшүндүрмөсүн биздин сөз байлыгыбыз менен жеткире албай калышыбыз мүмкүн же ошол эле терминди так алмаштыра турган сөз жок. Ошондуктан бизде техникалык жана технологиялык терминдер өзгөртүүсүз алынат. Ар бир терминди сөзсүз түрдө терминалогия китебинен изилдөө керек. Антпесек, терминдерди түшүнүү, чечмелеп берүү кыйынчылыкты туудурат.

5. Күндөлүк турмушта колдонулуучу сөз каражаттары-кыргыз эли күндөлүк турмушта кеминде беш миңге жакын сөз каражаттарын колдонот. Ал эми европалыктар эки жүз гана сөз колдонот (венгриялык түрколог-Коцур Мандали). Демек, биздин күндөлүк турмушта колдонуучу сөзүбүз канчалык бай экендигин салыштырып кароого болот. Мисалга алсак: Эшиктен кирген жолоочу жигит кызга тийишип: “Кийимимди кайда илейин, бийкеч?”-деп сураса, кыз: “40 керегенин башынан орун таппасаң, алдагы койкойгон мойнуңа илип ал!”–деп жооп берген экен. Ушул эле жерден биз канчалык сөз каражаттарын таап колдоно билгенин көрүп турабыз.

Сөздүн куну, сөзгө жыгылуу, сөздүн касиети канчалык бийик даражада экенин ата-бабаларыбыз байыртадан эле аныктап, тактап, формулага салып койгондой, анализ берген. Педагогика илимдеринин доктору С.Рысбаевдин айтканына токтолсок: **“Кыргыз ата-баласы сөзгө муюган, сөзгө жыгылып, сөзгө эриген, сөздөн “өлүп”, сөздөн тирилген”**[1]. (С.Рысбаев Сөз жөнүндө дастан. Бишкек 2006-ж. 15-б.) Учурда сөзгө маани бербеген, сөздүн кунун түшүнбөгөн муундарыбыздын агымы келе жатканы жүрөгүбүздү үшүтөт. Сүйлөгөндө түпкү маанисин түшүнбөйт, ырдаганда ырдын маанисин түшүнбөйт. Мурдун балта кеспеген жаштарды көргөндө тилибиздин кадыр баркын жоготуп, беделин түшүрүшпөсө экен деп ойлойбуз. Эне тилде так сүйлөө боюнча жаш муундар арасында кароо-сынактар тез-тез уюштурулуп турушу зарыл маселе.

[1] С.Рысбаев Сөз жөнүндө дастан. Бишкек 2006-ж. 15-б.

Залкар даанышман, ойчул, көркөм сөздүн чебери Ч.Айтматов элибиздин улуттук тилине төмөндөгүдөй маани берген: **“Элди түбөлүк эл кылып турган анын тили. Ар бир тил өз элине улуу. Анын тазалыгын сактап, байлыгына байлык кошуубуз керек. Ар бир тилде бүтүндөй бир элдердин кылымдардан бери кыярбай келаткан турмуштук тажрыйбасы, илгери үмүтү менен арзуу тилектери катылып жатат. Тил деген-бул элдин автопортрети. Ар бир тил өз жөнү менен, ордунда турганы менен улуу, ар бир тил жалпы адамзаттык нарк-зыйнаттардын кампасындагы кымбат баалуу жана кайталанбас казына.”**[1] (Ч.Айтматов 8 том 163-б.)**.** Сөз өнөрүн аздектеген, көөдөнүнө асырай билген, сөз баккан кадырман ата-бабаларыбыз дайыма сөз байлыгына байлык кошкон. Биз азыр муундар арасына өткөөл көпүрөлүк милдетти аткарып жатабыз. Ата-бабаларыбыздан калган эне тилибиздин байлыгын өзүбүзгө сиңирип, кийинки муундарга берүү милдетин өтөп жатабыз. Бул милдетти аткарып жатып, эне тилибиздин бай мурасын жоготуп кемитип албасак экен деген ой туйшалтат. Барган сайын тилибиз дегредацияга учурабаса экен деп атуул катары ойлонот экенсиң. “Эне улук, тил улук, аны сыйлаган эл улук” демекчи, ар бир элдин эне тили болот эмеспи. Эненин сүтүнөн жаралган аруу тилди ыйык тутууга милдеттүүбүз.

Борбор шаарыбыздын айланасына көз жүгүртүп, кайсы мамлекетте жашап жатканыбызды түшүнбөйбүз себеби, нары карасаң кытай тилинде, бери карасаң англис тилинде жазылган көрнөктөр кеңири кездешет. Кыргызстандын борбору болгон соң, негизги көрнөктөр кыргыз тилинде гана берилиши кажет. Эгерде сырттан келген конок болсо, анда алар деги кайсыл мамлекетке келдик деп таң калышы шексиз. Бул көрүнүш эне тилге мамиленин жок болушунан кабар берет. Тил жоголгону мамлекеттин жоголгону, улуттун жоголгону. **“Эгер сен улутту жок кылгың келсе, анын тилин жок кыл”**-деп бекеринен айткан эмес. Шаардагы көрнөк-жарнактар кыргыз тилинде гана жазылып, башка тилдерде түшүндүрүү керек болсо, астына кичине тамга менен берүү керек. Мисалга коңшу өлкөлөрдү карап көрсөк, Казакстан, Өзбекстан ж.б. мамлекеттер бардык көрнөк-жарнактары өз эне тилинде жазылып турат. Биз башканы коюп, касиеттүү Бакай бабабыздын ысымын банккытын атына жөн эле коюп койбой, англис тилинде жазып койгонго таң каласың, бул кандай сабатсыздык. “Манас” эпосубузду колдон-буттан талашып жатканда, биз буга жол берип олтура берүү туурабы? Эне тилибиздин беделин түшүрүп жаткан жокпузбу? Демек, эне тилге болгон мамилени өзгөртүүбүз керек. Себеби тилди сыйлоо, асыроо, өнүктүрүү ага кылган мамиледен улам болот.

Өз тилинде так сүйлөбөй, бөтөн тилди кошуп сүйлөө билимсиздикпи же көөдөн көтөргөндүкпү? М: давайте болгула, патом барам ж.б.у.с. жада калса касиеттүү адамдарыбыздын касиетин кетирип, кутун учуруп, аялбы же эркекпи парасатын кетирип, “Токтогуладан токтоп койсоңор” же “Бакамбаевадан токтосоң”- деген сабатсыз адамдарды кезиктиребиз. “Өз агасын агалай албаган, бирөөнүн үйүн сагалайт” демекчи өз тилин так сүйлөй албаган сабатсыз адамдар арбып кетти. Мына ушул инсандарга айтайын деген бир гана сөз: **“Өзүн сыйлаган өлөөр өлгөнчө кор болбойт”**-дегенди эсинен чыгарбаса. Демек, өзүн сыйлап, башка тилди да так үйрөнүү керек. “Тилден уу да тамат, бал да тамат” демекчи, кызыл тилди кайда бура берсек кете берет, андыктан терс нерсени сын катары айтканда туура түшүнүп, жоюп жок кылууга ар бирибиз аракет жасашыбыз керек себеби биз келечек муунга татыктуу билим-тарбия беришибиз зарыл.

Сөздүн күчүн элибиз жогору баалашып, таасын, адилет айтылган сөзгө баш ийишкен. Ж.Бөкөмбаевдин “Чептен эрдин күчү бек” чыгармасындагы эне жүрөгү

[1] Ч.Айтматов 8 том. Бишкек “Учкун”-2009-ж. 163-б.

эзилип: -Эркетай, элиң үчүн курман бол!-деп айткан сөзүнө, –Эч качан унутпаймын айтканыңды!-деген баланын сөзү, эл, жер үчүн туулган баланын патриоттук сезимин айгинелейт. Ал эми карыя: “Көтөрбө чеп коргондун кереги жок, кордукка мындай балдар бербейт элди”-деген калыс сөзү, жаштарын, улан, кыздарын патриоттуулукка, эмгекти сүйүүгө, достук жана биримдүүлүккө, адептүүлүк жактан таза болууга, үй бүлө түндүгүн бекем сактай билүүгө, илим-билимге үндөйт.

“**Ар кандай баладан адам тарбиялоого болот**” [1]-деп Ян Амос Коменский айткандай (Педагогиканын тарыхы Мектеп-1971-ж. 35-б) эне тилде таза сүйлөөнү балага үйрөтүү үчүн жаш кезинен үйрөтүү зарыл. Бала 3-5 жаш курагында кыргыздын баатырларын, көркөм жомокторду, комуз күүлөрү менен тарбиялоо зарыл. Баланы 14 жаштан кийин нукура кыргыз тилине, кыргыздын руханий дөөлөттөрүнө үйрөтүү өтө кыйынга туруп калат. Анткени баланын аң сезимине башка тилдин руху орноп калып, тилге болгон ыйык мамилени жан дили менен сезе билбейт. Бала же эне тилин өздөштүрө албай, же башка тилди өздөштүрүп кете албай ортодо чайналып калат.

Клод Адриан Гельвеций: **“Жаштарды тарбиялоодогу жаңы жана негизги нерсе-бала жашаган мамлекеттин башкаруу формасы жана башкаруунун ошол формасынан элде пайда болгон нрава”**[2]-деп белгилеген. (Педагогиканын тарыхы “Мектеп”- 1971-ж. 63-б.). Клод Адриан айткандай, баланы 6 жашка чейин дүйнө таанымы нукура кыргыз тилинде гана жүргүзүлүшү керек. Демек, жаш кезинен эне тилде сүйлөтүп, эс тарта баштаганда чет тилдерди үйрөтүү эч убакта кеч эмес.

Баланы кандай тартипте тарбиялоо керектигин Джон Локк мындайча айткан **“Биздин убагыбызда кимде-ким өзүнүн уулун ушундай тарбияласа, анда анын баласын өмүр бою чоң байлыктын үстүндө чардап өмүр сүрүүгө, магдырап уктоого даярдап жатканы...”**[3] (Педагогиканын тарыхы “Мектеп”-1971-ж. 51-б). Джон Локк белгилегендей бала үй бүлөдөгү маданият мамиле, руханий байлыктардан гана таасирленет. Баланы бешикке бөлөгөндө бешик ырын ырдоо балага канчалык деңгээлде көркөм дүйнөсүнө таасир этсе, көркөм жомоктор дүйнөгө көз карашын өзгөртсө, улуттук баатырлар жөнүндөгү легендалар, аларды патриоттуулукка тарбиялайт. Тилекке каршы ар бир үй бүлөдө мындай тарбиялоо ыкмасы жүргүзүлө бербейт. Мисалы еврейлер баласын: “Сен таланттуусуң, сенин колуңдан баары келет, сен акылдуусуң”-деп баланын ички дүйнөсүн ачканга аракет кылат. Тескерисинче биз: “Сенин колуңдан коко тыйын келбейт, сен балээни билесиңби, сен бир дөдөйсүң, бүлдүргөндөн башкага жарабайсың ж.б.”-деп баланы ого бетер чүнчүтүп, баштаган ишинен тайсалдатып, мокотуп салабыз. Бала бир нерсени эркин ой жүгүртүп, шар кете албай, чечкинсиз болуу менен сөзгө мокок болот. Өтүмсүз болуп, өзүндөгү жөндөмдүүлүктөр өчө баштайт. Бир нерсени шар баштап кете албай жалтак болот.

Эпиктеттин айтканына кайрылсак: **“Кереметтин керемети-бул жашоодо мыкты тарбия алган адам.”**[4] (Аплимажун Кубатбек уулу Эне тили, чет тили келечекке шам чырак. Бишкек 2009-ж. 43-б.). Демек, өсүп келе жаткан жаш муундарга татыктуу билим жана адеп-ахлактык тарбия берүү менен эне тилин ыйык тутууга, кадырлап кастарлоого үйрөтүшүбүз зарыл.

Ар бир улут өз эне тили менен, каада-салты менен бири-биринен айырмаланат. Бул тууралуу КР эл жазуучусу С.Эралиев: **“Дүйнөдө улут көп. Бул чынында адамзаттын байлыгы. Эгер улут деген түшүнүк жок болуп, дүйнөдө өңү-түсү, кулк-мүнөзү, тили, салты окшош адамдар эле жашаса, анда дүйнө тузу кем аштай супсак, анча ажары жок ыраңсыз болор беле? Улуу Жараткандын түзүүчүлүк**

[1] Педагогиканын тарыхы Мектеп-1971-ж. 35-б.
[2] Педагогиканын тарыхы “Мектеп”- 1971-ж. 63-б.
[3] Педагогиканын тарыхы “Мектеп”- 1971-ж. 51-б
[4] Аплимажун Кубатбек уулу Эне тили, чет тили келечекке шам чырак. Бишкек 2009-ж. 43-б.

кереметин көрчү!”[1] (С.Эралиев “Сага айткан сыр” “Бийиктик” Бишкек 2009-ж. 28-б.). Кыскасын айтканда, эне тилин аздектеп, андан соң бөтөн тилди билүү ар адамдын асыл сапаты деп түшүнөм. Кыргызда: “Жети атаңдын кимин бил, жети элдин тилин бил!”- деп бекеринен айткан эмес. Андыктан өсүп келе жаткан жаш муундарды эне тилин жана чет тилдерди үйрөтүү менен бирге адептик ыйманга тарбиялоо ар бирибиздин милдетибиз. Канча тил билсең ошончо адамсың. Учурдун талабы тилдерди эркин өздөштүрүү менен дүйнөнү таанууга жол ачып жатканын жаштарыбыз бөркүндөй эле билип калышты. Бул тууралуу М. Р. Львов: **“Тилди өздөштүрүү-бул доорлордун байланышы, бул көптөгөн муундардын рухий дөөлөттөрүнө ээ болуу.”-** деген.

Кыргыз тилин окутууда этнопедагогиканын ролу зор. Андыктан учтан түпкө уланып келаткан эне тилибизди элдик педагогиканын негизинде окутуп өнүктүрүүнү, аздектеп сактоону үйрөнөлү!

Адабияттар:

1. Ч.Айтматов 8 том. Бишкек “Учкун”-2009-ж.
2. С.Рысбаев “Сөз жөнүндө дастан” Бишкек 2006-ж.
3. С.Эралиев “Сага айткан сыр” “Бийиктик” Бишкек 2009-ж.
4. Педагогиканын тарыхы Мектеп-1971-ж.
5. Аплимажун Кубатбек уулу “Эне тили, чет тили келечекке шам чырак” Бишкек 2009-ж.
6. “Тил жана кеп жөнүндө сөз” Бишкек-2005. Түзгөн Чыманов Жеңишбек.А 77-б

Мусаева В.И.
Кыргыз билим берүү академиясы

УДК.894.341.085.4+371.3

ЧЕЧЕНДИК КЕПТИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА АНЫН ОКУТУП-ТАРБИЯЛООЧУЛУК МААНИ-МАҢЫЗЫ

Кыргыз тили далай кылымдарды карыткан, бай тарыхый казынасы, таржымалы бар өзгөчө жаралган касиеттүү, кереметтүү тил катары анын туруктуу сөз айкаштары, фразеологизмдери, лексика-семантикалык сөз маанилери, морфологиялык жана синтаксистик тил каражаттары тарбиялык таасири күчтүү зор көлөмдөгү улуттук рухий байлыктарды өзүнө камтыйт.

Молдо Кылыч “Зар заманда” “Чечен кылды бирөөнү, сүйлөгөнү эп келди, жакшы менен жаманды өзү билип текшерди” [1, 57] деп жазгандай, тарыхый фактыларга, илимий-теориялык маалымат-булактарга жана эл арасындагы карыя адамдардын калтырып кеткен эскерүүлөрүнө [2, 357] таянып айтсак, кыргыз элинин чечендик кеби болжол менен 6-8-кылымдагы Орхон-Енисей эстеликтериндеги таштагы жазууларда эң мыкты делген чечендер Кытай, Византия, Тибетке элчиликке баргандары жазылгандыгы менен башталат. Андан соң 9-10-кылымдагы Манастын доорундагы Ажыбай, Байжигит чечендер тарабынан улантылып, кийин Атилла хандын тушундагы төлгөчү Кара Төлөк чечен, Жаныбек хандын тушундагы Жээренче чечен, Акыл Карачач, Асан Кайгы, Алдар Көсөө, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Санчы сынчылар, манасчылар, эл ырчылары, акындар тарабынан өнүккөн. Ал эми Алдаяр уулу Мойт аке, Мендекул уулу Карга аке, Доскулу уулу Сарт аке, Жылкыайдар уулу Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр аке, Бала Айылчы, Кубат уулу Калыгул, Алчыке, Айтыбар, Көкөтөй, Куйручук сыяктуу жана башка чечендер тарабынан калыптанып келген десек

[1] С.Эралиев “Сага айткан сыр” “Бийиктик” Бишкек 2009-ж. 28-б.

чындыкка жакындашат. Ушундан улам, кыргыз элинин чечендик кебинин пайда болуу, өнүгүү тарыхын төмөнкүдөй төрт баскычта кароо максатка ылайыктуу:

1-баскыч: 6-8-кылымдардагы Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулар;

2-баскыч: 9-10-кылымдагы Манастын доорундагы Ажыбай, Байжигит ж.б. чечендик кеби;

3-баскыч: 14-15-кылымдагы Жаныбек хандын доорундагы Жээренче, Алдар Көсөө, Акылкарачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Санчы Сынчылардын чечендик кеби;

4-баскыч: 18-кылымдан 20-кылымдын башына чейинки манасчылар, эл ырчылары, эл акындары ошондой эле, Алдаяр уулу Мойт аке, Мендекул уулу Карга аке, Доскулу уулу Сарт аке, Жылкыайдар уулу Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр аке, Бала Айылчы, Кубат уулу Калыгул, Айтыбар, Алчыке чечендер, Куйручук, Жоошбай Борсол уулу, Көкөтөй Өмүрбек уулу, Карачунак Шылдыр уулу, Бекназар Арзымат уулу, Шаршен Термечик уулу ж. б. чечендик кеби.

Бул аталгандар, албетте, толук эмес. Тарыхый-хронологиялык тартиптен алып карасак, 11-13-кылымдардагы жана 16-17-кылымдардагы чечендик кептин тагдыры белгисиз бойдон калууда. Ал эми чечендик кепти жыйноо, кагазга түшүрүү маселеси революциядан кийин гана башталган. Бул иште Ы.Абдрахманов [3] менен А.Арыстекеевдин [4] эмгектери зор экендиги белгилүү. Айрыкча, Ы.Абдрахмановдун академиянын кол жазмалар фондусунда канча жылдан бери сакталып турган бай мурасы бүгүнкү күнгө чейин жарык көрбөгөндүгү өкүндүрбөй койбойт. Мына ошолордон окутуп-тарбиялоочулук мааниси барларын иргеп, мектепке, гимназияларга кыргыз тили окуу китебине киргизип, окуу куралы, окуу хрестоматиясы, дидактикалык материалдар түрүндө сунуштасак, жаш муундар үчүн пайдалуу иш жасаган болоор элек.

Кыргыз элинин башынан өткөн кыйын-кыйчалыш замандарда акылман чечендер «Дүйнөдө эң зарыл, баалуу, балдан таттуу, уудан ачуу нерсе бул – тил», “Кылыч кеспегенди тил кесет”, “Кылыч эттен өтсө, сөз чучукка жетет”, “Баш кесмек бар, тил кесмек жок”, “Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт”, “Тил – ойдун сандыгы” деген сыяктуу чукугандай сөз таап, сөздүн сырдуу түйүндөрүн, табышмактарды чечишип, сөзмөр, кепкор, кепке уста келишип, акылдуулук, тапкычтык, ылдамдык, көсөмдүк, калыстык менен жооп таап, элдин кызыкчылыгын көздөп, достугун бекемдеп, алардын жолун ачып, далай азап-тозоктордон, согуш-кыргындардан коргоп калышкан. Ушундан улам илгери эң мыкты, даанышман чечендер элдер ортосунда элчилик кызматты, хандын ордосунда кеңешчилик милдетти аткарышып, акылман акыйкат чечендик кептин касиет-күчү менен өнбөгөн доону өндүрүп, жеңилбеген жоону жеңүүдө зор роль ойношкон. Алар бара-бара эл арасында мөөрсүз, документсиз эле «чечен» деген атка конушуп, «чечендин тили – орток» дегендей, алардын айткандары эл арасына макал-лакап, учкул сөз, накыл кептер катары кеңири тарап кеткен. Ал эми убагында оозго илинбей, айтылбай унутулуп калгандары канча, албетте, белгисиз.

Чечендик кеп айрыкча манасчылардын, жомокчулардын ошондой эле, ырчы, акындардын, төкмөлөрдүн айтыштарында да колдонулуп, алар чукугандай сөз таап, кебин логикалуу, ырааттуу, уйкаштыкта, жеткиликтүү, таасирдүү кээде күлкүлүү айтуу менен сөзгө жыгышкан. Чечен болчу адамга тубаса талант керек. Муну .менен катар ал акылдуу, зирек, көрөгөч, сезим-туюму эркин, эске тутуусу күчтүү болушу да абзел. Ушундай адам гана «өзүн кай жерде кандай алып жүрүүнүн, сөз жүйөөсүн таап, кеп түйүндөрүн эркин чечмелеп, табышмак, ой ката, сын бере, так катыра таамай сүйлөөнүн» сырларын мыкты ажыратып биле алышат. Алар жаштайынан «тирикарак, абдан сезимтал чыгышып, ошол элдин тарыхын, географиясын, үрп-адат, салтын, фольклорун терең чечмелей билишкен. Легендарлуу Жээренче чеченден тарта бизге

жакшы тааныш кийинки мезгилдеги чечендердин өмүрү, өнөр жолу буга далил» [5, 35].

«Чечендерди адамдар аңыз кылып, эл пир туткан», – деп жазат С.Закиров [6]. Тилге чебер, ар дайым орчундуу маселелерди туура адилет чечип, жалпыга тең караган калыс, акылман инсандар – чечен аталып, алар ар дайым эл арасындагы жыйындарда зор роль ойноп, кадыр-баркка ээ болушуп, алардын тагдыры эл тагдыры менен бекем чырмалышып калган. Бирок алар тууралуу учурунда атайын жазылып калган тарыхый факты-материалдар, жазуу-сызуу, изилдөөлөрдүн жоктугу албетте, өкүндүрбөй койбойт» [2, 362].

«Манас эли» кыймылынын төрагасы, эл акыны Асан Жакшылыков «Адамда айкөлдүк, кеменгерлик, акылман көкүрөгү таза болгондо анан чечендик, сөзмөрлүк келип чыгат» дегендей, кыргыз элинин чечендери көбүнчө ак менен караны, жаман менен жакшыны, бар менен жокту, чындык менен калпты, адал менен арамды мыкты ажырата тааныган карапайым, эл ичинен чыккан таза дилдүү, ак ниеттүү адамдар болушкан. «Чечендик өнөр кан болсо да, бек болсо да туура сөздү туусундай көргөн, катаал тартип, адамдардын тагдыры кор, бирок «баш кессе да, тил кесмек жок» сөз эркиндиги күчтүү кездерде кыйындардын кыйыны көзгө түшүп, эбегейсиз өркүндөгөн. Анда, акылдуу адамдар турмуштун ар кандай оорчулугун тунук акыл-сезими, ой жүгүртө билүүсү, күжүрмөн эмгекчилдиги менен жеңилдете алышкан. Алар бийик атакка, сый-урматка, бакытка да дайыма ааламдын, табияттын, адамдардын сырларын туура чечмелей билген акылдуулугу, тапкычтыгы, көрөгөч, көсөмдүгү аркылуу жеткен» [2, 358]. Мына ошондой чечендердин чечендик кептерин окумуштуулар изилдөөгө алышып, түрлөргө бөлүп, илимий жактан классификациялашкан.

Бул жаатта адабиятчы окумуштуулар С.Закировдун жана А. Обозкановдордун бөлүштүрүүлөрүн айтууга татыктуу. 2004-жылы басылып чыккан «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 1-томундагы (2-басылышы) «Чечендик өнөр» деген аталыштагы бөлүмдү А.Обозканов иштеп чыккан жана кыргыздын чечендеринин чечендик кеби “акыл чечен”, “көрөгөч чечен”, “кургак чечен” деген бөлүштүрүүгө ээ болуп, алардын ар бирине төмөнкүдөй мүнөздөмөлөр ыйгарылган. Мисал келтирели:

Акыл чечендин чечендик кебинде акылы артып, тили да күлүк. Тил – чечендиктин негизги белгиси. Ар тилдин бай, кереметтүү экендиги – сүйлөөнүн маданиятынан таасын билинет. Ошентсе да чечендикте акыл олуттуу маанигe ээ. Элдик дипломатия «капилеттен сөз, караңгыдан көз» тапкан тили жатык, бай, логикасы күчтүү, акылман чечендер аркылуу жүргөн. Кылыч менен ала албаганды тил менен алгандар ушулар. Буга: Ажыбай, Байжигит, легендарлуу Акылкарачач, Тилекмат, Сарт аке ж. б. чечендерди кошууга болот.

Көрөгөч чечендин чечендик кебинде алдын ала көрө билүүчүлүк, тубаса психологдук, кылдат сынчылдык сапаттар күчтүү. Легендарлуу Жээренче чечен, Алдар Көсөө жана Садыр, Кыдыр аке, Калыгул олуя, Көкөтөй, Куйручук мына ушундай чечендерден.

Кургак чечендин чечендик кебинде көп сөздүүлүк, далилсиз, кургак, маанисиз сүйлөгөн сөздөр жыш кездешет. Мындайларды эл «кургак чечен», жөө чечен экен деп келекелеп, чечен катары эсептешпеген.

Жөө чечендердин сүйлөөсүндөгү кемчиликтерди Молдо Кылыч Шамыркан уулу “Зар заман” аттуу чыгармасында

“Сөз бербеген жөө чечен, учуп жүргөн камгактай.

Пайдасы жок сөзүңүз чөп чыкпаган кайрактай.

Өзү жеке сүйлөдү, ала качкан жайдактай” [1, 585) деп, таасын чагылдырат.

Демек, чечендик кепке атайын маани, баа берилип, эл тараза дегендей, көп сүйлөп, маанисиз кеп айткан, сөзгө конок бербеген, эмгектенбеген, жалкоо адамдарды кыргыз эли “кургак чечен” гана эмес, “маңыз” деп да аташкан.

Санжыра изилдөөчү окумуштуу С.Закиров өзүнүн «Чечендик сөздөр» деген макаласында [7] жогоруда аталган чечендерге кошумча «тил чеченди» да киргизип, акыл чеченге артыкчылык берүү менен тил чечендин кебинин айырмачылыгын төмөнкүдөй мүнөздөйт: «Бардык жагынан төп келген чечендерди ***тил чечен*** деп коюшат. Тил чечендин сүйлөгөн сөзү уккулуктуу келип, ырдай куюлуп, «айдаган койдой ашыгып» [7], улам сүйлөгөн сайын күчөп отурат. Айткан сөзүнүн мааниси терең, уккан адамды тажатпай магдыратат. Үнү да коңур келип, айткан сөзүнүн мааниси алаканга салгандай ачык болот. Акыл чечендин кемчилиги тил чечендей сүйлөй албайт. Куюлушкан мисалдарды таамай айтуу менен чектелет. Айтканы орундуу келип,талаш туудурбайт. Чоң маселелерди аз сөз менен чечип коёт. Уккан адам таамай айтылган орчундуу сөзгө баш ийет» [7].

Ал эми адабиятчы-окумуштуу К.Байжигитов “коңур чечен”, “оромо чечендин” чечендик кебин [8, 16] киргизип, айрыкча оромо чечендин кебин чечендик кептин бийик чокусун багындырып, “акылман ой чабытынын кенендигин, таасирдүүлүгүн, орундуулугун, мазмундуулугун, философиялуулугун, кепти макал-лакап, табышмак, санжырадан баштап, угармандарды муюта” тургандыгын белгилейт [8, 16]. Окумуштуу К.К.Юдахин сөздүгүндө “коңур чеченди – приятный оратор, жөө чеченди – краснотай фразёр ал эми кургак чеченди – пусто слов” [9] деген котормосун сунуштаган.

Кыргыз элинде чечендердин чечендик кептерин жогоркудай түрлөргө бөлүштүрүү башка элдерден кескин айырмаланып турат. Эгер римде, гректерде жана орус элинде чечендердин кептери кептин мазмунуна же кайсы маселеге багышталганына жараша бөлүштүрүлсө, ал эми кыргыздарда чечендик кептин мүнөзүнө кошумча чечендердин жөндөмүнө, талантына, шыгына, деңгээлине маани берүү менен алардын турмуштагы ролун, ордун аныкташкандыгы байкалат.

Кыргыз элинин чечендик кебинин келип чыгуу булагы, башаты, тамыры, өзөгү кайда жатат? деген суроо туулат. Жогоруда да белгиленгендей, чечендик кептин жаралуусунун терең тамыры элдик таланттарда, чыгармачыл инсандарда жатат. Тактап айтканда, карапайым элдин калың катмарынан суурулуп чыккан айрыкча касиеттүү манасчылар да (Жайсаң ырчы, Ырамандын ырчы уулу, Келдибек, Балык, Музооке, Чоңду, Акылбек, Тыныбек, Найманбай, Дыйканбай, Чоюке, Тоголок Молдо, Сагымбай, Саякбай) кыргыз элинин чечендик кебине негиз салуучулардан болгон десек жаңылышпайбыз. Манасчылар менен бирге эл шайырлары, эл ырчылары, эл куудулдары, эл акындары, сынчылар, төкмөчүлөр – булар турмуштан алган курч таасирлерин, тажрыйбаларын чечендик кеби менен кайра элге тартуулашып, угармандарды арбап, өздөрүнө жипсиз байлап алышат. Алар кыргыз элинин чечендик кебин, маданий мурасын элге жайылтуу максатында эл аралап жүрүшкөндүктөн, чечендик кептери, чыгармачылык сүрөткерликтери, оң сапаттары бири-бирине жугушуп, оошуп, кошул-ташыл болуп турат.

Чечендер өздөрүнүн чечендик кептеринде эпос, жомок, санат, айтыш, табышмак, жаңылмач, тамсил, макал-лакап, калпттарды кеңири пайдаланышкандыктан, чечендик кептин башкы башаты, булагы бул – “Манас” эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылык деп айтууга толук негиз бар. Атап айтканда, чечендик кептин булактары катары *элдик макалдарды* (жаман атты жакшы баксаң – тулпар), *лакаптарды* (шодокондун бүркүтүндөй жутунган), *санат-насыяттарды* (эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат), *табышмактарды* (Бирөө куюлуп түшөт, бирөө кубанып ичет, бирөө кулпунуп өсөт. (жаан жер, өсүмдүк), *жаңылмачтарды* (Бадал арал, бадал арал, Бадал аралда оттогон бала марал), *калптарды* (Кичинемде турна бактым, Арка арыгына жабуу жаптым. Өз энемдин ичинде экенимде,Чоң атамдын жылкысын бактым) кошсок болот.

Байыркы римдик чечен Цицерон [10] «чечен болуп туулуу керек» деп айткандай,

кыргыз эли байыртан эле куюлуштуруп, шар сүйлөө менен окутуп-тарбиялоочулук маани-маңызы терең чечендик кептин бай казынасы менен жаш муундарды бир нече кылымдар бою туура багытка үндөп, тарбиялап келген. Мисалга алсак:

- Акыл – башта
- Кубат – сөөктө
- Уят – көздө

Бул чечендик кептин ар биринде оң жолго сала турган адеп-ахлак маселеси, бийик ой-максаттар бугуп жатат. Кыргыз элинин чечендик кеби көбүнчө бири-биринин акылын сынашып, азыркы термин менен айтканда "мээге чабуул", "акыл чабуулу" иретинде суроо-жооп, диалог, табышмак (баш катырма) түрүндө айтылып, ал учурда жазуу-сызуу жоктугуна байланыштуу кызыл тил жана акылдын күчү менен оозеки баарлашуу, сүйлөшүү, карым-катнаш ишке ашырылып, чечендик кеп алгач ирет оозеки түрүндө пайда болгон. Бул албетте, өткөн заманда азыркыдай коммуникациянын, цивилизациянын, телефон, телевизор, компьютер, интернеттин жоктугуна байланыштуу алардын бири-бири менен баарлашуу, карым-катнаш жасоосунун эң башкы куралы мына ушул – чечендик кеп, сөздүн кудурети, эне тили саналган. Чечендик кеп менен жашап, дем алып, сүйлөшүп, мамиле жасашып, убакыт өткөрүшкөн десек да болот. Суроо-жооп, диалог формасындагы чечендик кептен мисал келтиребиз:

Суроо: Акылдуу азамат ким? Аргымак кандай ат?

Жоп: Азамат деп айтабыз, жолдошун таштап кетпесе,

Акылдуу деп айтабыз, бузулган элин эптесе,

Аргымак деп айтабыз, артынан бир ат жетпесе.

Кыргыз элинин тарыхында Жээренче чечен, Санчы Сынчы, Алдар Көсөө, Сарт аке, Мойт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Көкөтөй, Куйручук, Бала Айылчы, Айтыбар, Ыбырай аттуу жана башка да (ысымдары жазылып калбаган) чечендер жашап өтүшкөн. Алардын турмушту таанытып-билдирүүчүлүк, окутуп-тарбиялоочулук, өнүктүрүүчүлүк максатты көздөгөн чечендик кептери эл арасында аңыз болуп айтылып, азыркы учурга чейин пайдаланылып, жаш муундарды ак менен караны, жаман менен жакшыны айырмалап билүүдө окутуп-үйрөтүүчүлүк зор роль аткарууда. Алардын чечендик кептери тууралуу төмөндө сөз кылабыз:

Жээренче чечендин чечендик кеби 15-кылымда Жаныбек хандын тушунда өнүккөндүгү тууралуу Тоголок Молдонун жазгандарынан улам белгилүү. «Өзү чечен, сөзү бекем, элге даркан, оокаты арзан; кызыл тили сайрап, сөзү менен жайлап, кезек менен сүйлөп, кеп менен байлап мындай чечен болбойт эл ичинде оокаты көп, сөзү эп. Эл ичинде чечилбес түйүндөрдү сөз менен, талаш маселе болсо акыл таразасы менен чече билген» [«Адабий Ала-Тоо», 2008, № 5]. Жээренче чечен даанышман келини Акылкарачач менен бирдикте Жаныбек хандын каарынан таасын сөздөрү, тунук акылдары менен кутулуп кеткен тарбиялык маанидеги чечендик кептери жомокко айланып, эл арасына кеңири тараган.

Санчы Сынчынын чечендик кеби. 1683-жылдары "Дүнүйөгө мас болуп, өз элине кас болуп" турган Кудаяр хан өкүмү менен кыстап, "мени сынагын" дегенде Санчы Сынчы: "Сен бир кара жолтой хандырсың.

Ушул сенин тушунда журт бузулат.

Калың кара журтка артыкча кесириң тийет.

Элдин туурдугу сыйрылат.

Өзүң ач кайкалаң, куу белде өлөсүң [11]" – деген экен.

Ошондон бир аз жылдан кийин эле калмактардын чабуулу башталып, Кудаяр хандыктан түшүп, дүнүйөсү таланып, өзү тентип өлгөндүгү эл ичинде айтылып калган.

Алдар Көсөөнүн чечендик кебин «сөзгө чебер, зөөкүрлүгү жок, колу кармаак,

оозу шок, жүрүп кетсе жеткирбеген күлүктүгү бар, айтыша келсе сөздө жеңдирбеген жүлүктүгү бар, жандан тартынбаган тыңдыгы бар, көз буучудай алдаган шумдугу бар, сөзү жумшак, тили ширин» [Адабий Ала Тоо, 2008, № 4], аты Чагатай экендигин Тоголок Молдо жазып кеткен.

Адабияттар:

1. Кыргыздын чечендери – мектепте 5-11-кл. Окуу хрестоматиясы. Түзгөн В.И.Мусаева. – Б.: Гүлчынар, 2010. – 585 б.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. Фолклористика. 1-том. Экинчи басылышы. – Б.: Шам, 2004. 684 б.
3. Абдрахманов Ы. УИАнын кол жазмалар фондусу.Инв.№720.
4. Арыстакеев А. УИАнын кол жазмалар фондусу.Инв.№414.
5. Казакова Н. Чечендик өнөр (Риторика) ЖОЖдор үчүн окуу куралы. – Б., 2009. – 71 б.
6. Закиров С. Кыргыз санжырасы – Б.: Кыргыз энцикл.башкы редак,1996. –427 б.
7. Закиров С. Чечендик сөздөр // Ала-Тоо. – 1986, 16-март.
8. Байжигитов К. Кыргыз адабий сынынын тарыхы. – Б.: Кырг.гос.унив,1992.
9. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – Ф.: Мектеп, 1965.
10. Цицерон Т. Три трактата об ораторском искусстве. – М., 1972.
11. Тазабек Саманчин Легендадан романга чейин: Өткөн доордун акын ырчылары. Адабий сын макалалар. – Ф., 1971. – 240 б.

Мусаева В.И.

Кыргыз билим берүү академиясы

УДК.894.341.085.4

КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ ЧЕЧЕНДИК КЕПТЕРДИН БАШКЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Сарт акенин чечендик кебин тилчи-окумуштуу А.Иманов мындайча сүрөттөйт: “тарбиялык мааниси күчтүү, көрөгөчтүк менен насаат айткан озунуп сөз сүйлөбөгөн, адамдын шагын сындырбаган, илебин кайтарбаган, атайы өтүнүч, суроо-талап болгондо гана кепке аралашкан, эгер сүйлөсө сөздүн көзүн таап, адамдын жумурундагыны билип, уютуп, жибитип, ары курч, ары таамай саймедиреп айтчу экен» [1].

Мойт акенин чечендик кебинде баталар көп кезигет. Мойт аке батасы сая кетпеген, дарыгерлиги да бар, уруу арасында чатак болсо, сөз менен чечкен чечен, сынчы, мүнүшкөр адам болгон. Анын мындай касиеттери Ж.Жылкыбаеванын «Тарыхый инсандар таржымалынан» аттуу китебинде [3] кеңири айтылат. Бата сурап келген Жаныбекке берген батасы: «Жоголуп табылган мал берсин! Тойсоң ачпа, толсоң бөксөрбө! Чайпалсаң төгүлбө! Оомийин!». Оозуна сала бергендей, Мойт аке өзү мингизген бээден күлүк туулуп, атагы айланага тарап, кызыккандар тарабынан уурдалып, кийин кайра табылган .Ошондон улам, Мойт акенин алдын-ала билүүчүлүк касиети болгон .

Тилекмат чечендин чечендик кеби менен кыргындан эл аман калган. Кокон хандыгына, калмак ханына элчиликке барып, алардын тилин таап, жүйөгө келтирген. Далай айтыштарда тунук акылы, чечендик кеби, кызыл тили менен биринчи орунга чыгып келген. Тилекматтын чечендик кебин уккан Ормон хан аны сынагысы келип, суроо узатып, акылман жоопторду уккан: *Ормон хандын суроосу* – Жолдун ээси эмне? Суунун ээси эмне? Сөздүн ээси эмне? *Тилекматтын чечендик жообу* – Жолдун ээси –

туяк, жерге туяк тиймейинче жол пайда болбойт, ошондуктан жолдун ээси туяк,

– Суунун ээси – булак, суунун башы булак дегеним, агыны катуу суу, түбү терең көл дагы булактардан топтолот» [3,118].

– «Кептин ээси – кулак, жакшы кепти да, жаман кепти да кабыл алган сөз ээси кулак эмей эмине»? [3,118]. Акылдуу айтылган сөзгө Ормон хан баш ийген экен. Тилекмат чечендин жаш кезинде Төкөй уулу Абайылдадан бата сурагандагы экөөнүн чечендик кебинен:

Абайылданын батасы:

Сен жаш болгон менен элге баш болгондой экенсиң.

Аркаң кара нардай жоор болсун.

Мүнөзүң кара жердей оор болсун.

Өпкөң жок, боор болсун.

Кулагыңдан шыбыр кетпесин.

Жашың алтымышка жетпесин.

Тилекматтын чечендик кеби (чечмелегени):

«Аркаң кара нардай жоор болсун» дегениңиз, эл үчүн кызмат өтөп, элди өз боюңа тарт, дегениңиз.

«Мүнөздүн кара жердей оор болгону» – алысты ойло, салмактуу бол дегениңиз.

«Өпкө жок, боору болгону» – ар ишке ачууланба, кекчил болбо, мактанчаак болбо, боорукер бол, дегениңиз.

«Кулактан шыбыр кетпегени» эл арасында доо, жаңжалдар көп кездешет, андай маселени түп-тамырына чейин текшерип, ак-карасын ажырата бил, дегениңиз.

«Жашың алтымышка жетпесин» дегениңизди түшүнө албадым.

Абайылданын жообу:

– Балам, сенден кудайдын жашын аяп, кызганамбы? Менин жашым сексен төрттө. Сага айтканым, алты балаадан оолак бол, дегеним. Чоң үйгө кире албадым, кичүү үйгө сыя албадым. Кара сакалдуу акем болду, кара чачтуу энем болду. Оору келди, карылык жеңди. Мына, алты балаа ушул.

Тилекматтын чечендик кеби (чечмелегени):

«Чоң үйгө кире албаганыңыз» – катарым, тең курбуларым кетип жатат, барчу үй түгөндү, чакырбаса башкаларга баралбаймын дегениңиз. «Кичүү үйгө сыя албаганыңыз» – өзүмдөн кичүүлөрдөн ийменем, дегениңиз. «Кара сакалдуу акеңиз» – өз балаң чоңойсо өзүнө ата, тилиңди албайт, деген кеп. «Кара чачтуу эне» – келиниңиз. Калган экөө түшүнүктүү – деди. Абайылда «жакшы чечтиң» деп алкап батасын берип, ыраазы болду».

Өткөн заманда туура эмес, адепсиз бир сөздөн баш алынып, ал эми жүйөөлүү айтылган бир сөздөн адамдын жаны аман калып, ал түгүл бүтүндөй эл азаттыкка чыккан. Кокондун ханы Кудаярга Тилекматты элчиликке жиберишкенде Кудаяр хан менен болгон сүйлөшүүсү:

Кудаяр ханга Тилекматтынчечендик кеби:

– Мен Тилекмат, атам Жылкыайдар, Белек кандын небереси боломун. Биз кыргыз деген, мал баккан элбиз. Башкаларга суктанбай жай жаткан элбиз. Элибизден кут кетпеген, береке качпаган. Жерибиздин четин жоо баспасын деп найзага үкү таккан элбиз. Эч бир душманга багынбаган, башыбыздан сөздү ашырбаган, досубузду сактай билген, даамын, тузун актай билген элбиз. Аша чапкан кан болсо, кан ордосун таптай билген элбиз. Атадан уул туулса, кул болууга туулбайт. Уул, кызды туткунга бербей турган элбиз. Атабыз Манас, чабышсаң чабышканга келгенбиз. Сен кабылан болсоң, мен арстан, алышканы келгенбиз. Биз Кокон канына карабайбыз, бирок малды, пулду бер десең аябайбыз. Азыр көл багытындагы элге өзүм канмын. Атам кан Белек алган жеримдин чеги, күн чыгыш жагы Кызыл-Кыя, Сан-Таш, күн батыш бетегелүү Кой-Таш.

Атам жердеген жерди, анда мекендеген элди эч кимге суратпаймын, өзүм сурайм!

Элчинин терең акылман жообуна ыраазы болгон Кудаяр кан ага: – Балам, жаңы үйрөткөн жаш тулпар экенсиң. Сенин айткан сөзүнө көңүлүм чыдап серпише албадым. Жакасы болсо тон, жалы болсо ат деген – деп, кандык ченди билдирген тон, күмүш көбөсү бар кымкап чепкен кийгизип, колуна кат жазып берип, мурунку элчилерди бошотуп, мурда алган зекеттеринин ордун берип, жакшы узаткан. Тилекмат акылы тунук, тили күлүк чечендердин эң күчтүүлөрүнүн катарына кирген.

Садыр акенин(1821-1905) чечендик кебинде нечендеген чыр-чатактарды басып, ар дайым олуттуу маселелердин башын ачып, акылынан, тилинен да келген даанышмандык бар. Өмүр таржымалы бугу менен сарбагыштардын ортосундагы мамилелерде, уруу ичиндеги маселелерди чечүү окуялары менен бай. Садыр акенин айткан сөздөрүндө акылмандыктын, сынчылдыктын белгилери бар. Ал дүйнөдө жети жетим бар деген: «Тыңшабаган сөз жетим, чөп чыкпаган жер жетим, багылбаган мал жетим, кемпири жок чал жетим, бойго жетип, эр албаган кыз жетим, элинен кеткен эр жетим, башчысы жок эл жетим» – деп чечендик кебин айтып, «башчысы өлгөн бугу бүгүн жетим болуп олтурат» деп, Балтабайды көпчүлүк менен бирге хан көтөргөн экен. «Уруулар ортосундагы тынымсыз чабыштан тукулжураган элдин камын ойлогон Садыр аке көрөгөчтүк, акылмандуулук менен бугу уруусунун башчысын шайлаптыр» [2]. Акылман акелердин чечендик кептери ооздон-оозго өтүп, бүгүнкү күнгө жетип отурат. «Алардын ар бир жагдай, шартка жараша айткан чечендик кептери маңыздуулугу, акыл-насаат формасында айтылганы жаштарга тарбия берүүдө чоң роль ойнойт» [2, 57].

Көкөтөйдүн чечендик кеби эл тарыхын, фольклорун, салтын, урууларды санжырасын терең билгендиги, көрөгөчтүгү, эч адамдан тилин тартпаган өткүрлүгү менен атагы алыска угулуп, «Көкөтөй чечен» аталган. Ал олуттуу чыр-чатактарды калыс чечип, ажат ачып, ар дайым калктын чордонунда жүргөн. Көкөтөйдүн чечендик кебинде сөз кезеги келгенде «бул чоң экен, атактуу манап, же айтылуу чечен экен» деп, тайсалдап, сүйлөбөй калган кездери такыр болбоптур. Анын Байтик, Шабдан, Чоко, Баатыркан, Байгазы, Маймыл өңдүү элге кеңири таанымал адамдарды, айтылуу чечен Садыр акени сөзгө жыккандыгы буга далил. Башка чечендердин бирин-экин гана чечендик кептеринен жазылып калса, Көкөтөйдүн көптөгөн окуялары, макалдаштыра сүйлөгөн таамай сөздөрү, күйдүргү жооптору белгилүү ырчы Актан Тыныбеков тарабынан өз калыбындагыдай бизге жеткен. Көкөтөй ар дайым айтчу сөзүнө ылайык «көч айласын билбеген көчтө көлүк өлтүрөт, сөз айласын билбеген сөздү өзүнө келтирет», «кандын касиети кетсе, калкынын нысабы кетет» деген өңдүү терең маанилүү курч макал-лакаптарды таба, жалаң чечендик менен эң бир элестүү салыштырууларды колдонуп, сынчылык, калыстыктан тайбай, ар дайым чындыкты айтып сүйлөгөн. Анын октой таамай сөздөрүн өз оозунан, угуп калууга ашыгып, дайыма Көкөтөйдүн артынан эл ээрчип жүргөн. Ал элге абдан кадырлуу чечен болгон.

Куйручуктун чечендик кеби ушул күнгө чейин айтылып келет. Ал кандан, бектен кайра тартпай, керек кезде эл намысына жарап, чоң чырларды басып, ар дайым калктын каалап турган сөзүн сүйлөгөн чечен болгон. Бала кезинде ачка болуп келатып бир үйгө кирсе өңчөй чоң манаптар эт жеп олтурушкан болот. Улагага тура калса бирөөсү ага бир кесим эт сунат, ал сугунуп ийип туруп калат. Кайра сунганда дагы ошентет. Манаптын жини келип: – Мунуңар тойбогон эме го, чыгарып жиберсеңерчи! – дегенде Куйручук: – Ушунча жумурай журтту жалмап жаткан сен тойбогон, бир үзүм этке мен тоймок белем?! – деп, кайра өзүн уят кылган. Куйручуктун ыр менен айтылган жообунда тапкычтык, акылмандык, сынчылдык мүнөз бар. Адамдардын сөзү да адамдын акылынан, дээринен түздөн-түз кабар бергендиктен элде «ар ким сөзүнөн таанылат, сөзүнөн жазаланат, сөзүнөн сындалат» – деген чечен кеп калган.

Бала Айылчынын чечендик кеби солто уруусу менен казактардын ортосундагы доону акылман кеби менен чечүүсүнөн улам тарыхта калган. Ал 1858-1929-жылдары жашап өткөндүгү белгилүү.

Айтыбардын чечендик кебинен аз гана сөздөрү бизге жетти. Чечендердин кептери жазуу-сызуу жок мезгилде көбүнчө оозеки айтылгандыктан, толук түрдө эмес айрымдары гана ооздон оозго макал-лакап, учкул сөз, накыл кеп түрүндө гана сакталып калган.

Чечен Ыбырайдын чечендик кеби жөнүндө өз баласы 75 жаштагы Осмон аксакал төмөндөгүдөй эскерет: “Жарыктык Ыбырай атам өз учурунда көл өрөөнү боюнча чечендик жагынан алдына адамды салбаган сөзгө чебер, санжырачы, чукугандай сөз тапкан жамакчы, адамдарды карап туруп сынаган сынчы, сыркоолорду дарылаган олуя чалыш болгон. Мекендештеринин айтымында кара кылды как жарган адилет сот да болгон дешет. Ал тургай үч айылдагы мал уурдагандарды, урушуп-мушташкандарды жана башка кылмыш кылгандарды райондогу сотторго жеткирбей эле өзү териштирип, доолорун өндүрүп, урушуп чабышкандарды жараштырып тынч гана жайгаштырып койчу дешет. Андан таң калычтуусу кишини тиктеп туруп анын тагдырын айтып коюучу эле”.”Атам жарыктык 95 жаштан ашык жашады. Айылды колхоздоштурууда эмгек сиңирип, көп жылдар бою айылдык кеңештин катчысы болуп иштеди. Кийин пенсия жашына жеткенде дагы мени коштоп жылкычы болуп иштеп калды” [4, 154-155].

Чечендер чечендик кебинде өзүлөрүнүн ал абалын, тиричилик жагдайларын табышмактуу, каймана мааниде так туюндура, кайра аны өзүлөрү чечмелей да алышкан. Сөздөрдү орундуу, так, маанилүү, туура колдонууга басым жасашкан. Чечендердин окутуп-тарбиялоочулук маани-маңыздагы сөздү чечмелеген, таамай суроо-жооптору, окуялары, кептери орундуу айтылган учкул сөз тизмектери бата берүүдө, алкыш, көңүл, каалоо айтууда эл арасындагы көптү билген, сөз кунун түшүнгөн акылдуу, сезимтал, баамчыл, чечен инсандар тарабынан далай эле айтылып келди жана улана бермекчи.

Чечендик кептин өзөгү, маңызы – учкулдукта, жүйөөдө, көрөгөчтүктө, чындык, калыстыкта. Андай чечен кептер ар кимдин эле оозунан кээде кокустан чукул шарт-кырдаалга ылайык да айтылып кеткен учурлары болушу ыктымал. Чечендик кептер, тизмектер көркөм чыгармалардын ар кыл жанр, түрлөрүнөн да жолугат. Чечен кептер ар дайым эле курч мүнөздө, табышмактуу ыкмада боло бербестен, турмуштук көрүнүштөрдү таамай чагылдыргандыгы, терең ойлуулугу, суроого так жооп тапкандыгы менен кадимки кептерден айырмаланып, жайынча деле айтылып келген.

Ошентип, чечендер кепти кандай сүйлөөнү жөндөп, тилдик каражаттарды так, туура пайдалануну үйрөтүп, келегей сөздөрдү оңдоп айтып, тектеш элдердин сөздөрүнөн кыргыз тилине кошуп, өзүлөрү да жаңы сөздөрдү жасап, тилдин сөздүк корун топтоп, биринчи кезекте тилди байытышкан. Жогорудагылардан улам, чечендик кеп адамдын тубаса шык, талантына, акылдуу, көрөгөчтүгүнө, турмуштук тажрыйбасына байланышкан кайталангыс, сейрек жаралчу касиет, табылга, өнөр экендигине ынанып, башка элдерден айырмаланып, кыргыз элинин чечендик кеби өзүнө тиешелүү бир катар өзгөчөлүктөргө ээ экендигин байкадык. Ал өзгөчөлүктөрдөн мисал келтиребиз:

Биринчи өзгөчөлүгү. Кыргыз элинин (казак эли сыяктуу) чечендик кеби башка элдерден айырмаланып, ыр сыяктуу куюлуштуруп, ыргактуу, көркөм сүйлөнгөндүгүнүн (угулгандыгынын) себеби агглютинативдик тил катары кыргыз тилинде сингармонизм (үндөштүк) законунун күчтүүлүгүндө. Кыргыз тили үндүү тыбыштарга бай экендигинен, кебибизде үндүүлөрдүн жыш учурагандыгынан улам чечендик кептин өнүгүүсүнө ыңгайлуу тилдик (тыбыштык) шарттардын түзүлгөндүгү;

Экинчи өзгөчөлүгү. Греция, Римде ораторлор соттордон, саясий бийликтегилерден чыгышып, өзүнө аброй топтоону максат кылышса, алардан айырмаланып кыргыздарда жөнөкөй элдин арасынан суурулуп чыгышып, эзилген элдин таламын көздөп, калыстыкка, акыйкатчылыкка, чындыкка, адилеттүүлүккө, теңчиликке үндөгөнү менен чечендик кеп өркүндөп, тарыхта калып, окутуп-тарбиялоочулук мүнөзгө ээ болуп отурат.

Үчүнчү өзгөчөлүгү – кыргыз элинде чечендик кеп чет элдердей предмет, сабак катары атайын окутулбаса да табигый түрдө нукура таланттуу инсандар тарабынан өзүнөн-өзү мекенчилдик духта ыр жана кара сөз түрүндө да өнүгүп, окутуп-тарбиялоочулук максат-милдеттерди аркалап келгендиги

Төртүнчү өзгөчөлүгү – чечендердин сөздөрүнүн адамдын акыл-эсине, ойлонуусуна, мээсине чабуул коюп бат, тез жооп табууга, акыл-эс көнүгүү, машыгууларына үйрөтүүчү табышмак тибинде жашырылып же суроо, жооп, диалог иретинде келтирилиши. Мында ар бир адамдын дүйнөгө болгон көз карашы, интеллектиси, тапкычтыгы, акылмандыгы, сөздү барктап, кепке маани берүүсү сыналат. Изилдөөбүздүн жүрүшүндө чечендердин айткан сөздөрүнө байкоо жүргүзүп, аларды талдоого алып көрсөк, аларда дээрлик көпчүлүгү табышмактатып суроо-жооп иретинде бири-бирин сыноо максатындагы акыл таймаштары айтылып, баарлашкандыгын аныктадык. Жээренче чеченге, Акылкарачачка Жаныбек хандын суроолору, Ормон хандын суроолору сыяктуу кеп үлгүлөрүн мектеп окуучуларына да практикалап, ролдоштуруп аткарттыруу менен аларды терең ой жүгүртүүгө жана чечендик кепке машыктырууга ыңгайлуу шарт-өбөлгө түзүлмөкчү. Арстанбек ырчыдай ырчылар да чечендик кепке шыктуу болушкан. Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай айрым чечен сөздөр курч мүнөздө, табышмактуу ыкмада берилип, турмуштук көрүнүштөрдү таамай чагылдыргандыгы, терең ойлуулугу, суроого так, тез, дароо жооп таап, кырдаалдан чыгып кеткендиги менен кадимки кептерден айырмаланып, тил үйрөтүүчүлүк маниге ээ. Табышмак түрүндө айтылган чечендик кеп акындардын, кыз-жигиттердин айтыштарында да кездешет. Мисалга «Талым кыз менен Көбөктүн айтышын алсак болот.

Бешинчи өзгөчөлүгү – эгер римде, гректерде жана орустарда кептин мазмунуна же кайсы теманы сөз кылгандыган карата чечендер бөлүштүрүлсө, ал эми кыргыздарда чечендик кептин мүнөзүнө кошумча чечендердин жөндөмүнө, талантына, шыгына, чечендик кебине маани берүү менен алардын турмуштагы ролун, ордун аныкташкан. Ошону менен бирге эле кыргыздын чечендери ак менен караны, жаман менен жакшыны айырмалаган, алдын-ала көрүп, туя билишкен чоң сынчы, олуя адам болушкандыгы”

Алтынчы, эң башкы өзгөчөлүк – жогоруда баяндалгандай, башка элдерге салыштырмалуу кыргыз элинде кылымдар бою чечендик кептин өтө бай материалдары, элдик алтын казынасы, турмуштук тажрыйбасы топтолгондуктан, чечендик кеп, риторика өз алдынча тармак, атүгүл улуттук илим катары түптөлүп, калыптануусунун зарылдыгы. Теориялык да практикалык жактан да толук изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн зарылдыгы. Орто мектептерде атайын теориялык жана практикалык багыттагы окуу, тандоо курстарын киргизүүгө мезгил келип жеткендиги.

Адабияттар:

1. Иманов А. Кыргыздар Б., 2002
2. Казакова Н. Чечендик өнөр (Риторика) ЖОЖдор үчүн окуу куралы. Б., 2009. – 71б.
3. Жылкыбаева Ж. Тарыхый инсандар таржымалынан Б., 2007.
4. Мендебаев А. Такабай баатыр (Ыбырай чечен) Б.: Бийиктик, 2008.

Мухарова М. Л.
Кыргызско-Российский Славянский университет им. Б. М. Ельцина

УДК.41=2/8

ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ НА УРОКЕ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА В ВУЗЕ

На протяжении многолетнего преподавания немецкого языка в ВУЗах Республики по методическим учебникам основной целью в процессе работы была научить студентов языку. Но в последние годы сменилась целевая установка. она звучит как «обучению иноязычному общению»[2]. Как известно говорение-это форма устного общения с помощью, которой обмениваются информацией, которая происходит средствами языка, получают взаимопонимание и контакт. Еще в начале 19 века великий немецкий ученный В. Гумбольд говорил, что «язык- это мир, который расположен посредине между являющимся нам внешним миром и миром, действующим в нас»[1]. Как известно, к внешнему миру великий Гумбольдт относил культуру народа, духовную жизнь народа на языке которого мы разговариваем, а к внутреннему-языковую способность, которую он развертывает в ходе языкового общения, всякий раз своими собственными усилиями создает сам в себе язык.

Коммуникативный метод обучения иностранным языкам реализует все те принципы, в процессе которых происходит усвоение иностранного языка в функции общения. К *общедидактическим* принципами относятся такие важные принципы как:
1. Личностно-ориентированный принцип направленности обучения, смысл которого заключается в развитии у каждого студента или учащегося его интеллектуальных способностей, речевого опыта, эмоций, настроений, и вообще личностных параметров;

2. Принцип сознательности;

3. Обучение иностранным языкам, направленное на становление у учащихся способности межкультурному общению. Весь учебный процесс должен быть творческим.

Одним из важных *общеметодических* принципов на современном этапе относится принцип коммуникативной направленности, который сводится к следующему. «Обучение иностранным языкам должно быть ориентировано на формирование у обучающегося черт Би/поликультурной личности, делающих его способным равноправно и автономно участвовать в межкультурном общении»[1]

Весь процесс преподавания иностранным языкам как в школе, так и в ВУЗе должен опираться на этих важнейших принципах лингводидактики, т.к общение с представителями следует обладать межкультурной коммуникативной компетенцией, которая включает в себе знание о мировоззрениях, менталитете, важные ценности в поведении культуре народа страны изучаемого языка. По мнению П.К Кадырбековой, чтобы общение проходило на должном уровне, коммуникант должен знать «когда, что и как следует сказать в общении с представителями других культур»[4]. Коммуникативная компетенция охватывает такие понятия как «преодоление стереотипов, этноцентризме, понимание другой, чужой для нас культуры, а так же невербальные средства коммуникаций, жестов, мимики, т.е язык телодвижений»[4]. Как известно, межкультурная коммуникация как наука стала существовать в нашей стране сравнительно недавно. В языковых вузах в учётном плане появился предмет, обязательный для изучения. Как всякая наука она имеет определённые аспекты, как табу вежливость, толерантность, традиции культуры, формы обращения и т.д.

Изучая язык любого народа, мы должны одновременно изучать и культуру этого народа, с целью понимания определённой закономерности развития языка. О взаимосвязанности языка и культуры писал ещё В.Гумбольд. язык – это «дух» народа,

создания народов предшествует созданиям отдельных лиц», т.к. «языки, всегда имеющие национальную форму, могут быть только непосредственными созданиями народов».[5] Поэтому, чтобы коммуникация между людьми разной культуры протекала в нужном русле, правильно, и не обидеть его в процессе общения своим незнанием этикета или определённой культурной чувствительности, необходимо обладать межкультурной коммуникативной компетенцией.

Этому следует прививать учащимся и студентам на уроках иностранного языка. Преподавая иностранный язык, а также наблюдая за преподавательской деятельностью других преподавателей, приходится сталкиваться с тем, что не все учитывают этот момент. Уроки проходят традиционно: проверка домашнего задания, работа над текстом, закрепление грамматического и лексического материала и т.д. На наш взгляд, каждый момент урока можно провести, используя элементы межкультурной коммуникации. Важно предоставить возможность мыслить, решать какие либо проблемы, которые порождают мысль, рассуждать над возможными путями решения этих проблем, с тем, чтобы студены акцентировали внимание на содержание своего высказывания, чтобы в центре внимания была мысль, а язык выступал в своей прямой функции – формирование и формулирование этих мыслей. В этом случае ведущая роль принадлежит преподавателю. Он центральная фигура того процесса, от действия которого студент получает чувство удовлетворения и радости, а преподаватель достигает цель урока. Поэтому каждый преподаватель должен стать творцом, найти свою методику, отлично знать культуру того народа, язык которого он преподаёт.

Наш опыт работы в вузе подсказывает, что одним из эффективных методов работы с учётом формирования межкультурной коммуникативной компетенции является метод *проекта*.

Этот метод включает в себя несколько типов проектов:

1) Исследовательские
2) Творческие
3) Игровые
4) Информационные
5) Межпредметные проекты

Так, например, после завершения темы «Die deutschsprachige Länder» можно провести урок-семинар. При этом семинарское занятие организовано так, что оно не превращается в утомительное прослушивание подготовленных сообщений. На уроке проводится викторина, которая помогает выявлять знания студентов по теме, их умение ориентироваться в изученном материале с учётом культуры народа. Такие уроки стимулируют работу творческих групп, повышает ответственность студентов в ходе коллективной работы. Кроме того, данная форма работы позволяет шире использовать межпредметные связи с литературой и историей.

Умелая организация урока обеспечивает подлинное сотрудничество преподавателя и студента, исключает авторитарные формы контроля знаний студентов. Другая форма работы по этой теме может быть представлена *определёнными ситуациями*. Например, на заседании клуба немецкого языка вы участвуете в обсуждении государственного устройства, экономической и социальной системы страны изучаемого языка, где присутствуют представители бундестага и других государственных органов ФРГ. Или на заседании кружка ты участвуешь в обсуждении некоторых традиций и обычаев, характерных для социально-бытовой и культурной жизни немцев.

Задаются соответствующие вопросы с учетом этики, табу, элементами вежливости и толерантности.

Очень актуальным для всех методов обучения остаётся *ролевая* игра: вы сотрудник посольства Кыргызстана в Германии. К вам обращаются граждане Германии, которые хотят побывать в Кыргызстане. Вы обсуждаете вопросы их размещения, рассказываете о менталитете нашего народа, достопримечательностях и т.д. Ролевая игра, в которой участвуют обучающиеся, содержит большой мотивационный потенциал. Его формируют сопровождающая игру эмоциональность, ожидание интересного, оживление, явления невербальной и вербальной межкультурной коммуникации, учёт речевого этикета и т.д.

Учёт межкультурной коммуникации на уроке может повысить мотивацию к учению, подготовить хороших специалистов в сфере лингвистики и международных отношений со знанием межкультурной коммуникации.

Литература:

1. Радченко О.А. «Лингвофилосовские опыты В. Фон Гумбольда и постгумбольтианство» // В.Я. 2001 №3. Стр. 96-125
2. Дэвидсон Д. Митрофанова О.Д. «Функционирование русского языка: методический аспект» // «Русский язык и литература в общении народов мира: проблемы функционирования и преподавания». – М; 1990.
3. Н.Д. Гальскова, Н.И. Гез. «Теория обучения иностранным языкам. Лингводидактика и методика. М; Academa 2006.
4. Кадырбекова П.К. «Введение в теорию международной коммуникации». Бишкек; 2011.
5. Кодухов В.И. «Общее языкознание» М; Высшая школа 1971.

Мырзанаева М.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК:809.434.1

ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК СТИЛИНДЕГИ ТЕКСТТЕРДИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫНДА КОЛДОНУЛУШУ

Мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн эффектүүлүгүн арттыруу үчүн көптөгөн тажрыйбаларды анализдөөнүн негизинде Үмүт Култаева эң натыйжалуу методдорду белгилөөдө беш артыкчылыктуу методдордун бири катары текст менен иштөөнү киргизет. “Кийинки өнүгүп жаткан методикалык багыт бөтөн тилди үйрөтүүдө текстменен иштөөнүн дидактикалык сырларын ичине камтыйт.Текст менен иштөөнүн ийгилиги анын методикалык жактан туура тандалышы менен шартталган.”(Ү.Б.Култаева, 2003, 28-бет).

Тексттин тил үйрөнүүдөгү артыкчылыгы – анын органикалуу байланыштагы бир же бир нече мазмунду бере алгандыгында. Албетте, мазмун белгилүү көлөмдө берилет. Мазмун жана анын структурасы маанилик жактан тыгыз байланышта болуп, коммуникативдик кептик бирдиктердин жыйындысын түзөт. Тексттин кичине бирдиги – метатекст. Текст грамматикалык түзүлүшүнүн бүтүндүгү, маани мазмунду толук чагылдыруусу, белгилүү бир теманы ача алгандыгы менен анын функционалдык мүмкүнчүлүгү кеңири. Текст жөнүндөгү түшүнүккө мектеп окуучулары үчүн түзүлгөн терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө “текст латын сөзүнөн (textus-токуу, өрүү, эшүү) 1. Оозеки айтылган сөздүн жазууга өтүшү, кагазга түшүрүлүшү: 2. Ойдун тилдик белгилерге өтүшү.”(Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. 1994,94-бет.) Ушул эле аныктама орус тилинин энциклопедиясында “Текст (от лат. (textus – ткань, сплетение, соединение) - объединённая смысловой связью последовательность

знаковых единиц, основными свойствами которой являются связанность и цельность (Русский язык: Энциклопедия, 2007, ст.555).Белгилүү темадагы тексттин мазмунду туюнтуу, кабыл алуу, толуктоо, улантуу, жыйынтыктоо мүмкүнчүлүгүанын функционалдык кеңири касиетинен кабар берет. Т.Маразыков: “Биздин түшүнүгүбүз боюнча текст- информация алмашуу кызматын аткаруу үчүн түзүлгөн өзүнчө темасы, максаты, семантика-структуралык бүтүндүгү бар сүйлөшүүнүн бирдиги.

Бардык эле текст:

1)Кандайдыр бир коммуникатифдик максатты көздөйт;

2) Кандайдыр бир информацияны туюндурат;

3) Салыштырмалуу аякталган түргө, маанилик бүтүндүккө ээ болот;

4) Конкреттүү бир темага багышталат;

5) Басымдуу көпчүлүк учурда семантика-структуралык бирдиктерге бөлүнөт;

6) Структуралык жактан уюшулуп, семантикалык жактан интеграцияланып, биригип турат;

7)Бардык эле тексттер кайсы бир функционалдык стилдин бир түрүнө кирет”, - деп белгилейт.(Т.С. Маразыков. Текст таануу жана анын айрым маселелери. 2005, 132-133-бет.) Тексттин көп кырдуу табиятын изилдөө үчүн тексттин жогорку белгилеринин ар бири өзүнчө изилдөө обектиси болууга тийиш. Биз жетинчисин, тесттин функционалдык стилдерин ЖОЖдордо мамлекеттик тилди окутуудагы жагдай-шарттары, бул функционалдык стилдерде жазылган тексттердин кыргыз тилин окутуунункаражатыкатары карайбыз. Т.Маразыковдун эмгегинде тексттин тигил же бул функционалдык стилдин бир түрүндө болору жана ошол стилдин законуна баш ийери; функционалдык стилдин кайсы түрүндө түзүлгөнүнө жараша текст түзүлүшөзгөчөлүгүнө ээ болору; ар кайсы стилдеги тексттерде информацияны туюндуруу ар башка максатта , мүнөздө, ыкмада, жол-жободо жана көлөмдө ишкеашары; функционалдык стилдин өз-өзүнчө, бири-бирине окшобогон коммуникативдик максаттарды көздөгөндүктөн, ар кайсы стилде түзүлгөн тексттердин өзөгү, логика-психологиялык практикалык негиздери бөтөнчө, бөлөк-бөлөк касиеттерге ээ экендиги; ар бир функционалдык стилде улуттук тилди колдонуу мүмкүнчүлүктөрү, тилдик каражаттар менен иштөө мүнөзүнүн түрдүүлүгү сыяктуу белгилери аталып, бир дагы текст функционалдык стилден тышкары түзүлбөй тургандыгы тууралуу айтылат.(Аталган китеп, 134-бет).Тилдин коомдо пайдалануу шарттарына карата стиль бешке бөлүнөөрү белгилүү, алар: турмуш-тиричилик стили, көркөм стиль, публицистикалык стиль, иш кагаз стили, илимий стиль. Бул мааламатты кандай максатты көздөгөнү, маалымат жараткан же таралуу чөйрө, маалыматтын берилиш максаты белгилүү стилдеги тексттерди колдонууга себеп болот. Демек, биз ишмердүүлүк чөйрөбүзгө, максатыбызга, иш-аракетибизге жараша маалымытты белгилүү бир стилде кабыл алабыз жана өзүбүз да беш стилдин биринде сүйлөйбүз, жазабыз.

Ар кандай стилде жарык көргөн тексттерди ЖОЖдордо мамлекеттик тилди окутуунун каражаты катары колдонуу, функционалдык стилдеги тексттердин айырмачылыгын, анын түзүлүш табиятынын өзгөчөлүгүн талдоо, бардык стилдердегитексттер менен иштөө, тексттердин стилдик бөлүнүштөрүн, алардын өзгөчөлүктөрүн, табияттарын, функционалдык-структуралык маанисин, камтыган маани-маңызын өздөштүрүү окуу программасына кирип, окутуунун максаты менен мазмунун камтыйт.

Турмуш-тиричилик стилинин чөйрөсү кадимки ар күндөгү аракеттенүү, турмуш-тиричиликтин өзү болгондуктан, аркандай мамилеге, шартка жараша эркин болот. Бул стилде түзүлгөн текстер окутуунун каражаты болушу үчүнтиптүү кырдаалдарда кездешүүчү тексттер окутуучулар тарабынан алдын-ала тандалган жана иштелген

болот. Жаңы лексиканы, кептик материалды, сөздөрдү туура жазуу, сүйлөмдү туура түзүүгө машыгуу, тыныш белгилерин туура коё билүү, жазуу жана сүйлөө речине үйрөтүүчүлүк,өстүрүүчүлүк милдетти аткарат. Турмиш–тиричилик стили кыргыз тилин башталгыч топторду окутууда кеңири колдонулат. Окуу процессинин, турмуш-тиричиликтин түрдүү кырдаалдарында өз ара пикир алышуу, жөнөкөй маани-мазмундагы текстердин жаралышына өбөлгө болот. Мисалы, 1-курстун студентинин баштапкы сабактарда төмөнкүдөй текстти өздөштүрөт.

Өзүм жөнүндө

Менин аты-жөнүм – Алмадакова Элеонара. Бишкек шаарында жашайм. Атам – уйгур, апам – казак кызы. Үй-бүлөм чоң эмес. Эки бир тууганмын, мен жана иним – Алишер. Быйыл Ж.Баласагын атындагы эл аралык байланыштар факультетине тапшырдым. Мен 1-курсмун. Кыргыз тилинде башталгыч топтомун. Бул топто он үч студент окуйбуз. Менин курбумдун аты – Паризат, биз бир мектепти бүтүргөнбүз. Экөөбүз тең бир кесипти тандаганбыз. Чет тилдерди үйрүнүүгө жана ал тилдерде сүйлөөгө мен жөндөмдүүмүн.

1.Тил үйрөтүүнүн алгачкы баскычында колдонулуучу текст – бул жөнөкөй багыттоочу текст.

2.Студенттин университеттин босогосун аттаганыны байланыштуу факультет, эл аралык байланыштар, Жусуп Баласагын, курс, топ, кесип сыяктуу сөздөр күнүмдүк колдонулуучу активдүү сөздөр сөздүк курамдытолуктайт.

3. Текстте колдонулган тууган, экөөбүз, үйрөнүү, сүйлөө сыяктуу өтүлгөн сабакта өтүлгөн фонетикадагы кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөргө, сингармонизм законуна токтолуп, алардын жазылышына, айтылышына маани берилет.

4.Билим алууга кошумча каражат катары бул текстте жак, сан категориясы сүйлөмдөр аркылуу грамматикалык материал өздөштүрүлөт.

5.Жыйынтыгында, окутуучу студентти тексттеги мазмунга карата, ушул өңдүү текстти оозеки жана жазуу жүзүндө туура түзүүгө машыгууга алып келет.

“Менин үй-бүлөм”, “Мен окуган факультет”, “Менин жумушчу күнүм”, “Китепканада”, “Дүкөндө”, “Базарда” “Мекеним - Кыргызстан” жана деген эң жөнөкөй тексттерден башталып, мазмуну, көлөмү, лексикалык составы татаалданган, тематикасы байыган тексттер башталгыч топтордо өздөштүрүлүп уланып отурат. Күндөлүк турмуштан тарта өлкө таанутуучулук, адистикке байланыштырылган логикалык, тематикалык байланышта, грамматикалык теманы өздөштүрүү максатында да түзүлөт. Бул тексттерде баяндоо, сүрөттөө талдоо сыяктуу кеп ишмердүүлүгүнүнтүрлөрү колдонулат. Турмуш-тиричилик стилиндеги тексттер көлөмү боюнча салыштырмалуу кыска, номинациялык мүнөздө. Мазмундун түзүлүшү эркин. Айтуучунун мамилеси, пикири ачык,так.

Кыргыз тилине карата коомдогу муктаждык, мамиле турмуш-тиричилик стилинин тазалыгына, колдонуу чөйрөсүнө таасир берет. Бул стилдин калыптануу процесси турмуштун өзүндөй динамикалуу, миң кырдуу болуп, психологиялык шарт кырдаалга ылайыкталып, тез өздөштүрүүгө, өзгөртүүгө оңтойлуу келгендиктен, кептин тазалыгына алгач турмуш-тиричилик стили муктаж болуп келет. Бул стиль күндөлүк жашоодо активдүү колдонулгандыктан, мезгилдик, мейкиндик категориясы бул стилге өтө таасирдүү:

- Бул стилде сабаттуу сүйлөө жана жаза билүүгө үйрөтүү башкы максаттардын бири болгондуктан, орус тилинин таасири менен кошумча сөз түркүмдөрү басымдуу оозеки кепте көбүнчө орусчага алмаштырылып калганын байкоого болот. Мисалы: албетте-конечно, мүмкүн-возможно, жана-и, ушундай-так, чындыгында-действивильно, демек-значит, таптакыр-вообще, мисалы-например, сөзсүз-обязательно, мына-вот деген

сөздөрдү алмашылышы улуу муундун интеллегенциясынан мурасталып, көнүмүш адатка айланбоосу үчүн өзүбүз үлгү болуубуздун зарылдыгы туулуда;

- Соңку учурларда турмуш-тиричиликте, коомдук жайларда жаштарды адабий тилде таза сүйлөөгө үйрөтүү, тарбиялоо маданияттуу сүйлөөдө диалект сөздөрдүн кепте орун алышынан арылууга үндөө сыяктуу иштер кыргыз тили мугалиминин жана жалпы интеллегенттүү, билимдүү ар кыл багытта иштеген адамдардын дагы аң-сезимдүү мамилесине муктаж;

- Окуу жайлардагы көрнөк жарнактарда, ички иш кагаздарында дегеле ө,ү,ң тамгаларынын о,у,нтамгаларына алмаштырып жазуудагы катаны этибарга албоо же компьютердин клавишаларына жүктөө – көнүмүшкө, кайдыгерликке сабатсыздыкка жол ачаарын сезип, жоопкерчилик мамилени сезүү керек. Бул тексттеги орфографиялык каталар болуп саналат.

Турмуш-тиричилик стилинде жест, мимика, ымдоо, жаңсоо, пантомимика, баш ийкөө, баш чайкоо ж.б. өтө кеңири колдонулса, тил үйрөнүүдө же тил үйрөтүүдө ойду чагылдуруу үчүн, коммуникативдик маанайды түзүүдө вербалдык каражат сүйлөө, сүйлөшө билүүгө үйрүнүү, туура жазуу биринчи баскычта маанилүү, ал эми вербалдык эмес каражаттар экинчи, кошумча, тирөөч, жөлөк болот. Эгерде репликаларда, диалогдордо сүйлөшүү үчүн автоматизмге чейин, шар айтууга жеткирүү үчүн жаттоо керек болсо, текст түзүүдө ойлонуу маанилүү. Эмоцияны, мамилени, ойду, пикирди сөздүн кудурети менен жеткирүү маанилүү. Текст куруу - бул жаратмандык. Эгерде айрымдар үчүн бул чет тили болсо,анда тил өздөштүрүүдөгү текст куруу - чеберчилик.

Сөздү айрым айтканда, сүйлөм курганда мааниси толук ачылбай калган омоним сөздөр, көп маанилүү, кош сөздөр, кошмок сөздөрдүн мааниси контексттерде толук маанисинде ачылып, тексттерде колдонуу орду, ыгы практикаланат.

Турмуш-тиричилик стилинде оозеки текст түзүү тил үйрөнүүнүн башаты болгондуктан, ага саламдашуудан коштошууча чейинки коммуникативдик маанаймүнөздүү.Саламдашуунун эле бир нече түрү колдонулат. Кайда, кайсы жерде кандай саламдашууну үйрөнүү, билүү, ошого жараша жооп берүү кыргызча маданияттуу сүйлөшүүгө жол ачат. Мисалы:

“- Саламатсыңарбы, балдар!

- Саламатсызбы!

-6-мартта кыргыз драма театрына барасыңарбы?

- Кайсы драма болот?

-“Манастын уулу Семетей”.

- Билеттин баасы анча турат?

- Студенттер үчүн 50 сом.

- Ооба, барабыз.

- Саат канчада?

- Кечки 6.00до.

- Эң жакшы, эртең саат 6.00до баарыңарды кыргыз драма театрынын жанынан күтөм. Кечикпей келгиле.”

Жогорку мисалдан турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүү текстинде сакталуучу төиөнкү теориялык жыйынтыктарды көрүүгө болот:

1.Мамлекеттик тилди үйрөнүп жатканда оозеки сүйлөшүүдө орфоэпиялык норма сакталууга тийиш.

2. Басым, интонация, ыргак тексттеги маалыматка байланыштуу болот.

3.Тексттердин структурасында кырдаалга жараша бир тутумдуу эки тутумдуу, толук, кемтик сүйлөм жыш колдонулат.

4.Тексттеги ички мазмундук биримдик, логикалык тутумдун ирети, тартиби, прагматикасы сакталат.

5. Турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилиндеги түзүлгөн текст жекече индивидуалдуу, мезгил ченеминде кайталангыс, мейкиндик өлчөмүндө конкреттүү.

6.Турмуш-тиричилик текстте жеке жана жалпы мамиле, мамиленин тону билинет (Сылык, ысык, муздак, кайдыгер, кош көңүл, салкын, туугандык, достук ж.б.).

7.Тексттин өзү актулдуу, турмуш чындыгынын алынган, типтүү, түшүнүктүү, информациялык-маалыматтык деңгээли угуучугун билим деңгээлине, кызыкчылыгына төп келет.

8. Оозеки текст пикир алышууда белгилүү кеп ишмердүүлүгүнүн үлгүсү катары дагымилдет аткарат.

9. Оозеки текст дагы ар түрдүү грамматикалык материалдарды өздөштүрүүгө(биздин мисалда башталгыч топтордо кыргыз тилинде иреттик жана эсептик сан атоочтордун айтылышындагы өзгөчүлүктөрдү карасак болот), тил бирдиктеринин кызматын талдоого, байкоо жүргүзүүгө контекст катары колдонулат.

10. Текст сүйлөшүүнүн шарт-кырдаалы менен гармонияда болуп, маалымат алмашууну тейлейт.

Жогорудагы турмуш тиричилик стилинде колдонулуучу тексттер менен иштөөнүн айрым мисалдары, бул стилдин колдонуу чөйрөсү өтө кеңири жана ар тармактуу болгондуктан, ал стилде кыргыз тилин үйрөтүү дээрлик сабактарда бардыгындаколдонулат.

Адабияттар:

1. Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Мектеп окуучулары үчүн /Башкы ред. А.Карыпкулов; Түз.: Ж.Шериев, А.Муратов. –Б.: 1994.-160б.

2. Маразыков Т.Текст таануу жана анын айрым маселелери – Б.: 2005. -144б.

3. Култаева Ү. Б. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. –Б.: 2003. -200б.

4. Русский язык: Энциклопедия, 2007/под.ред. Ю.Н.Караулова – М.: “Большая Российская энциклопедия”; Дрофа, 2007.-703с.

Нуралиева С.С.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

УДК . 410 + 371.3.

ОРУС ТИЛДҮҮ ОКУУЧУЛАРДЫН РЕЧИН КЫРГЫЗЧА КАЛЫПТАНДЫРУУ

Ар кандай адамдын эне тилинен башка, экинчи бир тилди үйрөнүшү ошол тилде сүйлөө муктаждыгынан келип чыгат. Демек, бөтөн тилди окутуу процессинде окуучунун ошол тилдеги речин калыптандыруу негизги максат болуп эсептелинет. Бөтөн тилди үйрөтүү ишинин бүткүл системасы да дал ушул максатка – окуучунун речин өстүрүү максатына баш иет. Ошондуктан бөтөн тилден сабак берүүчү мугалим үчүн речь жана анын табияты боюнча негизги түшүнүктөр эң зарыл; ал түшүнүктөр бөтөн тилди үйрөтүүчү мугалим өздөштүрүүгө тийиш болгон теориялык билим.

Бөтөн тилде речти өстүрүү, аны калыптандыруу өтө татаал, узакка созулган мугалимден методикалык кылдаттыкты, көп жактуу билим жана билгичтикти талап кылган татаал процесс. Речти өстүрүү кыйынчылыгы окутулуп жаткан тилдин окуучунун эне тили эмес экендиги менен гана эмес, дегеле адамдын речи өзү татаал кубулуш экендиги менен да шартталат. Речь көп жактуу жана татаал кубулуш катары нече илимдин үйрөнүү объектиси.

Психологиялык аспектиде алып караганда речь – адам ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрү. Психологду кызыктыруучу маселелер – речтин туулушу кабыл алынышы, эсте

сакталышы, речти түшүнүү механизми. Психолог А.А.Леонтьев /I 20, 20/ «Все мы говорим в (обычной) обыденной жизни, мы говорим почему то (мотив) и зачем – то (цель)» - деп, белгилегендей психологдор иликтөөгө алган речтик проблема – кептин мотиви жана максаты. [3]

Ал эми психологиялык аспекдден алып караганда речь тилдик белгилердин, каражаттардын карым-катнаш жасоо үчүн колдонулушу жана анын натыйжасы. Эгерде: «тил адам баласынын байланыш катышынын куралы» (В.И.Ленин) болсо, речь «пикирлешүүнүн дал өзү» (В.М.Головин), башкача айтканда, тил пикирлешүүгө зарыл болгон курал жана каражат: ал эми речь – пикирлешүүгө керектүү каражаттардан тандалып алынып, практикада колдонулушу. Лингвисттердин кароолго алган проблемасы – пикирлешүүгө керектүү болгон тилдик каражаттар, структура, вербалдык жана вербалдык эмес белгилер.

Методикалык аспектдеги речтик проблема аны калыптандыруу жана өстүрүү. Речти өстүрүү процессии тилди үйрөнүп жаткан окуучунун ишмердүүлүгү менен аны окутуп жаткан мугалимдин ишмердүүлүгүнүн системасынан турат.

Натыйжада психологду речтин максаты менен мотиви кызыктырса, методистти анын методу бөтөнчө кызыктырат. Методисттин ишемрдүүлүгүнүн ядросун түзүүчү борбордук проблема – окуучунун речин кантип өстүрүү керек? Албетте, методист речтин психологиялык жана лингвистикалык табиятын терең билбей туруп, өз максатына жете албайт. Бирок бул речь методикалык иштин объектиси катары өз алдынчылыкка ээ эмес дегендикке жатпайт. Окуучунун речин өстүрүү методикасы өзүнүн таанып-билүү объектисине, предметине түшүнүктөрүнө, принциптерине ээ. Ошентсе да, методика кошулма илим катары мугалимден билимдердин категориясын талап кылат. Анткени речти өстүрүүнүн методикалык жагдайын бир жактуу жана тар түшүнүү мектеп практикасында жеңишсиз экендиги далилденди. Көп жылдар бою методикада окуучунун сүйлөө ишмердүүлүгүн речь деп түшүнүү, аны речтик өстүрүүнүн жеке объектиси катары кароо өкүм сүрүп, тил үйрөтүү процесси максатка ылайык ийгиликке жете алган жок. Көрсө речтин тиешелүү деңгээлге жетиши анын ички табиятын өздөштүрүүнү талап кылат экен. [1]

Жалпысынан речь ички жана тышкы түргө бөлүнөт.

1. Ички речь – пикирди кабыл алуу, угуу, түшүнүү, ойлонуу процессин камтыйт. Адамдагы ички речь өнүгө албайт.

2. Тышкы речь – окуучунун туура речтик реакцияга ээ болушун, речти маанисинде кабыл алышын, анын речь каратуу процессин ичине камтыйт.

Речь формасы боюнча оозеки жана жазуу болуп дагы эки түргө бөлүнөт.

Оозеки речь – пикирди угуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүнө таянат.

Жазуу речи – бөтөн тилдин графикалык өзгөчөлүгүн өздөштүрүү менен чектелбейт. Бөтөн тилдеги жазуу речи ошол тилде жазуу формасында пикирге карата билүү процесси менен байланыштуу. Речтик ишмердүүлүк өзүнүн максаты боюнча экиге (айрым адабияттарда үчкө) бөлүнөт.

Монологдук речь – сүйлөөчүнүн маалымат берүү максатындагы пикири. Монолог белгилүү бир жыйынтыкталган пикирден турат. Ал жазуу же оозеки чыгарма формада болушу мүмкүн.

Диалогдук речь – жандуу пикирлешүүгө негизделген сүйлөшүүнүн бул түрү өзүнүн ситуациялуулугу менен айырмаланат.

Полилогдук речь – монолог менен диалогдун суммасынан турган сүйлөшүү сферасы. Методикада изилдөөнү талап кылат.

Речь өзүнүн колдонулуу чөйрөсүнө карата сүйлөшүү жана китептик илимий речь болуп бөлүнөрү белгилүү. Речтик ишмердүүлүккө ээ болуу билгичтиги жана көндүмү

бири – бирине тыгыз байланышкан төрт түрдүү: угуу, сүйлөө, жазуу жана окууну камтыйт. Азыркы мезгилде окуучунун речин талапка ылайык өнүктүрүүнүн эң зарыл шарты да анын ушул төрт түрүн байланышта өстүрүү ишине түздөн-түз багынарына методисттер бөтөнчө, басым жасай башташты. Мындай тенденция адегенде экинчи тилди окутуунун чет элдик методикасында таанылды. Атап айтканда америкалык психологист В.Риверс дүйнөлүк масштабдагы популярдуу аудвольнгвалдык методдун кемчилиги катары речтик ишмердүүлүктүн төрт түрүнө бирдей мамиленин жасалбагандыгын белгилөө менен аталган методду катуу сындаган. Экинчи тилди талапкы ылайык өздөштүрүү үчүн речтик ишмердүүлүктүн төрт түрүн тең калыптандыруу зарылдыгы азыркы методикада кызуу иликтөөгө алынып жаткан проблема.

Окуучунун бөтөн тилдеги речин өнүктүрүү деген түшүнүк анын үйрөнүп жаткан экинчи тилде пикир алышуу мүмкүндүгүнө ээ болуу үчүн зарыл билимди өздөштүрүү, белгилүү речтик билгичтикке. Көндүмгө үйрөнүү процесстердин ичине камтыйт. Айрыкча бөтөн тилде окуучунун речтик билгичтикке ээ болушу татаал процесс. Окуучу бөтөн тил боюнча тиешелүү билимге ээ болуп туруп да, пикирлешүүгө чыга албай калышы да мүмкүн. Мындай учурда мугалим пайда болуу механизмдеги психологиялык жахдайды эске алууга тийиш. Психолингивстикада речтик процесс үз звонодон тураары белгилүү:

- оркинтациялык звено (речтин мотиви, речтик реакциянын пайда болушу);
- пландаштыруу звеносу (айтылуучу ойдун пайда болушу);
- коддоштуруу звеносу (нерв системада пландаштырылган ойду тилдик коддор аркылуу иш жүзүнө ашыруу демек сүйлөө);

Жогоруда көрсөтүлгөн речтик операциялар тез убакыттын ичинде аткарылууга тийиш болгондуктан окуучу үч звенонун ортосундагы байланышты камсыз кылууга жетише албай калат. Натыйжада окуучу өзүн психологиялык жактан ишенимсиз сезет да пикирлешүүдөн баш тартат. Бир гана мугалимдин методикалык билгичтиги менен чеберчилиги окуучуну мындай шарттан алып чыга алат. Бөтөн тилде окуучунун речин өстүрүү үчүн мугалим окутуу процессинде төмөнкү дидактикалык шартты түзө билүүсү зарыл.

Речтин жаралышын мотивдештирүү. Окуучуну сүйлөө муктаждыгына ээ кылуу.

– Сүйлөөгө ыңгайлуу, жагымдуу жагдай түзүү.

– Сүйлөө процессинде туура багыт берүү, сүйлөө предметинин так аныкталышы.

– Речтик эмоциялуулугун камсыз кылуу. Сүйлөө предмети окуучуну кайдыгер калтырбоого тийиш.

4. Реалдуу ситуацияны пайдалана билүү. Ситуация түзө билүү.

Жогоруда көрсөтүлгөндүн бар болгону речти жаратууга түзүлгөн шарт, речтин өзү эмес. Ал эми речти жаратуунун, аны өстүрүүнүн эки этабына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү мугалим так ажырата билүүгө тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, буга чейин белгилегендей окуучунун бөтөн тил жөнүндөгү алгачкы билим алуу максаты, ал тилде эркин пикир алышууга жетиши өтө татаал процесс экендигин белгилей кетишибиз керек.

I. Окуучуну речке даярдоо этабы. Илимий методикалык адабияттарда муну рецептикалык этап деп аташат. Бул этап бөтөн тилдеги речтик материалды кабыл алуудан, түшүнүүдөн, репродукциялоодон турат. Тактап айтканда, окуучу биринчи этапта төмөнкү таанып – билүү операцияларын аткарууга тийиш.

- бөтөн тилдин фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча тиешелүү билимди угат, көрөт, тааныйт, түшүнөт;
- речтик материалды мугалимдин артынан кайталайт, анын маанисин түшүнөт;
- имитациялык көнүгүүлөрдү аткарышат;

- өздөрүнө тааныш, белгилүү, типтүү кырдаалдарда речь жаратышат.

II. Окуучуну речтик көндүмгө ээ кылуу этабы.

Илимий методикалык адабияттарда бул этап продукциялык этап деп аталат. Экинчи этапта окуучу таанып – билүү операциясын эмес, речтик операцияларды өз алдынча аткара алат.

а) өз алдынча сүйлөм түзө алат;

б) өз билимин, билгичтигин, тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;

в) ар кандай ситуацияда бөтөн тилдеги маалыматты түшүнө алат;

г) бөтөн тилде пикирлешүүгө эркин чыгат;

Адабияттар:

1. Охитина Л.Т. Психологические основы урока. М., 1977.

2. Пассов Е.И. Урок иностранного языка в средней школе. М., 1986.

3. Леонтьев В.Л. О речевой ситуации и принципы речевых действий. // Русский язык за рубежом. 1988 №2

Рысбаев С.

Кыргыз билим берүү академиясы

УДК.40:41

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮНҮН ДЕҢГЭЭЛДИК МОДЕЛИ ТУУРАЛУУ

Кыргызстанда бирдиктүү тил саясытынын жоктугунан улам, тилдердин,т.а. мамлекеттик тил менен расмий тилдин коомдук кызматы, орду так аныкталбай келатат. Ошонун кесепеттеринен улам кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары кызматы так аткарылбай, көптөгөн проблемалар чечилбей келет.

Мисалы, Кыргызстандаүч тилдин аткарып келаткан кызматтарын мүнөздөп көрөлү:

1. Мамлекеттик тилдин аткарып келаткан кызматтары: иш кагаздары жүргүзүлөт, мекемедеги жыйындар өтөт, мекемелердин ички-тышкы жасалгалары жасалат, көчөдөгү көрнөк-жарнактар жасалат, коомдук жайларда иш-чаралар аткарылат, уюштурулат, расмий мамлеттик иш-чаралар өтөт, мамлекеттик жыйындар өтөт, окуу жайларда окуу-тарбия иштери жүргүзүлөт, мамлекеттик буйруктар, токтомдор жазылат, мамлекеттик программалар, долбоорлор жазылат, мамлекеттик кабыл алуулар өтөт,мамлекеттик басылмалар чыгат, илимий-изилдөөлөр жүргүзүлөт, көркөм чыгармалар жазылат, радио-теле белүүлөр жүргүзүлөт, газета-журалдар чыгат.

2.Расмий тилдин аткарып келаткан кызматтары: улуттар аралык инсандыкбаарлашуулар жүрөт, улуттук көпчүлүк болгон чөйрөдө кеңири колдонулат. Расмий иш кагаздар жазылат жана которулат, көрнөк-жарнамалар жазылат жана которулат, расмий иш-чаралар өтөт же колдонулат, мамлекеттик басылмалар чыгат, мамлекеттик расмий кабыл алуулар өтөт, мамлекеттер аралык байланышта колдонулат, окуу-тарбия иштери жүрөт, чет өлкөдө билим алуу каражаты болуп берет, илимий-изилдөөлөр жазылат, көркөм адабий китептер чыгат, радио-теле-берүүлөр жүргүзүлөт, газета-журналдар чыгат…

Мындай салыштыруудан эки тилдин республикабыздын турмушунда дээрлик бирдей деңгээлде колдонулуп келатканын көрөбүз. Андай болсо, ким кайсы тилди тандайт?

Мына ушундай мамлекеттик тил менен расмий тилдин бирдей жол талашып кызмат кылуусунун кесепети мектепке чейин жетүүдө. Мектепте окуучулардын кыргыз

тилинде сүйлөшүү деңгээли учурдун талабына ылайык келбейт. Анткени республикабызда кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон коомдук талап дагы деле төмөнкү деңгээлде болууда. Коомдук жайларда кыргыз тили дээрлик колдонулбайт. Көптөгөн мекемелер аралык кат алышуулар жана ички иш кагаздары алиге чейин орус тилинде жүргүзүлөт. Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерден башка билим берүү мекемелериндеги жыйындар, коомдук иш чаралар, ички-сырткы жасалгалар орус тилинде гана ишке ашырылат. Демек, кыргыз тили сабагынан сырткаркы учурларда жекече карым-катышта колдонулбаган тилди мектепте үйрөнүү зарылчылыгы анчалык зарыл эместей туюлат. Ошондуктан, кыргыз тили мындай шартта чейректе жакшы баа алууга кыйын предметтин деңгээлинде гана калып, сүйлөшүүнүн тили катары үйрөнүүгө болгон каалоо (интенция) жаралбай, күндө пикир алышуу үчүн сүйлөшүү кырдаалы түзүлбөгөн бойдон калууда. Мына ушул жагдайлар кыргыз тилин аталган мекемелерде талаптагыдай үйрөнүүгө кедерги болгон негизги жагдай катары көрүнүп чыга келет.

Мына ушунун баары кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун жалпы методологиялык жана методикалык негиздеринин толук иштелип ыга электигинен кабар берет.Ошону менен катар, буга чейин колдонуп келген методикалык ыкмаларды, принциптерди түп-тамырынан тарта концептуалдуу жаңы багытта өзгөртүү, стандарты менен концепциясын, окуу программалары менен окуу китептерин тил үйрөтүүнүн дүйнөлүк практикасына тааянуу менен жаңылап кайра түзүү зарылдыгы келип чыкты.

1.Кыргыз тилин**үйрөтүүнүн методологиялык өбөлгөлөрү төмөндөгүлөр болуусу мүмкүн:**

– тилди адамдардын өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү (коммуникациянын куралы катары);

– тилди улуттук маданиятты таануунун каражаты катары үйрөтүү; (таанытуучу лингвистика, т.а. лингвоөлкө таануу багыты);

– тилди инсанды өнүктүрүүнүн куралы катары үйрөтүү;

– тилди коомду ич ара байланыштырып бириктирүүнүн каражаты катары үйрөтүү;

– тилди билим алуунун каражаты катары үйрөтүү;

– тилди инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу куралы катары үйрөтүү;

– тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.

Ушундай мамиледен улам, кыргыз тилин үйрөтүү төмөндөгүдөй принциптерге таянуу зарылдыгы көрүнөт:

1)Коммуникативдик-маданиятаралык баарлашууга үйрөтүү принциби.Бул принцип, ири алдыда, кыргыз тили предметин окутуу максаты менен байланышып турганы менен маанилүү, анткени кыргыз тили сабагы башка предметтерден айырмаланып, окуучуну улуттар аралык мамиле маданиятына үйрөтүүчү максатты көздөгөндүгү менен баалуу болуп саналат.

2) Баарлашууга багыт берүүчүлүк принциби – бул кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун башкы максаты болгон анын практикалык максатын ишке ашырууга багытталган жетектөөчү усулдук принцип болуп саналат. Бул принциптин дагы бир артыкчылыгы – кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун багыттарын гана эмес, анын бүткүл мазмунун да аныктайт, оозеки, жазуу түрүндөгү баарлашуу кандайча жүргүзүлө турган ыкмаларын да көрсөтүп берет.

3) Окутуунун кырдаалдык-тематикалык принциби – бул «сүйлөөгө үйрөнүүнүн бүткүл иш-аракети кырдаалдардын негизинде жана анын жардамы менен гана жүргүзүлөт» дегенди түшүндүрөт.

Кырдаалдеген сүйлөшүп пикир алышуучу адамдардын мамилелешүүсүнүн системасын, адамдардын сүйлөшүп ой жүгүртүү иш-аракеттерин практикага ашыруучу моменти, речтик милдетти жүзөгө ашыруучу каражат болуп калат.

Мында оң мотивдин ролу чоң. Ал – «адамдардын жүрүм-турум аракеттерин, теориялык жана практикалык ишкердүүлүктөрүн аракетке келтире турган себептердин системасы», алардын ички талаптарынын, көз карашынын, кызыкчылыктарынын, эмоцияларынын натыйжасы.

4) Окуучунун эне тилиндеги өзгөчөлүгүн эсепке алуу принциби да кыргыз тилин өзгө тил катары окутуу процессинде өзгөчө ролду ойнойт. Анткени окуу материалдарын тандоодо, атап айтканда, лексикалык, грамматикалык материалдарды тандоодо кыргыз эмес балдардын эне тилинде буюмдардын, көрүнүштөрдүн аталыштарын, аларды өздөштүрүү жана жазуу, оозеки жумуштарды аткара алуу деңгээлин ж.б. окуу процессинде туура, натыйжалуу пайдалануу баланын кабыл алуусуна, өздөштүрүүсүнө оң гана таасир берери шексиз. Ошондой эле, кыргыз тилинин лингвистикалык планда алганда грамматикалык-фонетикалык материалдарын да окуу программасында жана окуу китептеринде берүүгө окуучулардын эне тилинде аларды дал ошол учурда өздөштүргөнүн же өздөштүрө электигин сөзсүз эске алуу көрек.

5)Инсандын жекече тил үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө жана кызыгуусуна таянуу принциби. Бул принцип да өтө маанилүү, анткени ар бир окуучу жеке инсан катары жана тил үйрөнүүдөгү мүмкүнчүлүгү менен кызыгуусунун деңгээли ар түрдүү болгондуктан, тил үйрөнүү процессин жекече өзгөчөлүгүнө, тил билүү дегээлине жараша аны өнүктүрүү менен окутуу жакшы натыйжага алып барары шексиз.

6) Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда жалаң эле тилдик фактылар менен чектелүүгө болбойт. Анткени тил аркылуу элдин тарыхы, салт-санаасы, ошондой эле жашаган орду, мекени (шаар, айыл-кыштак, жаратылышы) бирге үйрөнүлөт. Ошондуктан лингводидактикадагы мындай таанып билүү процесси окутуунун өлкөтаануучулугу деп айтылат. Демек, тил үйрөнүү менен мындай таанып билүү иш-аракетин бирдикте камтыган бул**лингво-улуттукмаданияттытаануучулук принцибинин ролу эң эле чоң.**

Бул принцип да ырааттуу иш аракетсиз жүзөгө ашырылбайт. Окуу китептерде, усулдук бардык адабияттарда, сабактагы жандуу процесстеги жазуу жана оозеки иштелип жаткан иштердин баарында бала жашаган өлкө, анын рухий жана материалдык маданияты, сүйлөшүү жана мамиле маданияты, ж.б. жөнүндөгү түрдүү маалыматтардын болушу жетектөөчү мазмундук компонент болуусу көңүлдүн борборунда болот.

Тил элдерди жакындаштырат. Элдин бири-биринин тилине жана салт-санаасына урмат-сый мамилеси болбой, башка улуттардын өкүлдөрү менен эч нерсе, эч качан жакындаштырбайт.

7) Кыргыз тили сабактарында окуу материалдарын кептеги таанытуу жана коммуникативдик кызматына жараша тандап алуу принциби окутуунун практикалык максатын көздөө менен, сабакта үйрөтүлүп жаткан ар бир сөз, грамматикалык формалардын сүйлөшүүдө эмне кызмат аткарарын түшүндүрүүнү көздөйт. Чындыгында, **«ар бир сөз өзүнө тиешелүү синтаксистик кызматы менен мүнөздөлөт, ал кызматын белгилүү бир грамматикалык моделдерде жана кеп үлгүлөрүндө аткарат.** Ар бир модель же кеп үлгүсү өзүнө тиешелүү лексика менен толукталып турат. **Мына ошентип, кеп менен грамматиканын, анын ичинде, прикладдык грамматиканын жандуу биримдиги ишке ашат.**

Демек, кыргыз тилин үйрөтүүдө тил каражаттарынын түзүлүшүнө гана көңүл бурбастан, ал каражаттардын кептеги кызматына, алардын кандайча тандалып

колдонулушуна, алардын системалуу түрдө **жеңилден – оорго, оордон – адымдоого, жөнөкөйдөн – татаалга, татаалдан – чыгармачылыкка** карай багытталган деңгээлдеринде ситемалуу түрдө берилүүсүнө айрыкча маани берилүүгө тийиш.

8)Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы усулдук принциптердин кататарында **деңгээлдерде окутуу прицибинин ролуна, тактап айтканда кыргыз тилин үйрөтүүнүнү системалык-деңгээлдик принцибине айрыкча чоң маани берилет.**Бул принцип дидактиканын жеткиликтүүлүк же окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу принциби менен да дал келет. Баланын жаш өзгөчөлүктөрүнө, класстардын деңгээлине карап, окуу материалдарын деңгээлдерге бөлүп берүү ишке ашат, ар бир курактын алдындагы тилдик жана коммуникативдик милдет такталат, аларга ылайык кайсы баскычта ким кандай деңгээлде сүйлөй алары белгиленет, ал баскычтардын тилдик жана коммуникативдик талаптары, милдеттүү критерийлери аныкталат, лексикалык, грамматикалык, кырдаалдык минимумдар иштелип чыгат.

Тактап айтканда, 1-4-класстар А1, 5-7-класстар А2 жана 8-11-класстар В1деңгээлдери болуу менен, алардын өз алдынча дидакткалык талаптары аныкталып, тил үйрөтүү жүзөгө ашырылат. Бул деңгээлдер боюнча иштөөдө эл аралык тил үйрөнүү стандартынын талаптарына таянылат.

Ушуларга негизденип, Кыргызстандын мектептеринде мамлекеттик тилди өздөштүрүүнүн практикасын мындан ары өркүндөтүү максатында Тилдерди үйрөтүүнүн Эл аралык стандартына негизденип, өзүбүздүн төмөндөгүдөй деңгээлдик баскычтар системабызды сунуш кылсак болот.

Деңгээлдик баскычтар бири бирин-бири уланткан системалуу, бирдиктүү, өз-өзүнчө максаттуу дидактикалык мүнөздөмөлөргө ээ болот. Бул деңгээлдер кыргыз тилин үйрөтүүнүн мектептик программасынын мазмунун, мектептик стандартынын талаптарын аныктайт. Алардын биринчиси – А1-Карапайым деңгээл 1-класстан башталат. А1.1 – Баштапкы деңгээл 2-3-4-класстарды камтыйт жана бул класстарда баштапкы жөнөкөй көндүмдөр,баштапкы орто көндүмдөр жана баштапкы толук көндүмдөр калыптанат. А2 – Негизги деңгээл 5-7-класстарга туурак келет. Анын ичинен, окуучулар 5-класста кадыресе көндүмдөргө, 6-класста калыптанган орто көндүмдөргө жана 7-класста илгерилей калыптанган көндүмдөргө ээ болушат. Андан ары В1 деңгээли Орто деңгээл деп мүнөздөлөт да, бул деңгээл 8-9-класстарды ичине алат. Мында 8-класста окуучулар калыптанган негизги көндүмдөргө, ал эми 9-класста калыптанган толук көндүмдөргө ээ болушат. Андан ары – жыйынтыктоочу этапВ1 Ортодон жогорку деңгээл деп аталат. Ал деңгээлде окуучулар 10-класстын окуучулары тереңдетиле калыптанган көндүмдөргө, ал эми 11-класстын окуучулары тереңдетиле калыптанган толук көндүмдөргө ээ болуп чыгышат. Ошону менен бирге 11-класстын бүтүрүүчүсү кыргыз тили үйрөнүүнүн мектеп стандартынын көлөмүнө жана деңгээлине ээ болуу менен, кыргыз тилин ортодон жогорку деңгэлде өздөштүргөнү туурасындагы сертификаттка ээ болушат.

Деңгээлдерди мындай бөлүп алуу менен, окуу материалдарын жөнөкөйдөн – татаалга, жеңилден – оорго жана оордон – адымдоого, ошону менен бирге, белгилүүдөн – белгисизге, белгисизден – чыгармачылыкка карай жайгаштыруу ишке ашырылат. Мунун өзү усулдук ыкма гана эмес, бул окутуунун натыйжалуулугуна карай багытталган принциптүү мамиле болмокчу.

Эмдиги маселе – кыргыз тилин атайын орто, орто окуу жайларында тил үйрөтүүнүн В2 Жогорку деңгээлде жана жогорку окуу жайлардагы кесиптик багыт берүү жана академиялык деңгээлде тил үйрөтүүнүн С1, С2 Жетик деңгээлдеринин мүнөздөмөлөрүн менен талаптарын иштеп чыгуу, анын концепциясы, ага жараша мамлекеттик стандартын түзүү милдети турат.

Ал эми, кыргыз тилин үйрөтүүдө эске алынуучу балдардын сүйлөшүү чөйрөлөрү төмөндөгүдөй болуусу ыктымал.

1. Баланын өздүк чөйрөсү. ***Буга төмөндөгү тематиикалар кирет:*** баланын өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң-энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги… тууралуу материалдар.

2. Окуу-таануу чөйрөсү.*Буга төмөндөгү тематикалар кирет*: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, Улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери,кыргыз тили сабагы, баланын алган баалары, мектептеги жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар, … ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул тематикаларда сүйлөшүү.

3. Социалдык-маданий чөйрө.***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы шарттар, объектилер, мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кино-театр, оорукана, спорттук аянтчалар, музейлер, Ала-Тоо аянты, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр.

4. Жүрүм-турум, этикет.*Буга төмөндөгү тематикалар кирет:* ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, жан-жаныбарларды багуу, аларга камкордук көрүү, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүү адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо адеби, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар,.….ж.б. тематикаларынын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу.

5.Күндөлүк турмуш-тиричилик.*Буга төмөндөгү тематикалар кирет:* баланын күндөлүк эрежеси, үй турмушу, бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу иштер, сатып алуу, нерсенин санын, сапатын, эмненин кайда экенин, убакытты, мезгилди сурай билүү ж.б. тематикаларда сүйлөшүүгө машыктыруу.

6.Табият, экология чөйрөсү. *Буга төмөндөгү тематикалар кирет:* Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору**,** суулары, көлдөрү, жаныбарлары, канаттуулары, жалпы үй жана жапайы айбанаттар, өсүмдүктөр, дарактар, жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооздугу, ал жерлерде эс алуу, табиятты коргоо, камкордук көрүү, тазалыкты сактоо ж.б.

Эмдиги милдет, мына ушул сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана деңгээлдерине ылайык окуу программасын түзүү болуп саналат.

Саягалиева А. А.
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК 378.147:81

ТИЛДИ ОКУТУУДА МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ

Учурда илимий ойдун, техниканын өсүшүндө тез жана күчтүү прогресс жүрүп жатат. Адамзаттын ишмердүүлүгүнүн ар тармактарында керектүү маалыматты тез жана сапаттуусун табууга жана аны иштеп чыгып түшүнүүгө маалымат технологиялардын мааниси зор болууда. Ошондуктан, азыркы мезгил маалымат технологияларын окутуунун метеддоруна гана эмес башка табигый-илимий, гуманитардык дициплиналарды окутуунун методдоруна да башкача мамиле кылууну талап кылууда.

Компьютер миллиондогон адамдардын күнүмдүк жашоосунда, иштеген ишинде, эс алуусунда ошондой эле окуусунда эч нерсеге алмашкыс жардамчы болуп калды. Ал адамзатты оор түйшүктөн арылтып, керектүү маалыматты учурунда алууну, адамдардын ортосундагы баарлашууну жөнөкөйлөтүп жатат. Ушул жагдайлардын баары жаңы маалымат-маданиятынын пайда болушуна алып келди. Бул маалымат-маданиятына адамдар эрте жаштан баштап эле ээ боло башташты. Ошондуктан маалымат технологияларын мектептерде жана жогорку окуу жайларда окутууда колдонуу – бул мезгил талабы.

Белгилей кете турчу нерсе, учурда окуу жайлардагы окутууну компьютерлештирүүнүн темпи күн сайын жогорулоодо. Бул жалаң гана заманбап техника каражаттары эмес, бул окутуунун жаңы формалары, окуу процессине жаңы мамиле. Ошондуктан азыркы окутуучулардын алдында жаңы педагогикалык каражаттарды табуу проблемалары турат.

Тилди үйрөтүүдө компьютерди колдонуу алгачкы сабактан баштап эле студенттин ишкердигинин, окуп жаткан предметке болгон кызыгууларынын андан ары өркүндөөсүнүн психологиялык-педагогикалык каражаты болуп калуусу керек. Компьютер менен иштин туура уюштурушулушу студенттин таанып билүү жана коммуникативдик кызыгуусунун тез өсүшүнө, өз алдынча тил үйрөнүү активдүүлүгүнүн жана мүмкүнчүлүгүнүн кеңейүүсүнө сабак учурунда да, сабактан тышкаркы да өбөлгө түзөт.

Азыркы компьютерлер бир программанын алкагында тексттерди, графиканы, үндү, анимацияны, видеоклиптерди, жогорку сапаттагы сүрөттөрдү, чоң көлөмдөгү толук экрандуу видеолорду интеграциялоого мүмкүнчүлүк берээрин эске алуу менен маалымат технологияларын сабак берүүдө кайда, кантип максаттуу колдонууну системалаштырып алуу зарыл. Ошондуктан окуу жайлардагы тил сабактарында компьютер технологиясын колдонуудагы ыңгайлуу жолдорун карап көрсөк: Мисалы:

1. *Жаңы материалды түшүндүрүүдө – демонстрациялык-энциклопедиялык материалдар,* ***Power Point презентациялары;***

2. *Түшүндүргөн материалды бышыктоодо – тренинг, түрдүү окутуучу материалдар;*

3. Контрол жана текшерүүдө - тестирлөө менен баалоо, текшерүүчү программалар;

4. Студенттин өз алдынча ишинде – окутуучу жана өнүктүрүүчү программалар таасирдүү натыйжаларды берет.

Компьтер технологиясын колдонуу окутуучунун тил үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатат жана башка көптөгөн изилдөөлөрүнө жардам берет. Атап кетсек: *1)Студенттердин материалды өздөштүрүү процессин психологиялык жактан жеңилдетет; 2)Предметти таанып билүүдө кызыгууну ойготот;* 3)*Студенттердин*

жалпы кругозорун кеңейтет; 4)*Сабакта көргөзмөлөрдү колдонуу деңгээли өсөт; 5)Студенттер ар түрдүү булактардан маалыматтарды таап, компьютердин жардамы аркылуу аларды иштеп чыгуу мумкүнчүлүгү өсөт; 6)Сабакта окутуучунун жана окуучунун ойлоп табуу мүмкүнчүлүгү жогорулайт.*

Microsoft Word, Microsoft Excel, Microsoft PowerPoint жалпы багыттагы программалык каражаттары болгондуктан, бул программаларды окуу процессинде колдонуу спектри өтө чоң. Бул программаларды колдонуу көргөзмө куралдарды, текшерүү тесттерин, окуучуларга билим берүүчүлүк чыгармачылык азыктарды түзүү үчүн абдан ыңгайлуу. Өзгөчө PowerPoint программасы көргөзмө-образдык элестетүү потенциалына ээ. Окутуучу өзүнүн сабактарына мындай презентацияларды өз алдынча түзүп алса болот. Андан тышкары, азыркы учурда окутуучу окуучуларга өзүнүн интеллектуалдык азыгын чыгармачылык менен берүүдө презентацияларды түзүү практикада кеңири колдонулуп жатат.

Microsoft Word программасынын тексттик редактору да офистик тиркемелерди жөнөкөй колдонуу мисалы катары кызмат кылат. Word программасынын тексттик редакторунун жардамы аркылуу педагог жөнөкөй дидактикалык материалдырды түзө алат жана студенттерге алардын өз алдынча иштөөлөрү үчүн компьютердик класста сабакта көрсөтсө болот. Мындай материалды түшүндүрмөлөрү, иллюстрациясы, гиппер шилтемелери жана текшерүүчү суроолору бар текст түрүндө даярдаса болот. Студенттер болсо Word редакторунун жардамы аркылуу өзүнүн жеке интеллектуалдык азыгын, мисалы, реферат, доклад, билдирүүсүн даярдаса болот.

Педагогдун ишмердүүлүгүндөгү маанилүү звено бул окуучулардын билимин аныктоо болуп эсептелинет. Microsoft Excel программасынын таблица процессорун колдонуу менен ар кандай текшерүүчү тесттерди түзсө болот. Бул программаны электрондук журналдарды түзүүдө колдонуп жүргөндүгү белгилүү. Бул программанын жардамы аркылуу мугалим формулаларды колдонуу, же программанын башка функцияларын колдонуу аркылуу окуучулардын билим деңгээлин баалоодо ишти бир кыйла жеңилдетүү менен так жана калыс баалай алат.

Окуу жайларда кыргыз тилинин практикалык курсун компьютердин жардамы аркылуу үйрөтүү окуу процессиндеги маалымат технологияларын колдонуунун кызыктуу жана керектүү көрсөткүчтөрү болуп эсептелинет.

Кыргыз тилинин практикалык курсунда компьютердик технологияларын колдонуунун төмөнкү жолдорун бөлүп кароого болот:

- Өтүлгөн теманы бышыктоодо жана кайталоодо студенттердин билимди өздөштүрүү деңгээлин текшерүүгө багытталган компьютердик тесттер.

Компьютердик тесттер – бул бир жолку жоопту талап кылуучу, конкреттүү предметтик областтагы так жана ачык тапшырма.

Окутуучу үчүн тест кезектеги билимди индивидуалдык текшерүүдө, окутуунун дидактикалык жана жардамчы каражаты катары кызмат кылат. Студенттер компьютердик суроолорго кызыгуу менен жооп беришет, студент иштин темпин жана суроолорго жоопторду өзү тездетет.

- Ошондой эле электрондук китептерди жана гиппер шилтемелери, анимациялары, диктордун кеби, интерактивдүү тапшырмалары, мультимедиалык таасирлери бар электрондук конспекттерди колдонууга болот.

- Электрондук форматтагы медиатексттер (компьютер жана Интернет менен). Компьютердик техника менен толук камсыз болгон учурда сабакта поэтикалык жана прозалык тексттердин эпизоддоруна анализ жүргүзүү үчүн көркөм тексттерди колдонсо болот. Студенттер компьютердин мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, алгач теманы бөлүп алат да, көркөм тропаларды жана синтаксистик фигураларды таап, астын

сызышат, рифмаларын, көлөмүн ж.б.у.с. көргөзүшөт. Ар бирөөнүн алдында көркөм текст тургандыктан, ар бир студент өз алдынча иштейт.

- Текстер көрсөтүлгөн слайддар. Студенттер сөздүктөрдү, энциклопедияларды колдонууда төмөнкү бөлүктөр боюнча слайддарды түзүшсө болот: *сөздүк-орфографиялык иштер; акын, жазуучунун чыгармачылыгын карап чыгуу; акын, жазуучу жөнүндө доклад даярдоо; тилдин баардык бөлүктөрүн үйрөнүү (фразеология, орфоэпия, сөз жасоо).*
- Графикалык сүрөттөрү бар слайддарды түзүү (студенттер жаңы материалды үйрөнүүдө жалпылагыч таблицаларды, схемаларды, тил же адабият илимдеринин бардык бөлүктөрү боюнча алгоритм иштерин түзүшөт, өтүлгөндөрдү бышыктоодо же кайталоодо берилген таблицаларды жана окуп-билүү тапшырмаларын аткаруу схемаларын колдонушат.
- Интернетти колдонуу, окуучулардын өз алдынча издөөлөрүн, жыйноолорун, анализдерин, аларга маалыматтарды жана тематикалык презентацияларды табуу мүмкүнчүлүктөрүнүн өркүндөшүн шарттайт. Интернет өзүн-өзү өркүндөтүү, студенттердин жана мугалимдердин калыптануусу үчүн чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Жана дагы Интернет жеке, жалпы жана коллективдик баарлашууда жана окууда күчтүү каражат болуп эсептелинет.
- Мультимедиалык сабактагы компьютердик демонстрацияда окутуучунун ишмердүүлүгү материалды берүү темпин башкаруусу, студенттердин көңүлүн өзгөчө керектүү моменттерге буруу, түшүнүксүз жерлерди түшүндүрүү жана кайталоо менен түшүндүрүлөт. Студенттер булар менен өзүлөрүнүн дептерлерине белгилөөлөрдү, цитаталарды, көчүрмөлөрдү жазышып, берилгендер боюнча конспект түзүшөт. Ошентип студенттерде окуу-маалыматтык жөндөмдөр жана көндүмдөр калыптанат.

Демек, маалымат технологияларын окутуунун бардык этаптарында (жаңы материалды түшүндүрүүдө (киришүү), бышыктоодо, кайталоодо, билимди текшерүүдө, көндүмдөрдө) бардык түрлөрүн колдонууга болот.

Тилди окутууда маалымат технологияларын колдонуудагы Интернет менен иштөө, ар кандай гипертексттерди түзүү, текст корпустарына саякат жасоо студенттердин сабакка кызыгуусун арттырат.

Тилди окутууда маалымат технологияларын колдонуу аркылуу окутуучу студенттердин тил үйрөнүүдөгү кошумча аракеттерин, сабаттуу коммуникация эрежелерин үйрөнүп-билүүсүн, кеп маданиятын калыптандырууну, өз алдынча активдүү инсандын өсүшүн камсыздай алат.

Тилди окутууда маалымат технологияларын колдонуу – окутуунун методдорунун азыркы күндүн талабына жооп берилишине көмөк көрсөтөт.

Адабияттар:

1. Ларских З.П. Компьютердин жардамы менен грамматика-орфографиялык темаларды окутуу. - Елец: И.А. Бунина ат. ЕГУ, 2007. 86 б.

2. Осин А.В. Билим берүүдөгү мультимедиа: маалыматташтыруу контексти. М.: Басма сервиси, 2004. 63 б.

3. Пашкова Г.И. Компьютер технологиясын колдонуу аркылуу өз алдынча иштерди уюштуруу.- М.: Белгород: БелМУ, 2002. 127б.

4. Тимонина В.Ю. Орус тилин окутууда компьютердин ролу жөнүндө диалог. - М.:2006. 78б.

Саякбаева А.Б.
И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

УДК.401+3713

КЫРГЫЗ ТИЛИН БӨТӨН ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛДОНУЛУУЧУ МЕТОДДОР

Окутуунун мазмунун тандап алгандан кийин ошол материалды кантип окутуу керек деген суроонун келип чыгышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул суроого окутуунун методу жооп берет. Окутуунун методу окутуу теориясындагы эң маанилүү проблемалардан. Окутуунун методу жетишпеген шартта эң билимдүү окутуучу, эң мыкты тандалган окуу материалын да студентке жеткире албай калышы мүмкүн.

Метод грек сөзү экендиги белгилүү. Анын этимологиясы кандайдыр бир нерсеге жол дегенди түшүндүрөт. Байыркы грек орус сөздүгүндө метод терминин бир нече мааниси берилген.

I Изилдөөнүн же таанып билүүнүн жолу.

II теория

III изилдөө

IV ыкма

Метод маселесине арналган көптөгөн адабияттарда анын ар түрдүү классификациясы сунуш кылынат. Анын ичинде илимий жактан негиздүү жана практикада колдонууга ийкемдүү деп табылган дидактикалык методдор белгилүү окумуштуулар И.А.Лернер жана М.Н.Скаткин [4] тарабынан төмөндөгүдөй классификацияланган:

1. Түшүндүрмөлүү иллюстрациялык метод
2. Репродикциялык методу
3. Проблемалуу баяндоо методу, жарым жартылай изилдөө методу
4. Изилдөөчүлүк метод.

Бул дидактикалык ыкмалар бардык окуу предметтерине таандык. Мына ушул концепцияга ылайык дисципланысынын өзгөчөлүгүнө таянуу менен жеке методдор иштелип чыгат. Мисалы: тил илимин мектепте окутуу ыкмасы бир нече вариантта классификацияланат.

а) Тилдин теориясын үйрөтүүчү ыкма (окутуучунун аңгемеси, мугалимдин маалыматы окуу китебин окуу);

б) Речти өстүрүүнүн дидактикалык ыкмасы (аңгеме, ой жүгүртүү, сүрөттөө редакциялоо, дил баян ж.б.);

в) Тилди үйрөтүүнүн теория практикалык ыкмасы, талдоонун түрлөрүн үйрөтүү

Демек, тилди үйрөтүүнүн методу анын кайсы чөйрөдө (студенттин эне тили же эне тили эмес экендигине жараша) окутулушуна карата тандалууга тийиш. Көбүнчө бөтөн тилди окутууда ыкмалардын практикалык тобун тандоо максатка ылайык. Анткени, бөтөн тилди окуп жаткан студенттин максаты ошол тилди өзүнүн практикалык речине айландыруу болуп саналат. Демек, ыкма сутденттин максатына ылайык тандалат. Аны тандоодон мурун ыкма деген түшүнүктүн аныктамасын же эрежесин тактап алуу зарыл. Көбүнчө илимий адабияттарда метод менен методикалык ыкма деген түшүнүктөр бири-бирине салыштырылып, окутуу процессинде конкреттүү окуу милдетин чечүүгө багытталган методикалык ыкмалардын системасын метод деп аташат. Башкача айтканда метод методикалык ыкмага караганда кенен түшүнүк. Немец окумуштуусу К.Гюнтердин сөзү менен айтканда: «метод» – окутуунун стратегиясы менен тактикасы, анын оперативдүү каражаты жана куралы.

Методикалык ыкма бир же бир нече сабакка таандык болсо, метод деген окутуунун бүтүндөй системасына таандык. Албетте, коом өзгөргөн сайын окутуунун

максаты менен мазмуну өзгөргөн сыяктуу методдун түбөлүккө аныкталган так аныктамасын чыгаруу мүмкүн эмес. Анын табияты көп кырдуу. Ошол эле учурда методикалык табылгалар сөзсүз окутуунун эффективдүүлүгүнө таасирин тийгизери анык.

Акыркы он жылда чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалар «аудиолингвалдык» жана «аудиовизуалдык» методду колдонуп келе жатышат.

I Аудилингвалдык методдун негиздөөчүлөрү америкалык лингвисттер болуп эсептелет. Аудиолингвалдын методун негизин түзүүчү жоболор мына булар: бөтөн тилди адегенде оозеки формада үйрөнүү зарыл. Андан кийин гана бөтөн тилдеги текстти окуу жана жазуу максатка ылайык деп эсептейт. Бөтөн тилди жеке сөздөр же грамматикалык формалар аркылуу эмес жалпы модель аркылуу үйрөнүүгө болот. Бөтөн тилди үйрөнүүнүн бардык этабында ошол тилдин артикулляциялык өзгөчөлүктөрүнө (произношение и интонация) көңүл буруу зарыл.[2] Тандалып алынган тилдин материалдар жана көнүгүүлөр окутуунун механикалык ыкмасына негизделип бир нече жолу кайталанат. Материалдардын тандалышы жана көнүгүүлөрдүн ирети үйрөнүлүп жаткан тил менен студенттин эне тилинин структурасын салыштыруу анализине таянат; лексика, фразеологияны өздөштүрүү ошол тилдин ээси болгон элдин каада салты, жашоо шарты, маданияты, жашоо образы менен таанышуу аркылуу иш жүзүнө ашат.

Югославия менен Франциянын методисттери аудиовизуалдык методду негиздешкен. Бул методдун негизги максаты студенттин бөтөн тилдеги оозеки речин калыптандыруу болуп саналат.

Аудиовизуалдык метод студенттин угуу жана көрүү мүмкүндүгүнө таянат. Жаңы окуу материалдары угуу менен кабыл алынат да, анын мааниси диапозитив диафильмдер, кинофильмдердин негизинде талдоого алынат. Жогорудагы аталган 2 метод тең өздөрүнүн популярдуулугуна карабастан мугалимдер, лингвисттер тарабынан көп сынга дуушар болуп келе жатышат. Ошол эле учурда канчалык сындалганына карабастан аталган методдор бөтөн тилди окутууну жана практикалык жагдайынын өсүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизген мыкты илимий методикалык табылгалар катары азыр да окутуу процессинде колдонууда.

Дал ушул методдун негизин түзүүчү жоболор бөтөн тилди үйрөтүүгө машыктыруучу көнүгүүлөрдүн сериясын иштеп чыгууга атайын лабораториялык, лингафондук кабинеттердин түзүлүшүнө техникалык каражаттар аркылуу окутуу процессин интенсивдештирүүгө стимул болгондугу талашсыз.

I. Тилдик материалды аң-сезимди өздөштүрүү аркылуу гана тиешелүү натыйжага мүмкүн экендигин баса белгилөө менен чет элдик методисттер жана эски методдордон турган аралаш методдорду сунуш кылат.[1] Ал үчүн:

– тилди үйрөнүү процессин жалаң гана механикалык көнүгүүлөрдү жаттоо, тууроо (имитациялоо) аркылуу эмес тиешелүү грамматикалык минимумдун аң сезимдүү өздөштүрүүнү бирге алып баруу талап кылынат:

– речтик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, жазуу жана окуу) өз ара байланышта алып барууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, азырынча кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуп үйрөтүүнү башкалардан айырмаланган атайын методдору иштелип чыга элек. Албетте, ар кандай предметти окутуунун методдору ар түрдүү, ошондой эле окутуу процессинде алдыңкы иш тажрыйбаларды үйрөнүү менен гана ар кандай метод өзүнүн өз алдынчалыгын калыптандыра алат.

1. Бөтөн тилди үйрөнүүдө ситуациялуулукка бөтөнчө орун берилүүдө. Ситуация речтин коммуникативдүүлүгүн арттыруунун бөтөнчө фактору жана резерви катары каралууда.

2. Бөтөн тилди үйрөтүүдө структуралык көнүгүүлөрдү пайдалануу аркылуу речти машыктыруунун жаңы мүмкүндүктөрү табылууда. Айрыкча ситуацияда структуралык көнүгүүлөрдү туура пайдалануунун маниси чоң.

3. Кийинки өнүгүп жаткан методикалык багыт бөтөн тилди үйрөтүүдө текст менен иштөөнүн дидактикалык сырларын ичине камтыйт. Текст менен иштөөнүн ийгилиги анын методикалык жактан туура тандалышы менен шартталган.

4. Бөтөн тилге болгон ал эмоционалдык мамилени жана ага болгон кызыгуунун калыптандырууда оюндун мааниси өтө чоң экендиги методисттер тарабынан таанылган чындык болуп калды. Оюн формасындагы бөтөн тилди өздөштүрүү жалаң гана студенттер арасында эмес, чоңдор арасында да кызыгуунун пайда кылуучу фактор экендиги аныкталып жатат.

Белгилей кетүүчү нерсе, азырынча кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуп – үйрөтүүнү башкалардан айырмаланган атайын методдору иштелип чыга элек. Албетте, ар кандай предметти окутуунун методдору ар кандай дидактикалык жалпы концепцияга таянуу менен өзүнө жакын окуу дисциплиналарынын окутуу мыйзам ченемдери менен байланышта болору анык. Ошондой эле окутуу процессиндеги алдыңкы иш тажрыйбаларды үйрөнүү менен гана ар кандай метод өзүнүн өз алдынчалыгын калыптандыра алат. Ушул көз караштан алып караганда, чет өлкөлүк методисттер белгилегендей, бөтөн тилди үйрөтүүнүн универсалдуу методун сунуш кылууга болбойт. Сабакта конкреттүү методду пайдалануда студенттердин окуу материалынын мүнөзү, үйрөнүп жаткан студенттердин билим деңгээли, тил чөйрөсүнүн аларга тийгизүүчү таасири сыяктуу дагы көптөгөн факторлорду эске алуу зарыл.

Ошону менен бирге студенттер практикасындагы алдыңкы тажрыйбаларга байкоо жүргүзүүдөн улам төмөнкү методдорду чыгармачылык менен пайдалануу окутуу процессине натыйжалуу, ыңгайлуу шарт түзөт деген ойдобуз.

Адабияттар:

1. Комков И.Р. Методика преподавания иностранных языков. Минск, 1979

2. Успенский М.Б. Совершенствование методов и приемов обучение русскому языку в национальной школе. М., 1979

3. Гиниатулин И.А. Об одном приеме развития инициативности в говорении. // Иностранные языки в школе. 1966, №2

4. И.А.Лернер, М.Н.Скаткин. Прием обучение методов русского языка. М.,1968

Султанкулова Ж.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.41:894.341+871.3

КЕП МАДАНИЯТЫНЫН ЖАЛПЫ ФИЛОСОФИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮ

XXI кылымдын жашоочулары турмушка, дүйнөгө жана өз тагдырына карата өзгөчө мамилеси менен айырмаланып, ар бир жаш инсан өз жашоо шыгына жараша глобалдашкан дүйнөнү жаңыча кабылдоодо. Адамдын табигый физикалык чөйрөдөн жана башка жандуу табияттан бөлүнүп чыгышында эң оболу анын жашоого умтулуусу, болгондо да курчап турган реалдуулукту өзгөртүп жашоо үчүн күрөшү өз жемишин бербей койбойт. Ал күрөштө жеңип чыгуу үчүн жана дүйнөнү өз ыңгайына жараша өзгөртүп алуу үчүн адам баласы руханий дүйнөсүн байытканда гана өз максатына жетише алган. Дүйнөлүк маданият менен цивилизация адамдардын улам жогорулап,

жаңырып аткан дүйнө таанымына жана коомдук мамилелерге жараша өсүп келгени – тарыхый чындык. Адамдын турмушун коомсуз, коом менен байланышсыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Ошондой эле мамиле күтүү, пикир алышуу да адамдын жашоосунун маанилүү зарыл бөлүгү. Пикир алышуусуз инсанды калыптандыруу, аны тарбиялоо, акыл-эсин өстүрүү мүмкүн эмес. Пикир алышуу - өтө көп кырдуу, татаал кубулуш. Анын татаалдыгы изилдөөчүлөрдүн көптөгөн көз караштарын жана изилдөө багыттарын туудурган. Бул кубулушту философия, психология, логика, эстетика, этика, лингвистика, психолингвистика ж.б. бир катар илимдер изилдешет. Кеп маданияты ал илимдердин жетишкендиктерин эриш-аркак колдонуп, кептик пикир алышуунун, сүйлөө чеберчилигинин сырларын ачууга умтулат.

Кеп маданиятын окутуунун философиялык маселелерине, токтолуунун теориялык жана практикалык зарылдыгы айкын көрүнүүдө. Философиялык аспектен көз жүгүрткөндө, пикир алышуу адамдын коомдук статусун камсыз кылуучу процесс. Ал адамды коом менен байланыштырат, коомдук ролду аткарышын камсыз кылат. Коомдун башка мүчөлөрү менен байланыш түзүлмөйүнчө адам коомдун мүчөсү боло албайт. Пикир алышуу аркылу адамдын коомдогу орду, ролу аныкталат. Философиянын конкреттүү илимдер үчүн методологиялык ориентир боло тургандыгын, дүйнөгө карата көз караштын калыптанышындагы, адамдардын социалдык баалуулугун көргөзүүдөгү ролун эске алуу менен бул илимди кеп маданияты менен болгон байланышы аныкталат.

Тил - жалпы коомдун, элдин аң-сезиминин, генийинин продуктысы. Ал жеке адамга же коомдук бир катмарга тиешелүү эмес. Ал эми кеп жеке адам (индивид) тарабынан жаралат. Анын жетишкендиктери же кемчиликтери жалпы элге же жалпы тилге байланыштуу эмес, ошол адамдын кеп маданиятына жана жалпы маданиятына байланыштуу. Тил система. Тил байланыш үчүн колдонулуучу бирдиктердин (тыбыштардын, сөздөрдүн, мүчөлөрдүн, сүйлөмдөрдүн ж.б) жыйындысы. Ал эми кеп - бирдиктердин конкреттүү кырдаалда, мезгилде, шартта колдонулган ыраттуу тизмеги. Тилде мүмкүнчүлүктөр орун алса, кепте ал мүмкүнчүлүктөр ишке ашат. Мисалы, белгилүү сандагы сөздөрдөн, белгилүү сандагы сүйлөмдөрдү түзүүгө болот. Кеп айтуучунун оюн чагылдырат, мазмунга ээ болот. Мазмундун туура, так берилиши үчүн анын ой жүгүртүү менен байланышын жөнгө салуу, ойдун ыраттуу, так чагылышын камсыз кылуу зарыл. Кеп аң-сезимдин продуктысы. Аң-сезимдин өзгөчөлүктөрү, анын дүйнөнү таанып-билүү жөндөмдүүлүгү кептин мазмунун түзөт. Кептин жаралышына реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар, заттар түрткү берет. Кептин мазмуну обьективдүү чындыктагы кубулуштарды чагылдыруу, реалдуу дүйнөнүн белгилүү бир фрагментин, үзүндүсүн, моделин түзүү үчүн кызмат кылат. А бирок модел дүйнөнү так же так эмес, бурмалап чагылдырышы мүмкүн. Демек, кепке коюлуучу дагы бир талап - реалдуу дүйнөнү так, бурмалабай, обьективдүү чагылдыруу. Кеп конкреттүү бир адресатка багытталат. Ал адресат балким жалпы адамзат, балким белгилүү бир адам болушу мүмкүн. Айтылган кеп өз адресатына ылайыкталууга, анын психикалык, логикалык өзгөчөлүктөрүн, дүйнө таанымын эске алуу менен түзүлүүгө тийиш. Ошондо гана кеп угуучуга жетип, анын аң-сезими аркылуу туура кабыл алынат. Кеп реалдуу дүйнөдө белгилүү бир мезгилде жана мейкиндикте жаралат. Ар бир кеп өз мезгилине, ордуна жана шартына ылайык болушу керек. Эгер бул талап аткарылбаса, кептин этикалык, эстетикалык сапаты төмөндөйт.

Кеп маданияты адамдын жалпы маданий деңгээли менен тыгыз байланышта болот. Адамдын жалпы маданияты деген эмне? Ал жалаң гана адамдын билими, дүйнөгө көз карашы, этикалык жактан тарбияланышы, эмгектеги жетишкендиктеринен гана көрүнбөстөн, анын тилинин тазалыгы жана байлыгы менен да аныкталат. Кеп маданияты ар бир адамдын канчалык деңгээлде жалпы маданиятка ээ экендигин

тастыктап турат. Адамдын сөз байлыгы жарды, өтө чектелген болсо, жөнөкөй эле фразаларды айтканда, керектүү сөздөрдү таба албай кыйналат, бир түрдүү сөздөр менен сүйлөйт, ушундан улам анын кебинин сапаты анча болбой, өз максатына жетпейт, угуучуга да бир эле сөздү улам кайталап жаткандай сыяктанат. Бир эле сөздү кайталай берүү угуучуну тажатып, айтылуучу ойдун негизги мазмунунан анын көңүлүн башкага буруп жиберет. Ошентип кеп маданияты деген эмне? Кеп маданияты деп биз улуттук өзгөчөлүгү, маанилик жактан тактыгы, кебинин бай жана ар түрдүүлүгү, грамматикалык тууралыгы, логикалык ыраттуу түзүлүшү, көркөм элестүүлүгү менен айырмаланган кепти айтабыз._ Маданияттуу сөз өзүнүн оозеки айтылышында орфоэпиянын нормасына, жазуу жүзүндө орфографиялык жана пунктуациялык нормага ылайык болушу шарт[1]. Кеп аркылуу маектештердин ортосундагы мамиле калыптанат. Кептин эмоционалдык мазмунуна камтылган сезимдерге жараша адамдардын мамилеси күчөйт, психологиялык жакындык, өз ара түшүнүшүү, оң эмоционалдык маанай түзүлөт же тескерисинче орто сууп, себепсиз жерден карама-каршылыктар жаралышы мүмкүн. Кептин психологиялык орундуулугун камсыз кылуу үчүн айтуучу маектешине сылык, кичи пейил, сабырдуу мамиле кылуусу керек. Ар бир кеп маалымат, кабар менен бирге адамдын ички сезимдерин угуучуга карата болгон мамилесин чагылдырат. Көп учурда бул сезимдер айтуучунун эркинен тышкары, көмүскөдө берилет. Ошондуктан кеп адеби лингвистикалык гана эмес психологиялык маселелер менен да байланыштуу болот. Кеп адеби – адамдын психологиялык ички маданиятынын, ой жүгүртүү маданиятынын көрсөткүчү. Кыргыз элинде кеп адебине өтө чоң маани берилген. Ата-бабаларыбыз ар бир сөздү баалап-барктап келишкен. «Жигиттин сөзү өлгөнчө, өзү өлсүн», «Эр жигиттин уялганы өлгөнү», «Ойлонбой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат», «Бутан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт» - деген накыл сөздөр кептин канчалык барктaлганын, аздектелгенин, сөздөн жеңилүү, жыгылуу канчалык оор болгонунан кабар берет. М.Кашкаринин сөздүгүндө «Тил арслан турур, эшиңде йатур» (Тил босогоңдо жаткан арстан) деген накыл кеп жазылып калган. Бабаларыбыз кепти курч, коркунучтуу курал катары баалашып ага этият мамиле кылууга үйрөтүшкөн: «Айтылган сөз, атылган ок», «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет», «Ириген ооздон, чириген сөз чыгат», «Жакшы сөз - жарым ырыс» - деп кепти жакшылыкка гана багыттоого үндөшкөн. Кептик чеберчиликти өнүктүрүү – жакшы адис болуунун эң негизги шарттарынын бири. Кайсы гана кесиптин ээси болбосун, анын иши жамаатташ адамдар менен байланыштуу. Өз ой-пикирин жеткиликтүү, түшүнүктүү, таасирдүү айтып бере албоо адамды психологиялык жаракатка алып келет, шагын сындырат. Сүйлөө чеберчилиги адамдын карьерасына, ийгилигине, кадыр-баркына дайыма таасир тийгизет. Таасирдүү, көркөм сүйлөй билген адам өз оюн түшүндүрө да, пикирин далилдей да алат. Бул болсо анын коомдогу кадыр-баркынын өсүшүнө өбөлгө болот. Тескерисинче ою канчалык туура, канчалык баалуу болсо да, анны башка адамдарга толук жеткирүүдө чабалдык кылса, адамдын бедели түшөт. Сөз анча байкалбаган нерсе болсо да, көп иштерди кылат. Сүйлөө чеберчилиги – мамиле түзүү үчүн эң негизги талап, шарт. Эгер кеп туура болбосо тактык, логикалуулук, орундуулук, тазалык жана башка сапаттар тууралуу сөз кылууга да мүмкүн эмес. Кеп адамды курчап турган турмуш чындыгынын аң-сезим жана ой-жүгүртүүнүн катышуусу аркылуу сөз менен сырткы чөйрөгө чагылдырып берүүнүн куралы катары каралат. Айтылган кептин чындык менен дал келүүсү угуучуну, ошол эле учурда авторду да кызыктырат.

«Кептин чындык менен дал келүүсү анын кабылдашын арттырат б.а. кеп өз сапатын сактап, так, таамай, таасирдүү болот, ошондой эле авторго болгон угуучунун

[1] А.Садабаев., Сөз маданиятын өстүрүү., М., 1967.

ишеними артат. Кебибиз так, таамай болбосо, турмуш чындыгы менен дал келбесе, ал кубулуш тууралуу толук, жеткиликтүү түшүнүк алынбай, айтылган кеп өз максатына жетпей калуусу мүмкүн»[1]. Көркөм сүйлөө, кепти көркөм түзүү үчүн адамдын өзүнүн эрки да маанилүү. Өзүнүн алдына кебинин көркөмдүк деңгээлин өстүрүү максатын койгон, кеп ишмердүүлүгүн анын ыкмаларын талыкпай үйрөнгөн адамда гана тажрыйба пайда болот. Ал үчүн башкалардын жана өзүнүн кебине көңүл буруу, талдоо, кемчиликтерди табуу жана аларды жоюуга аракет кылуу зарыл.

Философия (грекчеден fileo-сүйөм жана sopio-акылмандык) – теориялык мүнөздөгү алгачкы дүйнөгө көз караш. Жаратылыштын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн өтө жалпы жана универсалдуу мыйзамдары тууралуу окуу, дүйнөнү жана адамды таанып билүүнү көздөгөн коомдук жана жеке аң-сезимдин формасы болуп эсептелинет. Философия – сөзмө-сөз акылмандыкты сүйүү дегенди түшүндүрөт. Тарыхый маалыматтарга таянсак, «философ» деген сөздү алгачкы жолу грек математиги жана ойчулу Пифагор (б.з.ч. V кылым) бийик акылмандыкка жана тура өмүр сүрүүгө умтулган адамдарга карата колдонгон. Олимпиядалык оюндарда, - деп айткан Пифагор негизги үч типтеги адамдарды жолуктурууга болот. Бирөөлөр соода кылыш үчүн келишет. Алар дөөлөт менен байлыкка умтулушат. Башкалары даңкталгысы келишет, - алар даңктын кулдары. Үчүнчүлөрү – акылмандар (философтор), алар башкаларга байкоо жүргүзүүдөн гана канагат алышат. Алар байлыкка жана даңкка болгон пенделик ач көздүккө далбас урбайт, алар кумарга берилишпейт, ошондуктан алар эркин адамдар. Философтор чындык үчүн төрөлүшөт».

Жеке илимдерден айырмаланып, философия бүтүндүк болуп саналган дүйнөнү (чындыкты) өтө жалпылаган категориялар менен түшүнүктөрдүн жардамы аркасында түшүндүрөт. Демек философияны таанып-билүүнүн жана адамдын дүйнөгө болгон мамилесинин жалпы принциптери тууралуу окуу деп аныктоого болот. ири алдыда философия өздүк категорияларын жана алардын системасын, изилдөөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, методдорун жана принциптерин калыптандырган теория түрүндө жашайт.

Философия бардык нерселер менен кубулуштарды сындын элегинен өткөрүп ар тараптуу илимий анализге тартат. Туура корутундулар менен тыянактарды чыгарууда философ француз ойчулу Рене Декарт сунуш кылган «бардыгынан күмөн санайм» деген принцибине кайрылууну ылайык көрүшөт. Алгач философия түшүнүгү өтө кеңири мааниде колдонулган. Бул термин адамзат тарабынан топтолгон бардык теориялык билимдердин жыйындысын түшүндүргөн. мазмуну боюнча философия жалпылыкка жана биримдикке умтулуу болуп саналат. Эгер башка илимдер реалдуулуктун кандайдыр бир бөлүгүн изилдөөнү предметке айландырса философия бүтүндөй реалдуулукту түшүнүүгө умтулат. Реалдуу дүйнөнүн бүтүндүгү философиянын мүнөздүү мазмунун түзүп турат. Адамды жаратылыш, коом жана ой жүгүртүүнүн мыйзамдары тууралуу билимдерге сугаруу менен философия ага таанып-билүүнүн гана эмес, дүйнөнү рационалдуу кайра түзүүнүн жолдорун да көрсөтөт. Методу боюнча философия чындыкты түшүндүрүүнүн рационалдуу ыкмасы болуп эсептелет. Философия эмоционалдуу символдор менен чектелбейт ал логикалык аргументтүүлүккө жана тыянактуулукка умтулат. Ушунусу менен ал дүйнөнү жалпы жонунан таанып-билүүгө далалаттанган, бирок ага рационалдуу түшүндүрмө бере албаган динден, искусстводон, мифологиядан айырмаланып турат. Философия ишенимге же көркөм образга эмес, акылга негизделген системаны түзүүгө умтулат. Көркөм образ, метафора, салыштыруу ж.б. философияда көмөкчү ролдорду гана аткарышат. Рационалдуу теориялык билим болуп эсептелген философиядан

[1] С. Мусаев, Кеп маданиятынын маселелери , Б., 1993., 50-б.

философиялык маселелерди айырмалоо зарыл. Философиялык маселелер динде, мифологияда, көркөм адабиятта, ал тургай поэзия менен живописте да камтылышы мүмкүн. Азыркы заман – демилгелүү, жигердүү ишкер адамдардын заманы.

Бүгүнкү күндө чыгармачылык менен ойлонгон адамдар үчүн каалаган багытта демилге көтөрүп, каалаган багытта ишмердик жүргүзүүгө шарттар түзүлгөн. Ишкерлер ортосундагы сүйлөшүүлөрдө, келишимдерди талкуулоодо өз оюн таасирдүү чагылдыруу, далилдүү чечмелөө, талаш маселелерди чечүүдө өз кызыкчылыктарын коргоо сыяктуу кырдаалдарда сүйлөө чеберчилиги, кеп маданияты зор роль ойнойт. Өз оюн тура туюнта билүү – ар бир адамдын турмушунда башка адамдар менен байланышты жакшыртуу үчүн, өз көз карашын коргоо үчүн зарыл. Чечендик өнөрдүн сырларын, ыкмаларын үйрөнүү эл алдына чыгып сүйлөө үчүн гана эмес, күнүмдүк жашоо үчүн да керектүү. «Чечендик өнөр – сөз менен ынандыруунун өнөрү» -деп байыркы грек ойчулу Аристотель айткан экен. Байыркы гректер жана римдиктер бул өнөрдү күчтүү жана жашыруун курал катары эсептешип, ак сөөк эмес карапайым адамдардын бул өнөрдү үйрөнүүсүнө тоскоолдук кылышкан. Аң-сезимди сөз менен ынандыруу, ишендирүү аркылуу гана багынтууга болот. Кара күч (күч колдонуу) менен адамдын аң-сезимин багынта албайт.

Демек кеп маданиятын орто мектептерде, окуу жайларында окутуунун максатын кеңейтип, мазмунун тактап, анны компотенцияларга ажыратып аныктоодо кеп маданиятынын философиялык негиздерине, түшүнөрүнө да көңүл буруп, ага мани берип, окутуу-үйрөтүү процессине киргизүү зарыл деген тыянак чыгаруубуз керек.

Адабияттар:

1. А.Садабаев., Сөз маданиятын өстүрүү., М., 1967.
2. С. Мусаев, Кеп маданиятынын маселелери , Б., 1993., 50-б.
3. А.К. Чолпонбаев, Н.К.Календарова , Сүйлөө чеберчилиги, Б., 2002.
4. Ж.А.Чыманов., Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. «Турар» -Б., 2009.
5. Философия науки: Учеб.пособие/ Сос. К.М. Алиева., Б – 2009.
6. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. М., 1986., 309-с.

Султанкулова Ж.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.41:894.341+871.3

КЕП МАДАНИЯТЫН ОКУТУУНУН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Коомдо, башкаруунун бардык жагында, саясатта, динде чечендик өнөргө чоң маани берилет. «Жылуу сөз жыланды ийнинен чыгарат», «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» ж.б.у.с. макалдар кыргыз элинин бул чындыкты илгертен эле билгени жөнүндө кабар берет. «Билип эле турам, бирок айта албайм», «оюмду айтайын деп сөз таба албай жатам» деген сыяктуу сөздөрдү көп эле угуп жүрөбүз. Кеп маданияты, чечендик өнөр азыркы учурда коомубузда жогорку деңгээлде эмес. Көркөм элестүү сүйлөгөн, оюн шуруга тизгендей ыраттуу, так туюнткан адамды дайыма эле жолуктура бербейбиз. Бул да болсо кептин эл ичиндеги баркынын төмөндөп кетишинен, а балким кыргыз тилинин баркынын азыркы кездеги төмөндөгөнүнүн кесепетидир. Кыргыз адабий тилинин нормаларын тактап, көркөмдүгүн, тактыгын

арттыра алсак, кыргызча чебер сүйлөөгө үйрөнсөк, өспүрүмдөр, окуучулар да буга умтулат.

«Сүйлөө чеберчилиги табигат тарабынан берилеби же каалоосу бар адам өздөштүрө алабы? Бул суроого чечендик өнөрдүн тарыхында ар кандай жооптор берилген. Байыркы Римдин атактуу чечени Марк Туллий Цицерондун бул маселеге болгон көз карашы учкул сөзгө айланган: «Акын төрөлөт, чечен жасалат», чечендикке шык, таланттын анча зарылчылыгы жок, бул өнөрдү машыгуу, эмгектенүү менен өздөштүрүүгө болот деген ойду жактаган»[1].

Байыркы грек чечени Демосфен да тынымсыз машыгуу, талыкпаган эмгек аркылуу гана чечендиктин жогорку деңгээлине өсүп жете алган. Чечендик өнөр тубаса шыкка анча көз каранды эмес. Ошол эле учурда чечен болу жөнөкөй жеңил иш эмес, чебер, чыгаан чечен болууну көздөгөн адам талбай, тынымсыз машыкса гана максатына жетет. А кептин максаты – маалыматты, ой-пикирди, идеяны угуучуга тилдик бирдиктер аркылуу так туура чагылдырып жеткирүү, угуучунун билим деңгээлине, жаш курагына, психикалык абалына туура келүүсү. Бул талаптарга толук жооп бербесе кеп өз максатына толук жете албайт.

Адам кебинин маданияттуулугунун негизги касиеттеринин бири – анын максаттуу жана сапаттуу болушу. Кырдаалга карата туура ой жүгүртүү, өз кебин өзү жөнгө салуу маанилүү. Ансыз – максатсыз, сапатсыз сөз айтылат. Адамдын маданияттуулугунун негизги көрсөткүчү – кеп маданияты, сүйлөшө келгенде гана биз адамдын ички маданиятын билебиз. Адамдын бардык ишмердүүлүктөрүнүн жаралуу, калыптануу, өнүгүү, ал тургай ишке ашырылышына да адамдын кеби катышат. Кеп маданиятын өнүктүрүү, ой жүгүртүү, аң-сезим, таанып билүү, кызыгуу бардыгы байланыштуу, ал тургай көз каранды. Биз сүйлөшкөндө көптөгөн тилдик (кептик бирдиктер) каражаттар катышат. Сүйлөшүүнүн өзү адамдын жаш курагына, билимине, маданиятына, түшүнүгүнө, акыл-эсине кала берсе маанайына байланыштуу жүрөт. Адамдын сүйлөгөнүнөн ким экендигин билүүгө болот. Сүйлөп жаткан адам өз ой-пикирин билдирүүдө сөз байлыгы аз болуп өз сөзүндө макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү ж.б. колдонбой жупуну сүйлөсө кеби кызыксыз болуп угуучу кызыкпайт. Пикир алышууда салыштырууларды накыл кептерди ыгы менен колдонуп айтылган кеп угуучуну өзүнө тартат, айтылып жаткан ой жеткиликтүү, кызыктуу жана элестүү болуп угуучунун мамилеси да жакшы жагына өзгөрөт. Ар бир адам баласы каерде сүйлөбөсүн, эмне жөнүндө сүйлөбөсүн айта турган оюн так, элестүү, таасирдүү, жандуу билдирүүгө дайыма аракеттенүүгө тийиш. Жогорку окуу жайларында ал тургай мектептерде сүйлөөсүнө, кебине сөз байлыгына, өз оюн билдирүүсүнө жана аларды өркүндөтүүсүнө көңүл бурулбайт. Мисалы: Окуучулардын кеп ишмердигинин деңгээли алардын сүйлөө жөндөмү, тил каражаттарын колдонуу чеберчилиги, ойду берүүсү, туюндуруусу, жөндөм-мүмкүнчүлүгү менен бирдикте аныкталат.

«Кыргыз элинде маданияттуу сүйлөшүүнүн негизги принциптери, стилистиканын туткасын түзгөн өзөктүү маселелер жөнүндө ой пикирлер, көз караштар, мыкты тажрыйбалар көп мезгил мурда эле иштелип чыккан. Ошол тажрыйбалар элдин кеменгерлерликтин туундусу болгон табылгалар биздин эпосторго, жомокторго, макал-лакаптарга сиңирилген. …Кыргыз тил илиминин өзөгү дал ошол элдик оозеки чыгармаларда камтылып турат»[2]. Бул айтылган тыянактан биз макалдардын «түзүлүшү кыска болсо да, мааниси нуска, тоодой ойду томуктай сөзгө батырган, элдин чыгармачылыгын, акыл-эсин өстүрүүдө өтө кеңири колдонулган, байыркы көөнөргүс мурастар» деп баалап, макалдар өсүп келе жаткан жаш муундарды

[1] А.К. Чолпонбаев, Н.К.Календарова , Сүйлөө чеберчилиги, Б., 2002.
[2] Т.С. Маразыков., Текст таануу жана анын айрым маселелери: Окуу куралы. Б., Бийиктик, 2005 54-б.

ата-бабаларыбыз тарабынан калыптанып келе жаткан сүйлөө маданиятына үйрөтө турган курал экендигине ишенебиз.

Бирок элдик оозеки чыгармаларда, элдик каада-салт, үрп-адаттарда ар башка, ар тараптуу берилген. Мисалы: «Манас» эпосун кыргыз тилинин сүйлөө маданияты боюнча үлгү ала турган улуу чыгарма катары карасак болот. Эпосто жан дүйнө бийиктиги таасирдүү, сөздү колдонуунун бүтүндөй маданияты, сөзгө маани берүү, анны колдоно билүү өнөрү эң сонун берилген. Мындан биз «Манас» эпосу кыргыз элинин бүтүндөй философиясы, дүйнөнү көркөм жана эстетикалык кабыл алуусу аны көркөм чагылдыруусу эле эмес, ал кыргыз элинин канча кылымдан бери түптөлүп келген сөз өнөрүн да кеңири берген улуу чыгарма катары карасак болот.

Өмүрдүн түбөлүк жандоочусу, үзөңгү жолдошу – сөз. Айтылган, сүйлөнгөн жана жазылган сөз. Адамдар ортосундагы мамиленин, байланыштын алтын данакери да – сөз. Сөз кагазга жазылганда гана көзгө көрүнөт, башка убакта кулакка гана угулуп, бутактан бутакка учуп конгон чымчык өңдөнөт. Жай сөз, ылдам сөз, канаттуу сөз. Жазылган учурда да, айтылган учурда да сөз хрусталдай жаңырып турууга тийиш. Ансыз ал максатына жете албайт.

Сөз сүйлөө - бул өнөр. Дал ушул сөз менен эчен-эчен кыргын согуштар, эчен-эчен адамдардын өлүмдөрү токтотулган.

Тил – акыл таразасы, тил – адеп көрсөткүчү. Ал эми көп тил билүү теңдешсиз бакыт.

Кеп маданиятынын негизги каражаттарынын бири катары элдик оозеки чыгармаларды, макал-лакаптарды айтаар элем. Турмуштук бай тажрыйбаларды негиз кылып, окуяларды, дүйнөгө болгон көз караштарды ж.б. маанилерди туюндурган макал-лакаптар түзүлүшү кыска, мааниси нуска адамды тарбиялоодо, чыгармачылыгын өстүрүүдө өтө кеңири колдонулат: «Өнөр алды кызыл тил», «Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт», «Сулуулукту көздөн издебе, сөздөн изде», «Айтылган сөз – атылган ок» «Сөз балдан таттуу, уудан ачуу», «Сөзүм өлгөнчө өзүм өлөйүн», «Сүйлөнгөнгө чейин сөзүңө өзүң ээсиң, сүйлөнгөндөн кийин сөзүң сага ээ», «Оозу жамандын сөзү жаман», «Сөздү укканга сүйлө», «Сиңген жерге суу куй, уккан адамга сөз айт», «Сөз атасы кулак, суу атасы булак», «Жакшы сөз - жарым ырыс», «Сөз сөөктөн, таяк – эттен өтөт», «Сөз атасын тааныбайт»[1] сыяктуу бир нече тилге, сөзгө байланыштуу макалдарды мисал кылсак болот. Буга окшогон толуп жаткан макал-лакап, учкул сөздөр адамды сөзгө эң бир аяр, кылдат мамиле жасоого үйрөткөн. Адамгерчиликтин эч жерде жазылбай, бир гана акыл-эс менен таанылган жашоо нормасы катары эл ичинде бул мыйзам жашап келет.

Элибиз байыртан сөз өнөрүн баарынан бийик койгон элдерден. Сөз маданияты – рухий маданияттын негизги компоненттеринин бири. Ал эми сөз сүйлөшүү маданияты да биздин элде сөз аркылуу мындайча туюнтулат: сөзгө муюган, сөзгө жыгылып, сөзгө ээриген, сөздөн өлүп, сөздөн тирилген. Аталган сөз айкалыштарында кандай маани, канча күч жаткандыгын аң-сезимдүү ар бир кыргыз терең түшүнөт. «Үй-бүлөлүк мамиледен тартып, элдик, эл аралык мамилелерге чейинки маселелердин оң жана тескери чечилишинде жогорудагы айтылган «сөз маданиятынын» сакталышы же сакталбашы абдан маанилүү фактор болгон»[2]. Сөзгө мындай баа берүүчүлүк, сөзмөрдүк сапаттар атадан балага өтүп мына бүгүнкү күндө бизге жетип отурат.

Кеп маданияты (адеби) учурашуудан башталат. Муну бизге улуу муундар сабак кылып калтырышкан. Сылык учурашуу – «адеп-ахлактык түшүнүк»[3] демек, кыргыз

[1] Кыргыз макал-лакаптары. Түзгөн – Усупбеков Ш., Ф.: 1982.
[2] Л.Үкүбаева, Замандаш №6 (71) Июнь 2009, 31-б.
[3] Словарь по этике. Под.ред. И.С.Кона. – М.., 1975. 38-б.

элинин кеп адебинде негизги элементтердин бири болуп сылык-сыпаа учурашуу өзгөчө орунда турат.

Адамдын башка иш-аракет, сапатынан кабар албай эле, анын сөзгө жасаган мамилесинен улам, ким экендигин акылман кыргыз эли түгөл ачып коюуга жетишкен. Көкүрөктөгү асыл ойлорду көрктүү тил менен нары кыска, нары нуска акылман маанидеги сөздөр аркылуу тилден дилге жеткирген биздин эл.

Кыргызда адамды кунт коюп угуу, даана түшүнүү, эске түйүп калуу жөндөмү да жогору бааланган. Баамчыл адам сөздү бузбай муюп угуп, кеп төркүнүн туя билип анан ой учугун улай кыска-нуска жыйынтык чыгарат эмеспи. «Сүйлөгөндү сүйсөң, укканга үйрөн» бул накыл кеп бекеринен айтылган эмес. Канчалык көптү билип, сүйлөгүң келип турса да, сөзгө конок берүү, башкаларды уга билүү да маданияттын бир жагы. Башка бирөө сүйлөп жатканда жыра талашып сүйлөө - адепсиздикке жатат. Сүйлөө да, угуу да адамга бирдей эле керек.

Түпкүлүгүндө сөз – жандуу аккан суудай табигый кубулуш. Сөз мүмкүнчүлүгү көп.

Билимдин баалулуугу, билимге болгон суроо-талап ар дайым өзгөрүлүп турат. Анткени, мезгилдин агымы өзгөрүлгөн сайын, билим жаатындагы жаңы технологиялар, ыкмалар да жаңыланып турат. Азыр жер планетасынын бардык шаарында билим берүүнүн проблемалары окшош эле балдарга канткенде сапаттуу билим беребиз дегендин үстүндө иштеп жатышат. Жаңы методдор иштелип чыгып, конференциялар жүрүп жатат. Бул бардык өлкөнүн проблемасы.

Адамзат коомундагы бардык маселелер сөз аркылуу чечиле тургандыктан биз сөзгө маани бербей, аны барктабай коюшубуз дегеле бейчеки иш.

Элдик акыл-эс, кылымдык тажрыйбасынан жаралып, узун ой, терең маанини боюна сиңирген, сакадай бою сары алтынга айланган элдик макал-лакаптардагы ойлор бүгүн да өзүнүн маанисин (актууалдуулугун) жоготпой келет.

«Улуттук оозеки көркөм сөз өнөрүнүн кичинекей шедеври – элдик макал-лакаптар. Аларда жашоо-турмуштун бардык сфералары камтылып, эпикалык масштабдагы чыгармаларда чагылдыруучу чындык сыйдырылган»[1].

Макал-лакаптагы терең философия, нрава-этикалык, эстетикалык маселелерге көңүл буруу, аларды эске тутуу, андагы ойлорду, идеяларды жетекчиликке алуу биздин азыркы дүйнөлүк глобалдаштырууга агып кирип бара жаткан татаал турмушубуздун жашообузда улуттук негизибизди сактап калууга, анын кайталангыстыгын түбөлүккө кайырууга өбөлгө түзөт.

Материалдуу дүйнөнүн өнүгүү мыйзамдарын жеке илимдер да изилдешет. Бирок алардын ар бири курчап турган чындыктын айрым чөйрөсүндөгү гана мыйзам ченемдүүлүктөрдү мисалы алсак физика жылуулукту, электр кубулушун ж.б. физикалык кубулуштарды, химия заттардын химиялык айлануларын, биология өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүндөгү процесстерди окуп үйрөнөт. Бул илимдердин мыйзамдары чындыктын берилген гана чөйрөсүнүн өнүгүшүн мүнөздөп, башка чөйрөлөрдөгү кубулуштарды түшүндүрө алышпайт. Алардан айырмаланып, философия дүйнөдөгү себептүү байланыштарды, нерселер менен кубулуштардын пайда болуусун, өнүгүүсүн жана өзгөрүшүн шарттаган жалпы мыйзамдар менен мыйзам ченемдүүлүктөрдү окуп үйрөнөт. Мисалы: жандуу жана жансыз жаратылыштын, коомдук турмуштун жана аң-сезимдин.

Маданияттын философиялык эмес формаларында философиялык идеялардын чагылышы адамдын же коомдун (өз болмушунун) антологиясынын негиздерин түшүнүүгө болгон зарылчылыктарын күбөлөп турат. Максаты боюнча философия

[1] Л.Үкүбаева, Замандаш №6 (71) Июнь 2009, 31-б.

утилитардык жана практикалык кызыкчылыктардан эркин билим болуп саналат. Ушунусу менен ал практикалык керектөөлөрдү тейлөө менен алпурушкан көпчүлүк илимий жана технологиялык билимдерден айырмаланып турат.

Философия адам менен дүйнөнүн катнашы, жаратылыш, коом жана ойломдун өнүгүшүнүн жалпы закондору жөнүндөгү илим; бытьенин жана таанымдын жалпы принциптери жөнүндөгү окуу; өзүнүн принциптерин рационалдуу түрдө негиздеген коомдук аң-сезимдин теориялык формасы.

Философия дүйнө жана андагы адамдын ордуна көз караштардын жалпыланган системасын иштеп чыгууга, коомдук-саясий, адеп-ахлак жана эстетикалык мамилелерди изилдөөгө багытталат. Философия акылмандыкка умтулуу, акылмандыкты урматтоо дегенди туюнтат. Башкача айтканда, «философия» сыналган, такталган, негизделген билимдердин бүтөй тутумун (системасын) туюндурат. Философия билимдин өзгөчө аймагы, ал дүйнө жана адам жашашынын, өз ара карым-катышынын түпкүлүктүү негиздерине арналган, дүйнөнүн жана адамдын болушунун (бытие) башкы маңызын аңдап – түшүнүшкө байланышкан билимдердин тутуму. Ушул эле мааниде ал таанымдын жана ойломдун өзгөчө формасы болуп эсептелет. Демек, башкалардан айырмаланган жол-ыктары, каражат-жарактары бар.

Адамдын сөзгө болгон мамилесинин өзгөрүүсүнө жетишүү, сөзгө ишенимин арттыруу зарылчылыгы турат. Сөз менен иш ажыраганда ортодо чындык өлөт. Сөзгө канчалык маани берип, анын нарк-насилин көтөрө, түшүнө билсек, биздин улуттук негизибиз ошончо бекем, багытыбыз айкын жана таза, келечектүү болот эле.

Адамды акыл-эске чакыра турган асыл ойлор акылман сөздөрдө карай келсек толо. Көз кумарын, ой тумарын алган мындай улуу сөзгө кулак төшөп, көкүрөккө түйүү маданияты гана жетишпей келет.

Философияны «негиздер» принциптер жөнүндөгү илим же калыптоо аң-сезими катары карашат. Философияны идеология катары да карашы мүмкүн. Идеология – коомдун, коомдук топтун, катмардын иш-аракетинин, өнүгүшүнүн башкы (стратегиялык) багытын, көздөгөн максат-мүдөөсүн, тутунган жол-жоболорун, аздектеп балаган кымбаттарын аныктаган идеялардын, ой-түшүнүктөрдүн тутуму. Бу жагынан философия айрым учурда идеологиянын кызматын да аткарат. Философия – бул акылмандык. Бул илгертен тамыр байлап, бутак жайган түшүнүктөрдүн бири. Мында философия көптү көргөн, көптү билген, турмушту терең түшүнгөн, бай тажрыйба күткөн, жашоо-тиричиликтин маани-маңызын бийик, кең баалаган, башкаларга туура жол көргөзүп, тунук кеп-кеңеш бере алган адамдардын акыл-ой, билим – түшүнүгүнө байланыштуу каралат. Мисалы: «Манас» эпосундагы «Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан», башкалар билбегенди билген, башкалар көрбөгөндү көргөн касиет катары бааланат. Бирок, акылмандыктын белгиси көптү билиште эмес, тура түшүнүштө деп баса көрсөтөт.

Философия акыл-эс, нак аң-сезим деп түшүнүү да кездешет. Философия – булл адамдын өзүн-өзү аңдап билиши. Мындай концепциянын өзөгүн Сократтын «өзүңдү өзүң таанып бил» («Познай самого себя») деген жол-жобосу түзөт. Адам баласынын табиятын, анын жашоо тиричилигинин түпкү маани-маңызын чечмелеп түшүнүш – философиянын башкы милдети. Тышкы дүйнөнү аңдап-билиш, ага белгилүү бир мамиле күтүш ири алдыда адам өзүн канчалык деңгээлде тура түшүнөт, тура баалайт ушуга жараша болот деген ишеним. Ушундан улам философияны адам жөнүндөгү окум (учение о человеке) таризде түшүнгөндөр бар.

Философияда «коом» түшүнүгүн «маданияттан» ажыратып караш мүмкүн эмес. Атүгүл табиятка каршы койгондо экөө синоним, бир түшүнүк болуп эсептелет. Ошол эле учурда «маданият» категориясынын өзгөчө теориялык маани-мазмуну бар.

Маданият – көп кырлуу, сан мүнөздүү, татаал кубулуш. Аны культурология, тарых, этнология, социология, психология, теология, антропология ж.б. билим тармактары иликтейт. Ал эми философияда **«маданият философиясы», «культурфилософия»** (В.Мюллер киргизген) деген багыт бар.

«Маданият» түшүнүгүнүн аныктамалары абдан арбын. Америкалык окумуштуулар А.Кребер, К.Клакхон 1920-1950-жылдардын арасында жарыяланган эмгектерди атайын талдап отуруп, «маданияттын» 157 аныктамасын тизмелеген. Ал эми россиялык изилдөөчү Л.Е.Кертмандын эсеби боюнча алардын саны 400дан ашуун.

Маданият деген эмне, анын маңызы кайсы? Маданият көп кырлуу, бирок аларды бириктирген, туташтырган орток, жалпы негиз-касиеттер кандай? Маданияттын коом турмушундагы, адам жашоосундагы орду-кызматы не? Маданият кантип өнүп-өсөт? Илгертен философтор ушулардын тегерегинде ой калчап келет.

Маданият - бу адам коому, адам турмушу.

Конкреттүү илимдер, маселен, психология, педагогика, антропология, этнология, кишинин анатомиясы жана физиологиясы, культурология, социология ж.б. өзүлөрүнүн предметтик изилдөөлөрүнө байланыштуу адамды бир бүтүндөй иликтешбей, анын ар түрдүү аспектилерин, жактарын үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө көңүл бурушат же мындай кароодо абстрактуулукка жол берилет. Философия жеке илимдерден айырмаланып адам бытиесинин бир бүтүндөй табиятына көңүл буруп, ага таандык универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдү, киши менен дүйнөнүн гармонияда жашай билүү зарылдыктарын карайт.

Адабияттар:

1. Философия науки: Учеб.пособие/ Сос. К.М. Алиева., Б – 2009.
2. Семинарские занятия по философии: Учеб.метод.пособие А.П.Горячев, Ю.М.Лопанцев, В.А.Мейдер и др. М.: Высш.шк. 1991.
3. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. М., 1986., 309-с.
4. Ж.Б.Бөкөшов. Философия. – Жалал-Абад: 2002.
5. Ж.А.Чыманов., Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. «Турар» -Б., 2009.
6. О.А.Тогузаков, М.Ж.Жумагулов, К.С.Байбосунов., Философия – окуу куралы. Б. – 2007.
7. М.М.Эдилова, Г.К.Аалиева., Философия – окуу китеби. Б: «Гүлчынар» 2008.
10. Л.Үкүбаева, Замандаш №6 (71) Июнь 2009, 31-б.
11. Словарь по этике. Под.ред. И.С.Кона. – М.., 1975. 38-б.
12. Кыргыз макал-лакаптары. Түзгөн – Усупбеков Ш., Ф.: 1982.
13. Т.С. Маразыков., Текст таануу жана анын айрым маселелери: Окуу куралы. Б., Бийиктик, 2005 54-б.
14. А.Садабаев., Сөз маданиятын өстүрүү., М., 1967.
15. А.К. Чолпонбаев, Н.К.Календарова , Сүйлөө чеберчилиги, Б., 2002.

Төлөбеков Н.Т.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.402.4+371.3.

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОР МЕНЕН ОКУТУУ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ РЕЧИН ӨСТҮРҮҮ

Азыркы коомдун өнүгүшү менен билим берүү процесстерине жаңыча мамиле кылуу, инсанга багытталган окутуу мезгилдин негизги талаптарынын бири болуп калды. Заманыбыз жаңы маалыматтар заманы болуу менен бирге чыгармачылык менен иштөө, топ менен иш алып баруу, алар менен мамиле кыла билүү кызыкчылыктары пайда болду.[1] Интерактивдүү методдор мындай талаптарга толугу менен жооп бере алат. Аталган методдор студенттердин сүйлөө речин, ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай методдор аркылуу алар өздөрүнүн жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн билип, андан ары өнүктүрө алышат. Тажрыйбабызда аталган методдорду колдонуп өтүлгөн төмөндөгүдөй сабактын үлгүсүн сиздерге сунуш кылабыз.

Сабактын темасы: Чынгыз Айтматов-доор жарчысы

Сабактын билим берүүчүлүк максаты:Улуу жазуучунун чыгармалары аркылуу берейин деген ойлорун ачып берүү. Топтун ичинде талкуу жүргүзгөндү үйрөтүү. «Адам» жөнүндөгү терең ой жүгүртүүсүн,түшүнүктөрүн өздөштүрүү.

Сабактын тарбиялык максаты: Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу студенттерди адептүүлүккө, гумандуулукка, Ата Мекенин, эли-жерин урматтаганга чакыруу, кыргыз тилинде эркин сүйлөгөнгө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Баракчалар, окуу китептери, дисктер, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу моменти.
2. Үй тапшырмасын текшерүү.
3. Окутуучунун темага байланыштуу кириш сөзү:

Балдар, мына бүгүн биз атагы ааламга кеткен кыргыз элинин улуу жазуучусу Чынгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча сабак өтөбүз. Айтматовдун чыгармаларын бүткүл дүйнө жүзүндөгү ар түрдүү улуттагы, ар түрдүү курактагы, ар түрдүү көз караштагы, ар түрдүү адистиктеги адамдар сүйүп окуйт. Улуу жазуучунун чыгармалары адамга жакшылык менен жамандыкты, кайгы менен кубанычты, сүйүү менен жек көрүүнү, ата-эне менен баланын маселелерин эң сонун ачып берген, дүйнө элине глобалдык проблемалар боюнча суроолорду койгон чыгармалар болуп саналат. Эми балдар бардыгыбыз улуу жазуучунун чыгармаларын окуганбызбы? Азыр төмөнкүдөй тапшырманы аткарып,бул суроого жооп беребиз.

Студенттер эки топко бөлүнүшөт жана калыстар тобу шайланат. Балдар диск аркылуу С. Бейшекеевдин «Махабат дастаны» деген аталыштагы ырын угушат. Бардыгыбызга белгилүү болгондой, бул ырда Ч.Айтматовдун каармандарынын көбүнүн ысымы бар. Студенттер ошол каармандар кайсы чыгармасында экенин аныктап, ошол чыгарманын аталышын барактарга жазышат. Мисалы, «Жамийла», «Эрте келген турналар», «Делбирим», «Ак кеме», «Саманчынын жолу» ж.б. Ыр аяктаган соң 1-топ өздөрүнүн баракчаларын досканын бир жагына, 2-топ экинчи жагына чапташат.

[1] Осмоналиева Г.К. Кыргыз тилин окутуу жана аны өркүндөтүүнүн багыттары. Бишкек, 2007.

Калыстар тобу тапшырманы кайсы топ туура жана толугу менен аткарганын аныктайт жана жеңген топко бир упай берет.

Окутуучу: Балдар, бул тапшырманын жыйынтыгы көрсөткөндөй көпчүлүгүбүздүн Айтматовдун чыгармалары боюнча маалыматыбыз бар экен. Эми төмөндөгүдөй маселелер боюнча өз оюбузду билдирип, улуу жазуучунун берейин деген ойлорун аныктамакчыбыз:

1. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы Ата-Мекен маселеси.
2. Ата-эне жана бала маселелери.Маңкуртчулук.
3. Глобалдык проблемалар.

Бул маселелерди ватманга жазып тактага илип койсок болот. Мындай маселелер студенттердин кызыгуусун туудуруп, ой жүгүртүүгө мажбурлайт.

Биринчи маселе боюнча «Бетме-бет» повести алынат жана окутуучу тарабынан баяндоо жүргүзүлөт:

Бул чыгарманын башкы каармандары Ысмайыл менен Сейде эл катары турмуш куруп, эл катары үй тургузуп жаткан. Алардын бактылуу турмушун согуш бузду. Согушка колуна курал кармаганга жараган эр-азаматтын бардыгы чакырыла баштады. Ысмайыл да аскерге эл катары чакырылды. Бирок башкалардан айырмаланып Ысмайылдын өзүнүн турмуштук көз карашы бар эле. Ал айтат: мен эмне кылам согушка катышып, атам көрбөгөн жерди коргоп, мен өзүмдүн үй-бүлөмө керекмин. Менсиз алардын көргөн күнү не болот? Согушка барсаң адамды өлтүрөсүң же өзүң өлөсүң-деп, согуштан качып, үй-бүлөсүнө келип жашырынып жүрдү. Силерге суроо Ысмайылдын ойлогон оюу, жасаганы туурабы?

Студенттердин болжолдуу жообу төмөнкүдөй болот:

1-топтон:

А) Менин оюмча, Ысмайылдын бул кылганы туура эмес. Анткени эр жигит болгондон кийин өзүнүн үй-бүлөсүн коргоп согушка барышы керек. Анын согуштан качышы үй-бүлөсүн ойлогондук эмес, керт башын ойлогон өзүмчүлдүк деп түшүнөм.

Б) Согуш жалпы элдин башына түшкөн кыйынчылык. Согушта бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ынтымак керек. Ысмайылга окшогон адамдар ынтымакты бузуп, керт башынын камын айлоп жүрүп, бардыгынан айрылышкан. Аларды эл да, тарых да актабайт деп ойлоймун.

2-топтон:

А) Мен мындай ойлорго кошула албайм. Себеби, адамга өмүр бир гана жолу берилет. Ошондуктан, аны татыктуу жашап, үй-бүлөнү багып, балдарды чоңойтуш керек. Ысмайыл силер айткандай өзүнүн керт башын эмес, үй-бүлөсүн ойлоду. Башка багар-көрөрү жок болгондон кийин, мен жок болсом, бешиктеги балам, жаш жубайым, карыган энем кандай күндү көрөт?- деп ойлоду да.

Б) Менин жан дүйнөм да согушка каршы. Кээ бир адамдар эмне үчүн согушту каалашат, эмне үчүн согуш кинолорун көрүшөт, чынын айтсам жакшы түшүнө бербейм. Ысмайылды да түшүнсө болот деп ойлойм, анын жан дүйнөсү да тынчтыкты каалап, бейпил турмушту үй-бүлөсүнүн кашында өткөргүсү келди. Ага согушка кааласаң бар, каалабасаң барба деп тандаганга мүмкүнчүлүк бербесе эмне кылат, качканга туура келди да.

Мындай маселени талкуулап жатып, студенттер талашып-тартышууга чейин барышы мүмкүн. Аларга жолтоо болуунун кереги жок. Окутуучу маселени жыйынтыктоо сөзү менен бардыгын бир ойго чакырса болот:

Мисалы: Маселени жыйынтыктоо:

Кыргыз элинин «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи» деген сыктуу мекенчилдик сезимди ойготкон макалдары бар. Мындай

мекенчилдик улуу сезимдер Ысмайылда жок экен. Ал кандай кырдаал болсун өз жанын аман алып калгысы келди. Сейде адегенде Ысмайыл тарапта болуп жүрдү, аны аяды, аны колунан келишинче бакты. Бирок согушта баатырларча каза болгон Тотойдун жетим калган балдарынын жалгыз уюн уурдап кетип, адамгерчиликсиздиктин акыркы кылын аттап өткөндөн кийин, Сейде Ысмайылдын чыныгы жүзүн көрдү, анын бул кылыгын эч убакта кечире албайт эле. Акыры Сейде Ысмайылды бийликтин колуна салып берди. Өзүнүн керт башын гана ойлогон Ысмайыл бардыгынан Сейдеден да, уулунан да, энесинен да, эли-жеринен да, урмат-сыйдан да ажырады. Демек, адам баласынын өзүнүн өмүрүнөн да баалуу нерселер бар экен.

Сабакта бирдей эле ыкмаларды пайдалана берсек сабагыбыз бир нуктуу, кызыксыз, жадатма болуп калышы мүмкүн. Мындай жагдайды эске алып, жогорудагыдай маселелерди талкуулоону ар түрдүү ыкмалар аркылуу ишке ашырсак болот. Экинчи маселеге студенттерди кызыктыруу үчүн, ошондой эле натыйжалуу талкуулоо үчүн«Алты шапке» методун пайдалансак болот. Окутуучу бул метод менен иштөөнүн шартын түшүндүрүп берет:

Ак шапке. Ак шапке тобундагылар маалыматты фактылар менен түзүшөт.

Кара шапке. Кара шапке тобундагылар маалыматтагы окуяны сын көз караш менен карап, андагы кемчиликтерди белгилешет.

Кызыл шапке. Кызыл шапке эмоциялар, интуициялар, ар түрдүү ойлор менен байланыштуу. Бул топтогулар маалыматтагы ар түрдүү ойлорду, сезимдерди, эмоцияларды баяндап беришет.

Жашыл шапке. Жашыл шапке – бул чыгармачылык. Бул топтогулар өздөрүнүн оюн чыгармачылык менен баяндап беришет.

Сары шапке. Сары шапке тобундагылар оптимисттик көз карашта болуп, маалыматтагы жакшы нерселерди табууга аракет кылышат.

Көк шапке.Көк шапке тобундагылар талкууланган маселе боюнча жыйынтык чыгарышат.

Студенттер бул метод боюнча түшүнүк алып иштегенге даяр болгон болгондон кийин, экинчи маселе боюнча диск аркылуу С.Бейшекеевдин «Маңкурт» ырын угузабыз жана аларга тапшырманы аткарууга 15-20 мүнөт убакыт беребиз. Алты топко бөлүнгөн студенттер өздөрүнө тиешелүү маселени талкуулап, баракка жазып, андан соң бардыгына айтып беришет. Топтор бири-биринин баяндамасын угуп, өздөрү да кошумча киргизсе болот. Акырында бардыгынын баяндамасын угуп көрүп, калыстар тобу жеңүүчү топту аныктайт.

Бул метод студенттердин ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттырып, маалыматты жакшылап эстеп калганга шарт түзөт. Ошондой эле, алардын сүйлөө речи өнүгүп, маалыматтагы маселеге ар тараптан карагангаүйрөнүшөт.

Үчүнчү маселе Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы глобалдык мселелерге арналгандыктан, азыркы заманда абдан актуалдуу болуп саналат. Бул маселе боюнча студенттер презентациялоо тапшырмасын алышат. Алар бир нече топко бөлүнүп, өздөрүнүн тандоосу боюнча жазуучунун чыгармаларын бөлүп алышат жана андагы глобалдык идеяларын ачып беришет. Студенттер презентацияга даярдануунда убакытты үнөмдөө үчүн менталдык карта же кластер методун пайдаланса болот.

Мисалы:



Мындай методдорду колдонуу аркылуу студенттер бири-бирин сыйлаганга, ой жүгүртүүгө, чыгармачылык менен топто иштегенге үйрөнөт жана сөз байлыгы өсүп, бирөөнүн пикиринен жыйынтык чыгарганга, сөздөрдү кырдаалга жараша колдонууга көнүгөт. Интерактивдүү методдордун натыйжасында алар пассивдүү угуучудан жигердүү катышуучуга айланат. Сабагыбыз тажатма көнүмүш нерселерден кутулуп, кызыктуу болуп, натыйжалуулукка жетишет.[1]

Адабияттар:

1. Айтматов Ч.Т. Кыямат. Фрунзе, 1986.
2. Айтматов Ч.Т. Бетме-бет. Фрунзе, 1957.
3. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. Бишкек, 2009.
4. Осмоналиева Г.К. Кыргыз тилин окутуу жана аны өркүндөтүүнүн багыттары. Бишкек, 2007.
5. Оторбаев Б.К. Окуу процессин уюштуруунун жаңы технологиялары. Бишкек, 2008.

Төлөбеков Н.Т.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.410.+371.3.

ОРУС МЕКТЕПТИ БҮТҮРГӨН СТУДЕНТТЕРДИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨӨ РЕЧИН ӨСТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

Бүгүнкү күндө эң маанилүү маселелердин бири болуп кыргыз тилин көтөрүү, иш кагаздарынын баарын мамлекеттик тилге өткөрүү, укумдан-тукумга, муундан-муунга өтүп келе жаткан улуттук тилибиздин эртеңкисине кам көрүү болуп саналат. Буга чейин аталган маселе боюнча көптөгөн иш чаралар өтүп, көптөгөн сөздөр айтылып, бирок жакшы натыйжа болбой жаткандыгы бардыгыбызга маалым.

[1] Оторбаев Б.К. Окуу процессин уюштуруунун жаңы технологиялары. Бишкек, 2008.

Азыркы кезде орус мектепти бүтүрүп, 11 жыл бою кыргыз тили сабагын окуп келген айрым балдар өзүнүн оюн эркин түшүндүрүп бере албай, жазууда көп каталарды кетирип, кыргызча сөз байлыгы жарды болгондуктан түзгөн сүйлөмдөрү жыйынтыксыз, мааниси кемтик болуп жатат. Мындай кейиштүү көрүнүштөрдү жоюу үчүн сабак өтүүгө жаңыча мамиле жасап, кошумча моделдерди киргизүү керек. Ансыз студенттерди кыргыз тили сабагына кызыктыруу мүмкүн эмес. Бул сабак өтүүнүн стандарттык моделин түп тамырынан бери өзгөртүү керек дегендик эмес, бул сабактын сиңимдүүлүгүн, натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айрым жаңы методдорду киргизүү, аны эффективдүү пайдалануунун жолдорун үйрөтүү дегендик. Мына ушундай ыкмаларды пайдаланып, төмөндөгүдөй сабактын үлгүсүн сунуш кылабыз:

Студент менен мугалимдин мындай иш-аракеттеринин ийгилиги үчүн төмөндөгүдөй ыкмаларды пайдалануу менен балдардын көркөм сөз байлыгын өстүрүүгө жетише алабыз. Окутуучу айлана-чөйрөдөгү заттардын көрүнүшүн, түзүлүшүн, кыймылын же каармандардын көз карашын, ал-абалын, көркөм портретин ачууга, сүрөттөөгө багытталган бир гана теманын үстүндө иштөө менен машыгууну баштаган оң.

Мисалы, «Аппак кар» деген теманы алалы.

1. Тактага кар түшүрүлгөн кышкы жаратылыштын сүрөтү илинет.
2. Окутуучу аппак карды сүрөттөө үчүн ойлонууга 5 мүнөт убакыт берет.
3. Балдар аппак карды элестетип, ар бири өз алдынча таблицаны толтурушат.

Аппак кар жумшак.
Аяз түшүп, ичиркентет, үшүтөт.
Кар жааса аба тазаланат.
Кар ийкемдүү, ар түрдүү калыпка келтирсе болот.
Сыйгалак, тайгалак.
Аппак кар көз жоосун алат, сыйкырдуу, көңүлдү көтөрөт.
Айрым учурда кар балпактап жаайт.
Аз жааса кыламык кар деп коебуз.
Кардын жаашы менен ар түрдүү кышкы оюндар башталат.
Табият ак шейшепке оронот.
Көп жаагандан кийин кабатталып, тапталык калган кар лыжа тээп, чана менен ойногонго абдан ыңгайлуу.
Тоолорго жааган кардын эң көп өлчөмүн күртку деп коебуз.
Күрткүлөрдүн ылдый көздөй жылышын, кар көчкү деп коебуз.
Жазында күрткүлөр эрип, дыйкандарды суу менен камсыз кылат.

4.Балдар өздөрү толтурган таблицаны окуп беришет. Бири-биринен уккан тааныш эмес жаңы сөздөр болсо, аларды таблицанын бош орундарына жазып алышат жана окутуучунун жардамы менен жаңы сөздөрдүн маанисин билишет. Натыйжада студенттердин курчап турган нерселерди кабылдоолору, сезимталдыгы, көркөм кабылдоо жөндөмү өнүгүп, бир нече сөз запастарына ээ болот.

5. Жогорудагы сыпаттоодон табылган сөздөр студенттердин сөз байлыгына айланып, аң-сезимине биротоло орношуп калуусу үчүн, ошол эле сөздөрдү катыштырып каалагандай текст түзгүлө, атайын катыштырылган көркөм сөз каражаттарынын алдын сызгыла деген тапшырма берилет.

6. Түшүнүктүү болсун үчүн бир студенттин түзгөн текстин мисал катары келтиребиз. Тема: Аппак кар.

Кыш маалы келди. Көпкө чейин кар жаабагандыктан, аппак карды кадимкидей сагынып калыптырмын. Кечээ күндүн бетин булуттар курчап бир башкача суук болуп келгендиктен, кардын жаашын күтүп, өз ичимен кымылдап жаттым. Бүгүн эрте туруп, шапа-шупа кийиндим да эшикке чыксам, көз жоосун алган кооздук орноп, теребел чыкылдап, жаратылыш ак шейшепке оронуп алган экен. Асман чайыттай ачык, ызгаар суук гана бети колумду чымылдатып, аяз түштү дегенсийт. Аппак кар балпактап, ченебей берекелүү жааган экен. Эсиме үйдүн кире беришине даярдап коюп койгон лыжам түштү. Заматта үйгө кирип, шашып-бушуп тамактандым да жылуу кийинип, колума калың мээлей кийип, лыжаны колго алып эшикке чыктым. Күн ишемби болгондуктан, эшикте жүргөн адамдар сейрек. Биздин үй дөңсөө жерге салынган. Лыжаны бутума кийип, ылдыйышты көздөй өзүнүн жемин кууган ылаачындай сызып жөнөдүм. Жана эле бетимди чымылдатып жаткан аяз эми сылап-сыйпап эркелетип жаткансыды.

Студенттер көркөм сөз каражаттарын пайдаланып, кардын көрүнүшүн сүрөттөп көркөм текст түзүшөт. Алар заттардын көрүнүшүн кыймылдуу образдуу кабыл алууга, образдуу ой жүгүртүүгө көнүгүп, дилбаян жазуунун ыкмаларын өздөштүрө алат.

Сабакта студенттердин оозеки речин өстүрүү үчүн, жагымдуу, кызыктуу кырдаал түзүп берүүбүз зарыл. Негизинен сабакта табигый кырдаал түзүү өтө кыйын. Сабакта кырдаалды биз алдын ала даярдалган кызыктуу, табышмактуу текстер аркылуу түзсөк болот. Мындай текстерди математик жана педагог М.Гарднердин китептеринен табууга болот. Ал сунуш кылган окуялардын бири мындай:

[1]Кечээ менин чоң атам сейилдеп келүү үчүн сыртка чыкканда, - дейт Лаура, - жамгыр жаай баштады. Бир аздан кийин жаан күчөдү. Чоң атам үйдөн кыйла узап кеткен эле, анын же кол чатыры, же күрмөсү, же башында шляпасы жок болчу. Ошентсе да бир сааттан кийин атам үйгө кайтып келгенде, башындагы бир да тал чачы суу болбоптур.

Суроо: Кандайча мындай болду?

Көрүнүп тургандай, окуянын аягында адамдын бүйрүн кызыткан: «Кандайча мындай болду?» деген табышмактуу суроо берилди. Албетте, бул кырдаал башка бардык эле ушуга окшогон кырдаалдардай, көп жандырмакка ээ болот. Анын баалуулугу да ошондо, анткени ар бир окуучу өзүнүн оюн билдиргенге аракеттенет. Бул жерде төмөнкүдөй болжолдоолор айтылышы мүмкүн. «Чоң атасы такси жалдап алган», «Ал кафеге кирип жаан бүткөнчө отурган», «Ал жакын жердеги дүкөндөн кол чатыр сатып алган» ж.б. мындай жооп дагы көп болушу мүмкүн. Бирок ар бир кырдаалдын өз ачкычы бар. Эң туура жооп адатта өтө жөнөкөй болот, бирок ал өтө кылдат байкагычтыкты, жакшы анализди талап кылат.

Ачкыч: Карыянын башында бир тал чачы жок болгондуктан, чачы суу болгон эмес.

[2]Мындай текстердин эффективдүүлүгү барынан мурда пикирлешүүнүн табигый кырдаалын түзгөндүгүндө. Ал студенттердин реалдуу талаптарына туура келип жатат: өзүн көрсөтүү, эркин алып жүрүү, пикирин толук айтуу, талкууда өз көз караштарын негиздеп алууга жана ага далил болчу аргументтерди даярдоого, жөнөкөй бирок логикалуу жана ырааттуу сүйлөөгө аракет жасоого жардам берет. Текстердин сырдуулугу жана кызыктуулугу студенттерди изденүүгө, чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө түрткү болуп, ачылыш жасоонун кубанычын берип, фантазиясын реализациялоого жардам берет.

[1] Гарднер М. Есть идея! –М. Мир, 1982.

[2] Осмоналиева Г.К. Кыргыз тилин окутуу жана аны өркүндөтүүнүн багыттары. Бишкек, 2007

Дагы бир ыкма улантуучу топтордо сынак-таймаш өткөрүү. Сынак-таймаш өткөрүүнүн болжолдуу шарттары төмөндөгүдөй болот:

1. Даярдануунга 15-20 мүнөт берилет.
2. Жооп берүүгө 10-15 мүнөт берилет.
3. Жоопторду баалоо талаптары:

Толуктугу.
Тереңдиги.
Тил байлыгы.
Сабаттуулугу.
Кызыктуулугу.
Далилдиги.

4. Баалоо талаптарына карап, тапшырмага балл берилет.
5. Тапшырма. «Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат деген туурабы?»

Студенттер бул тапшырма боюнча өздөрүнүн оюн таблицага толтурушат.

Мисалы:

Ооба	балл	Жок	балл
Мен туура деп эсептейм. Себеби жигитте абийир, ыйман болсо ар дайым иши оңунан жүрүп, ити чөп жейт.		Бул туура эмес. Көзгө атар мергендер өтө көп, алардын баарын абийирдүү деп эсептегенге мүмкүн эмес.	
Негизинен кыргыз эли акылман, сөзмөр, кыраакы келишкен. Алар жөндөн-жөн эле бул сөздү айтмак эмес. Демек, бул макалдын кандайдыр бир чындык жагы бар.		Бул макал жаратылышты сактоо идеясына каршы келет. Өзүбүздүн жаратылышыбызды талкалап жаткан адамдарды абийирдүү деп айтуу эч мүмкүн эмес.	
Бул макалда элдик этнопедагогика жатат. Кыргыз эли баатыр, мерген болушкан. Өздөрүнүн балдарын да эли жерин коргогон баатыр, болууга үндөшкөн. Ошентип, аталарынын тарбиясын алган балдар ыймандуу, баатыр, ыкчыл мергенчи болуп, кийиктерди оңой эле атып алышкан.		Бул макалдын абийирдүү адамды жакшылык коштойт деген өтмө мааниси бар. Түз маанисинде туура эмес. Муну көпчүлүк эл туура түшүнө бербейт. Кыргыз эли кийиктерди ыйык көрүшкөн. Ошондуктан «Кожожаш» эпосу сыяктуу чыгармалар айтылып, кылымдар бою жаратылышты коргоо идеясы болуп келе жатат.	
Бул макалдын каймана мааниси бар. Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолукканы, бул жерде кийик олжо, ийгилик катары берилген деп ойлойм. Аталарыбыздын айтуусу боюнча абийирдүү, ыймандуу жигитти ийгилик коштоп жүрөт.		Бул макал илгерки учурда туура болсо керек. Себеби, кыргыз жеринде кийиктер, аркар-кулжа өтө көп болгон. Азыркы учурда бул макалды туура эмес деп эсептейм. Анткени, кийик сыяктуу жаныбарлардын саны өтө азайып, кызыл китепке киргизилген.	
Кыргыз эли абийир менен ыйманды биринчи орунга коюп келген. Ошон үчүн «Абийириңди жашыңан сакта», «Коенду камыш өлтүрөт, жигитти намыс өлтүрөт», «Уят өлүмдөн катуу» деген сыяктуу макалдарды калтырышкан.		Мен дегеле жаныбарларды жок кылууга, алардын эти менен тамактанууга каршымын. Өсүмдүктөр менен эле тамактанып, организмге керектүү заттардын баарын алып, көп жыл өмүр сүрүүгө болот.	

Тапшырма аткарылгандан кийин окутуучу студенттердин жазгандарына жогорудагы баалоо талаптары боюнча балл берет. Аягында жалпы баллдар эсептелип чыккандан кийин, бул тапшырма жыйынтыкталат.

Мындай ыкмалар менен биз студенттердин кыргыз тилин билүү деңгээлин аныктайбыз. Андан тышкары, алардын кыргыз тилинде көркөм ой жүгүртүүгө, көркөм сөз каражаттарын ыктуу колдонууга, эркин сүйлөөгө, тапкычтыгын жогорулатууга, терең, ырааттуу ойлонууга, сабаттуу жазууга, чыгармачылык менен иштегенге, ар кандай түшүнүктөрүн өнүктүрүүгө жетише алабыз.

Адабияттар:

1. Гарднер М. Есть идея! –М. Мир, 1982;
2. Мукамбаев Ж., Осмонкулов А. Азыркы кыргыз тили. Фрунзе, 1976;
3. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун методикасы Бишкек, 2008;
4. Осмоналиева Г.К. Кыргыз тилин окутуу жана аны өркүндөтүүнүн багыттары. Бишкек, 2007.

Чыманова Т.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.400:371.3.

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МААНИСИ ЖАНА ЖОЛДОРУ

Жогорку окуу жайларынын студенттерине кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун негизги максаты алардын кыргыз тилиндеги кеп ишмердүүлүктөрүн калыптандырып, өнүктүрүү экендиги белгилүү. Ал эми кеп ишмердүүлүгүнүн өзү аң-сезимге, ойлоого, жалпы эле адамдын жашоо-турмушуна, ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон өтө татаал, көп кырдуу көрүнүш болуп саналат. Педагогика илими кеп ишмердүүлүгүн сүйлөө, угуу, жазуу жана окуу деп бөлүштүрүп, тилди окутуп-үйрөтүү процессинде кеп ишмердүүлүгүнүн аталган түрлөрүнө бирдей мамиле кылып, бирдей окутууну сунуш кылат. Бул сунуш кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда дайыма эске алынып, үйрөтүлүшү керек. Бирок практикада кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө көңүл буруу, окутуу иштеринде ар түрдүүлүк бар. Атап айтсак, айрым сабактарда студенттердин оозеки сүйлөөсүнө басым коюлса, айрымдарында окуу же жазуу иштерине көп көңүл бурулат. Кμпчүлүк учурда студенттердин угуу ишмердүүлүктөрүн жакшыртууга дээрлик маани берилбейт. Бул макалада кеп ишмердүүлүгүнүн бир түрү болгон студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн калыптандырып, жакшыртуунун маанисине токтолобуз.

Башка тилдүү студенттерге кыргыз тилин окутуунун негизги максаттарынын бири алардын кыргызча шар, түшүнүп окууларын калыптандырып, өркүндөтүү болуп саналат. Студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн жакшыртып, өнүктүрүү төмөнкүдөй дидактикалык максат-милдеттерди аткарат:

- кыргыз тилине мүнөздүү болгон **ө, ү, ң** тыбыштарынын туура айтылышын, туура окулушун калыптандырат;
- кыргызча шар окуу көндүмдөрүн жакшыртат;
- окуп түшүнүү билгичтигин калыптандырат;
- жаңы сөздөрдү түшүнүү аркылуу кыргыз тилиндеги сөз байлыгын өстүрөт;
- грамматикалык эрежелерди өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт;
- белгилүү бир информацияга ээ болот;

- жалпы эле кыргыз тилин өздөштүрүүгө алгылыктуу каражат болот ж.б.

Аталган максат-милдеттерди ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн окутуучу студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө карата атайын даярдыктарды көрүп, бир катар маселелерди чечип алуусу талап кылынат. Окутуучу, барыдан мурда, студенттердин келечек кесиптери, кыргыз тилин өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары менен суроо-талаптарын эске алып, аларга ылайык текст тандоосу, зарыл болсо, аны адаптациялоосу талап кылынат. Эң башкысы, тандалган текст студент үчүн кызыктуу жана пайдалуу болуп, анын окуу ишмердүүлүгүн жакшыртууга кызмат кылууга багытталышы шарт. Окутуучу сабакта колдонулуучу текстти тандап, ал аркылуу окуу ишмердүүлүктү жогорулатуу үчүн өз алдына төмөнкү милдеттерди коюуга тийиш:

1) студенттин кыргыз тилиндеги сөздөрдү туура айтып, туура окуусуна жетишүү;
2) студенттин кыргызча окуу ылдамдыгын өнүктүрүү;
3) студенттин кыргызча окуп-түшүнүүсүн жакшыртуу;
4) тексттин темасын аныктоого үйрөтүү;
5) тексттин негизги оюн аныктоого көнүктүрүү;
6) тексттин негизги мазмунун түшүнүүгө машыктыруу;
7) тексттеги сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн байланыштарын аныктоого үйрөтүү ж.б.

Е.И.Пассовдун изилдөөсү боюнча адамдар окуганда өз алдына бир нече максаттарды коюшат. Алардын ичинен кеңири тарап, өзүнчө мааниге ээ болгон эки максатты бөлүп көрсөтөт. Биринчи максат – текстти окуп, тек гана анын негизги оюн, мазмунун түшүнүү, экинчи максат – текстти кунт коюп окуп, аны зарылдыгына жараша, кайра иштеп чыгуу. Студенттердин кыргызча окуп-түшүнүүсү көрсөтүлгөн эки максатты тең көдөшү керек. Алгач биринчи максат ишке ашырылып, ал боюнча студенттер белгилүү көндүмдөргө ээ болгондон кийин экинчи максатты аткарууга киришүү сунуш кылынат.

Экинчи тилди окутууда текст менен иштөөгө карата окумуштуу-методисттер Е.С.Антонова, Т.М.Вонтелева, Е.И.Пассов, С.А.Давлетов, К.Д.Добаев, С.К.Рысбаев ж.б. атайын эмгектерди жазышкан. Биз аларга таянуу менен студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн болжолдуу үлгүсүн сунуш кылабыз. Сабак «Ымдоо-жамдоонун тили» деп аталган төмөнкү текстти пайдалануу менен өткөрүлөт.

Ымдоо-жамдоонун (жесттин) тили

Тил – пикир алышуунун негизги куралы, ошол эле учурда пикир алышууну жалгыз гана тил тейлебейт, б.а., ал жападан жалгыз курал эмес. Анткени кандайдыр бир ойду, ар кандай сигналдарды, маалыматтарды ооз ачып, сүйлөбөй туруп эле, башка жол, каражаттар менен билдирүүгө болот. Маалымат берүү, маалымат алуу боюнча атайын изилдμμ иштерин жүргүзгөн адистер адамдын дене-боюндагы, мүчөлөрүндөгү ар кандай кыймылдар, абалдар аркылуу, адамдын бет-жүзүнүн ал-абалдары, колдун жана манжалардын кыймыл-абалдары аркылуу адамдар бири-бирине 700 миңге жакын ар түрдүү сигналдарды, кабарларды бере ала тургандыгын аныкташкан. Мындай мүмкүнчүлүк бир дагы тилде, атүгүл дүйнөлүк деп аталып жүргөн тилдерде да жок.

Ар кандай кыймыл-аракеттин ымдоо-жамдоонун (жесттин) билдирген түшүшүнүк, кабарлары өтө кеңири жана алардын туюнткан маанилери да ар түрдүү. Ымдоо-жамдоону колдонуу менен маалымат билдирүүдө дагы бир татаалдык бар. Ал тигил же бул жесттин ар кайсы элдерде ар кандай мааниде колдонулгандыгы менен түшүндүрүлөт. Мисалы, көпчүлүк элдерде баш бармак менен сөөмөйдүн (ортондун)

тегерек, шакек түрүндө көрсөтүлүшү жести колдонулат. Бирок ар башка мааниде. Айрым элдерде бул белги мактоону, кубаттоону, жактырууну билдирсе, башкаларында ал жактырбоону, атүгүл, шылдыңдап, кемсинтүүнү туюндурат.

Айрым жесттер адамдарда бала кезинен тартып эле кеңири колдонулат. Предметти, кубулушту, айбандарды, атүгүл адамдарды сөөмөй менен кезеп көрсөтүү ошондой жесттерден болуп саналат. Бирок кыргыз элинде байыркы замандан эле өзүнөн улуу же бейтааныш адамдарды, ыйык жерлерди, мүрзөнү сөөмөй кезеп көрсөтүүгө катуу тыюу салынып келген. Бул тыюу азыркы учурда да өз күчүндө. Адамды ж.б. ыйык нерселерди сөөмөй менен көрсөтү өтө уят, маданиятсыздык, атүгүл кордоо катары каралат.

Башты ийкөө аркылуу макулдукту, ал эми башты чайкоо менен макул эместикти билдирүү кеңири тараган. Бирок болгарлар башты ийкөө менен «жок» дегенди, ал эми башты чайкоо менен «макул» экендигин билдиришет. Муштумду түйүп, баш бармакты жогору көтөрүү менен Европада кубаттоонун, ыраазы болуунун жогорку чегин билдиришсе, мусулман өлкөлөрүндө бул жест уят, жагымсыз, орой нерсе катары кабыл алынат. Мисалы Сауд Аравиясында муштумду түйүп, баш бармакты тегеретүү «жогол», «кет», «көзүмө көрүнбө» деген түшүнүктү билдирет.

Дүйнөдөгү дээрлик бардык элдерде бирдей колдонулуп, бирдей маанигe ээ болгон жесттер да бар. Мисалы, сөөмөйдү оозго тигинен коюу «акырын», «унчукпа», «сүйлөбө» деген түшүнүктү билдирет.

Жесттер кээде өз алдынча колдонулса, көпчүлүк учурларда алар тил аркылуу пикир алышууда да коштолот. Алардын билдирген маанилерин жана колдонуунун жолдорун билүүнүн мааниси чоң.

Эгерде кыргыз тили сабагы баштооч топтордун студенттеринде жүргүзүлүп жатса, сунуш кылынган текстти окутуучу өзү үн чыгарып, мүмкүн болушунча кμркμм жана тиешелүү интонация менен окуп берет. Бул аркылуу окутуучу студенттин угуп кабыл алуусун жакшыртууга, **ө, ү, ң** тыбыштарынын туура окулушуна, жалпы эле кыргыз тилиндеги текстти окуунун жол-жоболоруна үйрөтүүгө, көнүктүрүүгө шарт түзө алат. Андан соң топтогу бардык студенттердин өз алдынча, үн чыгарып текстти окуп чыгууларын өтүнөт. Бул процесс окутуучунун көзөмөлүндө болуп, студенттердин экиден кем эмес жолу текстти окууларына атайын убакыт берет. Студенттер текст менен белгилүү деңгээлде тааныш болгондон кийин, 2-3 студентти үн чыгартып окутат. Ар бир студенттин окуганы көзөмөлгө алынып, тыбышты же сөздү туура эмес айтып, окуса, дароо токтолуп, оңдолот, студент кайталайт.

Мындан кийин, педагогика илиминде «мазмундук идентификация» деп аталып, окуу ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган текст менен иштөөнүн ык-жолун колдонууну алгылыктуу деп эсептейбиз. Мында окутуучу студенттерге төмөнкүдөй суроо-тапшырмалар менен кайрылат.

1) Силер кандай жесттерди билесиңер? Аларды көрсөтүп, билдирген маанисин кыргызча түшүндүргүлө.

2) Окуган текст боюнча бир эле жесттин эки башка түшүнүк бергенин таап, окуп бергиле.

3) Адамдын дене-боюнун кайсы мүчөлрү менен жест аркылуу маалымат билдирүүгө болот. Кыргызча аталыштарын эстегиле.

Бул тапшырмаларды студенттер оозеки жана жазуу түрүндө, окутуучунун өтүнүчү боюнча аткарышат. Жоопторду берүү кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Суроо-тапшырмаларды берүүдөн мурда окутуучу окулган текстти студенттерге таратып берет. Практика көрсөткөндөй, бул тапшырманы студенттер кызыгуу менен активдүү иштешет.

Текст менен иштелүүчү экинчи тапшырма «мазмунду издөө» деп аталат. Мында текст студенттер тарабынан окулуп, ар бир студентке текст таратылып берилгенден кийин, окутуучу төмөнкүдөй тапшырма коёт:

1. Тексттен ымдоо-жамдоону көрсөткөн сүйлөмдөрдү тапкыла.
2. Ымдоо-жамдоо качан жана кандай максатта колдонулат?
3. өз элиңде (улутуңда) кандай ымдоо-жамдоолор колдонулат, айтып бергилет.
4. Эмне үчүн бир эле ымдоо-жамдоо (жест) ар түүрдүү элдерде ар түрдүү мааниде колдонулат. өз оюңарды айткыла.
5. Тексттен силерге жаңы маалымат берген сүйлөмдү таап, окуп бергиле. Эмне үчүн жакканын түшүндүргүлө.

Мындай тапшырмаларды да студенттер берилүү менен иштешет. Тапшырма аткарылгандан кийин окутуучу студенттерге кайрылып, ким канча жест билет, дептериңерге жазып, кыргызча түшүндүрүп бергиле, - деген талап менен кайрылуусу да студенттердин активдүүлүгүн арттырып, өз оюн кыргызча түшүндүрүп берүүгө аракеттенүүсүнө өбөлгө түзөт.

Эгерде кыргыз тили сабагы улантуучу топтордо өтүлүп жатса, текст менен иштеп, окуу ишмердүүлүгүн жакшыртуу иш-аракеттери башкача болууга тийиш. Мында текстти окутуучунун окуп беришинин зарылдыгы жок. Окутуучу студенттерге кайрылып: «бүгүн ымдоо-жамдоонун (жесттин) маалымат алып, маалымат берүүдөгү мааниси жана алар билдирген түшүнүктөр тууралуу сүйлөшөбүз. Бул ишти текст аркылуу аткарабыз», - деп сабакты баштоо менен дароо эле 2-3 студентке текстти үн чыгарып окутат. Калган студенттер кунт коюп угууга тийиш. Окуп жатканда айтылышы же окулушу боюнча каталар кетирилсе, алар дароо оңдолот. Угуп отурган студенттерден 2-3 студент тексттин мазмунун айтып беришет. Эгерде студент мазмунду толук айтып бере албаса, ал текстти кайра үн чыгарып окууга тийиш.

Мындан соң студенттер төмөнкүдөй тапшырманы аткарууга тийиш. Бир студент 3-5 жестти көрсөтөт, экинчи студент алардын маанисин кыргызча түшүндүрүп, качан жана кандай шартта колдонула тургандыгын айтып берет. Ролдор алмашат. Эгерде көрсөтүлгөн жесттин маанисин түшүндүрө албаса, же туура эмес түшүндүрсө, ал студент өзү билбей калган жести жана анын маанисин дептерине жазып алууга тийиш. Текст боюнча бардык тапшырмалар толук аткарылгандан кийин, ким кандай жесттерди билет жана алар кандай маалыматты билдирет деген тапшырманы жазуу түрүндө иштөө тапшырылат. Бул да кызыктуу болуп, студенттердин кыргызча сөз байлыгын өстүрүп, окуу жана жазуу ишмердүүлүктөрүн жакшыртууга өбөлгө түзө тургандыгын практика көрсөттү.

Студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүдө текст менен жогоркудай тапшырмаларды аткаруудан алына турган (күтүлгөн) натыйжалар кайсылар? Биздин оюубузча, алар төмөнкүлөр:

- текстти үн чыгарып бир нече жолу окуу студенттердин окуу ишмердүүлүктөрүн калыптандырып, жакшыртууда негизги каражат болот;
- текстти кайра-кайра окуу жана ал боюнча тапшырмаларды оозеки жана жазуу түрүндө аткаруу менен студенттерди, кеп ишмердүүлүгүн жакшыртууга шарт түзүлөт;
- текстти үн чыгарып окуу менен студенттердин окуу көндүмдөрү калыптанып, жакшырат;
- кыргызча текстти окуп, түшүнүүгө карата билгичтиктер иштелип чыгат;
- тексттин темасын, негизги оюн аныктоого көмөк көрсөтөт;
- кыргызча тексттерди өз алдынча окууга болгон кызыгууларын жаратат ж.б.

Сабактын соңунда студенттерге үй тапшырма катары өз элинде колдонулган ымдоо-жамдоолор жана алар билдирген маанилер тууралуу текст түзүп келүү берилет.

Көпчүлүк студенттер мындай тапшырманы кызыгуу менен аткарышат. Кийинки сабакта ал текстерди окутуучу текшерип чыгып, кызыгууларын сабакта окутат.

Адабияттар:

1. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Б.: Бийиктик, 2011. –192б.

2. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. – Б.: 2011. – 250б.

3. Пассов Е.И., Кузовлева Н.Е. Урок иностранного языка. – М.: Глосса-Пресс, 2010. – 640с

Элтузерова Г. Ж.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.408.7:371.3

УЛАНТУУЧУ ТОПТОРДО (МАТЕМАТИКА АДИСТИГИНДЕГИ СТУДЕНТТЕРГЕ) КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЕН БИРДИКТЕРИН ОКУТУУ

Кыргыз элинин астрономиялык, географиялык, математикалык, гуманитардык билимдери жетиштүү болуп, ата-бабаларыбыз бизге рухий маданияттын орошон үлгүлөрүн калтырышкан.

“Кыргыздар өткөн доорлордо илимий билимдерге ээ болбогону менен алардын табият, коом, адамдык сапаттар жөнүндө элестөөлөрү, тажрыйбалары өтө мол болгон. Аларды азыркы илимий жетишкендиктердин деңгээлинде эмес, ошол учурлардагы талапка ылайык изилдөө алда канча ынанымдуу жана чындыкка жакын келет деп ойлойбуз”.(1:8)

Албетте, мында кыргыздын илим-билимдеринин, руханий дөөлөттөрүнүн, маданиятынын, материалдык байлыктарынын туу чокусу – эне тили эмеспи. Эне тилсиз коомдук-саясий турмушта улуттук, мамлекеттик дөөлөттөрдү калыбына келтирүү мүмкүн эмес. Улантуучу топтордо кыргыз элинин математикалык билимдерин, анын ичинен чен бирдиктерин, математикалык маанини камтыган макал - ылакаптардыокутуу эне тилин сүйүүгө, ыйык тутууга, урматтоого, чен бирдиктердин лексикасын, макал-ылакаптарды өз кебинде колдоно билүүгө үйрөтүп, студенттердин лексикасын байытуу максатын көздөйт.

Кыргыздардын табигый жаратылыш жөнүндөгү илимге чейинки элестөөлөрү жөнүндө көптөгөн эмгектер бар. Алардын ичинен А. Байбосунов, Э.Мамбетакунов, Б.Жумабаевдердин эмгектерин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. А. Байбосуновдун («Донаучные представления киргизов о природе») ою боюнча кыргыздар жаратылыш кубулуштары боюнча мол эле маалыматтарга ээ болушкан. Жаратылыштын көп эле жашырын сырларын билишкен. Албетте алар практикалык мүнөзгө ээ болуп, жогорку илимий деңгээлге жете алган эмес. Ошондой болсо дагы күндөлүк жашоо тиричиликке керек болуучу табият кубулуштарын талдап, айрып таанышкан.

«Байыркы кыргыздар чыгыштын башка элдериндей эле арифметикалык төрт амалды жакшы өздөштүрүшүп, аларды күндөлүк эсеп-кысап иштеринде кеңири колдонушкан. Так санды алым эсеп, жуп санды туюк эсеп деп аташкан. Эсеп жүргүзүүнүн жолун, тактап айтканда кыргыздардын өзүнө гана тиешелүү болгон эсептөө бирдиктерин ойлоп таап колдонушкан». (1:5)

Жаратылыштагы кубулуштардын касиеттерин, ар кандай предметтердин өлчөмдөрүн сан жагынан мүнөздөөчү чен бирдиктер да кыргызча өз алдынча аталышка ээ болуп, кеңири колдонулган.Мисалы, узундуктун, азыркыча айтканда кичине жана

чоң узундуктарды өлчөөнүн өз-өзүнчө чендери белгиленген. Жылкынын казысынын калыңдыгын сан жагынан туюнтуу үчүн ***«кылдай», «бычактын мизиндей», «ийненин сабындай», «бычактын сыртындай», «бир эли», «эки эли», «үч эли», «төрт эли», «тапан»*** ж.б. чен бирдиктерди пайдаланышкан. Ушул эле максатта***«чыпалактай», «бармактай», «кийиздин калыңдыгындай»***деп да айтышат. Андан чоңураак болгон узундуктун башка бирдиктери***«укум», «сөөм», «карыш», «керекарыш»***депаталат. Мисалы: Алтын саймалуу кымкап тон кийген, жакасынын эки өңүрүн тегерете кере карыш кундуз кармалган, зайып затына ылайык ничке күмүштөлгөн кемер курчанып Курманжан датка үнсүз баратты. (2:268)

Ал эми жумуру нерселердин жоондугун б.а. диаметрин өлчөө үчүн ***«жоондугу бир тутамдай», «билектей», «сандай», «кишинин белиндей», «өгүздүн белиндей»*** деген аталыштар колдонулуп келген. Андан сырткары ***чыканак – чыканактан сунулган колдун манжаларына чейинки аралык, төш жарым – сунулган колдун учунан төштүн жарымына чейинки аралык, кулач – сунулган эки колдун учтарынын ортосундагы аралык; бир кадам, эки аттам, бир бута атым, эки бута атым, бир чакырым*** деген

Тереңдикти, бийиктикти билгизүүчү бирдиктердин аталыштары да өзүнчө кызыгууну пайда кылат. Алсак, ***тушардан кар жаады, тизе бою кар, киши бою, кереге бою, төө бою, укурук бою терең, укурук бою бийик, күн аркан бою көтөрүлдү*** ж.б. Ушундай эле жол менен аянттын бирдиктери пайда болгон: ***алакандай, үй ордундай, чырпык короодой, таш короодой, бир танап же бир теше жер*** ж.б.

Кыргыздар өз турмушунда ар дайым колдонуп жүргөн чен бирдиктердин бири – чубурма нерселердин жана суюктуктардын көлөмүн аныктоого арналган бирдиктер. Ушул максатта ***«кыпындай», «таруудай», «тырмак агындай», «бир чымчым», «бир ууч», «бир кочуш», «бир кашык», «бир чөйчөк», «бир аяк»*** өңдүү бирдиктер колдонулган. Мисалы: Дастан болор өлүм эсинен чыгып, Абил кочушун сууга тоскондой эңиле калып, кош колдоп алды. (2:324)

Сабактын кызыктуулугуна жана натыйжалуулугуна салым кошуп, ага түздөн-түз таасир этүүчү факторлор көп. Сабак – өзгөрмөлүү, жандуу процесс. Биздин оюбузча, сабакты, андагы өтүлүп жаткан теманы практика, күнүмдүк тиричилик менен айкалыштыра алуу – эне тилди окууга кызыктыруунун бир фактору. Биз улантуучу топтордо чен бирдиктерин окутууда кыргыз эли колдонуп келген макал-ылакаптар, түшүнүк-аталыштарды практика жүзүндө оюн сабак менен айкалыштырдык.

1. Топ менен иштөө. Мында математикалык билим, чен, эсеп маанисин камтыган макал-ылакаптарды жазып, аларды түшүндүрүп, чечмелеп беришет. Билгениң бир тогуз, билбегениң токсон тогуз.

Билген миң балаадан кутулат, билбеген миң балаага тутулат

Билими күчтүү миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат.

Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт.

Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет.

Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил.

Эсеп билбес – эп билбес, жыйганынан айрылат.

Азаматтын белгиси көбүрөөк ойлоп, аз сүйлөйт.

Билбедим деген бир сөз, билем деген миң сөз, көрбөдүм деген бир сөз, көрдүм деген көп сөз.

Бир ооз сөз жүрөк жаралайт.

Бир сап ырдан бир кап чыр чыгат.

Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз.

Жамандын миң сөзүжакшынын бир сөзүнө татыбайт.

Жип кессең узун кес, кеп салсаң кыска сал.

Жүз жолу уккандан, бир жолу көргөн артык.
Ооз бирөө, кулак экөө, бир сүйлөсөң оң тыңша.
Ооздон чыккан бир сөз, отуз элге таралат.
Көп сөз көмүр, аз сөз алтын.
Бир акмак сууга таш ыргытса, жүз акылдуу ала албайт.
Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок.
Эки жакшы касс болбойт, эки жаман дос болбойт.
Миң күндүк караңгылыктан, бир күндүк жарыкчылык артык.
Эки доочу бир келсе, амалыңдын кеткени, эки оору бир келсе ажалыңдын жеткени.
Бий экөө болсо, доо төртөө болот.
Миң кошчуга бир башчы.
Кырк жыл кыргын болсо да, бей ажал чымын өлбөйт.
Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет.
Эки киши күнөөкөр болсо, бир киши данакер.
Аз сүйлө, аз сүйлөсөң саз сүйлө.
Миң сөз айткыча, бир иш кыл.
Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.
Азга алкыш айтпаган, көпкө көңүлү тойбойт.
Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп.
Жоктун бир арманы бар, бардын миң арманы бар.
Жыгач кессең узун кес – кыскартыш оңой, темир кессең кыска кес – узартыш оңой, көйнөк бычсаң кенен быч, кичиртиш оңой.
Бир жолу даам таткан үйгө миң ирет салам бер.
Кыздын кырк чачы улук.
Кызга кырк үйдөн тыюу.
Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот.
Коркконго кош, кошу менен беш көрүнөт.
Коркок миң өлөт, баатыр миң өлөт.
Бир тааныш болгуча, миңге билиш бол.
Бирдин билгени – сыңарэмчектин сүтү, миңдин билгени – ташып аккан дайра.
Бирдин кесепети – миңге, миңдики – түмөнгө.
Бир мыскал дөөлөттү көтөрүүгө миң мыскал токтоолук керек .
Жалгыз тару ботко болбойт, ботко болсо, көпкө болбойт.
Күйөө жүз жылдык, куда миң жылдык.
Айдаганы беш эчки ышкырыгы таш жарат.
Өзү бир тыйын, дымагы миң тыйын.
Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жержаңы.
Эр кайраты бир күндүк, эл кайраты миң күндүк.
Эки өчтүүнү бир күчтүү кошуптур.
Досу көптү доо албайт, акылы көптү жоо албайт.
Досуң миң болсо да аз, душманың бир болсо да көп.
Жүз сомуң болгуча, жүз жолдошуң болсун.
Эки эрдин достугу – бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат.
Эки тоонун чөбүн эңсеген эчки ачка өлөт.
Бир кумалак бир карын майды иритет.
Эсептешкен дос болбойт.
Бир уйдун мүйүзү сынса, миңдики зыркырайт.
Жалгыз өгүз кош болбойт, эки арамза ДОС болбойт.
Жетинин бири – кыдыр.

Сөзү экинин иши чеки.

Оору батмандап кирет, мыскалдап чыгат.

Алтымыш күнү атан болуп жүргүчө (эмгексиз жашагыча), алты күнү буура болуп зиркилде (эмгектен).

Жакшы атанын кашыктап жыйганын, жаман уул чөмүчтөп чачат.

Жалгыз өгүз кош болбойт, эки арамза дос болбойт.

Айлакердин амалы- алтоо.

Көп суур ийин казбайт, ийин казса да кең казбайт.

Көп түкүрсө көл болот.

Эки дөө кармашса, ортодо бей ажал чымын өлөт.

Көп сүйлөсө эшекке жүк.

Арамзанын куйругу – алты тутам.

Бирдики миңге, миңдики түмөнгө.

Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт.

Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун.

Сынчынын сыңар өтүгүмайрык.

Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт.

Баш иштебесе, төрт аякка күч келет.

Отузунда ок ата албаган, кыркында кылыч чаба албайт.

Дүнүйө бир тыйындан куралат.(3:27)

Өзүбүздүн иш тажрыйбабызда колдонулуп жүргөн чен бирдиктерин окутуудагы оюн элементин сунуштайбыз. Кыргыз элинин математикалык билимдерин окутууда студенттердин маалыматтарын толуктоого, өздөштүргөн материалдарды бышыктоого төмөнкү оюнду ойнотуу чоң көмөк көрсөтөт. Оюндун максаты студенттерди тактыкка, бат ойлонуп, ылдам жыйынтык чыгарууга, үнөмчүл жана топтордун өз ара, ич ара биргелещип ынтымакта иштеше алуусуна шарт түзөт да, студенттерге жагымдуу маанай тартуулайт.

Оюндун шарты: 3 төн студентти 4 топко бөлүп, аларга кайчы, циркуль, карандаш, сызгыч жана аталган буюмдардын бирин кем кылып, түстүү кагаздар (1 сары, 1 кызыл, 2 жашыл) таркатылат. Ар бир топ өзүнө ат коюшат. Окутуучу баллдык эсепти билдирүүчү кагаздар (50, 30, 10 баллдык) менен студенттердин аткарган иштерин оюндун талабына жараша кылдат, так текшерет, баалайт жана жыйынтык чыгарат.

Оюндун тапшырмасы:

КВАДРАТ (төрт бурчтук)– бардык тарабы 6 см. – ичине сан, өлчөм, ченем маанисиндеги макал-ылакаптардан жазуу.

ҮЧ БУРЧТУК – үч бурчу тең 7 см. – ичине кыргыз элинин чен бирдиктерин жазуу.

ТЕГЕРЕК (айлана)– диаметри 10 см. жана радиусу 5 см. – ичине чен бирдиктерди катыштырып сүйлөм түзүү.

№	Берилген убакыты жана баллы	Тегерек	Үч бурчтук	Квадрат	Жеңүүчү топ (группа)
1	1-15 мүнөт - 150 балл	60 балл	50 балл	40 балл	
2	2- 10 мүнөт - 90 балл	40 балл	30 балл	20 балл	
3	Акыркы 5 мүнөт - 60 балл	30 балл	20 балл	10 балл	
4	Жыйынтык чыгаруу				

Сабактын натыйжасында студенттер өз ойлорун так, таамай, туура, образдуу, элестүү айтууга көнүгөт. Ошону менен катар буга чейинки билген билимдерине кошумча маалымат алышат.

Академик, жазуучу Т.Сыдыкбеков: «Эгерде биз кылымдардын акыл – насаатына кулак салбасак, биздин ата-бабаларыбыздын насаатын унутсак, анда биз эч качан өнүгө албайбыз жана бизди ата-бабаларыбыздын арбагы урат» - деген. Кыргыз эли бүгүн башынан кечирип жаткан кыйынчылыктын себеби – улутубуздун улуу касиет өзгөчөлүктөрүн унутуп, ата-бабабыз салган жолдон адашып калганыбызда жатат. Миңдеген жылдардын сыноосунан өткөн рухий кемчиликтерибизди урматтамайынча элибиздин багы ачылбайт.

Эне тилге жоопкерчиликтүү, аң сезимдүү мамиле жасаган инсанды тарбиялоо бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн негизги өзөгүн түзөт. Улантуучу топторго кыргыз тилин окутууда кыргызчаой жүгүртүүсүн калыптандырып, сүйлөө маданиятын өстүрүп, сабаттуу жазууга үйрөтүү менен кыргыздын рухий дөөлөттөрүнө, маданий байлыктарына кызыктыруу аркылуу студенттердин улуттук аң-сезимин бекемдеп, алган билимдерин тажрыйбада колдоно билүү компотенциясына жетишүү максаттарын көздөдүк.

Адабияттар:

1. МамбетакуновЭ.,Табият, билим жана мезгил.Б., 2002.
2. Т. Касымбеков, “Сынган кылыч”, Б., «Бийиктик», 2004.
3. Г. Жумабаева, Математика боюнча класстан тышкаркы иштерде окуучулардын чыгармачыл жөндөмүн калыптандыруу. Мугалимдер үчүн математикалык колдонмо. 2-бөлүк. Бишкек: «Бийиктик», 2007.
4. Г.Орозова, Кыргыздардын улуттук маданияты (байыркы доордон XIX кылымдын аягына чейин), Б.,2010.
5. Б.Жумабаев, «Кыргыз дүйнөтаанымы», Б., «Бийиктик», 2010.
6. Э. Мамбетакунов, «Жалтайлап жүрөксүнө бербейли», «Мугалимдер газетасы» , 29.12.1989.

Компьютерный набор: *Боробаева Ж.*
Компьютерная верстка: *Мамбетова Ж.*
Бумага офсет. Формат 60*84 1/8
Объем 40 п.л. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии "Университет" КНУ им. Ж.Баласагына
г. Бишкек, просп. Манаса, 101
тел.: +996 (312) 32 31 75; 32 31 91